63.3(2=Кы)кыр
О-74
ист. фак ч/з

Ө. Ж. ОСМОНОВ

# КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

(Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин)

ЭКЗАМЕНДИК

100

СУРООГО ЖООП




ЭКСПРЕСС-СПРАВОЧНИК

УДК 94 (47)
ББК 63.3 (2Ки)
О–74

*Толукталып экинчи басылышы*

**Осмонов Ө. Ж**

О–74 Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). Экспресс-справочник. – Б.: 2007. – 366 б.

ISBN 9967–400–70–7

Кыргызстан тарыхы – өлкөбүздүн бардык окуу жайларында милдеттүү түрдө окула турган сабак. Тарыхты үйрөнүү – адамдын жандүйнөсүн байытып, саясий деңгээлин көтөрөрүү, аны өзүнүн көзкарашы бар атуул катары калыптандыраары белгилүү.

Экспресс-справочник Кыргызстан тарыхын окуу жайларында окутуу боюнча мамлекеттик стандартка жана окуу программаларына ылайык даярдалды. Эмгекте Кыргызстан тарыхынын урунттуу учурлары, ошондой эле тарыхый инсандардын өмүрү жана ишмердиктери чагылдырылды.

Окуу куралын даярдоодо автордун кийинки он жылда басмадан чыгып, ар тараптуу эксперименталдык сынактан өткөн окуу китептери жана лекциялары пайдаланылды.

Студенттерге, мектеп окуучуларына, мугалимдерге жана жалпы эле кыргыз элинин тарыхына кызыккандарга арналат.

О 0503020911–07 ББК 63.3 (2Ки)

ISBN 9967–400–70–7
© Осмонов Ө. Ж, 2007

# *АВТОРДОН*

Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болушу менен элдин атамекен тарыхына болгон кызыгуусу күч алды. Кыргыз элинин нечен кылымдарды карыткан тарыхы, андагы мамлекеттүүлүк идеясы улуттук жана мамлекеттик идеологиянын негизин түзөөрү, элди, айрыкча жаштарды патриоттук духта тарбиялоодо өзгөчө маанилүү роль ойноору айкын көрүндү.

Эгемендүүлүктүн шарапаты менен Кыргызстандын тарыхы өлкөбүздүн бардык окуу жайларында милдеттүү түрдө окутулууда. Атамекенибиздин тарыхы боюнча жаңы муундагы оригиналдуу окуу китептери жана окуу куралдары жазылып басмадан чыгууда. Окуучулардын жана студенттердин жоопкерчилигин арттыруу максатында Кыргызстан тарыхы боюнча орто мектептер менен жогорку окуу жайдарында мамлекеттик бүтүрүү экзамендери жогорку деңгээлде өткөрүлүп атат.

Бул окуу куралы республикабыздагы окуу жайларында мамлекеттик бүтүрүү экзамендерин тапшыруучулардын билимин калыпка салып, алардын экзамендерди ийгиликтүү тапшырышына көмөк көрсөтүү максатында даярдалды. Экспресс-справочник Кыргыз Республикасынын билим, илим жана жаштар саясаты министрлиги тарых сабагы боюнча бекиткен окуу программаларына ылайык түзүлдү. Окуу куралынын I бөлүмү Кыргызстандын байыркы доордон XIX к. ортосуна чейинки, ал эми II бөлүмү Кыргызстан Росия империясына кирген учурдан азыркы күнгө чейинки тарыхый окуялардын урунттуу учурларын чагылдырат. Китептин III бөлүмүндө болсо Кыргыз элинин тарыхында өзгөчө роль ойногон тарыхый инсандардын өмүрү жана ишмердиктери баяндалды.

Атамекенибиздин тарыхын окуп үйрөнүүдө жана бул предмет боюнча мамлекеттик экзамендерди тапшырууда окуучулар менен студенттерге ийгиликтерди каалайм!

**Өскөн ОСМОНОВ** — Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор

## 1. «МАНАС» ЭПОСУ КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫНЫН КӨӨНӨРГҮС БУЛАГЫ

«Манас» эпосу – кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхынын алтын казынасы. Бул чыгарма элибиздин рухааний табылгаларынын алгылыктууларын, басып өткөн тарыхый жолунун орчундуу окуяларын чогултуп, укумдан-тукумга өтүп келген улуу мурасы, улуттук сыймыгы. Кыргыз эли өткөн миң жылдыктагы адамзаттын дүйнөлүк маданиятына «Манас» эпосун жаратуу менен чоң салым кошту деп сыймыктануу менен баса белгилесек болот.

«Манас» эпосу дүйнөдө тендешсиз зор көлөмдүү көркөм чыгарма. Манасчы Саякбай Карала уулунан жазылып алынган эпостун «Манас», «Семетей» жана «Сейтек» үч бөлүмүнүн жалпы көлөмү 500 миң сап ырды түзөт. Бул байыркы гректердин «Иллиадасы» менен «Одиссеясын» бирге кошкон көлөмүнөн 20 эседей көп. «Манастын» ошол бир эле варианты илимде узак убакыт эң көлөмдүү эпос делип келген инди элдеринин «Махабхаратасынан» эки жарым эсе чоң.

Жанрдык белгилери боюнча баатырдык эпос катары эсептелген бул чыгарманын мазмуну, берген маалыматтарынын көлөмү боюнча баатырдык эпостордун демейки алкагынан чыгып, андан алда канча терендиги, масштабдуулугу менен айырмаланат. Дүйнөгө белгилүү Ч. Валиханов, В. Радлов өңдүү окумуштуулар XIX к. эле «Манас» эпосу – аны жараткан кыргыз элинин тарыхын, философиясын, этнографиясын, тилин, көркөм өнөрүн, психологиясын, географиясын, медицинасын жалпы эле рухий жана социалдык турмушунун ар кыл жактарын изилдеп үйрөнүүдөгү өзгөчө бай жана баалуу булак экендигин баса белгилешкен.

Кыргыз элинин турмушунун көркөм энциклопедиясы болгон «Манас» эпосунда кыргыз элинин эң байыркы доордон берки басып өткөн тарыхый жолунун урунттуу учурлары боюнча маалыматтар берилет. Андан байыркы жамааттык коомдук формациянын түзүлүшүнүн айрым мүнөздүү белгилерин – аскер демократиясын (согуштан түшкөн олжолорду бөлүштүрүүдө кошуундун мүчөлөрүнүн тең укуктуулугу, жол башчыларды, хандарды шайлоо ж. б.) баамдоого болот. Окуялар болуп өткөн жерлердин, уруулардын, элдердин, адамдардын аттары архаикалык мүнөздө берилет.

«Манас» эпосунан кыргыз элинин согуштардагы абалы менен катар жай турмуштагы жашоосу жөнүндө өтө бай жана

так маалыматтарды билүүгө болот. Элдин жай турмушу согуштар ортосундагы окуяларда айтылуу менен гана чектелбейт. Эпосто элдин абалын, жашоо шартын, үрп-адатын, дүйнөгө карата болгон философиясын чагылдырган көлөмдүү эпизоддор өтө арбын кездешет.

Чыгармадан кыргыздардын турмушун белгилүү бир жагын чагылдырууга арналып, аны терең деталдаштырып берген маалыматтарды кездешүүгө болот. Мисалы, баласыз улгайган адамдын зарланганынан, балалуу болуу, ага байланыштуу элдик ырым-жырымдар, жаш баланы турмуш менен тааныштырып, тарбия берүүгө байланыштуу материалдар негизинен *«Манастын туулушу жана балалык чагы»* бөлүмүндө берилет. Кыргыз элинин эл башкаруу, уюмдашуу, элди бириктирүү жөнүндөгү аракеттери *«Манастын кан шайланышында»* чечмеленет. Элибиздин куда түшүү, баласын үйлөөгө байланыштуу каада-салттары *«Манастын Каныкейди алганында»* чагылдырылса, адам өлүмү, сөөк коюу үрп-адаттары *«Көкөтөйдүн ашы»*, *«Манастын өлүмү жана ага күмбөз салдыруу»* бөлүмүндө баяндалган.

Эпостон кыргыз элинин турмушунун бардык тармактарын камтыган *ак* менен *кара, өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык, пайда-зыян* жөнүндөгү философиялык ой-толгоолорун билүүгө болот. Элибиздин ишенимдери, жүрүш-туруш нормалары, эл аралык мамилелери, жаратылыш, коом, география, медицина ж. б. жөнүндөгү билимдери да эпосто кеңири чагылдырылган.

«Манас» эпосу зор көлөмдүү, узак убакыт ооз жүзүндө гана жашап келгендиктен анын өзгөрүүсүз сакталган (канондук) тексти жок. Эпостун мазмуну, ыр саптары устаттан шакиртке, бир муундан экинчисине өткөндө, ал түгүл бир эле манасчы эпосту улам кайталап аткарганда өзгөрүүлөргө учураган. Ушундан келип эпостун түрдүү варианттары жаралган.

Азыркы кезде «Манас» эпосунун негизги бөлүмдөрүнүн кагаз бетине түшүрүлгөн 70тен ашуун варианты белгилүү. Эпостун улам жаңы үлгүлөрүн жыйноо иши дагы эле улантылууда. «Манастын» варианттарынын дээрлик бардыгында эпостогу негизги мазмунун, окуялардын нугун түзгөн салттык туруктуу эпизоддор сакталган. Бирок эпостун варианттарынын көлөмү, мазмундук, формалык касиеттери, көркөмдүк деңгээли бир кылка эмес. Бири-биринен орчундуу айырмачылыктарга ээ варианттар да, көп белгилери боюнча жакын турган, бир эле окуяны айрым өзгөчөлүктөр менен айткан варианттар да бар.

Чыгарманын бардык негизги окуяларын камтыган толук кандуу варианттар чыныгы же чоң манасчылар тарабынан түзүлөт. «Манас» таануу илиминде эпостун окуялары толук камтылган үлгүлөрү такталган. Аларга эпостун биринчи бөлүмүнүн Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу, Шапак Рысменде уулу, Тоголок Молдо (Байымбет Абдыракман уулу), Багыш Сазан уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Ыбрайым Абдыракман уулу, Мамбет Чокмор уулу тарабынан түзүлгөн варианттарын, ал эми «Семетей», «Сейтектин» Саякбай Карала уулу, Жаныбай Кожек уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Багыш Сазан уулу, Жакшылык Сары уулу, Мамбет Чокмор уулу, Акмат Рысменде уулу, Актан Тыныбек уулу ж. б. жараткан варианттарын кошууга болот.

«Манас» эпосунун негизги варианттарынын ичинен чоң манасчылар Сагымбай менен Саякбайдан жазылып алынган тексттер башка варианттардан материалдарынын толуктугу жана өзгөчө кеңири планда айтылышы, көркөмдүк деңгээлинин жогорулугу менен айырмаланып турат.

«Манас» эпосунун бардык негизги варианттарга мүнөздүү өзөк окуяларга төмөндөгүлөр кирет:

– күчтүү душман тарабынан кыргыздардын чабылышы;

– баатырдын төрөлүшү жана бала чагы, алгачкы эрдиктери;

– ата журтту баскынчылардан бошотуу, Алтайдагы кыргыздардын Ала-Тоого кайра келиши;

– Шоорук, Алооке окуялары;

– Алмамбеттин тарыхы;

– Манастын Каныкейге үйлөнүшү;

– Көзкамандар окуясы;

– Көкөтөйдүн ашы;

– Чоң Казат;

– Манастын өлүшү жана ага күмбөз салдыруу.

Эпосто бул өзөк окуялардын берилиши ыгы, ар бир окуянын орду туруктуу. Айрым учурларда гана окуялар орун алмашып кеткен же айрым эпизоддор өз ордуна эмес башка бөлүмдө айтылып калган учурлар болот.

«Манасты» тарыхый булак катары пайдаланууда эпостун түрдүү варианттарын изилдеп-иликтөө өзгөчө мааниге ээ. «Манас» эпосторунун бардык варианттарына бирдей мамиле кылып аларды объективдүү, терең изилдеп, кыргыз элинин тарыхын окуп үйрөнүүдө кеңири пайдаланууну ыйык парз катары эсептешибиз керек.

# КЫРГЫЗСТАН БАЙЫРКЫ ДООРДОН XIX к. ОРТОСУНА ЧЕЙИН

## 2. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТАШ ЖАНА КОЛО ДООРУ

Таш доору – адам коомунун өнүгүшүндөгү тарыхый-маданий мезгил. Бул учурда эмгек жана согуш куралдары негизинен таштан жасалып, жыгач менен сөөк да колдонула баштаган. Анын акыркы баскычында карапа идиштерди жасоо өнүккөн. Таш доору – адамзат тарыхындагы узакка созулган доор, ал адамдын айбанаттар дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгышынан башталып (мындан 2,5 млн жылдай мурда), металл пайда болгонго (мындан 8 миң жылдай мурда) чейин созулган. Бул доор маданияттын өнүгүш өзгөчөлүктөрүнө ылайык байыркы таш доору (палеолит), жаңы таш доору (неолит) жана бул экөөнүн ортосундагы өткөөл доору – ортоңку таш доор – мезолит деп бөлүнөт. Булар да өз алдынча мезгилдерге ажырайт. Таш доору алгачкы жамааттык түзүлүш доорунун көп мезгилин камтыйт.

Болжол менен миллион жыл мурун Түштүк Казакстанда, Борбордук Азияда, анын ичинде азыркы Кыргызстандын аймагында адамдардын үйүрлөрү пайда болгон. Кыргызстандагы эң байыркы адамдардын турмушун ошол кезде жасалып, массалык түрдө пайдаланылган таш куралдары аркылуу билебиз.

Байыркы таш доору – палеолиттин биринчи баскычы болгон *эрте палеолит* учурунда Кыргызстандагы адамдар кадимки эле таштарды бири-бирине ургулап эң жөнөкөй кескичтерди, кыргычтарды, учтуу көзөгүчтөрдү, бычактарды ж. б. жасашкан. Кийинчерээк таштардын түрүн пайдалануунун натыйжасында андан жасалган куралдар акырындык менен өркүндөтүлгөн.

Кыргызстандын аймагынан табылган эң жөнөкөй таш куралдары б. з. ч. 800–10 миң жылдыктарга таандык. Алар Нарын областындагы Он-Арча суусунун жээгинен, Ысык-Көлдө Балыкчы шаарына жакын жерден, Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасындагы Кожо-Бакырган-Сайдан табылган.

Эрте палеолит доорунда Кыргызстандагы адамдар отту пайдаланууну үйрөнүшкөн. Табигаттын татаал шарттарында, куралдардын жөнөкөйлүгүнөн улам адамдар жырткыч жаныбарлардан коргонуу жана ири жаныбарларга аңчылык кылуу үчүн **адам үйүрү** деп аталган майда топторго биригип жашашкан.

*Ортоңку палеолит* доорунда таш куралдары бир кыйла жакшырган. Бул доорго таандык эстеликтер Ысык-Көл өрөөнүндөгү Тосор суусунун боюнан, Чүй өрөөнүнүн Георгиевка дөнсөөсүнөн, Ош областынын Араван районундагы Сасык-Үңкүрдөн табылган. Алай тоо кыркасындагы Дангирек-Дере капчыгайынан эң байыркы таш талкалоочу жай табылган. Бул өнөрканада кара, боз, жашыл түстөгү кат-кат кремний таштары табигый издери менен жарылып мурдагыдан миздүү, учтуу куралдар жасалган. Бул мезгилде инстинкт боюнча болуп келген коомдук мамилелер аң-сезимдин негизинде өнүгө баштаган. Кыргызстандын эң байыркы тургундары *питекантроп* менен *синантроп* типтеринде болгон. Эволюциялык өнүгүшү боюнча «акыл-эстүү адам» – «гомо сапиенс» деп аталган. Алар негизинен аңчылык менен күн көрүп, ар үйүрүндө 25–50дөн киши болгон. Өзбекстандагы Тешик-Таш үнкүрүнөн табылган (бул эстелик чындыгында Кыргызстандын азыркы Кадам-Жай районундагы Сел-Үнкүрдөн табылган деген маалымат бар) өспүрүмдүн сөөгүнөн мындан 40 мин жыл мурда өлгөндөрдү жерге жашыруу жөрөлгөсү пайда болгонун билебиз.

*Соңку палеолит доорунда*, окумуштуулардын пикири боюнча адамдар планетабыздын бардык климаттык алкактарында жайгашып, расалык топтор жана расалар калыптанган. Дал ушул доордо коомдук мамилелердин өркүндөшүнүн натыйжасында алгачкы адам үйүрлөрү эне тарабынан кандык байланышка негизделген **уруулук коомдорго** биригишкен.

Адам тукумун улантуудагы жана коомдун үй-чарбасындагы ээлеген орду үчүн байыркы адамдарда аял заты өзгөчө аздектелген. Илимде бул коом эне бийлигинин коому – *матриархат* делип аталат. Энелик урукка негизделген коом мурдагы адам үйүрүнө караганда жогорку баскычта турган. Бара-бара адамдын аң-сезими өскөн. Жаныбарлардын сөөктөрүнөн, жыгачтан эмгек куралдарын шибеге, ийне жасоону үйрөнүшкөн. Бул доорго таандык куралдар Ош аймагындагы Сел-Үңкүрдөн, Исфана өрөөнүндөгү Кожо-Гор булагынын жанынан табылган. Алгачкы коомдо искусствонун

пайда болушу ошол кездеги адамдардын дүйнөгө болгон көз карашын айгинелейт. Ысык-Көл аймагындагы бийик тоолуу Сары-Жаз өрөөнүндөгү Ак-Чуңкур үңкүрүндө 10 миң жыл мурун байыркы сүрөтчүнүн жаныбарларды, адамдардын аң уулоо, бийлөө учурун үңкүрдүн бооруна чагылдырган эмгектери сакталып калган. Адамдардын таштан жасалган элестери да ушул мезгилде пайда болгон.

Дал ушул жогорку палеолит доорунда азыркы кебетекешпирдеги адамдар калыптанган. Алар ойлонууга, оюн айтып түшүндүрүүгө жарап калышкан.

**Жаңы таш доору** (неолит) б. з. ч. 5–3 миң жылдыктарды камтыйт. Бул учурда адамзат табигатты өздөштүрүүдө ири секирик жасаган. *Дыйканчылык менен мал чарбачылыгы өздөштүрүлүп, ал тургай чарба жүргүзүүнүн негизги тармактарына айланат.* Бул мезгилден баштап адамдар азык түлүктү өздөрү өндүрө баштаган. Бул жетишкендик илимде *неолит революциясы* делип аталат. Албетте, адамдарды эзелтеден эле багып келген аңчылык менен жыйноочулук көмөкчү кесип катары сакталып кала берген. Орто Азиянын өрөөндүү жерлеринде мал чарбачылыгы менен катар дыйканчылык көбүрөөк өнүккөн. Негизинен тоолуу аймак болгондуктан Кыргызстанда алгач мал чарбачылыгы өнүккөн. Неолит доoруна таандык эстеликтер Ысык-Көлдөгү Сары-Жаз өрөнүнүн жанындагы Ак-Чуңкур жергесинде жана Нарын шаарына жакын Теке-Секирик үңкүрлөрүндө, Чүйдөгү Аламүдүн суусунун боюнан, Чолпон-Ата шаарынын жанынан ж. б. жерлерде табылган. Бул доордо жашагандар кийимди токуп кийгенди, карапа идиштерин жасаганды үйрөнүшүп, айрым жерлерде кен иштетүүнүн алгачкы аракеттери башталган.

Социалдык жактан неолит доорунда өндүрүш каражаттарына карата жалпы менчикке, коллективдүү эмгекке негизделген *уруулук жамаат* өнүккөн. Бул мезгилде уруулар жана уруу бирикмелери түзүлүп, ага бир уруктан тараган жана бир типтеги чарба жүргүзүүчү бир нече ири же майда уруктар бириккен. Бул мезгилдеги Кыргызстандагы неолит уруулары өздөрүнүн чарба жүргүзүүдөгү жана маданиятындагы өзгөчөлүктөрүн сактоо менен коңшу региондогу уруулар менен тыгыз байланышта болгондугун тарыхый эстеликтер айгинелейт.

Таш доорунун акыркы этаптарында таштан жасалган өндүрүштүк куралдар бир кыйла жакшырып, кой, уй, жылкы сыяктуу айбандар колго үйрөтүлө баштаган. Бара-бара дыйканчылык менен мал чарба өндүрүшү бир кыйла өнүгөт.

Эмгек куралдары негизинен жез, коло сыяктуу металлдардан жасалган. Коомдо аялдарга караганда эркектердин ролу тездик менен жогорулаган. Ошентип, аталык уруулук түзүлүш – *патриархат* энелик доорду (матриархат) алмаштырган. Металл мезгилинде илгерки үйүр топтук никелешүүнүн ордун үй-бүлө байланыштары ээлеген. Бул мезгилге ар бир уруулар энеге карап бөлүнбөй, атага карап бөлүнүп, ал уруулар эркектин наамы менен атала баштаган. Өндүрүштө эркектердин негизги орунга өтүшү менен өндүрүштүк каражаттарга болгон жеке менчиктүүлүк жана адамдарды адам эзүү мезгили башталат.

## 3. ЭНЕОЛИТТИН ПАЙДА БОЛУШУ ЖАНА АНЫН НЕГИЗГИ БЕЛГИЛЕРИ

«Энеолит» деген латын жана грек тилдеринен алынып «энеус» – »жез», »литос» – таш, *жез-таш доору* деген маанини түшүндүрөт. Кээде энеолит терминининин ордуна «халколит» сөзү да колдонулат («халкос» грек тилиндеги – жез). Бирок терминдердин экөө тең жездин пайда болгондугун далилдесе деле турмушта таш куралдары басымдуулук кылган. Негизинен, энеолит б. з. ч. 5 миң жылдыкта – неолит менен коло доорунун ортолугундагы мезгилди камтыйт.

Жез кендери, көбүнчө тоолуу райондордо жайгашканы белгилүү. Ошондуктан жезди пайдалануу алдыңкы Азияда жана Закавказьеде кеңири тараган. Металл Алдыңкы Азиядан Балканга, кийин Днепрдин оң жээгине тараган деп болжолдонот. Ошондой эле Чыгыш Европадагы Урал жана Карпат тоолорунан да жез алынгандыгы белгиленет. Жез кендерин пайдалануу Теңир-Тоонун жана Алтай тоолорунун аймагында болгондугу далилденген.

Жездин алгачкы ачылышы б. з. ч. 6-миң жылдыкка туура келип, биринчи жолу Алдыңкы Азияда колдонулгандыгы болжолдуу түрдө айтылат. Б. з. ч. 4–5 миң жылдыктарда адамдар эмгек куралын жезден жасай баштаган, бирок жезди алып өздөштүрүү жолу көбүнчө мурдагы СССРдин түштүк аймагында жез кендеринин көп кездешкендигине байланыштуу бул жактан жездин кеңири пайдаланылганын далилдеген эстеликтер ачылууда. Башкырстандын Бакр-Узяк (башкыр тилинде «Жез колот») деген жеринен энеолиттик адамдар жезди ачык эле, жердин үстүнкү бетинен алышкандыгы,

алар Донго чейинки аймакты жез менен камсыз кылып тургандыгы белгилүү болду. Киимбай дарыясынын боюндагы Еленово (Казакстан) байыркы жез кени, Алтайдагы Белоусов кенинен, адамдын сөөк калдыгы ичине руда салган чаначы менен табылган. Кенди казууда алтайлыктар таштан жасалган барсканды колдонушкан. Мындай далилдер абдан аз болсо да, бул табылгалардан улам адамдар коло дооруна чейин эле жердин терең катмарынан жезди казып алышкандыгын билебиз.

Байыркы кездерде жезди иштетүүнүн эки түрү (муздак жана ысык) колдонулган. Алгачкы жез куралдары муздак жол менен даярдалган, т. а. уюган жезди таш балка менен керектүү түргө келтирип жасашкан деп болжолдошот. Аны ысытуу аркылуу эритүү кийинчерээк пайда болгон. Жез жумшак жана ийилчээк болгондуктан, адамдар андан зым, мык, ийне ж. б. ар кандай формадагы буюмдарды жасап алышкан. Эң алгач ургулоо жолу менен жезден ийне, бычак, шибеге, төөнөгүч ж. б. сыяктуу майда эмгек куралдарын жасашса, кийинчерээк жезди эритип, куралдарды калыпка куюп жасай башташкан. XIX к. акырына чейин археологдор таш доору менен коло доорунун ортосунда *жез-таш доорунун* болгонун белгилешкен эмес, себеби байыркы жез буюмдар химиялык анализден өтпөгөн, ошондуктан жезди кадимки эле коло деп эсептешип, таш доору коло доору менен түздөн-түз алмашкан деп ойлошкон. Химиялык жол менен изилдөөдөн улам байыркы металл куралдары коло эмес эле, таза жезден жасалгандыгы далилденген. Ошентип, адамзат тарыхынын белгисиз доору археологдор тарабынан эмес, химиктер тарабынан ачылган. Металл куралдарынын пайдаланылышы менен өндүрүштүн бардык түрүндө өзгөрүү пайда болот. Уруулардын жалпы массасынан байыркы дыйканчылык жана мал чарбачылык менен кесиптенген уруулар бөлүнүп чыккан. Ошондой эле энеолиттик адамдар алыскы жердеги өлкөлөр менен байланыш түзүшүп, алыш-бериш мамилелерин өнүктүрүшкөн. Жезди алуу үчүн адамдар анын чыккан жерине келүүгө мажбур болушкан. Бир нече миң километр соода жолун басып өткөн адамдар өз ара экономикалык байланыштарын кеңейткен. Узак жолдо жүрүүгө, жүк ташууга ылайыктуу каражаттар, унаанын түрлөрү талап кылынган. Ушундай учурда *дөңгөлөктүн* пайда болушу, өз убагындагы маанилүү ачылыштардын бири болгон. Дөңгөлөк биринчи жолу энеолит мезгилинде пайдаланууга кирген.

Энеолит доору өзүнө мүнөздүү болгон беш белги менен айырмаланат: 1. Дыйканчылыктын кетмендөө түрүнүн үстөмдүк кылышы; 2. Жезден жасалган эмгек куралдары менен бирге таш куралдарынын колдонулушу, таш куралдарынын өзгөчө басымдуулук кылышы; 3. Алгачкы жамааттык топтор жашай турган чоң, көлөмдүү ылайдан согулган үйлөрдүн пайда болушу; 4. Энелик урууга мүнөздүү болгон аялдардын айкелдеринин (сөлөкөттөрүнүн) чоподон жасала башташы; 5. Оймочиймеленген карапа идиштер менен буюмдардын пайда болушу, т. а. ар түрдүү боёктордун жардамы менен карапага оймо-чиймелер түшүрүлгөн. Бул кезде алгачкы дыйканчылыктын негизинде келип чыккан жогорку маданияттын өнүгүшүнө шарт түзүлгөн.

Неолит (алгачкы мезгилин эсептебегенде) жана энеолит бир мезгилге таандык болуу менен бири-биринен хронологиялык жактан эмес, маданиятынын деңгээли боюнча гана айырмаланышат. Мында биз ар түрдүү өлкөлөрдөгү маданияттын ар башкача өнүккөндүгүн унутпообуз керек. Энеолит мезгили Борбордук Азияда (Түркмөнстандын түштүгүндө), Закавказьеде, Түштүк-Батыш Украинада, Молдавияда жана Сибирде айрыкча жакшы изилденген. Ал эми башка райондордогу энеолиттик маданияттар жөнүндө окумуштууларда бирдей ой-пикир азырынча жок.

## 4. КОЛО ДООРУ. ОШ ТУРГУН ЖАЙЫ

Колодон жасалган эмгек куралдары, тиричилик буюмдары колдонулган мезгил, коло доору б. з. ч. 3 миң жылдыкта башталып, 2 миң жылдыкта өзүнүн гүлдөгөн мезгилине жетип, 1 миң жылдыктын башталышында бүткөн. Чүй өрөөнүнүн Сокулук, Садовое кыштактары, Кочкордун Шамшы коктусунан табылган коло куралдардын кенчи Кыргызстандын аймагында б. з. ч. XII–VIII кк. коло доорунун өзгөчө өнүккөндүгүн айгинелейт.

Болжол менен б. з. ч. V миң жылдыкта Орто Азияда жез кенири жайылып, андан эмгек куралдары жасала баштаган. Бирок жезден жасалган куралдар жумшак келип, тез мокогон. Качан гана адамдар *жез* менен *калайдын* кошулмасынан колону алууга үйрөнгөндө адамзат коомунда ири прогрессивдүү өзгөрүштөр башталган. Коло доору Борбордук

Азияда, анын ичинде Кыргызстанда, б. з. ч. 3 миң жылдыктан б. з. ч. X–VIII кк. чейинки мезгилди камтыйт.

Коло доорунда Кыргызстандын аймагында эки маданият өнүккөн. Борбордук Теңир Тоодо, Ысык-Көлдө, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө көчмөн мал чарбачылыгы аздыр-көптүр дыйканчылык, аңчылык менен айкалышып өнүккөн. Бул кездеги адамдар казак талааларындагы жана Түштүк Сибирдеги элдер, уруулар менен байланышта болгон. Тектеш чарбалык маданий эстеликтеринен улам алар **Андронов маданиятынын** өкүлдөрү делип аталып калган. Анткени Сибирдеги Ачинск шаарына жакын жайгашкан Андронов кыштагынын жанында бул маданияттын алгачкы эстелиги табылган. Бул маданияттын эң бай кенчи Кочкор өрөөнүндөгү Шамшы айылында табылган. Андронов маданиятынын өкүлдөрү Кыргызстандагы бийик тоолуу Ак-Сай, Арпа өрөөндөрүн да өздөштүрүшкөн, аска беттерине сүрөт тартышкан. Кол өнөрчүлөр өз алдынча кесип ээлери катары бөлүнө баштаган. Колодон канжар, найзанын, жебенин учтарын, орок, балта жасашкан, жүндөн кездеме токуганды жана тери иштеткенди мыкты өздөштүрүшкөн. Кездемеден жана териден кийимдерди тигишкен.

Археологдор Андронов маданиятындагы уруулардын бир катар турак жайларын, көрүстөндөрүн жана аскага тартылган сүрөттөрүн табышкан. Коло доорунун б. з. ч. XV–XVIII кк. тургун жайы Чүй өрөөнүндөгү Беловодскиден, б. з. ч. XII–IX кк. таандык эстеликтерди Аламүдүндөн, Александровкадан, Жайылмадан жана Кайыңдыдан табышкан.

Коло доорундагы аскага тартылган сүрөттөр бул доор жөнүндө көп маалыматтарды берет. Алар Жалал-Абад областынынын Тогуз-Торо районунун борбору Казарман кыштагынан анчалык алыс эмес жерде жайгашкан Көгарт суусунун батышындагы **Саймалуу-Таш байыркы сүрөт галереясында (100 миңден ашык) топтолгон.** Кыргыз жериндеги Саймалуу-Таш – таш бетине чегилген сүрөттөрдүн дүйнөдөгү эң чоң галереясы болуп эсептелет. Аз сандагы аскага тартылган сүрөттөр Сулайман тоосунан, Араван кыштагына жакын аскадан (Дулдул-Ата мазары), Чолпон-Ата шаарына жакын жерден, Кетмен-Төбө жана Алай өрөөндөрүнөн табылган. Бул сүрөттөр б. з. ч. III миң жылдыктан баштап орто кылымдарга чейин ташка чегилип келгени аныкталган.

Андронов маданиятындагы уруулар негизинен мал чарбачылыгы менен кесип кылышкан. Негизинен уйларды, кой-

лорду, эки өркөчтүү төөлөрдү кармашкан. Жылкыны өзгөчө аздектеп асырашкан. Андронов маданиятындагылар алгачкылардан болуп кымыз жасаганды үйрөнүшкөн деген пикир бар. Алар малды кышкысын колго багышкан, ал үчүн тоют даярдашкан. Чочко багылган эмес.

Коло доорунун аягында мал чарбасында көчүп жүрүү шартына ылайык уйдун саны азайып, жылкы көбөйгөн. Ошентип, *көчмөн мал чарбачылыгы* пайда болгон.

Кыргызстандын түштүгүндөгү Фергана өрөөнүндө байыркы дыйканчылыкка негизделген экинчи маданият өнүккөн. Ал шарттуу түрдө **Чуст маданияты** делип аталган. (Наманган областындагы Чуст кыштагында ушул маданияттын алгачкы тургун жайы табылган.) Бул маданияттын өкүлдөрү буудай, арпа, таруу, сулу өстүрүшкөн. Кол өнөрчүлүк андронов маданиятына салыштырмалуу күчтүү өнүккөн, бирок мал чарбасы буларда негизги тармак болгон эмес. Түшүмдү таш, коло оroктор менен орушкан. Эгинди үйдүн ичине казылган ороолордо сакташкан. Айрым ороолорго бир тоннадай эгин баткан. Байыркы ферганалыктардын таш ороктору Ысык-Көлдүн үч жеринен, Чыгыш Түркстандан, Өзбекстандын түштүгүнөн кездешкен.

Кыргызстанда чуст тургун жайлары Өзгөндүн жанынан, Куршабдан, Ноокаттан табылган. Бул маданияттын Оштогу Сулайман тоосунда жайгашкан тургун жайы жакшы изилденген.

Жыйынтыктап айтканда, коло доорунда Кыргызстанда металл иштетүү өздөштүрүлгөн. Көчмөн мал чарбачылыгы жана дыйканчылык калыптанып өнүккөн. Коомдук мамилелердин, өндүргүч күчтөрдүн өсүшүнүн натыйжасында коомдо социалдык жактан теңсиздик пайда болгон.

Кыргызстандын түштүгүндөгү дыйканчылык кылган калктардын эң байыркы жана өзүнчө айырмалуу эстеликтеринин бири – коло доорундагы **Ош кыштагы** болуп саналат. Ал күтүүсүз жерден 1976-ж. ачылды.

Ошол эле 1976-ж. жайында СССР Илимдер академиясынын Археология институтунун Ленинграддагы бөлүмүнүн Фергана экспедициясы Сулайман тоосун изилдей баштайт.

Алынган маалыматтар Ош шаарынын ортосунда жайгашкан Сулайман тоосунун чыгыш капталында чуст мезгилиндеги кыштактын сакталып калгандыгын көрсөттү. Ал узундугу 200 *м* кем эмес аянтты ээлеп жаткан. Үч жылдын ичинде (1978–1980-жж.) бул жерде ошол тургун жайдын жалпы

көрүнүшүн, үйлөрдүн түзүлүшүн, чопо идиштердин тобун, таштан жасалган буюм-тайымды ж. б. элестетүүгө мүмкүндүк бере турган кенири изилдөөлөр жүргүзүлдү.

Байыркы тургун жай тоонун түштүк тарабындагы тик капталда тектир-тектир болуп жайгашкан. Археологдор эң жогоркусун, тоо башындагы аскалардын түбүнөн башталган тектирди изилдешти. Ошол кезде элдердин үйлөрү Сулайман тоосунун борборундагы бийик асканы тегерете жайгашкандыгы жөнүндө божомолдоого болот. Дээрлик бүткүл тектирлерде кылымдардан бери тапталып калган жердин бетинен көптөгөн тегерек ороолор (чункурлар) даана көрүнүп турат. Бардыгы болуп 70тен ашуун ар кыл диаметрдеги жана терендиктеги ороолор тазаланды. Алардын баары тең дан ж. б. азык-түлүктөрдү сактоо үчүн арналган.

Эки ороонун ичинен археологдор бир килограммга жакын бир кыйла жакшы сакталган көмүр жыйнашып, радиоуглероддук анализге жөнөтүшкөн. Ленинграддагы атайын лабораторияда ошол үлгүлөр аркылуу көмүрлөрдүн күйгөн убактысын далилдешкен жана ошону менен бирге эле Ош кыштагынын жашаган мезгилин, жашын аныкташкан.

Ошентип, Ош кыштагын Чуст маданиятына таандык эң бай маданият катары эсептөөгө болот. Муну ошол ороолордон табылган көмүрлөрдү радиоуглеводдук анализдөөнүн натыйжалары бекемдеди. Азыркы Ош аймагындагы биринчи отурукташып, жер айдаган калктуу кыштак мындан 3 миң жыл мурда пайда болгондугу айкын. Орто Азиянын башка жерлеринен мындай байыркы эл отурукташкан эстеликтер азырынча табыла элек. Ош шаарына 3000 жыл болгон деп ишенимдүү айтсак болот.

## 5. САКТАР ДҮЙНӨЛҮК ТАРЫХТА

Б. з. ч. VIII–III кк. Орто Азия республикалары менен Казакстан ээлеп турган эбегейсиз зор мейкиндикте жалпы жонунан сактар, же скифтер деп аталган көп сандаган уруктар жашаган. Индиялык булактарда буларды *турлар*, байыркы кытайлык маалыматтарда *сэ эли* деп аташат.

«Сак» деген түшүнүк «эркин адам», «күчтүү эркек (жоокер)» дегенди билдирген.

Орто Азиянын элдеринин тарыхы боюнча алгачкы маалыматтар Зороастризм дининин ыйык китеби – Авестада

(б.з.ч. VI–IV кк.), Дарий I нин мезгилиндеги байыркы персиялыктардын жазууларында (б. з. ч. 522–486-жж.) кездешет.

Борбордук Азиянын элдери жөнүндө маалымат Геродоттун (б. з. ч. 484–425-жж.) шарттуу түрдө *«Тарых»* деп аталган китебинде берилет. Анын маалыматтары боюнча көчмөн уруулар Дон дарыясынан Теңир-Тоого чейин отурукташкан. Анда «сактар» (скиф уруулары) баштарына кийизден жасалган чуштугуй, калың баш кийим кийишкен, жаа, канжар, айбалта менен куралданышкан. Сактардын атчандары эр жүрөктүүлүгү менен айырмаланышкан.

Б. з. ч. VI–V кк. Орто Азиялык сактар эки ири уруу союзуна биригишкен. Биринчи союзга массагеттер, абилер, апасиакилер, дебектер, дахилер ж. б. уруулар кирген. Байыркы персиялык булактарда булар «тиграхауд сактары» ал эми байыркы гректерде «ортокарибант сактар», которгондо «шуншугуй калпакчан сактар» делип аталган. Сактардын айрым жол башчылары баштарына куштун (бүркүттүн) канатын сайынып жүрүшкөн. Бул союзга кирген сактар Каспий деңизинен жана Узбойдон тартып, Теңир-Тоо менен Иле дарыясынын өрөөндөрүнө чейинки аймакты ээлеген. Экинчи союз Түндүк Индиядан Алайга жана Ферганага чейинки мейкиндикти ээлеп турган. Перстер аларды «хаумаварга», т. а. «Хаум өсүмдүгүн урматтаган сактар» деп аташкан. Булар хаум (чекенде) деп аталган өсүмдүктүн ашынан касиеттүү деп эсептелген суусундук жасашкан. Азыркы Кыргызстандын түндүк районунда «тиграхауд сактары», ал эми түштүгүндө «хаумаварга сактары», жашашкан. Сактар байыркы чыгыш иран жана байыркы түрк тилдеринде сүйлөшкөн, көбүнчө европеоид түспөлүндөгүү уруулардын союзу болгон. Тиграхауд сактарынын айрымдарында монголоиддик белгилер кездешкен. Сактарды түрк тилдүү элдердин ата-бабаларынан болгон деп эсептесек болот. Белгилүү кыргыз тарыхчысы, профессор С. Аттокуров «Тайлак баатыр» деген эмгегинде кыргыздын саяк уруусу генеологиялык жактан сактар менен байланыштуу деген пикирди айтат.

Коомдук түзүлүшүндө сактар үй-бүлөлөрдөн турган көчмөн общиналарга бириккен. Ал эми общиналык түзүлүштүн бузулушунун натыйжасында урук-уруулардын ак сөөктөрү бөлүнө баштайт. Аскер башчыларынын мартабалары жогорулап, байлыктары өскөн. Б. з. ч. V к. сактардын коомунда социалдык теңсиздик пайда болгондугун аларга тиешелүү көрүстөндөрдүн көлөмү, андан табылган археологиялык

эстеликтер далилдейт. «Падышалардын» мүрзөлөрүнүн диаметри 50дөн 120 *м*, бийиктиги 9–15 *м* жетет. Уруунун ак сөөктөрү диаметри 30–45 *м*, бийиктиги 5–7 *м* келген мүрзөлөргө, эрдик көрсөткөн жоокерлер чоңураак, ал эми карапайым адамдар бир аз гана белгиленген мүрзөлөргө коюлган. Эң чоң мүрзөлөрдөн 4 миңге чейинки алтын буюмдар, карапайым адамдардыкынан бирин экин гана чопо, идиштер табылган. Коомдун эң төмөнкү баскычында аз сандагы кулдар турган. Коомдук түзүлүшү боюнча сактар мамлекет түзүүнүн алдында турган десе болот.

Жаратылыш шартына ылайык Кыргызстандын түндүгүндөгү сактар негизинен мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен. Ферганалык сактар болсо мал чарбасын дыйканчылык менен айкалыштырган. Мал чарбасында короо-короо кылчык жүндүү койлорду, тоого ылайыкташкан үйүр-үйүр жылкыларды, эки өркөчтүү төөлөрдү, уйларды багышкан. Дыйканчылыкка ылайык жерлерде сугат иши өнүккөн. Буудай, арпа, таруу айдашкан. Сүт менен эт сактардын негизги азыктүлүктөрүн түзгөн, жүндөн, өсүмдүк буласынан жип ийрип, кездеме токушкан. Кийизден жасалган кыргыздын калпагына окшогон, шуштугуй калпактарды кийишкен. Териден кийим тигип, ат жабдыктарын, идиштерди жасоо кенири тараган.

Кыргызстандан сак маданиятынын эстеликтери Чүй өрөөнүнөн, Ысык-Көлдөн, Теңир-Тоодон ж. б. жерлерден көп табылган.

Б. з. ч. VI к. тиграхауд сактары өзүнүн көз каранды эместиги үчүн күчтүү перстер (ирандыктар) менен кармашат. Б. з. ч. 550-ж. персиянын падышасы Кир II Мидия мамлекетин талкалап, Жер Ортолук деңизинен Инди өрөөнүнө чейинки мейкиндикти ээлеген, борбордоштурулган кубаттуу Ахемениддер мамлекетин негиздейт.

Улуу грек тарыхчысы Геродоттун жазып калтырган маалыматтары боюнча Кир II өзүн кудайларга теңеп, эч качан жеңилбесмин деп эсептеген. Ал өзүнүн гвардиясын «өлбөстөр» деп атаган.

Б. з. ч. 530-ж. ал тиграхауд сактарын талкалоо үчүн 200 миң күчтүү аскери менен аттанат. Бул согушта сактардын башында ханыша **Томирис** турган. Адам каны суудай аккан бул кыргында перстер жеңилип, дүйнөлүк бийликке умтулган Кир II өлөт. Бул салгылашта өзгөчө эрдик көргөзгөн сактардын гвардиясы «кырылгыздар» (кыргыздар) деп аталган деген маалымат бар.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КИТЕПКАНА
ИНВ № 957890

Б. з. ч. 519–518-жж. Ахеменид династиясынын кезектеги падышасы *Дарий I* сактарды баш ийдирүүгө жетишип, аларды салык төлөп турууга мажбур кылат. Канчалык аракет кылганы менен ирандыктардын бийлиги Сыр-Дарыядан түндүккө өтө алган эмес. Кыргызстандын түндүгүндө жашаган сактар Персияга каршы согуштарга катышканы менен өз жерин иран баскынчыларына тепсеткен эмес.

Кийинчерээк сактар иран элдери менен тынчтык жана согуштук мамиледе болуп, дүйнөлүк ири тарыхый окуя болгон Грек-перси согуштарына (б. з. ч. 500–449-жж.) катышкан. Айтылуу Марафон салгылашуусунда (б. з. ч. 490-ж.) сак атчандары каарман эрдиктерди көрсөтүшкөн.

Б. з. ч. 331-ж. Македонскийдин аскерлери перстер менен сактардын аскерлерин жеңип, 329-ж. Сыр-Дарыянын жээгине чыгат. Бирок бул жерден баскынчылар сактардын күчтүү каршылыгына дуушар болгон. Анткени сактар б. з. ч. IV к. бул жерде өздөрүнүн мамлекетин негиздеп, экономикалык жана саясий жактан бир кыйла жөнгө салынып калган. Аскердик тартип чыңдалып, согуш өнөрү өскөн. Курал-жарагы боюнча алар грек-македондуктардан кем калышкан эмес.

Александр Македонскийдин аскерлери менен сактардын чечүүчү салгылашы б. з. ч. 329-ж. Сыр-Дарыянын жээгинде болгон. Орто Азия элдери күрөштө жеңилген, баскынчылар да баштагы күч-кубатынан кайтып калышкан. Ошондуктан Македонскийдин Индияга жүрүшү кечеңдеген.

Грек-македондуктар Кыргызстандын аймагына тереңдеп кире алышкан эмес. Чыгыш тарабынан алар Ош областынын Лейлек району аркылуу агып өткөн Кожо-Бакырган-Сай суусуна чейин гана жетишкен.

Александр Македонскийдин колбашчысы **Селевк** б. з. ч. 312-ж. өзүнүн жаңы Грек-Бактрия мамлекетин негиздеген (б. з. ч. 312–64-жж.). Бул мамлекеттин эң чыгышындагы Антиохия шаары – азыркы Өзгөндүн жанында болгон деген божомол бар. Бул фергналыктардын кыска мөөнөттө гректерге көз каранды болгондугун айгинелейт. Алыскы Греция менен Кыргызстандын түштүгүнө чейинки байланыш кийин Кытайдан Римге чейин созулган Улуу Жибек жолунун түзүлүшүнө өбөлгө болгон.

Сактардын акыркы мезгили жөнүндө маалыматтар тарыхта аз. Сактардын арасында уруу биримдиктеринин начарлашы чыгыштан келген күчтүү көчмөндөрдүн кысымына туруштук бере алган эмес.

Б. з. ч. II к. дарыянын аркы өйүзүндөгү сактарды хунндар тарабынан Чыгыш Түркстандан сүрүлүп чыккан юэджилер (тохарлар) женип алган. Юэджилер Теңир-Тоо менен Ферганада көпкө тура алышкан эмес. Алар сактар менен биргелешип Орто Азиядагы Грек-Бактрия падышачылыгын талкалашат. Хунндардын империясы күч алып турган чакта өз алдынча болууга умтулган усундар б. з. ч. II к. ортосунда Чыгыш Түркстандан Борбордук Теңир-Тоого жылып, бул жердеги сак урууларын каратып алышкан. Ушуга байланыштуу Жети-Суулук жергиликтүү сактар батышка, Орто Азиянын борбордук бөлүктөрүнө, бийик тоолуу жерлерди карай журт которууга аргасыз болушкан. Сактардын калган бөлүктөрү усундар менен аралашып, кийинки элдердин калыптанышына өбөлгө болгон.

## 6. УСУН МАМЛЕКЕТИ

«Усун» этноними тарыхка кытайлык династиянын хроникасынан кирген. Тарыхчы А. Өмүркуловдун пикири боюнча «Усун» этноними байыркы түрк тилинен которгондо «он урук эл» (ус – урук, ун – он) дегенди түшүндүрөт. Бул эл Чыгыш Түркстандагы Упса (Узун) дарыясынын атынан аталган деген да божомол бар. Генеалогиялык болжолдорго жана түрк санжыраларына таянсак усундар түрк элдеринин бир салаасы, азыркы кыргыздардын түпкү бабалары болгон. Усундар сырткы кебетеси жагынан сакалдары кызгылт сары, көздөрү көк болуп, Түркстандын тургундарынан айырмаланып турган.

Усундар адегенде хунндар жана юэджилер менен коңшулаш болуп Улуу Кытай дубалынын батыш жагында көчүп жүрүшкөн. Алардын бир бөлүгү б. з. ч. 160-ж. сактарды жана юэджилерди талкалап, Теңир-Тоого жана Жети-Сууга көчүп келишкен. Көп убакыт өтпөй чыгыштан хунндар менен, батыштан Талас дарыяларынын өрөөндөрүндө Кангүй менен, түштүктөн Фергана жана Чыгыш Түркстан менен чектешкен жаңы мамлекет түзүлгөн. Түндүктөн усундардын ээлиги Балхаш көлүнө чейин жеткен. Усундардын падышасы – Күнбаг (күн бий) деген титулду алып жүргөн. Алардын борбору – Чигу, же Чигучэн деген шаар болгон. Бул сөздүн котормосу – Кызыл өрөөндөгү шаар. Акыркы жылдардагы археологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча бул шаар Ысык-Көл областынын чыгышындагы Түп суусунун куймасына

жакын, айрым маалыматтар боюнча Жети-Өгүз районунун борбору Кызыл-Суу айылынын этегинде жайгашкан деген гипотезаны берди. Эки жээкте тең суунун астында шаардын негизги бөлүгүнүн калдыктары жатат. Анын жашоочулары дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк менен кесиптенишкен. Б. з. башында көлдүн суусу көтөрүлө баштап, шаарды көмүп калган.

Күнбагдын бийлиги мураска өткөн усундардын мамлекети эрте таптык түзүлүштө болгон. Башкарууда Күнбаг аксакалдар кеңешине таянган. Мезгилинде усундардын мамлекетинде 630 миңден ашык жоокер жыйналган. Ошондуктан усундар менен Хань Кытайы жана ошол мезгилдеги Борбордук Азияга үстөмдүк кылган хунндар да эсептешүүгө аргасыз болгон.

Орус окумуштуусу Н. Аристов 1893-ж. *«Усундар жана кыргыздар же кара-кыргыздар: Батыш Тянь-Шандын калкынын тарыхы менен турмуш тиричилигинин очерктери жана анын тарыхый картографиясы боюнча изилдөөлөр»* деген эмгегинде: «Усундар Батыш Тянь-Шанды жердеп турган азыркы кара-кыргыздардын түздөн-түз бабалары болуп саналат» – деп белгилеген.

Б. з. ч. II к. экинчи жарымынан тартып усундар Хань империясынын чоң саясатынын чөйрөсүнө тартылган. Ал мезгилде Хань империясынын алдында эки маанилүү милдет турган. Биринчиси, эзелки душмандары болгон хунндар мамлекетин талкалоо эле. Кытайлар орто азиялык ээликтерге чейинки Улуу Жибек жолуна көзөмөлдүк жүргүзүү усундардын колунда экендигин түшүнүшкөн. Ошондуктан император У-ди б. з. ч. 109-ж. усундарга баалуу белектерди жүктөгөн жана Күнбагга аялдыкка берүүгө кытайлык тектүү бийкени коштогон элчилерин жөнөтөт. Чигу шаарына кытай тынчысы жана элчиси Чжан Цзянь келет. Б. з. ч. 115-ж. Кытай менен келишим түзүлөт. Бул экинчи милдет болчу.

Б. з. ч. I к. башында Усундар мамлекетинин күнбагы Унгүйми такка отурганда *Фейван* деген атка ээ болгон. Ал дагы кытайлык хан кызына үйлөнгөн. Фейван хунндарга каршы биргелешкен согуш аракетин жүргүзүү жөнүндө Хань империясы менен келишим түзөт. Б. з. ч. 71-ж. усундардын 50 миң аскери кытайлардын 160 миң кишилик армиясы менен бирдикте аракеттенишип, хунндарга кыйраткыч сокку урган. Натыйжада чоң олжолуу (40 миң туткун жана 700 миң баш мал) болушту. Ошол эле жылы алсыраган хунндар-

га кытайлар дагы бир нече жолу кол салып талкалашат. Ошентип, мурдагы кубаттуу дөөлөт кыйрап жок болгон.

Усундардын күч алышы Хань империясын тынчсыздандырган. Ага атаандаш эмес, тил алчаак шериктеш керек эле. Ошон үчүн кытай башкаруучулары акырындап усундардын ички иштерине кийлигишүүгө өтөт.

Кытайдын тарыхый хроникасы усундар менен «тынчтыктын жана туугандашуунун» кырк жылдык саясатынын жыйынтыгын чыгарып: «Усундар эки тарап болуп турушат, ошондуктан алар менен кандайдыр бир келишимге келүү кыйын. Падышалардын аялдары (албетте кытай аялдары) усундарга бүлө болуп келишкенине кырк жылдан ашуун убакыт өтсө да эриш-аркак болуп жашап кете алышпады. Ушул себептен улам Кытай чек арасы чыныгы тынчтыкка туш боло албады»,– деп өкүнүү менен белгилеген.

Биздин замандын чегинен тартып усундар жөнүндөгү акыркы маалыматтардын бири 435-ж. усундардын элчиси Дун-Жиндин отчетунда баяндалган. Бул учурда усундар жуанжуандардын (аварлардын) катуу каршылыгына туш болгон болчу. Б. з. 437-ж. усундар түрк тилдүү уруулардын бирикмелерине кошулган.

Усундардын мамлекети социалдык топторго жиктелүү жаңы эле пайда боло баштаган учурда түзүлгөн, уруулук түзүлүштүн таасири катуу сакталган өлкө болчу. Күнбагдардын бийлиги укум-тукумга өтүп, мурас катары берилип келген. Жогорку бийликтеги адам аксакалдар кеңешине таянган. Ошол эле мезгилде мамлекеттик аппарат бир кыйла өнүккөн болчу. Мамлекеттик бийликте эле 16 миңден ашык адам эмгектенген. Күнбагдын өзү саны он миңден турган аскерге ээ болгон. Усундар жарым-жартылай көчмөндүү болуп, мал багышкан. Ошол эле мезгилде Чүй өрөөнүндө жана Ысык-Көлдүн жээгинде жашаган эл отурукташып алып, дыйканчылык менен жан сакташкан. Теңсиздик аябагандай өнүгүп кеткен. Эң бай адамдар төрт-беш миңден жылкы кармашкан. Усундук коомдо кулдар да бар эле, бирок алар негизинен эркин общиналарда, үй чарбасында иштешкен. Негизги коомдук уюм болуп патриархалдык үй-бүлө эсептелинген. Көп аял алууга жол ачык болгон, жесир калган аялды күйөөсүнүн бир туугандарына никелештирүү адатка айланган.

Усундардын өздөрүнүн маданияты сактардыкынан бөлүнүп көрсөтүлө элек. Сыртынан караганда усундардын коргондорун сактардын коргондорунан айырмалоо мүмкүн эмес. Ошол

себептен окумуштуулар сактардын жана усундардын коргондорун жалпылап *сак-усун коргондору* деп аташкан. Мындай коргондор Ысык-Көлдөн, ошондой эле Чүй өрөөнүнөн табылган. Усундук эстеликтерди изилдеген окумуштуулар булардын маданиятынын хунндардын маданияты менен бир топ окшоштуктары бар деп божомолдошот.

## 7. ДАБАН МАМЛЕКЕТИ

Тоо этектериндеги зонасы жана чыгыш бөлүгү кийинчерээк Кыргызстандын курамына кирген Фергана өрөөнүндө б. з. ч. I миң жылдыкта эле отурукташкан дыйканчылык маданияты өнүккөн мамлекет пайда болгон. Бул мамлекет миңдеген жылдарды камтыган тарыхый өсүшкө ээ. Бирок, ал тууралуу жазуу жүзүндөгү маалыматтар б. з. ч. II–I кк. тартып гана кездешет. Тарых булактарында байыркы Фергана мамлекети Дабан (Даван) деп аталган. «Фергана», «Дабан» аталыштары байыркы түрк тилинде «перидей сулуу жер», «ажайып кооз жер» дегенди түшүндүрөт. Перстер бул мамлекетти «Сог», ал эми кытайлар «Полоно» деп аташкан.

Б. з. ч. II к. Фергана чарбачылыгы өнүккөн күчтүү мамлекет болгон. Анын экономикасынын негизин сугат дыйканчылыгы түзгөн. Калк күрүч, буудай, жүзүм, пахта, беде өстүргөн, атагы алыска жеткен аргымактарды багышкан. Бул жерде кичинеси-чоңу болуп, 70 шаар бар эле, алар өз-өзүнчө кооз оазистерден орун алышкан. Борбору болуп **Эрши шаары** (урандылары Ош облыстынын Араван районун борбору Араван кыштагына жакын жерде сакталган) эсептелинген. Ферганaнын калкы болжол менен 300 миңге жакын адамдан турган. Сырт келбеттери боюнча алар европеоиддерге окшош эле. Кытай эмгектеринде «...көздөрү чүңкүл, сакалдары коюу болгон» деп көрсөтүлөт.

Коомдук мамилелери таптык мүнөздө болгон. Мамлекетти падышалардын династиясы башкарган. Алардын бийлиги мансаптуу адамдардан түзүлгөн аксакалдар кеңеши менен чектелип турган. Аксакалдар кеңеши падышаларды тактан алган жана такка отургузган, согуш же тынчтык маселелерин чечкен, элчилик байланыштарды түзгөн же үзгөн. Эмгектерден көрүнүп тургандай, аксакалдар кеңеши эки жолу ферганалык падышаларды өлүм жазасына буюрган.

Б. з. ч. II к. аягында Дабан элине күчтүү жана агрессивдүү Хань империясы менен болгон узак күрөштүн оор кесепетин башынан кечирүүгө туура келди.

Император У-ди б. з. ч. 105-ж. усундар менен шериктештик түзүп, Улуу Жибек жолундагы эң маанилүү пункт катары Дабан мамлекетин каратып алууну чечкен. Бул жакка айтылуу аргымактарды алуу максатында атайын элчилер жиберилген. Ферганалык аксакалдар кеңеши кытайларга аргымактарды сатуудан биротоло баш тарткан. Кытай элчиси өйдөсүнүп текеберленгени үчүн чек арада турган **Ю** шаарында (азыркы Өзгөндөгү Шоро-Башатка жакын жерде) өлтүрүлгөн. Согуштун чыгып кетиши үчүн ушинтип өзүнөн-өзү шылтоо табылат. Каарданган император Ферганага согуш жарыялаган. Анын 6 миң атчандар жана бир нече миң кошумча жоокерлерден турган кошууну полководец Ли Гуанлинин жетекчилиги менен жолго чыккан. Б. з. ч. 103-ж. Кытайдын Дуаньхуандагы кошууну батышты карай аттанган. Оор салгылашуудан кийин бул кошуун **Ю** шаарына кирип, аны каратып алган. Бирок жергиликтүү элдин катуу каршылыгына туруштук бере алышпай, чабуулду андан ары улантып, Фергананын борборуна жылууга мүмкүнчүлүк болбой калат. Ли Гуанли кайра чегинүүгө мажбур болот. Хань армиясындагы жоготуулар эбегейсиз чоң эле: Армия аттанып чыккан Дуаньхуан шаарына жоого аттанган ар бир он жоокерден арадан зорго экиден гана жоокер кайтып келген.

Хань империясынын Батыштагы атак-даңкы Ферганадагы жортуулдан кийин биротоло төмөндөп калат. Мына ошондуктан, Даванды өз жайына кой деген кеңешке карабай император багынбас мамлекетти биротоло талкалап, ошону менен кылтыйып сынай карап турган коңшу мамлекеттерге сес көрсөтүп коюуну максат кылат. Ошентип ал, бүтүндөй империясын түп көтөрүп, Ли Гуанлинин карамагына 100 миңге жакын жоокер топтойт да сансыз колду сан жеткис кербен коштоп, дээрлик 140 миң малга артылган жүк менен жолго чыгарат. Б. з. ч. 101-ж. империянын колу Эрши шаарына жетип, аны курчоого алат. Курчоодо турган дабандыктар мезгил-мезгили менен кытайларга кыйраткыч соккуларды уруп турушат. Кырк күн камап жаткандан кийин кытайлар аксакалдар кеңешинин сунуштарына макул болот. Бул сунуштарда көрсөтүлгөн шарт боюнча хандыктар ондогон аргымактарды жана үч миндей жылкы алышты. Ошентип, Эршини басып ала албай, баскынчылардын аскерлери кайра кайтууга аргасыз болушту. Кытайга мурдагы аскерлердин

алтыдан бир **бөлүгү** гана кайтып келди. Ал эми ферганалыктардан алган үч миң жылкынын миңи гана жетти.

Ли Гуанлинин аскерлери кетишери менен Ферганаынын мамлекеттик иштерине Хань империясынын саясий кийлигишүүсү биротоло токтолду. Хань империясына каршы болгон төрт жылдык согуштун жыйынтыгында, Орто Азия жана Чыгыш Түркстан элдеринин колдоосу менен байыркы Фергана мамлекети өзүнүн көз каранды эместигин сактап калган.

## 8. БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАР ЖАНА АЛАРДЫН ХУННДАРДЫН ИМПЕРИЯСЫНА КИРИШИ

Кытай тарыхчысы **Сыма Цянь** (б. з. ч. 145–86-жж.) өзүнүн «Ши цзи» – «Тарыхый жазмалар» эмгегинде белгилегендей, б. з. ч. 201-ж. хунндардын падышасы Модэ шанүй (*кыт.* шанүй – теңир куту) түндүккө жана түндүк-батышка согуштук жортуулга чыккан. Бул жортуулда ал көз карандысыз бир катар: генгүн, динлин, синьли ж. б. урууларды каратып алган. Бул маалыматтын кыргыз тарыхы үчүн мааниси өтө зор. Генгүн (гэгунь, гяньгун, циг, кигу, кыямут, камут, когыр, кыргур ж. б. варианттары бар) деп кытайлар байыркы кыргыздарды аташкандыгы илимде толук далилденди.

Ушул маалыматтан кыргыздар б. з. ч. III к. аягында эле болгондугун, алар ээлик кылган жерлер бар экендигин билебиз. Ошентип, «кыргыз» деген этноним, түбү түрк тамырынан тараган азыркы элдердин ысымдарынын эң байыркысы болуп саналат. Өзбектер, уйгурлар, казактар, түркмөндөр, татарлар, башкырлар ж. б. түрк элдерине тиешелүү этнонимдер бир кыйла кийинчерээк пайда болгон.

Кыргыздардын байыртадан бери сакталып келген энчилүү аты болгон – «кыргыз» этноними боюнча талаш-тартыштар көп мезгилден бери эле жүрүп келүүдө. Бул терминди түрк тилдеринин негизинде гана чечмелөөгө болот. «Кыргыз» этнонимин чечмелөөдө элдик вариант (элдик этимология) менен илимий вариант бири-биринен кескин айырмаланат.

«Кыргыз» аталышын элдик чечмелөө аракеттери көбүнчө уламыш түрүндө кездешет. Элдик вариант бул этнонимди «кырк» деген санга жана «кыз» деген сөзгө (кырк кыздан тараган урпактар), же «кырк» сан жана «огуз» этнонимине (кырк огуз бирикмеси), айрым учурда «кыр» сөзү жана огуз этнонимине (кырдагы т. а. тоолуу аймактардагы огуздар) болуп түшүндүрүү менен мүнөздөлөт.

«Кыргыз» этнонимин илимий негизде да чечмеленүүдө. Окумуштуулар лингвистикалык жана ономастикалык усулдарга таянуу менен «Кыргыз» этнонимин ар кыл бөлүктөргө ажыратып түшүндүрүүгө аракет жасашат.

Анын айрым варианттары: **1.** «Кырк» жана «йүс» («кырк жүз», В. Радловдун пикири); **2.** «Кырк» жана «эр» («кырк киши, Ахмед Тоган); **3.** «Кыра» жана «гыз» («кара чачтуу эл» Д. Айтмуратов); **4.** «Кыргуу» – «кырг» жана ага көпчүлүк санды туюнтуучу – «ыз» мүчөсүнүн жалгаштырылышы («кызылдар» К. Петров); **5.** «Кырг» жана «огуз» («кызыл огуз» т. а. түштүк огуздар же батыш огуздар, Н. Баскаков); **6.** «Кыргын», «кыргыт», «кыргыз» (албырган жүз, көк көздүү эл А. Кононов); **7.** «Кыргыз» (кырылгыс, түгөнгүс, жаңыланып туруучу, түбөлүктүү, жеңилгис эл А. Өмүркулов); **8.** «Манас» эпосунун «Жайсан» варианты боюнча кыргыз кырк ууздан (т. а. Ууз хандын кырк уулунун тукуму) таралган эл ж. б.

«Кыргыздар» деген терминдин орто кылымдардагы көчмөндөр арасында (Енисейден Уралга чейин) кеңири тарагандыгына караганда: «кыргыз» деген термин «сак» деген термин сыяктуу эле адепки учурларда «кайраттуу, күчтүү, эр жүрөк, баатыр жоокер, күжүрмөн адам» деген түшүнүктү берген этностук мааниге караганда социалдык маанини көбүрөөк түшүндүргөн даңазалуу ат болгон. Ошондуктан бир кыйла көчмөн уруктар өздөрүн «кыргыз» деп атоого аракет кылышкан, – деген божомол чындыкка жакын.

Ошентип, «кыргыз» этноними белгилүү бир уруунун же уруулар бирикмесинин энчилүү аты катары пайда болуп, кийинчерээк Борбордук Азиядагы көпчүлүк элдердин жалпы аталышына айланган даңазалуу, да сыймыктуу да этноним болгон.

Тарыхый жазуу булактарында б. з. ч. III к. тартып эске алынган кыргыздардын ата журту тууралуу да ар түрдүү пикирлер айтылып келген. Сыма Цяндын эмгегинде кыргыздар эскерилгени менен алардын турган жери жөнүндө эч нерсе айтылган эмес. Айрымдар алгачкы кыргыз журту Енисейде (Енисей – чоң дарыя дегенди түшүндүрөт) болгон дешсе, башкалары азыркы Түндүк Батыш Монголиядагы Хыргыз-Нур (Кыргыз Көл) аттуу көлдүн аймагында болгон деп жоромолдошкон. Акыркы божомол Кыргызстандын тарыхнаамасында көп жылдар бою басымдуулук кылып келген.

Кытайлык байыркы тарыхчы **Бань Гу** (б. з. I к.) өзүнүн ***«Хань шу»*** – («Хань сулалесинин тарыхы») эмгегинде: «Кыр-

гыздардан чыгышта 7 миң *ли* (1 ли – 500 *м*) узактыкта хунндардын шанүйлөрүнүн ордосу жайгашкан», – деп жазат. Археолог – профессор Ю. Худяков, синолог Л. А. Боровкова жана азыркы кыргыз тарыхчылары бул маалыматка негизденип, кыргыздардын б. з. ч. I к. журту Чыгыш Теңир-Тоо аймагында болгондугун далилдешүүдө. Бул журт азыркы Чыгыш Түркстандагы Манас, Кара-Шаар сыяктуу шаарлардын түндүк тарабында, Боро-Хоро тоо кыркасынын түндүгүндө орун алган. Байыркы түрк элдеринин ичинен хунндар, усундар, динлиндер, дилдер ошондой эле Чыгыш Түркстандагы индиевропалык тилдерде сүйлөгөн калктар (юэджилер т. а. тохарлар) эзелтен кыргыздарга коңшу болгон.

Кыргыздардын байыркы Ата Журту көчмөн мал чарбачылыгын жүргүзүүгө, кандайдыр бир даражада дыйканчылык менен кесиптенүүгө, кол өнөрчүлүктүн түрүн өнүктүрүүгө (металл иштетүү, зергерчилик, жыгач усталык, тери иштетүү, кийиз жасоо, өрмөчүлүк, оймочулук ж. б.), аң уулоочулук кесиптин, аскердик өнөрдүн жана оюн-зооктун өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк түзгөн берекелүү жайлардын бири болгон.

Б. з. ч. I к. ортосунда хунндардын башчысы Чжичжи өзүнүн армиясын кыргыз жоокерлери менен чыңдап Енисейдин Миң-Өзөн өрөөнүндө жайгашкан урууларды басып алат. Ушундан кийин кыргыздардын негизги бөлүгү өздөрүнүн жаңы мекенине (Енисейге) келишкен деген пикир бар. Хунндар болсо Енисейде көпкө кармалбай азыркы Кыргызстандын аймагына көчүп келишип Талас өрөөнүнө отурукташып калган. Бул жерден б. з. ч. 36-ж. хунндарга кытайлар кыйраткыч сокку урат. Чжичжи хан туткунга алынып башы кесилет.

Бул маалымат боюнча кыргыздардын жаңы ата конушка Енисейге жылышы хунндардын саясаты менен байланышат. Кээ бир изилдөөчүлөр кыргыздардын Енисейге көчүп барышын башка себептер менен түшүндүрүп, бөлөк мезгилди көрсөтүшөт.

Кыскасын айтканда, кыргыздардын Енисейге көчүп барышынын себептери, мезгили жөнүндө тарыхый маалымат эч бир жерде жазылган эмес. Мүмкүн, андай жазуу булактары тарыхчылардын колуна тийбей жаткандыр.

Кытай тарыхчысы Сыма Цянь – «Тарыхый жазмалар» эмгегинде белгилегендей, негизинен азыркы Монголиянын аймагын жердеген хунндардын бийлик эгеси Модэ шанүй б. з. ч. 201-ж. түндүккө жана түндүк-батышка согуштук

жортуулга чыгып, көз карандысыз бир катар уруулар менен катар кыргыздарды өзүнө каратып алганын билебиз.

Кыргыздар Модэ шанүйгө баш иерде өзүнчө мамлекеттүүлүккө ээ болгон десек болот. Демек б. з. ч. III к. соңуктан тартып кыргыздардын мамлекеттик бирикмеси Хунндарнан тартып кыргыздардын мамлекеттик бирикмеси Хунндардын күчтүү дөөлөтүнө баш ийип, анын таасири астында өнүккөн.

Хунндар түзгөн көп этностуу мамлекетте этностор аралык маданий аралашуу жүрүп, байыркы түрк этносторунун тилдик жана каада-салттык жакындыгы күчөгөн. Хунндардын саясий башкаруу практикасы жана аскердик өнөрү байыркы кыргыздар тарабынан өздөштүрүлдү. Натыйжада кыргыздар да хунндар сыяктуу эле оң канат, сол канат, чордондук топ – «ичкилик» болуп жиктелүүсүн уланткан. Хунндардын саясий орбитасында калган кыргыз кошуундары кытайлык империяга ж. б. мамлекеттерге каршы согуштарга хунндар менен бирдикте катышкан.

Дал мына ошондуктан кыргыз тарыхый баатырдык дастандарынын башаттык доору хунндар Борбордук Азияны бийлеген заманга барып такалаары тууралуу жоромолдордо чындыктын үлүшү чоң.

Хунндар дөөлөтүн Цзүйдихэу-шанүй бийлеп турган маалда б. з. ч. 99-ж. кытай аскерлери хунндардын ээликтерине кол салып, бирок жеңилет. Ошондо колго түшкөн кытайлык бир каарман колбашчы **Ли Лин** хунндарга кызмат өтөөгө макул болот. Анткени ал Кытайга кайтып барса, аны өлүм жазасына тартышмак болчу.

Цзүйдихэу-шанүй Ли Линге өз кызын күйөөгө берген жана «батыш канаттагы чжуки-бек» деген титулду ыйгарып, ага Енисейлик кыргыздардын журтун хунндардын атынан башкарууну тапшырган. Ли Лин менен анын хунн аялынын урпактары кыргыздарды Чыңгыз хандын жортуулу башталганга чейин бийлеген, Улуу Кыргыз дөөлөтүн негиздеп, уйгур кагандыгын 840-ж. талкалаган кыргыз каганы да Ли Линдин тукуму болгон деген божомол бар.

Саясий бытырандылыкка кириптер болгон Хунн дөөлөтүнүн борбордук башкаруусу начарлаган кырдаалда – б. з. ч. 56-ж. кыргыздар саясий көз карандысыздыкка, эгемендүүлүккө жетишишкен. Алардын чордондук аймагы Чыгыш Теңир-Тоонун түндүк (тескей) жагында Боро-Хоро тоо кыркасы менен Дзосотин-Элисун чөлүнүн ортосунда жайгашкан.

Дал ушул жылдан тартып жазуу булактарында эң алгачкы ирет Кыргыз падышалыгы тууралуу эскертилет (кытай-

лык байыркы тарыхчы Бань Гу чакан кыргыз мамлекетин «го» – «падышалык» термини менен белгилеген). Байыркы кыргыздардын бул чакан өлкөсү географиялык обочо абалына байланыштуу бир нече жыл бою хунндардын көңүлүнөн чыгып, кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн жаңы башаты болуп калды.

Б. з. ч. 49-ж. гана түндүк хунндардын башчысы Чжичжи-шанүй азыркы Манас шаарынын аймагындагы Уцзи падышачылыгын талкалап, батыш жагындагы Кыргыз падышачылыгын, алардын түндүктөгү Динлин өлкөсүн каратып алды. Чжичжи-шанүй кыргыздардын өлкөсүндө саал байырлап, андан ары Кангүй падышачылыгы менен ымала түзгөнүнө байланыштуу батышка жүрүшкө чыккан. Чжичжи-шанүйдүн жүрүштөрүнө байланыштуу айрым кыргыз аскер топтору б. з. ч. 48–42-жж. Талас өрөөнүнө чейин келгендиги айрым изилдөөчүлөр тарабынан белгиленүүдө.

Кыргыздар б. з. I–V кылымдарда Кыргыздар Теңир-Тоонун чыгыш тарабын мекендеп турган. Түрк урууларынын теле (төөлөс) саясий бирикмесине коңшу катары эскерилген кыргыздар тууралуу кытай булактары «Яньцинин (Кара-Шаардын) түндүгүндө, Ак-Тоонун жанында» жайгашкан эл катары сыпаттайт. Ушул эле булактан динлиндердин бир катар бөлүктөрү кыргыздашканын, айрым хунндар да кыргыздарга кошулганын биле алабыз.

Жалпысынан алганда, байыркы доордон бери аты жазуу жүзүндөгү тарыхый жылнаамаларда белгилүү кыргыздар өздөрүнүн узак жолду басып өткөн тарыхында башка түрк уруулары менен жуурулушуп, Борбордук жана Орто Азиянын (азыркы саясий термин боюнча – Ички жана Борбордук Азиянын) бир далай түрк эмес элдеринин өкүлдөрүн ассимиляциялап келген. Алардын байыркы тарыхынын Чыгыш Теңир-Тоолук баскычы б. з. V к. акырына чейин созулган.

## 9. ТҮРК КАГАНДЫГЫ

I миң жылдыктын экинчи жарымы – Түштүк Сибирде, Казакстанда, Орто Азия жана Борбордук Азиянын чек арасында алгачкы түзүлгөн байыркы феодалдык түрк мамлекеттеринин түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө таандык. Ошондуктан бул мезгил *байыркы түрк доору* деп аталат. Ушул доордо бул аймактарда алгачкы феодалдык мамилелер түзүлө баштайт.

VI к. орто ченинде Борбордук Азияда Кыргызстандын тарыхында көрүнүктүү роль ойногон биринчи түрк мамлекети түзүлгөн. Бул Түрк кагандыгы эле, ал эки кылымча (552–744-жж.) жашаган.

«Түрк» деген этноним (кытайларда «туцзие» деп аталат) кытай летописинде биринчи жолу 546-ж. эскерилген болчу. Согдулар, персилер жана византиялыктар жаңы талаа багынтуучуларын «түркүт» деп аташкан. Бул сөз элдин өз аты, руна сымал текст боюнча алганда «тирүү», «тур», «түбөлүктүү», «күчтүү», «бекем» дегенди билдирип, этностук мааниге караганда социалдык маанини көбүрөөк түшүндүргөн. «Түрк» дешип алды менен аскердик аристократиянын өкүлдөрүн гана аташкан. Акырындап отуруп бул ат башында аристократия турган урууга гана эмес, ага баш ийген көптөгөн тектеш элге да өткөн.

Түрк уруусу IV–V кк. Борбордук Азия хунндарынын чөйрөсүндө түзүлгөн. Алар өздөрүнүн ата-бабалары дешип мифте айтылган карышкыр уулу Ашинаны эсептешет. V к. орто ченинде түрктөр жуан-жуандык (авардык) кагандыкка баш ийишкен. Жуан-жуандык кагандык болсо ал учурда Борбордук Азияда үстөмдүк кылышып, Алтайга отурукташ-кан. Өзүнүн күчүнө жана атчан аскерлерине таянган түрктөрдүн башчысы Бумын 546-ж. бүтүндөй Жунгарияны ээлеп турган жер жайнаган теле элин (тегрег) талкалап, анын жерин өз жерине кошуп алган. Ошондон тартып түрктөр салык төлөөдөн кутулуп, Борбордук Азияда үстөмдүк кылуу үчүн жуан-жуандардын атаандаштарына айланышкан.

Кармашууга шылтоо таппай турган карт Бумын жуан-жуандардын каганы Анахуанга (520–552-жж.) кызын мага аялдыкка берсин деп тийиштик кылган. Өз даңкына жана күч- кубатына эсирген Анахуан түрктөрдүн күчкө толуп турганын аңдабай, каардана жинденип Бумынды кемсинте, мазактап, анын суроосун четке каккан. Түрктөрдүн башчысына ушул эле керек болчу. Согуштун чыгышына мындан арна себептин кереги жок эле. 552-ж. түрктөр жуан-жуантык дарга кол салышып, аларга баш көтөргүс сокку урушкан. Күтүүсүздөн жеңилген Анахуан өзүн-өзү өлтүргөн.

Жеңишке жеткен Бумын жуан-жуандык мамлекет башчысынын «илиг каган» деген титулун алган. Ошентип, Борбордук Азияда **Улуу Түрк кагандыгы** (552–603-жж.) түзүлгөн. Каган өз ордосун Орхонго (Түндүк Монголияга) көчүргөн, ал жер бара-бара жаңы мамлекеттин административдик саясий

борборуна айланган. 553-ж. Ашиндердин улуу түрк династиясынын негиздөөчү илиг каган Бумын дүйнөдөн кайткан.

Талаа элдеринин салтына ылайык бийлик Бумындын иниси Истеминин колуна өткөн. Ал өз агасы өлгөнгө чейин эле Жети-Сууну, Борбордук жана Батыш Теңир-Тоону жердеген он ок уруусун (он жебе элин) өз ээлигине кошуп алган.

563- жана 567-жж. эфталиттерге Ирандын аскерлери батыштан, түрк атчан аскерлери түндүктөн кол салышып, аларды талкалашат. Аму-Дарыясы жеңүүчүлөрдүн чек арасы болуп калат. Орто Азиялыктардын жери менен кошо он ууру каганы Истеми эфталиттердин тактан түшүрүлгөн падышасынын титулун да алат. Кагандын убактылуу ордосу Теңир-Тоого жайгашкан, бул жерден бардык жактарга соода кербендерин, элчилерди жөнөтүп турууга ыңгайлуу эле. Эфталиттерди талкалагандан кийин эле Иран менен Түрк кагандыгынын ортосунда чыр чыгат.

Ирандын талкаланышына түрктөргө караганда согду соодагерлери көбүрөөк кызыгышкан. Согдулардын башчысы Маниах Истеми каганга Ирандын баштатан жоолашып келе жаткан душманы Византия менен союздашууга сунуш кийирди. Теңир-Тоого аттанып жолго чыккан Маниах баштаган түрктөрдүн элчиси Иран жергесин Каспий деңизинин бою жана Кавказ аркылуу айланып өтүп, 568-ж. Константинополго келген. Император Юстиниан II элчилерди жакшы ниет менен кабыл алган. Шериктештик түзүлүп, түрктөрдүн аскерлери Ирандын чек арасына кириштп. Андан аркы окуялар китептерде чаташтырылып берилет. Түрктөр Ирандын провинциясы Журжанды басып алышат. Бирок түрктөрдүн аракети батыш жактан византиялыктар тарабынан колдоого алынган жок. Ирандын шахы Хосров эки тарап менен согушуудан чочулап, Истеми менен союздаш болууга шашылды. Бирок, 571-ж. союздашуунун шарты боюнча Иран мурда эфталиттерге төлөп турган салыкты эми түрктөргө төлөөгө макул болду. Ажырымдашуунун башкы себеби болгон жибек менен соода кылуу жөнүндөгү маселе да жоюлган. Түрктөр менен тынчтык келишиминин түзүлүшү Ирандын Византияга жана Месопотамияга бир катар кыйратуучу сокку уруусуна мүмкүндүк берген. Иранды жеңип алгандан кийин батыш түрктөрү Грецияга болгон кызыгууларын биротоло жоготушкан. 575-ж. эл арасында кадыр-баркы жогору болгон Истеми каган дүйнөдөн өтөт.

Константинополдун келишимди кайра калыбына келтирүүгө жасаган бир нече жолку аракеттеринен эч кандай

майнап чыккан жок. 576-ж. түрктөрдүн башкаруучусу Түрксанф Кара деңизди бойлой жайгашкан Византияга кол салып, Боспорду каратып алат. 580-ж. түрктөр Крымды басып киришип, Херсонести курчап алышкан. **Натыйжада борбору мурдагысындай эле Теңир-Тоодо жайгашкан Түрк кагандыгы евроазиялык кубаттуу өлкөгө айланган.**

Ошентип, өздөрүнүн тышкы саясатында кайраттуу Истеми башында турган түрктөр чоң ийгиликтерге жетишкен. Бирок ийгиликтерди бекемдеп калууга мүмкүндүк болгон жок, анткени кагандыктын өзүндө ич ара ыйкы-тыйкы күчөп, бийлик үчүн узакка созулган кармашуу башталган. Түрк кагандыгын Таспар (572–581-жж.) кыңк эттирбей башкарып турган. Ал өлгөн соң Кагандыктын тактысын төрт талапкер талашып, бири-бири менен айыгышкан күрөшкө чыгышат да, бир тууганлардын кандары төгүлөт. Бул согуш төрт талапкердин үчөөсү өлгөндөн кийин гана басылат. Алардын арасынан Истеминин тирүү калган мурасчысы Тарду Боке каган батышта 587-ж. түрк падышасынын тактысына отурган. А бирок бийлик үчүн күрөш анын такка отурушу менен эле бүтүп калган жок.

Уруулар ортосундагы кандуу кармашуу Түрк кагандыгын алсыратып, анын тышкы саясатын кескин түрдө басаңдатып жиберген. Бул мезгилдин ичинде түрктөргө оор салык төлөп келишкен бытыранды Кытай **Суй династиясына** (581–618-жж.) баш кошуп, биригип алган эле. Экинчи бир салык төлөгөн өлкө – Иран 588-ж. Гераттын алдында түрктөргө оор сокку урду. 590-ж. болсо Византия түрктөрдөн Боспорду бошотуп алган.

Тарду Боке каган өлгөндөн кийин 603-ж. түрк мамлекети Чыгыш жана Батыш кагандыктары болуп экиге бөлүнүп кеткен.

Кыргызстандын мындан ары тарыхы Батыш Түрк кагандыгы менен байланыштуу.

## 10. БАТЫШ ТҮРК КАГАНДЫГЫ (603–704-жж.)

VII к. башында Батыш Түрк кагандыгы «Он ок эли» мамлекетинин аты менен аталган. Ашина династиясынын мамлекет башчыларынын расми титулдары болуп түрктүн *»жабгу каганы»* же *«он ок элинин каганы»* эсептелинген. Мамлекеттин аты да, кагандардын официалдуу титулдары да же-

текчи абалды «он ок бодун» («он ок эли») ээлеп турганын далилдеп турат. Себеби бул эл Борбордук Азиядан келген түрк урууларынан эмес, Теңир-Тоонун жергиликтүү эли эле. Эң чоң эки бирикмеден: беш уруу биригип «нушиби» конфедерациясын түзүп, Сыр-Дарыядан Чүй суусуна чейинки жерди ээлеп турган, экинчи беш ууру эл *«дулу»* деген жалпы ат менен Чүй дарыясынан тартып – Алтай менен Жуңгария аймактарына жайгашкан. Батыш Түрк кагандыгынын курамына Чыгыш Түркстан, Орто Азия чөлкөмдөрүнүн дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлери, Арал боюндагы, Түндүк Кавказдагы талаалар кирген. Анын административдик-саясий борбору болуп алды  менен Талас өрөөнүндөгү Миң-Булак, 618-ж. баштап Суяб шаары (Токмок шаарына жакын жаткан Ак-Бешим шаар урандылары) эсептелинген.

Батыш түрктөрү өз ич ара салгылашуунун кесепетинен **Тон жабгу кагандын** бийлигинин тушунда гана (618–630-жж.) кутулушту. Замандаштары ага саясий жактан да, аскердик жактан да жогорку баа беришкен. «Ал эч нерседен тартынбаган жана баарын алдын ала билген көрөгөч адам болгон. Кандай кармашуу болсо да жеңиш менен аяктаган» деп жазышат кытай жылнаамачылары. Тон жабгу-каган антиирандык саясатты активдүү жүргүзгөн. Ийгиликтүү чабуул коюунун натыйжасында ал Ирандан Тохарстанды тартып алып, Афганстанды бүт бойдон жана Индиянын түндүгүн ээлеген. Византиянын императору Ираклий менен келишим түзүп, Ирандын Закавказьедеги ээлеп турган жерине кол салып, Дербент, Тбилиси жана Партав шаарларын каратып алган.

Тон жабгу каган маанилүү саясий-административдик реформа жүргүзүп, көчмөн эл менен Орто Азиянын оазистеринде жана Чыгыш Түркстанда жашаган даражалуу адамдардын укуктарын теңеген.

VII к. аягында Кытайда Таң династиясы (618–907-жж.) күч алган. Кытайдын императору Тайцзун башкарган феодалдык төбөлдөрү басып алуучулук согуш жолуна түшүшкөн. Таң башкарган Кытайдын маанилүү тышкы саясатынын бири Улуу Жибек жолун ээлөө болуп эсептелинген. 630-ж. кытай аскерлери көчмөн тогуз өгүз уруусу менен бирдикте Чыгыш Түрк кагандыгын талкалаган. Ар кандай түрк отряддарынын күчү менен 640-ж. Тайцзун Гаочан мамлекетин (Турпан оазисинде) басып алып, өз бийлигин орноткон. Бул жер ал үчүн Батыш Түрк кагандыгына чабуул коюунун базасы болуп калган. Көп жылдар бою батыш түрктөрү Чыгыш

Түркстандын элдери менен бирдикте душмандардын мизин кайтарып келишкен. Согушта ийгилик бирде бул тарапта, бирде тигил тарапка өтүп турган. Акырында Иле дарыясында (565-ж.) болгон салгылашууда Кытай полководеци Су Динфан Ышбара кагандын аскерлерин талкалаган. Ышбара каган болсо өз аскерлери менен Чүй өрөөнүнө чегинет. Ал ушул жерден биротоло талкаланып, өзү колго түшүп, эки жылдан кийин өлтүрүлөт.

Тээ алыста жаткан Теңир-Тоо жергесине реалдуу бийлик жүргүзүлүүгө мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан Таң императору он ок элинин башына Ашина династиясынын батыш бутактарынын өкүлүн койгон. Марионеткалык кагандар элдин урматтоосуна жетише алышкан эмес. Кагандык улам начарлай берген. Ашина династиясынын 23-каганы акыркысы болгон. Аны 704-ж. Кулан шаарында (азыркы Казакстандын Луговая станциясына жакын) түргөштөр өлтүрүшкөн. Ошентип Жети-Сууда жана Теңир-Тоодо түргөш кагандарынын династиясы бийликке келген.

## 11. ТҮРГӨШ КАГАНДЫГЫ (704–766-жж.)

VIII к. баш ченинде Батыш Түрк кагандыгынын урандыларында Түргөштөрдүн мамлекети пайда болду.

Түргөштөр «он ок элинин» дулу конфедерациясына киришкен жана Чүй менен Иле дарыяларынын аралыгын ээлеп турушкан. Алар «сары түргөш» жана «кара түргөш» урууларына бөлүнүшүп, төбөлдөрү өз ара атаандашып турушкан.

«Сары» түргөштөрдүн уруу башчысы Үч-элиг каган (704–706-жж.) жаңы династиянын негиздөөчүсү болуп калган. Ал Суяб шаарын ээлеп, анда өзүнүн башкы борборун түзгөн. Түргөштөрдүн бийлиги алдындагы жерлер Сыр-Дарыянын орто агымынан Иртыш суусунун баш чагына чейин созулуп жатчу. Үч-элиг каган өзүнүн жеринде жыйырма чөлкөм түзгөн, алардын ар бири жети миңден аскер берип туруучу. Түргөштөрдүн бийлиги Чыгыш Түркстанга да тараган.

Үч-элигдин ордун анын уулу Сакал каган (706–711-жж.) ээлейт. Ошол учурда мамлекеттин абалы татаал болчу. Ага түштүктөн Таң империясынын аскерлери, чыгыштан өзүлөрүнүн кагандыгын калыбына келтирип алышкан түрктөр, түштүк-батыштан араб баскынчылары коркунуч түзүп турушкан. Сакал каган бардык тараптагы коркунучтун мизин кайтарууга аракеттенген.

Чыгыш түрктөрү 679-ж. көтөрүлүш чыгарышат да, натыйжада Таң империясынын эзүүсүнөн кутулушат. Кыймылдын башында Ашина династиясынын мүчөлөрүнүн бири турган. Экинчи жолу түзүлгөн Чыгыш Түрк кагандыгы эң жогорку күч-кубатына Капаган кагандын тушунда (691–716-жж.) жеткен. Ал зор жана күчтүү армияны түзөт. Ага таянып, түрк акимдери өзүлөрүнүн түпкү ата-бабалары Бумын жана Истеми кагандардын мамлекеттеринин чек араларын калыбына келтирүүгө аракет кылып көрүшөт.

710-ж. үчилтик коалиция бул умтулуулардын жолунда олуттуу тоскоолдук болду. Ага Таң Кытайы, Енисейдеги Кыргыз жана Теңир-Тоодогу Түргөш кагандыктары кирген болучу. Союздаштардын чыгыш түрктөрүнө каршы биргелешкен чыгуусу 711-ж. белгиленген эле. Чыгыш түрктөрдүн Капаган каганы амалдуулук кылып, союздаштарга биринчи болуп сокку урмай болот. Мына ошол максатта ал тынчтык келишимин түзүү менен Таң мамлекетин бейтарапташтыра алат. Андан кийин Саян аркылуу кышкы оор жортуулда чыгыш түрктөрү Енисейдеги кыргыздарды талкалашат. (бул жөнүндө кийинки темада кеңири баяндалат). Убакытты текке кетирбестен Капаган жолсуз жер менен өзүнүн аскерлерин Алтай аркылуу жашыруун жиберип, аларды Иртыш суусунан өткөрөт. Иртыштан батышка карай өткөөлдүн бириндеги Болучу деген жерде чыгыш түрктөрү түргөштөрдүн сандаган армиясынын таш-талканын чыгарган. Сакал каган колго түшүрүлүп, асылып ташталган. Түргөштөрдүн жерлери убактылуу Экинчи Түрк кагандыгынын курамына өткөн.

716-ж. канкор-баскынчы Капаган өлтүрүлгөн болучу. Тактыга анын жээни Билге каган (716–734-жж.) отургузулган. Ал жыйырма жылча кол баштап Енисейден Орто Азияга чейин тынымсыз жортуулдарды уюштуруп турган.

720-ж. тартып Чабышчор Сулук каган арабдарга каршы бир нече жортуул жасайт. Күрөштүн жүрүшүндө арабдарга каршы коалиция түзүлүп, ага Фергана, Чач (Ташкент оазиси) жана Түргөш каганаты кирген. Союздаштардын күч-аракеттерин көп убактарга Согдиянын калкынын көтөрүлүштөрү колдоп турган, арабдар бир катар жеңилүүлөргө учурап, 728-ж. Согдияны таштап кетүүгө аргасыз болушкан. 734–735-жж. чейин арабдар Согдияны басып алууга эч кандай аракеттерди жасаган эмес.

Чабышчор Сулук башчылык кылган түргөштөр Чүй өрөөнүнөн чыгышып, Хутталга 17 күн дегенде жетет. Мын-

да алар арабдарды талкалашып, алардын жүктөрүн (оруктарын) бүт бойдон колго түшүрүп алышат. Арабдар Хорасанга чегинишет. Душмандын алсыраган бытыранды аскерлери жеңил олжо болот деп эсептеген каган 737-ж. кышында чакан күчтөр менен Хорасанга басып кирет. Бирок олуттуу коркунуч алдында, араб аскерлери өзүлөрүнүн мыкты сапаттарын көрсөтүшүп, тез арада топтошуп, түргөштөргө кыйратуучу сокку урушкан. Каган аз жерден колго түшүп кала жаздап, калган аскерлери менен Чүй өрөөнүнө кайра кайтып келген.

Бул жеңилүү Сулуктун өмүрүнө татыган. Адамдарынан ажыраган жана материалдык жактан жоготууларга туш келген түргөш төбөлдөрү жеңилүүгө Сулук себептер деп эсептешкен. Ызага чыдабаган Сулук шал болуп, жатып калат да, 738-ж. өлөт.

Кагандын өлүмү «кара түргөштөр» менен «сары түргөштөрдүн» ортосунда бийлик үчүн узакка созулган күрөштүн башталышына, шылтоо болгон. Бул ички чыр-чатак мамлекетти алсыраткан. Учурдан пайдаланып, VIII к. орто ченинде кагандыктагы бийликти карлук уруулары тартып алган.

## 12. КАРЛУКТАРДЫН МАМЛЕКЕТИ

Түргөш кагандыгынын урандыларында Түрк урууларынын бирикмеси – карлуктардын мамлекети пайда болгон. «Карлук бодун» (карлук эли) же «үч карлук» (карлуктардын үч уруусу) деген атты Монгол Алтайынан Балхаш көлүнө чейинки, Тарбагатай кырка тоолорунан түштүккө жана түндүккө карай аймакты ээлеп жаткан көчмөн уруулардын күчтүү союзуна таркатышкан. Карлук бирикмесинин курамына булак, чигил (же себек) жана ташлык деген үч ири уруу кирген болучу. Уруулардын карлук союзунун тарыхынын баштапкы мезгилинде эле алардын территориялык жана саясий бытырандылыгы белгиленген. Карлуктардын бир бөлүгү VI к. экинчи жарымында же VII к. башталышында Тохарстандын аймагынын бир бөлүгүн ээлеген. Алардын башчысы «жабгу» наамын кабыл алып, батыш түрк, андан кийин түргөш кагандарына көз каранды болгон. Тохарстандык карлуктар араб баскынчылары менен күрөштө көрүнүктүү ролду ойношкон. Карлуктардын башка бир бөлүгү алыскы чыгыштагы монгол талааларында калышкан.

Тарбагатайлык карлуктардын күчтүү армиясы болгон. Чыгыш жана Батыш Түрк кагандыктарынын чек арасындагы аймакты ээлеп, кээде бирине, кээде экинчисине баш ийип турган. Алар өтө тынчы жок жана козголоңчу букаралар болушкан. Маселен, VIII к. биринчи чейрегинде алар үч жолу Чыгыш Түрк кагандыгына каршы көтөрүлүшкө чыгышкан. Карлуктар экинчи Түрк жана Түргөш кагандыктарынын кулашына алып келген саясий ири окуяларда башкы ролдордун бирин ойношкон. 744-ж. басмыл, уйгур жана карлук урууларынын бириккен күчтөрү экинчи Түрк кагандыгын кыйратышат. Талаадагы жаңы дөөлөттүн каганы уйгурлардын колбашчысы болуп калат. Ал Элетмиш Билге каган (744–759-жж.) деген титулду алат. Мамлекет **Уйгур кагандыгы (744–840-жж.)** деген атка конот. «Уйгур» деген аталыш байыркы түрк тилинде «уюшкан», «уюткулуу», «уюткан» дегенди түшүндүрөт. Бул этностук бирикмеге 19 уруу баш кошкон. Булардын башында Яглахар уруусу турган.

Уйгурлар тогуз өгүз урууларынын күчтүү бирикмесине киришкен чыгыш түрктөрүн жеңип чыккандан кийин алар өздөрүнүн бийлигин Алтайдан Манчжурияга чейинки аймакка таркатышты.

Карлуктардын башчысы «жабгу» наамын гана алгандыктан өзүнүн баштагы союздаштарына көз каранды болуп калат. Мунун өзү бир катар кагылышууларга алып келет. Уйгурлар кысымга алышкан карлуктар 746-ж. Жети-Сууга көчүп кетишет. Мында саясий кырдаал абдан татаал болучу. Түргөш кагандыгындагы токтолбогон кармашуудан улам андагы бийлик жүргүзүлбөй калат. Муну Чыгыш Түркстандын Таң наместниктери өз таламдары үчүн пайдаланышкан. 748-ж. Кытай армиясы Чүй өрөөнүнө басып кирип, Суяб шаарын ээлеп, аны кыйратат. Кийинки жылы кытайлар Чач (Ташкент) акимин туткунга түшүрүп, аны асып ташташат. Кытайларга карлуктар жардам берген. Жагдайды байкап турган арабдар Таң империясынын Орто Азиянын иштерине мынчалык одоно кийлигишүүсүнө жол беришкен эмес. Зияд ибн Салих башчылык кылган аскерлер кытайларга каршы бет алышат. Бул кабарды уккандан кийин кытай колбашчысы Гао Саньчжи жүз миң аскери менен арабдардын жолун тосуп Суябдан чыгат. Эки армия 751-ж. июлда Талас өрөөнүндөгү Атлах шаарында (азыркы Манас районунун Покровка айылынын түндүгүрөөк жагындагы урандылар) беттешишкен. Бет келишкен эки армия тең дарыядан өтүүгө батынбай, туура

төрт күн тирешип турушту. Бешинчи күн дегенде карлуктардын атчандары чыккынчылык кылып кытай армиясынын арт жагынан сокку урат. Ошондо арабдар алардын бет мандайынан чабуулга өтөт. Эки жактан тең кысымга алынган кытай аскерлери туруштук бере албай, Талас дарыясынын тар капчыгайын көздөй баш калкалап качышат. Орто кылымдардагы тарыхчы Ибн-ал-Асирдин маалыматтарына караганда Атлахтагы салгылашууда кытайлыктар набыт болгон 50 миң жана туткунга түшкөн 20 миндей адамынан айрылышкан. Түрктөр үчүн бул жеңиштин мааниси чоң болгон. Анткени ушул жеңилүүдөн кийин Кытай аскерлери болжол менен миң жылча Орто Азиянын чек араларына жологон эмес. Мунун өзү региондо мусулман маданиятынын өнүгүшүн камсыз кылган.

Ошентип, карлуктар кытай аскерлерин кыйратууда маанилүү роль ойношуп, Жети-Сууда өзүлөрүнүн абалын бекемдешти. Бирок, карлук төбөлдөрүнө саясий үстөмдүк кылуу үчүн дагы узак убакытка күрөш жүргүзүүгө туура келген. Карлук жабгулары талааларга ээлик кылуу үчүн Уйгур кагандыгы менен күрөшүүнү өзүлөрүнүн башкы милдети катары эсептешкен. 751-ж. алар уйгурларга каршы коалицияны түзө алышкан, ага карлуктардан тышкары, түрктөр, кыргыздар жана чик уруулары киришкен. Союздаштар макулдашып, чечкиндүү аракет кылышкан эмес. Качып өткөндөр коалициянын душмандык ниеттери жөнүндө уйгурларга билдиришкенде, Элетмиш Билге каган чыгаан колбашчынын сапатын көрсөтүп, союздаштарды жалгыздап талкалаган. Карлуктар 40 жыл илгерки түргөштөрдөй эле Иртыш дарыясынын сол жээгиндеги Болучу деген жерде жеңилишкен. Бир жылдан кийин карлуктар түргөштөр жана басмылдар менен союзда болуп талаалардын түпкүрүнө жортуул жасашып, Уйгур кагандыгынын борбору – Өтүкенге жетишкен. Уйгурлар басмылдарды, карлуктар менен түргөштөрдүн бириккен отряддарын талкалашат. Өжөр карлуктар мындан кийин да уйгурларга бир нече жолу кол салышып, бирок дайыма жоготууга учурап чегинип турушкан. Ошол эле убакта карлук жабгулары Жети-Сууда саясий үстөмдүк үчүн күрөш жүргүзүшкөн. Мында алардын башкы атаандаштары «он ок элинин» конфедерациясына киришкен огуздар болушкан. Огуз каган жөнүндө легендаларда жана уламыштарда Ысык-Көлдүн жана Талас өрөөнүнүн аймагы огуз элинин түпкү мекени катары айтылат. Күрөш айыгышкан мүнөздө өтүп,

арасында тыным алуулар болуп, жыйырма жылга созулган. Согуш карлуктардын жеңиши менен аяктап, алар 766-ж. Суяб жана Тараз шаарларын ээлешкен. Огуздардын бир кыйла бөлүгү Жети-Сууну таштап, Арал боюна көчүп барышып, анда өз мамлекетин негиздешкен.

Жети-Суугa жана Теңир-Тоого бекем орношуп алган соң карлуктар тибеттиктер менен шериктеш болушуп, Чыгыш Түркстанда жана Жунгарияда уйгурлар менен күрөштү улантышкан. Адегенде алар ийгиликке ээ болушат, бирок 791-ж. андан кийин 812-ж. уйгурлар союздаштарды оор жеңилүүгө учуратышкан болчу. Уйгурлар жабгуну уйгур каганын таануугa мажбурлашкан. Карлуктардын башына түшкөн кырсыктан пайдаланып, ошол эле 812-ж. арабдар аларга каршы аттанышат. Отрардын алдында, жабгунун үй-бүлөсү туткунга алынат, ал эми жабгунун өзү Иртыштагы кимактардын өлкөсүнө качып кетет.

IX к. орто ченинде Орто жана Борбордук Азияда маанилүү саясий окуялар болуп өтүп, карлуктардын мамлекетинин тагдырына таасирин тийгизген.

Жүз жылдын ичинде Теңир-Тоонун, Жети-Суунун жана Чыгыш Түркстандын карлук урууларынын арасында кубаттуу Караханийлер династиясынын айланасында баш кошуп, саманиддерди кулатып, Орто Азияны жеңип алган күчтөр жетилип отурган.

## 13. КЫРГЫЗДАРДЫН БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ҮСТӨМДҮК ҮЧҮН КҮРӨШҮ. БАРСБЕК.

VII к. аягында – VIII к. башталышында кыргыздардын Енисейдеги мамлекети коңшуларын олуттуу эсептешүүгө мажбурлаган. Анын башында **Барсбек ажо** турган. Барсбек баатырдын тушундагы гүлдөп өнүккөн мезгил кыргыз тарыхынын өзгөчө бир ажайып барагы.

XIX к. экинчи жарымында орус илимпоздору Енисейден (Енисей – Чоң дарыя) табылган руна сымал жазууну окушкан. Бул жазуу VIII к. башында кыргыздар жана аларга тугандаш, бирок кас түрктөр тарабынан жазылып, анда кыргыздардын каганы Барсбек жөнүндө айтылган. Бул жазуу булагында кездешкен биринчи кыргыз ысымы эле.

Барсбек Борбордук Азиядагы саясий жагдай кескин өзгөрүп турган кезде кыргыздарга башчылык кылган. Ал

эми Орхон түрктөрүн (Монголияда) Таң империясынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүшкө баштап чыккан. Алар талаада кытай аскерлерин жана алардын союздаштарын бир нече жеңилүүлөргө учуратышкан. Эски Ашина династиясынын мүчөсү Кучлуг башчылык кылган түрктөр **Экинчи Түрк кагандыгын** түзүшөт. Кыргыздар, башка талаа элдери сыяктуу эле, үстүртөн болгон кытай бийлигинин ордуна аларга үстөмдүк кыла турган күчтүү мамлекеттин болушун каалашкан эмес. Кыргыздар Баз кагандын тогуз огуздары, курыкандар, кытайлар, татарлар менен биргелешип Таң империясынын союздаштары болуп чыгышкан.

688-ж. үстөмдүккө умтулган чыгыш түрктөр Баз кагандын коалициясын талкалашып, толук бойдон талаанын ээси болуп калышты. Кыргыздар бул салгылашууга катышкан эмес, ошондуктан өздөрүнүн аскерлерин сактап калышат. Барсбек ажо Түрк кагандыгынын түндүк чек араларындагы түрктөргө каршы турган күчтөргө башчылык кылып калды. 688-ж. кийин көп убакыт өтпөй Барсбек кыргыздардын күчүн баамдап, маанилүү саясий актыны жасады. Ал Ынанчы Алп Билге деген такты наамын кагандык титулу менен кошо кабыл алды. Мына ошентип, кыргыздардын каганы Борбордук Азияда үстөмдүк кылууга ачыктан-ачык доо коюп, Түрк кагандыгына чакырык таштаган болучу.

Түрктөрдүн каганы Капаган (693–716-жж.) кыргыздардын коркунучун жоюуну чечет. Түрктөрдүн Енисейге карай Билге башчылык кылган биринчи жортуулу ийгиликсиз аяктайт. Аскерлер кыргыздардын чек арасына жеткен кезде токтотулган. Натыйжада каршылашкандар тынчтык келишимин түзүшкөн. Анын шартына ылайык Капаган Барсбекти каган деп таанып, ага өз жээнин аялдыкка берген. Калыбы, кыргыздар Түрк кагандыгы менен ниеттеш болууга сөз берген окшойт. Бул келишим Барсбек каган Ынанчы Алп Билгенин абалын мыйзамдаштырды жана бекемдеди, бирок анын алысты көздөгөн максатын чечкен жок.

VIII к. башында күчөгөн Барсбек түрктөргө каршы активдүү тышкы саясатты жүргүзгөн. 707–709-жж. ал ошол кезде түрктөр менен согушуп жаткан Кытайга эки элчиликти жиберген. Түрктөргө каршы союзду уюштуруу боюнча Барсбектин дипломатиялык демилгеси Түргөш кагандыгына да тараган. Чүй өрөөнүндөгү түргөштөргө **Эзгене** башчылык кылган элчилик жиберилет. Кыскасы, кыргыздардын каганынын дипломатиялык аракеттери ийгиликтүү болгон. 709-ж. карата ал түрктөргө каршы кубаттуу коалицияны түзө

алган. Ага Таң империясы жана Түргөш кагандыгы кирген. Түрк кагандыгынын саясий жана ири аскер ишмерлеринин бири Тон-йокук Борбордук Азияда түзүлгөн саясий жагдайга мындайча баа берген экен: *«Табгач (кытайлык) каганы биздин душманыбыз эле. Он ок (түргөштөрдүн) каганы биздин душманыбыз. Бирок биздин баарынан чоң душманыбыз кыргыздардын күчтүү каганы болгон».*

Түрктөр күтүп отурбай союздаштарга биринчи болуп кол салып, аларды жалгыздап талкалоону чечишти. Жогоруда келтирилген тексттен талаа гегемону үчүн баарынан чоң коркунучтуу душман алыскы кытайлар жана түргөштөр эмес, кыргыздар болгондуктан биринчи чабуулду ошолордон баштаган. 709-ж. түрктөрдүн кошууну Енисейдин баш жагынан кечип өтүп, кыргыздарга союздаш чик жана аз урууларын талкалап, Туваны ээлешкен да, аны кыргыздарга чабуул коюу үчүн плацдармага айландырышкан.

Кыргыздар Тувадан Енисейге капчыгай аркылуу кеткен башкы жолду, жалаң аска таштарды үймөктөп, тизип отуруп, эч бир жан өтө алгыс бийик кыр менен тосуп коюшкан (анын калдыктары ушул убакка чейин сакталып калган). Мындан эч кандай армия өтө алмак эмес. Барсбек Саяндагы башкы маанилүү ашууларды да ээлеп, толук коопсуздукту камсыз кылдым деп ойлоп, союздаштарынын жардамын күтүп калган. Бирок түргөштөр да, кытайлар да кыргыздарды колдоп чыгышкан жок. Алар Барсбек жөнүндө ойлошпой, өз чектерин коргоо менен гана алек болушкан. Айласы түгөнгөн Барсбек күчтүү Түрк кагандыгы менен беттешүүдө жападан жалгыз калып, саясий багытын өзгөртүүнү чечет. 710-ж. күзүнөн кечиктирбей ал Таң империясына жана түргөштөрдүн мамлекетине, Тибетке элчиликтерди жиберет. Кыргыздардын күчтүү болшар уруусунан чыккан ***Эрен-Улуг*** элчиликке башчылык кылган. Тажрыйбалуу дипломат кыргыздардын чет өлкөлөргө жиберилген төрт элчилигине катышкан. Ал бул үчүн Барсбек тарабынан өзгөчө белгиленген. Албетте, кыргыз каганы Эрен-Улугдун элчилиги жөнүндө Кытайды кабардар кылган эмес, бирок ал тууралуу маалыматтар көчмөндөрдүн арасында атайылап эле кеңири таркатылган. Калыбы, бул түрктөрдү коркутуу үчүн эмес көбүнчө Кытайдын жана түргөштөрдүн согуш аракеттерин активдештирүү үчүн жасалган болуу керек. Бирок кеч болуп калган эле. Эрен-Улуг белгисиз себептер менен бөтөн жерде өлгөн. Тибет Барсбекке

союздаш болуп калган жок. Кытайлар менен түргөштөр жортуулга чыгышпады, түрктөр болсо аракеттерин ыкчамдатты.

Түрк колбашчылары жан аябаган кадамды жасоону, Саян кырка тоолорундагы кыргыздар коргоп турган жолдорду айланып өтүп, кышкы ызгаарга карабай кыйын жол менен өтүүнү чечишти. Бул жортуулга түрктөрдүн келечектеги каганы Билге жана анын баатыр бир тууганы Күлтегин катышкан, бирок ага иш жүзүндө кары жана тажрыйбалуу Тонйокук башчылык кылган. Ал жергиликтүү элден чыккынчыны издеп табат. Жол көрсөткүч өзүнүн шоруна түрктөрдүн аскерлерин бийик тоолордогу жашыруун жалгыз аяк жол менен Миң-Өзөн ойдунуна алып барууга макул болгон. Тонйокук жортуулдун кыйынчылыгын мындайча сүрөттөгөн:

> «Мен аскерлерге сапарга чыгууга буйрук бердим, мен «Аттангыла!» деп айттым. Ак-Термелден өтүп жатканда мен тылдагы лагерге токтоп турууга буйрук бердим. Аттанууга буйрук берип, кар аралап жол салдым, өзүм башкалар менен бирге жыгач бакандарды таянып чыктым. Алды жактагылар карды тапташты, биз токой каптаган чокуну аштык. Аябагандай кыйынчылык менен төмөн түштүк, тоодогу кар ширендисин айланып өтүп олтуруп, он күн дегенде тоо жантаймасына жеттик. Жергиликтүү жол баштоочу жолдон адашып кеткендиктен өлтүрүлдү».

Албетте кыш күрөөдө Саян тоосу аркылуу өтүү чоң эрдикти талап кылган. Түрктөрдүн ойлогону ордунан чыкты. 710–711-жж. кышында алардын аскерлери кыргыздарды күтүлбөгөн жерден каптап кириштн. Биринчи салгылашуу түн ичинде болду. *«Биз кыргыздарга уйкуда жатканда кол салдык... жолду найзалар менен салдык»* деп белгилеген байыркы түрктөрдүн руна сымал жазуусу бар эстелигинде. Кыргыздардын негизги күчтөрү талкаланган болучу. Барсбек аман калган колун Суңга токоюна (азыркы Тувада) топтоп, өжөрлүк менен каршылык көрсөттү. Айыгышкан катуу салгылашуу бир жумага созулду. Мында Күлтегин үстөмдүк кылды. Кыргыздар толук кыйратылды. Барсбек бетме-бет салгылашууда курман болду. Анын сөөгүн кыргыздардын байыркы салты боюнча сый менен коюуга да мүмкүн болбоду. Мунун өзү Алтын-Көлдөгү эпитафияда белгиленген болучу. Уруулаштары баатыр кагандын урматына адам боюнан бийик чоң жалпак ташты орнотушту, кыргыздар анын курман болушуна байланыштуу азасын кыргыз жазуусу менен билдиришкен. Суңганын алдындагы салгылашууда кыргыздардын же-

ңилиши, калыбы анын мамлекетин эң олуттуу кесепеттерге алып келген окшойт. Анкени, ошондон кийинки кырк жылдан ашуун убакыттын ичинде кыргыздар Борбордук Азиядагы согуш аракеттерине катышкан эмес. Мамлекеттин башына кыргыздардан аким коюлганына карабастан, ал Түрк кагандыгы кулаганга чейин иш жүзүндө ага көз каранды болуп турган.

## 14. УЛУУ КЫРГЫЗ ДӨӨЛӨТҮ

Бул түшүнүктү илимге академик В. В. Бартольд 1927-ж. жазган *«Кыргыздар. Тарыхый очерк»* деген китебинде киргизген.

VIII к. Борбордук Азияда гегемондук роль уйгурлардын колунда эле. Уйгурлар эзелтен бери Борбордук Азиянын талааларында жашаган байыркы түрк тилиндеги элдерден болчу. Экинчи Түрк кагандыгы начарлаганда уйгурлар, карлуктар, басмылдардын биргелешкен күчтөрү аны талкалаган. Ошентип, көчмөндөрдүн жаңы талаа дөөлөтү – **Уйгур кагандыгы** (745–840-жж.) пайда болгон. Анын күчтүү мезгилинде ага Кытай да жыл сайын салык төлөп турган.

Кыргыздар өзүлөрүнүн күчтөрүн ал убакта Жети-Сууну ээлеп алышкан карлуктар менен, чиктер жана түрк урууларынын калдыктары менен уйгур каганы Элетмиш Билгеге (747–759-жж.) каршы күрөшүү үчүн бириктиришкен. Түрк бектеринин арасынан чыккынчылар чыгып, каганды эскертип коюшат. Ал чечкиндүү аракет кылып, союздаштарды жалгыздап талкалаган. 758-ж. уйгурлар Ортонку Енисейдеги кыргыздардын өлкөсүн басып алышат. 795-ж. кыргыздар көтөрүлүшкө чыгышкан, бирок жеңилип калышат. Кыргыз ажолору өч алуу үчүн жыйырма беш жыл бою өз күчтөрүн топтошкон. IX к. башында Уйгур кагандыгы мурдагыдан бошоңдоп калган эле. Анда ич ара чыр-чатактар күч алып, бытырап кетишкен болучу. Бул учурду кыргыздар сергектик менен илип алышкан. Буга байланыштуу кытай булактарынан төмөндөгүлөрдү окууга болот. *«Ажо өзүн хан деп, аялы Гелла-шехти (карлук жабгусунун кызын) – ханыша деп жарыялады»*. Кыргыздардын тарыхындагы бул маанилүү окуя 820-ж. болгон. Карлуктардын колдоосуна ээ болушкан кыргыздар өзүлөрүн Уйгур кагандыгына көз карандысыз деп жарыялап, муну менен Борбордук Азияда гегемондукка

умтула башташкан. Бул сапар алардын доолору чыныгы мүмкүнчүлүктөргө негизделген эле.

795-ж. жеңилгенден кийин Кыргыз кагандыгы узакка созулуучу согуштарга ылайыкташтырылган аскердик-административдик системаны түзгөн. Ажо Сибирь элдерине бир нече жортуул жасап, мамлекеттин чегин бир кыйла кеңейтип, VIII к. башталышындагыга караганда бир кыйла көп материалдык жана адам ресурстарына ээ болгон. Көз каранды элдер (кыштымдар) өздөрүнүн аскерлерин кыргыз армиясынын курамына кошууга милдеттүү болучу. Администрациянын жана аскер күчтөрүнүн башында Ажо турган. Ага үч бий жана ар кыл баскычтагы чиновниктер баш ийишип, акыркылары, алты бөлүккө бөлүнгөн. Туруктуу аскерлерден куралган атчандар гвардиясы болгон. Согуш убагында «вассал» элдерден өзүнчө кошуун түзүлгөн. IX к. кыргыздар көз каранды уруулардан түзүлгөн аскер күчтөрүн эсептегенде жүз миң аскерден турган армияны коё алышкан.

Ажо уйгурлар менен каршылашкан арабдар, тибеттер жана Теңир-Тоодогу Карлук мамлекети менен дипломатиялык байланыштарды түзө алган. Кыргыз ажосунун 820-ж. өзүн-өзү каган деп жарыялашы уйгур каганына согуш жарыялаганга тете эле.

Уйгурлар Ажонун кыр көрсөтүүсүнө жооп иретинде Енисейге аскерлерин жиберет. Бирок алар жеңилип калышат. Согуш жыйырма жылга созулуп кетет. Кыргыздар салгылашууда басымдуулук кыла башташкан окшойт, мунун өзү Ажого уйгурлардын каганына төмөнкүдөй текебердүү билдирүү жиберүүгө мүмкүндүк берген: *«Сенин тагдырың бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду аламын, анын алдына атымды байлап, өзүмдүн туумду илемин. Эгерде мени менен алышкың келсе, анда дароо келгин. Эгерде алыша албасаң тезинен жогол»*.

Согуштагы жеңилүүлөр Уйгур кагандыгындагы ич ара күрөштөрдү курчутту. 840-ж. кар калың түшкөн кышта мал кырылып, ачарчылык жана жугуштуу оорулар күчөдү. Ушул кыйын кезенде уйгурлардын яглахар уруусунун төрөсү кыргыздарды жардамга чакырат. Кыргыз каганы 840-ж. Ордо-Балыкка (Ордо-Балык Уйгур кагандыгынын борбору болгон. Орхон дарыясынын боюнда жайгашкан. «Балык» – шаар дегенди түшүндүрөт) 100 миң аскерден турган армиясы менен чабуул коюп, уйгур аскерлерин талкалайт, борборун жер менен жексен кылат. Уйгур каганы салгылашууда курман

болот. Уйгурлардын калгандары Кытайга, Байкалдын арт жагына, Чыгыш Түркстанга качышып, өзүлөрүнүн мыкты жерлерин жана байлыктарын кыргыздарга калтырууга мажбур болушкан. Бул казатта кыргыз колун улуу кол башчы **Алп Сол** жетектеген.

843-ж. Енисейлик кыргыздар Пан-Тегин башчылык кылган уйгурларды куугунтуктап отурушуп, Чыгыш Түркстанга басып киришет да, Аньси жана Бейтин (Бешбалык) шаарларын алышат. Андан ары Теңир-Тоо менен Жети-Сууга чейин жетишет. Алардын күчтүү аскери Чыгыш Монголияда, Жуңгарияда жана Байкалдын ары жагында да ийгиликтүү согуш аркеттерин жүргүзүшкөн. Ошентип, IX к. орто ченинде Уйгур кагандыгынын ордунда **Кыргыздардын Улуу дөөлөтү** пайда болду. Анын чек аралары Кытай маалыматтары боюнча жетиштүү даражада даана белгиленген:

> «Хягас (кыргыз) күчтүү мамлекет болгон: аянты боюнча түрк элдеринин ээликтерине теңелген (Экинчи Түрк кагандыгынын чеги эске алынып жатат). Чыгышта Гулиганиге (Байкал бою) чейин, түштүктө Тибетке, Чыгыш Түркстанга, түштүк-батышта Гэлоллуга чейин (Жети-Суу) созулуп жаткан».

Тактап айтканда, кыргыз мамлекетинин бийлиги чыгыштан батышка карай – Чыгыш Монголиядан тартып, Ысык-Көл менен Жети-Сууга чейинки, түндүктөн түштүккө карай – Сибирь тайгасынан (Томск менен Красноярскинин аймагы) тартып Улуу Кытай дубалына чейинки эбегейсиз зор мейкиндикке тараган. Ошентип, кыргыз ээлигинин курамына Түштүк Сибирь, Монголия, Байкал аймагынын бир бөлүгү, Иртыш бою, Чыгыш Казакстан, Жети-Суу аймагы Ысык-Көл, Борбордук Тянь-Шань жана Таримдин өзөнү кошулган. Кыргыздар Борбордук Азиянын мейкиндиктерин өзүлөрүнө багындыра алган мезгил академик В. В. Бартольд тарабынан адилеттүү түрдө «Улуу Кыргыз дөөлөтү» деп аталган. Күч-кубат жетип турган мезгилде Енисей кыргыздары Теңир-Тоого чейин да жетишкен. Алар мында да өзүлөрүнүн үстөмдүгүнүн издерин калтырышкан. Енисейлик кыргыздардын айрымдары ошондо калып бул жактагы туугандарынын арасынан оорун-оочок алып калышкан. Байыркы талаа салтына ылайык Кангүйдү ээлеген эл бардык көчмөн элдердин формалдуу ээси катары эсептелген. Мындай дөөлөттөрдү өз заманында хунндар, жуан-жуандар (аварлар), түрктөр, кыпчактар (сеяньто), уйгурлар кийинчерээк монголдор түзүшкөн.

Енисей кыргыздарынын саны бул заманда өтө көбөйгөн. Алардын 840-ж. Уйгур кагандыгына каршы чабуулга келген 100 миң жоокеринин саны менен эле эсептегенде, кыргыздардын саны 300 миңден 500 миңге жеткендиги анык. Анткени байыркы түрк тайпаларында ар качан 3–5 адамдан бир аскер чыгаруу салттары болгон. Демек, бул убакытта, Борбордук Азиянын байыркы тайпаларынын ичинде кыргыздар саны жагынан уйгурлардан кийинки экинчи орунда турган чоң тайпалардын бири болгон. Енисей Кыргыз кагандыгы мурдагы уйгур кагандыгынын ордун ээлеп, күч-кубаты арткандыгы алардын өзүлөрүнүн коомдук тарыхында эле эмес, ошол жерде жашаган башка тайпалардын коомдук өнүгүү мезгилине да зор таасирин тийгизген.

*Биринчиден*, Уйгур кагандыгынын ичиндеги жылдан-жылга уланып келген согуштар токтогон. Мындай тынчтык жагдай кыргыз дөөлөтүнүн өнүгүүсү үчүн да пайдалуу шарт түзөт.

*Экинчиден*, Улуу Кыргыз дөөлөтү Таң империясынын түндүк жана батыш тараптарын коргоп турган бекем коргон болуп калды. Жергиликтүү уруулар дайыма тополоң чыгарып турган уйгурлардан кутулду.

*Үчүнчүдөн*, жаңы жагдай кыргыз урууларынын өнүгүп-өсүшүнө жакшы шарт түзүлдү. Бир канча майда тайпалар кыргыз тайпасынын ичине сиңип кирди. Мисалы, Жуңгар ойдуңунда жашаган түрк урууларынын ичинен сарттардын бир бөлүгү кыргыздар менен сиңилишип *сарт* уруусун түздү. Ошондой эле монголдордун түпкү ата-бабаларынын келип чыгышы менен байланыштуу болгон *татар*, *маңгыт* жана *ногой* уруулары кыргыздын «кырк уруусунун» бири болуп калган. Бу заманда кыргыздардын ичине сиңип кеткен башка уруу – тайпалары өтө көп. Жалпысынан айтканда, Енисей Кыргыз кагандыгынын бул күч алган доору азыркы кыргыз улутунун улут болуп калыптануусу үчүн терең негиз салган мезгил эле. Кыргыз кагандыгы Уйгур кагандыгын талкалаган соң өзүнүн саясий түзүлүшүн иреттеп, бир системалуу бийлик аппаратын түзгөн.

Улуу Кыргыз дөөлөтүн *каган* башкарган. Каган орто кылымдарда көпчүлүк түрк элдериндеги мамлекет башчысына берилүүчү наам (титул) эле. Мамлекеттин саясий аткаруучулук жана аскер уруктарынын бардыгы кагандын колунда болгон. Кагандын орду уулуна (тегин, ханзаада), же уулу болбосо, аялына, же болбосо инилерине мураска калуучу.

Тактап айтканда кыргыздардын салт-санаасы, мураскордук (династия) ырааты башка түрк элдериникине окшош болгон.

Кагандан кийинки экинчи орундагы мансап – *буйрук* (кеңешчи) деп аталган. Ал киши кагандыктын акимчилик жумуштарын башкаруучу. Буйруктан кийинки орундагы мансаптар *бойла* андан кийин *йарган* деген наамдар менен аталган. Бойла – өкүм бекитүүчү, йарган болсо өкүмдү аткаруучу мансаптар. Булардан башка кагандарга жардамдашып, аскер, укук маселесин кармаган *сангун* (жанжун) деген мансап болгон. Ошентип каган, тегин (ханзадалар), инал (хандын жээндери), буйрук, бойла, йарган, сангундар каганаттын негизги ордо мүчөлөрү болуп эсептелген.

Каганаттын жергиликтүү мансаптагы башкаруучулары *тутук*, *таркан*, *бий* (бек) жана *түтүн* дегендерден турган. Тутуктар райондорду же чоң тайпаларды башкарууга жиберилген саясий бийлөөчүлөр болуп эсептелинген. Алар негизинен ханзаадалар же кагандын туугандарынан болгон. Таркан деген мансаптагылар тутуктарга окшош, кагандын райондорго жана тайпаларга жиберген аскер башчылары эле. Таркандар менен тутуктар өздөрү башкарган райондор үчүн бардык маселелер (салык, аскер ж. б.) боюнча кагандын алдында жооп берген.

Алардан кийинки башкаруучу тепкичте – *бийлер* (бектер) жана бийлердин кол астында *түтүндөр* турган. Бийлер чоң урууларды же бир нече майда урууларды башкарган. Түтүндөр болсо майда урууларды, же болбосо ондогон же жүз үй-бүлөнүн башчысы болгон.

Улуу Кыргыз кагандыгында күчтүү мамлекеттик тартип орнотулган. Кагандын сөзүнө турбай эки сүйлөшүү өлүмгө тете уят иш катары эсептелген. Мамлекеттин башында турган кагандын буйругуна кайдигер мамиле жасаган чиновниктер, каганга туура эмес, татыксыз кеңеш берген кеңешчилер, коомдук тартипти бузуп, жөнү жок чуу чыгарган адамдар өлүм жазасына тартылган. Кыргыз коомунда уурулук өтө жексур көрүнүш катары каралган. Эгерде баласы уурулук кылса анын башын кесип атасынын моюнуна илип коюшкан. Ал ууру баласынын башын бул дүйнөдөн көзү өткүчө мойнуна илип жүрүүгө милдеттүү болгон. Натыйжада Улуу Кыргыз кагандыгында уурулук өтө сейрек учураган.

Ошол мезгилдерде кыргыздар түрк элдеринин ичинен сабаттуулары болгон, өз жазуусун кеңири колдонгон. X к. Түндүк Кытайда бир топ кыргыз жаштары билим алышкан.

Алардын көпчүлүгү жогорку билимдүү болууга жетишип, чет жердик хан сарайына кызматка чакырылышкан. Алсак, Тибеттеги будда дини жөнүндө кытайлык жазуучу аны менен бирге кыргыз өлкөсүнөн чыккан бир таланттуу адам иштегендигин баса белгилеген.

Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн өкүм сүрүүсү 80 жылга созулган X к. биринчи чейрегинде кыргыздардын негизги массасы талааларды калтырып, Саян кырка тоолоруна кайтышкан. Бул душмандын катуу аскердик кысым көрсөтүүсүнүн натыйжасында болгон эмес. Узакка созулган кан төгүлгөн согуштарда ансыз деле аз сандагы кыргыз эли катуу жабыр тартышкан, анткени алар кеңири мейкиндиктерге таркатылып жиберилген. Бир бөлүгү Теңир-Тоого, бир бөлүгү Тибет жакка оогон дагы бир бөлүгү өзүлөрүнүн эски ата-журту – Енисейге кайтып кетишкен. Андан сырткары Енисейде дыйканчылык менен күн көрүшкөн элдин бир бөлүгү Борбордук Азиянын кургакчыл бөксө тоолоруна көнө алышкан эмес. X к. кыргыздар Алтай менен Жунгарияны Чыгыш Түркстандын оазистерине көзөмөлдүк кылуу үчүн плацдарм катары гана кармап турушкан.

X к. биринчи чейрегинде 80 жыл жашаган Улуу Кыргыз кагандыгы тынчтык жолу менен тараган. Бул мезгилдин Кыргызстан тарыхындагы орду өтө маанилүү. «Улуу Кыргыз кагандыгынын» доору чындыгында эле кыргыздардын көкөлөп өсүүсүнүн мезгили, россиялык окумуштуулардын бири мүнөздөп жазгандай, «алардын тарыхынын жылдыздуу сааты» болгон. Кыргыздар, алардын күч кубаты жөнүндө атак-даңк кабары Борбордук Азиянын чегинен тышкары жактарга да угулган. Ошол доордо «кыргыз» деген ат даңктуу, кайратман элге таандык болууну билдирип, ошого жараша, «кыргыз» этноними полиэтнонимге айланган. Кыргыз деген ат ардактуу болуп, ушул ат менен Борбордук Азиялык башка элдер да өздөрүн сыймыктануу менен атай башташкан.

Улуу каганаттан баш тартуу менен, кыргыздардын бир бөлүгү мурдагы Енисейдеги жерине кайтып келишсе, экинчи бөлүгү Ала-Тоо аймагынан орун-очок алып, ал жерде эзелтен эле туруктуу жашаган өз боордоштору менен аралашып кетишкен.

Улуу Кыргыз кагандыгынын доорунан кийин ал учурдагы эң драмалуу саясий окуялардын чордону Саян-Алтайдан азыркы Кыргызстандын аймагына көчкөн.

## 15. ЕНИСЕЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРМУШУ

Енисейдеги кыргыз мамлекетинин калкы комплекстүү чарба жүргүзүшкөн. Малчылык, дыйканчылык, тоо-кен иштетүү, балык уулоо, аңчылык өнүккөн. Буудай, тaруу, арпанын эки түрүн (сортун), кара куурай айдашкан. Эгинди арыктардын жардамы менен сугарышкан. Унду жаргылчак менен тартышкан. Айыл-айыл болуп жашашкан. Үйлөрү сегиз кырдуу жыгачтан тургузулган же жарым жертөлөлөр болгон. Короо-жайлары дубал менен курчалган. Мал чарбачылыгы бадачылык жана көчмөн түрүндө өнүккөн. Жылкыларды, төөлөрдү, уйларды, койлорду багышкан. Байларында алар миңдеп саналган. Малдын бир бөлүгүн колго багыш үчүн чөптү көп даярдашкандыгын ал жерлерден көп табылган ийри чалгылар далилдейт. Тоо-токойлуу жердегилер бугу, элик, кара куйруктуу текелерди өстүрүшкөн. Териси баалуу айбанаттарга аң уулашкан, балык кармашкан. Канаттуулардан жапайы өрдөк, каз көп болгон. Кыргыздардын жашаган жеринде кызыл карагай, кайың, илем, тал өскөн. Карагайлар ушунчалык бийик болгондуктан жаадан атылган жебе чокусуна жетпей калчу. Кайыңдын көп өскөндүгү тарыхый булактарда көп эскерилет.

Кыргыздардын адистештирилген бөлүгү кен издөө менен алектенишип, темир, жез, алтын, күмүш, калай, мышьяк өндүрүшкөн. Темир усталар зергерлер жогорку сапаттагы ар кандай буюмдарды жасашкан. Кыргыз усталары өзгөчө курал-жарак жасоо боюнча даңктанышкан.

Енисейлик кыргыздар Борбордук Азияны басып өткөн Улуу Жибек жолу аркылуу соода жүргүзүп турушкан. Бул улуу трассанын бир бутагы Кыргыз мамлекетине барган, т.а. Турпан оазисинен башталып түндүккө – Тувага кеткен жол Енисейдин агымын бойлоп жүрүп отуруп ажонун хан тактысына чейин жеткен. Бул **Кыргыз жолу** деп аталган. Көпөстөр бул жактан жылкы, аң тери, мускус (жыпар), мамонттун казылып алынган сөөктөрүн, жыгачтын баалуу сортторун, кан темирден (метеорит тектүү темир) өзгөчө бекем жана курч курал-жарактарды (кылычтарды, канжарларды найза менен үч кырдуу жебенин учтарын), күмүш идиштерди сатып алышкан. Бул өлкөдө жасалган темир куралдарга ээ болуу азиялык, ал тургай европалык жоокерлердин сыймыгы болгон. Тыйын чычкандын териси соода жүргүзүүдө акча бирдигине барабар ролду ойногон, (ошол убактан бери бизде «тыйын» деген сөз акча бирдигин түшүндүрүп келе жатат). Кытай,

Чыгыш Түркстандан жана Согда, Чүй өрөөнүнөн кербендер Енисейге кездемелерди, жүзүм шарабын, асем буюмдарын алып келип турушкан.

Кыргыздарда Саян, Кузнец тоо тектеринен жана ал түр-сун Миң-Өзөн талааларынан темир казып алуу негизги маселе деп эсептелген. Ошондой эле темир кендерин Енисейдин жээктеринен жана анын куймалары Абакан менен Туванын бойлорундагы кызыл карагайлуу токойлор каптаган кумдуу дөбөлөрдө эритип алышкан. Дал ушул аймактардан көөрүк очокторунун орду көп учурайт (жергиликтүү эл бул жерлерди азыр да «Кыргыз узанган жер» деп аташат). Эритмелердин калдыктарын талдап көргөндө кыргыздар кендерди жүз чакырымдан кем эмес аралыктан ташып келгендиги аныкталды. Кыргыздар темирди көбүнчө жаанын жебесин, аларды уч жагынан кыр чыгарып, канат кейиптентип, жалпайтып курч мүнөздүү кылып массалык түрдө даярдашкан жана аны менен Азиянын бир катар элдерин жабдып турган, т. а. саткан. Андан нары кош миздүү кылып курч канжар чаап, айбалта, найза, жебенин учун, чарайна жана ар түрдүү ат жабдыктарын жасашкан. Кыргыздардын темир усталары айыл чарбасы менен үй-тиричилик муктаждарын да керектүү шаймандар, буюмдар менен камсыз кылып турушкан. Алар соконун тишин, буурсун, орок, кетмен, балта, ошондой эле жыгач, темир, түстүү металлдарды иштетүүдө зарыл болгон ар түрдүү шаймандарды жасашкан.

Окумуштуулар Енисей кыргыздары менен замандаш болгон көк түрктөр жана башка түрк тайпалары метеорит тектүү өтө катуу металлдарды эритүүнү жана андан түрдүү курал-шаймандарды жасоону так ошол кыргыздардан үйрөнгөндүгүн белгилешкен.

Темир ийлеген усталар менен бирге чебер колдуу зергерлер болгон. Алар колодон, күмүштөн жана алтындан асеми артык аялдардын жасалгаларын, буюмдарды жасашкан. Орнаменттик оймо-чиймелерди, жандыктардын турпаты чөгөрүлгөн идиштерди, кемер курларды, ат жабдыктарын, тогоолорду жасашкан.

Карапа жасоо өнөрү кыргыздарда бийик деңгээлге жеткен. «*Кыргыз вазасы*» деген ат менен белгилүү болгон бир топ идиш аяктар жасалып, башка элдерге таралган. Кыргыздар патриархалдык чоң үй-бүлөлөр болуп жашашкан. Көп аял алуу адаттагы көрүнүш болгон. Колукту үчүн мал менен калың төлөшкөн. Кийимдери ар кандай кездемелерден, ошон-

дой эле аң терилеринен тигилчү. Дөөлөттүүлөр кырлары жогору ийилген шоңшогой, саймаланган ак калпактарды, кыргагы бийик тебетейлерди, чепкендерди кийишкен.

Кыргыздардын өлүк коюу ырым-жырымы жөнүндө Н. Я. Бичурин: *«Өлүк көмүү учурунда беттерин тытышпайт, тек маркумдун денесин үч катар кылып оройт да, аза күтүп ыйлашат, андан соң табытты өрттөшүп, сөөктөрүн чогултуп бир жылдан кийин жерге көмүшөт»*, – деп жазган.

Ак сөөктөрдүн мүрзөлөрүнүн казамактарынын диаметри он, онбеш метрге жетип, мүрзөсүн айланта бир, эки метрлик таштарды орнотушуп коргон курушкан. Бул «чаа-тас» – «согуш ташы» деп аталган. Кыргыздар бутпарас динине сыйынышкан. Башка түрк элдериндей эле жубайлар – Теңир ата менен Умай эне башкы кудайлар болуп эсептелген. Перси тарыхчысы Гардизи кыргыздардын туткан динин өзгөчө ачык сыпаттайт:

> «Кыргыздар индустар сыяктуу өлүктөрдү өрттөшүп, от – эң таза нерсе, отко түшкөндөрдүн баары тазаланат деп эсептешет. Өлүктү да от булганычтан жана күнөөдөн тазалайт деп айтышат. Кээ бир кыргыздар – уйга, шамалга, сагызганга, кирпиге ... сыйынышат. Алардын арасында фагинундар (шамандар) болгон. Алар ар жылы белгилүү бир күнү бардык музыканттарды ала келишет да, көңүлдүү той үчүн баарын даярдашат. Музыканттар ойной баштаганда фагинун эстен танат. Ушул учурда андан (шамандан) бул жылы эмне болот деп сурашат. Ал баарын алдын ала айтат жана көпчүлүк учурда анын айткандары туура келет».

Алтай тоосунун Түндүк чыгыш жагын жана Енисей дарыясынын жогорку агымын бекемдеп, мамлекет курган кыргыздар V к. өздөрүнүн жазуусун жаратат. Америкалык изилдөөчү Каннен Катиснер «Дүйнө тилдери» деген чыгармасында: «Азыр биздин билгендерибизге негизделгенде, эң байыркы түрк эли – кыргыздар. Алардын жазуу эстеликтери мындан 2000 жыл мурда эле бар болчу», – деп жазган.

Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянсак Енисей кыргыздары эң бери дегенде эле б. з. V к. баштап байыркы Фарсиянын (Арсакит империясынын) Арамей жазуусуна негизделген бир түрдүү жазууну колдонгон. Бул жазуу жаңы эрадан илгерки замандарда, т.а. мындан 2800-ж. мурда келип чыккан, жаңы эранын башталышында Кичи Азия, Месопотамия, Египет (Мисир), Борбордук Азия өңдүү чөлкөмдөргө тараган. Еврейлердин, арабдардын азыркы тамгалары деле арамей жазуусунун өз тилдеринин ылайыкталган түрү. Бул

жазуу жаңы эранын V к. Енисей кыргыздарына да тараган. Енисей жазууларында 39 тамга болгон (анын бешөө үндүү). Кийин кыргыздардан Көк Түрк кагандыгына, алардан кийин уйгурларга, басмылдарга таратылган. Ошентип алымчакошумчаланып, өзүнө ылайыкталган, байыркы кыргыз жазуусу ***«Енисей жазуусу»*** деп аталган. «Орхон-Енисей» жазуусу, таш жазуу эстеликтери табылгандан кийин (1889–1961-жж.) илимде кеңири белгилүү болду. Таластан табылган он төрт таш жазуу, аларга окшош Енисей, Орхон таш жазуулары Түрк кагандыктарынын доорундагы окуяларды чагылдырат. Ошондуктан алар «байыркы түрк жазуусу» деп да аталат. Кээ бир окумуштуулар (Старленберг, Миссершмид) байыркы кыргыз жазуусунун байыркы Түндүк Европада колдонулган руна жазуусу менен окшоштугуна карап аны «руна сымал жазуу» деп аташкан.

VII–XII кк. Монголияда, Түштүк Сибирь, Орто Азия аймактарында балбалдарга, тиричилик буюмдарына түрк элдеринин тилинде жазылган жазуу эстеликтери Орхон жана Енисей жазуулары деп аталат. Мындай жазуу эстеликтери Тувадан, Тоолуу Алтайдан, Якутиянын түндүгүнөн жана Кыргызстандын Талас, Кочкор өрөөндөрүнөн табылган. Таластагы жазуулар Енисейдеги жазуу эстеликтерине тектеш. Жазууларды 1893-ж. даниялык профессор В. Томсон чечмелеген, биринчи жолу 1894-ж. орус түркологу, академик В. Радлов окуган. Бул жазууну Енисейдеги Кыргыз мамлекети, Чыгыш Түрк кагандыгы, Уйгур кагандыгы, Жети-Суу, Чыгыш Түркстандагы бир катар түрк өлкөлөрүнүн калкы колдонушкан.

Б. з. I миң жылдыгындагы түрк коомундагы этностук, социалдык, чарбалык жана маданий өзгөрүүлөр жөнүндө кенен айтылган 14 анча чоң эмес эпитафиялык (көр башына коюлган) таштарда чегилген руникалык жазуулар Талас өрөөнүндө табылган. Алар түргөш кагандары Чабышчор Сулук жана анын балдарынын башкаруу мезгилине (716–740-жж.) туура келет.

Енисей жазуулары негизинен ондон солду карай жазылып окулган. Орхон-Енисей жазуусунун ариптери моло ташка, аскага, кышка, жыгачка ж. б. катуу нерселерге түшүрүлгөнгө ылайыктуу болгон. Ташка жазылган Орхон, Енисей эстеликтери түрк урууларынын кайсы тилинде жазылгандыгы жөнүндөгү маселе талаш-тартыш бойдон калууда. Эстеликтердин арасында түрк кагандыгына, кыргыздар-

га, уйгурларга, кымактарга арналган көлөмдөрү ар түрдүү жазуулар бар. Енисей, Талас, Кочкор тараптагылардын жазуусу кыска, кошок сыяктуу, чегилген жылдары белгисиз. Орхондукунда кыйла окуялар камтылган кеңири дастандар бар. Мисалы, Күлтегиндин эстелигинде ал жөнүндө кыскача поэма чегилген. Ушундай жазуу эстеликтерди жасоо (тургузуу) өлгөндөрдүн туугандары, балдары, кагандык тарабынан ишке ашырылган.

Кыргыздар орто кылымдардагы түрк элдеринин ичинен күч кубаттууларынан болгон. Ал жөнүндө Енисейдеги 120дан ашык ташка чегилген жазуу эстеликтери баяндайт. Ал эми андай жазуулардын канчасы бизге жетпей калган.

Кыргыздардын жазуусу V–XII кк. колдонулган. Ар кандай себептер менен бул жазуу XIII к. кийин пайдаланылбай калган. Орхон–Енисейдин жазуусунун элементтери кыргыз урууларынын тамга белгилери катары XX к. чейин сакталган.

Енисей кыргыздары бир жылда бир канча майрам өткөргөн. Алардын ичинен: «Жаз майрамы», «Күз майрамы» жана «Нооруз майрамы» өзгөчө мааниге ээ болгон.

Ноорузга каган баштаган уруу башчылары катышкан. Алар бир жерге чогулуп, теңирге, арбактарга сыйынып, ар кандай ырым-жырымдарды кылып, курмандыкка жылкыларды, койлорду, өгүздөрдү чалышчу. Мындан башка «обо» (мазарларга) жана ата-бабаларынын мүрзөлөрүнө барышып, аларга коюлган жыгачтарга көк, кызыл, ак, сары чүпүрөк байлашкан. Башка түстөгү чүпүрөктөргө уруксат берилбеген. Кыргыздардын мазарларга чүпүрөк байлоо салты ошол мезгилден калса керек.

Енисейлик кыргыздардын байыртадан калган салты жана ажонун түзгөн тизмеси боюнча жогоруда айтылган майрамдарда ар бир уруунун жана тайпалардын аксакалдары жыйналып, аларга караштуу элдин абалы, адам жана малдын саны, түшүмдүн көбөйгөндүгү, азайгандыгы жөнүндө каганга эсеп өткөрүшчү. Андан кийин ар кандай оюндар көрсөтүлүп, майрам үч күн, үч түнгө созулчу экен.

Нооруз майрамында ар түрдүү оюндарды көрсөтүшкөн. Эл Теңирге сыйынып, ар түрдүү ырым-жырымдарды жасап, жаңы жылдан жакшылык тилешчү. Ошол кезде эле кыргыздар «көжө» деген тамак жасашкан. Аны даярдоонун эрежелерин эл ушул күнгө чейин сактап келди.

Байыркы Кытай жазуу булактары («Таң империясынын жаңы жылнаамасы», «Кыргыздар шежиреси») Енисейлик

кыргыздар түрк тилинде сүйлөшкөн тайпалардын ичинен эң алды болуп туруктуу календарга ээ болгондугун билдирет. Кыргыздар жылдын башын баш ай деп атаган жана үч айды бир мезгил деп эсептеп, ар бир мезгилди жаз, жай, күз, кыш деп аташкан. Ар бир жыл 12 жаныбардын аттары менен аталган.

Жылдын башы: куску (чычкан), андан кийинки жылдарга уй, барс (жолборс), ташкан (коён), элү (ажыдаар), жылан, конт (жылкы), кой, бичин (мечин, маймыл), тагынку (тоок), ит, лагзын (доңуз) деп ат коюп кишилердин жашын кайсы жылда туулганы боюнча эсептешкен. Кыргыздар колдонуп келген айдын аттарынын көбү айбанаттардын аттары жана алардын төлдөө мезгилине туш келгени байкалат.

## 16. КАРАХАНДАР МАМЛЕКЕТИ

X–XII кк. Теңир-Тоодогу Карахандар кагандыгы өзүнүн экономикалык күч-кубатынын жана маданиятынын гүлдөп турган мезгилине жеткен. «Кара» деген сөз кыргыздарда орто кылымдардан тартып улуу, баатыр, чоң, эбегейсиз күчтүү, күжүрмөн, кайратман ж. б. у. с. маанилерди берип келген. Демек, Карахан – Улуу хан, Улуу падыша дегенди билдирет.

«Карахандар» же «караханийлер» термини илимий адабиятка XIX к. орус чыгышты үйрөнүүчүлөрү тарабынан киргизилген жана түрк династиясы үчүн жалпы кабыл алынган термин болуп калган. Династиянын кайсы урууларга таандыгы ушул убакка чейин так аныкталган эмес. Мамлекетте жетектөөчү ролду карлук бирикмесине киришкен *чигил* жана *йагма* түрк уруулары ойношкондугу гана маалым. Түрк кагандары ушул уруулардын төбөлдөрүнөн гана чыккан. Орто кылымдардагы тарыхчы Жамал-ад-Каршы династиянын негиздөөчүсү Сатук-Абд ал-Керим Карахандын (Сатук Карахан) чоң атасы, карлук каганы Билге Кул Кадыр хан болгондугун жазган. Эгерде бул далилди негиз кылып алган болсок, карахандар династиясы карлуктардан келип чыккан деп божомолдоого болот. Сатук Карахан өлөр алдында (955-ж. өлгөн) исламды кабыл алат. Анын уулу Муса исламды мамлекеттик дин катары жарыялаган.

Тарыхый маалыматтарга караганда 960-ж. Теңир-Тоолук 200 миң түтүн түрк тайпалары ислам динин кабылдаган. Ошолордун ичинде Теңир-Тоо, Памир тоолорунун этектерин-

де, Ысык-Көлдүн жээктеринде, Талас суусунун боюнда жашаган көптөгөн кыргыз уруулары болгон. Профессор З. Эралиев Карахандар мамлекетинде жетектөөчү ролду ойногон чигилдер – кыргыз уруусу болгон деп эсептейт.

«Манас» эпосунда Манас баатырдын эң ишенимдүү адамдарынын бири Элтабар баатырдын жөн жайы жөнүндө:

Түп-теги Барскандык чигилдерден,
Таарынып кырктай түтүн эли менен;

Басыздар тагалары болгондуктан,
Бел тутуп ошолорго көчүп барган.

Эр жүрөк, тик сүйлөгөн ханга, бекке,
Элтабар – эр көкүрөк баатыр эле.

Тайманбас баатырдыгы менен гана,
Тең ата жүрөр эле бек, хандарга.

Жортуулга бир аттанып Айкөл менен,
Жазатын жоодон таппай аман келген –

деп айтылат.

Мындан ары эпосто карылыгы жеткен Элтабар баатыр өлөр алдында түш көрөт. Анда хан Манас өзүнүн хан белгиси эсептелген араб ташы чөгөрүлгөн шакегин уулуң Сарыбагышка берип кой – деп Элтабарга тапшырган болот. Бул түштү жакшылыкка жоруган Элтабар баатыр уулу Сарыбагышка керезин айтат:

– Каралдым, журт багуучу курактасың,
Көрө бил тууган-туткан элдин камын.

Кем тутуп кеп айтпасын кимдер сага,
Кемитпе өз наркыңды андай чакта.

Өзүнүн бийиктигин сезсе гана,
Өзгөгө кам көрө алат адам анда.

Жер ооган тексизмин деп кемсинбестен,
Жарыгым, элиңди тап ушул кезден.

Аталык акыл сөзүм, аманатым,
Аткаргын Сарыбагышым шул айтканым?!

Эгерде эпостогу бул маалыматка таянсак Манастын ишенимдүү баатырларынын бири Элтабар чигилдерден чыккан. Ал эми анын улуу Сарыбагыштан кыргыздын сарыбагыш уруусу тараган болот. XIX к. кыргыздын бугу уруусунун чоң манабы Боромбай да казактын улуу окумуштуусу Ч. Вали-

ханов менен жолукканда түпкү тегибиз чигилдер деп айткан. Санжырада бугу, сарыбагыш уруулары бир атадан (Кылжырдан) тараган деп айтылат. Бул айтылгандар тарых илимдеринин доктору З. Эралиевдин чигилдер кыргыз уруусу болгон деген пикирин ырастайт.

Алгачкы Карахандар, өзүлөрүнүн ээликтерин кеңейтүү менен Чыгыш Түркстандын, Борбордук Теңир-Тоонун, Жети-Суунун жана Фергананын чоң бөлүгүн жеңип алышкан. Түндүк Чыгышта карахандар мамлекетинин чек арасы Балхаш, Ысык-Көл жана Ала-Көл аркылуу Чугучакка чейин өткөн.

Баласагун шаары (Токмок шаарына жакын жердеги Бурананын урандылары) кагандыктын борбор шаары болгон. Экинчи борбор шаар Өзгөн эле.

Орто Азияны жана Хорасанды ээлеп турган Саманиддер династиясынын кризиске дуушар болушу Карахандардын ийгилигине көмөкчү болгон. 990-ж. Харун Бугра хан Баласагындан чыгып, каршылыксыз эле мурдагы Саманиддер карлуктардан тартып алышкан Тараз менен Исфижабды ээлейт. Эки жылдан кийин Саманиддердин борбору Бухараны да алат.

Тарыхчы Утби Наср ибн Алинин аскерлеринин курамына киришкен карахандык түрктөрдүн кебетесин *«...беттери жайык, көздөрү кичинекей, сакалдары суюк, темир кылыччан, кара кийимчен»* деп сүрөттөгөн.

Карахандардын мамлекети энчилерге бөлүнүп, алардын башында баш ийүүнүн татаал системасындагы династиянын өкүлдөрү турчу. Энчилердин чек аралары тез-тез өзгөрүп турган. Энчилердин акимдеринин өз монеталарын чыгарууга чейинки чоң укуктары болгон. Мындай шарттарда өз ара согуштар менен чыр-чатактар демейдеги эле көрүнүш болуп калган эле. Башынан эле майда энчилердин акимдери Карахандар династиясынын эки бутагынын: Хасан Богра хандын («Хасанилердин») урпактарынын жана Али ибн Сулеймандын («Алилер») урпактарынын айланасында топтошкон.

Карахандардын мамлекети иш жүзүндө башчыларынын өзүнчө наамдары жана баш калаалары бар өз алдынча эки кагандык – Чыгыш жана Батыш кагандыктарга бөлүнгөн. Чыгыш кагандыгынын баш калаасы Баласагын (кийинчерээк Кашкар), Батыштыкы болсо Өзгөн (кийинчерээк Самарканд) болгон.

Тынчтык келишими боюнча эки мамлекеттин ортосундагы чек ара Коженттен тартып Сыр-Дарыяны бойлото өткөн.

Чыгыш жана Батыш кагандыктарынын ортосундагы 1070-ж. келишим көптөн берки бөлүнүүнү мыйзамдаштырган.

XI к. аягы XII к. башында Караханийлердин эки мамлекети тең кризисти баштарынан өткөрүшкөн.

1102-ж. Баласагун менен Таласты ээлеп турган Чыгыш Карахандардын бири Кадыр хан Жебраил Мавераннахрга жортуул жасап Аму-Дарыяга чейин жеткен. Мында ал талкаланып, селжук султаны Санжар тарабынан өлтүрүлгөн. Натыйжада Карахандар селжуктардын вассалдары болуп калышат, бирок ички иштерде өз алдынчалыкты толук сактап калышкан.

## 17. КАРА-КЫТАЙЛАРДЫН МАМЛЕКЕТИ. НАЙМАНДАР

Токтолбогон өз ара чырдашуулар, селжуктар менен согуштардагы жеңилүүлөр Карахандар мамлекетин начарлаткан. XII к. биринчи жарымында алардын жерлери *кара-кытай* баскынчыларынын оңой олжосу болуп калды. Кара-кытайлар мамлекети Батыш Манжуриядагы сегиз монгол урууларынын биригишинен улам түзүлгөн. Эл өзүн «кытай» деп атаган. Кытай булактарында аларды «кыдан» деп, мусулман булактарында болсо «кара-кытай» деп аташкан. Алардын урпактары кийин «кытай» же «кара-кытай» деген ат менен кыргыз элинин курамына кирген. Көрсө, Кытай мамлекети жана эли алардын орто кылымдардагы душманы, баскынчысы — монгол-кытайлардын аты менен аталып калган экен.

X к. кара-кытайлар Борбордук Азиялык көптөгөн урууларды багындырышып, Түндүк Кытайды жеңип алышкан. Кийин булар Түштүк Кытайды да басып алып, кыска мөөнөттө бийлешкен. 937-ж. тартып алардын мамлекети жана династиясы Ляо (Темирдей) деп аталып, бир кылымдан ашык жашайт. 1119-ж. Ляо империясы түпкү теги туңгус – чжурчжен (манжур же жуанжуандар) эли тарабынан талкаланган болучу.

Кара-кытайлардын бир бөлүгү түндүктө өз алдынча Найман хандыгына биригишет.

Ляо династиясынын өкүлдөрүнүн бири Елүй Даши тиешелүү эли менен адегенде түндүк тарапка – Енисей кыргыздарын көздөй кире качкан. Бирок кыргыздар аны өз журтунан кубалап чыгарат. Елүй Даши өзүнө тиешелүү уруулар менен батышка качып олтуруп, Эмил өзөнүнүн боюна (Азыркы Кытайдын Казахстан менен чек арасына жакын жер) орношот. Мында ал бытыранды кытай качкындарын чогул-

туп, бир катар түрк уруулары менен союз түзгөн. 1129-ж. карата ага 40 миңге жакын түтүн баш ийген. Елүй Даши өзүн «гурхан» (хандардын ханы) деп жарыялаган. Мамлекети Кара-кытайлар хандыгы деп аталган. Бул убакта өз ара ырксыздыктарга жана чырдашууларга баткан карахандардын Чыгыш кагандыгы алсызданып калган болучу. Түрктөрдүн, карлуктардын жана кангылардын көчмөн уруулары Баласагындын башкаруусуна каршы чыгышкан Орто кылымдар тарыхчысы Жувейни мындай деп жазган:

> «Баласагындын ханы ...Өзүнүн начарлыгын жана алсыздыгын моюнга алып гурханга элчилерин жиберди, кангылардын жана карлуктардын зөөкүрчүлүгүнө жана зомбулугуна даттанып, Гурхандын өз ордосуна келишин, өзүн бардык түйшүктөрдөн куткарышын өтүндү, өз мамлекетинин аймагындагы бүткүл бийликти ага өткөрүп бере тургандыгын билдирди. Гурхан Баласагынга жөнөп, падыша тактысына олтурду, Афрасиабдын (караханийлердин) урпактары хандык наамдан айрылды».

Чыгыш кагандыктын жерлерин өзүнө оңой эле багындырган жана карахандар династиясын бийликтен четтеткен гурхан жаңы Си Ляо (Батыш Ляо) мамлекетин негиздеп, Баласагынды (кара-кытайча Хосун ордо) өзүнүн башкы шаарына айландырды. Ошентип, кара-кытай баскынчылары Енисей дарыясынан Сыр-Дарыяга чейинки зор аймакты башкарып калды.

1134-ж. Елүй Даши мурда жоготкон Ляо империясын чжурчжендерден кайра тартып алууга аракеттенген. Кара-кытай хандыгы куралгандан көп өтпөй, алар Енисей кыргыздарына дагы бир жолу чабуул жасаган. Бул чабуулдан кийин ал жактагы чакан Кыргыз ээликтери бир топ алсызданган. Кээ бир тарыхый маалыматтарга караганда Енисей кыргыз ээликтери бул мезгилде абдан начарлап, карамагындагы уруулар бир нече бөлүктөргө бөлүнгөндүгү, кыргыз тайпаларынын ар тарапка бытырап кеткендиги белгилүү. Бирок, кыргыздар бир кылымдай убакыт согуш жүргүзүп, каракытайларга моюн сунган эмес.

1141-ж. көчмөн карлуктар Батыш Карахандар каганына каршы көтөрүлүшкө чыгып, кара-кытайларды жардамга чакырышат. Махмуд Ибн Мухаммед каган болсо жардам сурап селжук султаны Санжарга кайрылат. Эки аскер кошууну Самарканддын түндүк-чыгышындагы Катван талаасында жолугушат. 1141-ж. сентябрдагы салгылашууда кара кытайлар селжук-караханий аскерлерин талкалап, көп убакыт

өтпөй бүткүл Батыш кагандыктын жерин да багындырып алышкан. Гурхан мында Карахандар династиясын биротоло жок кылган эмес, анын вассалдык көз карандылыгына канааттанып, аскерлерин Чүй өрөөнүнө алып кетет.

1158-ж. Хорезм кара-кытайларга багынып берет. Хорезм шахы гурханга алтын менен 30 миң динар салык төлөөгө милдеттенген.

Кара-кытайлар багындырылган жерлерден салык алып турушкан. Гурханга түздөн-түз багынган аймакта калкты каттоо жүргүзгөн болучу. Батыш Ляодо көчмөндөрдүн 84,5 миң үй-бүлөсү жашап турган, алар эркектерди аскердик кызматка берген. Ар бир түтүн казынага бир алтын динар өлчөмүндө салык төлөөгө милдеттүү болгон. Шаар калкы андан да көбүрөөк салык төлөгөн. Мисалы, Баласагындын тургундарынан түшкөн салык казынанын кирешелеринин ондон бир бөлүгүн түзгөн. Кара-кытайлар башка диндерге карата чыдамкай мамилеси менен айырмаланышкан. Алар буддизмге сыйынуу менен исламды кысымга алышкан эмес. Ошентсе да алар Орто Азия элдеринин маданиятына маанилүү таасир көрсөтө алышпаган.

Өлкөнү башкаруудагы башаламандыктар жана вассалдык ээликтердин борборго баш ийбөөгө умтулуулары кара-кытайлардын мамлекетин алсыратат. 1208-ж. Чыңгыз хан Иртышта талкалаган найман жана меркит уруулары гурхандын жерине качып келишкен. Найман падышасынын уулу Күчлүк гурганха кызматка өтүп, өз элинин калдыктарын чогултат да, Жети-Сууга орношот. Ошондон бир жылдан кийин Батыш Ляо оор жагдайга дуушар болот. Чыгышта мурда кара-кытайлардын бийлик алдында болгон уйгур чакан ээлиги бөлүнүп чыгып, Чыңгыз хандын букаралыгына өтөт. Батышта Хорезм шахы Мухаммед жана Мавераннахрдагы караханийлердин башкаруучу династиясындагы анын союздашы Осмон ибн Ибрагим Баласагунга жортуул уюштурат. 1210-ж. август–сентябрда Хорезм менен Мавераннахрдын бириккен күчтөрү кара-кытайларды Талас суусунда тосот. Кан суудай аккан салгылашуудан дарманы кеткен эки армия тең артка чегинишкен. Ач-жылаңач кара-кытайлардын армиясы кайра тартып баратканда, жолдогу өз ээликтерин тоноп, бүлгүнгө учурата баштаган. Талоончулардын чоң тобу Баласагунга жеткенде, шаардын адамдары дарбазаларды жаап алышкан. Аскерлерге өз баш калаасынын дубалдарына чабуул коюуга туура келген. «Кара-кытайлардын ар-

тынан мусулмандардын аскерлери келатышат» деген айың кепке ишенишкен шаардыктар жан аябай салгылашып, 16 күнгө туруштук беришти. Баласагундун кайгылуу окуясын Жувейни мындайча сүрөттөгөн:

> «Акыры кытайлардын аскерлери, ...шаарга киришти, кылычтары менен кыя чаап эч кимди аяшпады. Үч күн, үч түн бою алар адамдарды өлтүрүштү. Өлтүрүлгөндөрдүн арасында жети миң кадыр-барктуу, аттуу-баштуу адамдар бар болучу. Гурхандын аскерлери олжого тунду...»

Зомбулуктун жана мамлекеттин бузулуш кырдаалын кара-кытайлардын экинчи бир бөлүгү болгон – наймандардын башчысы Күчлүк пайдаланды. 1210-ж. эле ал Өзгөнгө кол салып, гурхандын казынасын басып алган, бир жыл өткөн соң кара-кытайлардын падышасын туткунга түшүрөт. Бирок Күчлүктүн абалы бекем эмес эле. Карамагындагы калк аны бийликти күч менен тартып алган зулум катары адилеттүү эсептеп, баш ийүүнү каалаган эмес. Чыгыш Түркстандын шаарларынын көтөрүлүшү төрт жылга созулду. Аларды наймандар 1214-ж. гана зорго басышты. Батышта Хорезмшах Мухаммед күчөдү, ал өзүн гурхандын закондуу мурасчысы деп эсептеген. Чыгышта болсо Чыңгыз хан өзүнүн саатын күтүп турган. Бул учурда Кыргызстандын эле эмес, Азия менен Европанын көпчүлүк өлкөлөрүнүн тарыхында да жаңы этап башталган. Бардыгын кыйраткан монгол-татар жортуулу жакындап келаткан. Ошентип, кара-кытайлардын жана наймандардын мамлекети 90 жылдан ашуун убакыт жашап, Чыгыштан келген баскынчылардын соккусунан кыйраган.

## 18. КЫРГЫЗСТАН МОНГОЛ ИМПЕРИЯСЫНЫН ТУШУНДА

Байыркы Орхон–Енисей таш жазууларында жана кытай тарыхый маалыматтарында белгилүү болгондой, ошол аймактарда IX–X кк. чейин эле монгол, татар элдери жана аларга тектеш бир нече уруулардын жашаганы белгилүү. Кийинчерээк татарлар көбөйүп, оңгут, меркит, огу ж. б. чоң урууларды бириктирген **татар уруу бирикмеси** түзүлгөн. Алар түштүгүндөгү коңшусу Син империясы менен бир аз убакытка ынак байланышты түзө алган. XII к. башында татар уруу бирикмеси бузула баштап, анын ичиндеги монголдор менен

татарлардын арасында карама-каршылыктар от алат. Ошол мезгилде керей, коңурат, ойрот, найман өңдүү уруулар өз алдынча күчөй баштайт.

Монгол уруусунун башчысы Эсугей баатыр керей ж. б. уруулар менен биригип, татарларга уламдан-улам оор сокку уруп турат. 1155-ж. (кээ бир маалыматтар боюнча 1162-ж.) Эсугейден Темучин төрөлөт. 1164-ж. Эсугей татарлар тарабынан өлтүрүлгөн соң Темучин жетим калып, кыйынчылык менен чоңоёт.

Монгол уруусунун башка тайпалар менен болгон согушунда Темучин өзүнүн баатырдыгын көрсөткөн. Акырында ал бүткүл татарларды, найман, оңгут, булар менен катар бир нече түрк урууларын өзүнө баш ийдирет. 1206-ж. бүткүл монгол феодалдарынын чоң курултайында мамлекетти империя деп, өзүнө **Чыңгыз хан** (бекем, күчтүү хан) титулун алат.

Чыңгыз хандын буйругу боюнча бардык монгол уруулары, алардын ичинен татарлар да, түрк уруулары да жортуулга чыгууга тийиш болушкан. Аскерлери ондуктарга, жүздүктөргө, миңдиктерге жана он миңдиктерге (түмөндөр) бөлүнгөн. Аскерге жалаң гана ыктыярдуулар алынып, согушта эрдик көрсөткөндөр урмат-сыйга бөлөнгөн. Ар бир бөлүктүн башында бийлиги чектелбеген башчысы болгон. Бир жоокердин коркоктугу, күнөөсү үчүн бардык ондукту, бир ондук үчүн жүздүктү өлүм жазасына тартышкан.

1207-ж. Чыңгыз хан Түштүк Сибирь элдерин багындырууга буйрук берет. Ошол кезде өзүнчө ар кайсы жерде чакан ээликтерге бөлүнүп калган бытыранды кыргыздар күч катнашын туура түшүнүшкөн. Ошону үчүн кыргыздар Чыңгыз ханга уйгур менен карлуктар сыяктуу эле ыктыярдуу түрдө баш ийип беришет.

Ошондон 10 жыл өтпөй 1217-ж. Тува-Кыргыз чакан ээлигине кирген уруулардын бири – түрк тилиндеги туматтар монголдордун эзүүсүнө каршы көтөрүлүшкөн. Көтөрүлүштү басуу үчүн Чыңгыз хан көп сандаган аскерлери менен тажрыйбалуу колбашчы Барагул-нойонду жиберген. Туматтар жан аябай салгылашкан. Бирок күч бирдей болбогондуктан, монголдор көтөрүлүштү кансыратып басышкан.

Тынчтык узакка созулбады. 1218-ж. монголдук салык жыйноочулар кадимки жыйындын үстүнө дагы 100 тумат кыздарын өздөрүнүн феодалдарына берүүнү талап кылышкан. Мындай кемсинткен талап элдин кыжырын келтирген да туматтар кайрадан көтөрүлүп чыгышкан. Чыңгыз хан көтөрүлүштү басуу үчүн кыргыздардан аскер талап кылат.

Ал эми кыргыздар көптөгөн кылымдар бою таянычы жана колдоочусу болуп келген өз кыштымдарына (туматтар) каршы согушмак түгүл кайра аларга болушуп көтөрүлүшкө чыккан. Бириккен күчтүн башында кыргыз колбашчысы **Курлун** турган. Бул көтөрүлүштөн чочулаган Чыңгыз хан аны басыш үчүн көп кол менен улуу баласы Жучини жиберет. Монголдор аларды талкалашып, мыкаачылык менен жазалашкан. Ошентип, монголдор согуш ачып, кыргыздарды баш ийдириш үчүн бир айдай убакыт жумшашты. Тува, Миң-Өзөн, Алтай аймактарын аралап өтөт. Кыргыздардын көбү кырылып, бир жамааты туткунга айдалып кетет, бир бөлүгү чытырман токойлорго кире качып, чачылып тарайт. Дагы бир бөлүгү душман жеткис аймактарга качып кутулат.

Чабылып-чачылганына карабастан, кыргыздар баштан байырлап келген негизги аймактарын сактап калган жана көп жылдар бою монголдордун вассалдары болуп эсептелген. Кыргыздардын жери менен кошо бүткүл Саян-Алтай чөлкөмү Жучи хандын ээлигине берилген. Бул аймактар Монгол империясынын түндүк батыштагы чет жакасы болуп калган. Чыңгыз хан өлгөндөн кийин (1227-ж.) анын ордун Угедей басат. 1229-ж. такка отурган Чыңгыз хандын үчүнчү уулу Угедей (Өгөдөй) букараларынын көңүлүн алып, бийлигин бекемдеш үчүн меркиттер менен кыргыздардын арасынан мартабалуу кишилердин кыздарын аялдыкка алып, жергиликтүү феодалдык төбөлдөр менен байланышын бекемдейт. Угедейдин төртүнчү аялы кыргыз кызы болгон. Анын тушунда монголдор Түндүк Кытайды, Арменияны, Грузияны, Азербайжанды басып алышкан. Батый хан Чыгыш Европага жортуулга чыккан. Кыргыздар жашаган жерди бир топ мезгилге чейин Чыңгыз хандын кичүү уулу Тулуй башкарып турган. Угедей өлгөндөн кийин бийликке Тулуйдун балдары келет. 1249–1259-жж. такта Тулуйдун тун уулу Мёнкэ олтурат. Ал өлгөндөн кийин такка Тулуйдун ортончу уулу Хубилай (1260–1295-жж.) келет. Ал Чыңгыз хандын башка укум-тукумдарына кошулуп жаңы согуш баштап, көп жерлерди каратат.

Ошол мезгилде кыргыздар жашоо шартына жана чарбасынын мүнөзүнө жараша эки топко бөлүнүшкөн. Биринчиси – мал чарбачылыгы менен дыйканчылыкты кесип кылган талаа кыргыздары, экинчиси – мал чарбачылыгын жана аңчылыкты кесип кылып, Енисейдин баш жактарындагы тоолуу жерлерде жашаган токой кыргыздары. Енисейдин баш жагындагы кыргыздардын коңшулашы ойроттор болгон. Кыр-

гыздар жана башка түрк элдери ойроттордун тилине да таасир тийгизген. Енисейлик кыргыздардын монголдор менен акыркы кармашы 1273-ж. башталган. Алар көтөрүлүшүп, монгол наместнигинин резиденциясын курчап алышкан. Наместник согушуп жатып чегинет. Монголдордун ичиндеги өз ара кармашуулардан пайдаланып кыргыздар өз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүүгө жетише алышкан. 1273–1293-жж. Енисейди бойлото кеткен өрөөндү жерлерди кыргыздар ээлеп турушкан. Аларга ордосу Кыргызстандын Чүй өрөөнүндө болгон Орто Азиядагы монголдордун башкаруучусу Хайду жардам берген. Хубилай менен Хайдунунун ортосундагы согуш кыргыздарга көп кыйынчылыктарды алып келген. Согуштун кесепетинен кыргыздар туш тарапка ыдырап, мамлекеттүүлүгүнөн ажырайт. 1275–1276-жж. кыргыздардын бир бөлүгү Хубилайга каршы көтөрүлөт. Көтөрүлүш басылган соң кыргыздардын чоң бөлүгү Батыш Манчжуриядагы 1277-ж. негизделген округдун жаңы борбору Чжаочжоу шаарына көчүрүлөт. Алар бара-бара өз атын жоготуп, кытайларга сиңип кеткен. Алтай-Хангай тоолорун мекендеген кыргыздардын 9 миң түтүнү Хубилайдын буйругу менен Монголиянын ички районуна көчүрүлөт. 1290-ж. монголдорго кызмат кылган колбашчы кыпчак Тутук Хубилайдын буйругу менен Алтайдагы Хайдуга каршы жортуулга чыгат да, натыйжада кыргыздардын 3 миң үй-бүлөсү көчүрүлүп кетет. Тутук андан кийин Енисейдин баш жагын мекендеген кыргыздарды баш ийдирет да, дагы бир жолу кыргыздардын бир тобун (700 үй-бүлө) Манчжуриянын түштүк-чыгышындагы Хэсыхе районуна көчүрөт. Алтайдагы кыргыздардын дагы бир тобу 1295-ж. күч менен Шаньдун провинциясына жер которот.

Мына ошентип, XIII к. экинчи жарымында Енисейлик, Алтайлык кыргыздар монгол хандары тарабынан талкаланып, бир топтору Борбордук Азиянын туш тарабына күч менен көчүрүлүп, бытырап кетишкен.

Теңир-Тоонун чыгыш тарабын басып алуу Чыңгыз хан үчүн ыңгайлуу болгон. 1218-ж. Жети-Сууда наймандардын аскерлерин Чыңгыз хандын колбашчысы Жэбэ-Нойон уйгурлардын жана карлуктардын колдоосу менен оңой эле талкалаган. Наймандардын каршылык көрсөтүүгө даярдыгы да жок болчу. Наймандардын ханы Күчлүк Чыгыш Түркстандагы жана Жети-Суудагы мусулман букараларын басып алгандан кийин, аларды буддизмди же христиан динин кабыл алууга мажбурлаган. Ошондуктан, Жети-Суунун жана Чы-

гыш Түркстандын эли зулум Күчлүктү жек көрүшүп, монголдорду бошотуучу катары тосуп алышкан. Наймандардын аскерлерин талкалоодо монголдордун 20 миң адамдан турган кошууну аракеттенген. Күчлүк жеңилгенден кийин качып баратып, Памир тоосунан кармалып, башы алынган.

Ошентип, Кыргызстандын калкы Чыңгыз хандын канкордугун сезбей, монголдордун ийгиликтерине көмөктөш болушкан. Бирок чарбасы маданияты, наймандардын башкаруу мезгилиндеги талап-тоноодон ого бетер начарлаган.

1218-ж. Жети-Суу жана Борбордук Теңир-Тоо толугу менен монголдордун көзөмөлү алдында калган. Чыңгыз хандын түмөндөрү Түркстандын элдерин кылычтын күчү менен багынтып алды. 1219-ж. монголдор Хорезмшах Мухамеддин бүлүнгөн күчтөрүн оңой эле багынткан. Чыңгыз хан талап-тоноочулук менен басып алуу саясатын батышты карай уланта берген. Натыйжада, Түркстандын жүздөгөн шаарлары менен айыл-кыштактары өрттөлүп, кыйраган. Бир убакта гүлдөп өнүккөн дыйканчылыгы бар Чүй, Талас өрөөндөрү, Ысык-Көл кылаасы көчмөндөрдүн мал чарбачылыгы менен алмашылган. Фергана, Өзгөн, Ош жана башка бир нече айылдар гана көп кыйроого учуратылган эмес.

1227-ж. Чыңгыз хан өлгөндөн кийин анын басып алган жерлери төрт уулуна бөлүнөт. Мурас бөлүштүргөндө Орто Азия менен Борбордук Азия Чыңгыз хандын экинчи уулу Чагатайга жана анын урпактарына тиет. Улустун чек арасы чыгышта Иле суусуна, батышта Бухара, Самаркандга чейин жеткен, т. а. улуска Мавераннахр, Жети-Суу, Кашкар аймагы караган. Чагатайдын ордосу Иле суусунун боюндагы өрөөндө жайгашкан болчу. 1256-ж. хан ордосу Жети-Суудан Мавераннахрга көчүрүлгөн.

Чыңгыз хан басып алган жерлердин анын уулдарына бөлүнүшү монголдордун империясынын кулашына түрткү болгон. Өз ээликтеринде анын уулдары өздөрүн толук кожоюн сезип, Монголиянын «Улуу ханына» баш ийүүнү каалашкан эмес.

## 19. ХАЙДУ МАМЛЕКЕТИ

Монгол феодалдарынын сепараттык (борбордук бийликтен бөлүнүп, өз алдынчалыкка умтулуу) кыймылы Орто Азияда өз натыйжасын берди. 1269-ж. Талас суусунун боюнда Угедей жана Чагатай улустарынын биргелешкен курултай-

ында жаңы мамлекет түзүлөт. Анын Каракорумдан (Улуу хандыктын борбору) толук көз каранды эместиги жарыяланат. Мамлекеттин башында анын негиздөөчүсү Угедейдин небереси Хайду хан (1269–1301-жж.) турган. Жаңы өлкөнүн чек арасы Алтайдан Аму-Дарыяга чейин созулуп, Кыргызстан, Чыгыш Түркстан аймагын камтыган. Борбору Чүй өрөөнүндө, болжол менен Тарсакент (азыркы Каражыгач кыштагы, Бишкекке жакын) шаарында болгон, себеби бул жер Хайдунун өз менчигине айландырылган болучу.

Хайду мамлекеттин күч-кубаты анын экономикалык саясатына байланыштуу экенин жакшы түшүнгөн. Ошондуктан, ал калктын чарбалык турмушун жакшыртуу, өлкөнүн райондору жана коңшу мамлекеттер менен соода-сатык, экономикалык байланыштарды жандандыруу үчүн бир катар маанилүү чараларды көргөн. Монголдук баскынчылар тарабынан кыйратылган шаарлар менен кыштактарды калыбына келтирүүгө көп күч жумшаган. Мисалы, чоң мааниге ээ болгон Тарсакент жана ээн калган Баласагын шаарларын көтөрүү иштери жүргүзүлгөн. Бул мезгилде кол өнөрчүлүк өндүрүшү бир кыйла өнүккөн. Акча реформасы да жүргүзүлгөн, бирдей сапаттагы жана салмактагы күмүш тыйындарын такай пайдалануу тартиби мамлекеттин бүткүл аймагына киргизилген. Ар бир күмүш кенинин ээси тыйын жасай алган. Ал үчүн өзүндөгү күмүштү тыйын жасоочу сарайга өткөрүп, салыктар жана чыгымдар эсептелип алынгандан кийин даяр тыйындарды алган. Экономикалык проблемаларды чечүүдө негизги маселелердин бири катары салык саясаты эсептелген. Салык салуунун жана жыйноонун катуу тартиби киргизилген. Мыйзамды бузгандар катуу жазага тартылышкан. Бир катар мыйзамдар жер айдагандардын укуктарын коргогон. Көчмөндөргө айдоо жерлерине өздөрүнүн малын жаюуга катуу тыюу салынган. Бул талапты аткарбагандар чоң айып төлөөгө тийиш эле.

Хайду хан өлкөнүн экономикалык турмушундагы ийгиликтерди сактап калуу үчүн баскынчылык согуштардан алыс болгонго аракет кылган. Ошону менен бирге басып алуучуларга каршы чечкиндүү сокку урган, дипломатиялык иштерди билгичтик менен жүргүзгөн, душмандын тылында сепараттык кыймылдарды колдогон.

Хайду Монгол империясына каршы көтөрүлүшкөн Енисейлик жана Алтайлык кыргыздарга жардам берүү үчүн бир нече жолу аскерлерин жиберген. 1293-ж. Хайду кыргыздар-

ды куткарып алмакчы болуп, Болоч башында турган кол жөнөткөн, бирок бул кол да Хубилайдын аскерлеринен жеңилип калган. Хайду хандын кыргыздардын мамлекетин сактоого кылган аракети текке кеткен. Ошондой болсо да, Хайду, Алтай жана Чыгыш Теңир-Тоодо жашаган кыргыздарды монголдордун куугунтуктоосунан коргоп калган. Ал кыргыздардын бир тобун Теңир-Тоого көчүрүп келген. Хайду өлгөндөн кийин (1301-ж.) чыңгызиддердин ортосунда бийлик үчүн узакка созулган ич ара согуш башталган. XIV кылымдын 40-жылдарында Хайдунун борбордошкон мамлекети экиге: Чагатай (Маверранахр) улусуна жана Жети-Суу, Тянь-Шань, Чыгыш Түркстан менен Жунгарияны бириктирген Моголстан мамлекеттерине бөлүнгөн.

## 20. МОГОЛСТАН

XIV к. орто чегинде Орто Азиянын чыгышында жаңы мамлекет – Моголстан, т. а. «моголдор өлкөсү» (түрк элдери моголдор деп монголдорду аташкан) түзүлгөн. Моголдордун эң ири уруулары түркчө да, монголчо да аталыштарын алып жүрүшкөн. Алардын ичинен дуглаттар, каңгылар, аргынуттар, баариндер, барластар, жана башкалар өзгөчөлөнүшкөн. Алардын баары тең эчак эле түрк тилинде сүйлөшүп, түрк салттарын кабыл алышкан жана өз мекени деп Монголияны эмес, Теңир-Тоону эсептешкен. Алар ислам динин кабыл алышкан. Бул уруулардын көбү кийинчерээк «моңолдор» ж. б. аталыштар менен кыргыз элинин курамына кирген.

Моголстан мамлекети чыгыштагы Бар-Көлдөн баштап батыштагы Сыр-Дарыяга чейинки аймакты ээлеген. Анын түндүк чек арасы Балхаш көлү, түштүктө Чыгыш Түркстан болгон. Мамлекеттин чыгыш чет-жакаларында кыргыздар жашаган.

Моголстан мамлекетинин саясий турмушунда башкы ролду дуглат уруусунун ири феодалдары ойношкон. Алар Чыгыш Түркстанды, Ферinfanанын бир бөлүгүн, Алайды, Ысык-Көлгө чейин бүткүл Борбордук Теңир-Тоону камтыган кеңири аймакты ээлешкен. Уруунун эң күчтүү феодалы **Пуладчы** болгон. Борбору Ак-Суу шаарына жайгашкан.

Талас, Чүй өрөөндөрү, Ысык-Көл жана алардан түндүктөгү Балкашка чейинки аймак, чыгышта – Иртышка чейин эмир Пуладчынын кичүү бир тууганы Камар ад-Динге караган.

Пуладчы Чыңгыз хандын тукумунан болбогондуктан хандын тактысына олтура алган эмес. Ошону үчүн жашы толо элек чыңгызид **Тоглук-Темирди** таап алып, аны 1348-ж. хандыкка көтөрүп, анын аты менен башкарууну чечкен. Өзү хандын алдындагы жогорку бийлик болгон Улусбек деген кызматты ээлеп, аны мурастаган. Моголстандын биринчи ханы Тоглук-Темир мамлекеттик ишке шыктуу чыкты. Ал көчмөн элдер менен тил табыша алган. 1354-ж. өзү ислам динин кабыл алып, аны мамлекеттик динге айланткан. Мусулман болуу менен Тоглук-Темир бүткүл Орто Азиядагы бийликке атаандашууга укук алган.

1360–1361-жж. Тоглук-Темир Мавераннахрга жортуул жасайт. (Мавераннахр – арабча «дарыянын өйүзүндөгү жер», Сыр-Дарыя менен Аму-Дарыянын ортосунда жайгашкан жер). Акыркы жортуулда моголдордун аскер күчү Сыр-Дарыяны кечип өтүп Кундузга чейин жетишип, олуттуу каршылыкты жолуктурушкан эмес. Тоглук-Темир Самаркандга өзүнүн уулу Илияс-Кожону наместник кылып калтырып, өзү чоң олжо менен Моголстанга кайткан.

Моголдор Мавераннахрда талоончулук, каракчылык иштерин жасашкан. Аларга каршы элдик көтөрүлүштөр башталып, ага кээ бир жергиликтүү феодалдар да кошулушкан. Илияс-Кожонун абалы өтө оор болгон. 1364-ж. Тоглук-Темир ооруп өлөт. Мавераннахрдын аскерлеринин башында Хусейин жана Темир деген эмирлер турган. Темир учурунда Тоглук-Темирден көп жакшылык көргөн, ошону үчүн көтөрүлүшчүлөр тарабынан туткунга түшкөн Илияс-Кожону бошотуп, Моголстанга жөнөтүп жиберген.

Илияс-Кожо Моголстандын ханы болгондон кийин атасынын тышкы саясатын улантып, Мавераннахрды басып алууну чечет. 1365-ж. моголдор Мавераннахрдын Эмир Темир башында турган аскери менен Ташкенттин жанында беттешет. Салгылашуу учурунда катуу бороон, нөшөрлөнгөн жаан башталат. Жоокерлер улуган бороондон буйрукту укпай, көз ачырбаган жаандан улам бирин-бири ажырата албай ылайда кармашты. Акыры Эмир Темирдин аскерлери качып жөнөйт. Баш аламан качып баратканда көпчүлүк кишилер ылайда тепселип өлөт. «Баткак салгылашуусу» деп аталган бул салгылашууда он миңге жакын адам өлгөн. Жеңишке ээ болгон моголдор Самаркандга жакын келишип, аны курчоого алышкан. Эмирлер Темир жана Хусейин шаарды таштап качып кетишкен. Коргоосуз калган Самаркан-

ддын калкы шаарды коргоону өз колуна алышат. Аны басқынчыларга багынууну каалабаган карапайым адамдар жетектеген. Коргоочулар шаарга кирүүчү негизги жолдон башкаларынын баарын казышып, айланта тосмолошкон. Моголдордун атчандары тар көчө менен жылып киргенде аларга жебелер, таштар, таяктар мөндүрдөй жааган. Моголдор шаарды алалбай көпчүлүк кишисинен ажыраган. Ошондон улам Илияс-Кожо аскерин Моголстанга алып кетүүгө мажбур болгон. Алар кеткенден кийин эмирлер Темир менен Хусейин Самаркандга келишип, өздөрүнүн бийликтерин чыңдаш үчүн шаарды коргоочулардын жетекчилерин өлтүрүшкөн. Ошентип, жоону карапайым элдер жеңгени менен анын жемиштерин феодалдар пайдаланышкан.

Илияс-Кожонун жеңилип келиши Моголстандын ири феодалдарын наараазы кылган. Дуглат уруусунун эмири Камар ад-Дин Илияс-Кожону үй-бүлөсү менен өлтүрүп салат. Ошондон кийин Моголстанда узакка созулган ич ара согуш башталып, мамлекет начарлаган.

## 21. АМИР ТЕМИРДИН МОГОЛСТАНГА ЖОРТУУЛДАРЫ

Моголдордун тез-тез кол салуусунан жана элдик кыймылдардан тажаган Мавераннахрдын феодалдары жана көпөстөрү душмандардын мизин кайтарып, ички тартипти колго алган күчтүү мамлекет башчысы боло турган инсанды издеген. Андай адам **Темир (1336–1405-жж.)** болуп чыкты. Ал дүйнөгө Эмир Темир, Аксак Темир, Темирлан, Тамерлан, Тимурланг, Тимур Барлас, Амир Темир көрөгөн, Тимур Тарагай деген ысымдар менен белгилүү.

Темир Шахрисябз шаарына жакын Кожо-Илгар кыштагында Тарагайбектин үй-бүлөсүндө туулган, түрктөшкөн монголдук барлас уруусунан болгон. Ал 1370–1405-жж. өзү негиздеген мамлекеттин эмири. Жаш кезинен эле согуш ишин жакшы билгендиги, эр жүрөк каармандыгы жана жетекчилик сапаты менен айырмаланган. Тоглук-Темир Мавераннахрды басып алганда Темир моголдорго кызмат өтөгөн. 1361-ж. Казагандын небереси Хусейин эмир менен шериктештик келишим түзөт, бирок 1370-ж. аны туткундап алып өлүм жазасына тартат да, мамлекетти өзү жалгыз бийлеп калат. Эрктүү жана ырайымсыз, куу жана арамза Темир өмүрү

өткөнчө өзүнүн элин жана бөтөндөрдү талап-тоноп байыган, көтөрүлүшчүлөрдү аёосуз жазалаган, согуштарды варварлык ыкма менен жүргүзүп, согушта басып алган, туткунга түшкөн миңдеген адамдарды кулчулукка саткан. Ал өмүрүнүн акырында Жер Ортолук деңизинен Чыгыш Түркстанга созулган империя түзө алган. 1391-ж. жана 1395-ж. Алтын Ордонун ханы Токтомушту талкалаган. 1393-ж. Багдадды жана Эки-Дарыя аралыгын (Месопотамияны), 1398–1399-жж. Индиянын түндүк жагын, 1401-ж. Сириянын бир кыйла бөлүгүн ээлеген. Ордосу Самарканд шаарында болгон. Кытайга жортуулга баратып, 1405-ж. 18-февралында Отрар (азыркы Түркстан шаарына жакын) шаарында каза болуп, Самарканддагы өзүнүн атактуу көрүстөнүнө коюлган.

1371-ж. Амир Темир Моголстанга жортуул жасап, Ысык-Көлгө чейин келет. Бирок бул аймактын элинин бир бөлүгү Иленин ары жагына, адам жетиши кыйын болгон бийик тоолорго көчүп кетишкен эле. 1375-ж. Амир Темир Моголстанга Сайрам жана Талас аркылуу экинчи жолу жортуул менен келет. Өлкөнүн элинин көбү дагы качат. Моголдордун эки негизги улустарынын башкаруучулары Камар ad-Дин жана Кажыбек мурунку каршылашып жүргөнүнө карабай өздөрүнүн күчтөрүн бириктирип, баскынчыларга каршы сокку урууну чечишкен. Бирок Темир куулук кылып аларды бириндетип талкалоого жетишкен. Камар ад-Диндин аскерлерин кубалап олтуруп, алардын Иле өрөөнүндөгү урууларынын сандаган мал-мүлкүн олжолоп, Самаркандга жөнөтүшөт. Амир Темирдин аскерлеринин арасында согушчан кыргыздар көп болгон деген маалымат бар. Камар ад-Диндин аскерлерин толук талкалоого Темирдин мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Баскынчылар артка кайтып келе жатканда Камар ад-Диндин колу Ысык-Көлдүн жээгинде катуу сокку урган. Жинденген Амир Темир ошол эле жылы Камар ад-Динди Кочкордо талкалоого үмүттөнүп кайра үчүнчү жолу келет. Бирок көчмөндөр бул мезгилде Иртышка көчүп кетишкен. 1377–1379-жж. Темир басып алуучулук жортуулдарын уланткан. Бул жолу ал Моголстандын аскерлерин талкалоого жетишкен, калган каткандары дагы эле Иленин ары жагындагы Тарбагатайга качышкан. Темир бул жортуулда аябагандай көп олжого тунат. Колго түшкөндөрдү миңдеп алып кетип, кулдукка саткан. Ошондой болсо да ал Моголстандын элин толук багынта алган эмес. Андан кийинки жортуулдары (1383, 1388-жж.) да оң жыйынтык берген эмес.

1389-ж. Амир Темир көп сандаган аскерлерин чогултуп, Моголстанга жазалоочу жүрүш жасоону чечкен. Ал көчмөн

урууларды биротоло багынта албастыгын алар менен болгон жыйыра беш жылдык күрөштүн тажрыйбасынан жакшы түшүнгөн. Ошондуктан жортуулдун негизги максаты жергиликтүү элдерди колдон келишинче талап-тоноо, миңдеген кулдарды кармап кетүү, Мавераннахрдын аймагына бир катар урууларды зордуктап көчүрүү болгон. Амир Темирдин аскерлери олуттуу каршылыкка учурабастан эле Талас, Чүй жана Иле өрөөндөрү аркылуу тез жылып Алтайга бет алышты. Жүрүш кандуу болгон. Согуш моголдорду кырып-жоюу менен жүргөн. 1389-ж. кандуу салгылашуу баскынчынын алдына койгон максаттарын толук чечкен эмес. Ошондуктан 1390-ж. дагы эки кошуун аскерин жөнөтөт. Алардын бирөө түндүк жактан – Ташкент, Талас, Чүй, экинчиси түштүктөн – Анжияндан Яссы дарыясы жана Арпа жайлоосу аркылуу жүрүп отурушуп, Ысык-Көлдө кошулушат да, чегинип бараткан Камар ад-Диндин аскерлерин кубалаган бойдон Иртышка чейин барышкан. Айлана-тегерек элсиз ээн калган. Теңир-Тоодогу көчмөн уруулар баскынчыга көз каранды болбос үчүн өз мекенин таштап, батышка кыйын болгон, бийик тоолорго кетип калышкан. Амир Темирдин чыныгы бийлиги Чүй өрөөнүнө гана жеткен. Ошентип, Моголстандын аймагы Амир Темирге формалдуу болсо да каратылат. Бул жерге өзүнүн небереси, кийин орто кылымдардагы улуу окумуштуу катары даңкталган Улукбекти наместник (ишенимдүү адам) кылып дайындаган.

Амир Темир жана анын баскынчылык жортуулдары жөнүндөгү эскерүүлөр кыргыз элинде азыркы мезгилге чейин сакталып калган. Ысык-Көлдүн чыгышындагы – Санташ ашуусунда элдин айтымындагы «Амир Темирдин» ысымы менен байланышкан эки таш дөбө бар. Уламышка караганда Темир Санташ аркылуу Кытайга өткөн. Чындыгында ал Кытайга эмес, Камар ад-Динди кубалап Алтай тарапка өткөн жортуулдардын бири болуш керек. Ашуудан өткөндө ал ар бир жоокерге дарыянын жээгинен бирден таш алып бир жерге топтоого буйрук берген. Жортуулдан кайра кайткан кезде дагы ар бир жоокер бирден таш алып башка жерге жыйышкан. Ошентип ашууда бири чет жерде каза болгондордун, экинчиси (биринчиден бир топ эле аз) кайтып келген жоокерлерди эскерген эки таш дөбө пайда болгон.

Темирдин Моголстанга жасаган жортуулдарынын учурунда кыргыздар негизинен Алтайда, Чыгыш Теңир-Тоодо жашагандыгы белгилүү. Алар да ошол өлкөдөгү башка элдер сыяктуу баскынчылар менен согушка катышкан.

Ошентип, Моголстандын бытыранды абалынан пайдаланып, Амир Темир Ферганaны, Теңир-Тоону, Ысык-Көлдү, Талас чөлкөмдөрүн басып алган.

Темирдин Моголстанга жасаган жортуулдарынын натыйжасында, мурдагы күчтүү дуглат, чорос, каңгылы ж. б. монгол уруулары көп адамдарынан жана байлыктарынан ажыраган. Алтайга көчүп кеткендери да болгон. Борбордук Теңир-Тоонун, Ысык-Көлдүн айланасы жана Иле дарыясынын өрөөнү элсиз калган. Моголстандын чыгыш тарабында, Алтайда жана Жуңгарияда жашаган кыргыздар акырындап бош калган жерлерди ээлеп көчүп келе баштаган жана Темирден талкаланган могол урууларынын калдыктарын бириктирип, баш ийдиришкен. Мухаммед Хайдар (1499–1551-жж.) «Тарихи-и Рашиди» (Рашиддердин тарыхы) деген эмгегинде белгилегендей кыргыздар согушчандыгы жана чыдамдуулугу менен даңазаланып, *«Моголстандын токой арстандары»* деген ардактуу атакка ээ болушкан.

## 22. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ

Кыргыз элинин түзүлүшү байыркы орто кылымдардагы Саян–Алтай, Чыгыш Түркстан, Теңир-Тоодогу этностук процесстер менен тыгыз байланышта өткөн. Бул процесс кеминде эле беш кылымга созулуп, XVI к. аяктаган. Орто Азиядагы бул процесс түрк тилиндеги тектеш – өзбек, казак, түркмөн, каракалпак ж. б. элдердей эле бир эле мезгилде жүргөн. Көпчүлүк учурларда тигил же бул уруулар орто азиялык элдердин этностук компоненти болуп келген.

Уруулук түзүлүштө уруулар кээде мамлекетке биригишип, 3–4 муундун аралыгында кайрадан чачырап, узак мөөнөткө өкүм сүрө албаган. Мына ушуга байланыштуу этностор көп жолу өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Окумуштуу Өмүркул Караевдин пикири боюнча байыркы түрк жана түрктөшүп калган моңгол уруулары бир эле мезгилде өзбек, кыргыз жана казак элдеринин курамына кирген.

Кыргыз элинин этностук тарыхы жөнүндө сөз кылуудан мурда, биз биринчи кезекте – байыркы кезде жана орто кылымдарда «кыргыз» деген терминдин маанисинде уруу, уруучулук түзүлүш жатканын, ал ар түрдүү мезгилде ар кандай топко биригип, кайрадан тарап, XVI к. гана территориялык, психологиялык, маданий, тилдик жалпылыгы түзүлгөн, эл катары калыптангандыгын эске алуубуз керек. Жазуу бу-

лактарынын аздыгынан кыргыз элинин калыптануу проблемасы этногенезин изилдөө өтө кыйын болуп, археологиялык, антропологиялык, этнографиялык материалдар, кыргыз эпосору, кыргыз тилинин тарыхы боюнча иликтенген. Так ушул себептен улам окумуштуулар арасында: Кыргыз эли кантип, качан түзүлгөн деген суроого бирдиктүү жооп жок. Илимде ондон ашуун ар түрдүү божомолдор бар. Аларды *үч негизги топко* бөлүп кароого болот. *Биринчиси*, кыргыз эли «Теңир-Тоого Енисейдин жогорку тарабынын (Миң-Өзөн ойдуңунан) көчүп (миграция) келген» деген пикир. Ушул жобону биринчи жолу орус академиги Г. Ф. Миллер (1705–1783-жж.) «История Сибири» («Сибирь тарыхы») деген эмгегинде жазган. Бул божомолду азыркыга чейин колдоп келгендер бар. Булардын пикири боюнча «Кыргыз» этноними б. з. ч. I миң жылдыктын экинчи жарымында пайда болуп, IX–X кк. Борбордук Азияда Енисейден Байкал, Алтайга чейин кеңири тараган. Кийинчерээк кыргыздар Теңир-Тоо тарапка көчүп, XVI к. биротоло калыптанган элге айланган.

XIX к. бири-бирине көз каранды эмес илимпоздор Ч. Ч. Валиханов, Н. Я. Бичурин, Н. А. Аристов «кыргыздар эч жактан келбестен, байыртадан эле Теңир-Тоодо жашаган уруулардын негизинде калыптанган» деген пикирди айтышкан. Бул *экинчи көз караш*, ал ырааттуу түрдө «Кыргыз ССР тарыхынын» бир нече басылыштарында баяндалган. *Үчүнчү божомол* азыркы илимде кеңири таркаган. Ал 1956-ж. Фрунзе шаарында өткөн кыргыз элинин этногенези боюнча бүткүл союздук илимий-практикалык конференцияда иштелип чыккан. СССР Илимдер академиясынын, Кыргыз ССР Илимдер академиясынын, союздук республикалардын көрүнүктүү илимпоздорунун пикир алмашуусунун натыйжасында төмөндөгүдөй бүтүм чыгарылган: «Кыргыз эли, анын маданияты ... кеминде эки этностук Борбордук Азия жана жергиликтүү Орто Азиялык элементтердин байланышынын аркасында келип чыккан... Кыргыз этногенезинин эң бир түйүндүү учурлары б. з. I миң жылдыгындагы окуяларга туш келет. Бул доордо Кыргызстандын аймагына чыгыштан азыркы кыргыздардын ата-бабалары келип кошулат. Алар бул мезгилде ага чейин калыптанып калган кыргыз тилинде пикир алышышкан». Сессиянын катышуучулары кыргыз элинин негизги түйүлдүгүн же болбосо анын негизги этностук компоненттеринин бири катары борбордук азиялыктарды эсептегенин белгилей кетүү керек. Кыргыздардын этнос-

тук түйүлдүгүнүн чордону борбордук азиялыктардан таркагандыгы жөнүндө маселе али да болсо терең изилденбеген бойдон калууда.

Кыргыз элинин тегин дүйнөдө мындан V миң жыл мурун мамлекет түзгөн шумерлер менен байланыштырган пикирлер да бар. Алар байыркы шумерлердин айрым сөздөрүнүн, ал тургай бүтүндөй сүйлөмдөрүнүн кыргыздын сөздөрүнө окшош экендигине таянышат. Бул пикир да көңүл буруп изилдөөгө татыктуу. Окумуштуулар байыркы шумерлердин шынаа сымал жазуулары менен байыркы кыргыздардын Орхон–Енисей жазууларынын ортосундагы окшоштуктарды да белгилешет. Байыркы шумерлер менен кыргыздардын сөздөрүндөгү жана тамгаларындагы окшоштуктар кыргыз элинин дүйнөдөгү эң байыркы элдерден экендигин айгинелеп турат.

Байыркы шумерлер менен байыркы кыргыздардын тектеш экендигин далилдөө кыргыз элинин тарыхын дагы бир нече миң жылга узартууга мүмкүндүк бермек. Бул үчүн тарыхчылардын, археологдордун, этнографтардын жана тилчилердин биргелешкен аракеттери зарыл.

Кыргыз элинин тарыхы тээ түпкүргө кетери шексиз. Ал жөнүндө жазма маалыматтар азарынча кездеше элек. Түрк тилинде сүйлөгөн элдердин байыркысы катары кыргыздар б. з. ч. III к. кытай элинин жазма булагында эскерилгени анык чындык.

Кыргыздар алгач Чыгыш Түркстанда болжолдуу түрдө Манас суусу агып өткөн өрөөндө жашап, кийин алардын бир бөлүгү Миң-Өзөн ойдунундагы Енисей дарыясына көчүшкөн. Бул жерде кыргыздар европеоид динлиндерди багындырып, аларды өздөрүнө сиңирип алган. Миң-Өзөн ойдуңундагы этномаданий процесстер археологиялык материалдарда кеңири учурайт. Таштык маданияты деп аталган мезгилдин акыркы этабында (III–V кк.) Борбордук Азия тегинин элементтери кыргыз элинин көчүп келиши аркылуу сакталган. III–V кк. жергиликтүү жана көчүп келген этностук компоненттер бир маданий катмарга – Енисей кыргыздарынын маданиятына бириккен.

Кыргыздардын активдүү этностук байланышы Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн доорунда (IX–X кк.) жогорку чекке жеткен. Уйгурларды талкалап, Борбордук Азияны ээлеген. Кыргыздардын аскер колдору туш тарапка жортуулдарды жасаган. Басып алган жерлерге кыргыздардын бир бөлүгү отурукташып, жергиликтүү этностук топтор менен аралашкан.

XII к. азыркы Кыргызстандын территориясына Чыгыштан кара-кытайлар, XIII к. башында наймандар басып кирет. Көрүнүп тургандай, XIII к. чейин азыркы Кыргызстандын аймагында жергиликтүү түрк компоненти өнүгүп, кийин биротоло кыргыз элинин катарына сиңип кеткен.

Кыргыз элинин этностук тарыхынын белгилүү адиси С. М. Абрамзон өзүнүн *«Кыргыздар жана алардын этногенетикалык, тарыхый-маданий байланышы»* деген китебинде төмөнкүдөй жыйынтыкка келген:

1. Кыргыз элинин калыптануу процесси негизинен Чыгыш Теңир Тоодо, Ички Теңир-Тоодо, ошондой эле Памир–Алай (ага караштуу Алтай, Иртыш, Чыгыш Түркстан) тоолуу областтарында өткөн;

2. XIV–XVII кк. калыптанган кыргыз элинин негизин:

а) түрк тилдүү жергиликтүү уруулар;

б) негизинен түрк тилдүү түштүк сибирдик, борбордук азиялык уруулардын көчүп келген тобу;

в) монгол жана казак-ногой урууларынан чыккандар түзгөн.


Көпчүлүк окумуштуулар азыркы кыргыз элинин курамында Енисей компоненти бар экендигин танбайт. Чындыгында Енисей кыргыздары Теңир-Тоодогу кыргыз элинин калыптануу процессине катышкан. Эң башкысы – бул көп кырдуу процессти бурмалоону, кыргыз элинин Енисейден Тенир-Тоого көчүп келүүсүн механикалык түрдө кабыл алып, Енисей жөнүндө, кыргыздардын байыркы мекени тууралуу курулай элестете бербей, чыныгы мекени Теңир Тоо экендигин унутпоо керек.

Кыргыз элинин этногенезинде Борбордук Азия компонентинин калыптануусунун эң байыркы этабында Теңир-Тоолук кыргыздардын Борбордук Азия жана Түштүк Сибирдин түрк элдери, биринчи кезекте Енисей кыргыздарынын уруулары менен генетикалык жактан тектештиги (ага-туугандык) басымдуулук кылгандыгынан кабар берген даректердин мааниси зор. Бул компоненттин өнүгүүсүнүн кийинки ортоңку этабында кыргыздардын Енисейден Алтай менен Теңир-Тоого журт которуусунун мүнөзү жана убагы талаш-тартыш маселе экенине карабастан кыргыздардын Алтайда (кеңири географиялык мааниде) жана Борбордук Азияда кеңири канат жайып жайгашуусу учурунда болуп өткөн этностук процесстер чечүүчү роль ойногону анык. Бул маселелердин биротоло чечилиши үчүн жаңы материалдардын болушу зарыл.

Жазуу булактарынын жана археологиялык табылгалардын маалыматтары боюнча борбордук азиялык көчмөн түрк урууларды миграциясынын жалпы агымына аралаш Чыгыш Теңир-Тоого Енисейлик кыргыздардын айрым топтору көчүп келишкен. Бирок Теңир-Тоодо жана Жети-Сууда бирдиктүү этностук калыптануу процессинин ыргагын монголдордун жортуулу үзгүлтүккө учураткан.

Көз караштардын бирине ылайык, кыргыз элинин калыптануусуна шарт түзгөн этностук процесстердин жандануусу XIII к. аягы – XIV к. туура келет. Кыргыз этносунун өнүгүү чордону Моголстандын түндүк бөлүгү, Алтай аймагы болгон. Бул аймактарда X– XI кк. эле Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн доорунда, Енисейден бул жакка ооп келген кимак-кыпчак жана кыргыз урууларынан турган этно-саясий топ түзүлгөн. Ошол алтайлык кыргыздар XV к. Теңир-Тоого журт которушкан жана аймакта орто кылымдарда калыптанган кыргыз элинин өзөгүн түзүшкөн.

Тарыхый маалыматтар боюнча мына ушул жерде, XV к. аягында, кыргыздардын этно-саясий структурасы – «оң канат» жана «сол канатка» бириккен уруулардын дуалдык уюшулушу кайрадан калыбына келген. Ушул структура келип чыккандан кийин гана кыргыздардын этногенезинин калыптануу процесси аяктайт.




Кыргыз элинин теги *(санжыра боюнча)*.

А. Акаев окумуштуу катары Тянь-Шандык кыргыздар жер которуунун беш толкунунун натыйжасында калыптанып түзүлгөн деген пикирди айткан. Бул пикир боюнча Енисейден келген кыргыздардын *биринчи толкуну* б. з. ч. I к., түндүк хунндардын Чжичжи деген башкаруучусунун жетекчилиги астында жасаган согуштук жүрүшүнүн натыйжасында пайда болгон. Бул процесс б. з. I–II кк. уланган.

Кыргыздардын көчүп келүүсүнүн *экинчи толкуну* VI–VII кк., б. а. Кыргызстандын азыркы аймагына Түрк каганыдыгынын аскерлери кол салган мезгилге туура келет.

Кыргыздардын *үчүнчү толкуну* IX к. аягы жана X к. башындагы «Улуу Кыргыз кагандыгынын» доорунда болуп өткөн. Кыргыз урууларынын *төртүнчү толкуну* Чыңгыз хандын аскерлеринин батышка жасаган жортуулдарына кошул-ташыл жүргөн. *Бешинчи,* сыягы, кыйла ири миграциялык толкун XVII к., Россия тарабынан башталган Түштүк Сибирди өздөштүрүүдөн кийин, Енисейдеги «Кыргыз жер бөлүгүн» Россиянын басып алуу саясатына байланыштуу болгон. Орустардын ал жактагы кыргыз жерлерин басып алуу аракети бир кылымдай аралыкта жүргөн. Ушул учурда Енисейлик кыргыздардын бөлүктөрү Ала-Тоого келишкен. А. Акаевдин пикири боюнча кыргыз урууларынын *экинчи – бешинчи* толкундары Тянь-Шандагы кыргыз элинин калыптанышынын негизин түзгөн.

## 23. МУХАММЕД КЫРГЫЗДЫН (ТАГАЙ БИЙДИН) КЫРГЫЗДАРДЫ БИРИКТИРИШИ

XV–XIX кк. кыргыздар өз алдынчалыгын сактап калуу үчүн күрөшүн уланткан. Ошол мезгилде Орто Азияда, Моголстанда жана Казакстанда олуттуу саясий окуялар болуп өткөн. XV к. тартып, Ала-Тоонун аймагы Кыргызстан катары туруктуу саясий-мамлекеттик аталышка ээ боло баштаган. Ушул мезгилден баштап кыргыздардын уруу башчылары моголдорго баш ийбей, иш жүзүндө өз аймагын башкарууну өз колдоруна ала башташкан. Казакстандын батыш тарабында калааларда жашаган көчмөн өзбектердин ордолору Амир Темир негиздеген мамлекеттин алсыраганынан пайдаланып, ага кол салып, толук ээлеп алышкан. Алтын Ордонун чыгыш тарабындагы көчмөн уруулар XV–XVI кк. Өзбек хандын атынан улам «Өзбек» деген ат менен белгилүү болушкан. Шейбани хандын колун түзгөн көчмөн өзбектер Амир Темирдин урпактарынан бийликти тартып алган.

Амир Темирдин урпагы **Захириддин Бабур (1483–1530-жж.)** өзбек көчмөндөрүнө башкалардан көбүрөөк каршылык көрсөткөн.

Бабур көчмөн өзбектер менен кармашып, аларды нечен ирет жеңип чыккан. Самарканд нечен жолу колдон колго өтүп, акыры 1504-ж. өзбектер Бабурду жеңип, биротоло кууп салышат. Ал Ысар (Гисар) тоолору аркылуу Афганстанга (Кабулга) кетет. Ал жакка анын артынан Орто Азиянын ар бурчунан өзбектердин Шейбани бийлигине кызмат өтөөнү каалабагандардын баары келе берген. Күч топтоп алып Бабур Кабулдан Түндүк-Батыш Индияга (1510-ж. баштап) жортуул жасап, акыры жеңишке жетишип, ал жерде (1526-ж.) **Улуу Моголдор империясын** негиздеген. Бабур 1493–1529-жж. окуяларды камтыган мемуардык «Бабур-наама» деген китеп жазган. Бул китепте Бабурдун өмүр баяны, Орто Азиядагы, Афганстандагы, Түндүк Индиядагы тарыхый окуялар жөнүндө чындык жымсалданбай ачык жазылган. Мында Кыргызстандын саясий тарыхына байланыштуу маанилүү маалыматтар да бар. Андан тышкары Түштүк Кыргызстандын тоолуу аймагын мекендеген кыргыз уруулары тууралуу айтылат. Моголстан мамлекетинде ханзаадалардын ортосунда так талашуу күч алат. Ушул учурда Моголстандын түндүк тарабын кыргыздар ээлеп алат. Мухаммед Хайдар: *«Кыргыздардын айынан Моголстанда моголдордон бир да жан калган эмес»* – деп жазган. 1514-ж. могол хандарынын бири Султан Саид хан Кашкарды басып алып, мырза Абу-Бекрдин бийлигин жок кылган. Бул күрөштө ага **Мухаммед Кыргыз** зор колдоо көрсөткөн.

Ички ырк кетүүдөн жана тышкы душмандардын кесепетинен ыдырай баштаган Моголстандын аргасы түгөнгөн кезде Мухаммед Кыргыз кыргыз урууларынын башын бириктирген. Ал кыргыз уруулары менен уруктарынын биргелешкен күчтөрүн чындоого, кыргыздардын этностук аң-сезиминин өсүшүнө өбөлгө түзөт.

Мухаммед Кыргыз (санжырада Тагай бий деп айтылат) азыркы Кыргызстандын аймагында жашаган кыргыз урууларынын «оң» жана «сол» канаттарын биринчи болуп бириктирип, бекемдеген. Ал 1508-ж. ак кийизге салынып хан көтөрүлгөн. Ушундан кийин ага Мухаммед Кыргыз деген ысым ыйгарылган. Мухаммед кыргыз урууларынын биригишинин келечегин көрө билип, тышкы алаканы да ошого ыңгайлаштырган. Могол хандары Кыргызстанды жана Казакстандын түштүк-чыгыш аймактарын басып алууга ара-

кеттенип жатканда Мухаммед аларга каршы өзүнө ишенимдүү союздаш боло турган казак султандары менен ымала түзө баштайт. Ошондуктан Сыр-Дарыянын жээгиндеги шаарларды, ошондой эл Орто Азиянын отурукташкан аймактарын ээлеп алууга аракеттенген. Шейбанилерге каршы аттанган казак султандарынын жортуулдарында кыргыздар Мухаммеддин жетекчилиги менен активдүү катышат. Кыргыз кошуундары Түркстан, Сайрам, Ташкент, Анжиян, Аксы ж. б. жерлерге чейин жеткен. Түркстанга жортуулдун убагында ал өзбектердин ханзаадасы, ал убакта Самаркандда акимдик кылып турган Кучкунчи хандын уулу Абдулланы колго түшүрүп алып, бирок кайра бошотуп жиберген. Бул Султан Саид хан үчүн кыргыздарды чаап алууга шылтоо болгон. Моголдор ханы кыргыздарды 1517-ж. басып кирген. Анда Мухаммеддин ордосу Ысык-Кљлдүн түштүгүндөгү Барскоон деген жерде болгон. Кармашта кыргыздардын колу талкаланып, Мухаммед колго түшүп, Кашкарга алып кетишет. Бирок ал абакта көпкө деле кармалган жок. Саясий абалды салмактап туруп, Саид хан аны 1518-ж. бошотуп, 1522-ж. өзүнүн уулу Абдар Рашид менен кошо мекенине жөнөтүп жиберет. Ала-Тоо аймагына келгенден кийин Мухаммед кайрадан кыргыз урууларына башчы болуп, моголдорго каршы ого бетер күч топтой баштайт. 1524-ж. кыргыздардын жергесине (Кочкорго) казактардын ханы Тахир келет. Моголдорго каршы Мухаммед аны менен ымала түзөт. Аны билип калып, Султан Саид 1525-ж. Мухаммедди карматып, Кашкарга алдырып, үй түрмөдө кармайт. Ал жерде ал (1533-ж.) хан өлгөнгө чейин болот. Мухаммед Кыргыз баш аягы 14 жыл чет жерде камакта болгону менен эли менен байланышын үзбөй, көздөгөн максатынан баш тарткан эмес.

Ошентип, Могол хандарынын Түндүк Кыргызстанды ээлеп алууга жасаган аркеттери ишке ашкан жок. Кыргыздар казактар менен биргелешип, өз эркиндигин коргой алышкан. Султан Саиддин мураскери Абд аль-Рашид бийликте турганда (1533–1560-жж.) Шейбанилер менен бирге кыргыздарга жана казактарга каршы бир нече жортуул жасайт. Бирде жеңип, бирде жеңилген кыргыз-казак кошуунун Хак-Назар (Касымдын уулу, Тахирдин иниси) башкарган. Андан кийин казактардын колун Тахирдин бир тууганы Буйдаш хан башкарат (1560-ж. чейин). Эркиндик үчүн күрөштө кыргыз урууларынан куралган жоокерлер да өзгөчө өжөрлүк менен салгылашкандыктарын баяндаган тарыхый даректер арбын.

## 24. КЫРГЫЗДАРДЫН ЖУҢГАРЛАРГА КАРШЫ КҮРӨШҮ

XV к. ойроттордун өз алдынча хандыгы түзүлгөн. XVI к. аяк ченинде ойроттор күчөп, (тыргоот, дэрбөт, хошут, чоростордон турган) «Дөрбөн ойрот» («төрт ойрот») союзун түзүшкөн. XVII–XVIII кк. ойрот-калмак баскынчылары Кыргызстанга кайра-кайра талоончул жортуулдарды уюштуруп турган. Теги жагынан монголдордун оң канатына тиешелүү элдерди түрк элдери илгертен эле калмактар, жуңгарлар, ойроттор деп аташчу. Ойроттор Монголиянын батыш тарабындагы кеңири аймакты ээлешкен.

XVI к. баштап калмактар батышты көздөй жылышып, кыргыз, казактардын жерлерине коркунуч туудурат. Кыргызстандын түндүк-чыгыш тарабын жердеп турган Тагай бийдин урпактары менен алардын чек араларына жакындап келген калмактардын ортосунда мезгил-мезгили менен кагылуушулар болуп, эрегишүү күчөгөн. Бул чабыштарда кыргыз колун баштаган **Дөөлөс баатырдын** эрдиктери санжырада айтылып калган.

XVII к. биринчи чейрегинде кыргыз-казак ханы Эр Эшимдин тушунда (туулган жылы белгисиз – 1628-ж.) кыргыздар менен казактардын ынтымагы күчөп, баскынчыларга каршы биргелешип күрөшкөн.

Бул мезгилде кыргыз-казактын биримдигин чыңдап, душманга сокку урууда кыргыз-казак ханы Эр Эшим, арка кыргыздарынын улугу Манап бий, Жарбаң баатыр, Чаа, анжиандык (түштүк) кыргыздарынын чыгаан жетекчиси Көкүм бий ж.б. көп күч жумшашкан. Кыргыз-казактын биргелешкен соккусунан улам калмактар Сибирге чегинүүгө аргасыз болушкан.

1627-ж. ойроттордун ынтымагы ыдырап, кийин калмак аталып кеткен тыргооттор батышты көздөй Волгага (Эдил), хошуттар Тибетке көчүп, конуш которот. Чоростор Жуңгарияда калат. 1635-ж. ойрот-калмактардын кубаттуу мамлекети – Жуңгар хандыгы түзүлөт. Чачкынды ойрот уруулары Эрдени Батур коңтайшынын (1635–1653-жж.) бийлиги алдында биригип, 1643-ж. алардын жер жайнаган аскери (50 миң) кыргыз, казактын жерине басып киришкен. Айылдарын талкалап, талап-тоноп, андан ары Орто Азиянын ичкери жагына чапкынын улантат. Кийинки 1644-ж. чейин созулган бул кыргында кыргыз, казак калкы жан аябай салгылашышкан. Бир нече жолку оор салгылашуудан кийин

казак султаны Жаңгир менен Самарканд акими Жалаңтөш баатырдын бириккен колу жоого сокку уруп, чегинүүгө мажбур кылган. Кыргыз, казактардын жунгарлар менен кийинки кагылышуусу 1652-ж. туура келген. Кан суудай аккан ошол салгылашта сансыз көп эрлер курман болгон.

1653-ж. Батур коңтайшы көз жумгандан кийин ойрот-калмак төрөлөрүнүн ортосунда бийлик талашкан күрөш күчөйт. Ушул учурдан пайдаланып Орто Азия акимдери калмактарга сокку урууну чечет. 1658-ж. Абдышүкүр башкарган өзбек колу (38 миң) Талас өрөөнүнө келип, Кулан-Жылан деген жерде калмак аскери менен беттешет. Ошондо кыргыздар менен казактар өзбектерге кошулуп салгылашышкан. Бирок бул кармашта Абдышүкүр набыт болуп, бирдиктүү башкаруудан ажыраган кошуун чегинүүгө мажбур болот. Айыгышкан салгылашта дарманы кеткен калмактар аларды андан ары куугунтуктай албай калат.

Коңтайшы Галдан Бошоктунун (1670–1697-жж.) тушунда калмак феодалдары кыргыз, казак журтуна бир нече жолу кол салат. 1678-ж. ал Орто Азия менен Чыгыш Түркстанды каратып алууга аракеттенет. 1680-ж. Жаркентти каратат. 1681–1683-жж. Сайрамды (азыркы Чымкент шаарына жакын) камап, бирок ала алган эмес. Жинденген Галдан Бошокту эми Анжиянга аттанат. Жолдо калмактар Ошту ээлешет. Анжиянды өзбектер менен кыргыздар жан аябай коргошот. Шаарды ала албагандан кийин кайра Сайрамга келип, жан аябай чабуул коё берип, акыры багындырып тынат. Миңдеген сайрамдыктар кул болушат. А кыргыз жерине көп күч жумшаганы менен калмактар өз бийлигин орното алган эмес.

1644-ж. тартып калмактар өз көз каранды эместигин коргош үчүн Кытайды башкарып турган манчжурлар менен кармашат. Бул согуш 1697-ж. чейин, 55 жылга созулган.

Кыргыз, казактар менен жуңгарлардын ортосунда мамилелер Цеван Рабдандын (1697–1727-жж.), айрыкча Галдан-Церендин (1727–1745-жж.) тушунда кайрадан кескин курчуп кетет.

XVIII к. башында Жуңгар хандыгынын манчжурлар менен согушуп алсыраганын сезген кыргыз, казактар калмактарга тарттырып жиберген жерлерин кайтарып алууга аракеттенишет. Бирок 1727-ж. алар жуңгар баскынчыларынын (60 миң аскер) жаңы чабуулуна туш болуп жеңилип калышат да, Теңир-Тоолук кыргыздардын бир бөлүгү Ферганага,

Тажикстанга, казактардын кыйласы Бухара, Кожент, Самаркандга кире качат. Казак хандарынын ордо шаары Түркстан душмандардын колунда калган. 1723-ж. Ысык-Көлдүн чыгыш тарабын Цеван-Рабдан каратып алган. Ошол кезде элде: *«Казак кайың сааганда, кыргыз Ысар киргенде»* – деген лакап сөз калган. Анткени кыргыздар Тажикстандагы Ысарга (Гиссар) качып, казактар ачарчылыкта кайыңдын суусун (ширесин) агызып ичип жан баккан экен.

Калмак феодалдарынын баскынчылык саясатына кыргыздар коргонуу менен гана жооп берген жок. Ыгы келген жерде алар да чабуул коюп турган. Маселен, 1747-ж. Акмат бий баштап барган кыргыз кошууну (10 миң) Кашкар тараптагы калмактарды талкалап, жеңиш менен кайтат.

Калмактар менен кыргыздардын ортосундагы чоң согуш 1748–1749-жж. туура келет. Ал согушту негизинен кашкарлык кыргыздар жүргүзгөнү белгилүү. Адегенде Зайсан Доржи, кийин Лама Доржи башкарган жуңгар колу согушта жеңилип, көп аскеринен ажыраган. 1749-ж. калмактар кыргыздарга каршы 27 миң аскерин жиберген. Жортуул үч айга созулуп, кайрадан баскынчылардын жеңилүүсү менен аякталган. Бул ири жеңиштер кыргыз-калмак мамилелеринин тарыхындагы бурулуш мезгилдин башталышы, т. а. Ата Журтту баскынчылардан толук бошотуунун башталышы эле. Бирок Жуңгар хандыгы бытыранды кыргыз, казак урууларына караганда али кубаттуу эле, ошондуктан алар XVIIк. экинчи жарымынан XVIIIк. биринчи жарымына чейин калмактардын бийлигине моюн сунуп, оор салыктарды төлөп турган.

Хандыктагы ич ара саясий ынтымактын бузулушу, ошондой эле Орто Азия жана Чыгыш Түркстандын калкынын, т. а. кыргыз, казак, өзбектердин көз каранды эместик үчүн тынымсыз күрөштөрү Жуңгар мамлекетинин алын кетирип салган. Бул мезгилде калмактарга каршы кыргыздардын күрөшүнүн башында Маматкул, Тынай, Жанболот, Качыке, Кошой, Нышаа, Бердике, Туубий, Каработо ж. б. турган.

1757–1758-жж. калмактар Кытай тараптан катуу, кыйраткыч соккуга кабылат. Бул согушта Жуңгар хандыгы кыйрап жок болот. Бир миллионго жакын т. а. калмак калкынын 70 проценти (кээ бир маалымат боюнча теңи) ырайымсыздык менен өлтүрүлөт. Аман калганы Россияга, Орто Азияга качат. Алардын бир бөлүгү кыргыз журтуна баш калкалап, кийин сарт калмак деген жаңы урууну түзгөн. Алар

азыр Каракол шаарына жакын жерде жашашат. Чыгыш Түркстанды басып алгандан кийин Цин бийлиги бул аймакты Синьцзян (кыргызча жаңы чек, жаңы ээлик) деп атаган. Ал эми ага чейин Кашкарды башкарып турган Кожо Ферганага кире качат.

Жуңгар хандыгын талкалаган соң, Цин бийлиги Чыгыш Түркстан жана Орто Азия элдерин багындырууга умтулуп, кыргыз, казак, өзбектерге коркунуч туудура баштайт.

Кыргыздар XVIII к. 50-ж. аяк ченинен тартып кубаттуу күчкө айланганда, Чыгыш Түркстанда жергиликтүү элдердин кытай баскынчылыгына каршы күрөшүнө зор колдоо көрсөтүп турган. Цин бийлик төбөлдөрү бекеринен кыргыздарга кылдаттык менен абайлап мамиле кылып, аларды тынчтык сүйлөшүүлөр аркылуу өз тарабына тартууга же бейтарап кылууга аракеттенишкен эмес.

Сарыбагыштын бийи **Атаке баатыр** калмак баскынчыларына каршы күрөштө түндүк кыргыз урууларына башчылык кылган, жоонун жортуулдарынын маалында бүлгүнгө учураган, чачыраган элдин башын бириктирүүгө жана ошол кыйын кезенде көз каранды эместик үчүн кармашта кыргыздарга арка бел боло ала турган мамлекет менен мамиле кылууга көп күч жумшаган.

Кыргыз жеринде туруктуу жашаган кытай аскери, аскердик чептер, турак жайлар болгон эмес. Кытай аскерлеринин зордук-зомбулугуна кыргыздар татыктуу жооп кайтарышкан. Кытай аскери менен кыргыздар биринчи жолу 1758-ж. кагылышат. Цин генералы Чжао Хойдун кошууну качкан калмактарды куугунтуктоону шылтоо кылып Иле өрөөнү аркылуу Санташ ашуусунан өтүп, Ысык-Көл кылаасына кирип келген. Көлдүк уруулар айыгышкан согуштан кийин кытай аскерлерин кыргыз жерин таштап кетүүгө мажбур кылган. Кыргыздарды күчкө салып багындыра албасына көзү жеткен Кытай бийлиги алар менен тынчтык байланышты түзүүгө аракеттенет. Генерал Чжао Хойдун демилгеси боюнча түндүк кыргыздар 1758-ж. өз элчилерин Пекинге жөнөткөн. Элчилердин курамында: солто уруусунан Нышаа баатыр (ал кытай тилин жакшы билген) бугу, сарыбагыштын атынан Черикчи Темир уулу (делегацияга башчылык кылган), Төрөке (чекир саяктан), Шүкүр (кушчу) болгон. Бу элчилерди атайын жабдып, Кытайга жөнөткөн ошол кездеги түндүк кыргыздарды бийлеп турган **Маматкул бий** болгон. Элчилерди Кытай императору Цянь-Лунь жылуу кабыл алат.

Элчилер кытай бийлигине мурда жуңгарлар басып алган жайыт-конуштарды кайтарып берүү өтүнүчү менен кайрылышат. Кытай императору териштирип көрөйүн деген убада берген. Бирок кыргыздар элчилерди, императордун жообун күтүп олтурбай эле ал жерлерди ээлеп алышкан.

Чыгыш Түркстанда Кытайдын бийлиги орногондон кийин андагы кыргыздардын бир бөлүгү Кыргызстанга журт которот. Алсак, 1760-ж. миңден ашуун кыргыз Кашкардан Ат-Башыга көчүп келген. Чыгыш Түркстандык кыргыздар, уйгур, казак, өзбек, дунгандар менен бирге Цин үстөмдүгүнө каршы күрөшкө дайыма катышып турган.

Цин баскынчыларына каршы күрөштөн Анжиян-аксылык, алайлык кыргыздар да четте калган эмес. Алар өзбектер менен биргелешип, душмандын мизин кайтарып турушкан. Мисалы, 1759-ж. кыргыз, өзбек колу Ферганага кирип келген манчжур аскерлерине оор сокку урган. Натыйжада 9 миң кытай аскерлеринин 7 миңи өлтүрүлгөн. Ошентип, Цин баскынчыларына каршы кыргыз, казак, өзбек элдеринин биргелешкен күрөшүнүн натыйжасында душман Орто Азияны басып ала алган эмес. Бул күрөш элдин эсинде эркиндиктин мезгили катары түбөлүккө сакталып калды. «Манас» эпосунун бөлүмдөрүндө жана кенже эпостордо манчжурлар менен болгон көптөгөн салгылашуулар баяндалат.

XVII–XVIII кк. ойрот-калмак баскынчыларына каршы күрөштө кыргыз, казактар бирге болушканын айттык. Бирок Жуңгар хандыгы кыйрагандан кийин эзелтен ирегелеш жашаган эки элдин ынтымагына доо кеткен. Эми кыргыз, казак феодалдары калмактардан бошотулган жайыттарды, конуштарды талашып, өз ара чатакташа башташат. Бул чатактын ырбашына эки элди кайраштырып турган Цин төрөлөрү да күнөөлүү. Бул чатактан кыргыз, казак калкы чоң запкы тартты.

## 25. КЫРГЫЗ-КАЗАК ЧАБЫШТАРЫ (XVIII к. ортосу XIX кк. ортосуна чейин)

1760-ж. башында Орто жүз казактарынын султандары кыргыздарга жортуул уюштуруп, көп олжолуу болушкан. Буга жооп кылып 1764-ж. кыргыз феодалдары Улуу жана Кичи жүз казактарынын Иле өрөөнүндөгү урууларына үч жолу бүлгүн салган. Ошол эле жылы Орто жүздүк султан Каработо

бий Чүй этегиндеги жана Талас тараптагы кыргыздарга жортуул уюштурган.

XVIII к. 70-жж. казак, кыргыз кагылыштары өтө күчөп кетет. Ошол кезде Аблай хан (1771–1781-жж.) Орто жүздө өз бийлигин орнотуп, Улуу жүздүн казактарын да баш ийдирүүгө умтулуп турган. Анын кыргыздарга каршы уюшулган жортуулдары бир нече жолу жеңишке жетишкен.

1775–1776-жж. Аблай көп аскер топтоп (болжолу 30 мин), таластык жана чүйлүк кыргыздарга кол салат. Ошондо солто, сарыбагыш, саяк, бугу, чоңбагыш, азык жана башка уруулардан топтолгон, **Жайыл баатыр** (1705–1770-жж.) башчылык кылган кол жан аябай салгылашкан. Бул кармаш жөнүндө эл арасында «Жайыл кыргыны» деген аңыз кеп айтылып калган. Аблай адегенде Таластын башы аркылуу кыргыздарга кол салып, Кара-Балта, Сокулуктагы солто менен саяктардан айылдарын талап тонойт. Чечүүчү салгылашуу Ак-Суу жана Кыз тууган өзөндөрү Чүй суусуна куйган түзөңдө өткөн. Кан суу-дай аккан бул салгылашта солто уруусунун колбашчысы Жайыл баатыр жана анын уулдары Үсөн менен Теке баатырларча курман болушкан. Бул жортуулда Аблайдын колу Чүйдү, Кеминди, Ысык-Көлдүн этегин, Кочкорду чаап, Соң-Көлгө чейин жеткен.

Аблайдын аскерлери менен болгон салгылашууда сарыбагыш уруусунун колбашчысы Абайылда баатыр, Жайыл баатырдын күйөө баласы – Атаке баатыр да активдүү катышкан. Кармаш казактардын жеңиши менен аякташына карабастан, алар кыргыздарды биротоло басып ала алышпады. Аблайдын аскерлери менен болгон салгылашууларда солто уруусунун ичиндеги бөлөкбай, талкан уруктарынын түпкү атасы Чаанын урпагы **Бишкек баатыр** эрдик менен кармашкан.

Аблай хан өлгөндөн кийин анын колбашчыларынын бири Бердикожо жетекчилик кылган кол, таластык кыргыз айылдарын кыйратып, миңдеген малды, дүнүйө-мүлктү олжо кылат. Бирок кыргыздарга каршы бир жортуулда Бердикожо жеңилип, туткунга түшүп өлтүрүлгөн.

XVIII к. аягынан XIX к. ортосуна чейин кыргыз-казактын ортосунда салыштырмалуу тынчтык орногон. 1841-ж. күзүндө казактын бирдиктүү мамлекетин түзүү ниетинде Кичүү жана Орто жүздүн таасирдүү адамдары Кененсарыны хан көтөрөт. 1846-ж. Кененсары хан улам жакындап басып келе жаткан орустарга каршы биргелешип согушалы деген сунуш

менен Ормон ханга элчи жиберет. Ормон бийлеген түндүк уруулары кеңешип, Кенесарынын орустарга каршы чакырыгына макул болууга мүмкүн эместигин чечишет. Муну уккан Кенесары 1846-ж. жазында Норузбай, Эржан баатырлары менен кыргыздарга жортуул баштап, солто, сарыбагыш урууларын канга бөлөйт. Боюнда бар аялдардын ичин жарып, кемпир-чалдарды, жаш балдарды өлтүрөт.

1847-ж. жазында Кенесары 20 миндей колу менен Чүй өрөөнүнүн этегин түрө чаап келип, азыркы Токмок шаарынын түндүк жагындагы Текеликтин сеңирине жакын, азыркы Шор-Дөбө, Май-Дөбө деген кыштактар турган жерде жайланышып, жаңы чабуулга даярдана баштайт.

Кенесары чабуулун жүргүзүп атканда Бишкек, Токмок чектериндеги Кокон хандыгынын аскерлери өздөрүнүн букаралары болгон кыргыз элин баскынчылардан коргоо, чабышты токтотуу үчүн эч кандай аракет кылбай, чептерине бекинип жатып алган.

Кыргыз билермандары кол курап Кенесарынын чабуулун тосот. Бул согушта кыргыз колун Ормон хан, Жантай, Жангарач жетектейт. Бул согушта Ормон хан колбашчы катары айлакердигин көрсөтөт. Жоонун үшүн алыш үчүн ал жигиттерди он-он бештен топ-топко бөлүп, Шамшы, Онбир-Жылга тоолоруна жиберип, күндүзү чычырканак, карагай-тал сүйрөтүп, чаңды асманга буратат. Түн кире ар бир жоокерге өз-өзүнчө алоолонтуп от жактырат. Мунусу түмөндөгөн аскер тоо ашып келип, өргүп жаткандай таасир калтырат.

Ормондун бул айласы казак колун катуу сестентет. Казак колу түн жамынып четинен кача баштайт. Ушундан кийин кыргыздар чабуулга өтөт. Кан суудай аккан бул кармашта кыргыздар жоону сүрүп отуруп Мыкандын Кара-Суусундагы сазга (азыркы Кен-Булуң кыштагынын түндүк жагы) маташат. Душмандын көбү сазга тыгылып өлөт. Аман калгандары колго түшүп беришет. Кенесары менен Норузбайды сарыбагыштын чечей уругунан Дайырбек, жарбаң уругунан Калча, Ак сакал деген жигиттер колго түшүрүшөт. Ошентип, өзү келип катылып, тынч жаткан элди ырайымсыздык менен кырган Кенесары жакын адамдары менен кошо өлтүрүлөт. Кенесарынын колун талкалагандыгы үчүн орус өкмөтү Ормон хан менен Жантайды алтын медаль, алтын жип менен саймаланган чепкен менен сыйлаган. Бул согушта көрсөткөн эрдиги жана Кенесарыны туткундагандыгы

үчүн Дайырбек баатыр, Калча баатыр, Ак сакал баатыр баштаган он үч жигит алтын медаль менен сыйланышкан. Согуш бүткөндөн алты ай өткөндөн кийин 1847-ж. 22-августта казактардын Копал чебинде (азыркы Талды-Коргон шаары) орус өкмөтүнүн ортомчулугу менен кыргыз-казак калкынын ортосунда тынчтык келишими түзүлгөн. Кыргыз-казак чабыштары боордош эки элдин башына каран түн түшүргөн кайгылуу окуя катары тарыхта калды.

Бул чабышта сабак алган эки элдин мыктылары кыргыз-казак мамилелерин бекемдөө үчүн көп аракеттерди жасашкан. Натыйжада, XIX к. ортосунан Совет бийлиги орногонго чейин кыргыздар менен казактардын ортосунда боордоштук мамиле, ынтымак арткан. Бул иште кыргыздын казак элине канаатташ жашаган сарыбагыш уруусунан Шабдан баатыр, Сооронбай уулу Дүр, Солто элинен Байтик баатыр, Бошкой уулу Өзүбек, Таластагы кушчу уруусунун билерманы Бөлөкбай бий ж. б. көп эмгек сиңиришкен.

## 26. КОКОН ХАНДЫГЫНЫН ПАЙДА БОЛУШУ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

Кокон хандыгынын тарыхы боюнча 1709-ж. Фергана өрөөнүнүн борбордук бөлүгүндө (Маргалаң чөлкөмүндө) көчмөн феодалдардын жардамы менен Шахрух бий башкаруучу болуп жарыяланган. Санжыра боюнча ал айтылуу Бабурдун урпактарынан болгон.

Бийликке келген Шахрух бий Кокон хандыгынын негиздөөчүсү болуп калат. Бул жерде белгилей кетчү нерсе XVIII к. башында Коженттин бийлөөчүсү кыргыздын чоңбагыш уруусунан чыккан **Акбото бий** болгондугу тарыхый булактарда маалым. Ал Шахрухтун Зейнеп деген кызына үйлөнүп, Кокон амирлигинин негиздөөчүсүнүн күйөө баласы болгон. Көчмөндөрдүн салтында күчтүү бийлөөчү гана башка бий ата-андашынын кызын аялдыкка алуусу шарт экендиги маалым. Мындан биз Шахрухтун бийликке келишине Акбото бийдин чоң жардамы тийгендигин божомолдосок болот.

Кокон хандыгын негиздеген Шахрух бий 1721-ж. дүйнөдөн кайткан. Анын ата-бабалары XVI к. башынан бери миң уруусунун расми бийи аталып келишкендиктен, кийинки адабияттарда, айрыкча, советтик тарыхнаамада Кокон хандыгын негиздегендер көчмөн өзбектердин миң уруусунун бийлери болгон, ошого байланыштуу «Кокон хандыгы – өзбектердин хандыгы» деген түшүнүк калыптанган.

Чынында 1709-ж. тартып 1800-ж. чейин өзүлөрүн бий деп атап келишкен Кокон башкаруучулары ата жагынан тимурий, ал эми эне жагынан миндер болуп чыгышат. Кокон ханы Алим хандын (1800–1809-жж.) тушунда калыптанган генеалогиялык санжыра тимурид тукуму Алтын Бешикти асырап алышкан миңдердин, кыргыздардын, кыпчактардын жана жүздөрдүн аталышы. Алардын Фергана чөлкөмүндө XVI к. баштап эле саясий чөйрөдө тең аталык укукка ээ болгондугунан кабар берет. 1709–1876-жж. өкүм сүргөн Кокон мамлекетинин өнүгүүсүн үч доорго бөлүп кароо ылайыктуу. Алар төмөнкүлөр:

1. 1709–1800-жж. Кокон мамлекетинин түптөлүшү. Бул мезгилде Кокон амирлиги өз алдынча мамлекет катары саясий-административдик жактан калыптанып бүткөн, социалдык-экономикалык жактан чыңалган. Фергана чөлкөмү Кокон мамлекетине биротоло бириккен.

2. 1800–1840-жж. Кокон хандыгынын өнүгүшү жана гүлдөө мезгили. Кокон мамлекети саясий-административдик жактан күчтүү өнүгүп, ички-тышкы саясаты чыңалган. Фергана өрөөнүнүн экономикалык абалы бекемделген. Кокон хандыгы Фергана өрөөнүнөн сырткары жактарды караткан.

3. 1842–1876-жж. Кокон мамлекетиндеги социалдык-саясий кризистердин күчөшү жана хандыктын кулашы. Бул мезгилде социалдык, феодалдык жамааттар аралык карама-каршылыктардын өсүшү, мамлекеттик түзүлүштүн бошондошу, борбордук бийликтин феодалдык эзүүсүнүн күчөшү, саясий кризистерге, элдик көтөрүлүштөргө алып келген. 1873–1876-жж. элдик кыймыл Кокон мамлекетин биротоло кулаткан. Ошонун натыйжасында Фергана өрөөнүн орус колонизаторлорунун каратып алышына ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

1741–1750-жж. Фергана өрөөнүнө калмактар бир нече жолу басып киришкен. Мындай тышкы коркунучтун мезгилинде Кокон – Кыргыз союзу түзүлгөн. Кокон бийи Абдукарим, Оро-Төбөнүн акими Фазыл бий Ферганалык кыргыздар жана кыпчактар менен бирдикте калмактарды Ферганадан куул чыгышкан. Айыгышкан күрөш айрыкча Аксы тарапта болгон. Бул жерде кутлуксейит уруусу калмактарга активдүү каршылык көрсөткөн.

Фергана аймагынын Бухара хандыгынын карамагынан биротоло бөлүнүп чыгышы Ирдана бийдин (1751–1770-жж.) ишмердиги менен байланыштуу. 1754-ж. Бухара эмири Мухаммед-Рахим, Кокон эгеси Ирдана бий жана кыргыздын

кушчу-мундуз урууларынын улугу **Кубат бий** тең укуктуу тектүү шериктер катары Оро-Төбөгө чогуу жортуул уюштурушкан. Кубат бий Ирдананын оң колу делип эсептелген.

Гиссардын беги Мухаммед Эмин-бий айла-амал салып алардын ортосуна от жагат. Айлакер бектин көксөгөн максаты ишке ашып, көп өтпөй шериктер бири-биринен кол үзүп, туш тарапка кетишет. Ошол кезде кушчу уруусунун журту Анжияндын айланасындагы, кеңири өрөөндү кучагына алган. Ирдана менен мамилени үзгөн соң Кубат бий өз алдынча элдин улугу, мырзалардын чыгааны катарында ак тоолук кожолор тарабында Кашкардагы саясий окуяларга катышат. Ал тургай убактылуу Кашгарга аким болот. Кубат бийдин кушчуларды дале болсо бийлеп тургандыгы тууралуу акыркы маалыматтар 1785-ж. таандык. Кубат бий XVIII к. экинчи жарымындагы кыргыз уруу жолбашчыларынын эң атактуусу, мыктылардын мыктысы, көптү билген көрөгөчү, акылманы катары коңшу элдерге аттын кашкасындай таанымал, кадырман адам болгон. Ал өзүнүн кушчу уруусунан тышкары Анжиян-Аксы тараптагы бөлөк урууларга дагы баш-көз болуп, жалпы кыргыз калкы, анын келечеги үчүн кам көргөн. Кубат бий Кокон, Бухара, Кашкар акимдерине эч качан баш ийген эмес, алар менен тең ата катары өз элине өз бетинче сурак жүргүзчү, коңшу өлкөлөр менен каалагандай достошуп, каалагандай касташчу. Анын эр жүрөктүгүн, тайманбастыгын, албарс кылычтай курчтугун адилет баалаган өкүмдарлар кезинде ага «Бахадур-бий» ысымын ыйгарышкан.

XVIII к. экинчи жарымында кокондуктарга каршы көз каранды эместик үчүн күрөштө эл башында туруп даңкы далайга кеткен кыргыз мыктыларынын дагы бири **Ажы бий (Ажыбек)** болгон. Кытайлык географтын (XVIII к.) жазган маалыматтарына караганда кыргыздардын адыгине уруусунун чыгааны Ажы бийге Бухарадан күн чыгышты көздөй кеңири аймакты жердеген 200 миң кыргыз баш ийчү. Кайсы бир жылы ал эли менен бирге кытай букаралыгына өтмөк болот. Бирок кийин ал мындай ойдон баш тартып, Алай жана Ош аймактарындагы бардык кыргыз урууларын ынтымакта бийлеп турган. Ал Бухарадан, Стамбулдан билим алган.

1758-ж. Ирдана бий адыгине уруусунун бийи Ажы менен өнөктөш болгон. Мындай өнөктөштүк татаал саясий кырдаалда чоң роль ойногон. 1759-ж. кеч күздө кытай жазалоочулары Кашкардагы көтөрүлүшчүлөрдү куугунтуктап Ферга-

нанын чыгыш тоо этектерине кирип келишет. Кыргыздардын жана кокондуктардын биргелешкен күчү 9 миң жазалоочунун 7 миңин кырып салган.

1759–60-жж. кытай географтарынын берген маалыматтары боюнча Фергана чөлкөмү Анжиян, Маргалаң, Наманган, Кокон вилайеттерине бөлүнүп, ал эми Оро-Төбө, Кожент кээде Коконго, кээде Бухарага баш ийип, ара-чолодо өз алдынча болуп турган. 1755–1758-жж. Цин империясы Чыгыш Түркстанды каратып алгандан кийин Кокон-кытай дипломатиялык байланышы түзүлөт. Ирдана бийдин мезгилинде Фергана өрөөнүндө экономикалык абал жакшырат. Алыксалык системасы тартипке келтирилет. Кокон салыштырмалуу чоң шаарга айланып, 1760-ж. мында 20 миңден ашуун түтүн эл жашаган, 4 медресе, караван сарай курулган.

## 27. КОКОН ӨКҮМДАРЫНЫН БАСКЫНЧЫЛЫК САЯСАТЫ.

XVIII к. 60-жж. Ирдана бийдин Ферганадагы ийгиликтүү согуштук аракетинин жана басып алуучулук тышкы саясатынын натыйжасында, кокондуктардын ээлиги кеңейип, күч-кубаты артат. Ушундай кырдаалда Кокон улугу кыргыз уруулары менен ынтымагын бузуп, аларды күчтөп багындыруууга жана кыргыз жеринин эсебинен өз ээлигин кеңейтүүгө күч үрөп киришкен. 1760-ж. Ирдана бий кыргыз-кыпчак уруусуна догун артып, Аман бийди туткунга түшүрөт да узак убакыт аны камакта кармайт. Ошондо Аман бийдин иниси Эмир бий агасын туткундан куткарып алыш үчүн Кокон аскерлери менен кагылышуудан баш тарткан эмес.

Кокон төрөлөрү менен кыргыз бийлеринин ортосундагы мамилелер жылдан жылга курчуй берген. 1762-ж. Ажы бий Кокон улугуна каршы чечкиндүү күрөш баштоого бел байлап, Маматкул, Черикчи жана Темиржан бийлерге кайрылат. Бирок бийлер ынтымакка келбей, Коконго кол салмак түгүл ич ара чатактары менен алек болушат. Кыргыздардын ыйкы-тыйкысын эптүүлүк менен пайдаланып, Ирдана бий 1762-ж. кыргыздарга тиешелүү Өзгөн жана Ош шаарларына жортуул уюштурат. Жортуул учурунда Кокон аскерлерине ичкилик адыгине, моңолдор урууларынын улугу Ажы бийдин колу катуу каршылык көрсөткөн. Бир нече жолку салгылашуудан кийин көп жоготууларга дуушар болгон кыр-

гыз жоокерлери тоо тарапка чегинет. **1764-ж.** Кокондун акими Кожентке жортуулга кеткенде коргоосуз калган Кокон ээлигине Ажы бий капилеттен чабуул коёт. Ал эми Кокон аскерлери орто жолдон кайта тартып, кыргыздарга согуш баштайт. Салгылашуу учурунда кыргыз колу жеңилип калат. Бирок көп өтпөй Ош аймагы кайрадан кыргыздардын карамагына өтөт. Ошо кезде Ош шаарында 40 үйлүү гана өзбек жашаган.

Кокондук төрөлөр кээде кыргыздарды тынчтык жолу менен өз тарабына тартуу үчүн аларга ар кандай иш берип, наам-даражаларды ыйгарчу, алык-салыктарды жеңилдетчү, жакшы жайыттарды убада кылчу. Натыйжада айрым кыргыз уруулары өз ыктыяры менен хандыктын карамагына өткөн.

Арийне, Түштүк Кыргызстандын көпчүлүк чөлкөмдөрү күч менен баш ийдирилгени талашсыз. Ал эми хан бийлигин каалабаган жана ага каршылык көрсөтүүгө дарманы жетпеген кыргыз уруулары Кыргызстандын түндүгүнө журт которуп кетет. Алсак, Жуңгар хандыгы талкаланып, кыргыз жери ойрот-калмак баскынчыларынын таасиринен биротоло кутулгандан кийин жана кокондуктардын кол салуу коркунучу күч ала баштаганда Анжиян аймагын сарыбагыш урууларынын ич ара чыры, талаш-тартышы күчөп, кыргыздар менен улуу жүз казактарынын чатагы тынбай турганда, кокондук хандар мындай абалды оңой пайдаланган. **1825-ж.** Чүйгө Лашкер Кушбеги (кошуун беги же аскер башчы) башчылык кылган аскер жөнөтүп, ички биримдиги жок чүйлүк кыргыздарды басып алган. Душман менен бир нече жолку кагылышта жеңилүүгө дуушар болуп, айбат кылуудан эч майнап чыкпасына көзү жеткен сарыбагыш, солто урууларынын бир бөлүгү хандын бийлигин таанууга аргасыз болот. Ал эми сарыбагыштын экинчи бир бөлүгү баскынчыларга багынып берүүнү каалабай, Атаке бийдин балдарынын жолбашчылыгы астында Ысык-Көл аймагына журт которуп кетет. Чүй өрөөнүнүн түшүмдүү жерлерине кызыккан кокондуктар ошол эле жылы Аламүдүн суусунун жээгине **Бишкек коргоонун** куруп, ал жерге аскер бөлүктөрүн калтырат. Көп өтпөй алар көлдүк кыргыздарга элчи жиберип, багынып берүүнү талап кылат, бирок тескери жооп алгандан кийин, Кокон хандыгы 1831-ж. Ысык-Көлгө, Нарынга эки тараптан жортуул уюштурат. Кокон кошуунунун акими Лашкер Кушбеги баш болгон бир бөлүгү Ташкент, Чымкент, Олуя-Ата, Чүй өрөөнү

аркылуу Ысык-Көлгө келген, ал эми хандын аскерлеринин экинчи бир бөлүгүн Хак-Кула баштап, алар Ферганадан чыгып Көгарттын белин ашып, Ак-Талаа, Ат-Башы, Нарын, Жумгал, Кочкорго чейин келип кыргыздарга бүлүк салышкан.

Ошентип, кокондуктардын Теңир-Тоону аралай чаап оңой эле жеңишке жетишүүсүнө кыргыздардын бытырандылыгы, уруулар ортосундагы талаш-тартыштар, алардын ынтымагынын жоктугу себеп болгон. Айрым түшүнүгү тайкы, өзүмчүл кыргыз төбөлдөрү өзүнө жакпаган урууну Коконго басып берүүнү көздөгөн. Ал кезде сарыбагыштар менен саяктардын, саяктар менен бугулардын тирешүүсү аябай курчуп турган эле. Алардын чатагын душмандар эптүүлүк менен пайдаланып, аларды бири-бирине тукуруп, жалгыздатып баш ийдирген. Жаңы аймактарды бекемдөө үчүн кокондуктар (Бишкек, Токмок, Ак-Суу, Чалдыбар, Кара-Балта, Мерке, Ат-Башы, Куртка, Тогуз-Торо, Кочкор, Жумгал, Суусамыр, Тоң, Жаргылчак, Тамга, Барскоон, Каракол) чеп коргондорун курган.

## 28. КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КОКОН ХАНДЫГЫНЫН ЭЗҮҮСҮНӨ КАРШЫ КҮРӨШҮ

Кокондуктардын жылдан жылга көбөйгөн өлчөөсүз салыгы, залимдиги элет элинин жанына батып кыжырын кайнатты. Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө каршы кыргыз элинин боштондук күрөшү XIX к. 30–40-жж. күч алган. Ал жылдарда кокондук баскынчыларга каршы Нарындын төрүн жердеген саяк уруусу катуу каршылык көрсөткөн. Анткени саяктар буга чейин Чыгыш Түркстандагы цинь-манчжур бийлигине каршы кыймылга, Жаңгер Кожонун Кашкарга жасаган жортуулуна такай катышып, аскердик уюмдашуу жана курал-жарак топтоо жагынан кыйла такшалып калышкан.

XIX к. 20-ж. Жаңгер Кожонун кытайларга каршы көтөрүлүшү жеңилип, ал баш калкалоо үчүн Ак-Талаадагы Тайлактын айылына келет. Анын артынан Кытайдын генералы Баян-Бату баштаган жазалоочулар жөнөтүлөт. 400 адамдан турган кытай аскерлери Тайлактын жоктугунан пайдаланып, Ак-Чийдеги айылын кырып, мал-мүлкүн талап кетишет. Окуяны уккан Тайлак баатыр өзүнүн чакан жигиттери менен баскынчыларды Орто-Сырттын Ойнок-Жар деген капчыгайынан кууп жетип, кытай аскерлерин генералын баш

кылып толук кыргынга учураткан. Ал кезде Тайлак баатыр 26 гана жашта болгон.

Ушундай салгылаштарда такшалган Тайлак агасы Атантай менен Кокон хандыгынын баскынчылык саясатына каршы элдик көтөрүлүштү жетектейт. Көтөрүлүшкө Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Нарын, Ат-Башыдагы кыргыздар активдүү катышкан. Элдик кыймылдын башталышына кокондуктардын 1831-ж. жортуул учурундагы аёосуз талап-тоноолору, адам чыдагыс зөөкүрчүлүктөрү, көрсөткөн кордуктары себеп болгон.

1831-ж. Хаккула баштаган 7 миң кокондук жоокерлер Ак-Талаадагы саяк уруусун кыйратып, Атантай менен Тайлакты туткунга алган. Туткундан бошогондон кийин алар тез арада кол топтоп, Куртка сепилине кол салган. Салгылашта кыргыздар жоону жеңип чыгып, чептеги зынданда зарыгып жаткан туткундарды бошотушкан. Эл кокондук төрөлөр тартып алган малына кайра ээ болуп, салык төлөөдөн бошотулат. Көтөрү-лүштү басуу үчүн Ак-Талаага Арап баатыр баштаган 500 жоокерди жөнөтүшкөн. Тогуз-Тородогу Бычан деген жайыкта Тайлактын жигиттери Араптын колунун жолун тороп, эки тарап беттешкен. Ошол салгылашта душман оор жоготууга учурап, 400 аскеринен айрылган. Кыргынга кабылып, талкаланган жоо тополоңго түшүп чегинүүгө аргасыз болду. Айласы түгөнүп, бир аз сарбазы менен качып жөнөгөн колбашчы Арапты Тайлак баатыр кууп жетип, жекеме-жеке эрөөлгө чыгып, найза менен сайып өлтүргөн. Кийин ошол жер «Араптын бели» деп аталып калган. Тайлак баатыр узак жылдар бою Кокон хандыгына баш бербей жоонун кийинки жортуулдарынын мизин кайтарып турду. Тайлак баатырды табып кейпин кийген кокондук тыңчы тарабынан 42 жашында (1838-ж.) ууландырып өлтүргөн.

XIX к. 40-жж. кыргыздардын көз каранды эместик үчүн кыймылы күч алып, кеңири аймакты кучагына алган. 1843-ж. Ысык-Көл өрөөнүндөгү кыргыздар көтөрүлүш баштап, Каракол, Барскоон, Конур-Өлөң чептеринен кокондук сарбаздарды кууп чыгышкан. Нарын жана Ысык-Көл аймагында **Табылды баатыр** жетектеген элдик кыймыл эки жылга созулуп, кокондук төрөлөрдү көптөгөн жоготууларга дуушар кылган. Черик уруусунан чыккан Турдуке баш болгон Ат-Башылык кыргыздар Кокон бегине салык төлөөдөн баш тарткан. Кыргыздарды тынчытууга кудурети жетпесин түшүнгөн Куртка беги Мамыразык эки жыл бою Анжиян

бегинен кошумча сарбаз сурап турган. Ал эми 1845-ж. алайлык кыргыздар жана Ош аймагындагы Ферганалык кыргыздар хан бийлигине каршы күрөшкө көтөрүлүп, ордонун коопсуздугуна олуттуу коркунуч туудурган. Ошондуктан Ошко Мусулманкул колбашчылык кылган көп аскер шашылыш жөнөтүлгөн болчу. Кыргыздар жоонун жолун тороп, катуу каршылык көрсөткөн. Бирок курал-жарак жагынан кыйла артыкчылык кылган, баскынчылык жортуулдарда такшалган кокондуктардын жер жайнаган колунун кысымына, чабуулуна туруштук берүү мүмкүн эмес эле. Мусулманкул көтөрүлүштү күч менен баскандан кийин Ошто туруп калат да, көтөрүлүшкө чыккан кыргыздарды аёосуз жазалайт.

XIX к. биринчи жарымында кыргыз элинин Кокон хандыгына каршы күрөшүнүн тарыхый мааниси чоң. Элдик кыймылдын күч алышынын натыйжасында баскынчылар жергиликтүү элдин катуу каршылык көрсөтүүсүнө кабылышып, көп аскеринен айрылды, чыгашасы арбып, бийлиги бошоңдоду. Кыргыз элинин боштондук күрөшү Кокон хандыгын кыйла алсыратты. Кыргызстанда кокондук бектер жана сарбаздар туруктуу, бекем бийлигин орното алышкан жок. Кыргыз элинин көз каранды эместикке, өз алдынча болууга умтулуусу ого бетер күчөдү. Кыргызстандын ар кайсы аймактарын мекендеген айрым кыргыз уруулары саясий жактан биригүүнүн зарылчылыгын түшүнө баштады.

## 29. КОКОН ХАНДЫГЫНЫН МЕЗГИЛИНДЕГИ КЫРГЫЗСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Кокон хандыгынын тушунда кыргыз эли түпкү ата конуштарын ээлеп турган. XIX к. орто ченинде кыргыздардын саны болжол менен 800 миң кишиден ашкан. В. Радловдун эсебине караганда 80 миң түтүн кыргыз болгон. Ал кезде кыргыздар көп сандаган уруу, уруктардан турчу. Уруулардын ортосунда туруктуу, тыгыз экономикалык байланыштар, өз ара бекем биримдик болгон эмес. Ич ара феодалдык чыр-чатактар кыргыз элин алсыратып, бирдиктүү мамлекеттин түзүлүшүнө кедерги болгон жана коншу өлкөлөрдүн кол салып туруусу үчүн оңтойлуу шарт түзгөн.

Кыргызстан Кокон хандыгына карап турган мезгилде Кыргызстандын түндүгүндө өзгөчө социалдык катмар – ма-

наптар үстөмдүк кылып турган. Белгилүү тарыхчы Б. Жамгырчиновдун пикири боюнча XIX к. башында бийлердин функциясы толук бойдон манаптардын колуна өткөн. Феодалдык мамилелердин өнүгүшү менен манаптардын бийлиги чыңдалган. Орус окумуштуусу А. Вышнегорский 1886-ж. *«Манап – орустун князь деген даражасына барабар»* деп аныктаган. Манапчылык укумдан – тукумга өткөн. Натыйжада кыргыз коомунда XVIII–XIX кк. туруктуу аристократтык катмар пайда болгон. П. Кушнер: *«Манап – кыргыз турмушун тескөөчүсү. Уруунун жери ага тиешелүү. Ал башкарат, соттойт, налог чогултат, көчүп-конууну тескейт, талаш маселелерди чечет, күнөөлүүлөрдү жазалайт»* – деп жазган.

Кыргыз коомундагы манапчылык институнда манаптар кадыр-баркы боюнча чоң жана катардагы манаптар болуп бөлүнгөн. *Чоң манап* бир нече уруулардын бирикмесинин же чоң уруунун башында туруп, ага катардагы бир нече манаптар баш ийген. Анын бийлиги мураска өткөн. Булар *чынжырлуу манап* делип да аталган.

*Катардагы манаптар* (же чала манаптар) чакан уруунун же чоң уруктун башында турган. Манап деген даража алардын өздөрүнө гана ыйгарылган. Чала манап өзүнүн бул даражасын мураска өткөрө алган эмес. Катардагы манаптар чоң манаптын буйругун аткарууга милдеттүү болгон. Эл ичинде манаптардай жашоого, эл башкаруу деңгээлине жетүүгө аракет кылган адамдар да болгон. Аларды эл мыскыл иретинде *чолок манаптар* деп атап коюшкан.

Кыргыз коомунда байлар өзгөчө социалдык катмарды түзүшкөн. Булардын негизги байлыгы мал болгон. Кыргыз байлары да *күрдөлдүү бай*, *ордолуу бай* жана *сасык бай* деп катмарларга бөлүнгөн. *Күрдөлдүү байлар* жеке гана байлыгы менен айырмаланбастан, коомдук турмушка активдүү катышып, эл ичинде чоң кадыр-баркка ээ болушкан. Алар чоң манаптардын кеңешчилери катары эсептелген. *Ордолуу байлар* чоң манаптардын ордолоруна жакын жашашкан. Көрктүү үйлөрдү курушуп, короо-жай салдырышкан. Көбүнчө соода-сатык иштери менен алек болушкан. *Сасык байлар* болсо негизинен малынын башын көбөйтүү менен алек болушкан. Коомдук турмушка кызыккан эмес. Алар зыкымдыгы, пейлинин тардыры менен айырмаланышкан. Эл аларды жаман көргөн.

Кыргыз аристократтарына *баатырлар* кирген. Душман менен күрөштө өзгөчө эрдик көрсөткөн күчтүү, эр жүрөк кол-

башчы – баатыр деп аталган. Алар карапайым элден же феодалдардан чыккан. Айрым баатырлар кийинчерээк ири феодалдарга айланган. Ормон, Байтик, Шабдан өңдүү уруу башчылары, ири манаптар да баатыр деп аталган.

Кыргыз коомун башкарууда *аткаминерлер* да маанилуу роль ойногон. Алар 10–50 түтүн элди башкарган, манаптын тапшырмасы боюнча налог, чыгым чогулткан.

Кыргыз коомунда калктын негизги массасын *букара* түзгөн. Алар негизги материалдык байлыкты өндүргөн. Манаптын айтканын аткарган, алар үчүн барымталарга (жылкы тийүү) барып, кээде чабыштарда курман болгон.

Кыргыз элинин коомдук турмушунда тууган-туушкандык байланыштар, карым-катнаштар, каада-салт, үрп-адаттар маанилүү роль ойногон. Мындай өзгөчөлүктөр букара калктын эмгегин эксплуатациялоого ыңгайлуу шарт түзгөн. Букара калк – *кедей-кембагалдар, жакыр, малай, жатакчы, чайрыкер, мандикерлер* деп бөлүнгөн.

Кедей-кембагалдар өз уругу, айылы менен бирге жайлоого чыгып, чогуу кышташчу. Алар убактылуу урунуп туруууга байлардан саан уй, майда жандык алышчу. Акысына алардын үй оокатын кылып, малын багышкан. Кыргыз феодалдарынын койчулары, жылкычылары, уйчулары, төөчүлөрү, үй кызматкерлери көбүнчө кедей туугандарынан куралар эле. Ал эми бөлөк уруктан келип жалчы жүрчү жардылар *малай* аталчу.

Бай-манаптардын эгинин эгип жайлата аны багып, күздө оруп дан бастыргандарды *аштыкчы* деп коюшкан. Көчмөндүү турмуштан кол үзүп дыйканчылык кылышкандар түндүктө *жатакчы*, ал эми түштүктө *эгинчи* деп аталган. Кыргызстандын түштүгүндө *чайрыкерлер* деп аталган катмар көбөйө баштаган. Чайрыкерлер бөлөк бирөөнүн жеринде анын шаймандары менен эгин эгип, багып өстүрүп, оруп жыйышчу. Алынган кызылдын (түшүмдүн) бир бөлүгү чайрыкердин үлүшүнө тийген. Убактылуу жана күнүмдүк жалчы жүргөндөр *мандикерлер* деп аталган.

Кокон хандыгы үстөмдүк кылган мезгилде кыргыздар эзүүнүн көптөгөн түрүнө жолуккан. Айрыкча түштүктөгү кыргыздардын абалы өтө оор болгон. Ал эми Түндүк Кыргызстанда, бөтөнчө тоолуу райондордо кокондуктардын бийлиги анча бекем болгон эмес. Эзүүнүн негизги түрү – жер рентасы катары салык салуу болгон. Алгачкы жылдарда кыргыздар Кокон хандыгына *түндүк зекет* – ар түтүндөн бирден кой, *адал зекет* – малдын 50 башынан бирден баш

төлөп турушкан. Негизги салык – зекет болгон. Эгерде XIX к. 30-жж. 100 кой, эчкиден бир баш зекет алынса, 50-жж. 40 баш майда жандыктан (кой-эчки) бирди, 40 жылкыдан бирди, 30 баш кара малдан (уй, топоз) бирди салык катары төлөчү. Эгерде зекет төлөгөн адамдын жылкысы 40тан көп болсо, анда ар бир ашык баш жылкысы үчүн 40 тыйын төлөгөн. Төөсү бар кишиден беш төөгө бир кой алчу. Мал салыгынын өлчөмү тез-тез өзгөрүп турган. Кээ жылдарда малдын жыйырмадан бир бөлүгүн зекет үчүн төлөөгө мажбурлашкан. Дыйканчылыктан *хараж салыгы* алынып, ал түшүмдүн ондон бир бөлүгүнө барабар болгон. Мөмө-жемиш багы бар багбандар жана жашылча эккендер салыкты акча түрүндө төлөшкөн.

Кыргыздардан аскер салыгын шылтоо кылып мезгил-мезгили менен түтүндөн бирден тилла (алтын акча), бир жылкы же үчтөн кой алышчу. Мындан сырткары Кокон хандыгында көптөгөн салыктын түрлөрү болгон. Кудаяр хандын мезгилинде алык-салыктын түрлөрү 20дан ашкан.

Чыгыш таануучу А. Кун Кокон хандыгынын сонку мезгилинде алык-салыктардын көбөйүп кетишин айтып, мамлекеттеги мүмкүн болгон бардык кыймыл-аракеттерге салык салынып жаткандыгын, жада калса адамдын туулушуна жана өлүмүнө да акча төлөөнөрүн, эми бир гана «дем алганы үчүн абага» салык салынбай калгандыгын белгилеген.

## 30. КЫРГЫЗДАРДЫН ЧАРБАЧЫЛЫГЫ (XVIII—XIX кк.)

Кыргыздар эзелтеден эле көчмөн мал чарбачылыгын жүргүзүп, ар дайым мал чарбачылыгына ылайык жерлерди ээлеп келген. Элибизде *«Мал боор эт менен бирге»* делип эсептелип, ага аяр мамиле жасоо, аздектеп багуу эрежелери укумдан-тукумга өтүп турган. Көчмөн кыргыздар жайыттарды үнөмдүү пайдаланууга, экологиялык тең салмактуулукту сактоого өзгөчө көңүл бурган. Жайыттар жыл мезгилине жараша *жаздоо, жайлоо, күздөө, кыштоо,* болуп бөлүнгөн.

Кыргыз эли төрт түлүк малдан жылкы багууга өзгөчө көңүл бурган. Жылкыны кыргыздар минген, жүк ташууга пайдаланган. Анын эти, сүтү азык катары, тери жана жалкуйругу чарбачылыкка (саба, жип, аркан жасоого ж.б.) өтө кеңири пайдаланылган.

Кыргыз жылкысы байыркы түрк-моңгол породасына кирген. Анын бою жапыс болгону менен тулку боюнун узундугу, сөөктөрү, булчуңдары чың, өтө чымыр, туягы өзгөчө бекем, минип жүргөнгө өтө ыңгайлуу, үстү тынч болгон. Жылкынын бул пародасы жоош болгону менен өтө акылдуу келип, аны үйрөтүү жеңил болгон.

Эзелтеден эле жылкы баккан кыргыздар ар бир жылкынын мүнөзүн жакшы билип, алардын жашын карап туруп же тишин ачып билген. Элибиз жаңы туулган жылкы баласын *кулун*, бир жашка чыкканда *тай*, эки жашында – *кунан*, үч жашында – *бышты*, төрт жашында – *бир асый*, андан кийинки жылдары *эки асый, үч асый* д. у. с. атаган. Ургаачы жылкынын жашын *байтал*, чоңун – *бээ*, эркегин – *айгыр*, бычылганын – *ат* деп аташкан.

Көчмөн кыргыздардын чарбасында кой эң көп багылган. Алар менен бирге аз сандагы эчкилер болгон. Аларды багуу элге көп жагынан пайдалуу болгон, тез көбөйгөн, суукка чыдамдуу болгон. Жыл бою жайытта оттогон. Койдун эти, сүтү азык катары, жүнү, териси кийим, боз үйдүн жабуулары, материалдык маданияттын көптөгөн предметтерин жасоого пайдаланылган. Кыргыздар койду жана анын продукцияларын негизинен өздөрү пайдаланышып, ашыгын товар катары саткан. Негизинен кылчык жүндүү, куйруктуу эт багытындагы койлор тоолуу жерлерге ыңгайлуу келип, тез жетилген жана бат эттенген, кышкысын карды тээп оттогон.

Кыргыз койлору алыс аралыкка көчүүгө, шар суулардан, тоодогу ар кандай татаал жолдордон, бийик ашуу-белдерден өтүүгө ылайыкташкан. Кыргыздар койлорду *кызыр калды* (тууй элеги), *тубар кой* (тууй турган кой), *ирик* (бычмал), *кочкор* (эркеги) деп атаган. Койлордун жашын кыргыздар алардын тишине карап билишкен. Бир жашка чейинкилерин *козу*, эки жашка чейинки ургаачысын – *токту*, эркегин – *борук*, үч жаштагы ургаачысын – *эки тиштүү кой*, төрт жаштагысын – *төрт тиштүү кой* же *кунан кой*, беш жаштагысын – *дөнөн кой* же *соолук кой*, төрт жаштагы бычмалды – *бир төгөрөк ирик*, беш жаштагысын – *эки төгөрөк ирик*, карыган бычмалды – *чарк ирик*, ургаачысын – *карыган кой* деп атаган.

Эчкилер деле кой сыяктуу багылган. Анын жүнүнөн жылуу кийимдер жасалган. Терисинен кымыз куюу, ташуу үчүн *чанач* жасашкан. Эчкинин сүтү, эти азык катары пайдала-

нылган. Эчкилердин бир жашка чейинкиси – *улак*, эки жашка чейинки эркегин – *серке*, ургаачысын – *чебич*, үч жаштагысын жана андан жогоркусун *эки тиштүү эркеч, төрт тиштүү эчки, соолук эчки, картаң эчки* деп койгон. Эркектерин – *теке* деп аташкан.

Көчмөн турмушка, оор шарттарга ылайыксыз болгондуктан кыргыздар уйларды аз багышкан. Кыргыз уйларынын сүттүүлүгү төмөн болгон. Уйдун жаңы төрөлгөнү – *музоо*, бир жаштагысы – *торпок*, үч жаштагы ургаачысын – *кунаажын*, эркегин – *ноопаз*, андан кийин – *бука*, үч жаштагы бычмал эркеги – *кунан өгүз*, төрт жаштагысы – *бышты өгүз*, беш жаштагысы – *асый өгүз* деп аталган.

Тянь-Шандын, Памирдин жана Алайдын бийик тоолорунда жашаган кыргыздар топоз багышкан. Топоздор эң бийик, суукта, кар калың жерлерде өсүп, көбөйө берген. Анын эти, сүтү азык катары, өздөрү жүк ташуучу транспорт катары пайдаланган. Топоздун бир жашка чейинки баласын кыргыздар – *мамалак* деген. Эки жаштагысы *кунан мамалак*, үч жаштан өткөн саан топоз – *инек*, ал эми эркеги – *бука* делип аталган.

Кыргыздар аз санда болсо да төөнү аздектеп баккан. Төөнү кыргыздар негизинен транспорт катары пайдаланган. Төөнүн жүнү – *чууда* өзгөчө бааланган. Аны кыркпастан түлөгөн кезде тарап (талап) алган. Андан жеңил чепкен, төшөк, жип ж. б. жасашкан. Терисинен көөкөр, көнөчөк ж. б. үй тиричилигинин буюмдары жасалган, аттын ээрин каптаган. Кыргыздар төөнүн жаңы төрөлгөнүн *бото*, бир жашка чейинкисин – *сүт тайлак*, эки жаштагысын – *тай тайлак*, үч жаштагысын – *кунан тайлак*, төрт жаштагысын – *бышты тайлак*, беш жаштагысын – *асый тайлак*, чоң төөнү – *инген*, эркегин – *буура*, бычымалын – *атан* деп атаган. Кыргыздар *«Төө бул көрк»* деп бул жаныбарды жакшы көргөн. Кыргыздарда төө тууганда кадимкидей сүйүнчүлөө, ботонун кулагына сөйкө салуу салты болгон.

Жогоруда айтылгандардын баары кыргыз элинин мал чарбачылыгына өзгөчө мамиле кылгандыгын айгинелейт. Кыргыздардын ичинде миндеген малдын ар бирин өңүнөн чыгарып тааныган адамдар болгон. Толубай өңдүү малды, өзгөчө жылкыны сынай билген сынчылар, саяпкерлер кыргыз элинин арасынан өтө көп чыккан.

Кыргыз эли төрт түлүк малды гана асырабастан, *дыйканчылык* жана *аң уулоо* менен да кесип кылышкан. Бирок

дыйканчылык жер шартына байланыштуу ар кайсы аймактарда ар кандай деңгээлде болгон. Байыркы заманда эле дыйканчылык Фергана жана Чүй өрөөндөрүндө гүлдөп өскөн. Монгол баскынчылыгынын мезгилинен кийин дыйканчылык айрыкча Кыргызстандын түндүгүндө өтө төмөнкү деңгээлге түшкөн.

Буга чейин Ысык-Көл менен Чүйдөгү дыйканчылык орустардын көчүп келүүсүнүн натыйжасында гана өнүгө баштаган деген ой-пикилер айтылып келген, бул туура эмес. Дыйканчылык ал мезгилден мурда эле, тактап айтканда, XVII к. ойрот феодалдарын сүрүп чыгарган мезгилде деле жакшы өнүккөнүн археологиялык эстеликтер далилдейт. XVII–XVIII кк. Фергана гана эмес, Теңир-Тоодо да дыйкандар жерди иштетүүдө сугат арыктарын пайдалана билишкендигин тарыхый булактар айгинелейт.

Андан кийинки тарыхчылардын жазып кетишине караганда дыйканчылык Ысык-Көл, Чүй, Талас, Кетмен-Төбө, ал эле эмес бийик тоолуу Ат-Башы өрөөнүнө да кеңири кучак жайганын билебиз.

Кыргыз элинин дыйканчылыгынын кошуна отурукташкан өзбек, тажик, Синьцзяндагы (Кытай) уйгурлардыкы менен көп окшоштук жагы бар. Жер шартына байланыштуу Кыргызстандын түштүгүндө түндүккө караганда дыйканчылык жакшы өнүккөн. Түштүктө пахта, буудай, жүгөрү, күрүч жана жашылча-жемиштерди өстүрүшкөн. Ал эми түндүктө негизинен буудай, арпа жана сулу айдашкан. Арпа айрыкча тоолуу жерлерде көп айдалган. Кыргыздар жашылча-жемиштерге анча көңүл бөлгөн эмес.

Бийик тоолуу шарттарда да жерди сугарганга арыктарды, ал эми суу аска-таштын боору менен өтө турган болсо, ал жерге карагайдан жасалган жасалма арык ноолорду курушкан. Арыктарды казганда кетмен, чукулдук жана темир күрөктөрдү пайдаланышкан. Арык казган учурда чоң таштарга туш келишсе *келтек* деп аталган кабелтең таяктар менен ал таштарды оодарып салышкан. Жаңы казылган арыктарга биринчи жолу суу коё берерде «жер, сууга сыйынуу» деп малдан курмандык чалышкан.

Арыкты ошол тегеректеги сакалдуу кишилердин көрсөтмөсү менен жапа тырмак казышкан. Арыктын деңгээлин көз болжол менен эле аныкташкан элдик адистер болгон. Алар *кыбачы* деп аталган. Карагайлардан ноолорду чабарда *керки* деп аталган мизи балтаныкындай, бирок кичине, са-

бына туурасынан келтирип сапталган темир куралды колдонушкан. Дагы бир колдонулган курал *байтеше* деп аталган, анын сабы узун, мизи балтаныкындай жалпак, бирок туурасынан сапталган.

Эгерде арыкка суу көп келүүчү жерлер болсо, анда эки ноону катар коюшуп, аларды түркүктөргө бекитишкен. Ноолорду бири-бирине темирден жасалган чаңгектер менен карматышкан. Айдалган жерлерин жайлоодон убак-убагы менен келип сугарып турушкан, күзүндө келгенде жыйнап алышкан. Түшүм жыйналгандан кийин гана тоодогу малды ылдый түшүрүшкөн. Жакадагы эгин-чөптөрдү негизинен жатакта калган *жатакчылар* багып өстүрүшкөн.

Негизги жер айдаган курал – *буурсун* болгон. (Аны түштүктөгүлөр *омоч* деп аташкан). Анын учтуу жагына чоюн тиш кийгизишкен. Ал эми VIII к. кыргыздардын «тишти» арчадан да жасагандыгы белгилүү. Дыйканчылыктын бардык жумуштарына ылайыкташтырылган кетмен куралы азыркыга чейин кеңири колдонулуп келе жатат.

Жер айдагандан кийин үрөндү баш кийимдерине, этегине же териден жасалган торбуга (чака) салып алып кол менен себишкен. Ал эми кээ бир жерлерде ат үстүнөн да себилген. Үрөн сепкенден кийин *мала* же *шак мала* деп аталган бутактуу шыргый менен тырмашкан. Кийин, т. а. XIX к. экинчи жарымында темир соко менен темир тырмоолор пайда боло баштаган.

Түшүм жыйноодо жалгыз курал – *кыргыз орок* же *кол орок* болгон. Ал эми Борбордук Азиянын башка аймактарында *маңгел* деп аталган орокко окшош, бирок тиши жок курал колдонулган.

Эгинди талаадан боолап, кырманга чийнеге, жер өгүзгө салып ташып келишкен. Кырмандан эгинди төмөнкүчө бастырган. Ортого орнотулган мамыга жыгачтан (ичке талдардан) жасалган терек чамберек кийгизип, ага аттарды же өгүздөрдү катар байлап, мамыны айланта айдап бастырышкан. Бул *темин* деп аталган. Бастырылган эгиндерди биринчи жолу айры менен, экинчи жолу жыгач күрөк менен желге сапырып тазалашкан. Темин бастырууда моло таштарды да пайдаланышкан. Аны ири таш кесектеринен колго чегип жасачу. Буудайдан суу тегирмендерге ун салдырышкан. Ал эми жарма, максымга талканды, бозого шакты, угутту жаргылчактарга колго тартышкан. Эгинди кырмандан толугу менен бастырып бүткөндөн кийин, майда жандыктан

курмандык чалып дыйкандын колдоочусу – Баба дыйканга багышташкан.

Аң уулоо чарбачылыгы кыргыздардын ата-бабасынан келе жаткан кесиби катары XX к. чейин кеңири сакталган. Аң уулоодо мылтык, капкан, тузак пайдаланылган. Андан сырткары мүнүшкөрлөр: бүркүт, куш менен аң уулашып, аларга карышкыр, түлкү, коен, кекилик, чил жана башкаларды алдырышкан. Кыргыздар илгертен бери тайган агытып, мергенчилик кылган. Эл ичинен талыкпаган, көзгө атар мергендер чыккан. Аң уулоо менен кесип кылгандарды – *мергенчи* деп аташкан. Мергенчи – айылдагы эң кадырлуу адамдардан болгон. Айрым мергенчилер аң уулоо менен бир айылды баккан.

Аркар, кулжа, текелерге кээде ондон да көп киши чогуу чыгышкан. Анда жердин уусун билген мерген кийиктерди үркүтүүгө атайын кишилерди жиберген, аларды *айдакчылар* дешкен. Ал эми калгандары болсо, колдоруна мылтык алып ыңгайлуу жерлерде жашырынып, үркkөн кайберендерди алдынан тосуп атышкан. Алар *тозотогулар* деп аталган.

Мергенден келе жатканда алдынан жолуккандар *шыралга* сурашкан. Аларга атып алышкан кайберендин этинен сөзсүз бөлүп беришкен. Бербесе намыс, уят, кийинки аң уулоодо жолу болбой калат деп эсептелген. Кээде аткан кайберендин этин «шыралгага» таратып берип, үйүнө куру кол келген март мергенчилер да болгон.

Кыргыздар эзелтен эле кайберендин жашоо-шартын жакшы билишкен. Ошондон улам кыргыздын жыл эсебиндеги 12 айдын жетөөнүн аттары да кайберендерге байланыштуу коюлган.

Аң уулоодо пайдаланылган итти кыргыздар *тайган* деген. Аны күчүк кезинен сөөк, чийки эт бербей, итке талатпай, эр жүрөк кылып кастарлап багышкан. Тайгандардын кырааны жолборс, эң мыктысы кумайык деп аталган. Кыргыздарда кумайыкты көк жору тууйт, туулгандан үч күнгө жете киши көрсө кумайык (тайган) болуп, андан өтсө жорунун балапаны болот деген ишеним болгон. Кыргыздар атты кандай таптаса, тайган менен кушту да ошондой эле аздектеп таптаган.

Аң уулоого бүркүт менен кушту да пайдаланышып, бапестеп таптап асырашкан. Куш таптап, куш салган адамдар *мүнүшкөрлөр* деп аталган.

Кыргыздарда негизинен мал чарбасынын продукцияларын иштетүүгө байланыштуу **үй кол өнөрчүлүгү** өнүккөн. Кой жүнүнөн кездеме токуу үчүн жип ийришкен, ал эми терисинен тон менен жылуу шым тигишчү. Жүндөн, боз үйлөрдү жаба турган кийиз жасашкан. Кийизден кийим-кече, баш кийимдерин, төшөнчүлөрдү ж. б. жасачу. Бут кийим, кийим-кече, идиш-аяк үчүн териден өтө жөнөкөй жол менен булгаары, ал эми жыгачтан боз үйдүн кереге-ууктарын, түндүгүн, эшигин, ээр, такта, идиш-аяктарды жасашчу. Темирден болсо түрдүү курал жабдыктарды, эмгек куралдарын, күмүш менен алтындан турмуш-тиричиликте колдонулуучу ар түрдүү кооздук буюмдарын жасашкан.

Кыргыздардын чарбасы негизинен натуралдык мүнөздө болгону менен **соода-сатык** да өнүккөн. Соода көп учурда товар алмаштыруу (бартердик) мүнөзүндө болгон, т. а. малды жана мал чарба продуктулары соодагерлердин товарына алмаштырылчу. Кыргыздарга Ферганадан, Кашкардан, Кулжадан, Россиядан соодагерлер келишчү. Алар кездемелерди, чай, тамеки, күрүч, кургатылган жемиштерди алып келе турган. Россиядан нооту, чыт кездеме, булгаары темирден жана чоюндан жасалган буюмдарды алып келишчү. Кыргыздар бул товарларды малга, териге, кийизге, жүнгө, баалуу аң терилерге алмаштырып алчу.

## 31. БАЙЫРКЫ ТАШ БАЛБАЛДАР (СКУЛЬПТУРАЛАР)

Б. з. VI к. Алтайда жана Монголияда көчмөн уруулардын биригүүсүнөн алгачкы феодалдык мамлекет – Түрк кагандыгы түзүлгөнүн билебиз. Кыска убакыттын ичинде түрктөр курамына Орто Азиянын бир бөлүгү кирген эң чоң аймакка өз өкүмүн жүргүзүп калат. Кагандык бекем эмес мамлекеттик бирикме болгон. Түрк коомунун ичинде болгон социалдык курч карама-каршылыктар кагандыктын 603-ж. Чыгыш кагандык, Батыш кагандык болуп эки бөлүккө ажырашына алып келген эле.

Жети-Суу менен Теңир-Тоонун аймагы Батыш Түрк кагандыгына кирген. Анын борбору Чүй өрөөнүндөгү Суяб шаары (азыркы Токмок шаарына жакын Ак-Бешим айылынын жанында) болгон. Элинин негизги массасын мал жайганга ылайыктуу жерлерди ээлеген көчмөндөр түзгөн. Кыргызстан-

дын территориясында түрк тилиндеги уруулардын жайланышы менен коргондордун же эскергич тосмолордун жанына адамдардын таш келбеттерин – балбалдарды коюу кеңири тараган өлүктү коюунун жаңы салты пайда болгон. Жасалышы жана таасирдүүлүгү боюнча алар бирдей эмес. Анткени ал сөлөкөт жасалган материалдын сапатына жана чеккен устанын чебердигине жараша болгон.

Балбал таштар көбүнчө граниттен, чаар таштан, акиташтан жана сланецтен чегилип жасалган. Ал үчүн атайын сүйрүсүнөн келген таштарды же плиткаларды тандап алышкан. Айрым учурда алардын сыртын жакшылап жылмалашкан. Көп учурда таш келбеттерди же алардын айрым бөлүктөрүн атайын даярдалбаган ташка эле чегип жасашкан. Адатта таштарга эркектердин – каардуу жоокерлердин, анда-санда гана аялдардын келбетин түшүрүшкөн. Оң колуна же эки колу менен ар кандай формадагы идишти кармап турганын көрөбүз. Белиндеги куруна канжар же кылыч илинген. Кээде кийимчен да көрсөтүлөт.

Балбалдардын көпчүлүгү чебер скульптор – таш усталар тарабынан жасалган. Алар сөлөкөттөрдүн пропорциясын, беттин мүнөздөрүн, кооздук буюмдарын ж. б. дал өзүндөй беришкен.

Балбалдар өтө көп, бирок бардыгы бирдей эмес. Изилдөөчүлөр тарабынан алар эки негизги топко бөлүнөт. Биринчиси – тулку боюнун жана анын кийим-кечеси, кооздук буюмдары, курал-жарагы ж. у. с. даана берилген чоң тоголок скульптуралар; экинчиси – ташка контурдук сүрөт менен башын жана бет түзүлүштөрүн, айрым учурда бүт тулку боюн берген жалпак балбалдар. Экинчи топтогулар өтө эле көп, алар үчүн сөлөкөттү же анын айрым бөлүктөрүн берүүдө жөнөкөйлүк мүнөздүү. Мезгили боюнча бул балбалдар, мүмкүн эң алгачкылардан болуп эсептелет.

Таш сөлөкөттөр адегенде VI–X кк. чегинде пайда болгон, айрымдары X–XII кк. да тийиштүү. XIII к. кийин алар Теңир-Тоодо коюлбай калган. Балбал таштарды коюп көмүү салты Кыргызстандын территориясына исламдын таралышынан кийин токтогон. Анткени ислам бардык тирүү жандыкты: адамдын, айбандын, канаттуунун сүрөтүн тартууга тыюу салган.

Балбал таштардын таралышы аркылуу түрк тилиндеги көчмөн уруулардын таралыш чегин аныктоого болот. Нарын жана Ысык-Көл областтарында, Кемин, Чүй жана Та-

лас өрөөндөрүндө жүздөгөн балбалдардын бар экендиги эсепке алынды. Кыргызстандын территориясынын калган бөлүктөрүнөн бир аз гана балбалдар табылды. Алсак, Кетмен-Төбө өрөөнүнөн эки, ал эми бүтүндөй Ош областында беш балбал табылган. Алардын бирөө Ала-Бука районунда, экөө – Өзгөн шаарында жана экөө Гүлчө кыштагында жайгашкан. Кыргызстандан сырткары, Орто Азиянын калган территориясында алар дээрлик кездешпейт. Көп сандаган таш сөлөкөттөрдү Казакстандан, Алтайдан, Тувадан, Хакасиядан жана Монголиядан жолуктурууга болот. Кытайдан 200дөн, Индиядан 40тан ашуун балбал таштар табылган. Бул ушул жерлердин баарында түрк тилиндеги көчмөн уруулардын жашагандыгын айгинелейт. Алар боюнча элдин антропологиялык тибин, кийим-кечесин, курал-жарагынын түрлөрүн, кооздук буюмдарын ж.у.с. аныктоого болот. Таш сөлөкөттөр байыркы сүрөт искусствосунун жана анын өнүгүш деңгээлин изилдөөдө да маанилүү булак болуп кызмат кылат.

Изилдөөчүлөрдүн арасында таш балбалдын чыгышы тууралуу бир нече гипотеза жашап келүүдө. Биринчиси – таш сөлөкөттөргө түрктөр өзүлөрүнүн же өлгөндөрүнүн кебетесин, тышкы көрүнүшүн түшүрүшкөн дешсе, экинчиси – түрктүн өзү өлтүргөн душманынын, тиги дүйнөдө ага кызмат кылчу кишинин келбетин чегишкен дейт. Алсак, Күлтегиндин эстелигинин эки тарабына эки *км* узундуктагы аралыкка катары менен таш балбалдар коюлган. Күлтегин өз өмүрүндө мынча адамды өлтүрүшү мүмкүн эмес. Демек, байыркы түрктөрдө өзү өлтүргөн адамдын келбетин таштан чегип, аны өзү жогору баалаган адамына тиги дүйнөдө кызматчы катары тартууга берсе керек. Күлтегиндин эстелигинин жанындагы өтө көп сандуу таш балбалдар ага өзүнүн жоокерлери, пикирлештери тарабынан ага урмат көрсөтүү үчүн берилген деген пикир туудурат.

Кыргызстандын таш балбалдары Россиянын илимий коомчулугуна XIX к. орто ченинен белгилүү боло баштайт. Ошондон бери байыркы түрк балбалдарын изилдөө багытында көп иштер жаралды. Бирок таш балбалдар проблемасы али да болсо, аз изилденген бойдон калууда. Жер аянттарын айыл чарбасына көбүрөөк пайдалануу иштеринин жүрүшүндө археологиялык эстеликтердин бул түрү көп жоголо баштаган. Жерди пландаштыруу учурунда балбалдар аңдарга, арыктарга, чуңкурларга ташталып, айрымдарын жергиликтүү элдер өз керегине жаратыш үчүн алып кетишкен. Алардын

кай бирлери мектептерге, колхоз, совхоздордун чарба короолоруна алынып келинген. Азыркы кезде таш балбалдар адепки өз ордунда алыскы, киши көп баралбаган жерлерде гана сакталып калды. Аларды эсепке алуу, изилдөө маанилүү маселе бойдон калууда.

## 32. КЫРГЫЗСТАНДЫН ОРТО КЫЛЫМДАРДАН КАЛГАН АРХИТЕКТУРАЛЫК ЭСТЕЛИКТЕРИ

Орто кылымдардагы курулуш өнөрүнүн эң көрүнүктүү эстеликтеринин бири – **Өзгөн мунарасы.** Ал бүткүл дүйнөгө белгилүү болгон Өзгөн архитектуралык комплексине кирет. XI к. акырында курулган бул мунара ошол кездеги архитектуранын жетилген үлгүсү болуу менен жакшы сакталган калыбында бизге чейин келип жетти.

Мунаралардын (мунара араб тилинде: жарык берчү жер, маяк деген мааниде) пайда болушу Жакынкы жана Ортоңку Чыгышка исламдын тарашына байланыштуу.

Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүндө курулган мунараларда адегенде толгонмо тепкичтер (пандус) курулуштун сыртынан өткөн. Бирок IX к. баштап толгонмо тепкичтер мунаралардын ичине курула баштайт. Орто Азиядагы бардык белгилүү мунаралардын толгонмо тепкичтери ичине жасалган.

Орто кылымдык тарыхчы Наршахинин жазганы боюнча мунаралар адегенде чийки кыштан (кирпичтен) тургузулуп, төбөсү жыгачтан жасалган чатырча менен бүтүрүлгөн. X к. баштап чийки кыштан тургузулган мунараларды бышкан кирпич менен каптай башташкан. Кийинчерээк айрым мунаралар бүт бойдон бышкан кирпичтен тургузула баштаган. Буга мүнөздүү мисал катары биздин күнгө чейин сакталып жеткен Токмоктун түштүк жагында 13 *км* жерде жайгашкан Бурана шаарчасындагы **Бурана мунарасы** кирет. Бул мунара бышырылган кирпичтен тургузулган. Анын цоколунда (негизинде) устундар жаткырылган. Бурана мунарасынын ичинде толгонуп чыгуучу кирпич тепкичтер бузулбас үчүн үстүнө тактай төшөлгөн.

Бурана мунарасы да, Өзгөн мунарасы да карахандардын (X–XII кк.) дооруна туура келет. Эки мунаранын тургузулган мезгилдеринин айырмасы 100 жылга жакын. Өзгөндөгү мунара ушул өңдүү бышкан кирпичтен тургузулган курулуштардын мурунку бай тажрыйбасынын негизинде түзүлгөн.

Башкача айтканда, Бурана мунарасы карахандык архитектуранын алгачкы кадамдарынын бири болсо, ал эми Өзгөн мунарасы анын жетилүү курагынын башталышы десек болот.

X к. чейин колдо бар маалыматтарга караганда мунаралар анча бийик курулган эмес, бирок Бурана мунарасы болжол менен эсептегенде 40 *м* чейин жеткен, ал эми Өзгөн мунарасынын бийиктиги ошол кезде 44,7 *м* болгон. Бизге белгилүү эки мунаранын тагдыр жолу бирдей десек болот. Бурана жана Өзгөн мунараларынын башы жер титиреген кезде урап түшкөн. Азыр Бурананын бийиктиги 24 *м*. Өзгөн мунарасынын бийиктиги 27,4 *м* барабар келет.

Айтылгандарды корутундулап келип Өзгөн мунарасынын орнаменттик мотивдери өзүнүн көркөмдүк жана техникалык ыкмалары боюнча Бурана мунарасындагыга караганда бир топ жогорку деңгээлде жасалган деген жыйынтык чыгарууга болот.

Ушуга чейин сакталып калган Бурана мунарасы, Өзгөндөгү архитектуралык комплекс, Шах-Фазиль мавзолейи жана Манас күмбөзү сыяктуу курулуш эстеликтеринин ичинен **Таш-Рабат** кербен сарайына өзгөчө орун таандык. Кыргызстандын аймагындагы бул курулуш Орто Азиянын орто кылымдарда өнүккөн борборлорунан алда канча алыс жайгашкан.

***Таш-Рабат*** Кошой-Коргон шаарынын (орто кылымдардагы Атбаш шаары) урандыларынын түштүгүнөн 70 *км* жерден орун алган. Ал Таш-Рабат суусунун жээгинде (Кара-Коюн суусунун оң куймасы) Ат-Башы кырка тоолорунун бир чоң капчыгайында турат.

Курулушу дээрлик чарчы келип, узундугу – 34,8 *м*, туурасы – 32,4 *м*. Эстеликтин төрт тарабы дүйнө багытын каратып салынган. Маңдайкы бети чыгышты карайт. Имарат тоо бетиндеги жасалма аянтка курулган. Фундаменти уюлма топурак катмарга кирип турат, тереңдиги 0,2–2 *м*. Бүт бет маңдайын, дарбаза-эшик түркүктөрүн кыдырата таш тектирче өтөт, анын туурасы 0,65–0,85 *м*, бийиктиги 0,6–0,8 *м*. Чоң коридорунун эки четинде, ортоңку залынын төрт дубалын кыдырата, ошондой эле башка имараттары менен коридорлорунун бир топ жеринде да таш тектирче бар. Чоң коридору менен залынын астына жалпак жука таш төшөлгөн, калган имараттары менен коридорлорунун асты жер. Бөлмөлөрдүн планы жана өлчөмү мурдагы авторлордун эмгектеринен белгилүү болгон маалыматтардан башкачараак. Бул жагынан 9-бөлмө бөтөнчөлөнүп турат. Ал тегерек чатырлуу имарат, 20-бөлмө чоңураак, ага ортоңку залдан 19-бөлмөнү аралап кирет. Эстеликтин планы менен өлчөмүндөгү ушундай туура келбестиктер анын башка бөлүктөрүнө да мүнөздүү.

Залынын астынан, 23- жана 27-бөлмөлөрдөн чопо толтурулган ороолор табылган. 27-бөлмөдөгү ороо сүйрөлжүн, анын диаметри 0,9 *м*, жана тереңдиги 2,7 *м*. 23-бөлмөдөгү ороонун тереңдиги 4,2 *м*, диаметри 1,2 м, бирок али түбүнө чейин тазаланып бүтө элек. Ушул эле иmaратта өлчөмү 0,95х0,83 келген чарчы тешиктүү жертөлө бар.

Залдын ортосунда (18-бөлмө) терең ор зындан бар. Ал ортосу тешик, кеминде он киши көтөрөтурган чарчы жалпак таш менен жабылган.

Археологиялык эстеликтердин ичинен өзүнүн чоңдугу жана монументалдуулугу жагынан **Кошой-Коргон** айырмаланып турат. Ал азыркы райондун борбору Ат-Башынын батышын карай 8 *км* алыстыкта Кара-Суу айылына жакын жерде жайгашкан. Шаардын урандыларынын чоң-чоң калдыктары анын душман өтө алгыс бекем чеп болгондугун элестетип турат.

Кыргыз элинин уламыштары бул шаарды Манастын атактуу насаатчыларынын бири Кошой балбандын ысмы менен байланыштырат. Алардын биринде Кошой ушул жерге өзүнүн мүлкүн көмгөн экен делинсе, башка бир вариантында анын сырткы баскынчылар менен күрөшкөн мезгилиндеги курдурган чеби экен деп айтылат. Бирок шаардын тарыхынын Кошойго тиешеси жок.

***Кошой-Коргон*** Ат-Башы өрөөнүнүн борборунан орун алган. Жер шартына жараша стратегиялык ыктуу жайгашып, байыркы учурда ушул жер менен өткөн соода жолун жана бүткүл өрөөндү тескеп турган.

Шаар 245–250 *м* келген төрт бурчтук форманы ээлеп жатат. Сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 4–8 *м*. Алардын периметри боюнча 60 сепил байкалып турат: түндүгүндө – 19, түштүгүндө – 13, чыгышында – 17 жана батыш жагында – 11. Дубалдары, ошондой эле сепилдери чоң-чоң топурак блоктордон жана узун кыштан салынган. Дубалдын түп жагынан калыңдыгы 7–9 *м*, улам жогору жагы ичкерип, 8 метрге жеткен жердеги калыңдыгы 3–4 *м* болот. Дубалдарынын жана сепилдердин айрым жерлеринде кийинки ремонт иштеринин издери жана жоон жыгачтардын калдыктары сакталып калган. Алар курулуш материалдары катары пайдаланылса керек. Коргонуу курулуштарынын монументалдуулугу согуш коркунучу болгон кезде шаардын элин ишенимдүү калкалап турган. Шаардын бардык тарабында 12 *м* алыстыкта дубалдары курган кездеги топурак алгандан кийин калган чуңкурлар жатат. Коргондун ар бир тарабында да бирден, төрт эшиги болгон. Алгачкы учурда шаарга кире турган бир гана эшик болгон деп болжоого болот. Кийинчерээк анын калган дубалдарынан да эшиктер ачылган. А. Н. Бернштам чыгыш жана батыш жагындагы дарбазалар

1375-ж. Амир Темирдин шаарга келген учурунда пайда болгон деп эсептейт. Анын пикири боюнча ошол эле мезгилде шаар чыгыш жана түштүк жагынан бир катар аянтты алган кошумча дубал менен бекемделген. Тилекке каршы, айыл чарба жумуштарына байланыштуу бул дубалдар биздин күндөрдө бүт бойдон бузулган.

Шаарды казып көргөн кезде курулуштардын калдыктары табылды, алардын дубалдары кыш менен салынган, таманына топурак жана жалпак таштар төшөлгөн. Үйдүн ичинде очоктун издери сакталган. Бир бөлмөнүн керегесинин шыбагында көк, кызыл, ак жана сары боёк менен жүргүзүлгөн оймо-чийменин издери бар.

**Шах-Фазил күмбөзү** – Кыргызстандын аймагындагы XI–XIV кк. таандык архитектура эстелиги. Ала-Бука районундагы Гүлстан кыштагында жайгашкан. Күмбөз төрт чарчы формада, бышкан кыштан тургузулган. Дубалынын калыңдыгы 163–167 *см* бийиктиги 15,37 *м*. Күмбөздүн түндүк жагында 3 эшиги, батыш жагында кичирээк бир эшиги бар, терезеси жок. Күмбөзүнүн ичи оймо-чиймелер менен кооздолгон. Шыбына (потологу) фарсыча жана арабча сөздөр жазылган. Күмбөзгө Караханийлер мамлекетинин башкаруучуларынын биринин сөөгү коюлган. Күмбөздүн түндүк жагында короосу бар, батыш жагы анча бийик эмес дубал менен курчалган, ал эми тегерегинде орто кылымдарга таандык арабча, фарсыча жазуусу бар бейиттер сакталган.

**Шырдакбектин чеби** – X–XII кк. таандык сепил. Ак-Талаа район-нундагы Чолок-Кайың кыштагынын түндүгүндө, Алабуга суусунун жээгинен орун алган. Чеп чарчы түрдө салынып, түштүк тараптагы дубалынын узундугу 117 *м*. Сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 6 *м* алар баксадан жасалган. Чептин дубалдарында, бурчтарында жана эшиктеринин туштарында мунаралары болгон. Эшиктери түштүктү жана батышты карайт. Мунаралардын бооруна жаа атуу үчүн тешиктер жасалган. Чепти айланта туурасы 20 *м* келген арык казылган. Учурунда ага суу толтурулган.

Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери аз санда болгону менен алардын тарыхый, таанып-билүүчүлүк мааниси өтө зор. Эстеликтер мамлекет тарабынан коргоого алынган. Алардын сакталышына жалпы эл да көз салышы керек.

## 33. КЫРГЫЗДАРДЫН ТУРАК ЖАЙЫ ЖАНА КИЙИМ КЕЧЕСИ

Кыргыздардын турак жайлары көчүрүлмө жана туруктуу болуп экиге бөлүнгөн. Көчмөнчүлүк жана жарым көчмөнчүлүк мезгилде негизги турак жай *боз үй* болуп, көчмөндөрдүн бүткүл турмушу ошондо өткөн. Боз үйдүн кереге-ууктары, үзүк-туурдуктары көчмөндөр тарабынан кылымдар бою улам жакшыртылып келген. Боз үй чечүүгө, чогултуп кайра тануута, ошондой эле унаага жүктөөгө өтө женил, ыңгайлуу, бөлүк-бөлүгү менен таңылып, кайра тез кураштырылып тигилет. Бир конуштан экинчи конушка көчкөндө боз үйдүн жыгач-ташы, кийиздери жылкы, топоз, төөлөргө жүктөлгөн. Аны тигүүдө, адегенде 5–6 канаттан, чоң боз үйлөрдө 8–12 канаттан турган керегелери тегерек кылынып жазылып, бириктирилет да, бөлүкчөлөрдөн турган босогосу ашталып, ага эки жакка ачылма каалга орнотулат. Боз үйдүн орточо диаметри 5 *м*, бийиктиги 3–3,5 метрге жетет. Кереге орнотулгандан кийин бакандын жардамы менен түндүк көтөрүлүп, ага ууктар сайылып ууктун билеги керегенин ачаларына бекитилип байланат. Керегенин сырты чырмалган чий менен капталып, боз үйдүн бүт тулкусу ар кыл кийиздер менен (үзүк, туурдук, түндүк жана эшик жабуулар) жабылат. Кыргыз боз үйү казак жана Борбордук Азиянын башка элдеринин боз үйлөрүнө окшош келсе да, көркөмдүүлүгү, ички, тышкы жасалгалары менен айырмаланып турат. Боз үйдүн ичине жүндөн токулган таар, кийиз, шырдактар, талпак, көлдөлөң жана жер төшөктөр салынат.

Үй-бүлө мүчөлөрүнүн боз үйдөгү орун алышы кылымдардан бери улуулугуна, сыйлуу меймандыгына карата болот. Эшиктен кире бериш оң тарабы – *эпчи жак* деп аталып, бул аялдарга тиешелүү, мында тамак-аш, идиш-аяк сакталат; сол тарабы – *эр жак* деп аталып, ал эркектерге тиешелүү, кире бериштен баштап эле малчылыкка, аңчылыкка керектүү буюмдар жана ат жабдыктары илинип коюлат. Боз үйдүн төр жагына сандык, жыгач такта же кыдырата тизилген таштардын үстүнө үй-бүлөнүн бүткүл турмуш-тиричилик байлыгын түзгөн килем, жууркан-төшөк, жаздык, ар түрдүү кийиздердин түрмөгү, кийим-кече оролгон таңгак, куржун жана башкалар текчеленип жыйылчу. Ушул жыйылган жүктөрүнө жараша үй-ээсинин материалдык байлыгынын өлчөмүн байкоого болгон. Байлардын ар кандай чоңдуктагы, бир нече

боз үйлөрү болуп, алар үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө, келүүчү меймандарга, жаңы үйлөнгөндөргө, тамак-аш бышырууга атайы арналып тигилген.

Кыргыздар XIX к. ортосуна чейин эле (өзгөчө түндүк Кыргызстанда) негизинен боз үйлөрдө жашашкан.

Кыргыздар адатта уруу-урук боюнча бир айылга биригип, биргелешип көчүшкөн. Кыштоолору анча бийик эмес өрөөндүн шамал тийбеген ыктоо кокту-колотторуна, сууга жакын жана малга оттуу жерлерде болгон. Мал киргизиле турган короо-сарай, бастырма-калканчы таш, чырпык же ылайдан курулган. Бара-бара кыштоолорго туруктуу турак-жайлар жана чарбачылыкка ылайыктуу курулуштар салынып, айрым ыңгайлуу кыштоолордо кийин калк отурукташкан кыштактар пайда болгон. Кыргыздар дыйканчылыкка өткөндөн кийин да, көпчүлүк үй-бүлөлөр боз үйлөрдө жашашкан, же аны экинчи турак жай катары пайдаланышкан.

Кыргызстанда турук алган айылдардын жана турак жайлардын чоң айырмачылыктары болгон. Бул болсо географиялык жана тарыхый өзгөчөлүктөр, жергиликтүү салт, ошондой эле кыргыз элинин отурукташууга өтүүсү бир убакыттын ичинде жүргүзүлбөгөндүгү менен түшүндүрүлөт. Эгерде туруктуу турак жайлар түндүк жана түштүк батыш райондордо XIX к. биринчи жарымында эле пайда болсо, калган аймактарда негизинен XX к. башында курула баштаган.

Үй куруунун техникасы боюнча кыргыздар ар түрдүү ыкмаларды пайдаланышкан. Түндүк райондордо үйдү топурактан согуп жасашса, Ысык-Көлдө мындай сокмо тамдардан сырткары жыгач үйлөрдү да курушкан. Түштүк райондордо адатта үйлөрдүн дубалын ылайдан томолоктолгон (пакса) же кесек (гувалак) коюу аркылуу көтөрүп курушкан. Түштүк-батышта каркастык дубалды ылай менен бекитип жасоо кеңири тараган. Кийинчерээк бардык жерде үйлөрдү бышырылбаган, айрым учурларда бышкан кирпичтер менен курууга өтүшкөн.

Кыргыздардын байыркы салттык **кийимдери** бир аз гана өзгөрүүлөрү менен отурукташууга чейин сакталып келген. Мал чарбачылыгы басымдуулук кылган жерлерде кийим-кечектин абалкы түрлөрү, адатта үйдө даярдалган материалдардан: жапайы айбандардын жана малдын кол менен иштетилген терилеринен, бышык басылган жука кийизден, койдун, төөнүн жүндөрүнөн токулган таарлардан тигилген. Ошондой эле, көчмөнчүлүктүн шартында да кыргыздар сырттан

келген товарларды: орто азиялык жана кашкарлык кустардык өндүрүштүн кездемелерин, жибек, жүндөн токулган кездеме, баркыттарды алып пайдаланышкан.

XIX к. башында эркектердин эски үлгүдөгү ич кийими катары боору ачык көйнөк, дамбал жана башкалар эсептелген. Көйнөктү ак боздон же матадан кементайга окшош бычып, этегин тизеден төмөн түшүрүп, жеңи колдун учун жапкандай балбырата тигишкен, алар кайырма жакалуу же жакасыз болгон.

Сырт кийимдердин бардыгы халат сыяктуу келип, жакалуу же жакасыз эле өтө кенен тигилген. Кышкы кийимдин жакасын көрпөдөн, аң терилеринен жасашкан. Анын четтерине кара сатин, баркыт же кара көрпө бастырылып кооздолгон. Кышкы сый кийими карышкыр, сүлөөсүн, кундуз терилеринен жасалып, сырты нооту менен тышталган *ичик* болгон. Кышкысын териден жасалган тон кийишкен. Кыргызстандын түндүгүндө жана түндүк чыгышында ак же каралжын жүндөн жасалган кементайларды кийишкен. Ак кементай колунда барлардын арасында кеңири таралган. Аны кооздоп, баркыт менен кыюулап жасашкан. Колго ийрилип, жүндөн токулган таардан жеңи узун, жакалуу же жакасыз, узун жана кенен *чепкен* тигишкен. Жылуулук мезгилдерде кийилүүчү тыгыз кездемеден тигилген орнотмо жендүү, чөнтөктүү, адамдын денесине ылайыкталып тигилген биринчи сырткы кийим *бешмант* деп аталган.

Абалтан эле эркектер кийимдин сыртынан кур курчанышкан. Эң байыркы колдо жасалган курлар кийинчерээк фабрикалык, кездеме же кайыш курлар менен алмаштырылган. Колунда бар кыргыздар бетине күмүш купалар чаптырылып, булгаарыдан жасалган жазы кемерлерди курчанышкан. Курга кындуу бычак, устара, шибеге жана оттук таш байланып жүрүшкөн.

Баш кийимдердин кеңири тараган түрү *тебетей* болгон. Анын төбө жагы төрт талаалуу тигилип, кырына түлкү же кара күрөң түстөгү козунун көрпөсүнөн кыргак капталган. Көрктүү жана баалуу баш кийимдерди суусардын, калтардын терилеринен жасашкан. Аларды бийлер, бай-манаптар гана кийишкен. XIX к. эркектердин кеңири таралган баш кийими кышкысын – көрпө тебетей, жайкысын – ак калпак болгон.

Кыргыздардын эзелки бут кийимдерине көк булгаарыдан жасалган өтүк, ошондой эле чылгый териден жасалып,

кыдырата үстүнкү тегерек чети кайыш тасмалар менен бүгүлүп тартылып, байлануучу чарык чокойлор болгон.

Аялдардын кеңири тигилген көйнөк, дамбал сыяктуу ички кийимдери болгон. Жаш келин кыздар ар түрдүү түстөгү, көбүнчө кызыл көйнөктөрдү кийишкен.

Аялдардын сырткы кийимдери бычымы боюнча эркектердикине окшош (чапан, тон) болгон.

Кыргыз аялдарынын этностук өзгөчөлүгүн күбөлөөчү илгерки кийими – *белдемчи* болгон. Ал аялдын келбетин келишимдүү көрсөткөн. Кыргыз аялдарынын баш кийимдери көп түрдүү, жасалышы татаал жана өзгөчө болгон. Кыздардын баш кийими шуңшугуй төбөлүү тебетей эле. Кыздар үйлөнүү тоюнда күмүш, шуру, бермет, седеп жана башкалар менен кооздолгон *шөкүлө* кийишкен. Аялдардын бардык жердеги негизги баш кийими *элечек* болгон. Кийинчерээк элечек жоолук менен алмаштырылып, адегенде жоолукту элечек сымал салынышкан. Аялдардын келбетине кошумча көрк кошкон, улуттук өзгөчөлүктү түзгөн жасалгалар күмүш иймек, шакек, билерик, чачпак, чач учтук кеңири колдонулган.

## 34. МАХМУД КАШГАРИ ЖАНА АНЫН ТҮРК ЭЛДЕРИНИН СӨЗДҮГҮ

Махмуд Кашгари – XI к. окумуштуу-түркология. 1029–1038-жж. аралыгында Барскон шаарында туулган. Анын атасы Хусейин ибн Мухаммед Ысык-Көлдүн тескейиндеги Барскон шаарын жана дубанды бийлеген бек болгон. Махмуд Кашгари, Багдад, Бухара шаарларынан билим алган. XI к. 50-жж. экинчи жарымынан тарып түрк элдери мекендеген жерлерди кыдырып, алардын тилинин диалектилик өзгөчөлүктөрүн жана жалпылыктарын иликтей баштаган. Анын «Китаб жавахир ан-нахв филугат ат түрк» («Түркий тилдер тууралуу синтаксистин маңыздары») китеби жана «Китаб диван лугат ат-түрк» («Түркий тилдер сөз жыйнагы китеби») аттуу эмгектери белгилүү. Мунун экинчиси («Диван лугат ат-түрк») бизге жеткен. Махмуд Кашгаринин качан жана кайсы жерде өлгөндүгү белгисиз.

***«Диван лугат ат-түрк»***, («Түркий тилдер сөз жыйнагы») – Махмуд Кашгари 1072–1077-жж. жазган энциклопедиялык эмгек. Мында түрк элдеринин (чигил, йагма, карлук, кыргыз, огуз, тухси, уйгур, кып-

чак ж. б.) тилдериндеги 7500дөй сөз камтылып, арабчага которулган, 300гө жакын макал-лакап, 100 чамалуу ыр, этнографиялык ж. б. маалыматтар берилген. Бизге анын 1266-ж. Абу Бекр ас Сави ад-Думашкы көчүргөн нускасы гана жеткен. Көчүрмө нуска Стамбул шаарындагы улуттук китепканада сакталууда. Аны мугалим Рифат Билге 1915–1917-жж. Стамбулда үч томдук кылып жарыялаган. Түркчө, өзбекче, англисче, уйгурча котормолору, немецче сөздүгү басмадан жарык көрдү. Кыргыз тилинде айрым үзүндүлөрү жарыяланган.

Ата Журтунда ич ара саясий күрөш курчуган кырдаалда Махмуд Кашгари жер кезип илимпоздук кылган. Ал мындай деп жазат:

«Мен өзүм алардын (түрктөрдүн – *авт.*) тили өткүр чечининен, айтаары ачык жетигинен, көөдөнү кең тетигинен, эң ак сөөк тектүүсүнөн, найзасы таамай эптүүсүнөн болуум менен бирге, түрк, түркмөн-огуз, чигил, йагма, кыргыздардын талааларын жана калааларын изилдедим, алардын тилдерин жана накыл сөздөрүн зээнге туттум. Акыры алардын ар бир уруусунун тилин өтө кылдат жат кылдым, (жыйнагымдын) тартибин татынакай өтө сымбат кат кылдым».

Чыгышында – Саян-Алтай жана Гань-чжоу, батышында – Итил өрөөнүнөн бери жашаган ар кыл түрк калктарынын айрым бир өкүлдөрү Карахандар бийлеген аймакка – Теңир-Тоонун чордонуна өтө жакын конуш таап келген Махмуд аларды өзү аралап изилдеп, алар тууралуу маанилүү маалыматтарды топтогон.

Махмуд Кашгаринин эмгеги боюнча кыргыздардын Чыгыш Теңир-Тоону байыркы замандарда мекендегенин жана орто кылымдардын эрте мезгилинде алардын айрым топторунун Чыгыш Түркстан аймагында жашагандыгын билебиз.

Чыгыш Теңир-Тоодогу кыргыз топтору карахандар доорунда эле ислам динине өткөндүгүн, кыргыз тили нукура түрк тили катары сыпатталгандыгы жөнүндөгү маанилүү маалыматтар да «Диванда» баяндалат. Махмуд *«Кыркыз – түрктөрдүн бир уруусу»* деп жазган. Мында ал «кыргыз» этнонимин *кыркыз* түрүндө берип, орхон-енисейлик жазуу маданиятынын эстеликтеринин салтын уланткан. «Диванда» кыргыздар бардыгы болуп беш жолу эскертилген. Бул эмгек карахандар доорунда Теңир-Тоодо жашаган кыргыздардын топторун изилдөөдө маанилүү булактардын катарына кирет.

## 35. ЖУСУП БАЛАСАГЫН ЖАНА АНЫН «КУТ АЛЧУ БИЛИМ» ЧЫГАРМАСЫ

Жусуптун өмүр баяны жөнүндө азырынча толук маалыматтар жокко эсе. Бирок, автор өзү жөнүндө жазып кеткен кээ бир фактыларды анын *«Кутадгу Билиг»* («Кут алчу билим») поэмасынан кездештирүүгө болот. Жусуп 1010–1016-жж. же, 1018-ж. Баласагын шаарында туулган. Окумуштуу Р. Араттын эсеби боюнча поэма жазып бүткөн мезгилде Жусуп 54 жашта болгон. Ал поэманын Баласагын шаарында баштап, 1067–1070-жж. Кашкарда аяктап, баш аягы 18 айда бүтүргөн, хандын ханы деп аталган Кашкар шаарынын башкаруучусу Тавгач Буура Карахан Абу-Али-Хасанга тартуу кылган. Ал поэманын терең мазмунун түшүнүп, алкыш иретинде акынга *«Улуг-Хасс-Хажиб»* деген наам берген. Мунун мааниси «Хасс» арабча хан сарайдагы урматтуу адамдардын бири, ал эми «Улуг-Хасс-Хажиб» хан ордосунда кызмат өтөгөн өтө кадырман адамдын наамы.

Баласагындык Жусуптун «Кутадгу билиг» поэмасы биздин ата-бабаларыбыздын рухий турмушунда кылымдардан бирдиктүү, өз ара байланыштуу эки маданияттын – отурукташкан жана көчмөн маданияттарыбыздын түпкү башатын ырастаган элдик кенч. Бул чыгармадан Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхы боюнча маалыматтарды алууга болот.

Азыркы учурда Жусуптун «Кутадгу билиг» поэмасынын үч нускасы сакталып тургандыгын билебиз. Бир нускасы Вена шаарында (Австрия) сакталуу. Египеттин борбору Каир шаарында сакталып турган экинчи нуска 1986-ж. табылган.

Ал эми Намангандан табылган үчүнчү нускасы азыр белгилүү болгон нускалардын эң толугу болуп эсептелинет. Эстеликтин үчүнчү нускасы азыр Өзбекстан Илимдер академиясынын Чыгыш таануу институтунун кол жазмалар фондунда сакталууда. Наманган жана Каир шаарларынан табылган нускалар араб ариби менен жазылган.

Чыгарма чыгыш маданиятында кеңири тараган санатнасыят маанисиндеги кеңири тараган этикалык-дидактикалык эмгек.

«Кут алчу билимде» автор өз заманындагы адеп-этикалык принциптерди, идеяларды ошол доордун тарыхы, маданияты, дини менен шайкеш байланышта карап, аларды акыл таразасына салып баалап, нарктап ой толгогон. Ошондуктан

бул чыгарманы адамзатка ар убак адеп-ахлактык азык болуучу этикалык энциклопедия катары бааласак ашыкча болбойт. «Кут алчу билимдин» этикалык мазмунун негизги төрт түшүнүк түзөт: *адилеттик, акыл-эс, бакыт, каниеттик*. Бул түшүнүктөр конкреттүү каармандардын образдары аркылуу берилген. Өкүмдар Күнтуу – адилеттиктин, вазир Айтолду – бакыттын, вазирдин уулу – Акдилмиш – акыл-эс, вазирдин иниси Өткүрмүш – каниеттиктин символдору катары сыпатталган.

Ойчул окууну, билимдүүлүктү дүйнө таанып билүүнүн эң негизги жолу катары баалайт. Окуу менен гана адам баласы акылын арттыра алат дейт акын. Демек, Жусуп Баласагындын ою боюнча акыл адам баласына табиятынан берилген касиет, бирок адам өз өмүрүн окуу, үйрөнүү, үлгү алуу сыяктуу жолдору менен гана байыта алат. Албетте ойчул акын акылды адептүүлүк жолун тутуунун бирден-бир зарыл шарты эсептеген. Билимдүүлүк, билгичтик урмат-сыйдын да бешиги, билимдүү адам адеп жолун сактаса, анда ал жогорку сыйга татыктуу. Ал эми билимдин деңиз сымал түбү да жок, чеги да жок, аны канча сузсаң да бөксөрбөйт, тескерисинче толо берет. Акыл-эс, илим-билим касиеттерин автор ар намыс менен шайкеш карап, түркөй адам намыстан да куру болот деген тыянакка келет.

«Кут алчу билимде» акын өз доорундагы коомдун түзүлүшү тууралуу кеңири маалымат берет. Коомдогу бардык социалдык топтордун ээлеген орду, жүрүм-турум нормалары жөнүндө автор өтө ыклас коюу менен баяндайт. *Адамгерчиликти* Жусуп адептүүлүктүн туу чокусу деп түшүндүрөт. Адамгерчилик адам атын асмандатып, затын жаркыратып, жашоонун улуу жолун ачат дейт ойчул.

Акылмандын айтымында адамдын ажатын ачкан, ойлонуп сүйлөгөн орундуу, омоктуу сөз пенденин адамгерчилик аброюн көтөрүп, атак-даңкын арттырат. Ал эми ойлонбой айтылган орунсуз сөз же майдалап сүйлөгөн тантык сөз адамды жакшылыкка алып келбейт, азапка гана кириптер кылат дейт ойчул. Кыргызда *«Өнөр алды кызыл тил»* деп бекеринен айткан эмес. Ошол салттуу жолдун улантуучусу Баласагындык Жусуп да сөз баркын кадырлап маани бергендиги тегин жеринен эмес.

Жусуп Баласагын айткан сөзү менен аткарган ишинин, тактап айтканда адамдын сырткы жана ички дүйнөсүнүн дал келишине да атайын токтолгон. Анын ою боюнча адамдын

нарктуулугунун бир белгиси сөзү менен ишинин төп келгендиги. Андай адамга башкалар эки дүйнөдө ыраазы дейт ал. Ал эми сөзү суу кечпеген тантыкты, кадыры жок калпычыны автор нарксыз, адепсиз жандар деп баалайт. *«Сөзүм өлгүчө өзүм өлөйүн»* деген кыргыз ылакабы да буга күбө.

Адамдардын адеп-ахлактык касиеттеринен Жусуп ойчул *жөнөкөйлүктү* жана *кичипейилдикти* ашкере баалаган. «Кут алчу билимдин» башынан аягына чейин автордун жөнөкөйлүк жана кичипейилдик, мээрмандык тууралуу омоктуу ойлору көп ирет кайталанып айтылат.

Жусуп ойчул адамдын адамгерчилик сапатына дүйнөсүнө мүнөздүү болгон *көтөрүмдүүлүк, сабырдуулук* сыяктуу сансыз көп нарктуу касиеттердин артыкчылыгын айтуу менен, мактанчаактык, шашмалык, сарандык сымал сапаттарды кара мүртөз жандарга мүнөздүү деп жектейт.

Гуманист ойчул улууларды урматтап сыйлоо сыяктуу изгилүү касиеттер алды менен үй-бүлөдө, ата-эненин тарбия таалими менен калыптана тургандыгын айрыкча бөлүп айткан. Үй-бүлө куруу, балалуу болуу адам өмүрүндөгү эң чоң бакыт. Балалуу болгон соң ата-эненин өздөрү үлгүлүү жүрүш-турушту тутушу жөн. Анткени «уядан эмне көрсө, учканда ошону алат» дегендей, атаны көрүп уул, энени көрүп кыз өсөт. Ушул салттуу адеп жолун сап туткан тубаса философ ойчул ата-энеден тарбия көргөн балдар бактылуу болорун, балдары акыл-эстүү болсун деген ата-эне аларга жаштайынан билим берүүсү зарыл экендигин чыгармасында баса белгилейт.

## 36. КЫРГЫЗДАРДЫН ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРИ

Кыргызстанда патриархалдык феодалдык мамилелердин үстөмдүк кылып келиши элдин рухий турмушунда диндин маанилүү орунду ээлешине себеп болгон. Кыргыздардын официалдуу дини ислам болуп эсептелсе да, ал элдин диний түшүнүктөрүнүн толук мазмунун түзгөн эмес. Анын үстүнө мусулманчылык менен катарлаш диндин алгачкы формаларынын калдыктары да кыйла даражада сакталып келген. Азыркы Кыргызстандын аймагында исламдын таралышы IX–XII кк. таандык. Кыргыздар алгачкы диний ишенимдерин XVI к. чейин гана эмес, андан кийин да узак убакыттарга чейин кармап келишкен. Осмон түрктөрүнөн чыккан Сейфи

(XVI к.) кыргыздарды «мусулман да капыр да болгон эмес» деп жазган. Махмуд ибн-Вели (XVII к.) кыргыздарды капырлар деп атап «алар өлкөгө өзбектердин келиши менен мусулман болуп калышы ыктымал» деген. XVII к. Теңир-Тоолук кыргыздарга жунгарлардын бир катар кол салууларынын мезгилинде кыргыздардын бир бөлүгү мусулман калкы жашаган Фергана өрөөнүнө жана ага тутумдаш тоолуу райондорго оошуп отурукташуусуна байланыштуу мусулман дини кыргыздарга кеңири тарала баштаган. Жаңы чөйрөдө кыргыздар жаңы динди да тез кабыл ала баштайт. Бирок Жунгар хандыгы кулагандан кийин кыргыздардын мурдагы жашаган жерлерине кайтып келиши менен алардын мусулмандашуу процесси кайрадан солгундаган.

Кыргыздардын арасында ислам дининин өтө кеңири таралышы Кокон хандыгынын учуруна туура келет. Анткени, динди таратуу Кокон башкаруучуларынын саясатынын бир бөлүгү болгон. Кыргызстандын аймагындагы стратегиялык мааниси бар жайларда чептер курулуп, мечиттер салынып, кокондук молдолор мечиттерди тейлей баштаган. Бирок кыргыздардын диний турмушунда мечиттин ролу чектелген абалда болду. Анткени, мечиттер көбүнчө чеп ичинде курулуп, ал эми кыргыздар болсо алардан оолагыраак көчүп жүрүүгө аракет кылышкан. Ошого карабастан XIX к. кыргыздар маңызын терең түшүнбөсө да, исламдын негизги ырым-жырымдарын өздөштүрө баштаган.

Исламга чейинки коомдук өнүгүүнүн ар түрдүү баскычтарынан калган диний ишенимдер каада-салттарда ислам менен бир катарда, айрым учурларда ага аралашып жашап келген. Кыргыздардын көз карашында диний ишенимдердин мурдагы калдыктарынан сакталып калган эң алгачкы формаларынын арасында тотемдик (ыйык) түшүнүктөр да болгон. Ал боюнча айрым уруктардын же уруулардын келип чыгышы жагынан кээ бир айбанат, канаттуулар менен тукумдаш (бир кандаш) деген идеяга негизделип, ошолордун сөөктөрүн, канаттарын жана башка мүчөлөрүн ыйыкташтырууга алып келген. Түндүк кыргыздардын бир чоң уруусунун «бугу» деп аталышы, ага байланыштуу бир катар ишенимдердин болушу кыргыздардын бүгүнкү күндө да өздөрүнүн түпкү теги катары айрым бир жаныбарларды урматтаганын айгинелейт.

Буга бүркүт, карышкыр, тоо текени урматтоо жөнүндөгү кеңири жайылган ишенимдерди да байланыштырууга болот.

Ошону менен катар, кыргыздар зороастризмдик мүнөздөгү ишенимдерге ылайык кээ бир айбанаттарга да сыйынышат. Мындай урматтоолордун объектиси мифтик ак тайлак, ак илбирс, жылан, үкү, аюу ж. б. болгон. Кыргыздардын диний түшүнүгүндө маанилүү орунду табияттын көрүнүштөрүнө табынуу ээлеп, алардын эң эле байыркысы *асманга-теңирге* сыйынуу болгон. Кыйынчылык учурунда кыргыздар асманды карап: *«Теңир колдой көр»*,– деп тилек кылып суранышкан. Жаштарга бата бергенде же кимдир бирөөнү жакшы тилек менен алкаганда *«Теңир жалгасын»*, ал эми кимдир бирөөнү каргаганда *«Теңир урсун»* дешкен. Кыргыздар асманды кудай катары баалоо менен бирге, Айга, жылдыздарга да табынышкан. Табиятка сыйынууда тиричиликтин башаттары катары Жер менен сууга табынуу да маанилүү орунду ээлеген. Кыргыздар бүткүл жер бетин, «жер-сууну» жараткан катары көрүшкөн. «Жер-сууга» сыйынууда курмандыкка мал союу да эң байыркы ырым-жырымдардын бири болгон.

Кыргызстандын Түштүгүндө жашаган эл эң байыркы замандан эле Сулайман тоосун ыйык тутуп, ага сыйынып келген. Ислам дини чыккандан кийин бул тоо Фергана чөлкөмү үчүн экинчи Меккеге айланган. Түндүк Кыргыздардын эли Кочкор өрөөнүндөгү «Кочкор-Ата» тоосуна сыйынып, ал жер ыйык мазарга айланган. Кыргыздардын тоо, көл, булак, дарак, ашууларды ыйык тутуусу чарбачылыкка көчмөн турмушка байланыштуу келип чыккан. Табияттын көрүнүштөрүнө сыйынуунун укумдан-тукумга калып келген элементтери отко сыйынуудан – «коломтого сыйынуудан» көрүнөт. Ал коломто менен байланышкан үй-бүлөлүк – турмуштук ырым-жырымдарды жана байыркы түркчө түшүнүктөгү Теңирдин жары Умай Энеге сыйынуунун калдыктарын бириктирген.

Жаратылыштын күчтөрүнө сыйынуу, мисалы: «обо» – асман, көктүн, жер, таштын, бардык нерселердин «ээси» бар деп эсептөө дагы исламга чейинки диний ишенимдердин арасынан өзүнчө бир көрүнүш катары кароого болот.

Кийинчерээк, азыркы мезгилде деле, байбичелер балабакыраны эмдеп, жүрөгүн көтөрүп, бешикке салганда: *«Менин колум эмес Умай Эненин колу»*, деп ырымдап айтканы кездешет.

*Шаман* дини жана дарылоонун ага байланышкан түшүнүктөрү, ыкмалары кыргыздардын көз карашында маанилүү орунду ээлеп, алардын турмуш-тиричилигинде бекем

сакталып келген. Шаман эркектерди – «бакшы», ал эми шаман аялдарды – «бүбү» деп аташкан. Бакшылар *ак* жана *кара* болуп, өтө кудуреттүүсү *кара бакшы* деп эсептелген. Бакшылардын негизги милдети ооруларды, эң башкысы жандуу (нерв) ооруларын дарылоо, «көзү ачыктык» кылуу болгон. Алар «жиндердин» жардамы менен «дарылап», «көзү ачыктык» кылышкан. Бакшылык касиет укумдан-тукумга калат деп эсептелген.

Ата-бабалардын арбагына сыйынуу кыргыздардын исламга чейинки диний көз караштарынын ичинен көрүнүктүү орунда турат. Элдик диний ишенимдерди изилдөөчү археологиялык, этнографиялык жана ошондой эле фольклордук материалдар муну тастыктай алат. Эгерде археологиялык материалдар диндин тарыхынын байыркы мезгилин изилдөөдө жардам берсе, этнографиялык, өзгөчө фольклор, анын ичинде «Манас» эпосу кыргыздардын кийинки мезгилдеги бир топ диний ишенимдери жөнүндө баалуу маалымат берет.

Өлгөн адам жөнүндө жаман пикир айтууга болгон эмес, өлүк коюлган күмбөз, мүрзөлөр *«ыйык жерлер»* деп эсептелген. Жан-жаныбарлардан садага чабылып, мал союлган.

Бизге белгилүү болгондой ата-бабалардын арбактарына сыйынуунун негизин «ата-бабалардын жаны реалдуу жашайт», деген анимистикалык көз караш түзөт. Ал боюнча ата-бабалардын арбактары өздөрү өлсө дагы, тирүүлөрдүн турмушун байкап, өзүнүн укум-тукумун колдоп турат. Бул сыйынуу коомдук өнүгүүнүн патриархалдык-уруулук коомуна тиешелүү. Себеби бул мезгилде уруунун аксакалдары жогорку сый-урматта болуп, алар өлгөндөн кийин дагы өздөрүнүн уруусундагы адамдардын турмуш-тиричилигинин баарын көрүп, аларды колдоп турат дешкен.

Эпикалык чыгармаларда дагы *«арбакка арнап соёлу»*, *«ата-баба арбагы бизди колдой көр»*, – деген саптар көп кездешет. Кыргыздарда ата-бабанын арбагына сыйынуу өзгөчө орунда турарын биринчилерден болуп Ч. Валиханов айтып кеткен. Кыргыздар адам өлгөн менен анын жаны түбөлүк жашайт деген бекем ишеничте болгон.

## 37. КЫРГЫЗДАРДЫН ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

Оозеки чыгармачылыгы жөнүндө сөз болгондо биринчи кезекте эле «Манас» эпосу эске түшөөрү шексиз. Чындыгында эле «Манас» кыргыз эпосунун байыркы үлгүсү катары кыргыз элинин азаттык, көз карандысыздык үчүн күрөшүн,

анын адилет, жыргал турмушу туурасындагы ой-тилегин көркөм чагылдырган чыгарма. Жазылып калган тарыхы жок, өзү жөнүндө жазуу даректери анча көп болбогон көчмөн эл үчүн «Манас» эпосу – оозеки поэзиянын башка жанрларындай эле жазуу адабиятынын да, сүрөт өнөрүнүн да, театрдын да милдетин аткарган.

«Манас» эпосунда баатыр Манастын образынын айланасында үчилтиктин окуялары өнүгүп, негизги идеяга – кыргыздын бытыраган урууларын бириктирүү идеясына баш ийдирилет. «Манас» үчилтигинин 1-бөлүгү Манас баатырдын Бээжинде жеңилиши, эр жүрөк баатырлары Алмамбет, Чубак, Сыргак, Эр Көкчөнүн өлүшү. Манастын өзү да катуу жарадар болуп дүйнөдөн кайтышы менен аяктагандыктан, эпопеянын андан ары уланышына шарт түзүлөт.

Үчилтиктин 1-бөлүмүнүн кайгылуу аякталышы реалдуу чындык деңгээлинде көтөрүлгөн. Манастын керезинде уруулар арасында чыр-чатактар, Манас баш коштурган кыргыз элинин күч-кубатынын начарлаганы жөнүндө айтылат. Манастын уулу Семетейдин төрөлүшү келечекте атасы үчүн өч алууну алдын ала шарттайт. Ошентип, биринчи бөлүк менен идеялык жана сюжеттик жактан байланышкан экинчи бөлүк пайда болуп, анда өз аталарынын эрдиктерин кайталап, чет жердик баскынчыларды талкалап чыккан Семетейдин жана анын шериктеринин турмуш жолу менен эрдиктери баяндалат.

«Семетей» баатырдык поэмасы – үчилтиктин бир кыйла көп айтылуучу бөлүгү. Поэманын эр жүрөк каармандары баштагыдай эле адилетсиздиктин курмандыгы болушат. Бирок, буга чет жердик баскынчылар эмес, элди бузган уруу башчылары же хандар, т. а. ички душмандар себепкер болушкан.

Ички душмандарга каршы күрөшүүнү эпикалык баяндоого «Сейтек» бөлүмү арналат. Анда акыры адилеттик жеңип чыгат. Семетей менен Сейтектин образдарында элдин Манас жөнүндөгү легенданы укум-тукумдарына сактап калууга умтулуусу көрүнөт. Эпосто кыргыз элинин тагдырына байланыштуу өтө урунттуу тарыхый окуялар ар кыл даражада чагылдырылган. Сюжеттин курулушуна Түрк кагандыгынын тарыхына байланышкан орто кылымдын алгачкы мезгили, ошондой эле Борбордук Орто Азиянын аймагындагы элдердин, уруулардын жер которуштуруусуна, ассимиляцияланышына алып келген монголдордун басып кирүү доору, Жунгар хандыгынын түзүлүш мезгили да из калтырган.

«Манас» элдик адабияттын эң ири эстелиги катары кыргыз тилинин калыптанышында, анын диалекттеринин жакындашында, грамматикалык нормаларынын такшалышында, сөздүк курамынын байышында баа жеткис роль ойногон. «Манастын» идеясынын кылымдар бою кыргыз элинин этикалык нормаларынын, улуттук мүнөзүнүн калыптанышына олуттуу таасир тийгизип келгендигинен да көрүнөт. Эпос адамдардын бири-бирине болгон өз ара мамилелериндеги этикалык нормаларды даңазалайт, ушундан улам ал биздин күндөрдө да өзүнүн тарбиялык маанисин жоготкон жок. «Манас» эпосу элдик оозеки чыгармачылыктын дүйнөлүк мыкты үлгүлөрүнүн арасында татыктуу орунда турат.

**Кенже эпостор** да баатырдык менен каармандыкты даңазалоого арналган. Буларда коомдун социалдык-турмуштук проблемалары лирика-романтикалык маанайда баяндалат. Кылымдар бою айтылып келген эпостордун жаралуу мезгилин аныктоо мүмкүн эмес. Алар ар башка доорлордун окуяларын камтып, көп электен өтүп, акын аткаруучулардын таланттары менен байыган.

Кенже формадагы эпикалык чыгармалардын арасында баатырдык жана социалдык-турмуштук дастандар бар. «Эр Төштүк», «Кожожаш» өңдүү дастандар мифологиялык-жомоктук негизде курулуп, байыркы доордон кабар берет. «Эр Табылды», «Курманбек» дастандарында кыргыздардын кийинки учурлардагы уруулук чыр-чатактары, чет элдик баскынчыларга каршы күрөшү баяндалат. «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөйдө» кыргыз урууларынын тарыхындагы ар кандай доордун социалдык-турмуштук проблемалары романтикалык маанайда чагылдырылган.

Лирикалык ырлар да кыргыздардын маданиятында элдик оозеки поэтикалык чыгармачылык кеңири роль ойногон. Анда элдин тарыхый тагдыры, өзгөчөлөнгөн байыркы маданияты, эмгеги, үмүтү, тилек-максаты, жаратылышы, каада-салты поэтикалык бийик деңгээлде кеңири чагылдырылган.

Нечендеген кылымдарда ар кандай тагдырга туш келген элибиз фольклорго өтө бай. Эмгек процессин камтыган – *эмгек ырлары* салт-кааданы чагылдырган – *салт ырлары*, элдик ырым-жырымдарга ылайык *эм-дом ырлары*, лирикалык секетбай, күйгөндөр, мелдеш айтыштар да түгөнбөс казына. Көлөмдүүсүбү же чаканыбы, ар бир чыгарма алгач ирет жеке адамдар тарабынан чыгарылат. Ошол көркөм матери-

ал мазмуну жана формасы жактан башкалардын да купулуна толсо үйрөнүү, эсте сактап калуу жолу менен ооздон-оозго өтүп, көпчүлүккө тарап элдик мүнөзгө өткөн. Кийин бирөөдөн экинчиге өтүп, оозеки айтылганда алар алымча-кошумчаларга учурап, өзгөртүүлөр, тактоолор киргизилген. Натыйжада алгач чыгарган адамдын аты унутулуп, андай чыгарма көп адамдардын элегинен өтүп, толукталып, жалпы элдин энчисине айланган.

Адамдын ички сезимин, ой толгоолорун көбүнчө ыр түрүндө баяндаган көлөмү чакан ырларды *лирикалык ырлар* дейбиз. Лирика деген түшүнүктүн түпкү теги гректердин «лира» аттуу музыкалык аспабынын атынан келип чыккан. Байыркы гректерде ошол лира аспабынын коштоосу менен аткарган чыгармалар лирикалык ырлар деп аталган.

Лирикалык ырлар тематикалык мүнөзүнө жараша *эмгек ырлары, турмуш ырлары* болуп бөлүнөт. Турмушта лирикалык ырлардын тарбиялык мааниси зор.

Кыргыздын эң байыркы доордо жаралып биздин күндөргө чейин жашап келген эмгек ырларына »Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдан» кирет.

Кыргыздар коомдук түзүлүштүн баскычтарына, күндөлүк тиричиликтин түрлөрүнө ылайык узак жылдар сакталып, элге сиңген үрп-адаттарга, каада салттарга бай. Кыргыздын фольклордук чыгармаларынын ичинен үрп-адатка байланыштуу чыгармалар көп. Ошондуктан аларды *үрп-адат ырлары* дейбиз. Үрп-адат ырларына кошоктор, (киши өлгөндө, кыз узатканда айтылган), керез ырлары, арман ырлары, сүйүү ырлары, жарамазан, мактоо ырлары, бешик ырлары, оюн ырлары кирет. Үрп-адат ырлары эл арасында кеңири таралган.

Кыргыз элинин аш-тойлору, майрамдары акындарсыз өтчү эмес. *Акындык өнөр* кыргыз элинде өтө жогору бааланган. Натыйжада оозеки элдик чыгармачылыктын *төкмөчүлүк өнөрү* күчтүү өнүккөн. Төкмө акындар ой жүгүртүүсүнүн тездиги, баамчылдыгы, өзгөчө таланттуулугу менен айырмаланган. Элибиздин толуп жаткан оюн-зооктору менен катар акындарды айтыштыруу да кеңири жайылган салт болгон. Эки ырчынын акындык дареметин салыштырып, бирин-бири жеңүү максаты менен ырдаган ырлары айтыш ырлар делип айтылган. Айтыш ырлары акындардын чеберчилигин айгинелеп, бул жанрдын өсүшүнө түрткү берген.

## 38. КЫРГЫЗ ЭЛИНДЕ КОЛДОНМО ИСКУССТВОНУН ӨНҮГҮШҮ

Кыргыз элинин жасалга-колдонмо искусствосу байыркы доордо эле калыптанып өнүгүп келген. Анын материалдык негизин – мал чарбачылыгынын продуктулары, жыгачты, металлды ж. б. иштетүүгө байланышкан *үй өндүрүшү* түзгөн. Бул өндүрүшкө эмгекке жарактуу ар бир үй-бүлө мүчөсү катышкан. Үйдөгү өндүрүш жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү жалаң эле үй тиричилигине жана турмуштук зарылчылыкка шартталбастан, элдин сулуулукка, кооз-дукка, өнөргө умтулуусуна да байланыштуу болгон.

Эстетикалык керектөөнү канааттандырууга, тиричиликти көркөмдөөгө болгон мүмкүнчүлүктү толук пайдаланууга умтулуу – көркөм кол өнөрүнүн ар тармагын өнүктүргөн. Ал өзүнүн көп түрдүүлүгү, оймо-чиймесинин (орнаменттик) тактыгы, өзгөчөлүгү түстөрдүн жана тондордун айырмалуулугу, бай, ажайып фантазиясы менен белгиленген. Көчмөн турмуш көркөм искусствонун өнүгүш мүмкүнчүлүгүн чектегенине карабастан, узакка пайдаланууга ылайыкташылган турмуш-тиричилик буюмдары (турак жайынын ички, тышкы жасалгасы, аялдардын кооздук, асем буюмдары, ат жабдыктары) гана эмес, күнүмдүк кийим-кече, үй тиричилигинде дайыма урунула турган буюмдары дагы көркөм чыгармачылыктын деңгээлин көрсөтө алган.

Үй шартындагы өндүрүштө жана кол өнөрүнөн жасалган ар кандай көркөмдөлгөн буюмдар турмуш-тиричиликте пайдаланылган. Элдин аң-сезиминде кол өнөрү турмуш-тиричиликтен ажырагыс болуп эсептелген. Кыргыз көркөм өнөрүнүн кайталангыс шедеврлери сыймыктанууга татыктуу болсо дагы, ал көркөм чеберчиликтин уникалдуу үлгүсү катары бааланбастан, турак жайдын же интерьердин бир бөлүгү, кийим-кече, же ат жабдыгынын ажырагыс элементи катары кабыл алынган да анын көркөмдүүлүгүнө караганда, пайдаланууга ыңгайлуулугу жогору бааланган. Кыргыз элинин жогорку деңгээлдеги чеберчиликке жөндөмдүүлүгү, дилгирдиги өзгөчө көркөм өнөр искусстосунан ачык көрүнгөн.

Өнөрчүлүктү биздин элдин маданиятынын, искусствосунун рухий турмушунун башка тармактарынан бөлүп кароого болбойт. Кол өнөрчүлүктүн чыгармалары, оюу-чийүү орнаменти, элдик поэтикалык оозеки жана музыкалык чыгармачылыгы менен органикалык байланыштары өнүгүп, бири-

бирине таасирин тийгизгендиги алардын ортосундагы жалпы белгилерден байкалат. Бул жалпылык элдик нукура терең реалисттик стили, айкын көркөмдүк, өтө бай образдуулугу, чеберчилиги менен айкалышкан.

Көркөм чыгармачылык укумдан-тукумга өтүү менен өнүгүп олтурган. Чеберчилик менен салт улам кийинки мунга мурасталып, элдин тарыхы менен кошо өнүккөн. Кыргыздардын колдонмо өнөрүнө өзүнө таандык өзгөчөлүк, таланттуулук, укмуштуудай көп түрдүүлүк мүнөздүү. Буюмдун практикалык функциясы менен көркөм жасалганын айкалышы жана жалпы элдик мүнөздө болушу анын эң баалуу сапаты болгон. Кыргыз эли көчмөн турмушка тыгыз байланышкан боз үйдүн, ат жабдыгынын кайталангыс өзгөчө жасалгасын жараткан. XIX к. кыргыз жасалга-колдонмо өнөрү жогорку деңгээлге жеткен. Түс (өң) менен оймо-чийме жасалгалоонун негизги каражаты болуп кала берген. Анда элдин рухий дүйнөсү жана таланты чагылдырылган. Эл түс маданиятынын эстетикалык нормаларын иштеп чыгып, анын оймо-чийме менен айкалыш эрежелерин калыптандырган. Өзүнүн жөнөкөйлүүлүгү жана таасирдүүлүгү боюнча эң сонун шайкештик пайда болгон.

Кыргыз элинин кездемелеринин, түктүү килемдеринин, саймаларынын, чырмалган чийлеринин жана шырдактарынын колорити шандуу ыргакты түзүп, өтө мыкты ачык түстөрдөн түзүлүп, кызыл түс басымдуулук кылган. Аларга өсүмдүктөрдөн жасалган боёктор колдонулган. Оймо-чиймелер – элдин демилгеси менен фантазиясын көрсөткөн эң сонун көркөм мурас, жасалганын өзгөчө тармагы. Алар өтө көп түрдүү, колдонмо өнөрүнүн ар бир түрүнүн өзүнчө кооздугу бар. Кыргызстандын оймо-чиймелеринин жаралуусу ар кайсы мезгилдерге таандык. Аларда Орто Азия жана Казакстан, Волга бою, Кавказ ж. б. элдердин оймо-чиймелерине окшош жалпылыктар кездешет. Бул кыргыз элинин башка региондогу элдер менен этностук жана маданий байланышта болгондугун айгинелейт.

Элдик оймо-чиймелердин аттары жана мотивдери да ондоп саналат. Алардын көпчүлүгү байыркы оймо-чиймелерден туруп, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн, көчмөн тиричиликти чагылдырат. Бир кыйла туруктуу оймо-чиймелер колдонмо өнөрүнүн азыркы түрлөрүндө да кездешет. Алардын негизгилери ар түрдүү варианттарда түшүндүрүлүүчү кочкор мүйүз, кочкорок, сыңар мүйүз, кайкалак, көз жоосун

алган кыял оюсу, үч бурчтук, кара тырмак, ит куйрук, тогуз дөбө жана башка оймо-чиймелер кеңири тараган. Оймо-чиймелердин кээ бир эскилери жоюлуп, азыркы мезгилди чагылдырган жаңы түрлөрү да пайда болууда.

Кыргыздардын чыгармачылыгында жүндөн жасалган көркөм буюмдар да негизги орунду ээлеген. Кийиз – көчмөн адамдын тиричилигинде эзелтен эле анын, турак-жайы менен төшөнчү-орунун, кийим-кечеси менен ат жабдыктарынын, эмерегинин ажырагыс бөлүгү болуп келген. *Шырдак* менен *ала кийиз* кыргыз элинин кийизден буюм жасоодогу зор чеберчилигинин далили. Алар да кыргыздардын жасалга-колдонмо өнөрүнүн негизин түзөт десек болот. Элдик чеберлер байыртадан келе жаткан көркөмдүк принциптерди өнүктүрүү менен катар өздөрүнүн жеке чыгармачылыгы аркылуу жаңылыктарды да киргизип, оймо-чиймелердин мазмундарын байытып, кеңейткен. Кыргыздын кайталангыс оймо-чиймелер менен кооздолуп, чырмалган чийлери да көркөмдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. *Саймачылык* өнөрүнүн техникалык ыкмалары жана оймо-чийме мотивдери өтө ар түрдүүлүгү менен айырмаланат.

Эл чыгармачылыгынын бул түрүнүн эволюциясын матага, булгаарыга, кийизге, жүн жип менен сайылган байыркы саймаларды кийинчерээк тукабага жана ноотуга түшүрүлгөн саймаларга салыштыруу менен байкоого болот. Сайма өнөрүнүн улуттук сыймыгы туш кийиз болуп калды.

Кымыз куюучу көөкөрлөр, чыны каптар жана башка буюмдар өздөрүнүн кайталангыстыгы менен айырмаланат. Наар түшүрүлгөн ат жабдыктары да өтө зор көркөм баалуулукка ээ. Элдик зергерлер кооздук, асем жасалгаларын жасоодо байыркы техниканы XX к. чейин сактап келишкен. Айрым усталар металлга оюу түшүрүп, калыпка металл куюп, наар түшүрүп, асыл таштарды бүртүктөсө, экинчилери алтын-күмүш зымдарын кооздоп ийүү чеберчилигин өздөштүргөн. Дагы бирөөлөрү ат жабдыктарды, кемер-курларды, булгаарыны, жыгач буюмдарын боз үйдүн жыгачын жасоого адистешкен. Жергиликтүү зергерлердин күмүш билерик, шакек, сөйкө, чачпак жана башка жасалгалары аялдардын кийимдерине көрк берип турган. Кыргыз элинин улуттук маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп калган элдик өнөр элдин байыркы маданиятын, мүнөзүн жана рухий дүйнөсүн, көркөм ой жүгүртүүсүн, этностук байланыштарын чагылдырган тарыхый дарек катары абдан баалуу.

## 39. ЭЛДИК МУЗЫКАНЫН ӨНҮГҮШҮ

Кыргыз эл музыкасы – элдин маданиятын, дүйнөгө көз карашын, турмуш-тиричилигин, тарыхын, этностук жана эстетикалык идеяларын чагылдыруучу баа жеткис мурас. Анын тамыры байыркы замандардан башталат. Кыргыз музыкасы жөнүндөгү алгачкы жазуу маалыматтары бир катар адабияттарда кездешет. Кытайдын белгилүү дин кызматкери жана саясатчысы Сюан-Цзан 630-ж. азыркы кыргыз жеринде болуп, жергиликтүү эл жөнүндө: «Мени тосуп алууга арналган той кулакка жагымдуу, жүрөк менен көңүлдүү эргиткен лирикалык күү менен башталды»,– деп белгилеген. Бирок ушул убакка чейин байыркы кыргыз музыка өнөрү тууралуу кабарлаган буюм, маданият эстеликтери табыла элек. Кыргыз элинин музыкалык фольклору кагаз бетине түшүрүлбөгөндүктөн, искусствонун бул тармагын тарыхый мезгилдерге бөлүү өтө кыйын.

Кыргыздарда өзүнчө музыка теориясы, улуттук музыкалык-поэтикалык өнөр жөнүндө илим, тажик элдериникиндей музыкант-окумуштуулар болгон эмес. Негизинен чыгармa жекече аткарылып, көп үн менен ырдоо жана күүнү ансамбль менен аткаруу салтка айланбаган. Кыргыздарда айтышуу ыкмасындагы аткаруу кеңири тараган. Ыр бир үн менен аткарылып, аспаптык музыкада комуздун жана кыл кыяктын эки кылынын жардамы менен эки-үч добуштуу үндөштүк жаралган. Фольклор оозеки түрдө гана жашап, ал эми эл музыканы жаттап алуу жолу менен бири-биринен үйрөнүшкөн. Ошондуктан тигил же бул музыкалык чыгарманы аткарган адам аткаруучу гана эмес, ошол күүнүн жаңы вариантын жаратуучу да болуп калган. Ыр-күүлөрдүн мындайча таралышы элдин музыкалык аң-сезиминин өзгөчө бир түрдө калыптанышын жана өнүгүшүн шарттаган.

Кыргыздын музыкалык өнөрүн комузда, кыякта (кыл кыяк), темир (жана жыгач) комузда, чоордо, сыбызгыда ж. б. аспаптарда ойноп, күү чыгарган өнөрпоздор байытышкан.

Салттык кыргыз күүлөрүнүн ичинен «Камбаркан», «Кет Бука», «Ботой», «Кербез», «Шыңгырама» сыяктуу кылым карыткан күүлөрү бүгүнкү күнгө чейин жеткен.

Кыргыз күүлөрүндө элдин турмушундагы орчундуу окуялар, жашоо-турмушту, дүйнөгө болгон көз карашты чагылдырган философиялык ой толгоолор камтылган. Кыргыздар байыртадан эле күү угуп, өксүгөн көңүлдүн бөксөсүн толту-

рушкан, чаалыккан жанына кубат алышкан. Жан кейиген-де, арман жүрөктү эзгенде күүгө кулак төшөп көкүрөгүн тазартышкан, рух оорусун күү менен дарылап келишкен.

Кыргыз элинин байыркы музыкалык аспаптарынын бүгүнкү күнгө чейин сакталып келген негизги өзгөчөлүгүнүн бири – бул алардын бир эле мезгилде күнүмдүк турмушта, ырым-жырым, үрп-адаттарында ж. б. кеңири колдонулуп келгендигинде.

Ал аспаптардын сырткы түзүлүшүнө, жалпы көрүнүшүнө элибиздин социалдык, чарбалык карым-катнашы, улуттук бөтөнчөлүгү, эстетикалык, философиялык көз карашы, көркөм өнөрдү баалай билүүсү өз таасирин тийгизбей койгон эмес.

**Комуз** – кыргыз элинин чертме кылдуу музыкалык аспабы. Түрк элдеринде тартма, кылдуу жана какма аспаптарынын кобус (хобус) комыс, кобус (хомуз), кумуз деп аталган аспаптары бар. Бул комуздун эң байыркы музыкалык аспап экенин далилдейт. Комуз өрүк, алмурут, карагай, арча, жапан тал, өңдүү экме жана жапайы жыгачтардан чабылат. Жалбырактары күбүлгөн жана мөмөсү бышкан кезде кыйылган жыгач сомдолуп, суугa кайнатылып, анан ышталган. Комуз: баш, моюн, тулку, чара, капкак, тепкек, үч кулак, үч кылдан түзүлөт.

Кулагы өрүктөн, арчадан же мүйүздөн жасалат, ал эми кылы көбүнчө эки тиштүү кыргыз койлорунун ичегисинен жасалган. Муздак сууга салынган ичегини сыдыргы менен тазалаган соң, ийик менен оңго ийрип, анан аябай кере тарттырып кургатышкан. Залкар комузчулар кылды добушуна жараша өтө кылдаттык менен тандашкан. Кээде бир койдун ичегисинен бир кыл гана жасалган.

**Кыл кыяк** – улуттук кылдуу, жаалуу музыкалык аспап. Ал негизинен кулак, чара, моюн, куткун, тээк жана башка бөлүктөрдөн турат. Тулкусу көк арчадан, өрүктөн, сом жыгачтан чабылат. Узундугу – 65–70 *см*. Моюну кыска, беренеси жок. Добуш чыгаруу чарасы тең бөлүнгөн алмурут сыяктуу. Анын жарымы төөнүн териси менен капталат. Алдына туурасынан кичинекей ичке жыгачтан бертик (төшөгүч) коюлат. Капкактын ортосунан төмөн карай ичке кайыш тартылып, чарасына бекитилет. Кыл кыяктын аягы санга коюп тартуу үчүн ылайыкталып ичке келет, башында карама-каршы эки кулагы бар. Ал ыргай, чычырканак, табылгыдан жасалат. Кыл кыяктын тепкеги (тээги) үч бурчтук форма-

сында эки ача жыгачтан куткуну кайыш же булгаарыдан эки тилинип жасалып ага кыл тартылат. Аспапты аттын куйрук кылы тартылган жаа менен жанып ойнойт. Кыл кыякка добушу бийик, мукам, уккулуктуу болуш үчүн эки тасый жылкынын куйрук кылы (60–70 талдан ашпаган) тагылат. Адатта кылды аспапка тагаарда аны самындап жууп, тарап, карагайдын чайырын (дабыркайын) кайнатып сүйкөйт. Ойноор алдында да кылга чайыр сүйкөлөт. Кыл кыяктын түрлөрү дүйнөгө, айрыкча түрк элдеринде кеңири тараган. Алардын ичинен кыргыздын кыл кыягы тембри, добушу, күүлөнүшү, жалпы формасы, чабылышы, тартылышы жагынан казактардын *кыл кобызына*, кара калпактардын кобызына, тувалыктардын *иглесине*, хакастардын *ыыхына*, алтайлыктардын *иклемине* окшош.

Кыл кыяктын коңур добушу адамдын үн интонациясына өтө жакын. Анда адамдардын ар кандай турмушун, согуштук жүрүшүн баяндаган күүлөр тартылат. Адамдардын күлгөнү, ыйлаганы, кошкону, баланын, келиндин, кемпирдин, чалдын үндөрү, жан-жаныбарлардын аракети, табигый көрүнүштөрү так тууралып баяндалат.

Кыл кыяк көбүнчө кенже эпосторду айтуучулардын, жомокчулардын жана элдик ырчылардын коштоочу аспабы катары пайдаланылган. Кыл кыякта өзүнө мүнөздүү обон, күүлөр менен бирге комуз, темир комуз күүлөрү да тартылат.

Булардан тышкары кыргыздардын чоор, ооз комуз, жылаажын, сыбызгы, добулбас, керней, сурнай өңдүү толуп жаткан музыкалык аспаптары болгон. Алардын айрымдары бүгүнкү күнгө чейин колдонулууда.

# КЫРГЫЗСТАН XIX к. ОРТОСУНАН БҮГҮНКҮ КҮНГӨ ЧЕЙИН

## 40. ТҮРКСТАН РОССИЯНЫН КОЛОНИЯЛЫК ОБЪЕКТИСИ КАТАРЫНДА (XIX к. ортосу)

Россиянын Борбордук Азияга умтулушунун экономикалык жана саясий себептери болгон. XIX к. 30–60-жж. эл аралык кырдаал боюнча Россия Түркстанга ээ болууга биринчи кезекте саясий себептерге байланыштуу аракеттенген. Анткени Чыгыштын коншу мамлекеттери менен Британия империясы Түркстанды, анын ичинде Кыргызстанды, басып алууга аракеттене баштаган. Түркстандын саясий стратегиялык маанисин түшүнгөн Россия айрым мамлекеттердин, өзгөчө Британиянын мындай аракетин чектөө үчүн бул регионду тезирээк колго алууга умтулган. Ошол кезде Россия үчүн Түркстан менен соода жүргүзүү анчалык деле пайдалуу эмес болчу. Анткени XIX к. аягына чейин эле Түркстанга товар алып келүүгө караганда, Россияга товар сатуу басымдуулук кылып турган. Демек, орус падышачылыгы Түркстанга, адегенде саясий факторлор менен умтулган. Түркстан Россияны товарларды сатып алуучу жана өнөр жайына керектүү чийки заттарды берүүчү чөлкөм катары экинчи кезекте кызыктырган.

Россиянын орто кылымдарда эле башталган чет-жакаларга жылуусу улам каратылып алынган чөлкөмдөргө чептерди куруу менен акырындап бекемделе берген. Чыгышка жылуунун натыйжасында XVIII к. аягында Оренбург жана Сибирь тилкелери калыптанган. Казак талааларында оруска тиешелүү тилкелер пайда болуп, чептер курула баштаган.

Россия бийлиги XIX к. 30-жж. Сыр-Дарыя менен Чүй дарыяларынын ортосун ээлөө үчүн Жети-Сууну каратуунун алгачкы пландарын иштеп чыккан. Планда Жети-Сууну каратып алуунун саясий, экономикалык мааниси айтылып, эгер мындай аракет ишке ашса, Россия Индияга чейин ийгиликтүү жүрүш жасай алат деген идеялар бар эле. Орус өкмөтү Борбордук Азияга жылуу саясатына өтө кылдат мамиле кылууга аракеттенген. Анткени Евразия континентиндеги «чыгыш

маселеси» деп аталган эл аралык татаал маселеде Англия менен Россиянын кызыкчылыктары тирешип турган. Россиянын Сибирь, Казакстандын талаалары аркылуу улам төмөндөп түшүп келе жатышы Англияны өтө тынчсыздандырган. Ал Афганстанга жана Борбордук Азияга карата колониялык экспансиясын активдештирүү максатында, өзүнүн агенттерин жиберип, ошол эле учурда Түштүк Кавказ аркылуу өз товарларын Түркстанга жөнөтө баштайт. Тез арада эле соода конкуренциясында Англиянын ийгилиги айкын көрүнүп, Россия чыгыш рынокторун биринен сала бирин жогото баштаган.

1846-ж. Россия казактардын Улуу Жүзүн өз букаралыгына каратып алууга жетишет. 1847-ж. Сыр-Дарыянын төмөнкү агымында орустардын үч чеби, Жети-Сууда Копал чеби (азыркы Талды-Коргон шаары) тургузулган. Бул орус-кокон мамилесин курчуткан. Кокон хандыгынын ошол кездеги миңбашысы Мусулманкул казак урууларына кысым жасоону күчөтүүгө буйрук кылып, Россия менен мамилесин таптакыр үзгөн.

Эми орус бийлиги акырындык менен Россия менен Кашкардын ортосундагы соода жолун тосуп турган Түндүк Кыргызстан чөлкөмүн көздөй жылууну көздөгөн. Орус төбөлдөрүнүн Коконго каршы аракетинин натыйжасында 1853-ж. Сыр-Дарыянын төмөнкү агымындагы кокон чеби – Ак-Мечит каратылган. 1854-ж. болсо Алматы суусунун жээгинде Верный чыңдоосу (азыркы Алматы шаары) курулган. Ал жерде аскер гарнизону жайгашып Улуу Жүзгө көзөмөлдүк кылуучу пристав турган. Бул чеп Кокондун Казакстанга кетүүчү жолун тосуп калган.

Англиянын Борбордук Азиядагы таасирин басандатуунун жолдорун издөө үчүн Россия 1858-ж. Борбордук Азияга үч миссия жөнөткөн: Н. В. Ханковдун Герат менен Чыгыш Иранга болгон илимий экспедициясы; Н. П. Игнатьевдин Хива жана Бухарага жүргүзгөн дипломатиялык миссиясы; Ч. Ч. Валихановдун Кашкарга болгон чалгыны. Бул экспедициялар орус өкмөтү үчүн Борбордук Азия мамлекеттеринин эли, алардын тарыхы, каада-салты, маданияты жөнүндө кеңири материалдарды топтоп, орус колонизациясынын кийинки жылдардагы жүрүштөрүнө табылгыс маалымат болуп берген. Ошону менен катар Англиянын Түркстанды басып алуусунун кеңири пландары бар экендиги да аныкталган.

1863-ж. декабрда падыша Александр II Россиянын Түркстанда активдүү акцияларга өтүшүнө макулдук берет. Ошентип 1864-ж. баштап Россиянын Түркстанды каратууда пассивдүүлүктөн активдүү согуштук аракеттерге өтүшү башталган.

Түркстандын орус колониализминин объектиси катары каралышында Россиядагы крепостнойлук укуктун жоюлушунан улам пайда болгон себептер да маанилүү роль ойногон. Анткени, 1861-ж. реформа боюнча жерсиз калган дыйкандардын наразычылыктары кескин түрдө жогорулай баштаган. Дыйкандарды Россиянын борбордук губернияларынан көчүрүү, Түркстанда падышачылыктын таянычы болгон орус дыйкандарынын бай катмарларын түзүү керек эле.

Түркстандын Россияга каратылышы менен Казакстан жана Кыргызстан аркылуу Индия, Кытай, Афганстан менен соода байланыштарын жүргүзүү үчүн орустарга жол ачылмак.

Ошентип, Түркстан орус колонизминин объектиси катары бир катар саясий мотивдер үстөмдүк кылган саясий-экономикалык себептердин түйүнү катары XIX к. 30–60-жж. даярдалган.

## 41. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ САЯСИЙ АБАЛ ЖАНА КЫРГЫЗ-ОРУС МАМИЛЕЛЕРИ
### (XVIII к. экинчи жарымы — XIX к. ортосу)

Кыргызстанды Россия каратып алар алдында кыргыздарда патриархалдык-феодалдык коом үстөмдүк кылып турган. Тарыхый маалыматтарга таянып XVIII к. аягынан XIX к. ортосуна чейинки мезгилди Россиянын Кыргызстанды каратып алуу өбөлгөлөрүнүн бышып жетилүү баскычы деп караса болот.

XVIII к. экинчи жарымында кыргыз коомчулугу татаал процесстерди башынан кечирип жаткан. Орто кылымдардан бери келе жаткан жоокерчилик замандын кесепетинен болгон ич ара кагылышуулар элди бөлүп жарган тышкы саясий окуяларга байланыштуу кыргыз эли бирдиктүү мамлекеттик түзүлүшкө жетише алган эмес. Бул мезгилде кыргыз уруулары географиялык шартка ылайык бир нече саясий бирикмелердин таасиринде жашап турган. Түштүк кыргыз уруулары (ичкилик, адыгине тобу, мундуз, басыз, кушчу,

саруу, багыш, жедигер, саяк ж. б.). Фергана өрөөнүндө илгертен бери алар менен ирегелешип жашап келген өзбек, кыпчак, тажик ж. б. элдер менен бирдикте Кокон мамлекетин негиздөөгө (1709-ж.) жана аны башкарууга багытталган саясий окуяларга активдүү катышып келишкен (Акбото бий, Кубат бий, Ажы бий ж. б.). XVIII кылымдын акыркы чейрегинде Фергана чөлкөмүндө, Памир, Тоолуу-Бадахшан, Оро-Төбө, Жызак, Кожент чөлкөмдөрү Кокон мамлекетине биротоло бириктирилгендигине байланыштуу анда жашаган кыргыздар хандыктын туруктуу калкына айланып калган.

Кыргызстандын түндүк бөлүгү бул мезгилде ар бири өз алдынча бийлик жүргүзүшкөн уруу башчыларынын – чоң манаптардын кол алдында эле. 1775–1776-жж. Талас, Чүй жана Ысык-Көл кыргыздарына каршы Аблай хандын чабуулунан кийин түндүк кыргыз уруулары 1781-ж. чейин (Аблай хан өлгөнгө чейин) казак султанынын бийлигине ыкрар кылып, бирок 1780–1830-жж. көз карандысыз феодалдык ээликтер катары жашашкан. XIX к. азыркы Чүй областынын аймагында сарыбагыш, солто; Ысык-Көлдө – бугу, саяк, сарыбагыш; Нарында – моңолдор, черик, басыз, сарыбагыш, чекир саяк, азык; Таласта – кушчу, саруу, кытай, жетиген; Жалал-Абадда – багыш, мундуз, саяк; Ошто – адыгине, мунгуш, найман, тейит; Баткенде – төөлөс, оргу, жоокесек, бостон, ават, кесек, канды, тейит, найман ж. б. жашаган. Ичкилик уруу бирикмесине кирген кыргыз уруулары Өзбекстандын, Таджикстандын, Афганстанга кирген Памирдин Кыргызстанга чектеш аймактарында жашашкан. Чыгыш Түркстанда басыз, саяк, чоң багыш, төөлөс (дөөлөс), солто, сарт, тейит, найман кыпчак, бугу, черик, нойгут, т. а. ичкилик, оң, сол кыргыз урууларынын аз-аздан өкүлдөрү жашаган.

Кыргыздардын түндүк чөлкөмдөрүндө сарыбагыштан – Тынай, Атаке, Эсенгул, Ормон, бугудан – Карга, Бийназар, Меңмурат, Боромбай, солтодон – Түлөберди, Жайыл, Канай, Жаңгарач, саяктан – Садыр хан, Жанболот, Качыке, Тайлак, саруудан – Бердике, Туума бий, кушчудан – Жетим бий, мундуздан – Тыныбек ж. б. өз алдынча бийлик жүргүзүп турушкан.

Саясий бытырандылыкта жашаган кыргыз уруулары XVIII к. аягында тышкы саясатта бирдиктүү багыт менен аракеттенүүгө мүмкүнчүлүгү жок эле. Түндүк кыргыз урууларынын өз ара келишпес мамилелеринен улам аларга тышкы душмандар такай коркунуч туудуруп турган. Алсак,

1758–1760-жж. Цинь империясы ойроттордун мамлекетин талкалагандан кийин келген кытай баскынчыларынын кыргыз урууларына үстөмдүгүн орнотууга багытталган аракеттери, казак султандарынын түндүк кыргыз урууларына болгон чабуулдары (1760-ж.), Аблай хандын жортуулу (1775–1776-жж.) ж. б. окуялар буга далил. XVIII к. аягынан баштап Түндүк кыргыздарга Кокон хандыгы да кысым көрсөтө баштаган.

Мындай кырдаал кээ бир кыргыз бийлерин Россия империясына кайрылууга түрткөн. Алар Россия менен мамиле түзүп, анын колдоосуна ээ болуу менен гана өздөрүнүн бийликтерин, саясий өз алдынчалыктарын сактап калууга болот деп түшүнүшкөн.

Россия менен саясий байланыш түзүү аракетин адегенде Чүй боорунда жашаган сарыбагыш уруусунун бийи **Атаке баатыр** жасаган. Атаке баатыр көптү билген, өтө кыраакы, акылмандыгы менен эл ичинде чоң кадыр-баркка жеткен өз заманынын мыкты адамдарынан болгон. Россия империясына кайрылып ымала кылуу гана элинин өз алдынчалыгын сактаарына ишенген Атаке баатыр өзүнө караштуу кыргыздардын атынан Россиянын борбору Санкт-Петербургга элчи жиберүү жөнүндө ойго келген. Бул оюн ортого салуу үчүн Атаке баатыр кыргыз элинин оң канатынын курултайын чакырган. Атаке баатырга ал учурда Чүй өрөөнүндө, Ысык-Көлдө, Кочкордо, Жумгалда, Нарында, Ат-Башыда, Тогуз-Тородо, Кетмен-Төбөдө ж. б. жерлерде жашаган калктардын баары баш ийген.

Курултайдын бардык катышуучулары кыргыз элчилерин Россиянын борбору Санкт-Петербургга жиберүү жөнүндөгү Атаке баатырдын чечимин бир добуштан жактырышкан.

Россияга бара турган биринчи элчиликке **Абдрахман Кучаков жана Шергазы** тандалган.

1785-ж. 23-августунда Омскиге келип жеткен кыргыз элчилери Сибирь генерал-губернаторуна Атаке баатырдан кат жана эки аргымак, Екатерина IIге атайын расмий кат, бир кул, үч илбирстин жана беш сүлөөсүндүн терисин тартуулашкан.

**Элчиликтин негизги максаты** Россиянын колдоосуна ээ болуу, Борбордук Азиядан жана Чыгыш Түркстандан Россияга карай чыккан соода кербендеринин маршрутун өзгөртүп, Кыргызстан аркылуу өтүүсүн камсыз кылуу болучу. 1785-ж. 29-декабрында Петербургга келишкен кыргыз элчилерин,

Екатерина II 1786-ж. 15-мартта гана кабыл алат. Кыргыз элчилигинин башчысы ооруп калып, 1788-ж. 14-сентябрында мекенине карай аттанган. Орус падышасынын элчилерди кабыл алгандыгы жөнүндө Атаке бийге 1787-ж. октябрь айында Омскиден кабарлашкан.

Атаке баатыр биринчи элчилеринин кайтып келишин күтпөй эле, 1788-ж. жайында Омскиге **Абдрахман уулу Сатымбай** башында турган экинчи элчиликти жиберген.

Россияга барган алгачкы элчилер кыйла кыйынчылыктарды жеңип, өздөрүнүн милдетин ийгиликтүү ишке ашырышкан. Кыргыздар менен Россиянын ортосундагы туруктуу байланыш түзүлбөсө дагы, кийинки дипломатиялык мамилелердин калыптанышына биринчи кадам жасалган.

Ушундан кийин Кыргыздар менен Россиянын ортосундагы саясий, соода-экономикалык байланыштар өнүккөн.

1825-ж. күзүндө Жыргалаң суусунун боюнда бугу уруусунун бийлери курултайга чогулушуп, Россиянын же Кокондун букаралыгын кабыл алуу маселесин талкуулашат. Курултайда Коконго караганда Россиянын букаралыгына өтүүнү жактагандар басымдуу көпчүлүктү түзүп, Россияга кошулуу жөнүндө чечим кабыл алынат.

Ысык-Көл кыргыздарынын ири уруу төбөлдөрүнүн Россия мамлекетинин курамына кирүүгө умтулушунун натыйжасында булардын ортосунда алгачкы дипломатиялык байланыштар жөнгө салынган.

## 42. 1840–1850-жж. БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ САЯСИЙ КЫРДААЛ ЖАНА ЫСЫК-КӨЛДҮК КЫРГЫЗДАРДЫН РОССИЯ БУКАРАЛЫГЫН ТААНУУСУ

XIX к. 40-жж. Түндүк Кыргызстанда саясий кырдаал белгилүү өлчөмдө аныкталган. Анткени, бул жакта айрым уруулар саясий жактан биригүүгө, кээ бирлери уруулук-уруктук деңгээлдеги өз алдынчалыкты камсыз кылууга аракет кылгандыгы байкалат.

Түндүк Кыргызстандын чегиндеги саясий биримдикти орнотууга багытталган сарыбагыш **манабы Ормон Ниязбек уулунун** аракеттери айрым уруу төбөлдөрүнүн сепараттык маанайдагы мүдөөлөрү менен коштолгон. Алсак Ысык-Көл кыргыздары Ормондун хан жарыяланышына жоопкылы-

шып манап **Боромбай Бекмурат уулун** бугу уруусунун башчылыгына көтөрүшкөн.

Сарыбагыш жана бугу урууларынын бий-манаптарынын өз ара тирешүүсү алардын тышкы саясатына да терең таасирин тийгизген. Ормон хандын мамлекеттик биримдик түзүп, орустар менен мамилени так аныктоо боюнча мүдөөлөрүн бугу манаптары колдогон эмес. Анын натыйжасында орус администрациясы бугу кыргыздары менен тыгызыраак алака күтүү саясатын жүргүзүп, бугуларды алгачкылардан кылып Россиянын курамына кабыл алган.

Сарыбагыш жана бугу урууларынын бий-манаптарынын бир нече жылга созулган ич ара тирешүүсү XIX к. 50-жж. жаңжалга – бугу-сарыбагыш чабышына алып келген. Ормон хан бугуларга каршы согуштук аракеттерди жүргүзүү менен Ысык-Көл кыргыздарын өзү куруучуга ниеттенген хандыкка толук моюн сундурууга умтулган. Экинчиден, Ысык-Көл кыргыздарынын бейжооп Россия менен жакындашышы Ормон ханга жаккан эмес.

Бул жаңжалдагы чабыштардын биринде, 1854-ж. Ормон хан колго түшүп, өлтүрүлөт. Ормондун кунун кууган сарыбагыштар, Ормондун кол башчысы Төрөгелдинин жана Ормон уулу Үмөтаалынын жетекчилиги менен кайра-кайра жортуул уюштуруп, бугулардын тынчын алган. Боромбай баш болгон бугунун бир топ айылы Каркыра менен Текеске чегинет.

Уруу башчыларынын саясий тирешүүлөрүнүн натыйжасында болгон өз ара чабышта карапайым калк өзгөчө жапа чегип, кыргынга учураган. Бул жөнүндө Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталган ыр төмөндөгүдөй баяндайт:

Сарыбагыш менен бугудан,
Саяк менен чородон,
Санат жеткис көп өлдү,
Сары-Булак, Күрмөнтү
Акпай суусу бөгөлдү.
Кедей начар көп өлдү,
Кемер жерлер бөгөлдү,
Алсыз начар көп өлдү,
Аң ченектер бөгөлдү.

Мына ушундай коогаландуу шартта бугунун баш манабы Боромбай кыргындан кутулуунун бирден-бир ылаажысы – Россиянын букаралыгына өтүү деген бүтүмгө келет. Ушун-

дай максат менен манап **Качыбек Шералин** баштаган бугунун элчилиги 1854-ж. 26-сентябрда Батыш-Сибирь генерал-губернаторлугунун борбору Омск шаарына барышкан. 1855-ж. 17-январында Омскидеги ак сарайда өз элинин ишенимдүү жана ыйгарылган өкүлү катары Качыбек Шералин Россиянын карамагына өткөндүгү жөнүндө куран кармап ант берген. Ысык-Көл кыргыздарынын Россияга расмий түрдө кошулушу кыргыздардын тарыхында маанилүү окуя катары бааланат. Ушул окуядан кийин 50-жж. орто ченинде башталган бугу менен сарыбагыш урууларынын ортосундагы жаңжал басандаган. Бирок, эки уруунун ортосундагы чыр-чатак Түндүк Кыргызстан Россиянын карамагына толук киргизилгенге чейин (1868-ж.) тыйылган эмес.

## 43. ЧҮЙЛҮК ЖАНА ТАЛАСТЫК КЫРГЫЗДАРДЫН РОССИЯНЫН БУКАРАЛЫГЫН КАБЫЛ АЛЫШЫ

XIX к. 60-жж. Кокон хандыгы менен Россиянын тирешүүсү күч алып, Жети-Суу аймагы, анын ичинде Чүй өрөөнү, бул карама-каршылыктар даана байкалган аймакка айланган. Түштүк кыргыздарынан айырмаланып, түндүк кыргыздары Кокон хандыгынын саясий турмушунун пассивдүү байкоочулары болушкан. 1860–1862-жж. сарыбагыш уруусунун тынай уругунун манаптары хандыктын саясий турушуна жандуу аралашууга далалат жасап көрүшөт. Бирок хандыктагы саясий окуялардын өнүгүү өңүтүн ачык баамдай алышпагандыктан улам, так ээлери менен мамилелерин үзүшкөн.

Чүй боорундагы кыргыз урууларын Россиянын курамына киргизүү маселесине 60-жж. башында падыша өкмөтү чечкиндүү киришкен. Ал үчүн орус аскерлери Чүй өрөөнүндөгү кокондук чептерди ээлеши керек эле. Муну сезген Кокон ханы да ак падышанын колу менен беттешүүгө камынып, Чүйгө сарбаздарын топтогон. Россия менен кокондуктар тирешип турган мезгилде чүйлүк кыргыздар бейтарап абалда болушуп, көпчүлүгү тоо аралай жайлоолорго көчүп кетишкен. Падыша аскери Циммермандын кол башчылыгы астында 1860-ж. 23-августта Верныйдан чыгып, 26-августта Токмок чебин басып алып, аны 28-августта толук кыйраткан. Чептеги 100 сарбаз колго түшүрүлгөн. Ошол күнү ага казак-орус кошууну менен А. Г. Колпаковский кошулган. Эртеси алар

Бишкекти көздөй бет алышат да, 31-августта бул чепти ээлешкен. Коргондун кыйла бөлүгү кыйрап, акыры Атабек датка, Алишер датка баштаган 627 сарбаз багынып берген.

Орус аскерлери менен Кокон хандыгынын кошуундарынын ортосундагы беттешүү 1861-ж. 20-октябрда Узун-Агач бекети жайгашкан Кара-Кастек өңүрүндө өткөн. Алымбек датка өз кошууну менен согушка кирбей койгон. Бул салгылашта орус аскерлери Кокондун кошуундарын бир топ жоготууларга учуратып, артка чегинүүгө мажбур кылган. Бул кармашта **Шабдан Жантай уулу** кыргыз жигиттерин баштап, орус аскерлерине каршы эрдик менен согушкан.

Узун-Агачтагы салгылашуудан көп өтпөй 1862-ж. сарыбагыштын тынай уругунун чоң манабы **Жантай Карабек уулу** Верныйга барып, Чүй өрөөнүндөгү кеминдик кыргыздар Россиянын карамагына өтөөрүн билдирет. Ушундан кийин Жантай жана анын уулу Шабдан орус бийлигине кызмат кылууга өтүшкөн. Ормон хан өлгөн соң Жантай сарыбагыш манаптарынын кадырлуу башчысы болуп калган. Орус өкмөтү ага 1867-ж. полковник чинин ыйгарган жана алтын медаль менен сыйлаган.

1862-ж. жайында Чүй өрөөнүнүн Бишкектен Таласка чейинки жеринде жайгашкан солто уруусунун чоң манабы **Байтик Канай уулу** кокондук аким Рахматуллага каршы күрөш баштаган. Байтик баатыр Рахматулланы айла менен тойго чакырып, келген соң аны өлтүргөн. Кокондуктардын Чүй өрөөнүндөгү бегин жайлаган соң кыргыздар бир нече күн Бишкек чебин камалап турган. Сепилди ала албасына көзү жеткен Байтик баатыр иниси Сатылганды Верныйга жөнөтүп, А. Г. Колпаковскийден жардам сураган. Түндүк Кыргызстанды Россияга биротоло каратууга даярданган орус аскер башчысы 1200 солдаты менен жардамга дароо аттанып, 13-октябрда Бишкек чебине келген. Орус аскерлери менен Байтик баштаган кыргыздардын биргелешкен аракетинин натыйжасында 24-октябрда чеп орустардын колуна өтүп, эки күндө кыйратылган.

Байтик баатыр кийинчерээк өзүнүн 200 жигити менен орус аскерлерине кошулуп, Мерке, Олуя-Ата, Чымкент ж. б. бир топ кокон чептерин алууга түздөн-түз катышкан.

Байтик баатыр баштаган көтөрүлүш солто уруусунун бир канатынын гана наразылыгынан келип чыккандыгын, солтолордо антикокондук маанай жалпы көрүнүш болбогондугун белгилей кетишибиз керек. Алсак, ошол кезде манаптар

Жаңгарач, Маймыл жана Тынаалы бийлеген солто уруусунун бир бөлүгү орус бийлигине баш ийүүнү каалабай, Таластын баш жагына көчүп кетишкен. А түгүл алар орус аскерлерине каршылык көрсөтүш үчүн кол курашкан. Жаңгарач манап өлгөн соң 1864-ж. анын уулдары жана Көкүм манап орус төбөлдөрү менен ымалага өтүшкөн.

Таласка көчө качкан кыргыздар өздөрүнүн жолбашчылары жок болгондон кийин, 1865-ж. гана Россияга баш ийген. Алар менен бирге Таластагы негизги уруулар саруулар менен кушчулар орустардын бийлигин таныган. Демек, чүйлүк жана таластык кыргыздарды Россиянын курамына киргизүүдө ыктыярдуулук менен катар куралдуу зомбулук да колдонулган.

## 43. ТЕҢИР-ТООЛУК КЫРГЫЗДАРДЫН РОССИЯНЫН БИЙЛИГИН КАБЫЛ АЛЫШЫ

Россияга кошулганга чейин Теңир-Тоодогу кыргыздардын бир бөлүгүн Кокон хандыгы каратып, мезгил-мезгили менен салык алып турса, экинчи бөлүгү Кашкардагы цинманчжур бийлигинин таасиринде турган Кытай менен чектешкен. Кыргызстандын бул аймагын каратууга орус бийлиги чоң маани берген. Анткени буга чейин орус көпөстөрү Кашкар менен соода-сатыкты көбүнчө Кокон хандыгы аркылуу жана Верный тараптан Кулжа аркылуу ишке ашырып келген. Теңир-Тоону каратуу менен орустар Чыгыш Түркстан, Кашкар менен түз соода жасамак.

1863-ж. жайында Борбордук Теңир-Тоого генштабдын капитаны Проценко башчылык кылган Кашкар отряды деп аталган кошуун аттанган. 3-майда бул отряд Жумгал өрөөнүнө келет. Бул жердеги 56 кокондук сарбаз өздөрү турган коргонду таштай качышкан. Андан соң бул кошуун Соң-Көл жайлоосу аркылуу Куртка чебине өткөн. Кокондуктар бул жерден да күн мурдатан эле чегинип кеткен. Теңир-Тоолук кыргыздардын Россияга кошулушу Түндүк Кыргызстандын башка аймактарындагыдай эле карама-каршылыктуу, татаал социалдык-саясий шарттарда жүзөгө ашырылган. Айрым манаптар орус бийлигине өздөрү өтүнүч менен кайрылышса, кээ бирлери күтө турууну чечишти, дагы бирлери падыша аскерлери менен куралдуу кагылышууга чейин барышкан. Мисалы, 1863-ж. июлда манап **Осмон Тайлак уулу** орус ас-

керлерине каршы ачык согушка чыккан. Ал жигиттери менен Токмок уездинин начальниги майор Г. Зряжскийдин чакан аскерин камалоого алган. Ага ошо кезде капитан чини бар Шабдан Жантай уулу жардам берип, өлүмдөн сактап калган. Осмон өзү чыгыш Түркстанга баш калкалаган. Бул жактан 1867-ж. гана кайтып келип, 3 миң түтүн эли менен Россияга баш ийген.

Сарыбагыш уруусунун чоң манабы **Үмөтаалы Ормон уулу** да орус бийлигине каршы ачык күрөшкөн. Ал орус аскерлерин бириндетип талкалап, Ата Журттан сүрүп салуу максатында 1863-ж. 19-июнда Куртканын Эки-Чат деген жеринде подпоручик Зубаревдин 40 аскерден турган кошуунуна кол салат. Эки күн камоодо калган орус аскерлерине жардам келбегенде Үмөтаалынын жигиттери талкаламак эле. Ак-Талаадагы бул кагылышуудан кийин Үмөтаалы Кашкар букаралыгын алуу ниетинде Чыгыш Түркстанга барган. Ал жакта жаңы мамлекет түзгөн Жакып бек Үмөтаалынын өтүнүчүнөн баш тарткан.

Теңир-Тоодогу черик уруусунун Россиянын бийлигине киришинин мааниси чоң. Анткени алар Нарын дарыясынан түштүктө Күйкө-Турпан тоосуна чейин Какшаал суусунун жээктеринде, Ат-Башы, Арпа, Аксай өрөөндөрүнөн Кашкарга чейинки кеңири мейкиндикти ээлеп турушкан. Чериктер Кокон хандыгына, цин-манчжур төрөлөрүнө, кийин Кашкардын улугу Жакып бекке салык төлөп, кош кабат эзүүгө туш болушкан. Чериктин манаптары Россияга кошулуу менен татаал абалдан чыгуу максатын көздөшкөн. 1863-ж. жазында 6 миң түтүн черик уруусунун чоң манабы **Турдумамбет Тоймат уулу** баш болгон бийлер Ала-Тоо округунун улугу Колпаковский аркылуу ак падышага кат жөнөтүшкөн. Чериктерди букаралыкка кабыл алуу үчүн император макулдугун билдирген.

1863-ж. 13-октябрда чериктердин элчилери Омскиге келип орус бийлигине өткөндүгү тууралуу ант беришкен. 1868-ж. Нарын чеби негизделген кезде чериктердин көбү Ала-Тоо округуна карап, калганы Кашкардын улугу Жакып бектин карамагында турган. Кийин 1877-ж. Жакып бектин мамлекети жоюлганда алар Кытай императорунун бийлигине өтүп кеткен. Черик уруусунун көпчүлүгүнүн орус бийлигине өтүшү менен алар ээлеп жүргөн кең мейкиндик Кыргызстандын жери болуп калган.

1864–1865-жж. Нарындын башын мекендеген бугу, тынымсейит уруусу, Кочкор, Жумгал, Кетмен-Төбөнү жердеген саяк уруулары Россиянын курамына киргизилет. Ал эми Үмөтаалы бийлеген сарыбагыштар орус бийлигине 1867-ж. чейин каршылык көрсөткөн. Мындан ары күрөштөн пайда чыкпасына көзү жеткен Үмөтаалы акыры орустарга багынып берген.

1868-ж. Нарын жана Караколдо орус чептери курулуп аларда туруктуу аскер кошуундары тургандан баштап Кыргызстандын түндүгүнө Россиянын бийлиги реалдуу түрдө орноогон.

1867-ж. 11-июлда Сыр-Дарыя жана Жети-Суу областтарынан турган Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлгөн. Анын стратегиялык мааниси эске алынып, согуш министрлигинин карамагына беришкен. Ошентип, Кыргызстанда болочокто согуштук жана граждандык башкарууга негизделген колониялык аппараттын башаты негизделген. Административдик башкарууну уюштуруу менен катар эле орус өкмөтү жаңы ээликтерде падышачылыкка согуштук-саясий жана социалдык таяныч түзүү үчүн келгин орустарды отурукташтыруу саясатын да ишке ашыра баштаган. 1867-ж. Ысык-Көлдүн Караколунда, Чүйдүн Токмогунда отурукташтыруу пункттары даярдалып, кийинки жылы орустар келе баштаган.

Ошентип, 1863–1868-жж. 1855–1863-жж. айырмаланып, Түндүк Кыргызстанда иш жүзүндө орус бийлиги орногон. Демек, түндүк кыргыздарынын Россияга каратылышы 1863–1868-жж. аралыгында Россия бийлигинин үстөмдүгүн биротоло орнотулушу менен толук ишке ашырылган.

## 45. XIX к. 60–70-жж. КОКОН ХАНДЫГЫНЫН ЖАНА ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН КООМДУК САЯСИЙ АБАЛЫ

XIX к. 50-жж. башында Кокон хандыгынын саясий абалы өтө начарлап кеткен. Буга ордодогу ич ара чыр-чатактар, кайра-кайра кайталанган козголондор, хандардын тез-тез алмашуусу себеп болгон. Мунун натыйжасында Россиянын Фергана өрөөнүн, Түштүк Кыргызстанды басып алышы жеңилдеген.

Бул жылдары кыргыз эли жана анын билермандары Кокон хандыгынын саясий турмушуна мурдагыдай эле активдүү аралашып турган. Такты үчүн күрөшкөн ханзаадалар да кыргыз, кыпчак феодалдарына колдоо сурап кайрылып турган.

Алсак, ханзаада Малла бек Кудаяр хандан бийликти тартып алуу үчүн алайлык кыргыздардын билерманы **Алымбек даткага** (1799–1862-жж.) кайрылган. Натыйжада Малла бек Кудаяр хандын аскерлери менен айкашта жеңишке жетишип, бийликти өз колуна алган (1858–1862-жж.). Малла бек өзүнө көмөк көрсөткөндүгү үчүн Алымбек датканы Анжияндын акими кылып дайындаган.

Алымбек Мадали хандын тушунда эле Кокон хандыгынын саясий турмушуна аралашып, 1831-ж. хандан алайлык кыргыздардын улугу – датка мансабын алган. Адыгине уруусунун баргы уругунан чыккан кадимки Ажы бийдин чөбөрөсү Алымбек датка өзүнүн акылмандыгы, эрдиги, калыстыгы жана намыскөйлүгү менен элине барктуу болгон. Ал кокондуктардын эзүүсүнө каршы элдик бир нече кыймылдарды жетектеген. Өзүнүн көрөгөчтүгү менен Алымбек датка түндүк кыргыздары менен алакасын үзбөй, чоң манаптар Ормон хан, Жантай, Жаңгарач, Үмөтаалы, Осмон менен карым-катташта турган. Орустар Бишкек, Токмок чептерин алган соң, аларды кайра калыбына келтирүү үчүн келген Канаат-шаанын аскеринин курамында өз кошууну менен Алымбек датка да болгон.

1861-ж. октябрь айында Узун-Агачтагы орустар менен беттешкенде өзү баштаган колу менен согушка кирбей койгондугу үчүн Малла хан Алымбек датканы өлүм жазасына буюрган. Бул кабарды уккан Алымбек Алайга качып барып, Кокон хандыгына каршы көтөрүлүш уюштурган. Бирок көтөрүлүш жеңилип калып, Алымбек датка Теңир-Тоого ооп келип туруп калат. Аны жазалоого келген Кокон кошуунун бул жактагы кыргыздар талкалаган.

1862-ж. башында хан сарайында кайрадан козголоң уюштурулуп, Малла хан өлтүрүлөт. Анын ордуна Шералы хандын небереси Шах-Мурат хан көтөрүлгөн. Бул жолу төңкөрүшкө активдүү катышкан Алымбек даткага вазир мансабы ыйгарылган. Бирок көп өтпөй бул бийликти анын атаандашы, кыпчак элинин билерманы **Алымкул** ээлеген.

Көп өтпөй учурунда Бухарага кире качкан **Кудаяр хан** Канаат-шаанын жана Бухара эмири Музафардын жардамы менен 1862-ж. мартта кайрадан бийликке келет. Бирок ал бийликти Бухара эмирдигинин жардамы менен гана кармап турган. 1863-ж. бийликти мындан ары кармоого көзү жетпеген Кудаяр хан кайра Бухарага кетүүгө аргасыз болгон. Ушундан кийин Кокон хандыгындагы бийлик кыргыз, кыпчак

төбөлдөрүнүн колуна өткөн. Алар Малла хандын 12 жаштагы өспүрүм уулун хан көтөрүшүп (1863–1865-жж.), ага саясий ишмер хандын башкы кеңешчиси Алымкулду аталык мансабына дайындашкан.

1865-ж. Кокон хандыгынын стратегиялык мааниде эң ири шаары Ташкентти орустардын басып алышы үчүн ыңгайлуу кырдаал түзүлгөн. Буга 1865-ж. Бухара эмирдиги менен Кокон хандыгынын ортосунда башталган согуш себеп болгон. Мүмкүнчүлүктү текке кетирбеш үчүн май айында генерал М. Г. Черняев өзүнүн көп сандуу аскерлери менен Ташкентке аттанган. Ташкент үчүн салгылашта кокон аскеринин башында турган Алымкул аталык окко учкан. Үч күнгө созулган айыгышкан салгылашуудан кийин 17-майда Ташкент орустардын колуна өткөн.

Ушундан кийин Кокон хандыгынын бийлиги Фергана өрөөнү жана Памир, Алайдагы кыргыз конуштары менен гана чектелип калат. Ташкентти орустарга тарттырып жиберүү – Кокон хандыгынын жеңилишине тете жоготуу болгон. Ошондой болсо да орус төбөлдөрү жортуулду андан ары улантууга, Кокон хандыгын толук каратууга батына алган эмес.

1865-ж. Алымкулдун өлүмүнөн кийин Бекмамат менен Атабектин башчылыгында кыргыз, кыпчак төбөлдөрү 16 жашар Кудайкул бекти (буга чейин ал кур сатып жүргөндүктөн аны Белбакчы хан деп коюшкан) хан көтөрүшкөн. Көп узабай эле Кудаярды ордуна коюуга аракеттенген Бухара эмири Музафар 15-июлда Коконго кирип, Кудаяр хан үчүнчү жолу такты ээлеген.

Ташкентти ээлегенден эки жылдан кийин – 1867-ж. жайында Түркстан областы Түркстан генерал-губернаторлугу болуп кайра түзүлүп, Ташкент анын борбору болуп калган. Ак падыша Александр II Түркстандын алгачкы генерал-губернатору кылып К.П. фон Кауфманды дайындаган. Падыша өкмөтү ага Орто Азия хандары менен өз алдынча дипломатиялык мамилелерди жүргүзүү, согуш жарыялап же тынчтык келишимин түзүү өңдүү кеңири укуктарды берген. 1865-ж. окуялардан кийин кыргыз, кыпчактар Кудаяр хандын эзүүсүнө каршы тынымсыз күрөш башташат. 1867–1870-жж. Алайдагы, 1871-ж. Сохтогу көтөрүлүштөр буга мисал.

Кийинки жылдары да майда көтөрүлүштөр жана толкундоолор Фергананын ар кайсы жерлеринде чыгып турган. Алардын ичинде Алай чөлкөмү толкундоолордун негизги очогу бойдон кала берген.

## 46. 1873–1876-ЖЫЛДАРДАГЫ ЭЛДИК КӨТӨРҮЛҮШ

Буга чейинки чар-жайыт толкундоолордон айырмаланган нукура элдик көтөрүлүш 1873-ж. жазында башталган. Ал кыймыл үч жылга созулуп, Кокон хандыгынын жоюлушуна алып келген.

Фергана тургундарынын 1873–1876-жж. бул зор кыймылы тарыхта *элдик кыймыл, Кокон көтөрүлүшү, Полот хандын көтөрүлүшү* деген аттар менен белгилүү. Бул элдик көтөрүлүштү **Полот хан** деген ат менен **Искак Асан уулу** жетектеген.

1873–1876-жж. элдик көтөрүлүштү эки чоң мезгилге бөлүүгө болот. 1873–1874-жж. камтыган биринчи мезгил, чаржайыт чыгуулар менен коштолсо да, төмөндөн жогору өнүккөн, Кудаяр хандын бийлигине каршы антифеодалдык кыймыл болгон. Бул мезгилде элдик кыймыл негизине төрт чөлкөмдө жүргөн.

**1. Алайдагы көтөрүлүш**. Бул жердеги кыргыз айылдарында башталган көтөрүлүштүн негизги шылтоосу хандын салык саясаты болгон. Кудаяр хан көтөрүлүштү басууга ири жазалоочу отрядын жиберген. Бирок кыргыздар аларды талкалап салышкан. Толкундоолор басандабагандыктан, хан 1873-ж. май айында Абдырахман абтабачы баштаган 100 сарбаздан турган экинчи жазалоочу отрядын жиберет. Абдырахман көтөрүлүшчүлөрдүн таламын «түшүнгөндүгүн» билдиримиш болуп, Шер датка баштаган кыргыз, кыпчак урууларынын 40 бийин хан менен сүйлөшүү үчүн ордого чакырган. Бирок, келген элчилер хан тарабынан жырткычтык менен мууздалган. Буга кыжырданган миндеген кыргыз, кыпчак көтөрүлүшчүлөрү 1873-ж. июль айында Фергана өрөөнүн басып кирген. Сох чеби талкаланып, көтөрүлүштү басыш үчүн жиберилген Маргалаң беги Султан Мурат качып кутулган. Ош, Өзгөн, Араван, Үч-Коргон, Анжиян, Булак-Башы ээленген. Көтөрүлүшчүлөр 1873-ж. күзүндө акырындап тоо таяна чегинип кетүүгө аргасыз болушкан.

**2. Аксыдагы көтөрүлүш**. Бул чөлкөмдө көтөрүлүштүн башталышы **Искак Асан уулунун** ысымы менен байланыштуу. 1873-ж. жаз алды менен 200дөй кыргыз жигиттерин ээрчитип, Шер датка, Мусулманкул, Мусабек, Сулайман удайчы жана Абдымомун аталыктын коштоосунда Искак Аксыга келет. Аксылыктар Искактын туусу астында Кудаяр ханга

каршы күрөшкө чыгууга макул болушкан. 1873-ж. жайында 29 жаштагы Искак «Полот хан» деген ат менен Аксынын Сафид-Булан деген жеринде, миңдеген адамдардын катышуусунда ак кийизге салынып хан көтөрүлгөн.

Аксылык көтөрүлүшчүлөр Кудаярдын аскер башчысы Абдырахман абтабачынын аракетинин натыйжасында Ала-Букага чегинишип, андан ары Чаткалга өтүп кетишкен. Бирок, июль айында Шер датка баштаган 40 бийдин Кокондо өлтүрүлгөнүн угуп, алар кайрадан Ала-Букага басып киришкен. Искактын колу жазалоочу отряддын кысымына чыдабай кайрадан тоо арасына чегинген, кийинки жылга чейин Аксыда салыштырмалуу тынчтык орногон.

**3. Эки-Суу аралыгындагы көтөрүлүш.** 1873-ж. жазында Нарын дарыясынын сол жээгиндеги Эки-Суу аралыгы деп аталчу өрөөндө башталат. Аны башында сол канат кыргыздарынын мундуз уруусунун жөнөкөй үй-бүлөсүнөн чыккан **Мамыр Мерген уулу** турган. Көтөрүлүшчүлөр адегенде Көк-Арт өрөөнүн каптап, Жалал-Абад, Ханабад кыштактарын ээлеген. Июлда Өзгөн шаары алынган. Бул көтөрүлүш күзүндө чоң күч менен зорго басылган.

**4. Лейлектеги көтөрүлүш** – 1873-ж. көтөрүлүштүн дагы бир чөлкөмү. Түштүк-батыштагы бул кыймылга **Мамырбай** жетекчилик кылган. Аларга каршы Чаткалдан кайткан Абдырахман абтабачы жөнөтүлгөн. Көтөрүлүш аёосуздук менен басылып, 400дөй киши туткундалып, Кокондо даргага асылган. Көтөрүлүш күзгө жуук басаңдаган.

1873–1874-жж. бир жарым жылга созулган кыймылга катышпаган кыргыз, кыпчак уруулары болгон эмес. Тарыхый булактар көтөрүлүшкө 132 миңден ашуун түтүнү бар 42 уруунун өкүлдөрү катышкандыгын баяндайт. Бул мезгилдеги көтөрүлүш хандын ээзүүсүнө каршы багытталып, ага негизинен таптык өзгөчөлүктөрүнө карабастан көчмөн кыргыздар менен кыпчактар катышкан. Тилектештигин билдиргени менен отурукташкан сарт, өзбек, тажик калкы бул кыймылга адегенде массалык түрдө катышкан эмес.

1875-ж. жазында башталган кыймыл менен көтөрүлүштүн 1875–1876-жж. камтыган экинчи этабы башталат. Кудаяр хандын элге үч эселенген оор салык салышы көтөрүлүштүн кайра жанданышына түрткү болгон. Элдик көтөрүлүштүн экинчи мезгили биринчи мезгилинен өзүнүн максаты, мүнөзү, масштабы жана улуттук курамы менен бир топ айырмаланган.

1875-ж. Полот хан Чаткалдан Лейлекке келет. Көтөрүлүшкө ушул жерден жетекчилик кыла баштаган Полот хан Өзгөнгө келгенде, июнь айында күрөш кыпчак, өзбек, түрк, тажик элдери катышкан чыныгы элдик көтөрүлүшкө айланып калган. Бул кырдаалда Абдырахман абтабачы Кокон хандыгындагы өз бийлигин чыңдоо үчүн Полот хан тарапка өтүп, анын макулдугу менен Кудаярдын уулу Насирдин бекти хан көтөрмөк болгон. Абдырахман абтабачы баш болгон, өзүнүн бир топ адамдары көтөрүлүшчүлөргө өтүп кеткен соң Кудаяр хан 22-июлда ордону биротоло таштап, орус төбөлдөрүнө барып корголоогон.

1875-ж. 24-июлда Коконго жакын Сары-Талап кыштагында Насирдин бек хан көтөрүлгөн. Ал эми Полот ханды Абдырахман абтабачы баш болгон феодалдар камакка алышкан. Кийинчерээк ал камактан качып чыгып, Чаткалга кеткен.

Насирдинди хан көтөргөн соң Абдырахман абтабачы хандыктын толук көз карандысыздыгын камсыз кылуу үчүн көтөрүлүшчүлөрдүн жүзүн орустарга каршы буруп, *«Газават»* ураанын жарыялаган. Көтөрүлүшчүлөр орус ээликтерине кирген бир катар жерлерди басып алышкан. Бул кырдаалда К. П. Кауфман мыкты куралданган 5000 аскери менен көтөрүлүшчүлөргө Кокондун алдында сокку урган. 26-августта Насирдин хан Кауфмандын алдынан тосуп чыгып, орустар таңуулаган келишимге кол коюуга аргасыз болгон. 23-сентябрда түзүлгөн бул келишим боюнча Наманган, Касан, Аксы, Ала-Бука чөлкөмдөрүн камтыган Россиянын жаңы ээлиги – *«Наманган бөлүмү»* түзүлгөн. Ага жаңы эле генерал чинин алган М. Д. Скобелев башчы болуп дайындалган. Буга шыктанган генерал көтөрүлүшчүлөрдү канга бөлөө үчүн белсенип киришкен. Ушундай кырдаалда Абдырахман абтабачы менен Полот хан Жалал-Абад чөлкөмүндө кайрадан жолугушуп, орус баскынчыларына каршы биргелешип күрөшүүнү чечишкен. 1875-ж. 27-сентябрда Искак Полот хан аты менен экинчи жолу хан көтөрүлгөн. Эми көтөрүлүштүн мизи Насирдин ханга жана орус баскынчыларына каршы багытталган. Полот хан 9-октябрда Коконду ээлеген. Насирдин хан Кожентке качкан. Полот хандын колу октябрь-ноябрь айларында орус аскерлери менен салгылашууга өткөн. Кандуу кармаш Эки-Суу чөлкөмүндө 1875-ж. 25-декабрынан 1876-ж. 5-январына чейин созулган. К. П. Кауфман жана М. Д. Скобелев демилгечи болгон бул согушта орус аскерле-

ри бөтөнчө мыкаачылыкты көрсөтүшкөн. Муну генерал Скобелевдин: *«... Азиядагы бейкутчулук ал жерде кырылган элдин жана кесилген баштын санына түздөн-түз байланыштуу»*, – деп жазганы далилдеп турат.

Орус аскерлери 8–10-январда Анжиянды ээлеген. Бул кармашта 20 миндей адам өлгөн. Орус аскери 18-январда Асаке кыштагын ээлеген соң көтөрүлүшчүлөрдүн мизи майтарылган. Орус куралына туруштук бере албасына көзү жеткен Абдырахман абтабачы да М. Д. Скобелевке 24-январда багынып берген. Полот хан Чоң-Алайга качууга аргасыз болгон.

Кокон мамлекетин жеңип алуучу катары тарыхта калуу үчүн караөзгөй М. Д. Скобелев Коконду баарынан мурун ээлөөгө ашыккан. Натыйжада Кокон ордосу 1876-жылдын 8-февралында М.Д.Скобелев тарабынан биротоло ээленген. Хандыктын жоюлушу жөнүндөгү указга падыша Александр II 19-февралда кол койгон. Ушул күнү туткунга түшкөн Искак Полот хан К. П. Кауфмандын буйругу менен Маргаландын чоң базарында 1-март күнү даргага асылган. Кокон хандыгы ээлигинин аймагында *Фергана областы* уюштурулган. Анын башчылыгына «сиңирген эмгеги» үчүн генерал М. Д. Скобелев дайындалган.

## 47. АЛАЙЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫ РОССИЯГА КАРАТУУ. КУРМАНЖАН ДАТКА

Кокон хандыгы жоюлган кезде Түштүк Кыргызстандын тоолуу аймактары, Алай ж.б. өрөөндөрү орус мамлекетине каратыла элек болчу. Фергана областынын жаңы аскер губернатору М. Д. Скобелев кандуу колун кургатпай, көтөрүлүштүн саркындыларын жок кылууну, баскынчылык саясатын улантууну көздөгөн.

М. Д. Скобелев моюн сунбаган кыргыздарды талкалоо үчүн атайын *«Алай илимий-согуштук экспедициясын»* уюштурган.

Экспедициянын курамына аскердик күчтөрдөн тышкары бир топ окумуштуулар кошулган. Алар барометриялык байкоолорду жүргүзүп, зоогеографиялык, статистикалык материалдарды жыйнашып, топографиялык чиймелерди даярдашмак. Чындыгында бул экспедиция алай кыргыздарын биротоло каратууга багытталган кадимки эле согуштук басып алуу экспедициясы болгон. Бул экспедицияга М. Д. Скобелев командачылык кылган. Эркиндикти сүйгөн алайлык

кыргыздардын күрөшүнө Алымбек датка менен Курманжан датканын уулдары Абдылдабек, Батырбек, Мамытбек жана Асанбек жетекчилик кылышкан.

Алай тоолорундагы кармаштар орус аскерлери үчүн ыңгайсыз жана татаал шарттарда жүргөндүктөн, өзүнүн оордугу жана саясий-стратегиялык мааниси жагынан Ферганaнын түздүктөрүндө 1875–1876-жж. жүргүзүлгөн согуштарга тете болгон. Бул кармашта көтөрүлүшчүлөр баскынчыларга каршы жан аябай катуу каршылык көрсөтүшкөн. Жазалоочулар эч кимди аяган эмес. Балдар, аялдар, кары-картаңдар кыргынга учураган. Бул экспедицияга Шабдан баатыр Жантай уулу нөкөрү Баяке, иниси Байбосун баштаган 40тан ашуун жигиттери менен катышкан. Ал орустар менен алайлык кыргыздардын ортосунда ортомчу болуп, экспедициянын тынчтык жолу менен жүрүшүнө аракет кылган. Анын аракети менен далай жерде кан төгүлбөй калган.

Россияга баш ийүүнү каалабаган **Курманжан датка** 1876-ж. июндун башында эле өз айылы менен Кашкар тарапка көчүп кеткен. Ал жактан Алайга «Алай экспедициясы» кызуу жүрүп жат-кан учурда кайтып келген. Курманжан датканы орус аскерлери 29-июлда Чоң Алайда өргүп жаткан М. Д. Скобелевдин лагерине алып келишкен. Анын Алайдагы кадырбаркын жакшы түшүнүү менен, Ферганaнын биринчи аскер губернатору, генерал М. Скобелев сый-урмат менен тосуп алган. Курманжан датка орус башкаруучулары менен мамиле түзүүдө акыл-эстүүлүктү жана кыраакылыкты көрсөткөн. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө генерал Курманжан датканын акылына, кыраакылыгына жараша ага *«Алай ханышасы»* деп баа берген. Бул жолугушууда Курманжан орус бийликтерине багынгандыгын билдирип, балдарына да орус букаралыгын алуусуна көмөктөшүүгө мажбур болгон.

«Алай илимий-согуштук экспедициясы» 1875–1876-жж. Фергана өрөөнүн Россияга каратуу компаниясында олуттуу саясий согуштук мааниси бар этап болгон. Мунун натыйжасында 17,4 миң түтүн алайлыктар орус букаралыгына киргизилди. Алайда жаңы болуштуктары түзүлүп, Ош уездинин курамына кирген. Курманжан датканын уулдары жаңы түзүлгөн болуштуктарга болуш болуп калышкан. Ошентип, Түштүк Кыргызстанды Россияга каратуу аяктаган.

Жыйынтыктап айтканда, Россиянын Фергана өрөөнүн басып алышы, ички (Кокон хандыгындагы ээзүү) жана тышкы себептер (1868–1873-жж. орус-кытай, орус-кашкар ке-

лишимдери) менен шартталган; Россиянын Түштүк Кыргызстанды каратуусу өзүнүн кандуулугу менен айырмаланып, 1873–1876-жж. кучагына алган элдик кыймыл менен тыгыз байланышта өткөн; 1873–1876-жылдардагы элдик кыймыл адегенде (1873–1874-жж.) Кокон хандыгына каршы багытталып, экинчи баскычында анын социалдык курамы кеңейип, прогрессивдүү элдик-боштондук мүнөзгө өсүп чыккан. Бул кыймылда Искак Асан уулу Полот хан элдик баатыр жана мамлекеттик ишмер катары таанылган; Россиянын Кыргызстандын түштүгүн каратуусу тикеден-тике басып алуучулук мүнөздө өткөн. 1873–1876-жж. элдик кыймылдардын аяктальшы жана Алай кыргыздарынын 1876-ж. аягында орус букаралыгын таануусу менен Түштүк Кыргызстан Россияга биротоло караган.

## 48. ПАДЫШАЧЫЛЫКТЫН КОЛОНИЯЛЫК САЯСАТЫ

Жаңы каратылган жерлерге Россиянын саясий башкаруу системасы киргизилген. Падыша өкмөтүнүн башкаруу системасы Түндүк Кыргызстандын каратылышы менен, т. а. XIX к. 60-жж. эле киргизиле баштаган. Россия дөөлөтүн алгачкы тааныган кыргыз уруулары Батыш Сибирь генерал-губернаторлугуна караштуу Семей областынын Ала-Тоо округуна киришкен. 1865-ж. февралда Арал деңизинен Ысык-Көлгө чейинки зор аймакты камтыган **Түркстан областы** түзүлгөн. Ага Ысык-Көл, Чүй, Талас, Кетмен-Төбө өрөөндөрү, кийинчерээк Борбордук Теңир-Тоо карап калган. Түркстан областынын алгачкы аскер губернаторлугуна генерал М. Г. Черняев дайындалып, ал аскердик жана граждандык бийлик жүргүзгөн.

1867-ж. областъ **Түркстан генерал-губернаторлугуна** айланат да, анын чегинде Сыр-Дарыя (борбору – Ташкент) жана Жети-Суу (борбору – Верный) областтары түзүлөт. Жети-Суу областынын аскер губернатору болуп Г. А. Колпаковский дайындалган. Областтар уездерге бөлүнгөн. Өз кезегинде уезддер болуштуктарга бөлүнүп, аларга айылдар караган. Болуштуктар эки, үч миң түтүндөн, айылдар жүз-эки жүз түтүндөн турган. Болуштуктардын башкаруучулары – болуштар болуштуктун съездинде, ал эми айыл башчылары – старчындар айылдык чогулушта шайланышкан. Кокон хандыгы жоюлган соң анын аймагында Түркстан генерал-губернатор-

лугуна караштуу Фергана областы түзүлүп, анын башына генерал М. Д. Скобелев дайындалгандыгын билебиз. 1886-ж. тартып «Түркстан чөлкөмүн башкаруу жөнүндө Жобо» күчүнө кирет да, Түркстан генерал-губернаторлугу **Түркстан крайы** аталып, анын карамагына Самарканд, Сыр-Дарыя жана Фергана областтары кирген. Жети-Суу областы болсо 1882-ж. Степной генерал-губернаторлугуна кошулган. 1899-ж. ал кайрадан Түркстан крайына караган.

Падыша өкмөтүнүн аймактык-административдик бөлүштүрүү саясатынын натыйжасында кыргыз жери Токмок, Ысык-Көл, Олуя-Ата, Ош, Анжиян, Наманган, Маргалан (Скобелев), Кокон, Кожент өндүү ар кайсы уезддердин карамагында туруп, бул уезддер өз кезегинде Сыр-Дарыя, Жети-Суу, Самарканд, Фергана областтарына караган.

Кыргызстандын калкы 73 болуштукка бөлүнүп, аларды 3 жылдык мөөнөткө шайланган болуштар менен старчындар башкарган. Кыргызстанда башкаруу жарым-жартылай аскердик мүнөздө болгон. Областтар менен уезддердин башында падыша офицерлери, участкалык приставдар турган. Алардын көзөмөлү менен жергиликтүү манаптар, байлар болуштукка же старчындыкка шайланган. Кийинчерээк аскер губернатору каалаcа шайлоо өткөрбөй эле болуш, старчындарды дайындоо укугуна ээ болгон. Болуштар падышалык чиновниктердин буйруктарынын аткарылышына, алык-салыктардын өз убагында жыйналышына көзөмөлдүк кылган. Старчындар болсо болуштарга баш ийип, алардын көрсөтмөлөрүн аткарган. Жергиликтүү бийликти жүргүзүүгө булардан тышкары айыл аксакалдары, бийлер жана казылар катышышкан.

Башкарууда шайлоо тартибинин киргизилиши менен бай-манаптык бийликтин укумдан-тукумга мурас катары өтүшү токтотулган.

Падыша өкмөтүнүн колонизатордук саясаты Кыргызстандагы жер маселесин чечүүдөгү аракетинен өзгөчө байкалган. Россиянын Борборук Азияга, анын ичинде Кыргызстанга, көз артышынын негизги себептеринин бири Россиянын борбордук бөлүктөрүнө батпай калган дыйкандарды бул жакка көчүрүү болгон. Кыргызстан Россияга каратылгандан баштап эле бул жакка келгин дыйкандар көчүп келе баштаган. Жаңы келген дыйкандарды жайгаштыруу боюнча атайын башкармалыктар түзүлүп, изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Падыша бийлиги ооп келген орус, украиндерге дыйканчылыкка өтө ыңгайлуу, өзөн-суусу мол өрөөндөрдү, ойдундарды,

негизги жолго жакын жерлерди жергиликтүү калктан тартып бере баштаган.

Келгин дыйкандарга жерди кесип берүүдө кыргыздардын кызыкчылыктары такыр эске алынган эмес. Алсак, 1868–1883-жж. Жети-Суу областында уюшулган 36 орус-украин кыштактарындагы 2,5 миң түтүн негизинен Сары өзөн Чүйдө, Ысык-Көлдүн айланасына жайгашкан. Падыша өкмөтү бул аймакта өз бийлигин келечекте бекем колдой турган дыйкандардын бай катмарларын көбөйтүүгө аракеттенген. Ушул максатта, адегенде ар бир дыйканга 30 десятинадан (1 десятина – 1,2 *га*) жер бөлүп берип, аларды 15 жылдык мөөнөткө салыктан жана аскер кызматынан куткарган. Мындан тышкары аларга акчалай жардам берилген. 1890-жж. орус дыйкандарынын көчүп келүүсү өзгөчө күчөп кеткен. Буга 1892 –1898-жж. Борбордук Россиядагы ачарчылык да түрткү болгон.

1896-ж. Пишпек жана Пржевальск уезддеринде эле 26 орус кыштактары пайда болуп, 80-жж. салыштырмалуу келгиндердин саны эки эсеге көбөйгөн.

XIX к. аягында орус дыйкандары Түштүк Кыргызстанга да келе баштаган. Бул жакта алгачкы орус кыштактары 1893-ж. Покровка жана Ош уезддеринде негизделген.

Орус дыйкандары менен катар эле кытай феодалдарынын эзүүсүнөн качкан дуңгандар менен уйгурлар 1887–1884-жж. Кыргызстанга келишкен. Аларды да Фергананын, Ысык-Көлдүн, Чүй өрөөнүн дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерине отурукташтырууга туура келген. 1882-ж. Кытай менен Россиянын ортосундагы жаңы чек ара Капкак (Текес өрөөнү) аркылуу такталгандан кийин сарт калмактар эски журтунда эки жыл жашашкан. 1884-ж. Жогорку Или чөлкөмүндө жашаган сарт калмактардын (алар өздөрүн өлөттөр дешкен) 200 түтүндөн турган айылы кытайлыктарга баш ийүүдөн баш тартышып, Ысык-Көлдүн башына көчүп келишип, Бөрүбаш, Челпек, Ташкыя кыштактарын негиздешкен.

Дыйканчылыкка жарактуу сугат жерлери жетишпегендиктен жана кыргыздардын наразычылыгынын күчөшүнөн чочулаган падыша өкмөтү 1896–1906-жж. орус дыйкандарынын Түркстанга көчүп келүүсүнө тыюу салган. Ошого карабастан XX к. башында борбордук губерниядан дыйкандардын өз бетинче көчүп келүүсү күчөгөн. Алар көбүнчө Жети-Сууга т. а. Түндүк Кыргызстанга ооп келе башташкан. Алсак, 1902-ж. эле бул областка 2,7 миң үй-бүлө келген эле.

Алардын 1,2 миң түтүнү Пишпек уездине отурукташкан. 1905–1907-жж. биринчи орус революциясы башталганда падышалык өкмөт борбордук губерниядагы дыйкандарды тап күрөшүнөн оолактатуу максатында алардын Түркстанга көчүүсүнө кайрадан уруксат берген. Аларды жайгаштыруу үчүн атайын Жети-Суу жана Сыр-Дарыя келгиндер району түзүлгөн. 1906-ж. карата Жети-Сууда 40 миң, Сыр-Дарыя областында 27 миң, Ферганада 4 миң келгин дыйкан топтолгон.

Кыргыздардын жерин тартып алуу айрыкча Столыпиндин агрардык реформасынын кийин өзгөчө күч алган. 1906-ж. Түркстан аймагында 77 миң келгин дыйкандар болсо, анын 40 миңи Жети-Сууга, 27 миңдейи Фергана областына байыр алган. Алардын 83 проценти кыргыз-казактардын жерине отурукташкан. Мисалы, 1907-ж. Жети-Суу областында 289 миң теше жер келгин дыйкандарга бөлүштүрүлгөн. 1914-ж. карата бул областтын жергиликтүү калкы 4 млн тешеден ашык жеринен кол жууган. Ал эми Фергана областында 762 миң теше жерди кыргыздардан тартып алуу белгиленген.

Жергиликтүү калктан тартылып алынган жерлерди мыйзамдаштыруу үчүн падыша өкмөтү 1891-ж. атайын «Талаа жобосун» иштеп чыккан. Ал боюнча кыргыздар көчүп-конуп жүргөн жерлердин баары мамлекеттик делип эсептелген. Бул «жобо» боюнча кыргыздардын айдоо жерлери, ал тургай жайыттары да каалаган учурда тартылып алынмак. Мындан жалпы эл, дыйканчылык менен кесип кылган карапайым калк өзгөчө жапа чеккен. Кыргыз дыйкандарынын эптеп күн көргөн айдоо жерлери анча-мынча там-ташы, кыштоолору короо жайлары менен кошо тартылып алынып, өздөрү айдоого жараксыз жерлерге сүрүлгөн.

Кыргыздар орус мамлекетине каратылгандан кийин адегенде Кокон хандыгына төлөгөн салыктар сыяктуу салыктарды төлөп турган. Кийинчерээк салык алуу жергиликтүү шарттарга жараша кайрадан иштелип чыккан. Бул боюнча көчмөн мал чарбачылыгы менен кесип кылган кыргыздар түтүн башына 2 сом 75 тыйындан салык төлөөгө милдеттендирилген. Жер мамлекеттики деп эсептелгендиктен жайылган койдун туягынан 3 тыйын, жылкыдан – 30, төөдөн– 50 тыйын салык алынган. 1882-ж. салыктын көлөмү өсүп туруп, дүйнөлүк биринчи согуштун учурунда 15 сомго чейин көбөйгөн.

Отурукташкан калк салыктын эки түрүн төлөгөн. Эгин аянттарынан хараж салыгы алынып, бак-дарак, мөмө-же-

миш тигилген, жашылча өстүрүлгөн жерлерге танаптык (танап – аянтты өлчөөнүн бирдиги) салык салынып турган. Хараж түшүмдүн 10 пайызына барабар болуп натуралай төлөнгөн. 1886-ж. танаптык салык салуу тартибине өзгөртүүлөр киргизилет. Бул боюнча танаптык салык оброк салыгы делип аталып, жердин иштетилген же иштетилбегенине карабастан айдоо аянттарынын бардыгынан салык алынган. Мындан падыша өкмөтү кыйла көп пайда таба баштаган. Падыша өкмөтүнүн алык-салык саясаты калктын турмушун оорлотуп, жакырлануусун ого бетер күчөткөн.

Падышачылык өкмөттүн салыгынан тышкары жергиликтүү бай-манаптар патриархалдык-феодалдык салтка ылайыктап карапайым букарадан мал жыйгандыгы үчүн – *чөп ооз*, манаптарды сыйлоо үчүн – *чыгым*, мал жана эгин түрүндө – *журтчулук*, феодалдын тамак-ашы үчүн – *союш*, байдын жеринен мал айдап өткөндүгү үчүн – *туяк пул*, бай-манаптардын аш-тойлорун өткөрүш үчүн – *кошумча* ж. б. салыктын түрлөрүн чогултушкан. Жергиликтүү чиновниктердин элден пара алышы адаттагы көрүнүш болуп калган.

Жергиликтүү карапайым калктын падышачылыктын колонизатордук саясатынан көргөн кордугу, жергиликтүү байлардын жана манаптардын эзүүсүнүн аларга кошумча болушу – эзилген элдин наразычылыгынын өсүшүнө түрткү болгон.

## 49. АНЖИЯН КӨТӨРҮЛҮШҮ

Бул көтөрүлүш XIX к. аягындагы Орто Азиядагы эң ири көтөрүлүш катары тарыхка кирген. Көтөрүлүштүн негизги себеби падышачылыктын колониялык саясаты, орус администрациясынын эзүүсүнүн, улуттук жана социалдык теңсиздиктин күчөшү болгон.

Көтөрүлүшкө кыргыз, өзбек, тажик улутунун өкүлдөрү, калктын ар түрдүү социалдык катмарлары катышышкан. Кыймылга дин кызматкеринин жетекчилик кылышы, диний ураан, чакырыктарынын болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон. Анткени бул чөлкөмдүн негизги калкы көп кылымдардан бери эле ислам динин тутуп, бул дин калктын калың катмарынын аң-сезимине терең сиңген. Көтөрүлүшкө катышкандардын бардыгы өздөрүн мусулманмын деп эсептешкен. Бул үчүн көтөрүлүштү реакциячыл кыймыл катары кароого эч негиз жок. Көтөрүлүш көпчүлүк элдин мүдөөсүн,

кызыкчылыктарын коргогон. Улуттук эзүүгө, теңсиздикке каршы багытталып, элдик, улуттук-боштондук мүнөздө болгон.

Анжиян көтөрүлүшү 1898-ж. май айында башталган. 17-май күнү кечке маал Тажик (Мин-Дөбө) кыштагына 200дөй өзбектер, кыргыздар чогулган. Бул көтөрүлүшчүлөргө ушул кыштактын эшени **Мадали Дүкчи** (ийикчи) эшен жана Кыргыздын Дөөлөс уруусунан чыккан **Зиядин Максым уулу** жолбашчылык кылышкан.

Көтөрүлүшчүлөр эки топко бөлүнүп, Анжиянга бет алышып, калааны бөлөк аймактар менен байланыштырган телеграф зымдарын кыркып салышкан. Жолдон аларга Куттчу, Кара-Коргон кыштактарынын калкы да кошулат. Аз убакыттын ичинде көтөрүлүшкө чыккандардын саны 2000ге жеткен. Көтөрүлүшчүлөрдүн биринчи тобуна Мадали эшен, экинчисине 80 жаштагы молдо Зиядин жетекчилик кылышкан. Түнкү саат үчкө жакын көтөрүлүшчүлөр Анжиянга келишип, 20-Түркстан линиялык батальонунун эки ротасы турган лагерге кол салышкан. Бирок күчтөр тең эмес эле. Курал жарагы начар көтөрүлүшчүлөр мыкты даярдыгы бар, жакшы куралданган орус аскерлеринен жеңилип, чегинүүгө мажбур болушкан. Айыгышкан кармашта 20дан ашуун падыша солдаттары жана офицерлери өлтүрүлгөн. Көтөрүлүшчүлөр да көп жоготууларга учурап, Кара-Дарыядан өтүп, Хаким-Абадга чегинишкен. 20-майда Анжияндан 90 чакырым алыстыктагы Чарбак кыштагында көтөрүлүштүн жолбашчысы Мадали колго түшүрүлүп, 12-июнда даргага асылган.

Көтөрүлүш токтобостон Фергана өрөөнүнө жайылган. Ага Анжиян, Маргалаң, Ош жана Наманган уезддеринин калкы активдүү катышкан. Мин-Дөбөлүктөр толкундай баштаган күнү Ноокат аймагындагы Ак-Терек деген жерге Ош уездине караштуу Каракол-Сай, Тамчы-Булак, Жапалак айылдарынан 300дөй киши жыйналган. Бир дагы мылтыгы жок, жалаң союл, таяк, бычак менен куралданган алар Оштогу аскер гарнизонуна кол салмак болушкан. Буларга **Оморбек Алым уулу** жетекчилик кылган. Көтөрүлүштүн башында мурдагы болуш Карабек Ош уездинин начальнигине бул жөнүндө кабарлап койгон. Көп убакыт өтпөй Оморбек Алимов жана анын жардамчысы Сатыбай Ракымбаев кармалган. Бардыгы болуп 53 адам камакка алынган.

Суусамыр болушундагы Кетмен-Төбөдө да падышачылык бийликке каршы күрөштү баштоо үчүн эл чогула баштаган.

Алардын башында **Шадыбек Шергазы** уулу турган. Алар Анжиян тарапта башталган көтөрүлүшкө кошулууга камынышкан. Буларга каршы жүздөн ашуун куралдуу отряд жиберилип, алар Шадыбек баштаган 50 ашык адамды кармап Наманганга айдап келишкен. Шадыбек Шергазы уулу адегенде өлүм жазасына тартылмай болуп, кийин өмүр бою сүргүнгө айдалган. Анын жардамчылары Үмөталы Багышбек уулу жана Төлөбай Бешкемпир уулу жыйырма жылдык мөөнөткө сүргүнгө кесилет. Булардан тышкары дагы 54 адам жети жылга Сибирге айдалган. Алардын ичинде касташкан душмандарынын жалаасы менен кармалган атактуу акын Токтогул Сатылганов да болгон.

Ошентип, көрүнүктүү жетекчиси жана биримдиги жок көтөрүлүш майда топторго бөлүнүп, кеңири кулач жая албай, тез эле басылып калган.

Көтөрүлүштү басуу үчүн Түркстандын аскер күчтөрүнүн атайын отряддары арбын жөнөтүлгөн. Бардыгы болуп 777 киши камалып, 415и сот жообуна тартылган. 18 киши дарга асылып, 362 адам өлүм жазасынын ордуна узак убакытка сүргүнгө айдалган. Сүргүнгө айдалгандардын 106сы кыргыздар болгон.

Жеңилип калганына карабастан бул көтөрүлүш падышачылыктын Түркстандагы колониялык, улутчул саясатына каршы багытталган алгачкы күрөш болгон. Көтөрүлгөн эл көз карандысыздык үчүн күрөшкөн. Жеңилгенине карабастан элдин эркиндикке болгон умтулуусу күчөгөн.

## 50. 1916-ЖЫЛДАГЫ УЛУТТУК-БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШ

Түркстанды орусташтыруу – колониялык-улутчул саясаттын негизи катары XX к. башында мурдагыдан да күч алган. Буга 1911-ж. 31-октябрындагы чөлкөмдүн генерал-губернаторунун областтык аскер губернаторлорго: *«Жергиликтүү эл бизди келечектеги орус дыйкандарынын ишин жасай турган материал катары кызыктырат, ошондуктан аларга бүт орустарды сыйлоону канына сиңдирүү керек, эгерде кимде-ким баш ийгиси келбесе жеринен ажырап, жакырчылыктан өлөт же Россия алар менен кош айтышат»*, – деген көрсөтмөсү күбө.

Көтөрүлүштүн негизги себептеринин бири орус дыйкандарынын көп санда көчүп келүүсү жана аларды отурукташтырууда кыргыздарга карата зомбулуктун күчөшү болгон. Орус дыйкандарын борбордук бөлүктөн көчүрүү иштерине 1896–1916-жж. эле 237 млн 310 миң 236 рубль жумшалган. 1916-ж. Түркстандагы жалпы калктын 6 процентин түзгөн орустарга айдоо үчүн жарамдуу жердин 57,7 проценти берилген. Ал эми калктын 94 процентин түзгөн жергиликтүү эл айдоого жарамдуу жердин 42,4 процентине гана ээ болгон. Келгин дыйкандар кыргыздарды адам катары көрбөй, суунун башын ээлеп алышып, кыргыздарга суу бербей, аларды жерлерин таштап кетүүгө аргасыз кылышкан.

Падышачылык бийлик жергиликтүү элдин каршылыгын алдын алып Түркстандагы куралдуу күчтөрдөн тышкары келгин дыйкандарды да куралдандыра баштаган. 1916-ж. көтөрүлүштүн алдында Жети-Суу областындагы келгин дыйкандардын 43 проценти куралданган. Демек, кары-картаң, бала-чакадан башка курал алып жүрүүгө жараган келгиндер толук куралданган эле. Өз жери үчүн күрөшкөн кыргыздарды атып салуу адаттагы көрүнүш болуп калган.

1914-ж. башталган дүйнөлүк биринчи согуш, согушка Россиянын катышуусу, ансыз деле эзилип, кыйналып турган колониялык элдин башына түшкөн мүшкүл болгон. Кыргыздар да жалпы элге түшкөн кыйынчылыктан четте калбастан согушка акча, кийим-кече, атчан аскерлер үчүн кыргыз жылкыларын жөнөтүп турган. 1916-ж. 25-июнундагы Падышанын Түркстандын элдеринен аскердик курактагы (19дан 43кө чейинки) эркектерди согуштук коргонуу жумуштарына алуу жөнүндөгү указы, ансыз да падышачылыктын эзүүсүнө, кемсинтүүлөрүнө, жеринен ажырагандыгына араң чыдаган элди биротоло дүрбөткөн.

Падышанын жогорудагы буйругу боюнча Түркстандын Сыр-Дарыя областы – 60 миң, Самарканд областы – 32,5, Фергана областы – 51,3, Жети-Суу областы – 43 миң кишини жөнөтүүгө милдеттендирилген.

Мурдатан эле колониялык эзүүнүн запкысы жанына баткан эл эми колго курал алып, ачыктан-ачык боштондук күрөшкө көтөрүлүүгө аргасыз болгон.

Көтөрүлүш 1916-ж. 4-июлда Самарканд областынын Кожент шаарында башталып, тез арада Сыр-Дарыя, Фергана областтарына тараган. Фергана областындагы июль айындагы көтөрүлүшкө кыргыздар активдүү катышкан. Анжиян

уездинин калкы чечкиндүү аракеттер менен падышанын указын аткаруудан ачык эле баш тартышып, атайын түзүлгөн тизмелерди жок кылышкан. Бийлик өкүлдөрүнө, падыша чиновниктерине кол салышкан. Көтөрүлүшкө Кокон, Наманган уезддериндеги тоолук кыргыздар да активдүү катышышкан. Наманган уездиндеги көтөрүлүшкө **Таласбай Алыбаев** жетекчилик кылган.

Боштондук кыймылы Кетмен-Төбөгө, Чаткалга, Тогуз-Торо өрөөндөрүнө тараган. Ош уездиндеги көтөрүлүш Сулайман тоосунун этегиндеги 10 миңдей адам катышкан жыйын менен июлдун башында башталган. Өзгөндөгү көтөрүлүш да курч мүнөздө өткөн. Август айына карата Кыргызстандын түштүгүнүн көпчүлүк бөлүгү көтөрүлүшкө тартылган.

**Кыргызстандын түндүгүндөгү көтөрүлүш** Түркстандын башка чөлкөмдөрүндөгү толкундоолордон айырмаланып, өтө курч мүнөздө болгон. Бул жакта элдик кыймыл мыкты куралданган падыша аскерлери менен куралдуу кагылышуу деңгээлинде өткөн. Көтөрүлүшкө кыргыз эли менен катар бул аймакта жашаган башка элдердин көпчүлүгү – казактар, уйгурлар, дуңгандар ж. б. катышкан.

Жети-Суу областынын ар кыл элинин өкүлдөрү катышкан алгачкы жыйын 10-июлда Каркыра жармаңкесине жакын Каман-Карагай деген жерде өтөт. Кеңешмеде аскерге киши бербөө, керек болсо колго курал алып падыша бийлигине каршы күрөшүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

Көтөрүлүш июль айында башталып, августта күч алган. Түндүк Кыргызстанда алгачкылардан болуп куралдуу көтөрүлүшкө кеминдик кыргыздар чыгышкан. Бул көтөрүлүштүн жетекчиси катары манап **Мөкүш Шабдан уулу** хан көтөрүлгөн. Жергиликтүү элдин өз жериндеги феодалдык төбөлдөрдү хан көтөрүп өздөрүнө жетекчи кылышы элдин аң-сезимине синген салты менен байланыштуу болгон. Колониялык саясаттын азабын тарткан кыргыз элинин көпчүлүк төбөлдөрү кыйын кезенде эл менен бирге болушкан.

8-августта Токмокко жанаша жашаган айылдардын калкы көтөрүлгөн. 9-августта **Ыбрайым Төлө уулу** жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн чакан тобу Ысык-Көлгө бара жаткан аскерлердин жолун тороп, 178 мылтык жана 30 миңден ашуун ок-дары жүктөлгөн арабаны колго түшүрүп алган.

Ошол эле учурда Сарыбагыш жана Атаке болуштуктарында чыккан көтөрүлүшчүлөр Кеминдеги Новороссийское кыштагын, казак-орустардын Самсоновка станциясын кур-

чап турган. Август айынын орто ченинде көтөрүлүш Пишпек уездинин 12 болуштугун кучагына алат. Ысык-Көлдө, Таласта да көтөрүлүшчүлөр күч алат.

Көтөрүлүшкө Теңир-Тоодогу кыргыздар да активдүү катышкан. Кочкор өрөөнү бул жактагы көтөрүлүштүн чордонуна айланат. Көтөрүлүшчүлөр болуш **Канат Убуке уулун** (Канат Абукин) хан көтөрүп, өздөрүнүн башчысы кылып шайлашкан жана ага баш ийүүгө ант беришкен. Ал 30–40тай бардаңке, бинтон, кош ооз түтөтмө мылтык, негизинен шыргыйдан жасалган найза, айбалта менен куралданган 2–3 миңдей аскери менен август айынын башында Кочкордон Шамшынын бели аркылуу Чүйгө аттанган.

Канат хандын стратегиялык урушту так билген, саясий жетекчилик кыла турган билимдүү адамы болгон эмес. Канаттын аскерлери Чүйгө түшүп туш келген орус кыштактарына кыргын салган. Анын аскерлери адегенде эски Токмокту каратып, чоң Токмок шаарын 13–22-августта он күндөй камоого алган.

Канат хан жетекчилик кылган көтөрүлүшчүлөр Алматы менен Ташкенден келген 1,6 миң падыша аскерлери менен беттешкен. Өтө начар куралданган кыргыз көтөрүшчүлөрү замбирек, мылтык менен куралданган регулярдуу аскер бөлүктөрү менен жан аябай салгылашып эрдиктердин үлгүлөрүн көрсөтүшкөн, алардын көпчүлүгү эркиндик үчүн баатырларча курман болушкан.

Көл кылаасындагы көтөрүлүш да өтө курч мүнөздө өткөндүгү менен айырмаланган. Бул жактагы көтөрүлүш 5-августта башталып, 10-августта бүткүл Ысык-Көл ойдуңун, Каркыраны кучагына алат. Каркырадагы көтөрүлүштө кыргыздар, казактар, уйгурлар жана дуңгандар ал жактагы 500дөн ашуун дүкөнчөлөрдү талкалашкан. 11-августта кыргыздар менен дуңгандар биргелешип Караколго чабуул коюшкан. 13–14-августта көтөрүлүшкө Челпек, Бөрүбаш айылдарындагы сарт-калмактар да активдүү катышышкан.

Көтөрүлүш башталаары менен эле анын Түркстанга тарашынан корккон падыша өкмөтү согушуп жаткан армиядан генерал А. Н. Куропаткинди чакыртып, аны Түркстандын генерал-губернаторлугуна дайындаган. 1916-ж. 17-июлунда Түркстанда согуштук абал жарыяланып, согуш министринин буйругу менен Түркстанга 11 батальон, 3,3 миң казак-

орус жөнөтүлгөн. Алар 42 замбирек, 69 пулемет менен куралданган.

Падыша өкмөтү Сыр-Дарыя, Самарканд, Фергана областтарындагы көтөрүлүштөрдү июль айынын аягында басып коюуга жетишкен. Жети-Суу областы жогорку областтардан келгин дыйкандардын көптүгү, ошого жараша жергиликтүү элдин келгиндер тарабынан көбүрөөк кордук көрүп, жер-суу маселесинин өтө курчуп кеткендиги менен өзгөчөлөнүп турган. Жети-Сууда көтөрүлүш башка областтардагы козголоңдор басылып калганда башталгандыктан, орус төбөлдөрү Түркстандагы куралдуу күчтөрдүн баарын аталган областтагы көтөрүлүштү басууга жумшаган. Жалпысынан алганда, Жети-Суудагы көтөрүлүштү басуу үчүн Түркстан генерал-губернаторлугунун аймагынан күчтүү куралданган 6530 аскер келген, алардын 1105 атчан аскерлер болгон. Кийинчерээк согуш министринин буйругу менен дүйнөлүк биринчи согушта согушуп жаткан аскерлерден 2 орус-казак полку, 240 атчан чалгынчылар, 16 замбирек жана 47 пулемет кошумча жөнөтүлгөн. Мындан тышкары келгин дыйкандардын 43 проценти буга чейин эле куралдандырылганын айтканбыз. 1916-ж. 15-августунда Жети-Суу областынын аскер-губернатору М. А. Фильбаум орус дыйкандарынан көтөрүлүшчүлөрдү басуу үчүн атчан жана жөө кошуундарды түзүү жөнүндө көрсөтмө берген. Түркстандын генерал-губернатору А. Н. Куропаткин көтөрүлүшчүлөрдү жазалоону жеңилдетүү үчүн 1916-ж. 12-августунда убактылуу аскер талаа сотторун түзүүгө буйрук берген.

Айры, чалгы, найза, кылыч, союл, бардаңке, бараң, бир аз мылтык менен куралданып, чаржайыт көтөрүлгөн элди басып коюш, падыша аскерлери үчүн анчалык кыйынчылыкка турган эмес. Кыргызстандын ар кайсы чөлкөмүндө чыккан көтөрүлүштөрдү мыкты куралданып, согуш тактикасына үйрөнгөн казак-орустар өтө канкордук менен жазалап, кыйратып турган. Августтун аягында Пржевальскиден анча алыс эмес жерде көтөрүлүшчүлөр менен жазалоочулардын ортосунда акыркы ири салгылашуу болгон. 21-августта бул жерде 4 миңдей көтөрүлүшчү оң, сол канат болуп душманга бир нече ирет чабуул коюшкан. Ал эми 28-августта Түптөгү салгылашууга 7 миңден ашуун көтөрүлүшчүлөр катышкан. Сентябрь айында падыша аскерлери менен майда кагылышуулар гана болбосо, көтөрүлүш негизинен жеңилген.

Падыша өкмөтү көтөрүлүшчүлөрдү аёосуз басууга, жергиликтүү элди кырып-жоюп, мал-мүлкүн тоноп, айылдарын өрттөөгө көрсөтмө берген. Келгин дыйкандарга көтөрүлүштүн натыйжасындагы чыгымдарын көтөрүлүшчүлөрдүн мал-мүлкү аркылуу толуктап алууга уруксат берген. Ал эми аскер-талаа соттору көтөрүлүшкө катышкандарды атууга өкүм чыгарышып, ошо замат өкүмдү аткарып турган.

Жазалоочу отряд жана аларга жардам берген келгин дыйкандар көтөрүлүшчүлөрдү гана эмес, көтөрүлүшкө катышпаган тынч элди, кары-картаң, жаш балдарды, аялдарды кыргынга учураткан. Мисалы, Беловодскидеги 500дөн ашуун кыргыздарды көтөрүлүшкө катыштыңар деп, сарайга камашып, эртеси баарын мыкаачылык менен өлтүрүшкөн. Ушундай эле окуя Ысык-Көлдүн башындагы Теплоключенка айылында болуп, 500дөй киши өлтүрүлүп, 100дөн ашык адамдын өлүгү Ак-Суу суусуна ыргытылган. Пржевальск шаарындагы жергиликтүү 700 дунгандан 6 гана киши тирүү калган.

Тукум курут болуп кырылып калуудан чочулаган кыргыздар сентябрдын аягынан баштап, өз жерин таштап, баш маана издеп Кытайды көздөй үркүшкөн (качышкан). Жан далбаса кылып колуна тийген буюмдарын, талануудан калган малын айдап, азып-тозуп качкан кыргыздарды жазалоочу отряд менен келгин дыйкандардын кошуундары сая кууп жеткен жерден кырып, мал-мүлкүн талап жүрүп отурушкан. **Үркүн** кыш мезгилине туура келип, далай адамдар ак кар, көк муз баскан белдерден өтө албай кыргынга учураган.

Жазалоочу отряддардан Чүй жана Ысык-Көл өрөөнүнүн элдери өзгөчө көп жапа чеккен. Ушул кыйын кезеңде элин кыргындан сактап калуу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү жасаган элдик азаматтар болгон. Алсак, Чүй өрөөнүнөн чыккан болуш **Дүр Сооронбай уулу**, Ысык-Көлдүк белгилүү инсан **Кыдыр аке**, Суусамыр өрөөнүнөн **Түркмөн болуш** падыша бийлигинин өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, өздөрүнө караштуу 400–500 түтүн элдерин Кытайга качырбай кармашып, жазалоодон, азап-тозоктон куткарып калышкан.

Бирок кыргыз элинин көпчүлүгү жазалоочу аскерлеринин кыргынынан кутула алган эмес. Өлгөндөн аман калгандар Кытай жергесине баш калкалаган. Кытайлык маалыматтар боюнча Жети-Суу областынан эле Кытайга 332 миң адам качып барган. 1916-ж. көтөрүлүштө 200 миңге жакын кыргыздар өлүп, Түндүк Кыргызстандын калкы 41,4 процентке азайган. Бул аз келгенсип, падыша өкмөтү 1916-ж.

октябрда Чүй өрөөнүндө жана Ысык-Көлдө калган кыргыздарды толук бойдон Тянь-Шанга көчүрүү жөнүндө чечим кабыл алган.

1916-ж. көтөрүлүш – Кыргызстандагы ири улуттук-боштондук кыймыл болуу менен кыргыз элинин коомдук-саясий турмушундагы эң маанилүү окуялардан болгон. Көтөрүлүшкө кыргыздардан тышкары жергиликтүү элдердин өкүлдөрү катышкан. Көтөрүлүш жеңилип, өтө мыкаачылык жол менен басылганына карабастан Түркстан чөлкөмүндөгү колониялык бийликти кыйла бошондоткон. Эл эркиндик үчүн күрөштүн болуп көрбөгөндөй тажрыйбасына ээ болгон. Кыргыз элинин ата-бабадан мураска калган жерине толук ээ болууну, эркиндикти, теңдикти эңсеген бул күрөшү Кыргызстан тарыхынын маанилүү барагы катары бааланат.

## 51. XIX к. ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ — XX к. БАШЫНДА ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН ӨНҮГҮШҮ

Орус окумуштуусу В. В. Радловдун пикири боюнча XIX к. кыргыз эли чыныгы эпикалык доорун башынан кыйгас өткөрүп турган. Натыйжада «Манас» айтуу өркүндөп, апогейине жеткен. Бул өнөрдүн эң көрүнүктүү өкүлдөрү Балык, Келдибек, Назар, Чоңбаш, Телтай, Калмырза, Суранчы, Чодан, Жандаке ж.б. чоң манасчы аталышып, эл ичинде абдан зор кадыр-баркка ээ болушкан. Булар өздөрүнө чейинки жашап өткөн чыгаан манасчылардын көөнөрбөс мурасын өркүндөтүшкөн. Ошону менен бирге алардын ар бири өз учурунун улуу манасчылары катары көптөгөн таланттарга таасирлерин тийгизген. Мисалы, Жапый уулу Тыныбек (1846–1902-жж.) манасчыдан Сагымбай, Калыгул, Тоголок Молдо, Байбагыш, Доңузбай ж. б. улуу-кичүү манасчылар таалим алышкан. Бир жолу кыргыздын Шабдан, Байтик, Сооронбай, Өзбек өңдүү атактуу манаптары Токмоктун жанындагы Сооронбайдын багы деген жерге чогулуп Тыныбекти 30 күнү катары менен «Манас» айттырышкан экен.

Чоң манасчылар «Манасты» айткан учурда, өздөрүн эпикалык каармандардын арасында жүргөндөй, түрдүү окуяларды элестетерин айтышкан. Бул алардын чыгармачылык шыктанышынын күчүн, поэтикалык дүйнөлөрүнүн кеңирилигинен кабар берген. Ушундай манасчылардын бири **Сагымбай Орозбак уулу** (1867–1930-жж.) болгон. Ал Ысык-Көл өрөөнүндөгү Кабырга айылында туулган. Өз заманында-

гы манасчылардан таалим алган. Анын айтуусунда жазылып алынган «Манас» эпосунун варианты мазмуну, идеясы, көркөмдүгү жагынан жогорку деңгээлде иштелген, композициясы боюнча толук бүткөн монументтүү элдик көркөм чыгарманын бийик үлгүсү катары кыргыздын руханий дөөлөтүнө кирген. Сагымбайдын айуусундагы эпостогу окуялар толук жана жогорку көркөмдүктө баяндалат. Бул Сагымбайдын өзүнөн мурунку чоң манасчылардын айткандарын угуп, алардын бай тажрыйбаларын чыгармачылык менен үйрөнгөнүн айгинелейт.

XVIII–XIX кк. кенже эпостор да толукталып, көркөмдүк бийик деңгээлге жеткен. Кайберен менен күч сынашкан көзгө атаар мерген жөнүндөгү «Кожожаш» дастаны кыргыздардын экологиялык тең салмактуулукту сактоо, табигатка аяр мамиле жасоо идеяларын чагылдырган.

Кыргыздардын эң байыркы доордогу дүйнөнүн, жердин түзүлүшү жөнүндөгү түшүнүгүн көрсөткөн «Эр Төштүк» дастаны да элдин байланыш, жол катнаш, жакшылык менен жамандык жөнүндөгү ой-тилектерин айгинелеп, коомдук аң-сезимдин өнүгүшүнө кызмат өтөгөн.

XVII–XVIII кк. Борбордук Азиядагы саясий кырдаалды, кыргыз элинин ойрот баскынчылыгына каршы күрөшүн чагылдырган «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Эр Табылды» сыяктуу баатырдык кенже эпостор пайда болуп, калк арасында кеңири тараган. «Жаңыл Мырза» дастаны жоокерчилик замандагы баатыр аялдардын эркиндик, теңчилик үчүн күрөшүн даңазалаган.

Кыргыз элинин улуу талантын айгинелеген акындык өнөр да өнүккөн. Кыргыздын төкмө акындары айтыш өнөрү аркылуу өз чеберчиликтерин көрсөтүшкөн. Булардын ичинен **Жеңижок** (Өтө Көкө уулу – 1860–1918-жж.) философиясы терең мазмундуу чыгармалары менен калктын кадырлоосуна ээ болгон.

Кыргыз элинин улуу акыны **Токтогул Сатылганов** (1864–1933-жж.) өз доорунун социалдык, таптык мамилелерин чебер талдоого алып, эркиндик, теңчилик идеясын жогору койгон ырлары менен элдин калың катмарына белгилүү болгон.

Чүйдүн Онбир-Жылга айылынан чыккан, ырды жамгырдай төккөн, уккулуктуу бийик арген үндүү **Калмырза Сарпек уулун** (1866–1910-жж.) казактын улуу акыны Жамбыл жогору баалаган. Калмырза жөнүндө белгилүү Барпы акын мындай деген:

«Кара жаак акын Калмырза,
Тилинде калы бар мырза.
Какшап ырдап отурса,
Кадыр түнгө дал мырза».

Төкмө акын **Барпы Алыкулов** (1884–1949-жж.) азыркы Сузак районундагы Ачы кыштагында туулган. Анын санатнасыят ырлары дидактикалык философиялык терең ойлорго байдыгы менен өзгөчөлөнгөн.

Төкмө акын **Эшмамбет Байсеит уулу** (1867–1926-жж.) Токтогулдан таалим алган. Анын ырлары да философиялык ой толгоолору менен айырмаланып турган. Ал Жеңижок, Жаңыбай, Куран, Найманбай, Барпы, Калык ж. б. белгилүү акындар менен айтышта өзүн бул өнөрдүн чоң устаты катары көргөзгөн.

Акындык менен кошо кыргыздын **музыкалык өнөрү** жаныша өскөн. Элдик музыканттар комузда, кыякта, темир комузда, чоордо, керней-сурнайда, сыбызгыда ж. б. аспаптарда ойношуп, терең мазмундагы музыкаларды жаратышкан. Аларга Күрөңкөй Белек уулу (1826–1960-жж.), Ныязаалы Борош уулу (1860–1949-жж.), Карамолдо Ороз уулу (1863–1960-жж.), Боогачы Жакыпбек уулу (1866–1935-жж.), Ыбрай Туман уулу (1885–1967-жж.) ж. б. кирет. Алар ар түрдүү жанрдагы, шаңдуу, кайгылуу, адамдын сезимдерине терең таасир берген, философиясы бай чыгармаларды жаратуу менен элибиздин руханий маданиятына көөнөргүс салым кошушкан. Булардын айрым чыгармалары кийинчерээк нотага түшүрүлүп, элибиздин алтын казынасына түбөлүккө киргизилген.

Элибиздин оозеки чыгармачылыгы совет доорунда ирети менен чогултулуп кагаз бетине түшүрүлсө да, мурастарыбыз элге жеткирүүдө бир топ кысымга алынып, көпчүлүгү пантюркистик, понисламисттик жана диндик көз карашка сугарылган деген шылтоо менен элге жетпей келди. Азыркы мезгилде элибиздин бай казынасын «Эл адабияты» деген серияда 40 том кылып чыгаруу иши колго алынды. Бүгүнкү күндө алардын ичинен «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Жоодарбешим» өңдүү кенже эпостор жана Кошоктор, Табышмактар, Балдар фольклору ж. б. чыгармалардын 21 тому жарыкка чыгып, окурмандардын колуна тийди. Бул иш улантылууда.

Кыргыздардын философиялык ой толгоолору жеке гана эпостордо макал-лакаптарда, дастандарда, төкмө акындар-

дын ырларында гана камтылбастан чечендик өнөрдө, алдын көрө билген акылман олуялардын сөздөрүндө да чагылдырылган.

XIX к. кыргыз философиясына, чечендик өнөрүнө терең из калтырган **Калыгул Бай уулу** (1785–1855-жж.) болгон. Сөздөрүнүн өтө олуттуулугу, курчтугу, турмуштуулугу, келечекти таамай чагылдырылгандыгы үчүн эл аны Калыгул олуя деп катуу кадырлаган. Көркөм сөз искусствосунда Калыгулга чейин **Асан кайгынын, Санчы сынчынын, Толубай сынчынын, Жээренче чечендин** ж. б. аттары аталганы менен алардын чыгармалары бири-бирине оошуп, реалдуулуктан көрө легендага жакыныраак болуп калган. Атактуу манасчы Сагымбай Калыгул жөнүндө: «Калыгул акын кыргыз акындарынын атасы эсептелет. Андан мурда эл-журтка маалым ырлары сакталган биринчи кыргыз акынын уга албадык» – деген. Анын «Калыгулдун сөзү», «Акыр заман», «Терме, санат ырлары», «Ысык-Көл жөнүндө айткандары» ж. б. чыгармалары бүткүл чыгыш поэзиясында байыртадан эле орун алып келген дидактикалык мүнөздө болуп, акылдуу ойлорго, насыятка жык толгон.

Чыгыш поэзиясынын бул түрүн өркүндөткөн кыргыз ойчул-дарынын дагы бири **Арстанбек Буйлаш (Бойлош) уулу** (1824–1878-жж.) болгон. Ал 500 чамалуу комуздагы күүлөрү, обондуу ырлары менен да эл ичинде атагы чыккан. Анын «Тар заман» аттуу негизги чыгармасында коомдук, саясий, турмуш-тиричилик, кыскасы адам менен коом жөнүндөгү тарыхый конкреттүү шарттарга байланыштуу ар түрдүү мазмундагы поэтикалык жыйынтыктар берилген. Өзү жашаган кыргыз коомундагы саясий турмушка кайрылып Арстанбек Кыргызстандын Россия букаралыгына өтүшүн анчейин жактырган эмес. Андан көрө Чыгыш Түркстанда түзүлгөн Жакып бектин Жети-Шаар мамлекетине кошулсак деген пикирде болгон. Акындын бул оюу ошол кездеги кыргыз коомчулугундагы коомдук пикирлердин көп түрдүүлүгүн айгинелейт.

Калыгул менен Арстанбектин поэзияларында заттардын мазмуну так жана таамай айтылып, өтө кыска элестүү образ менен берилген. Алардын ырларынын ар бир сабы дээрлик өзүнчө ой толгоонун жемиши катары залкар ойлорду камтып көркөм сөз менен айтылган. Ошондуктан бул ойчулдардын айткандары эл ичинде макал-лакап катары жашап калган.

## 52. МАДАНИЙ ТУРМУШТАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР ЖАЗУУ МАДАНИЯТЫНЫН ӨНҮГҮШҮ (XIX к. экинчи жарымы — XX к. башы).

XVIII к. кыргыздарда өтө сейрек болсо да жазуу колдонула баштагандыгын уруу башчылары Атаке бийдин, Боромбай баатырдын Россия төбөлдөрүнө жазган каттарынан билебиз. Ал кезде кыргыздар араб арибиндеги чагатай жазуусун пайдаланган.

Нукура кыргыз тилинде алгачкы жолу ыр жазган акындардын көрүнүктүүсү **Молдо Нияз** (1823–1896-жж.) болгон. Ал Оштун азыркы Кадамжай районундагы Кызыл-Булак айылында туулган. Жергиликтүү жана Кашкар шаарындагы медреселерден билим алган. Түндүк кыргыздар да анын чыгармаларын өз оозунан угуп, жогору баалаган. Молдо Нияз өмүр, өлүм, аалам, жакшылык, жамандык темаларын философиялык сопучул (суфизм) мазмундагы ырларында чагылдырган. Анын чыгармаларынын ушул мазмунда болушу чыгыш поэзиясын жакшы өздөштүргөндүгү менен түшүндүрүлөт. Молдо Нияздын поэзиясында этикалык нормалардын, моралдын, элдеги ар кандай социалдык катмарлардын дүйнөгө болгон көз караштары чагылдырылган. Анын *«Санат ырларынын»* жети китепчеден турган кол жазмаларынын төртөө белгисиз калса да калган үчөө кыргыздын алгачкы жазуу мурасы катары баалуу.

Жазгыч акын Молдо Нияздын салтын Кыргызстан Россияга каратылгандан кийинки мезгилде бир катар чыгармачыл адамдар улантышкан. Алардын бири **Байымбет Абдыракманов** (Тоголок Молдо – 1860–1942-жж.) Нарындагы Куртка деген жерде туулган. Аталаш чоң абасы Музооке ырчыдан тарбия алган. Молдодон кат тааныган. Анын чыгармачылыгы элдик оозеки чыгармачылыктын өркүндөп өсүп, гүлдөп турган дооруна туура келген. Залкар манасчы Тыныбекти ээрчип жүрүп андан «Манас» эпосун үйрөнөт. Ага «Тоголок Молдо» деген лакап атты да Тыныбек коюп, анын чыгармачылыгын жактырып, өсүшүнө шык берген. Ал ар түрдүү жанрдагы ырларды жаратып, элдик арман, кошок, болумуштарды иштеп чыгууга, санжыра жазууга көп чыгармачыл дараметин жумшаган. Тоголок Молдо «Манастын» бир катар эпизоддорун өз колу менен жазып калтырган.

Кыргыз элинин белгилүү жазгыч акындарынын бири **Молдо Кылыч Шамыркан уулу** (1868–1917-жж.) болгон.

Адегенде молдолордон билим алып, кийин өз алдынча билимин өркүндөткөн. Чыгыштын поэзиясын, чыгармачылыгын, философиясын өздөштүрүүгө аракет жасаган. 1911-ж. Казанда «Зилзала» («Жер Титирөө») аттуу казалдар жыйнагы жарыяланган. Бул кыргыздын басмадан чыккан эң алгачкы поэтикалык чыгармасы болгон. Молдо Кылыч ошо кездеги элибиздин башка ойчулдары сыяктуу эле кыргыздардын коомдук турмушун чагылдырган. Феодалдык-патриархалдык турмуш, социалдык теңсиздик, коомдогу үстөмдүк кылган идеология, анын философиялык көз карашын аныктаган. Кыргызстан Кокон хандыгына киргенден кийин кыргыздардын ислам динине кириши күчөгөн. Ушуга байланыштуу Молдо Кылычтын чыгармачылыгында диндин таасири күчтүүрөөк болгон. Албетте, бул үчүн анын чыгармачылыгын реакциячыл деп кароого эч негиз жок.

Анткени диний идеология үстөмдүк кылган доордо руханий маданияттын бардык тармактары диндин чегинде өнүгүшү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондуктан Молдо Кылыч элди исламдын эрежелерин толук сактоого чакырган. «Жакшылык» «жамандык» деген философиялык түшүнүктөрдү да Молдо Кылыч ислам дини аркылуу чечмелөөгө аракеттенген. Ал адамдын бактысы материалдык байлыкта эмес, чыныгы бакыт адамдын руханий дүйнөсүнө, пейилине жараша болот, зыкым, жалкоо, пейили тар, бирөөгө жамандык жазаган адам эч убакта бактылуу боло албайт деп баса белгилеген. Молдо Кылыч адамдарды жакшылыкка, напсини чектөөгө, жөнөкөйлүккө, акыл менен аракет жасоого чакырып, мансапка, байлыкка чиренүүдөн, бузукулуктан алыс болууга чакырган. Жакшылык жана бакыт жөнүндө айтып келип анын негизин үй-бүлөлүк турмуш түзөрүн өзгөчө белгилеген. Ал: *«Жакшы аял – бакыт, турмуштагы чоң жөлөк, жаман аял – сени ар дайым коштогон жамандык, ал абийириңди төгөт»*, – деген.

Ошентип, Молдо Кылычтын чыгармачылыгынын негизин адамдын, коомго болгон көз карашын кеңейтүү, адамдарды биринчи кезекте руханий, моралдык жактан тарбиялоо түзгөн.

## 53. АЛГАЧКЫ ТАРЫХЧЫЛАР ЖАНА АГАРТУУЧУЛАР

Кыргызстандын Россияга каратылышынын натыйжасында мурунтан эле ал жакта жашаган мусулман, түрк элдери менен кыргыздардын байланышы күчөгөн. Өзгөчө татарлар менен башкырлар кыргыздарга боор тартып элибиздин маданиятынын өнүгүшүнө, илим изилдөө иштерине түрткү беришип, кыргыздан чыккан чыгармачыл адамдарды колдошуп, эмгектерин басмадан чыгарууга жардамдашышкан.

Алардын бири кыргыздын тунгуч жазгыч тарыхчысы **Осмонаалы Сыдык уулу** эле. Кыргыздын дагы бир ири тарыхчысы **Белек Солтонкелди уулу Солтоноев** болгон.

Б. Солтоноевдин кол жазма түрүндө сакталган «Кыргыз-казак тарыхы» («Кызыл Кыргыз тарыхы») эмгеги Кыргызстандын тарыхын изилдөөдө маанилүү булак катары эсептелет. Өз заманы үчүн Б. Солтоноев өтө билимдүү адамдардан болгон. Бир катар ырларды да жазган. Орустун алдыңкы адамдары менен чыгармачыл байланышта болуп, орустун жана дүйнөлүк маданияттын көрүнүктүү ишмерлери жараткан тарыхый, философиялык жана этнографиялык эмгектер менен таанышкан.

Б. Солтоноев кыргыздардын тарыхын таптык көз караашта жазууга аракеттенген. Анын коомду социалдык топторго бөлүп таптар, тап күрөшү жөнүндөгү жазгандары марксизм-ленинизм жөнүндө түшүнүгү болгондугун маалымдайт.

Ал өзүнүн китебинде «Манас» эпосу жана манасчылар, орто кылымдардагы түрк-мусулман маданиятынын көрүнүктүү өкүлү Махмуд Кашгари, кыргыз элинен чыккан легендарлуу ойчулдар Толубай сынчы, Асан кайгы, ойчул акындар Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч жөнүндө маалымат берген.

Анын эмгегинде кыргыздардын байыртадан берки дүйнөгө болгон көз карашынын эволюциясын көрсөтүүгө өзүнчө орун берилип, кыргыздардын астрономиялык, математикалык, коомдук жана жаратылыш жөнүндөгү элдик билимдеринин деңгээли чагылдырылган.

Кыргызстан Россиянын курамына кирген соң кыргыздардын арасында агартуучулук кыймыл жанданган. Ошол мезгилдеги агартуучулардын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири **Ишенаалы (Эшеналы) Арабаев** болгон.

Кыргыз элин агартууда, жалпы эле маданиятын көтөрүүдө **Үмөт Молдо Түгөлбай уулунун, Ыбырайым Абдырахмановдун** ж. б. эмгектери зор.

Кыргызстан Россиянын курамына кирген соң билим берүү тармагында да бурулуш башталган. Кыргызстанда мектептер сан жагынан өсүп, аларда билим берүүнүн сапаты жакшыра баштаган. Кыргыздар балдарын, башка мусулман дининдеги элдер сыяктуу диний мектептерде, медреселерде окуткан. Ошону менен катар орус бийликтери 1886-ж. баштап «орус-жергиликтүү» мектептерин уюштура баштаган. Аларда диний билимден тышкары орус тили, орус адабияты жана маданияты үйрөтүлгөн. 1883-ж. Ош уездинде 41 мектеп болуп, анда 391 окуучу билим алса, 1914-ж. 229 мектеп иштеп, анда 3,2 миң окуучу (анын ичинде – 33 кыз) окуган. Пишпек уездинде 1,3 миң окуучусу бар 59 мектеп, Каракол уездинде 2,3 миң окуучу окуган 128 мектеп иштеген. Мектептерде билим берүү диний сабактар менен гана чектелбестен, эсеп, география, тарых, табият таануу ж. б. сабактарды окутуу күчөгөн. XX к. башынан тартып «жаңы усул» (жадиттик) мектептери арбып, окуучуларга билим берүүдө жаңы усулдук ыкмалар киргизилген.

1917-ж. чейин Кыргызстанда Европа тибинде 107 мектеп болуп, аларда 7 миң окуучу (алардын 574 кыргыздар) окуган. Бул мектептерде 216 мугалим эмгектенген. Жаңы типтеги мектептер балдардын 4 процентин гана камтыган.

Ушул мезгилде мусулмандык жогорку окуу жайы – медресе кескин көбөйгөн. Алсак, 1892-ж. Түштүк Кыргызстанда 7 медресе болсо, 1914-ж. Ош уездинде эле 88 медресе иштеген. Андан билим алгандар муфтий, казы, окутуучу, мектеп мугалими ж. б. кызматтарда иштешкен.

Байлардын жана манаптардын демилгеси менен Түндүк Кыргызстанда да жаңы ыкмада окуткан кыргыз медреселери ачылган. Жети-Өгүздө Кодонтайдан (1905-ж.), Кеминде Шабдандын (1909-ж.), Нарында Касымаалынын (1910-ж.), Кочкордо Канаттын (1912-ж.) медреселери ачылып, балдарга билим берген.

Атайын кесиптик билим берүүчү алгачкы окуу жайлары катары Пишпекте жана Караколдо айыл чарба мектептери ачылган. Мында окуган кыргыз жаштары чарбачылыктын жаңы түрлөрү менен бирге орус тили, эсеп, тарых, физика, ботаника, зоология ж. б. сабактардын негиздери менен таанышкан.

1870-ж. баштап келгин орустардын балдары үчүн секулярдык (граждандык) жана чиркөөлүк баштапкы окуу жайлары ачыла баштаган. 1897-ж. Бишкекте алгачкы прогимназия, 1910-ж. эркек балдар үчүн гимназия ачылган. 1911-ж. Караколдо кыздар үчүн прогимназия иштей баштаган. Бул окуу жайларында аз санда болсо да кыргыздын уул-кыздары окуп билим алышкан.

Колониялык мезгилде маданий-агартуу маселелери, китепканалар, гезит, китеп окуй турган жайлар уюштурулуп аларга орусча, татарча, казакча, өзбекче чыккан китептер, журналдар, гезиттер келип турган. 1911-ж. баштап таш басмадан чыккан Молдо Кылычтын, И. Арабаевдин, Осмонаалы Сыдык уулунун ж. б. эмгектери кыргыз эли тарабынан өтө кызыгуу менен жылуу кабыл алынган.

## 54. КЫРГЫЗСТАНДЫ ИЛИМИЙ ЖАКТАН ИЗИЛДӨӨНҮН БАШТАЛЫШЫ

XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы Кыргызстан үчүн илимий жаңы ачылыштардын доору болгон. Россия империясы менен Улуу Британиянын Кыргызстан үчүн атаандашуусунун натыйжасында орус өкмөтү бул аймакты изилдөө үчүн каражатты көбүрөөк бөлгөн. Натыйжада Россиялык бир катар илимий мекемелер өздөрүнүн окумуштууларын – этнографтарды, тарыхчыларды, географтарды, тоо инженерлерин ж. б. адистерди атайын аскердик экспедициялар менен жөнөтүп турган.

Бул экспедициялар биринчи кезекте аскердик чалгын иштерин жүзөгө ашырышкан. Алардын катарындагы окумуштуулар өздөрү изилдеген тармактары боюнча маалыматтарды топтошуп, илим изилдөө иштерин жүргүзүшкөн.

Борбордук Азияны изилдөөдө илимге көөнөргүс салымын кошкондордун бири **Шокан (Чокон) Чыңгызович Валиханов** болгон. Анын илимий маалыматтары Кыргызстандын географиясын, фольклорун, кыргыз элинин тарыхын, эпосторун изилдөөдө чоң мааниге ээ.

Теңир-Тоону, анын ичинде Ысык-Көл өрөөнүн изилдөөгө чоң салым кошкон **П. П. Семенов-Тянь-Шанский** (1827–1914-жж.) эле. Ал 1856–1857-жж. бул аймактын орографиялык схемасын түзгөн. Өзүнүн илимий саякатынын натыйжасында ал европалык окумуштуулардын Ысык-Көлдөн дарыя агып

чыгат жана Теңир-Тоо вулкандардан жаралган деген жаңылыштыктарын ондоп, илимий так маалыматтарды берген. Анын маалыматтары Теңир-Тоо системасын изилдөөдө олуттуу роль ойногон. Бул крайды изилдөө үчүн ал кийинчерээк да бир нече илимий экспедицияларды уюштурууга демилгечи болгон.

**Николай Михайлович Пржевальский** (1839–1888-жж.) Борбордук Азияны 1870–1888-жж. комплекстүү иликтөөгө чоң салым кошкон. Бул аймакты изилдөө үчүн бешинчи жолу аттанып, келте оорусунан өлгөн. Сөөгү Каракол шаарынын жанына, Ысык-Көлдүн жээгине коюлуп, эстелик тургузулган. Каракол шаары 1889–1920 жана 1939–1991-жж. анын ысмы менен аталган.

Бул мезгилде окумуштуулар кыргыз элинин «Манас» эпосун изилдөөгө да өзгөчө көңүл бурушкан. Алсак, белгилүү орус окумуштуусу **В. В. Радлов,** казак ориенталисти Ч. Ч. Валиханов кыргыз эпосу жөнүндөгү илимди негиздешкен. Алар өздөрүнүн алгачкы чыгармаларында «Манасты» жана анын тексттерин илимий талдоонун натыйжасында кыргыз фольклористикасынын биринчи барактарын ачышкан. 1856-ж. Ч. Валиханов тарабынан жазылып алынган «Көкөтөйдүн ашы» 1901-ж. «Жуңгария очерктери» деген эмгегинде биринчи жолу орус тилинде басылып чыккан. «Манастын» эпизодун В. В. Радлов 1862-ж. бугу уруусунан чыккан манасчыдан, андан кийин 1864–1869-жж. сарыбагыш уруусундагы манасчыдан «Манастын» үч бөлүмүн тең жазып алган. Ал тарабынан жазылып алынган жалпы көлөмү 14 миң саптан турган «Манастын» үзүндүлөрү орус транскрипциясы менен кыргыз тилинде Санкт-Петербургда, немец тилинде Лейп-цигде 1885-ж. чыккан. Бул кыргыз маданиятынын тарыхындагы чоң окуя эле.

Кыргыздар жөнүндөгү этнографиялык маалыматтар, «Манас» жөнүндөгү билдирүүлөр орус жана Европа басмаларында 1861–1917-жж. басылып чыккан. Алар академик **В. В. Бартольддун,** венгр изилдөөчүсү **Г. Алмашинин,** орус саякатчысы П. П. Семенов-Тянь-Шанскийдин эмгектери болгон. Орус окумуштуусу **П. М. Мелиоранский** эпостун тарыхый катмарларына көңүл бурган. **Ф. Е. Корш** болсо чыгарманын поэтикасы жана анын жанрдык өзгөчөлүктөрү жөнүндө өзүнүн көз карашын айткан. 1903-ж. орус географиялык коому тарабынан уюштурулган илимий комплекстүү экспедиция менен кыргыз жергесине сүрөтчү **Б. В. Смирнов** келген. Ал Чүй

боорундагы кыякчы жана жомокчу Кенже Карага жолугат. Анын айтуусунда «Семетейден» үзүндү жазып, аны 1914-ж. кара сөз түрүндө орусча которуп, «Түркстандын талааларында» аттуу китебине чыгарат. Смирнов Кенже Каранын үнүн фоножазууга да жазып алган. Кыргыз элинин турмушун чагылдырган сүрөттөрдү тарткан.

Кыргыз тарыхын иликтөөдө **В. В. Бартольд,** Н. А. Аристов, С. Е. Малов ж. б. көөнөргүс салымдарды кошушкан. Россиялык Н. А. Северцев, А. В. Каульбарс, А. П. Федченко, И. В. Мушкетов, немецтер М. Фридрихсен, М. Керцбахер, француз Г. Капю, америкалык В. Дэвис, Э. Хантингтон ж. б. изилдөөчүлөр Кыргызстандын илимий иликтенишине өз салымдарын кошушкан. Демек, Россиянын курамына кирген соң Кыргызстанды ар тараптан илимий негизде изилдөө иштери башталган.

Ошентип, Россиянын курамына киргенден кийин кыргыз эли орус эли жана Россияда жашаган башка элдер аркылуу европалык маданияттын алдыңкы жетишкендиктери менен таанышууга мүмкүндүк алган. Кыргызстанда улуттук жазуу жаңы деңгээлде өркүндөй баштаган. Колониячыл бийликтердин бир катар шовинисттик саясатына карабастан кыргыз элинин агартуу ишине көңүл бурулган. Диний жана илимий негиздеги мектептер, маданий-агартуу мекемелери иштей баштаган. Кыргыз тилинде алгачкы эмгектер, окуу китептери басылып чыккан.

Кыргызстандын коомун, табигатын, кен байлыктарын, тарыхын, маданиятын илимий негизде ар тараптуу изилдөө иши да XIX к. экинчи жарымы – XX к. башында башталган. Россиялык илимий мекемелердин экспедицияларынын натыйжасында көптөгөн орус окумуштуулары Кыргызстандын географиясын, тарыхын, этнографиясын, фольклорун ж. б. комплекстүү изилдөө иштерине көөнөргүс салым кошушкан. Бул Кыргызстандын Россияга каратылышынын прогрессивдүү жагы эле.

## 55. ФЕВРАЛЬ РЕВОЛЮЦИЯСЫ КЫРГЫЗСТАНДА

Россиядагы 1917-ж. буржуазиялык-демократиялык февраль революциясы Россияда жашаган бардык элдердин тарыхындагы эң маанилүү окуя болгон. Анткени бул революция падышачылык бийликти жоюп, элдерге саясий эркин-

дикти берген. Саясий партиялар подпольеден чыгып, басма сөз эркиндик алган. Башка саясий камактагылар менен катар кыргыз элинен чыккан биринчи профессионал революционер-большевик **Таабалды Жукеев (А. Пудовкин)** да түрмөдөн бошотулган. Революциянын демократиялык республиканы орнотуу, жерди мамлекеттештирүү, сегиз сааттык жумуш күнүн киргизүү жөнүндөгү идеялары Кыргызстандын элинин да мүдөөсүнө толук туура келген.

Февраль революциясынын жеңгендиги тууралуу кабар Кыргызстанга март айынын башында гана жеткен. Пишпек, Ош сыяктуу уезддик борборлордо, көмүр кендеринде, Чүй сугат тармагында ж. б. жумушчулар топтолгон жерлерде массалык митингдер, демонстрациялар болуп, аларда падыша бийликтерин жоюу, сегиз сааттык жумуш күнүн киргизүү, согушту токтотуу, саясий камактагыларды бошотуу жөнүндөгү талаптар коюлган.

11-мартта Пишпекте түрмөнүн алдында өткөн митингден кийин 130 саясий камактагылар, Караколдо 34 адам, 10-мартта Ош шаарында болгон митингден кийин 300 адам камактан бошотулган. Алардын ичинде 1916-ж. улуттук-боштондук кыймылга катышты деген күнөө менен камалган адамдар да болгон.

1917-ж. 6-мартта Кызыл-Кыя кениндеги шахтерлор жумушчу депутаттарынын Советин түзүшкөн. 16-мартта Сүлүктүдөгү шахтерлор өздөрүнүн Советин шайлашкан. Жумушчулардын Советтери менен катар Кыргызстандын шаарларында жана аскердик бөлүктөрдө солдат депутаттарынын Советтери түзүлүп алар жумушчу депутаттарынын Советтери менен бириге баштаган. 6–7-мартта Пишпекте, 14-мартта Ошто солдат депутаттарынын Советтери түзүлгөн, кийинчерээк Советтер Токмокто, Нарында, Пржевальскиде пайда болгон.

Убактылуу өкмөттү колдогон буржуазия менен феодалдар Советтер менен катар Аткаруучу комитеттери, Коомдук коопсуздук комитеттери деп аталган өздөрүнүн бийлик органдарын түзө баштташкан. Алар эми Убактылуу өкмөттүн атынан бийлик жүргүзө баштап, мурдагы падышалык администрациянын саясатын улантышкан.

7-мартта Пишпекте *Аткаруучу комитет* түзүлүп андагы көпчүлүк орунду буржуазиянын өкүлдөрү, падыша чиновниктери ээлешкен. Ага меньшевиктер менен эсерлер кирген. Ушул өңдүү комитеттер Фергана областында, Ошто, кийинчерээк болуштуктар менен айыл-кыштактарда түзүлө баш-

тап, ага мурдагы падыша чиновниктери, бай-манаптар, кулактар мүчө болушкан.

Февраль революциясы саясий эркиндикти берүү аркылуу Россиянын тарыхында маанилүү роль ойногону менен жумушчулар менен дыйкандар эңсеген жер жана тынчтык, сегиз сааттык жумуш күнү жөнүндөгү негизги маселелерди чече алган эмес.

Улуттук башка региондор сыяктуу эле Орто Азияда, анын ичинен Кыргызстанда падышачылыктын улуттук-колониялык эзүүсү жоюлган эмес. Ал тургай Убактылуу өкмөттүн башчысы Керенский Түркстанга колония катары гана мамиле жасаш керек деп кошумча көрсөтмө берген.

Түркстан крайында бийликте мурдагы эле генерал-губернатор Куропаткин калып, Убактылуу өкмөттүн комиссарынын милдетин аткарган. Областтар менен уезддерде мурдагы аскердик губернаторлор жана уезддин начальниктери өздөрүнүн башкаруу аппараттары менен бийлик жүргүзүп кала берген.

Жергиликтүү калктын өкүлдөрү колониячыл эзүүнү жоюу жана улуттук теңчиликти орнотуу үчүн улуттук-боштондук мүнөздөгү күчтөрдү бириктирген уюмдарга бириге баштаган. Мисалы, 1917-ж. апрель айында Пишпекте *Кыргыз коомдук комитети* түзүлгөн. Мындай комитеттер Түндүк Кыргызстандын башка шаарларында да пайда болуп, алардын башында мурда падышачылыкка кызмат кылган манаптар менен байлар турушкан. Бирок улуттук мүнөздөгү комитеттер өзүнүн уюшкандыгы жагынан алсыз болуп, олку-солку абалда турушкан. Ошентип, Кыргызстанда Борбордук Россиядан айырмаланып, *жумушчулар менен солдаттар депутаттарынын Советтеринен, Убактылуу өкмөттүн комитеттеринен* жана улуттук мүнөздөгү *Кыргыз коомдук комитеттеринен* турган үч бийлик түзүлгөн. Булардын биргелешип башкарууга өз ара байланыштарды бекемдөөгө кылган аракеттери жакшы натыйжа берген эмес. Чындыгында реалдуу бийлик Убактылуу өкмөттүн колунда болгон.

Россияда буржуазиялык-демократиялык революция жеңиштүү аяктаганы менен өлкөдөгү социалдык-экономикалык маселелер чечилген эмес. Эмгекчилер чыныгы эркиндикке жетишкен жок. Улантылып жаткан дүйнөлүк биринчи согуш, Убактылуу өкмөттүн элге каршы багытталган саясаты элдин абалын начарлаткан. Февраль революциясы Кыргызстан үчүн маанилүү болгон улуттук жана агрардык маселени чечкен эмес.

Россиядагы падыша бийлигинин кулагандыгын уккан качкын кыргыздар Кытайдан өз мекенине кайта баштаган.

Ал эми Убактылуу өкмөттүн Түркстан комитети качкын элдин Ата Мекенине кайтып келүүсүнө тыюу салган атайын токтом кабыл алган. Мунун натыйжасында орус кулактары кайтып келе жаткан ач-жылаңач, алсыз, куралсыз кыргыздарды ар кайсы жерлерден тосуп алып топ-тобу менен кырып салган учурлары болгон. Тирүү калгандарын өз чарбаларында бекер иштетишип, акырындык менен «козголоңчу» деген жалаа менен жок кылып турган. Убактылуу өкмөт кыргыздарга улуттук боштондук бермек тургай, падышачылыктын колониялык саясатын уланткан, 1916-ж. көтөрүлүштүн катышуучуларын жазалоону жана куугунтуктоону күчөткөн.

## 56. КЫРГЫЗСТАНДА САЯСИЙ УЮМДАРДЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

1917-ж. жазында жана жайында Кыргызстандын калкынын бардык катмарлары саясий турмушка активдүү тартыла баштаган. Март айында Сүлүктүдө, апрель-июнь айларында Пишпекте, Ошто жана Кызыл-Кыяда социал-демократиялык топтор түзүлгөн.

1917-ж. жайында Пишпекте **Абдыкерим Сыдыковдун** жетекчилиги астында «Алаш» улуттук партиясынын жергиликтүү бөлүмү түзүлгөн. Бул партия 1917-ж. майда Казакстанда (Оренбург шаарында) түзүлүп, анын башында Алихан Букейханов менен Ахмет Байтурсынов өңдүү буржуазиялык-демократиялык багыттагы казак интеллигенциясынын өкүлдөрү турган. Буга казак-кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрү, демократиялык маанайдагы майда буржуазия, байлар, жумушчулар менен дыйкандардын бир бөлүгү, дин кызматкерлери кирген. ***Улуттук «Алаш» партиясынын негизги максаты казак жана кыргыз элинин өз алдынча мамлекетин түзүү болгон.*** Бул партиянын жергиликтүү уюмдарын түзүүгө кыргыз интеллигенттеринен Ишенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов, Н. Тулин, Д. Cооронбаев, С. Чукин ж. б. активдүү катышышкан. «Алаш» партиясынын уюмдары негизинен Түндүк Кыргызстанда түзүлгөн. Бул партия 1918-ж. жоюлуп, анын прогрессивдүү өкүлдөрү Совет бийлигине кызмат кылган.

Кыргызстандын түштүгүндө болсо өзбек жана кыргыз байларынын жана мусулман дин кызматчыларынын, интеллигенциянын өкүлдөрүн бириктирген «Шуро-и-Ислам» (Ислам кеңеши) партиясынын жергиликтүү уюму түзүлүп, бир кыйла таасирге ээ болгон. Партия март айында Ташкентте түзүлүп, буржуазиялык ***Россиянын курамында Түркстандын улуттук-мусулмандык автономиясын түзүү максатын көздөгөн.*** Партиянын Кыргызстандагы жергиликтүү уюмун Таш Кудайбергенов жетектеген. Бул уюм «Кокон автоно-миясы» талкалангандан кийин (1918-ж.) жоюлган.

Кыргызстандын аймагында **Социал-Туран партиясынын** жергиликтүү уюмдарын түзүү аракети башталган. Ага соода буржуазиясы, мугалимдер жана окуучулар, котормочулар мүчө болушуп, партиянын ***өз алдынча бирдиктүү түрк мамлекетин түзүү максатын колдошкон.*** Партияга толук уюштурула элек кезинде эле контр-революциячыл уюм катары тыюу салынган.

Ушул эле мезгилде карапайым калктын, эмгекчилердин түпкү кызыкчылыгын көздөгөн союздар да түзүлө баштаган. Алсак, 1917-ж. май айында Пишпек уездиндеги кедей жана орто дыйкандарды бириктирген демократиялык уюм **«Букара» союзу** түзүлгөн.

Булардан тышкары Кыргызстанда ар түрдүү адистиктеги жумушчуларды бириктирген союздар түзүлгөн. 1917-ж. жазында Пишпекте Чүй сугат тармагынын жумушчуларын, курулушта иштегендерди, кийим тигүүчүлөрдү бириктирген **Жумушчулар жана кол өнөрчүлөр союзу,** Кызыл-Кыя менен Сүлүктүдө **Жумушчу кенчилердин союзу,** кедей-кембагалдардын ири уюму **Жумушчулар менен чайрыкерлердин** союзу түзүлгөн.

Күз айларынан баштап Петроградда боло турган Советтердин Бүткүл Россиялык II съездине карата даярдыктар көрүлүп, Сүлүктү Советинин төрагасы Д. Деканов жумушчулардын, А. Фролов солдаттардын атынан Советтердин Самарканд областтык конференциясында съездге делегат болуп шайланышкан. Алар шайлоочулардан бардык бийликти пролетариаттын колуна бериши, помещиктик жана жеке менчик жерлерди конфискациялоо, өндүрүштүн үстүнөн жумушчу контролун түзүү жана коомдук-саясий турмушту демократташтыруу жөнүндө наказдарды алышат.

Жыйынтыктап айтканда, Россиядагы буржуазиялык-демократиялык революция анда жашаган бардык элдердин

тарыхындагы маанилүү окуя болгон. Бул революция падышачылык жеке бийликти жоюп, республикалык түзүлүшкө жол ачкан. Бирок бир катар объективдүү жана субъективдүү шарттарга байланыштуу революция өзүнүн негизги максатына жеткен эмес. Тынчтык, жер жана улут маселелери чечилбей, Россиянын борборунда **Кош бийлик,** ал эми Кыргызстанда **Үч бийлик** орногон. Көп өтпөй, жергиликтүү калктын саясий жактан баёлугунун, большевиктердин таасиринин начарлыгынын натыйжасында бул жакта түзүлгөн Советтер жана кыргыз улуттук комитеттери бийликти Убактылуу өкмөткө өткөрүп беришкен.

Убактылуу өкмөттүн элге каршы саясаты, дүйнөлүк согуштун күчөшү өлкөдөгү кризистик абалды тереңдетип, коомдун таптык жана саясий жиктелүүсүн, массанын активдүүлүгүн күчөткөн. Натыйжада Кыргызстанда да калктын бардык катмарларынын саясатка тартылышы күч алган, Кыргызстанда буржуазиялык, социал-демократиялык, улуттук-патриоттук жана улутчул мүнөздөгү саясий партиялар, уюмдар түзүлүп, калктын революциялык кыймылдарына жетекчилик жүргүзө башташкан. Массанын ичинде большевиктер партиясынын таасири күч алган.

## 57. КЫРГЫЗСТАНДА СОВЕТ БИЙЛИГИН ОРНОТУУ

1917-ж. күзгө жакын Россияда большевиктер партиясынын ролу жогорулай баштайт. Алардын таасиринин өскөндүгү өзгөчө Советтердин ишинде байкалган. Өлкөдө аскердик бийликти орнотууга аракет кылган корниловчулардын талкаланышы большевиктердин авторитетин көтөрүп, контрреволюциячыл күчтөрдү начарлаткан. Ушундай кырдаалда В. И. Ленин июль окуяларынан кийин убактылуу алынып салынган ***«Бардык бийлик Советтерге!»*** деген ураанды кайрадан койгон. Эми бул ураан эл массасын куралдуу көтөрүлүшкө, Убактылуу өкмөттү кулатууга, пролетариат диктатурасын орнотууга чакырган.

1917-ж. 24-октябрда (6-ноябрь) Петроградда куралдуу көтөрүлүш башталып, эртеси көтөрүлүшкө чыккан жумушчулар, солдаттар жана матростор борбордун маанилүү объектилерин ээлеп алышкан. 25-октябрда (7-ноябрь) эртең менен Аскердик-революциячыл комитет Убактылуу өкмөттүн кулагандыгы жөнүндө жарыялаган.

Советтердин Бүткүл россиялык II съезди В. И. Ленин башында турган жумушчу-дыйкандардын биринчи өкмөтү – **Эл Комиссарлар Советин** шайлаган. Ушул мезгилден тарта большевиктер партиясы башкаруучу партияга айланган. Бул съездде тынчтык жана жер жөнүндөгү маселелер каралып, эки маселе боюнча Совет мамлекетинин алгачкы декреттери (закондору) кабыл алынган. **Тынчтык жөнүндөгү декрет** боюнча жалпы демократиялык тынчтык келишимин түзүү программасы иштелип чыккан.

**Жер жөнүндөгү декрет** боюнча Россияда жашаган көп миллиондогон элдин мүдөөсүнө ылайык жерге болгон помещиктердин менчиги жоюлуп, аны мамлекеттин байлыгы катары дыйкандарга пайдалануу үчүн бекер берүү чечилген.

Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу өтө кыйын жана өзгөчө шарттарда жүргүзүлгөн. Өндүргүч күчтөрдүн начарлыгы, өнөр жай пролетариатынын аз санда болушу, большевиктер партиясынын таасиринин аздыгы, колониялык саясаттын натыйжасындагы кыргыздар менен орустардын ортосундагы кастык мамиле жаңы бийликтин орношуна тескери таасирин тийгизген.

Кыргызстанга жакын Ташкентте 1917-ж. 31-октябрда (13-ноябрь) Совет бийлигинин орношу Орто Азияда, анын ичинде Кыргызстанда, Совет бийлигинин орнотулушун тездеткен. Жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын крайлык III съезди 28-ноябрда Түркстандагы мамлекеттик бийликтин Эл комиссарлар Советине өткөндүгүн таанып, жер-жерлердеги бийлик жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын колуна өткөндүгү жөнүндө чечим кабыл алган.

Бул мезгилде Кыргызстандагы бийлик Убактылуу өкмөттүн колунда болгон. Ал эми жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттарынын Советтеринде көпчүлүк орун меньшевиктер менен эсерлерге тиешелүү эле.

Кыргызстандын аймагында биринчи болуп Сүлүктү менен Кызыл-Кыяда Совет бийлиги жарыяланган. Кыргызстандын түштүгүндө Совет бийлигинин орношун тездетүүгө Советтердин Фергана областтык VI съезди чоң таасир тийгизген. Съезд 1917-ж. 6–7-декабрда болуп өтүп, анда большевиктер басымдуулук кылган жана алардын резолюциясы кабыл алынган. Съездде Фергана областында бийликти Советтердин колуна алуу маселеси чечилген. Ушундан кийин Фергана өрөөнүнүн бардык аймактарында Советтердин бийлиги орной баштаган. 1917-ж. декабрда Жалал-Абадда,

1918-ж. январда Ошто Совет бийлиги орногон. Айыл-кыштактарда да Советтер уюшулуп бийликти өз колдоруна ала баштаган.

Кыргызстандын түндүгүндө Совет бийлиги адегенде Таласта 1917-ж. декабрдын башында орногон. Бул жерде Совет бийлигин орнотууга Ташкент–Олуя-Ата темир жолунун жумушчулары жана Олуя-Ата шаарындагы аскер гарнизону жардам көрсөтүшкөн.

Пишпек шаары Кыргызстандын түндүгүндө Совет бийлигин орнотууда чоң роль ойногон. 1917-ж. октябрь айында Пишпектеги большевиктер бирдиктүү уюмга бириге элек болчу. Алар дагы эле солчул эсерлер менен бирдикте иштеп жатышкан. Жумушчулардын, кол өнөрчүлөр менен солдаттардын, 1916-ж. көтөрүлүштөн жабыр тарткан кыргыз кедейлердин наразычылыктарынын өсүшүнүн натыйжасында ноябрь–декабрь айларында Пишпекте революциячыл кыймылдар күч алып, аларда большевиктердин таасири күчөгөн. Күзүндө Пишпек уездинде большевиктердин жашырын топтору: башында жумушчу А. И. Иваницын турган Чүй сугат тармагынын курулушундагы топ, механик И. С. Меркун башында турган Пишпектеги жумушчулар тобу, Г. И. Швец-Базарный жетектеген солдаттар тобу түзүлгөн. Ошол эле мезгилде Пишпекте Х. Хасанов жетектеген Кыргызстандагы алгачкы большевиктик улуттук топ түзүлүп, анын алгачкы мүчөлөрү: К. Сарыкулаков, И. Худайбергенов, Р. Солтонбеков, Ш. Баубеков, Ж. Балапанов ж. б. болушкан. Уезддеги бардык болуштуктардын дыйкандарынын арасында зор таасири бар «Букара» союзу большевиктердин негизги таянычын түзгөн.

Пишпек уездинде Совет бийлигин орнотуу контрреволюциячы күчтөрдүн каршылыгына дуушар болуп курч мүнөздө өткөн. 1917-ж. 31-декабрындагы Пишпектин Дубовый паркында 1000ден ашык киши катышкан митинг уезддеги революциялык окуялардын жүрүшүндө бурулуш учур болгон. Митинг большевиктер башында турган бардык революциячыл күчтөрдү чечкиндүү аракетке өтүү үчүн баш коштуруп, Кызыл Гвардия отряддарын түзүү жөнүндө чечим кабыл алган. 1918-ж. 1-январда Пишпектин большевиктери жаңы жеңишке ээ болуп, Пишпек Советинин аскердик жетекчилиги большевиктер менен алмаштырылган. Анын төрагалыгына большевик Г. И. Швец-Базарный шайланган. 1918-ж. 5-январында Пишпек уездинин Советтеринин съезди болуп,

бул аймакта Совет бийлиги орногондугун жарыялаган. Февралда Токмок шаарында бийлик Советтердин колуна өтүп, 300 адамдан турган Кызыл Гвардия түзүлгөн. Пишпек уездинде Совет бийлигинин орношу Жети-Суу областынын борбору Верный (азыркы Алматы) шаарында буржуазиянын бийлигин кулатууну бир кыйла жеңилдеткен. 3-мартта Верныйда Совет бийлигинин жеңиши областтын калган аймагында, анын ичинен Пржевальск уездинде Совет бийлигин орнотууда чечүүчү мааниге ээ болгон.

Пржевальск жана Нарын аймагында Совет бийлигин орнотуу курч кырдаалда өткөн. Бул жактагы эмгекчилер Совет бийлигинин жеңишин кубаттап, Совет бийлигин орнотууга жардам берүүлөрүн сурап, Жети-Суу областтык жана Пишпек уездик Советтерге кайрылышкан. Нарын кыргыздарынын чакыруусу боюнча Токмоктон Ф. Дубовицкий командирлик кылган кызыл гвардиячылар келишип, мындагы контрреволюциячыл күчтөрдү, Кокон автономиялуу өкмөтүнүн куралдуу отрядынын калдыктарын талкалаган. Нарын аймагынын Советтеринин съезди 1918-ж. 8-апрелде ачылып, аймакта Совет бийлиги орногондугун билдирген.

Ысык-Көл өрөөнүндө, өзгөчө Пржевальскиде, Түп, Теплоключенка сыяктуу айрым кыштактарда бай орус дыйкандары, казак орустар көп болгондуктан алар Совет бийлигин орнотууга айыгышкан каршылык көрсөтүшкөн. Бул жерде контрреволюциячыл күчтөрдү басуу 1918-ж. жайына чейин созулган. 1918-ж. июнь айынын аягында Верныйдан келген кызыл гвардиячылардын отряды Пржевальскидеги Убактылуу өкмөттүн бийлигин жоюп, 26-июнда Советтердин уездик съездин чакырууга көмөктөшкөн. Съезд Советтердин эски курамын таратып, жаңы курамды шайлаган. Советтердин жаңы курамы Пржевальскидеги бийликти колуна алган.

Ошентип, 1918-ж. орто ченинде Совет бийлиги Кыргызстандын бардык жерлеринде орнотулган.

## 58. ГРАЖДАНДЫК СОГУШ

Келишпес мүнөзгө ээ болгон айыгышкан согуш 1918-ж. экинчи жарымынан башталып, 1920-ж. аягына чейин созулган. Бул согуш Түркстан аймагында, анын ичинде Кыргызстанда, эң эле катаал формада жүргүзүлүп, айрым бир өзгөчөлүктөр менен өткөн.

1918-ж. жайында империалисттик мамлекеттердин аракеттеринин натыйжасында граждандык согуш күч алат. Ак

гвардиячылар менен бириккен Англиянын, Франциянын, АКШнын жана Япониянын куралдуу күчтөрү Совет бийлигин кулатуу үчүн согуш аракеттерин ачык башташкан. Атаман Дутовдун 1918-ж. 3-июлда Оренбург шаарын басып алышы менен Түркстан Борбордук Россиядан бөлүнүп калган.

Түркстандагы контрреволюциячыл күчтөрдү басуу үчүн 1918-ж. июлда Ак-Төбө, Закаспий, Жети-Суу фронттору түзүлгөн.

Кыргызстандын түштүгүндө граждандык согуш басмачыларга каршы багытталган. Алгачкы мезгилде басмачылардын аракети жергиликтүү калктын улуттук-боштондук күрөшү катары башталып, бара-бара реакциячыл кыймылга айланып кеткен.

Басмачылыкты жергиликтүү феодалдар менен буржуазия жетектеген улутчул кыймыл болгон деп бир беткей баалоого болбойт. Анткени аларды империалисттик мамлекеттер, биринчи кезекте Англия колдоп, жетекчилик кылган. Түштүк Кыргызстанга кеңири жайылган басмачылардын кыймылын Калкожо, Мадаминбек, Мойдунбек, Эргеш, Рахманкул, Шермухаммед (Көршермат), Аман палван, Жаныбек-казы ж. б. корбашылар жетектеген. Алар чындыгында ак гвардиянын офицерлерине, чет элдик интервенттерге баш ийген.

Басмачылыктын демөөрчүлөрү бул кыймылга саясий түс бериш үчүн *панисламизм* жана *пантүркизм* идеяларын пайдаланышкан. Чет элдик империалисттер бул аркылуу өздөрүнүн кызыкчылыктарын көздөшкөн. Басмачылык мурдагы падышачылыктын колонизаторлору жана чет элдик империалисттер активдүү колдогон жергиликтүү контрреволюциячыл күчтөрдүн Совет бийлигине каршы жүргүзгөн тап күрөшүнүн өзгөчө формасы болгон. Бул кыймыл Кыргызстандын түштүгүндөгү айрым жерлерде 1924-ж. чейин уланган. Бирок, бул кезде алар элдин колдоосунан ажырап калган.

Түркстанда, анын ичинде Кыргызстанда Совет бийлигин коргоо үчүн Түркстан АССРинин Борбордук аткаруу комитети 1918-ж. 10-июлда атайын кеңири чечим кабыл алып, Түркстанды коргоо үчүн штаб түзгөн. Коргоо ишине жергиликтүү калкты тартууга өзгөчө көңүл бурулган. Натыйжада жергиликтүү калктын өкүлдөрү Кызыл Армияга ыктыярдуу түрдө өтө баштаган. Кыргызстанда алгачкылардан болуп Ю. Абдрахманов, К. Баялинов, С. Каралаев, Ж. Саадаев, И. Токбаев өңдүү кыргыз жигиттери Кызыл Армияга кызмат кылган. Граждандык согуштун жүрүшүндө Я. Н. Логвиненко,

А. Осмонбеков, Ж. Саадаев, С. Кучуков, М. Масанчин сыяктуу мыкты командирлер чыккан.

1918-ж. сентябрында Пишпекте 250 адамдан турган отряд түзүлүп, Жети-Суу фронтуна жөнөтүлгөн. Бул отряд кийин Кызыл Армиянын Пишпектеги советтик биринчи полку болуп кайра түзүлгөн. Ага большевик **Я. Н. Логвиненко** командирлик кылган. Кызыл аскерлердин күчтүү отряддары Токмокто, Пржевальскиде, Нарында, Ошто, Жалал-Абадда, Кызыл-Кыяда ж. б. түзүлгөн.

1918-ж. 7-декабрда солчул эсерлердин жетекчилиги менен Беловодск кыштагында козголоң башталып, ал жердеги Совет бийлигин жоюп, анын өкүлдөрүн асып өлтүрүшкөн. 14-декабрда алар Пишпекке чабуул коюшуп анын батыш бөлүгүн ээлеп алышат. Аларга Сокулук, Кара-Балта, Садовое, Александровка ж. б. кыштактардан келгин дыйкандар кошулган. Аны басуу үчүн Түндүк Кыргызстандын бардык райондорунан Кызыл аскерлер чогулган. Түндүк Жети-Суу фронтунда атагы чыккан 1-Пишпек полку жардамга жиберилген. Алар 600 *км* жолду 9 суткада басып өтүп 22-декабрда Пишпекке келген. Кызыл аскерлердин бириккен күчтөрү 23-декабрда козголоңчуларга кыйраткыч сокку урган.

1919-ж. июль айында ак гвардиячылардын отряды Пржевальск уездине кирип келишип, Түп кыштагын ээлеп алган. Аларды Николаевка, Покровка, Михайловка, Семеновка кыштактарындагы келгин бай дыйкандар колдогон. 20-июлда бай дыйкандар колдогон ак гвардиячылар Пржевальскиге чабуул койгон. Шаардын эли Токмоктон, Верныйдан кызыл аскерлер жардамга келгиче бир жума бою шаарды коргогон. 26–27-июлда кызыл аскерлердин биргелешкен күчтөрү козголоңчуларга чечүүчү сокку урган. Козголоңдун активдүү уюштуруучулары Кытайга кире качкан.

Түркстанда Совет бийлигин чыңдоо үчүн 1919-ж. 14-августта Совет өкмөтү **Түркстан фронтун** уюштурган. Анын башкы командачылыгына жердешибиз **М. В. Фрунзе** дайындалган. Түркстан республикасындагы бардык аскердик күчтөр анын карамагына өткөн. Ак гвардиячылар менен болгон айыгышкан согуштан кийин Кызыл Армия сентябрда Түркстандын аскерлери менен кошулган. Ташкент менен Россиянын ортосундагы байланыш калыбына келтирилген.

1920-ж. февралда М. В. Фрунзенин буйругу боюнча Жети-Суудагы кыргыз-казактардан Өзгөчө кыргыз атчандар бригадасы түзүлгөн. Буга чейин 1919-ж. декабрда Токмок уез-

динде М. Масанчи командалык кылган дуңган атчандар полку уюштурулган. Наманган уездинде **А. Осмонбеков** кыргыздардан турган отряд түзгөн. Улуттук аскердик бөлүктөрдүн түзүлүшү граждандык согуштун жүрүшүндө өзгөчө роль ойноп, жергиликтүү калктын Совет бийлигине болгон ишеничин бекемдеген.

1920-ж. сентябрда Дыйкандар армиясынын командири К. Монстров Мадаминбек корбашы менен союз түзүп, «автономдуу өкмөт» түзүү үчүн күрөшмөк болушат. Алардын бириккен күчтөрү 8-сентябрда Ош шаарын ээлеген. 17-сентябрда болсо Анжиянды курчоого алышкан. Бул шаарларга жардамга келишкен кызыл аскерлердин отряддары К. Монстров менен Мадаминбектин куралдуу күчтөрүн сентябрдын аягында талкалаган. Алардын аскерлеринин калдыктары Гүлчөгө чогулушуп, Фергананын убактылуу өкмөтүн түзүшкөн. 1919-ж. октябрда Мадаминбек Айым кыштагына корбашчыларды кеңешке чогултуп, анда ал хан делип жарыяланган. Бир нече куралдуу кармаштардан кийин К. Монстров 1920-ж. 17-январда колго түшкөн. Жеңилерине көзү жеткен Мадаминбек 6-мартта багынып, Совет бийлигин тааныган.

Коопсуздукту сактоо үчүн Түркстан аскерлеринин командачысы М. В. Фрунзе 1920-ж. 7-майда Кызыл Армияга жергиликтүү калктан 19–35 жаштагы 30 миң адамды мобилизациялоо жөнүндө буйрук чыгарган. Бул Борбордук Азия элинин тарыхындагы биринчи мобилизация болуп, иш жүзүнө ийгиликтүү ашырылган.

Ички жана тышкы контрреволюциячыл күчтөр талкаланган соң анын калдыктары чет жактагы райондорго барышып, ал жактарда акыркы аракеттерди жасап көрүшкөн. Ошондой козголондордун бири 1920-ж. ноябрда Ат-Башыда башталган. Анын башында мурдагы офицер Д. Кирьянов, соодагер К. Бондарев (кыргыздар муну Мөндүрүп дешкен) турган. Алар жергиликтүү бай-манаптардын жардамына таянып Нарын шаарында контрреволюциячыл төңкөрүш жасаган жана андагы 23-полктун командалык курамын туткундаган. Шаардагы Совет бийлигинин жетекчилери өлтүрүлүп, 47 партиялык, советтик кызматкер камакка алынган. Падышачылык бийлик орнотулган. Козголоңчулар Жети-Суудагы бийликти колго алыш үчүн Токмокко жана Пишпекке аттанышкан.

Кызыл аскерлердин отряддары аларды Кочкордон тоскон. 16-ноябрдагы катуу салгылашууда төңкөрүшчүлөр тал-

каланып, башчысы Д. Кирьянов колго түшкөн. Калдыктары Кытайга качкан. Ноябрдын аягында Нарын уезди козголоңчулардан толук тазаланып, Совет бийлиги калыбына келтирилген. Ошентип, 1920-жылдын аягында Кыргызстанда граждандык согуш аяктаган.

## 59. СОВЕТТИК АГРАРДЫК САЯСАТТЫН БАШАТЫ

Пролетариат диктатурасы орногондон кийин В. И. Ленин башында турган коммунисттер биринчи кезекте агрардык маселени чечүүгө аракет жасашкан. Россиянын калкынын негизин түзгөн дыйкандардын басымдуу көпчүлүгүнүн талабына ылайык жерди мамлекеттештирүү т. а. аны мамлекеттин карамагына алуу саясаты жүргүзүлгөн. Совет бийлигинин **Жер жөнүндөгү декрети** кабыл алынып, ага ылайык бардык жерлер мамлекеттин менчиги делип жарыяланган.

Бул декрет боюнча Совет бийлигинин агрардык саясатынын төмөндөгүдөй негизги багыттары:

– жерге болгон жеке менчикти жоюу, ири жер ээлеринин жерлерин конфискациялоо;

– «жер аны иштеткендердики» деген эреже боюнча жерди чарбаларга теңдеп бөлүп берүү;

– чарбаларды жерге жайгаштыруу;

– натуралай жана акчалай төлөнүүчү салыктарды, аренда акыларын, жана дыйкандардын кредиттик мекемелерге болгон бардык карыздарын жоюу;

– дыйкандарга өз чарбасын түзүү үчүн материалдык-техникалык, акчалай жардам берүү;

– айыл чарбасын тейлөө үчүн кооперативдердин жөнөкөй түрлөрүн уюштуруу ж. б. аныкталган.

Агрардык саясаттын бул багыттары Россиянын чет жакаларында жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жүзөгө ашырыла баштаган. Совет бийлигинин алгачкы күндөрүндө эле Кыргызстанда агрардык мамилелер түп-тамырынан бери өзгөрө баштаган. Кедей жана орто дыйкандар натуралай жана акчалай төлөнүүчү салыктардан бошотулган. Алардын кредиттик уюмдарга, сүткор-банкирлерге болгон карыздары жоюлган.

Жеке менчикте турбаган бардык жерлер мамлекеттин менчиги делип жарыяланып, жергиликтүү бийлик органдарынын көзөмөлүнө өткөн.

Совет бийлиги дыйкандарга ирригация тармагын калыбына келтирүү үчүн өзгөчө жардам берген. 1918-ж. 17-майда В. И. Лениндин демилгеси менен *«Түркстанда сугат иштерин уюштуруу боюнча»* Декрет кабыл алынып ал боюнча Чүй сугат тармагында 94 миң дес. жерди өздөштүрүү белгиленген. Түркстанда сугат тармагын өздөштүрүүгө мамлекеттик казнадан 50 млн сом бөлүнүп, анын 3 млн сому Пишпек уездиндеги Чүй суусунун өрөөнүн өздөштүрүүгө чегерилген. Чүй сугат тармагындагы бардык курулуштар, жабдыктар, техникалар мамлекеттик менчикке өткөн.

1921-ж. январда өткөн Түркстан АССРинин казак жана кыргыз кедейлеринин крайлык 1-съезди келгин дыйкандар ээлеп алган кыргыздардын жерлерин кайтарып бермейинче кыргыз элинин абалын ондоого болбой тургандыгын баса белгилейт. 1921-ж. 4-февралда Жети-Суу областтык революциячыл комитети бул максатты ишке ашыруу үчүн **жер-суу реформасын** жүргүзүү жөнүндө буйрукка кол койгон.

20-жж. башындагы жер-суу реформасы жер-суу маселеси боюнча орус жана кыргыз дыйкандарынын ортосундагы колониялык мезгилден калган теңсиздикти жоюуга багытталган. Ал үчүн орус дыйкандарынан ашыкча жерлерди алуу, мал өтүүчү жерлерге жана суунун башына жайгашып алган орус кыштактарын жана хуторлорун жоюу керек эле. Мындан тышкары жергиликтүү байлардын жерлери алынып, бошогон жерлер кедей дыйкандарга берилмек. Көчмөн калкка жайыттан тышкары айдоо жерлери да бөлүнүп, аларга мамлекет тарабынан акчалай жардам, айыл чарба шаймандарын, үрөн ж. б. берүү милдети турган.

*Жер-суу реформасынын биринчи этабы* 1921–1922-жж. жүргүзүлгөн. Реформа мурун падышалык-помещиктик колония күчтүү орногон Жети-Суу областынын Верный, Бишкек, Каракол уезддерин; Сыр-Дарыя областынын Олуя-Ата (Талас өрөөнү), Чымкент, Ташкент уезддерин; Фергана областынын Жалал-Абад жана Мархамат райондорун камтыган.

Жер-суу реформасын жүргүзүү айыгышкан тап күрөшүнүн формасында өткөн. Байлар менен кулактар бул реформа аркылуу Совет бийлиги кыргыз айыл-кыштактарын 1916-жылдагыдай талкалайт экен же орус кыштактарын жоюп, аларды Кыргызстандан кубалайт экен деген сөздөрдү таркатышкан. Жергиликтүү улутчулдар болсо бардык орустарды колонизаторлор деп айыптап, аларды Россияга көчүрүүнү, ал эми шовинисттик маанайдагы орус дыйкандары мурун

алган жерлерибизди бербейбиз, бардык жерлер мурда бөлүштүргөн бойдон калсын деген талаптарды коюшкан.

1921–1922-жж. жер-суу реформасынын жана социалисттик жерге жайгаштыруу саясатынын натыйжасында кыргыз жана орус дыйкандарынын жерлеринин өлчөмү теңделген. Жерге жайгашкан кыргыз дыйкандарынын саны өскөн. Натыйжада айдоо жерлер көбөйүп, жерди иштетүү жакшырган. Бул ишти жүзөгө ашырууда **Алымкул Жумагулов** башында турган *Пишпек уездик жер комитети менен реформа жүргүзүү боюнча өзгөчө комиссия* зор иштерди аткарган.

1923-ж. жазынан *жер-суу реформанын экинчи этабы* башталып, Жети-Суу областынын калкын жапырт жерге жайгаштыруу иши жүргүзүлгөн. 1923–1926-жж. реформа толук социалисттик мүнөздө болуп, дыйкандарды жерди жеке пайдалануудан коллективдүү пайдаланууга өткөрүү максатын көздөгөн. Жерди иштетүүнүн социалисттик формасына өтүү үчүн Кыргызстанда адегенде *көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу* керек эле. Совет өкмөтүнүн чечими боюнча ар бир дыйкан жерди жекече же биргелешип иштетүүнүн формаларын тандап алууга, жалданма жумуш күчүн пайдаланууга укуктуу болгон. Отурукташууга өткөн дыйкандарга он жылдык мөөнөт менен айыл чарба шаймандары, унаа, үрөн бөлүштүрүлүп, мындан тышкары үй, короо-жай курулушу үчүн материалдар бекер берилген. Отурукташкан дыйкандар мамлекеттик жана жергиликтүү салыктан беш жылга бошотулган. Аларга агротехникалык ж. б. жардам көрсөтүү каралган.

1927-ж. 12-ноябрда Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитети жана Эл Комиссарлар Совети **Кыргызстандын түштүгүндө** жер-суу реформасын жүргүзүү жөнүндө декрет кабыл алган. Бул жакта жүргүзүлгөн реформанын жүрүшүндө жер фондусу 46 миң *га* сугат жана 2,3 млн *га* кайрак жерди түзгөн. 18,6 миң дыйкан жерге жайгаштырылган. Бардык чайрыкерлер, кедей дыйкандардын 75 проценти жер, айыл чарба шаймандарын алышкан, аларга салык боюнча жеңилдиктер берилген. Реформанын натыйжасында феодалдык-помещиктик чарбалар жоюлган, патриархалдык-феодалдык мамилелер кыйраган. Айыл-кыштактын калкын негизинен орто дыйкандар түзүп калган. Реформанын жүрүшүндө 65 колхоз түзүлгөн.

Жерге жайгаштыруунун натыйжасында көчмөндөр отурукташа баштаган. Айыл чарбасын туташ коллективдештирүүгө чейин эле кыргыздардын 40 миң көчмөн мал чарба-

сы отуруктакташкан эле. Натыйжада натуралдык мал чарбасы товар өндүрүүчү дыйкан чарбага көбүрөөк өтө баштаган.

Агрардык реформалардан кийин кооперация күчтүү темп менен өскөн. Революцияга чейин буржуазиялык кооперациянын мектебинен өтпөгөн кыргыз дыйкандары социалисттик кооперациянын ар түрдүү формаларына биригe баштакшан. Кооперациянын жөнөкөй формалары Борбордук Азияда граждандык согуштун мезгилинде эле пайда болгон. Кыргызстанда болсо көчмөн мал чарбасына ылайыкташтырылган малчылардын «Чолпон» (1924-ж.) жана «Ак-Сай» (1925-ж.) шериктештиктери түзүлгөн. Кыргыз автономиялык областы түзүлгөн соң кооперациялар көбөйгөн. 1925-ж. октябрына карата Кыргызстанда 232 айыл чарба кооперативдери түзүлүп, аларга 21,8 миң адам мүчө болгон. 1926-ж. баштап Кыргызстандагы кооперацияларды Кыргыз АССРинин кооперациялык Совети жетектеп, бул кыймылдын өсүшүнө, алардын мамлекеттик органдар менен мамилесин жөнгө салууда, жеке капиталга каршы күрөшүүдө маанилүү роль ойногон.

1929-ж. Кыргызстанда кооперациянын адистешкен формаларын түзүү жөнүндө чечим кабыл алынып, ага ылайык, «Кыргыз пахта союзу», «Кыргыз мал чарба союзу», «Кыргыз колхоз союзу» ж. б. түзүлгөн. Булар өнөр жай менен дыйкандардын ортосундагы байланыштыруучу органдар болуп калган. Бул кооперативдик союздар дыйкандарды өндүрүштүк кооперациянын башкы формалары *жерди биргелешип иштетүү шериктештигине* (ТОЗ) жана *айыл чарба артелдерине* биригишине даярдоодо чоң роль ойношкон. Бул иште Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде эле байлардын, кулактардын жерлерин, малын конфискациялоо учурунда түзүлүп, чыңдалып калган колхоздор да түрткү болгон.

1925-ж. Кыргызстанда 64 колхоз жана 6 совхоз болгон. Совет өкмөтү аларды ар тараптан колдоого алган. 1924-ж. Чүй өрөөнүндө «Аламүдүн», Каракол уездинде «Токтоян» чарбалары уюштурулуп, алар экономикалык жактан мыкты көрсөткүчтөргө жетише баштаган.

Ошентип, 1928-ж. айыл чарбасынын негизги эки тармагы тең согушка чейинки деңгээлге жакындаган. Агрардык чөйрөдөгү реформалардын натыйжасында республикадагы эзүүчү таптын өкүлдөрү 12,7 проценттен 3,5 процентке чейин азайган. Бирок негизинен алганда Кыргызстандын айыл чарба өндүрүшү артта калган. Бул тармакты көтөрүү үчүн дагы көптөгөн аракеттер керек эле.

## 60. ЖАҢЫ ЭКОНОМИКАЛЫК САЯСАТТЫН ШАРТЫНДАГЫ ӨНӨР ЖАЙ

Совет бийлиги орногон мезгилде Кыргызстан өлкөнүн башка райондорунан агрардык-мал чарба региону катары айырмаланып турган. Индустриялаштыруу саясаты башталганда Кыргызстанда негизинен пахта тазалоочу, жеңил жана тамак-аш тармактары боюнча гана аз сандагы ишканалар иштеген.

1925-ж. апрелде Чехословакиянын коммунист жумушчуларынын демилгеси менен Бишкек шаарында *«Интергельпо»* («Өз ара жардам») интернационалдык кооперативдик шериктештиги түзүлгөн. Кыргызстандын өкмөтү ага Пишпек станциясынын жанынан 43 *га* жер бөлүп берген. Алар кыска мөөнөттө эле айына 4 миң терини иштетүүчү завод, сукно фабрикасын, кирпич, тактай заводдорун, электр станциясын, бир нече мастерскойлорду курушкан. 14 улуттун өкүлдөрүнөн турган бул коллектив республиканын өнөр жайынын өнүгүшүнө, жумушчу адистерди даярдоодо колдорунан келген жардамдарын берген.

Жаңы экономикалык саясат кустардык ишканаларга продукция өндүрүүгө жана аны сатууга эркиндик берген. Натыйжада кустардык өнөр жай өсө баштаган. Эгерде 1922–1923-жж. Кыргызстанда 1964 кустардык ишкана болсо, 1925–1926-жж. алардын саны 4525ке жеткен. Аларга жеңилдиктердин өтө көп берилиши, республикада мамлекеттик ишканалардын дээрлик жокко эсе болушу кустардык өнөр жайдын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзгөн. Жай болсо дагы аларды кооперативдештирүү иши жүргөн. 1925-ж. кустарлардын 11 процентин баш коштурган 30 өнөр жай артелдери пайда болгон. 1920–1924-жж. аралыгында майда өнөр жай ишканаларынын дүң продукциясы республика боюнча 41 процентке өскөн. 1925-ж. алар 1914-ж. чейин өндүргөн продукциянын 55 процентин өндүргөн.

Жалпысынан алганда, Кыргызстан агрардык өлкө бойдон кала берген. 1926-ж. республиканын эл чарбасынын дүң продукциясын да өнөр жайдын 2,3 процент гана үлүшү болгон. Демек, калган 97,7 процентин дыйканчылык менен мал чарбачылыгы өндүргөн. Жаңы социалисттик курулушка өтүү үчүн ири машиналык өнөр жайга өтүү зарыл болгон.

СССРдин өнөр жай өндүрүшү атайын каралбаса да ВКП(б)нын XIV съезди (1925-ж., декабрь) өлкөнү индуст-

риялаштыруу курсун аныктаган. Союздук пландарга ылайык Кыргызстанда да индустриялаштыруу иштери башталып, аны агрардык-индустриялык республикага айландыруу милдети коюлган. Өнөр жайынын өсүү темпи жалпы союздук деңгээлден жогору белгиленген. Республиканын техникалык-экономикалык жактан артта калышын жоюу, жергиликтүү улуттардан жумушчу кадрларды жана инженердик-техникалык интеллигенцияны даярдоо каралган.

Жалпы союздук пландын негизинде иштелип чыккан республиканын биринчи беш жылдык планын 1929-ж. 10-декабрында өткөн Кыргыз АССРинин экинчи сессиясы кабыл алган. Аны декабрда РСФСР Эл Комиссарлар Совети, 1930-ж. февралда СССР Эл Комиссарлар Совети бекиткен. Бул план жаңы экономикалык саясаттын принциптерине негизделип түзүлгөн.

Бирок мурда капитализмди басып өтпөгөн Кыргызстандын шартында индустриялаштырууну жүзөгө ашыруу өзгөчө оор болгон. Кыргыз калкынын көчмөн турмушта жашашы, феодалдык мамилелердин үстөмдүк кылышы, социалисттик укладдын начарлыгы, калктын туташ сабатсыздыгы, тап душмандарынын каршылыгы бул саясатты турмушка ашырууда залакасын тийгизген. Индустриялаштыруунун башталышында Кыргызстанда негизинен айыл чарбасынын продукцияларын иштетүүчү, т. а. пахта, тери иштетүүчү, жеңил жана тамак-аш өнөр жайы өнүккөн.

1926-ж. Кыргызстанда 20 мамлекеттик ишканалар иштеген. Мындан тышкары шаарларда жана айыл-кыштактарда көптөгөн майда жеке менчик ишканалары жана кустардык мекемелер болгон.

Совет өкмөтү 1926–1927-жж. Кыргызстандын өнөр жайы үчүн 3 млн рубль бөлүп, андан тышкары Мамлекеттик банк тарабынан көп жылга кредиттер берилген. Натыйжада 1926-ж. сок чыгаруучу завод, 1927-ж. тери заводу, «Интергельпонун» сукно фабрикасы, 1928-ж. Кара-Сууда пахта тазалоочу завод, Оштогу жибек заводу, Бишкекте типография, эки такттай заводу ишке киришкен. 1927–1928-жж. республикада 33 ишкана иштеген, алардын ичинде 14 ири завод, фабрикалар бар эле. 1930-ж. Түркстан-Сибирь жолунун бүтүшү Кыргызстандын экономикасынын өнүгүшүндө маанилүү роль ойногон. Ал Орто Азия менен Казакстанды Сибирь жана Урал менен байланыштырган.

Эмгекчилердин тынымсыз аракетинин жана Совет өкмөтүнүн жардамы менен 1928-ж. Кыргыз АССРинин эл чарбасынын бардык тармактары согушка чейинки деңгээлине өсүп жеткен. Өнөр жайынын өсүшү менен жумушчулардын катары көбөйгөн. 1926-ж. Бүткүл союздук эл каттоонун маалыматы боюнча Кыргызстанда 16,4 миң жумушчу болуп, алардын 4 миңин гана кыргыздар түзгөн. Кыргыз жумушчуларынын көпчүлүгү айыл-кыштактардагы майда кустардык ишканаларда эмгектенишкен. Кыргызстандагы жумушчулардын 61 проценти таш көмүр кендеринде иштеген. 1926-ж. өнөр жай ишканаларында 8,5 миң кызматкер иштеген, алардын 0,8 миңи кыргыздар болгон. Ушул жылы ишканаларда 50 гана инженерлер жана техниктер иштеген. Алардын саны 1927-ж. 240ка, 1928-ж. 508ге жеткен. Бирок Кыргызстанда адис жумушчулар, инженердик-техникалык кызматкерлер өтө жетишсиз болгон.

**1930-ж. баштап жаңы экономикалык саясаттын принциптери бузулуп, сталиндик административдик-буйрукчул система күчүнө кире баштайт.** Бюрократизм күчөп, субъективдүү пландарды таңуулоо, аны аткарууга мажбурлоо ыкмалары күчөгөн. Бул чарбалык эсептин жана акча-товар мамилелеринин өнүгүшүнө тоскоолдук кылган.

Көптөгөн кыйынчылыктарга карабастан биринчи беш жылдыкта Кыргызстанда 41 жаңы өнөр жай ишканасы ишке киргизилген. Алардын ичинде Бишкектеги металл иштетүүчү механикалык завод, эт комбинаты, Канттагы кант заводу, Кара-Суудагы механикалык-ремонт заводу, эки чоң тери заводдору, Фрунзеде ун комбинаты, күрүч тазалоочу завод ж. б. болгон. Мындан тышкары беш кирпич заводдору, Таласта черепица заводу иштей баштаган. Кара-Балтада жана Ново-Троицкийде кант заводдору курула баштап, Оштогу жибек заводу жаңыча жабдылган.

Биринчи беш жылдыкта Кыргызстанда 11 чоң жана кичине электрстанциялары иштей баштаган. Булар индустриялаштыруунун өнүгүшүнө өбөлгө болгон. 1932-ж. республикада 1,5 миң ишкана иштеп, алардын 106сы ири ишкана болгон. Биринчи беш жылдыкта өнөр жайдын дүң продукциясы 3,5 эсеге өскөн. Өнөр жайынын республиканын эл чарбасындагы үлүшү 23,5 процентке көтөрүлгөн.

1935-ж. январда Кыргыз АССРинин советтеринин IV съезди жалпы союздук планга ылайык эл чарбасын өнүктүрүүнүн экинчи беш жылдык планын кабыл алган. Бул план боюнча

республиканын өнөр жайына, өзгөчө көмүр казып алууга ири суммадагы капиталдык салымдар бөлүнгөн. Экинчи беш жылдыкта биринчи беш жылдыктан айырмаланып жаңы өнөр жай ишканаларын иштетүүгө, аларда жаңы технологияларды өздөштүрүүгө көңүл бурулган. 1935-ж. Таш-Көмүр кени ишке киришип, башка көмүр кендери реконструкцияланган жана жаңы механизмдер менен жабдылган. Республикада көмүр казып алуунун көлөмү өскөн. Нефть өндүрүү жолго коюлган. Жеңил жана тамак-аш өнөр жайында да жаңы жетишкендиктер камсыз болгон. Ошентип, биринчи жана экинчи беш жылдыкта Кыргызстандын өнөр жайы бир кыйла жогорулаган.

Кыргызстанда өнөр жайы боюнча үчүнчү (1938–1942-жж.) беш жылдыкта белгиленген пландар да негизинен аткарылган. Республикада 40 өнөр жай ишканалары ишке киргизилген. 1940-ж. өнөр жайы 1937-ж. салыщтырмалуу продукцияларды 1,5 эсеге көбүрөөк өндүргөн. Кыргызстандын эл чарбасынын дүң продукциясында өнөр жайынын үлүшү 50,3 процентти түзүп калган. Анын ичинен өзгөчө оор өнөр жайы, түстүү металл, машина куруу, курулуш материалдарын, электр энергиясын өндүрүү тармактары өнүккөн.

## 61. КОЛХОЗДОШТУРУУ ЖАНА КӨЧМӨНДӨРДҮ ОТУРУКТАШТЫРУУ

Жаңы экономикалык саясат 20-жж. көп жылдарга эсептелген саясий стратегия катары кабыл алынган эле. Өлкөнү индустриялаштыруу, айыл чарбасын кооперативдештирүү, элдин материалдык жана маданий деңгээлин көтөрүү пландары да жаңы экономикалык саясаттын принциптеринин негизинде жүргүзүлмөк.

Айыл чарбасын кооперативдештирүүдө мамлекет тарабынан күч колдонулбастан экономикалык ыкмалар аркылуу эволюциялык жол менен өнүктүрүлмөк. Дыйкандар кооперациянын артыкчылыктарын түшүнгөндө гана ага өз ыктыярлары менен бириге баштамак. Жаңы экономикалык саясаттын башталышындагы түзүлгөн кооперациялар бул саясаттын туура экендигин көрсөткөн. Бирок 20-жж. аягында жаңы экономикалык саясаттын алкагында калыптанып калган багыт түп-тамырынан бери өзгөрүүгө дуушар болгон. Өлкөнү индустриялаштыруу эң негизги жана башкы максат катары

жарыяланып, эл чарбасынын башка тармактары жалаң гана ошол максатты жүзөгө ашырууга өбөлгө болушу керек деп аныкталган. Индустриялаштырууну дыйкандарды тике жана кыйыр экспроприациялоо аркылуу ишке ашыруу багыты аныкталган. Ал үчүн дыйкандарга *азык-түлүк чагымы* кайрадан киргизиле баштаган. Эми дыйкандар өздөрүнүн артыкбаш эгинин эркин сата албай, аны да мамлекетке арзан баада тапшырууга милдеттендирилген. Каршылык кылгандары *кулак* деп жарыяланып сот жообуна тартылган, эгини конфискацияланган. Ушул мезгилде киши жалдап иштеткен өндүрүш ээлерин эзүүчү тап катары жоюу иши мурдагыдан да күч алган.

Эзүүчү таптарды жоюу менен бирге дыйкандарды да кыңк эттирбей баш ийдирүү үчүн аларды өндүрүш каражаттарынан ажыратып, менчиктин бардык формаларын мамлекеттин колуна өткөрүү саясаты башталат.

Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн И. Сталин 1929-ж. жайында айыл чарбасын «туташ коллективдештирүүнүн» ураанын жарыялаган. Ошентип, айыл-кыштактарды социалисттик укладга өткөрүү үчүн «Улуу бурулуш» башталган. 1930-ж. 5-январда ВКП(б) Борбордук Комитети *«Коллективдештирүүнүн темпи жана колхоз курулушуна мамлекеттик жардам көрсөтүүнүн чаралары жөнүндө»* токтом кабыл алган. Анда коллективдештирүүнүн мөөнөтү бекитилген.

Коллективдештирүү толук бойдон сталиндик административдик-буйрукчул системасынын жетекчилиги менен жүргүзүлгөн. Республиканын жергиликтүү партиялык жана советтик органдары бул саясатты тезирээк аткаруу үчүн атаандашууга өтүшүп, коллективдештирүүнү мөөнөтүнөн мурда аткарууга аракеттенишкен. 1930-ж. январь–февраль айларында коллективдештирүү өтө тез темп менен жүргүзүлгөн. Натыйжада 1929-ж. дыйкандардын 6,6 проценти гана колхоздорго кирген болсо, 1930-ж. мартында бул көрсөткүч 37,2 процентке жеткен.

Кыргыз айыл-кыштактарында социалисттик курулуштун жүрүшүндө көптөгөн катачылыктар, аша чабуулар орун алган. Дыйкандарды коллективдүү чарбага тартууда ыктыярдуулук принциби бүт бойдон бузулган. Колхозго киргиси келбеген дыйкандар кулакка тартылган, шайлоо укугунан ажыратылган.

Коллективдештирүүдө анын төмөнкү формаларын, адегенде ТОЗдорду түзүү андан акырындык менен колхоздорго өтүү

принциби да бузулуп, дыйкандар зордук менен колхоздорго киргизилген. Кыргызстандын дыйкан, малчылары колхозго биригүүгө даяр эместиги эске алынган эмес.

Коллективдештирүүнүн жүрүшүндөгү зордук-зомбулуктун күчөшү айыл чарбасын, өзгөчө мал чарбасын бүлгүнгө учураткан. Колхозго малын бергиси келбегендер аны союп же сатып жок кыла баштаган. Натыйжада 1930-ж. ири мүйүздүү малдын саны 24,4 процентке, жылкы – 18,5, кой-эчки – 15,5 процентке азайган. Эгинди конфискациялоонун натыйжасында жазында үрөндүк эгин калбай калган.

1930-ж. мартында И. Сталин «Ийгиликтен баш айлануу» деген макаласында коллективдештирүүнүн жүрүшүндөгү аша чабууларды сынга алган. Бирок коллективдештирүүнүн принциптерин кайрадан карап чыгуу маселеси коюлган эмес. Кийинки жылдарда деле бул иште көптөгөн катачылыктар кетирилген. 1931-ж. ВКП(б)нын Кыргыз обкомунун чечими боюнча Аламүдүн, Балыкчы, Каракол, Кара-Балта, Киров, Сталин, Чүй райондорунда туташ коллективдештирүү жүргүзүлгөн. Ошентип, дыйкандардын негизги массасы колхоз курулушуна өттү деген жыйынтык чыгарылган. Коллективдештирүү саясатынын жүрүшүндөгү кетирилген катачылыктар 1932–1933-жж. дагы кайталанган. 1932-ж. Кыргызстанда 1522 колхоз түзүлүп, 53 гана ТОЗ уюштурулган. Чындыгында көчмөн чарбалар үчүн кооперациянын ушул экинчи жөнөкөй түрү – ТОЗдор ылайыктуу болгон.

1937-ж. баштап ТОЗдор айыл чарба артелдеринин уставына өткөрүлгөн. Ушул жылы дыйкан чарбалардын 89,1 проценти колхоздорго бириккен. Айдоо аянттарынын 97 проценти колхоз-совхоздорго тиешелүү болуп калган. Аларды 53 МТС 4 миңдей тракторлору, 500дөй комбайндары менен тейлеген. 1940-ж. дыйкан чарбаларынын 98,9 проценти айыл-чарба артелине – колхоздорго кирген. Колхоздор ирилештирилип, бир колхозго 106 кожолук туура келген.

Ошентип, үчүнчү беш жылдыктын Улуу Ата Мекендик согушка чейинки жылдарында Кыргызстанда айыл чарбасын коллективдештирүү процесси аяктаган.

Кыргызстанда айыл чарбасын коллективдештирүү иши **көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу менен** кошо бир мезгилде жүргүзүлгөн. Калкты отурукташтыруу Совет бийлигинин алгачкы жылдарында жүргүзүлгөн жер-суу реформаларынын жүрүшүндө эле башталган. 20-жж. аягында 42 миң чарба отурукташкан. Бирок 30-жж. башын-

да Кыргызстанда дагы 85 миң чарба көчмөн абалда калган. Коллективдештирүүнү ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн аларды отурукташтыруу зарыл эле.

Көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтыруу ишине жетекчилик кылуу үчүн Кыргыз АССРинин ЭКСнин алдында отурукташтыруу боюнча комитет, дыйканчылык эл комиссариатында отурукташтыруу сектору, райондук комитеттер түзүлгөн.

1931-ж. февралдагы партиянын Кыргыз обкомунун II Пленуму 1931-ж. – 10 миң, 1932-ж. – 30 миң, 1933-ж. – 22 миң, 1934-ж. – 23 миң чарбаны отурукташтырууну пландаган. Көчмөн турмушка кылымдардан бери көнгөн кыргыздарды отурукташтыруу өтө татаал иш эле. Отурукташтырууну жүзөгө ашыруу үчүн союздук, Россиялык бюжеттен көп жылга эсептелген ссудалар берилген. Райондорго көп сандагы курулуш материалдары, үй чарбасына керектүү буюмдар, эмеректер келип түшө баштаган.

1931-ж. отурукташтыруу төрт райондо жүргүзүлгөн. 1932-ж. болсо республиканын 12 райондорунда көчмөндөрдү массалык түрдө отурукташтыруу башталган. Жер-жерлерде турак жай, мектептер, ооруканалар, китепканалар, мал үчүн короо-сарайлар курула баштаган. Ушул эле жылы Кыргыз өкмөтүнүн чечими менен отурукташууга өтүп жаткан чарбаларга жеңилдиктер берилген. 1933-ж. 43,4 миң чарба отурукташууга өтүп, 148 айыл-кыштак уюшулган. Отурукташкандар үчүн 2,5 млн гектар айдоо, чөп жана жайыт аянттары бөлүнүп берилген. 4 жылда отурукташтырууга 34 млн сом жумшалган. Көчмөндөрдү отурукташтыруу иши 1937-ж. чейин өтө активдүү жүргүзүлгөн. 1931–1937-жж. аралыгында 78 миң көчмөн жана жарым көчмөн чарба отурукташып, алар 842 колхозго биригишкен. Калган көчмөн чарбаларды отурукташтыруу 1941-ж. чейин жүргүзүлгөн. 1931–1941-жж. аралыгында Кыргызстанда 98 миң көчмөн жана жарым көчмөн чарбалар отурукташтырылып, 300 жаңы кыштактар пайда болгон. Аларды социалдык-экономикалык жактан көтөрүү үчүн 307 млн сом жумшалган. Ал эми 20 жылдын (1918–1937-жж.) ичинде бардыгы болуп 600 миң адамды камтыган 142 миң чарба отурукташкан. Отурукташкан калк үй-жай менен негизинен камсыз болгон.

Кыргыз элинин отурукташкан турмушка толук өтүшү, албетте, прогрессивдүү көрүнүш эле. Мунун натыйжасында Кыргызстанда туруктуу айыл-кыштактар, чарбалык борбор-

лор пайда болгон. Аларда түрдүү агартуу мекемелери, мектептер, турмуш-тиричилик ишканалары курулган. Феодалдык-патриархалдык аң-сезим жаңы коомдук идеология менен алмаша баштаган.

## 62. УЛУТ МАСЕЛЕСИН ЧЕЧҮҮДӨГҮ АЛГАЧКЫ КАДАМДАР

Большевиктер партиясы бийликке келгенге чейин эле социалдык жана улуттук эзүүнү жоюуну өздөрүнүн негизги максаты экендигин жарыялап келишкен. 1917-ж. 2-ноябрда Совет өкмөтү *«Россия элдеринин укуктарынын декларациясын»* жарыялап өзүнүн улут саясатынын негиздерин билдирген.

Октябрь революциясына чейин падышачылыктын колониялык саясаты, аймактык бытырандылык, феодалдык-патриархалдык мамилелердин үстөмдүгү Орто Азия элдеринин улуттук байланыштарын түзүүгө жана чындоого тоскоол болгон. Совет өкмөтү Орто Азияда өздөрүнүн таасирин бекемдөө үчүн 1917-ж. 22-ноябрында *«Россиянын жана Чыгыштын бардык мусулман эмгекчилерине»* деген үндөөсүн басып чыгып, анда Россиянын мусулман калкынын толук эркиндиги жана ар тараптан тең укуктуулугу жарыяланган.

Бирок Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде Түркстандын элдери менен Совет мамлекетинин ортосунда өз ара ишенбестик орун алган. Буга жергиликтүү элдин айрым өкүлдөрүнүн улутчул көз караштa болгону, орус улутундагы кээ бир большевиктик лидерлердин шовинизм маанайында иш жүргүзгөндүгү негиз болгон.

Алсак, 1917-ж. 15–22-ноябрда Түркстандагы Советтердин III съездинде башкаруунун жогорку органы – Түркстан Эл комиссарлар Совети (ЭКС) түзүлүп, анда 15 эл комиссарлары бекитилген. ЭКСтин төрагалыгына большевик Ф. И. Колесов шайланган. Ал өкмөттүн курамына жергиликтүү улуттардын бир дагы өкүлү кирген эмес. Бул аймактагы мусулмандар съездинин Түркстан крайында көп партиялык негизде коалициялык өкмөт түзүү жөнүндөгү сунушу четке кагылган. Алар буржуазиялык улутчулдар катары айыпталган.

Мына ушундан кийин Мустафа Чокаев башында турган «Шу-ро-и-Ислам» партиясынын аймактык комитетинин де-

милгеси менен 1917-ж. 26–29-ноябрда Кокон шаарында мусулмандардын атайын чакырылган IV съезди болуп өткөн. Ал съездде Россиянын курамындагы *«Кокон автономиясы»* жарыяланып, М. Чокаев жана М. Тынышпаев башында турган өкмөт шайланган. Ал өкмөткө жергиликтүү улуттун өкүлдөрү менен катар орустар, борбордук Россиядан чыккан башка улуттардын өкүлдөрү да кирген. Булар мурдагы Кокон хандыгынын чегинде буржуазиялык-демократиялык республика формасындагы улуттук мамлекетти түзүүнү көздөшкөн.

Ошентип, Түркстанда кош бийлик түзүлөт. Анын бири Ташкенттеги большевиктер партиясы тарабынан түзүлгөн Совет өкмөтү болсо, экинчи бийлик «Шуро-и-Ислам», «Алаш» жана башка партиялардын, ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү түзгөн «Кокон автономиясынын» өкмөтү эле. Кокон өкмөтү Совет бийлигине каршы үгүт иштерин жүргүзүп, аларды колдогондор да арбын болгон. Анын куралдуу күчтөрү түзүлүп, ага полковник Чанышев командачылык кылган.

Түркстанда «Кокон автономиясынын» уламдан-улам чыңдалып баратышы Ташкенттеги большевиктик өкмөттү чочулаткан. 1918-ж. 19–26-январдагы Советтердин Крайлык IV съезди «Кокон автономиясынын» өкмөтүн мыйзамсыз, контрреволюциячыл өкмөт деп жарыялап, анын жетекчилерин камакка алуу жөнүндө чечим кабыл алган.

1918-ж. 19–22-февралда Кызыл Армиянын бөлүктөрү Коконго басып кирип, айыгышкан салгылашуу менен «Кокон автономиясынын» куралдуу күчтөрүн талкалаган, өкмөт жок кылынган. «Кокон автономиясынын» аман калган өкүлдөрү тоо тарапка качып кеткен. Кыргызстанга качкандары граждандык согуштун жылдарында Совет бийлигине каршы күрөшкөн.

Ошентип, Түркстандагы жергиликтүү калктын интеллигенциясынын улуттук жана мамлекеттик көз каранды эместикке жетүүдө болгон аракети күч менен жок кылынган. Жергиликтүү калктын бир бөлүгү большевиктердин, «Кокон автономиясына» карата жасаган ишин наразылык менен кабыл алган.

1918-ж. Советтердин бүткүл Россиялык III съездинде *«Эмгекчи жана эзилген элдердин укуктарынын декларациясы»* кабыл алынып, анда социалисттик көп улуттуу мамлекеттин негизи катары федерациялык түзүлүштүн планы жарыяланган. Бул чечимдин негизинде Орто Азия элдери 1918-ж.

**Түркстан Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасына** биригишкен. Ушул жылы майда Түркстан автономия укугунда Россиянын курамына кирген. Мында Совет бийлигин чыңдоодо Совет өкмөтү тарабынан 1919-ж. 8-октябрда түзүлгөн Түркстан иштери боюнча комиссиясы (Түрккомиссия) чоң роль ойногон. Бул комиссияны Ш. З. Элиава жетектеп, анын курамына М. В. Фрунзе, В. В. Куйбышев, Я. Э. Рудзутак. Г. И. Бокий, Ф. Н. Голощекин кирген. Аларга аймактагы партиялык жана советтик органдардагы жетекчилердин катачылыктарын ондоо, бийлик органдарын тартипке келтирүү, өзгөчө улуттук маселеге аяр мамиле жасоо, жергиликтүү калктын Совет бийлигине болгон ишенимин бекемдөө милдети жүктөлгөн.

Комиссия Түркстанда жергиликтүү элге карата шовинисттик мамиле жасаган советтик, партиялык кадрларды иштен алып, бийлик структураларын таркаткан. Башкаруу органдарына жергиликтүү калктын өкүлдөрүн кеңири тарткан. Дыйкандарды, өзгөчө жергиликтүү калкты талап-тоногон кызыл аскерлер үчүн атуу жазасы киргизилген. Комиссия ислам укугунун нормаларын, мечиттердин иштерин калыбына келтирген. Натыйжада жергиликтүү калктын большевиктерге ишеними артып, алардан Кызыл Армияга ыктыярдуу өткөндөрдүн саны көбөйгөн. Большевиктердин улут саясатындагы иш-аракеттеринин жергиликтүү калк тарабынан колдоого алынышы Кыргызстандагы контрреволюциячыл күчтөрдү талкалоодо, Совет бийлигин чыңдоодо чечүүчү роль ойногон.

Кыргызстандын аймагында Совет бийлиги орногондон кийин 1916-ж. көтөрүлүшкө катышкан кыргыздарды жазалоо, куугунтуктоо токтогон. Аракеттердин натыйжасында улуттардын арасындагы ишенбестик, кастык көз караштар акырындык менен жоюла, өз ара жардамдашуу, достук мамилелери калыптана баштаган. 1918-ж. 5-июлда Жети-Суу областынын аткаруу комитетинин алдында улут иштери боюнча областтык комиссариат түзүлүп, анын алдында орус-кыргыз мамилелерин иретке келтирүү боюнча атайын комитет уюштурулган. Бул комитет кыргыз жана орус калктарынын арасында кеңири үгүт-насаат иштерин жүргүзгөн.

Совет бийлиги өлкөдөгү татаал кырдаалга карабастан ачарчылыкка учураган калкка жардам көрсөтүү ишине өзгөчө көңүл бурган. Ачарчылыкка учурагандарга жардам берүү үчүн комитеттер түзүлгөн. 1918-ж. 29-октябрда Жети-Суу областтык аткаруу комитети, Токмоктогу азык-түлүк комитетине

ачарчылыкка учураган кыргыздарга тамактануу пункутун ачуу үчүн 100 миң сом акча бөлгөн. Тамак берүү пункттары Кыргызстандын бардык шаарларында, айрым айыл-кыштактарда да уюштурулган.

Совет өкмөтүнүн качкын кыргыздарга карата мамилесин өзгөчө ыраазычылык менен белгилесек болот. Качкын кыргыздардын кырылгандан калганынын көбү мекенине 1917-ж. эле, февраль революциясынан кийин кайтканын билебиз. Бирок бийликке келген Убактылуу өкмөттүн аларга карата жасаган шовинисттик саясатынын натыйжасында аларды жазалоо, куугунтуктоо күчөгөн. Натыйжада өтө алсыраган кыргыздар жаңы кыргынга дуушар болгон эле.

Совет бийлиги качкын кыргыздардын калгандарын мекенине көчүрүп келүүгө, жардам берүү үчүн Батыш Кытайга атайын комиссия жөнөткөн. Бул комиссия Түркстан Борбордук Аткаруу Комитетинин 1920-ж. 2-февралдагы чечими менен түзүлгөн. Комиссияга качкын кыргыздарды мекенине кайтаруу, жерлерин кайтарып берүү, аларга зомбулук көрсөтүүнү токтотуу, кулдукка сатылып кеткендерин куткаруу, материалдык жардам берүү жана орустар менен кыргыздардын касташуусун токтотуу милдеттери жүктөлгөн.

Падыша бийлиги кулап, Совет бийлиги орногондон кийин 1916-ж. Кытайга Жети-Суу областынан качкан 332 миң кыргыз-казактын 300 миндейи Ата Мекенине кайтып келишкен. Совет бийлигинин жардамы менен кайтып келген кыргыздарга жумшоо үчүн өкмөттүн эсебинен 100 млн сом бөлүнгөн. Мунун эсебинен качкын кыргыздарга акысыз мал, айыл чарба шаймандары, боз үйлөр, курулуш материалдары берилген. Мекенине келген кыргыздарга 1920-ж. эле 46 миң теше айдоо жери, 80 миң теше жайыт таратылган. Алар беш жылдык мөөнөткө мамлекеттик салыктан бошотулган.

## 63. ТООЛУУ КЫРГЫЗ ОБЛАСТЫН ТҮЗҮҮ АРАКЕТИ

Түркстан АССРинин курамында турган кыргыздар бул республиканын Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана жана Самарканд областтарынын курамында болуп, дагы эле бытыранды бойдон кала берген. Бул областтарда кыргыздар башка улуттарга караганда азчылыкты түзүп, көпчүлүк убакта алардын кызыкчылыктары этибарга алынбай калган. Кыргыздардын ассимиляцияга кириптер болуу коркунучу туулган.

Ушуга байланыштуу 1921-ж. Алматыда болгон кеңешмеде биринчи жолу Түркстан АССРинин курамында **Тоолуу Кыргыз областын** түзүү маселеси көтөрүлгөн. Бирок анда бул маселе чечилбей, Казак АССРине Жети-Суу жана Сыр-Дарыя областтары берилмек болот. Бул чечим кыргыздардын саясий абалын бир кыйла оордоткон. Анткени кыргыздар мурда бир автономиялуу республиканын курамына кирсе эми эки автономиялуу республикага бөлүнүп калмак. Буга макул болбогон кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү Ю. Абдрахманов, И. Арабаев, А. Сыдыков 1922-ж. мартта кыргыз уезддерин бөлүп, өз алдынча Тоолуу Кыргыз областын түзүү сунушун кайрадан көтөрүшкөн. 1922-ж. 25-мартта Түркстан компартиясынын Борбордук Комитетинин секретариаты Түркстан Республикасынын курамындагы *Тоолуу Кыргыз областын* түзүү жөнүндө чечим чыгарган. 26-мартта болсо ТүркБАКтын кичи Президиуму курамында Пишпек, Каракол, Нарын уезддери жана Олуя-Ата уездинин тоолуу бөлүгү кирген, борбору Кочкор кыштагында жайгашкан Тоолуу Кыргыз областын түзүү жөнүндө чечим кабыл алган. Башкача айтканда, бул областка Кыргызстандын түндүгү гана кирип, Түштүк Кыргызстандагы кыргыздардын тагдыры убактылуу ачык калтырылган. Ошондой болсо дагы кыргыз элинин алдында кыргыздар жашаган аймактын бир бөлүгүндө бирдиктүү, өз алдынча улуттук автономиялуу мамлекеттүүлүгүн түзүү үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөр ачылат.

Бирок Тоолуу Кыргыз областын түзүү үчүн аракеттердин башында эле уруулук, улуттук мүнөздөгү эки топтун ортосунда талаш-тартыш башталган. А. Сыдыков башында турган топ Тоолуу Кыргыз областын түзүү үчүн активдүү күрөшкөн. Ал эми Р. Кудайкулов жетектеген топ буга каршы иш жүргүзгөн. Аны Ташкенттеги жана Алматыдагы казак улутундагы жетекчилер колдоп чыгышкан.

Партиянын Жети-Суу обкому 1922-ж. 4-июнда Пишпекте уюштуруу съездин чакырып, ага 425 делегат катышкан. Бирок съезд өз ишин баштай электе эле Түркстандык жана Жети-Суулук бийликтердин макулдугу, Сталиндин түздөнтүз көрсөтмөсү менен таркатылган. 1922-ж. декабрда РКП(б) Борбордук Комитети Тоолуу Кыргыз областын түзүү боюнча мурун кабыл алынган бардык документтерди мыйзамсыз деп жарыялап, съездди чакыруунун демилгечилерин буржуази-

ялык улутчулдар, контрреволюционерлер деп күнөөлөгөн. Ошентип, кыргыз элинин чектелген улуттук мамлекеттик бирикме түзүү жөнүндөгү алгачкы аракети ишке ашпай калган.

## 64. ОРТО АЗИЯНЫ УЛУТТУК МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТӨРГӨ БӨЛҮҮ. КАРА КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛАСТЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

Орто Азияда контрреволюциячыл күчтөр, өзгөчө басмачылардын кыймылы басылгандан кийин гана бул региондо жашаган элдерди улуттук-мамлекеттерге бөлүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

Буга чейин Түркстан Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасында өзбек, түркмөн, кыргыз бөлүмдөрү иштешип, улуттук мамлекеттүүлүктөрдү түзүү үчүн анда жашаган элдердин этнографиялык курамын, экономикалык жана географиялык чектерин такташкан. Түркстандын улут иштери боюнча областтык, уезддик бөлүмдөрүндө бул аймакта жашаган элдердин өкүлдөрү иштешкен. 1922-ж. 30-декабрда Советтердин Бүткүл Россиялык I съезди РСФСР, Украина, Белоруссия жана Закавказье федерациясын бириктирип, **Советтик Социалисттяк Республикалар Союзун** (СССР) жарыялаган. Ошентип улуттук республикалардын кызматташтыгынын жаңы формасы пайда болгон.

РСФСРдин Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитети 1924-ж. 14-октябрда Бухара, Хива республикаларынын, Түркстан АССРнин элдеринин эркине ылайык *«Орто Азия элдерин улуттук мамлекеттерге бөлүү жөнүндө»* токтом кабыл алган. Ошентип, революцияга чейин эле бытырап бөлүнгөн кыргыз, өзбек, тажик, түркмөн, казак жана каракалпак жерлери кайрадан бириктирилген.

Натыйжада Түркмөн ССРи, Өзбек ССРи, Тажик Автономиялуу областы, РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз Автономиялуу областы, Казак АССРинин курамында Кара-Калпак автономиялуу областы түзүлгөн. Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын РСФСРдин курамына өтүшү жөнүндөгү маселе зор кыйынчылык менен чечилген. Анткени Р. Кудайкулов башында турган топ Кыргызстанды Казак ССРинин кырамына киргизүү үчүн күрөшкөн. Жаңыдан түзүлгөн республикалар менен областтардын чектерин тактоо менен

катар эле, аларга мурда Түркстан АССРине, Бухара, Хорезм республикаларына караган капиталдык байлыктар – фабрика, завод, айдоо аянттары, мал ж. б. байлыктар бөлүштүрүлүп берилген. Мамлекеттүүлүктөргө бөлүнүү менен Орто Азия элдеринин өз тагдырын өзү чечүү укугу кандайдыр бир деңгээлде чечилген.

Кара-Кыргыз Автономиялуу областына мурдагы Түркстан АССРинен Жети-Суу областынын Каракол, Нарын, Бишкек уезддери дээрлик бүт бойдон, Ош уезди, Анжиян уездинин 10 болуштугу, Наманган уездинен 10 болуштук, Фергана областынын Кокон уездинен 2 болуштук, Сыр-Дарыя областынын Олуя-Ата уездинен (Талас участогу) 14 болуштук кирген.

Областтык статистика бюросунун маалыматы боюнча областтын калкы 828,3 миң адамды түзгөн. Анын 63,5 проценти кыргыздар, 15,4 проценти өзбектер, 16,8 проценти орустар болгон. Бөлөк улуттар 4,3 процентти түзгөн. Автономиялуу областтын территориясы болжол менен 200 миң чарчы километрге жетип, областта 6 шаар, 321 айыл-кыштак жана 5 хутор болгон. *Ошентип, кылымдар бою чачыранды болуп бөлүнүп келген кыргыз эли автономия формасында болсо да, бирдиктүү улуттук мамлекетке бириктирилген.* Бул кыргыз элинин тарыхындагы өзгөчө маанилүү окуя эле.

Кара-Кыргыз Автономиялуу областы түзүлгөндөн кийин Кыргызстанда партиялык жана советтик бийлик органдары уюштурулган. 1924-ж. 18-октябрда РКП(б) БКнын Саясий бюросу Кара-Кыргыз автономиялуу областынын Убактылуу партиялык бюросунун жана революциялык комитетинин курамын бекиткен. РКП(б) Кыргыз обкомунун партиялык бюросунун 1-секретарлыгына **Михаил Каменский**, 2-секретары болуп **Юсуп Абдрахманов** дайындалган. Областын ревкомунун төрагалыгына **Иманалы Айдарбеков** бекиген.

1925-ж. 15-январда областтык ревкомдун кеңешмесинде Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын түзүлгөндүгү жөнүндө Декларация кабыл алынып, Кыргызстандын мамлекеттүүлүгү салтанаттуу түрдө жарыяланган. Декларация жарыяланган 16-январь майрам күнү катары белгиленген.

1925-ж. 27–30-мартта Пишпекте автономиялуу областтын уюштуруу съезди өткөн. Советтердин Уюштуруу съезди Кыргыз автономиясынын аткаруучу органы – Советтердин областтык аткаруу комитетин шайлаган, ага 51 адам кирген. 1925-ж. 31-мартта областтык аткаруу комитетинин би-

ринчи пленумунда такай иштөөчү, 11 адамдан турган облаткомдун Президиуму шайланган. Анын төрагалыгына мурдагы батрак, кийин жумушчу болуп иштеген, Совет бийлиги үчүн активдүү күрөшкөн **Абдыкадыр Орозбеков** шайланган.

Жыйынтыктап айтканда, Советтердин уюштуруу съезди Кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу жолунда маанилүү роль ойногон.

## 65. КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ РЕСПУБЛИКАСЫ. КЫРГЫЗ ССРин ЖАРЫЯЛОО

Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын уюштуруу съездинде эле (1925-ж. марты) ага катышкан делегаттар союздук өкмөткө Кара-Кыргыз Автономиялуу областын Кыргыз автономиялуу областы деп кайра атоо сунушу менен кайрылган. Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин 1925-ж. 25-майдагы чечими менен област Кыргыз Автономиялуу областы болуп аталган.

Ушул эле уюштуруу съездинде делегаттар автономиялуу областты Кыргыз Автономиялуу Республикасына айландыруу өтүнүчү менен да кайрылышкан болчу.

Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитети 1926-ж. 1-февралда Кыргыз областынын территориясынын кеңдигин, чет мамлекет менен чектешкенин, экономикасынын, маданиятынын жана тилинин маанисин эске алып, Кыргыз автономия областын Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикага айлантуу жөнүндө чечим кабыл алган. Ошентип Кыргызстан РСФСРдин курамында өзүнүн мамлекеттүүлүгүнүн жаңы этабын баштаган. Бул окуя 1927-ж. 7–12-мартта өткөн Кыргыз АССРинин Советтеринин I съездинде мыйзамдаштырылган.

Кыргыз АССРинин түзүлүшү республикада жана анын чет жакаларында өзгөчө бааланган. Съезддин делегаттарынын алдында Борбордон келген партиялык жана советтик кызматкерлер сөз сүйлөшүп, СССРдин туш тарабынан куттуктоо телеграммалары келген.

Съезд Кыргыз АССРинин түзүлгөндүгүн официалдуу түрдө жарыялаган. Бул жөнүндөгү Декларацияда Кыргыз элинин өз тагдырын өзү чечүү укугу аныкталып, Кыргызстанда жашаган элдердин өз ара ынтымакташтыгынын негизги

принциптери жарыяланган. Мындан тышкары Декларацияда Кыргызстандын өкмөтүнүн айыл чарбасын, өнөр жайын, калктын саясий жана маданий деңгээлин көтөрүү боюнча практикалык ишмердиги аныкталган.

1927-ж. 12-мартында Кыргыз АССРинин БАКтын Президиумуна 17 адам шайланган. Президиумдун төрагалыгына Абдыкадыр Орозбеков шайланат. Сессияда Кыргызстандын өкмөтү – Эл Комиссарлар Советин түзүп, Юсуп Абдрахманов анын төрагасы болуп дайындалган. Эл Комиссарлар Советине жер, финансы, эл агартуу, эмгек, жумушчу-дыйкан инспекциясы боюнча эл комиссарлары кирген. Республикада мамлекеттик саясий жана статистика башкармалыктары түзүлгөн.

Кыргыз АССРи түзүлгөндөн кийин республикада анын Конституциясын иштеп чыгуу боюнча чоң иш чаралар жүргүзүлгөн. Жергиликтүү Советтерге кезектеги шайлоолор өткөндөн кийин 1929-ж. 25–30-апрелде Кыргыз АССРинин Советтеринин II съезди болуп өткөн. Ага 220 делегат катышып, республиканын өкмөтүнүн отчетун уккандан кийин Кыргыз АССРинин Конституциясын кеңири талкуулаган жана кабыл алган. Бул Конституция 7 бөлүмдөн, 16 главадан жана 97 статьядан турган.

Конституция республиканын жаңы мамлекеттик жана коомдук түзүлүшүн бекиткен. Ошентип, Кыргыз АССРи мамлекеттик бардык саясий укуктарына ээ болгон. Кыргызстанда жашаган бардык элдердин тек укуктуулугу жарыяланып, алар өз тилинде билим алуу укугуна ээ болушкан. *Кыргыз АССРинде мамлекеттик тил катары кыргыз жана орус тилдери эсептелген. Мамлекеттик кызматкерлер бул эки тилди тең билүүлөрү милдеттүү болгон.* Натыйжада кыргыз тилинин ролу жогорулап, анын өсүшү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

Совет бийлигинин учурундагы социалдык- экономикалык өзгөрүүлөр СССРдин, союздук жана автономиялуу республикаларынын Конституцияларында чагылдырылышы керек эле. СССРдин 1924-ж. кабыл алынган биринчи Конституциясы, ошондой эле Кыргыз АССРинин 1929-ж. Конституциясы эскирип, тарыхый жаңы мезгилге туура келбей калган.

Өлкөдөгү көптөгөн даярдыктардан кийин 1936-ж. 5-декабрда СССРдин Советтеринин VIII өзгөчө съездинде өлкөнүн экинчи Конституциясы кабыл алынган. Ушул күндөн тарта Кыргыз АССРи Кыргыз ССРине айланып, СССРдин курамы-

на тең укуктуу союздук республика катары кирген. Бул окуя кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн тарыхындагы чоң жетишкендик болгон. Кыргыз элинин эгемендүү эркинин бул жемиши республиканын буга чейинки тарыхый өнүгүүсү менен шартталган. Анткени Кыргызстандын өкмөтү Кыргызстанга союздук статус берүү жөнүндө СССРдин өкмөтүнө такай кайрылып келген. Кыргыз ССРинин түзүлүшү үчүн Кыргыз АССР БАКтын председатели А. Орозбеков, Кыргыз АССР ЭКСтин председатели Ю. Абдрахманов, Б. Исакеев ж. б. чоң эмгек сиңиришкен.

## 66. ТОТАЛИТАРДЫК РЕЖИМДИН КҮЧӨШҮ. МАССАЛЫК ЖАЗАЛООЛОР

СССРде тоталитардык системанын өнүгүшүнө объективдүү жана субъективдүү мүнөздөгү көптөгөн факторлор себеп болгон. Россияда көп кылымдар бою падышачылык бийликтин үстөмдүк кылышы, демократиялык башкаруу салтынын жоктугу бул системанын калыптанышын шарттаган.

Россиянын экономикасы көп укладдуу болгондуктан, коомдогу социалдык катмарлар да ар түрдүү болгон. Ошого байланыштуу өлкөнүн ичинде тап күрөшү «Ким кимди?» деген эреже боюнча күч алган. Бул күрөш граждандык согушка өсүп чыккан.

В. И. Ленин башында турган большевиктер партиясы Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле өзүнүн душмандарын азайтуу, бийлигин чыңдоо максатында бир партиялуу системаны тандап алган. Натыйжада большевиктерден башка партиялардын баары мыйзамсыз делип жарыяланып, алардын ишмердиктерине түрдүү себептер менен тыюу салынган.

Бир партиялуу системанын шартында оппозициянын жоктугунан улам бийлик органдарында коррупция жана бюрократизм күч алган. Контролдун жетишсиздигинен айрым партиялык-мамлекеттик кызматкерлер бийлигин кыянаттык менен пайдаланууга өтүшкөн.

Жаңы экономикалык саясат кийинки мезгилде олку-солку иштей баштаган. Саясатта болсо коомдогу көп кырдуу социалдык кызыкчылыктар менен большевиктердин тоталитардык бийлигинин ортосунда карама-каршылык күчөгөн. Натыйжада партиянын ичинде фракциялык күрөш күч алып,

Сталин, Троцкий, Зиновьев ж. б. ортосунда бийлик үчүн күрөш күчөгөн.

Сырттан келүүчү капиталдын токтошу, жаңы экономикалык саясаттын алсырай башташы, өлкөнүн экономикасынын бардык тармактарынын өнүгүшүн начарлаткан. Экономиканы канткенде көтөрүүгө болот деген маселенин тегерегинде партиянын ичинде күрөш ого бетер күчөгөн. Натыйжада башкаруунун административдик-буйрукчул, репрессиялык ыкмалары күчөйт. Бул жаңы экономикалык саясаттын өнүгүшүнө тоскоолдук кылган. *Большевиктер экономикалык кризистен чыгуу үчүн рынок экономикасына негизделген жаңы экономикалык саясатты токтотуп, пландуу экономикага өтүүнү биротоло тандаган.* Коомдун өнүгүшү жалпы пландоого өтүп, биринчи беш жылдык (1928–1932-жж.) план иштелип чыккан. Экономикалык кризистин, финансылык кыйынчылыктардын шартында өлкөнү индустриялаштыруу чарбалык жетекчиликтин административдик ыкмаларга өтүшүн тездеткен.

Өлкөнү индустриялаштыруу саясатынын жүрүшүндө күчөгөн талаш-тартыштардын жүрүшүндө сталиндик-бухариндик блок «солчул оппозиция» деп аталган троцкийлик-зиновьевдик топту жеңип чыгат. Ушундан кийин партияны «троцкийчилерден» тазалоо боюнча кеңири компания башталган.

Беш жылдык планды түзүү жана айыл чарбасын коллективдештирүү боюнча жүргөн идеялык күрөштө «оңчул оппозиция» деп аталган Бухариндин блогу талкаланып, алар куугунтукка алынат. Буга чейин Совет өкмөтү кулактарды чектөө саясатын жүргүзүп келген. 1929-ж. 27-декабрда Сталин *«Кулактарды тап катары жоюу»* ураанын жарыялаган. Ушундан кийин өлкөдө дыйкандардын бир бөлүгүнө карата массалык репрессия башталган.

Директивалык документтерге ылайык туташ коллективдештирүү жүргүзүлгөн райондордо кулакка тартуулар 3–5 проценттен ашпашы керек эле. Чындыгында көчмөн кыргыздар жашаган райондордо мынча сандагы кулактар болгон эмес. Салык эсеби боюна 1928–1929-жж. 3406 гана кулак чарбасы болгон. Алардын көбү кийинки жылдары жакырданып калган эле. Бирок берилген тап социалисттик чарба жүргүзүүдөгү кыйынчылыктарга «бүлдүрүүчүлөр», «эл душмандары» күнөөлүү деген шылтоо пайда болуп, элдин көңүлүн ошол жакка буруу саясаты башталган. Бул саясат өлкөдөгү

бийлик үчүн күрөштү жаап-жашырууга, буржуазиялык идеологияга каршы күрөш деген шылтоо менен жакпаган элементтерди жок кылууга, репрессияны улантууга ыңгайлуу шарт түзгөн. Бул саясат Кыргызстанга да жетип, буржуазиянын идеологиясына берилгендерди издөө жана табуу иши күчөйт. Борбордогу саясатка ылайык «троцкийчил», оңчул жана солчул оппортунисттерди советтик партиялык жетекчилердин, интеллигенттердин арасынан издөө башталат. Алар бул жөнүндө түшүнүктөрү жок кыргыз айыл-кыштактарынан да «табыла» баштаган.

Кыргызстандын партиялык комитеттери өлкөнүн башка региондору менен республикадагы солчул жана оңчул оппортунисттердин бетин ачуу боюнча мелдешип жаткан учурда ГПУнун органдары «бүлдүргүч» жана «контрреволюциячыл» уюмдарды жок кылууга белсенип киришишкен. 1932-ж. алар республиканын мамлекеттик пландоо комитетинен 5 «контрреволюциячыл-бүлдүргүч» уюмдун бетин ачышат.

1937-ж. 4-сентябрда Кыргызстан КП(б) БКнын Аткаруучу бюросу ири окумуштуу К. Тыныстановдун чыгармачылыгынан «буржуазиялык-кулактык улутчулдукту» таап, аны «эл душманы» деп жарыялаган. Июнь айында А. Сыдыковдун «улутчул, контрреволюциялык-көтөрүлүшчүл, антисоветтик» уюму ачылат. 1933-ж. аягында Ю. Абдрахманов улутчул катары айыпталып партиядан чыгарылган эле. Чындыгында ал өзүнүн Күндөлүгүндө Сталинди сынга алган сөздөрү үчүн жазаланган. 1935-ж. республиканын эл агартуу комиссарынын орун басары И. Тойчинов жаштардын жашыруун уюмун түзүүгө аракеттенген деген жалаа менен, улутчул катары партиядан чыгарылат.

Кыргызстандын областтык партиялык уюму өз алдынча иштеген 8 жылда союздук масштабда жүргүзүлгөн компания боюнча тазалоону төрт жолу башынан өткөргөн. Натыйжада мамлекетке, элге берилип эмгектенип жаткан көптөгөн күнөөсүз, таланттуу жетекчилер партиядан чыгарылып, кызматтарынан бошотулган.

Саясий репрессиялар коркунучтун, ишенбөөчүлүктүн, партиялык жогорку органдарга кыңк этпей баш ийүүчүлүктүн маанайын түзгөн. Партиядан чыгып калуудан корккон жетекчилер өздөрүнүн демилгеси менен өз алдынча иштей алган эмес. Натыйжада республикалык жана жергиликтүү партиялык жана советтик уюмдар жогортон келген буйрук, көрсөтмөлөрдү аткарууга, ашыгы менен аткарууга машыккан.

1934-ж. чейин Совет бийлигинин жана «элдин душмандары» партиядан чыгаруу, кызматтан алуу менен гана жазаланган. Партиянын XVII съездинен кийин И. Сталин өзүнүн оппоненттерин жок кылууга өткөн. Ал үчүн 1934-ж. 1-декабрда С. М. Кировдун өлтүрүлүшү шылтоо болгон. СССРдин Жогору Сотунун Аскердик коллегиясы 1936-ж. августта «троцкийчил-зиновьевдик биргелешкен антисоветтик борбордун» ишин карап Зиновьевди, Каменевди, Евдокимовду, Бакаевди ж. б. 16 адамды атууга кескен. Ушундан кийин Сталин өзүнүн мурдагы соратниктеринин бир тобун жок кыла баштаган.

Борбордо башталган сталиндик линиянын душмандарын Кыргызстанда да жок кылыш керек эле. Органдар жөн жатпаш үчүн изилденип бүтүп, 1933-ж. эле жабылган «Социал Туран партиясынын» ишин кайрадан козгоп чыгышат. Бир аз аракеттер болуп, бирок толук түзүлбөгөн бул партияга тиешеси бар делип эч жазыксыз адамдар атууга кесилген. Алардын ичинде Ю. Абдрахманов, И. Айдарбеков, Т. Айтматов, Б. Исакеев, А. Орозбеков, Ж. Саадаев, Т. Жолдошев, А. Жээнбаев, А. Жумагулов, К. Тыныстанов, О. Тынаев, ж. б. кыргыз элинин чыгаан уулдары болгон. Катаал тазалоолордун, массалык репрессиянын натыйжасында Кыргызстандын партиялык уюму 1934-ж. 1936-ж. чейин эле 14 миң адамдан 7 минге кыскарган, (б. а. бул мезгилде коммунисттердин жарымынан көбү «эл душманы» катары «тазаланган». 30-жж. 1,4 млн калкы бар Кыргызстандан эле 40 миң адам репрессияланган (бүгүнкү күнгө карата алардын 13 миңден ашыгы акталды).

Өлкөдө, анын ичинде Кыргызстанда, орногон административдик-буйрукчул система, анын массалык жазалоолору социалисттик курулушка өзүнүн оор залакасын, кесепетин тийгизген. Бирок жеке адамга сыйынуучулук, массалык террор совет коомунун маңызын, жалпы элдин куруучулук ишмердигин, СССРдин прогресс жолундагы өнүгүшүн токтото алган эмес.

## 67. КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖООКЕРЛЕРДИН УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТАГЫ ЭРДИКТЕРИ

Фашисттик Германия 1939-ж. дүйнөлүк экинчи согушту баштап, Европанын бир катар мамлекеттерин: Чехословакияны, Польшаны, Францияны, Бельгияны, Голландияны, Данияны, Норвегияны, Югославияны, Грецияны басып алган.

Натыйжада Германиянын экономикалык абалы, согуштук күчү чыңдалган. Дүйнөлүк үстөмдүккө жетүүнү көздөгөн фашисттик Германия 1941-ж. 22-июнда СССРге кол салган. Ал «Барбаросс» деп аталган планы боюнча Советтер Союзун бир нече жумада эле талкалап, 1941-ж. кышына чейин СССРдин европалык бөлүгүн толук басып алмак. Адегенде эле фашисттик Германиянын 5,5 млн адамдан турган 190 дивизиясы Совет өлкөсүнө басып кирген. Германия менен СССРге каршы согушка Италия, Финляндия, Румыния, Венгрия, Испания катышкан.

Немецтик-фашисттик баскынчылардын жырткычтык менен кол салышы совет элинин тынч жашоосун дүрбөлөңгө салган. Ошентип, Социалисттик Ата Мекендин көз каранды эместиги жана эркиндиги үчүн **Улуу Ата Мекендик согуш** башталган.

Кыргызстандык жоокерлер согуштун биринчи күнүнөн эле фашисттик баскынчылар менен баатырларча кармаша башташкан. Чек арадагы Брест чебин коргоо Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхындагы маанилүү барактардан болуп калган. Жоокерлер бир айдан ашык убакыт бою чепти душманга бербей кармап турушкан. Алардын арасында кыргызстандык В. И. Фурцев болгон. Ал Пржевальскидеги Ленин атындагы мектептен окуп, тарбия алган. Мурда Фрунзе шаарында иштеген Н. М. Дмитриев 1941-ж. 10-июлда Белоруссиянын Борисово шаарын коргоодо душмандын эки танкасын талкалаган. Согушта көрсөткөн эрдиги үчүн ал 1941-ж. 31-августта Кыргызстандыктардан биринчи болуп Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон.

Кыргызстандын өкмөтү согуштун биринчи күнүнөн эле калкты аскердик жактан окутууга, аскердик бөлүктөрдү түзүүгө киришкен. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1941-ж. 22-июнундагы Указына ылайык өлкөдө аскерге милдеттүүлөрдү жалпы мобилизациялоо иши башталган. Бул иштин жүрүшүндө Кыргызстанда 385-аткычтар дивизиясы, кийин 40- жана 153-аткычтар бригадалары, 2 улуттук атчандар дивизиясы түзүлүп, алар республиканын өнөр жай ишканалары жана колхоздору тарабынан жабдылган.

Булардын ичинен согушка биринчи болуп Кыргызстандын аскер комиссары генерал-майор **И. В. Панфилов** командалык кылган 316-аткычтар дивизиясы кирген. Бул дивизия Казакстан менен Кыргызстандын өкмөттөрү тарабынан түзүлгөн. Дивизиянын курамы ушул эки республиканын

дыйкандарынан, жумушчуларынан жана кызматкерлеринен турган. Анда казак, кыргыздардан тышкары орустар, украиндер ж. б. улуттардын өкүлдөрү болгон. Москваны коргоо үчүн 1941-ж. ноябрда болгон согушта бул дивизиянын жоокерлери өздөрүнөн төрт эсе күчтүүлүк кылган душман менен кармашкан. Бир ай бою өздөрүнүн чегин бекем кармоо менен дивизиянын бөлүктөрү душмандын 2-танкалык, 29-мотордоштурулган, 11-жана 110-жөө аскерлер дивизиясын талкалап, 9 миң немец солдаттары менен офицерлерин, 80 танканы жана башка куралдарды жок кылышкан.

Командованиенин тапшырмасын үлгүлүү аткаргандыгы үчүн 316-аткычтар дивизиясы 8-гвардиялык деген наам алып, Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган. Волоколамск районундагы, Гуськово деген кыштактын жанында 1941-ж. 18-ноябрда И. В. Панфилов курман болгон. Өлгөндөн кийин ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилип, ысымы өзүнүн дивизиясына ыйгарылган.

Мындан тышкары Советтер Союзунун Баатыры деген наам Панфилов дивизиясынын 28 жоокерине ыйгарылган. Алардын ичинде кыргызстандык **Дүйшөнкул Шопоков** (бул кыргыздардан чыккан биринчи Советтер Союзунун Баатыры эле), Николай Ананьев, Григорий Шемякин, Григорий Конкин, Иван Москаленко, Григорий Петренко, Иван Добробабин болгон.

Сталинграддын алдындагы, Түндүк Кавказдагы жана Курскинин алдындагы салгылаштарда Кыргызстандык жоокерлер да эрдиктин үлгүсүн көрсөтүү менен баатырларча кармашып, көбү Ата Мекен үчүн курман болушкан.

Воронеждин түштүк жагында Дон дарыясынын жээгиндеги согушта 1942-ж. 6-августта **Чолпонбай Түлөбердиев** душмандын дзотун көкүрөгү менен жаап, өлбөс өчпөс эрдик көрсөткөн. Ага 1943-ж. 4-февралда Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылган.

Сталинград үчүн согушта артиллерист, наводчик, сержант **Дайыр Асанов** эрдик менен салгылашкан. Ал 1943-ж. январда таамай атуу менен адегенде танканы, миномет батареясын жана душмандын ротасын талкалаган. 23-мартта Харьковдун жанындагы Пятницкое кыштагы үчүн салгылашта Д. Асановдун орудиелик тобуна душмандын 8 танкасы, анын артынан автоматчылар чабуул коёт. Бул беттешүүдө Асанов үч танканы иштен чыгарат, калганы кайрылып качууга аргасыз болгон. 20–25 минуталык авиациялык бомбалоодон жана артиллериялык атуудан кийин душмандар экинчи жолу

чабуулга өтөт. Дайыр жалгыз калганына карабастан дагы эки танканы атып токтотот. 4 саатка созулган согушта Асанов 8 танканы, 6 бронемашинаны жана 40 фашистти жок кылган. 1943-ж. 26-октябрда ага Советтер Союзунун Баатыры деген наам ыйгарылган.

1942-ж. декабрда Кавказ үчүн болгон кармаштардын биринде отделениянын командири **Акун Садырбаев** душмандын ага кезеги менен ыргытылган 16 гранатасын кайра душманга ыргытууга жетишкен. 17-граната анын колунда жарылып, курман болгон. Бул эрдиги үчүн ал Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Анын жолдоштору болсо жардам келгиче, бир сутка бою ордунан жылбай 60 душманды жок кылган.

1942–1943-жж. салгылаштарда көп улуттуу 8-гвардиялык Панфилов атындагы аткычтар дивизиясы өзгөчө ийгиликтерге жетишкен. Андагы жоокерлердин 18,5 процентин кыргыздар түзгөн. Дивизиядагы снайперлер Токтогул Шабеков, Алымкул Абибулдаев, Бозжигит Турдубаев ар бири 25тен 150гө чейин гитлерчилерди атып өлтүрүшкөн.

1943-ж. сентябрда Днепр дарыясынан өтүүдө Кыргызстандын жоокерлери укмуштуудай эрдиктерди көрсөткөн. Бул жерден сержант **Анварбек Чортековдун** взводу айырмаланган. Алар суудан сүзүп өтүшүп душмандын төрт чабуулунун мизин майтарган. 30 гитлерчини жок кылган. Эрдиги үчүн Чортеков Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон.

1942-ж. аягында Панфилов дивизиясынын жоокерлеринин бир тобу ага сержант **Ашырбай Коёнкозовдун** командалыгы менен душмандын тылына атайын тапшырма менен жөнөтүлгөн. 1943-ж. январда алар Псков шаарына жакын жерден 7-ленинграддык партизандар бригадасына кошулган. Көп узабай Коёнкозов 2-партизандык отряддын ротасынын командирлигине дайындалган. Ал жетектеген рота душмандарга күндүр-түндүр тынчтык берген эмес. 1943-ж. декабрда эле алар 10 эшелонду, 10 паровозду 20дан ашуун вагондорду талкалаган. 1943-ж. декабрда Коёнкозов жана анын жоокерлери Псков шаарынын жанында душман менен болгон салгылашта эрдик менен курман болушкан.

1944-ж. Эстониянын Нарва шаарына жакын жердеги салгылашта кыргыз учкучу **Исмайылбек Таранчиев** өзүнүн жалындап күйгөн самолёту менен душмандын май куючу станциясын сүзүп, анын жанындагы алты танканы, ондогон немец солдаттарын жардырган. Анын эрдиги учурунда унутта

калып, Советтер Союзунун Баатыры деген наам ага 1991-ж. гана ыйгарылган.

1944–1945-жж. чабуулдарда да СССРдин бардык элдеринин жоокерлери бир катарда эрдик менен согушушкан. 1944-ж. Ленинграддын алдындагы салгылашта кыргыз жоокерлери О. Жетикашкаев, Ж. Рустамов, М. Юнусалиев ж. б. өзгөчөлөнгөн.

Молдавиянын Дубоссары шаарынын жанында 1944-ж. апрелде орудиянын наводчиги **К. Жаркымбаев** душмандын 2 пулемётун, 25 солдатын талкалаган. Бул салгылашта Жаркымбаев душмандын беш жолку чабуулунун мизин кайтарган. Бул эрдиги үчүн ал Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон.

1944-ж. июнда Белоруссиядагы салгылаштарда көрсөткөн эрдиктери үчүн ефрейторлор О. Якубов менен Ж. Асаналиев, лейтенант Д. Пичугин, майор Н. Калашников, сержант Е. Курочкин, лейтенант Л. Царенко, пулеметчик Р. Азимов, лейтенант С. Сухин, катардагы жоокер А. Хименко ж. б. Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушуп, кыргызстандыктардын даңкын чыгарышкан.

Согуштун түрдүү этаптарында – Ленинградды, Ржевди, Великие Лукини, Новгородду, Псковду, Нарваны бошотууда Кыргызстандын 660- жана 664- түнкү бомбалоочу авиациялык полктору активдүү катышышкан. Алардын ичинен кыргызстандык аял **Е. Пасько** 780 жолу түнкү бомбалоого учуп чыгып душмандарга бардыгы 93 тонна бомба таштаган. Анын бомбаларынан душмандын маанилүү объектилеринде 109 жолу өрт чыккан. Советтер Союзунун Баатыры Е. Пасько өзүнүн командасы менен душманга далай жолу бүлүк салган.

1945-ж. 16-апрелде фашизмдин цитадели – Берлинди штурмалоо башталган. Өтө күчтүү артиллериялык соккудан кийин советтик аскерлер чабуулга өтүшкөн. Бул салгылаштардын биринде батальондун саясий жетекчиси **Калыйнур Үсөнбеков** жоокерлерге күчтүү дем берген. 14-февралдагы бетме-бет салгылашта К. Үсөнбеков душмандын 7 солдатын сайып өлтүрүп, экөөнү колго түшүргөн. Кужурмөн тапшырманы ийгиликтүү аткаргандыгы үчүн лейтенант К. Үсөнбеков Советтер Союзунун Баатыры болгон.

Согуштун аяк жагында Польша үчүн салгылашта пулеметчу **А. Оторбаевдин** эрдиги Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон. Ал Одер дарыясынан өтүп

жатканда душмандын беш чабуулунун мизин кайтарып, 25 солдатын жок кылган.

Берлин үчүн болгон салгылашта жердештерибиз учкуч-штурман, Советтер Союзунун эки жолку Баатыры **Т. Бегелдинов,** взводдун командири Советтер Союзунун Баатыры В. Бельяндра ж. б. өзгөчө эрдиктерди көрсөтүшкөн.

Ошентип, Улуу Ата Мекендик согушта Совет эли эркиндик, көз каранды эместик үчүн жан аябай салгылашкан. Көп улуттуу Кызыл Армиянын катарында Кыргызстандан барган 300 миң жоокер да Ата Мекенди коргоонун үлгүлөрүн көрсөтүшкөн. Согуштагы эрдиктери үчүн 10 миң кыргызстандык жоокер орден жана медалдар менен сыйланышкан. Алардын 76сы Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушкан. 29 жоокер Данк орденинин үч даражасын тең алышкан. Кыргызстандык жоокерлердин көпчүлүгү мекенинин, өз элинин эркиндиги үчүн курман болушкан.

## 68. ТЫЛДАГЫ КҮЖҮРМӨН ЭМГЕК

Согуштун башталышында эле Кыргызстандын өнөр жай тармагы согуштук заказдарды аткарууга өткөн. 1941-ж. июнда эле Фрунзедеги механикалык завод фронттун атайын заказын чыгара баштаган. Андагы жумушчулар өндүрүштүн согуштук түрүн өздөштүрүү менен күндүк нормаларын 200–400 процентке аткарууга, айрымдары эки, үч сменада иштөөгө өтүшкөн.

Кадамжайда стратегиялык мааниси бар сурьма кенин өндүрүү күч алып, андагы жумушчулардын 65 проценти стахановчулардан болуп калышкан. Кыргызстандын жеңил жана текстиль өнөр жайы бүт бойдон жоокерлерге кийим-кече тигүүгө киришкен.

Республиканын эл чарбасын согуштук багытка которуудагы маанилүү иш эвакуацияланган өнөр жай ишканаларын жайгаштырып, ишке киргизүү болгон. 1941-ж. июлунан декабрга чейин эле өлкөнүн чыгыш райондоруна 2593 өнөр жай ишканалары көчүрүлгөн. Алардын 308 Орто Азия менен Казакстанга бөлүнгөн. Кыргызстанга 28 ири ишкана келген.

1942-ж. фашисттик Германиянын чабуулунун күчөшү менен Кыргызстанга дагы 38 ири өнөр жай ишканалары көчүрүлгөн. Аларды жайгаштыруу, жумушчу күчү, чийки

зат, энергия, транспорт менен камсыз кылуу боюнча өтө чоң иштер аткарылган. Эвакуацияланган ишканалардын 90 проценти Чүй өрөөнүнө, 10 проценти Ош, Жалал-Абад жана Ысык-Көл областтарына жайгаштырылган.

Кыргызстанда фронтко жакын жайгашкан райондордон эвакуацияланган калкты жайгаштыруу боюнча өзгөчө чоң иш аракеттер жүргүзүлгөн. 1941-ж. июлунан 1942-ж. январына чейин эле Кыргызстанга 61,8 миңден ашуун адам келген. 1942-ж. аягына чейин дагы 138,9 миң киши эвакуацияланган. Булардын көбү Москва шаарынан, Москва, Ленинград областтарынан, Украина менен Белоруссиядан, алыскы Литвадан, Карель-Фин ССРинен, Курск, Орлов, Тула, Ростов, Воронеж, Сталинград областтарынан, Крымдан, Ставрополь жана Краснодар крайларынан келишкен. Мындан тышкары Кыргызстанга Польшанын 12,9 миң граждандары эмиграцияланган.

Тылдын эмгекчилери согуштун биринчи күндөрүнөн эле жеңиш үчүн өздөрүнүн болгон күчтөрүн аябастан эмгектенүүгө өтүшкөн. Тылда фронттогудай иштөө үчүн Фрунзедеги жаштардын демилгеси менен фронттук бригадалар түзүлгөн. Бул кыймыл республикада кеңири кулач жайган. Фрунзе механикалык заводунун темир устасы М. Чернышев сменалык нормасын 1171 процентке аткарууга жетишкен. Көп өтпөй Ж. Мамбетов нормасын 1197 процентке аткарат. Ошентип, республикада миңчилердин кыймылы башталган.

Согушка байланыштуу токтоп калган Чоң Чүй Каналын казуу иши 1942-ж. майда кайра башталып, анда эмгектенген карапайым эл согуш жылдары каналдын 80 км аралыгын бүтүрүшүп, 450 миң кубометр топуракты казып чыгарышкан.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Кыргызстанда 36 ири өнөр жай ишканалары ишке киришип, жаңы тармактар пайда болгон. Жумушчулардын саны согуш мезгилинде 36 миңден 46 миңге өскөн. Кыргызстандын эл чарбасында өнөр жайынын үлүшү 1940-ж. 50,2 проценттен, 1945-ж. 67,5 процентке өскөн.

Согуш жылдарында согуштук-чарбалык жүктөрдү ташууда транспорт маанилүү иштерди аткарган. 1943-ж. октябрдан баштап Кант–Рыбачье темир жолу курула баштаган.

Согуштун башталышында өнөр жайы гана эмес өлкөнүн айыл чарбасы да чоң кыйроого учурады. Душман өлкөнүн эгин өндүргөн аянттарынын 38, кант кызылчасы эгилген жер-

лердин 84 процентин, бодо малдын 38, чочконун 60 процентин басып алган. Айыл чарбасында иштеген тракторлор, ат күчү фронтко алынган. Айыл-кыштактардагы эр бүлөлөрдүн көбү фронтко аттанган. 1942-ж. республиканын айыл чарбасында эмгектенген эркектер 51 про-центке азайган. Айыл чарбасынын түйшүгү бүт бойдон аялдардын, балдардын, карылардын моюнуна жүктөлгөн. Алар күндүр-түндүр фронт үчүн эмгектенишкен. Республиканын даярдоочу пункуттарында *«Эгиндин ар бир тоннасы – фашисттердин лагерине ташталган снаряд!»* – деген девиз менен эгин тынымсыз даярдалып турган. 1941-ж. республикада 203,6 миң *т* эгин топтолгон. Бул 1940-ж. салыштырмалуу алда канча көптүк кылган.

Айыл чарбасынын эмгекчилери болуп көрбөгөндөй күжүрмөндүүлүктү көрсөтүшкөн. Чарба жумуштарын аткарууда норманы ашык аткаруу салтка айланган. Техниканын жетишсиздигинен көп жумуштар кол менен бүтүрүлгөн. Техникалык өсүмдүктөрдөн жогорку түшүм алууда Сокулук районунун «Кызыл Аскер» колхозунун Керимбүбү Шопокова жетектеген звеносу айырмаланган. 1942-ж. алар пландагы 210 *ц* ордуна, ар гектардан 684 *ц* кант кызылчасын өстүрүшкөн. Чүй районунун «Кайырма» колхозунан А. Жолдошбаеванын звеносу гектарынан 565 *ц* кызылча өстүргөн. Ош областынын Нариманов атындагы колхозу пахтанын гектарынан 23,3 *ц* түшүм алган. Жалал-Абад областынын Сузак районундагы Сталин атындагы колхоздун И. Исмаилова жетектеген звеносу пахтанын ар гектарынын түшүмдүүлүгүн 35 *ц* жеткирген.

Дыйканчылыктын түшүмдүүлүгүн арттыруу үчүн күрөш согуштун кийинки жылдары да күчөгөн. Бул багытта кызылчачылар З. Кайназарова, Ш. Тезекбаева, пахтачылардан Ө. Атабекова, Х. Таширов ж. б. өзгөчө айырмалanышкан.

Кыргызстандын айыл эмгекчилери оор кыйынчылыктарга карабастан фронттогу жоокерлерди азык-түлүк менен, өнөр жайды чийки зат менен камсыз кылууда зор кайраттуулукту көрсөтүшкөн.

Кыргызстандын тылдагы эмгекчилери фронтко өнөр жайдагы, талаалардагы, мал чарба фермаларындагы кайратман эмгектери менен гана жардам бербестен жеке каражаттары аркылуу да жардам көрсөтүшкөн. Өздөрү материалдык жактан кыйынчылыкта жашап жаткандарына карабастан

карапайым калк фронт үчүн өздөрү чогулткан байлыктарын, эмгек акысынын бир бөлүгүн, баалуу буюмдарын, алтын, күмүш жасалгаларын, тамак-аш продукцияларын жөнөтүшкөн.

Элдин ушул өңдүү демилгесин колдоо үчүн Фрунзедеги СССР Мамлекеттик банкында № 14-эсеп ачылган. 1941-ж. августта эле бул эсепке элден 2007 миң, сентябрда – 1670 миң, октябрда – 1579 миң сом түшкөн. Жылдын аягында фондуга 9090 миң сом, 38,9 *кг* алтын жана күмүш, 16117 миң сом мамлекеттик заёмдун облигациясы, 11862 *ц* эгин, 2479 *ц* эт, 1798 *кг* май түшкөн. Кыш мезгилинин келиши менен фронтко жылуу кийим жөнөтүү демилгеси күч алган.

1941-ж. октябрь–ноябрда Фрунзе областынын Сталин атындагы колхозунун мүчөлөрү «Күнөстүү Кыргызстан» деген истребителдердин эскадронун түзүү үчүн каражат чогултуу демилгеси менен чыккан. Бул демилге күчтүү колдоого ээ болгон.

1941-ж. ноябрда Фрунзедеги эт комбинатынын жаштары «Кыргызстан комсомолу» аттуу танк колоннасын түзүү үчүн каражат чогултууну башташкан. Согуш мезгилинде Кыргызстандын эли азык-түлүк, кийим-кече ж. б. жардамдарды эсептебегенде 93 танк же 186 согуштук самолет жасаганга жеткидей акча каражатын чогулткан. Бул каражатка түзүлгөн «Советтик Кыргызстан» аттуу танк колоннасы 1942-ж. ноябрынан немецтик баскынчыларга сокку ура баштаган.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында Кыргызстандын эли коргоо фондусуна 189 млн сом чогултуп жөнөткөн, 57,3 млн мамлекеттик заёмдун облигацияларын сатып алышкан. Кыргызстандан фронтко 195 вагон азык-түлүк, 550 миң жылуу кийим, 38 миңден ашуун жекече посылкалар жөнөтүлгөн.

Блокадада калган Ленинград шаарына кыргыз эли 1942–1943-жж. 100 вагондон ашык азык-түлүк жөнөткөн. Республиканын колхоздору менен совхоздору коргоо фондусуна пландан тышкары 4,5 млн пуд эгин, 500 миң пуд эт өткөрүшкөн.

Кыргызстандын эмгекчилери фашисттик баскынчылардан бошотулган элдерге да көмөк көрсөткөн. Алар үчүн республиканын колхоздору менен совхоздору 130 миң баш бодо мал, кой жана эчкилерди акысыз жөнөтүшкөн.

## 69. БУЛУНГӨН ЭЛ ЧАРБАСЫН КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ (1946–1964-жж.)

Өлкөнүн согуш жүргөн батыштагы региондорунан айырмаланып Кыргызстандын эл чарбасы алсыраган менен кыйроого учураган эмес. Тескерисинче, согуш жүргөн региондордон эвакуацияланган ишканалардын эсебинен республиканын өнөр жайы бир кыйла өскөн. Согуш шартына ылайык негизинен фронтко продукция өндүргөн өнөр жайды эми тынчтык курулушуна которуу милдети турган. 1946-ж. баштап Кыргыз ССРинин өнөр жайы толук бойдон тынчтык турмушка ылайыкташып эл чарбасы, эмгекчилер үчүн керектүү продукцияларды чыгарууга өткөн. Заводдордо жана фабрикаларда 8 сааттык жумуш күнү, дем алыш күндөрү, отпускалар калыбына келтирилген. Милдеттүү түрдө нормадан ашыкча иштөө жоюлган.

1946-ж. августта Кыргыз ССР Жогорку Советинин XI сессиясы жалпы союздук планга ылайык республиканын эл чарбасын 1946–1950-жж. калыбына келтирүүнүн жана өнүктүрүүнүн беш жылдык планын кабыл алган. Бул план боюнча эл чарбасын калыбына келтирүүнү тезирээк аяктоо, оор өнөр жайдын, өзгөчө анын тоо кендерине, суу энергетикасына, айыл чарба сырьелоруна негизделген тармактарын өнүктүрүү; илимий-техникалык прогрессти күчөтүү, ишканаларды квалификациялуу адистер менен камсыз кылуу; эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу милдеттери коюлган. Беш жылдык план боюнча 1950-ж. республиканын өнөр жайы 360 млн сомдук продукция өндүрмөк. Бул 1940-ж. салыштырмалуу 94 процентке көптүк кылган. Биринчи кезекте оор өнөр жайын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулган.

Кыргызстандын өнөр жайы батыштан көчүрүлүп келинген ишканалардын эсебинен дүң продукцияны көбүрөөк өндүргөн. Электр энергиясын өндүрүү, станок куруу, жибек кездемелерин, булгаары бут кийимдерин өндүрүү жана консерва чыгаруу өнүккөн. Төртүнчү беш жылдыкта Кызыл-Кыяда, Сүлүктүдө жаңы шахталар ачылган, Майлуу-Сууда жаңы скважина курулган. Фрунзеде механикалык-ремонт жана асфальт-бетон заводдор эксплуатацияга берилген. Лебединовка ГЭСинин экинчи кезеги, Аламүдүн № 2 ГЭСи, Пржевальск жана Жалал-Абад ГЭСтери, «Ак-Түз», «Көк-Жаңгак» кендеринде жана «Кадамжай» темир иштетүүчү комбинатта электр станциялары ток бере баштаган.

Курулуш индустриясы өнүгүп, Кызыл-Кыянын кирпич, Күрмөнтүнүн кирпич-акиташ, Таластын кирпич-черепица заводдору ишке киришкен. Жеңил жана тамак-аш өнөр жайы үчүн Жалал-Абад пахта тазалоочу заводу, Фрунзеде моделдүү бут кийим, Сосновка кыштагында баш кийим фабрикалары, 10дон ашуун механизациялаштырылган, 17 жарым механизациялаштырылган май-сыр заводдору, 3 этти иштетүүчү, 5 муздаткыч пункттары иштей баштаган. Беловодскиде кант, Жалал-Абадда жана Токмокто сүт заводдору, Рыбачыда эт комбинаты, Ново-Троицкиде нан заводу ж. б. иштеген.

Төртүнчү беш жылдыкта жол куруу жана ремонттоо боюнча бир кыйла иштер аткарылган. Фрунзе–Рыбачье, Фрунзе–Луговой, Фрунзе–Георгиевка, Ош–Хорог жолдору капиталдык ремонттон өткөрүлгөн. Беш жылда республиканын жолдору 2738 *км* узарган. Анда 1240 көпүрө курулган. 1950-ж. эл чарбасынын 9 млн *т* жүгү автомобиль транспорту аркылуу ташылган. Бул 1940-ж. салыштырмалуу 2,6 эсеге көптүк кылган.

Ушул беш жылдыкта республиканын эл чарбасы үчүн өтө маанилүү Кант–Рыбачье темир жолу эксплуатацияга берилген.

Беш жылдыкта республиканын индустриялык дарамети кыйла көтөрүлгөн. 20дан ашуун ири ишканалар эксплуатацияга берилген. Көптөгөн завод, фабрикалар реконструкцияланган. Өнөр жайында дүң продукция өндүрүү 1950-ж. 1940-ж. салыштырмалуу 4,2 эсеге, ал эми 1945-ж. салыштырмалуу 75,5 процентке жогорулаган.

Бирок өнөр жайдын өнүгүшүндө бир топ кемчиликтер болгон. Ишканалар, транспорт көпчүлүк учурда туруп калып, натыйжалуу иштей алган эмес. Продукциянын көп түрлөрүн чыгаруу, алардын сапатын жакшыртуу боюнча план-тапшырмалар аткарылган эмес.

Кыргызстанда өнөр жайынын тез темп менен өсүшү аларда иштей турган адистерге талапты күчөткөн. Республиканын жергиликтүү элинин негизинен айыл-кыштактарда жашашы, кыргыздардан чыккан жумушчулардын аздыгы жана алардын адистиктеринин төмөн болушу жумушчу адистеринин өлкөнүн башка региондордон келишин шарттаган. Натыйжада СССРдин өнөр жайлуу райондорунан Кыргызстанга жумушчулардын активдүү миграциясы башталган.

Согуш Кыргызстандын айыл чарбасына да көптөгөн кыйынчылыктарды алып келген. 1940-ж. республиканын айыл-кыштактарында эмгектенген 186,6 миң эркектен, 1946-ж. 60 миңи гана калган. Техникалык жабдуулары боюнча республиканын айыл чарбасы 30-жж. ортосундагыдай деңгээлге чейин ылдыйлаган. Жумушчу күчүнүн, техниканын жоктугунан түшүм бере турган көпчүлүк жерлер айдалбай калган, түшүмдүүлүк төмөндөгөн.

Айыл чарбасындагы кыйын абал агрардык саясаттагы кемчиликтер менен да байланыштуу болгон. Алсак, 1933-ж. эреже боюнча айыл-кыштак өзүнүн продукцияларын рынок баасынан 10–12 эсе төмөнкү баада мамлекетке өткөрүүгө милдеттүү болгон. Мунун натыйжасында дыйкандар менен малчылардын эмгекке болгон кызыкчылыктары өтө төмөндөп кеткен. Мындан тышкары айыл чарбасы материалдык-техникалык жабдууларды албай калган. Айыл чарбасындагы бюрократтык буйрукчул башкаруу өтө күчөгөн.

Төртүнчү беш жылдык планда айыл чарбасын калыбына келтирүү жана андагы начар абалды оңдош үчүн да конкреттүү чаралар белгиленген. Биринчи кезекте кескин түрдө кыскарып кеткен айдоо аянттарын калыбына келтирүү, азайып кеткен малдын башын өстүрүү керек эле. Беш жылдык план боюнча 1950-ж. чейин жылкынын санын 490 миңге, уйдукун 560 миңге, кой-эчкини 4,3 миллионго, чочкону 600 миңге жеткирүү каралган.

1946–1950-жж. Кыргызстанда Бүткүл союздук директивалык органдардын чечимдерин аткаруу боюнча иштер жүргүзүлгөн. Атайын түзүлгөн комиссиянын чечими менен 1947-ж. республиканын колхоздоруна 38,6 миң *га* жер, 2416 жылкы, 665 уй, 20,2 миң кой жана эчки, 3,3 млн сом акча кайтарылып берилген.

Ушул эле жылдары союздук өкмөт Кыргызстандын айыл чарбасын көтөрүүдө маанилүү роль ойногон чечимдерди кабыл алган. 1946-ж. февралда СССРдин ЭКСи *«Кыргыз ССРинин айыл чарбасын өнүктүрүүнүн чаралары жөнүндө»*, 1949-ж. февралында *«Колхоздор менен совхоздордо пахтачылыкты мындан ары өстүрүүнүн чаралары жөнүндө»* токтомдорду кабыл алган. Ушул токтомдорго ылайык республикага кошумча тракторлор, комбайндар, айыл чарба машиналары, аларга керектүү запастык бөлүктөр, минералдык жер семирткичтер кошумча бөлүнгөн. Мындан тышкары мамлекет республиканын колхоздоруна акчалай жардам берген.

Төртүнчү беш жылдыкта өлкөнүн эл чарбасында, анын ичинде айыл чарбасында, директивалык пландарды аткарууда социалисттик мелдешти уюштуруу ишине өзгөчө көңүл бурулган.

Ош областынын Араван районунун «Коммунизм» колхозунун звеньевою **Алля (Алла) Анаров** 1948-ж. 6 *га* жердин гектарынан 109 *ц*, 1949-ж. 88 *ц*, ал эми 1950-ж. 10 гектар жердин ар гектарынан 74,5 *ц* түшүм алган. Бул үчүн ал эки жолу (1948 жана 1951-жж.) Социалисттик Эмгектин Баатыры болгон. Сокулук районунун Калинин атындагы колхозунун звеньевою **Зууракан Кайназарова** 1947-ж. 15 *га* жердин гектарынан 971 *ц* кант кызылчасын өстүргөн. 1952-ж. болсо 25 *га* жерден 1000–1100 *ц* түшүм чогулткан. Эмгеги үчүн ага 1947-ж. Социалисттик Эмгектин Баатыры наамы ыйгарылган.

Айыл чарба өндүрүшүн уюштурууда, пахтачылыктын түшүмүн көтөрүүдө **Өлмөскан Атабекова** өзгөчө кайратмандыкты көргөзгөн. Бул эмгеги үчүн ал 1957-ж. Социалисттик Эмгектин Баатыры наамына татыктуу болгон.

Бул жылдары өндүрүштөгү ийгиликтери үчүн Кыргызстандын 47 айыл чарба устаттарына Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган. 517 айыл эмгекчилери СССРдин орден жана медалдары менен сыйланышкан.

## 70. КЫРГЫЗСТАН ВОЛЮНТАРИСТТИК РЕФОРМАЛАР МЕЗГИЛИНДЕ (1953–1964-жж.)

Кыргызстандын тарыхында, бүткүл өлкө сыяктуу эле 50-жж. өзгөчө орунду ээлейт. Анткени 1953-ж. мартта И. В. Сталиндин дүйнөдөн өтүшү менен «сталиндик социалисттик өнүгүү доору» аяктаган. Ал өлгөндөн кийин ал негиздеп, башында турган тоталитардык система бир аз жумшартыла баштаган. Социалисттик демократияны өнүктүрүү үчүн аракет байкалган.

1953-ж. сентябрда Н. С. Хрущев КПСС БКнын биринчи секретарлыгына шайланып, өлкөдө Сталиндин керт башына сыйынуунун кесепеттерин жоюу, коомдун экономикалык, саясий жана маданий чөйрөлөрүн реформалоо иши башталган.

Кыргызстанда партиялык башкаруунун демократиялык принциптерин ишке ашырууда 1950–1961-жж. Кыргызстандын Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетин же-

тектеген **Исхак Раззаков** чоң салым кошкон. Ал Кыргызстан Компартиясын жетектеген биринчи кыргыз болгон.

***1924–1961-жж. Кыргызстан Коммунистик партиясын жетектеген биринчи секретарлар:***

1) М. Д. Каменский (1924–1925);
2) Н. А. Узюков (1925–1927);
3) В. П. Шубриков (1927–1929);
4) М. М. Кульков (1929–1930);
5) А. О. Шахрай (1930–1933);
6) М. Л. Белоцкий (1933–1937);
7) М. К. Аммосов (1937–1938);
8) А. В. Вагов (1938–1945);
9) Н. С. Боголюбов (1945–1950);
10) И. Р. Раззаков (1950–1961).

И. Раззаков союздук директиваларга таянып Кыргызстандын өз алдынчалыгын өнүктүрүү, экономикалык жана саясий чөйрөдөгү укуктарынын кеңейиши үчүн көп иштерди аткарган. Натыйжада республиканын аймагындагы 225 өнөр жай ишканалары, жогорку, атайын орто жана кесиптик-техникалык окуу жайлары жалпы союздук башкаруудан республикалык башкарууга өткөн. Мындан тышкары республикада жергиликтүү башкаруу органдарынын сот бийлигинин көзөмөлдөөдөчү укуктары да бир кыйла кеңейтилген.

Кыргызстанда автомобиль транспорт жана шоссе жолдор, совхоздор, суу чарба, эт жана сүт продукцияларынын министрликтери түзүлгөн. Кыргызстандын өз алдынчалыгынын өсүшүнө СССР Министрлер Советинин 1955-ж. 4-майдагы *«Союздук республикалардын чарбаларын мамлекеттик пландоонун жана финансылоонун тартибин өзгөртүү жөнүндөгү»* токтому чоң өбөлгө болгон. Буга ылайык Кыргыз ССРинин Министрлер Совети өнөр жайдын продукцияларын өндүрүүнү өз алдынча пландаштырып бөлүштүрүү укугуна ээ болгон. Мындан тышкары республиканын бюджет боюнча укуктары да кеңейтилген.

СССР Жогорку Советинин 1957-ж. 11-февралдагы Мыйзамына ылайык союздук республикалардын мыйзам чыгаруу укуктары кеңейген. Натыйжада актуалдуу маселелерди тезирээк чечүү мүмкүндүгү пайда болгон. Ушул эле жылы августта СССР Министрлер Советинин токтому боюнча Союздук республикалардын өкмөтүнө экономиканы жана маданиятты башкарууда жаңы кошумча укуктар берилген. Ошону менен бирге республиканын ичиндеги жергиликтүү башкаруу органдарынын укуктары да бир кыйла кеңейтилген.

50-жж. жүргүзүлгөн реформалар Кыргызстандын **экономикасына** оң таасирин тийгизген. 1951–1955-жж. республиканын эл чарбасын өнүктүрүүгө 3,6 млрд сом капиталдык салымдар жумшалган. Бешинчи беш жылдыкта Кыргызстандын оор өнөр жайында тоо кен, металл иштетүүчү, энергетика өндүрүү, жеңил жана тамак-аш өнөр жайын өнүктүрүү милдеттери белгиленген. Республиканын өнөр жайын өнүктүрүүгө 2,5 млрд сомдук капиталдык салымдар чыгымдалган. Натыйжада 48 жаңы өнөр жай ишканалары ишке киргизилген.

Алтынчы беш жылдык (1956–1960-жж.) план боюнча да Кыргызстанда ири өнөр жай ишканаларын куруу пландалган. Республиканын эл чарбасына 7 млрд сом капиталдык салым бөлүнгөн. Республиканын өнөр жайына жана курулушуна жетекчиликти жакшыртуу үчүн 1957-ж. июнда Кыргыз ССРинин Эл чарба Совети түзүлгөн. Анын карамагына республиканын өнөр жай продукцияларынын 74 процентин өндүргөн 225 ишкана өткөрүлгөн. Башкаруунун бул ыкмасы республиканын ичинде тармактар аралык адистештирүүнү жана кооперативдештирүүнү жакшырткан. Бирок союздун ар түрдүү экономикалык региондору менен ишканалардын өндүрүштүк байланыштарынын өнүгүшүнө тоскоолдук кылган. Ушуга байланыштуу 1965-ж. Эл Чарба Совети жоюлуп, министрликтер түзүлгөн. Өнөр жайы кайрадан тармактык башкарууга өткөрүлгөн.

50-жж. экинчи жарымында Аламүдүн каскадынын электрстанцияларынын бешинчи жана алтынчы кезектери ишке киришкен. Фрунзеде Жылуулук электр станциясы, «Октябрдын 40 жылдыгы» атындагы тигүү фабрикасы, Физикалык приборлор заводу, Нарында нан заводу, Көк-Жаңгакта «Сары-Булак» көмүр шахтасы, Орто-Токой, Наманган, Базар-Коргон, Төмөнкү Ала-Арча суу сактагычтары ж. б. эксплуатацияга берилген. 50-жж. Кыргызстанда бардыгы болуп 59 өнөр жай ишканалары, 46 цехтер жана бөлүмдөр ишке киргизилген.

Кыргызстандын өнөр жайы товардын өзүнө турган наркын төмөндөтүү боюнча планын да биринчи болуп ушул мезгилде аткарууга жетишкен. Кыргызстандын өнөр жайынын продукциялары дүйнөнүн 30 мамлекетине экспорттоло баштаган.

50-жж. Кыргызстандын **айыл чарбасынын** өнүгүшүнө да чоң көңүл бурулган. 1950–1955-жж. эгинди – 33, кант кы-

зылчасын – 20, пахтаны – 64 процентке көп өндүрүү, ири мүйүздүү малдын башын 18–20 процентке көбөйтүү каралган.

1952-ж. апрелде СССР Министрлер Совети *«Мал чарбасын өстүрүүдө Кыргыз ССРине жардам берүү чаралары жөнүндө»* жана *«Кыргыз ССРинин айыл чарбасына жардам берүү чаралары жөнүндө»* токтомдорду кабыл алган. Бул токтомдордо Кыргызстандын айыл чарбасын көтөрүү боюнча конкреттүү иштер белгиленген. Ушуга байланыштуу Кыргызстандын айыл чарбасы жаңы техникаларды көп алган. 13 жаңы машина трактор станциялары (МТС) уюштурулган. 1953-ж. республикада 80 МТС жана бир машина – мал чарба станциясы болгон. Талааларда 1,5 миң тракторлор, комбайндар иштеген.

50-жж. башында колхоздорду ирилештирүү саясаты жүргүзүлгөн. Натыйжада 1951–1953-жж. колхоздордун саны 1620дан 725ке кыскарган.

Өлкөнүн, анын ичинде Кыргызстандын айыл чарбасынын өнүгүшүнө КПСС БКнын сентябрь (1953-ж.) Пленуму маанилүү роль ойногон. Анын чечимдерине ылайык айыл чарба продукцияларынын мамлекеттик сатып алуу баасы жогорулатылган. Эттин баасы – 5,5 эсеге, сүт менен майдыкы эки эсеге, дан эгиндеринин баасы – 50 процентке көбөйгөн. Колхоздор мамлекетке болгон карыздарынан бошотулган. Айыл чарба салыгынын өлчөмү азайтылган. Мындан тышкары колхозчулардын өздүк көмөкчү чарбаларын чектөө, андан алынган продукцияларды мамлекетке милдеттүү түрдө төктүрүү эрежелери алынып ташталган. Эми колхозчулар өздүк көмөкчү чарбаларынан алган продукцияларын базарда эркин сатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан.

Кыргызстандын айыл чарбасындагы жетишкендиктер СССРдин өкмөтү тарабынан жогору бааланып, Кыргыз ССРи 1957-ж. Ленин ордени менен сыйланган.

Республиканын айыл чарбасынын алдыңкы 52 эмгекчисине Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган. 2986 адам СССРдин орден жана медалдары менен сыйланышкан. Алардын ичинде **З. Кайназарова, Х. Таширов,** экинчи жолу Социалисттик Эмгектин Баатыры болушкан.

1958-ж. КПСС БКнын чечимине ылайык буга чейин колхоздорду тейлеп келген МТСтер ремонттук-техникалык станциялар (РТС) болуп кайра түзүлүп, анын техникалары колхоздорго берилген. Ушул эле жылы экономикалык абалы начар 122 колхоздун, 6 МТСтин базасында 39 совхоз уюшту-

рулган. Ушундан кийин республикада экономикасы төмөндөп кеткен колхоздорду совхоздорго айландыруу саясаты улантылган.

Жетишилген ийгиликтерге карабастан 60-жж. башында Кыргызстандын айыл чарбасы жалпы экономикалык өсүштөн артта калган.

50-жж. жүргүзүлгөн реформалардын натыйжасында башкаруунун борбордоштуруу жана демократиялаштыруу принциптерин айкалыштыруу аракети жасалган. Бул кайра куруулардын натыйжасында борбордук бийлик начарлабастан, бир аз ийкемдүү болуп калган. Социалдык-экономикалык жана маданий чөйрөнү башкарууда союздук республикалардын укуктары бир кыйла кеңейтилген. Бирок административдик-буйрукчул системанын шарттарында борбордук бийлик менен республикалык бийлик органдарынын ортосунда карама-каршылыктар пайда боло баштаган. 1959-ж. КПСС БКнын Пленумунда Кыргызстандын, Өзбекстандын, Казакстандын жана Латвиянын жетекчиликтери өз укуктарынан одоно пайдалангандыктары жалпы мамлекеттик кызыкчылыктарга келтирген залалдары, жердешчилдиктери үчүн катуу сынга алынып айыпталган. 1961-ж. майда Кыргызстандын партиялык жана мамлекеттик жетекчилери И. Раззаков менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы К. Дыйкамбаев республиканын өз алдынчалыгын кеңейтүүдөгү активдүү аракеттери үчүн кызматтарынан бошотулган.

1963-ж. Орто Азиянын Эл Чарба Совети түзүлгөн. Ага бул аймактын экономикасына жетекчилик кылуу милдети жүктөлгөн. Эл Чарба Советинин түзүлүшү менен улуттук республикалардын 50-жж. реформалар учурунда алган укуктары жокко чыгарылган.

## 71. «ӨНҮККӨН СОЦИАЛИЗМ» МЕЗГИЛИНДЕГИ КЫРГЫЗСТАНДЫН КООМДУК-САЯСИЙ ТУРМУШУ (1964–1985-жж.)

50-жж. Н. С. Хрущев баштаган реформалар 60-жж. башында өзүнүн күчүн жоготуп солгундай баштаган. Өлкөнүн экономикасы төмөндөгөн. Советтик, партиялык төбөлдөрдүн СССРде «коммунизмди кеңири куруу» жөнүндөгү урааны негизсиз экендиги айкын болгон. Н. С. Хрущев 1964-ж. КПСС БКнын биринчи секретарлыгынан жана СССР Министрлер

Советинин председателдигинен бошотулган. КПСС БКнын биринчи секретарлыгына Л. И. Брежнев шайланып, СССР Министрлер Советинин председателдигине А. Н. Косыгин дайындалган. Ошентип, өлкөдөгү административдик-буйрукчул системага жаңы жетекчилик келген.

Бул мезгилде жалпы өлкөдө партиянын үстөмдүгү чыңдалып, ал коомдук турмуштун бардык жактарына тикедентике кийлигише баштаган. Партиялык жетекчилер өздөрү башкарган аймактардын бирден-бир кожоюндарына айланышкан. Кыргыз ССРинде партиялык-мамлекеттик жетекчилик 1961-ж. тартып эле **Турдакун Усубалиевге** өткөн.

Өнүккөн социализм мезгилинде КПССтин бюрократтык аппараты чыңдалып, өлкөдөгү бардык бийлик партиянын жогорку органдарына топтолгон. Республикалардын партиялык жана Советтик жетекчилери гана эмес, обкомдун биринчи катчылары, ири ишканалардын жетекчилери да Москва аркылуу дайындалып калган.

Кыргыз ССРинин Компартиясынын Борбордук Комитетинин, обкомдордун, ал тургай алыскы элеттик райкомдордун экинчи секретарлары, айрым учурларда биринчи секретарлары орус улутундагылар болуп калган.

Административдик-буйрукчул системанын шартында партиялык-мамлекеттик башкаруудагы кемчиликтер өлкөдөгү коомдук уюмдарга да тараган. Партиянын күжүрмөн резерви аталган комсомолдун турмушунда да формалдуулук, шашылыш чечим кабыл алуу, курулай шандануу, кичине иш үчүн тоодой рапорт берүү күч алган. Бул жылдары комсомолдук органдардын демилгелери өчүп, толук бойдон партиянын жетегинде калган.

Ушундай эле абал профсоюздарга да тиешелүү болгон. Профсоюздардын ролун жогорулатуу үчүн аракеттер, албетте, болгон. Алар эл чарбасынын бардык тармактарында иштеген. 60-жж. ортосунда бүтүндөй өлкө сыяктуу эле Кыргызстандын колхоздорунда да профсоюздар түзүлө баштаган.

60-жж. СССРде, анын ичинде Кыргызстанда, мамлекеттик бийликтин органы катары Советтердин ролун көтөрүү аракети башталган. Кыргыз ССР Жогорку Совети республиканын социалдык-экономикалык өнүгүшүндө Советтердин ролун көтөрүү, жергиликтүү Советтердин ишин жакшыртуу үчүн бир катар аракеттерди жасаган. Бул иште ошол мезгилде Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы болуп иштеген **Т. Кулатов** көп эмгек сиңирген.

Партиялык бюрократиянын күч алган мезгилинде Советтер мамлекеттик бийликтин жогорку органы катары мурдагыдай формалдуу гана эсептелип, өз ишмердигинде союздун, республикалык мыйзамдардын аткарылышы жөнүндөгү министрликтердин, ведомстволордун, эл депутаттар советтеринин отчетторун угуу, эмгекчилердин арыз, даттанууларын кароо менен гана чектелген.

КПССтин коомдун саясий системасындагы ээлеген ордун бекемдөө, өнүккөн социализмдин маани-маңызын ачык көрсөтүү үчүн 1977-ж. 7-октябрда СССРдин, ал эми 1978-ж. 20-апрелде Кыргыз ССРинин жаңы Конституциялары кабыл алынган. Буларда *«Компартия совет коомунун жетекчи жана багыттоочу күчү, анын саясий системасынын, мамлекеттик жана коомдук уюмдарынын ядросу»* деген атайын статья бекитилген. Муну менен КПССтин жеке бийлиги мыйзамдаштырылган. Бирок социалисттик коомдун негизин түзгөн Советтердин абалы, ээлеген орду толук көрсөтүлгөн эмес.

1979-ж. июнда жергиликтүү Советтерге шайлоо жөнүндө мыйзам кабыл алынган. Ал негизинен мурдатан эле келе жаткан шайлоо тартибин бекиткен. Депутаттыкка кандидаттар жогортодон бирден гана көрсөтүлгөн. Эл аларды формалдуу түрдө эле шайлап коюшкан. Жергиликтүү маселелер аткаруу комитеттери тарабынан чечилип, эл өкүлдөрү Советтердин сессияларында мурдатан даярдалган чечимдерге добуш берүү менен чектелген. Натыйжада эл бийлигинин принциптери бузулган, жаңы демилгелерди эски традициялуу башкаруу ыкмалары басып салган. Маселелерди чыгармачылык шык менен талкуулоого, кабыл алынган чечимдерди мезгил-мезгили менен текшерүүгө бөгөт коюлган.

1960-жж. баштап Кыргыз ССРинин мамлекеттик бийлигинин аткаруучу жана тескөөчү жогорку органы болгон Кыргыз ССР Министрлер Совети республиканын социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнө көп көңүл бура баштаган. Республиканын эл чарба планын, мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттерди ишке ашырууда, республиканын таламдарын жактоодо активдүү аракеттерди жасаган. Бул органдын ишин жакшыртууда **А. Сүйөркулов, Б. Мамбетов, А. Сүйүмбаев** жана **С. Ибраимов, А. Дүйшөев** көрүнүктүү эмгек сиңиришкен.

80-жж. башынан баштап аткаруучу бийликтин башында турган Кыргыз ССРинин Министрлер Советинде да иш солгундаган.

Анда каралган иштердин үчтөн экисин күнүмдүк маселелер түзүп калган. Министрлер Совети өзүнүн жергиликтүү органдарына жылына 4 минден ашуун токтомдорду, буйруктарды жөнөтүп турган. Алардын көбү контролдун жоктугунан аткарылган эмес.

Социалисттик демократиянын принциптерине ылайык республикада көптөгөн коомдук массалык уюмдар түзүлгөн. Бирок алардын мүчөлөрү формалдуу түрдө гана мамлекетти башкаруу иштерине катышып жатышат делип эсептелген. Ошондой болсо дагы 80-жж. ортосунан кийин коомдук уюмдардын ролун көтөрүү үчүн эл массасы активдүү кирише баштаган.

## 72. «ӨНҮККӨН СОЦИАЛИЗМ» МЕЗГИЛИНДЕ ӨНӨР ЖАЙДЫН ӨНҮГҮШҮ (1964–1985-жж.)

1965-ж. өлкөдө эл чарбасын реформалоо башталган. Бул реформа анын активдүү демилгечиси – СССР Министрлер Советинин төрагасы А. Н. Косыгиндин атынан *косыгиндик реформа* делип аталып калган. Реформа боюнча Н. С. Хрущев тарабынан уюштурулган Эл чарба Советтери жоюлуп, тармактык министрликтер калыбына келтирилген. Реформага ылайык ишканалардын иштерине айрыкча кийлигишүү токтогон. Ишканаларга жогору жактан берилүүчү көрсөтмөлөр, план тапшырмалар азайган. Продукция өндүрүүдө ишканалардын материалдык кызыкчылыктарын көтөрүүгө аракеттер жасалган. Ал үчүн өнөр жай ишканаларын дотациялабастан, кредит берүү аркылуу финансылоо тартиби киргизилген.

Реформа алгачкы жылдары жакшы натыйжаларды берген. Өлкөнүн, анын ичинде Кыргызстандын, өнөр жайы тез темп менен өнүгө баштаган. Сегизинчи беш жылдыкта (1966–1970-жж.) өлкөнүн экономикасы болуп көрбөгөндөй темп менен көтөрүлгөн. Реформаны андан ары тереңдетүү үчүн өндүрүштүк мамилелерди дагы өзгөртүү керек эле. Реформа экономикалык чөйрөдө ийгиликтүү жүргөнү менен саясий чөйрөдө, идеологияда кардиналдуу өзгөрүүлөр болгон эмес. Административдик-буйрукчул системанын шартында жүргүзүлгөн реформа акырындык менен начарлай баштаган, анын баалуулугу төмөндөгөн.

Өнүккөн социализмдин шарттарында Кыргызстандын өнөр жайы өлкөнүн бирдиктүү эл чарба комплексинин органикалык бөлүгү катары өнүккөн. 1965–1985-жж. Кыргызстандын улуттук кирешеси 2,7 эсе, өнөр жай продукциясы 4,4 эсеге өскөн. Мунун ичинен машина куруу жана металл иштетүү 8 эсеге, ал эми электр энергиясын өндүрүү 5 эсеге жогорулаган. Бул мезгилде республиканын коомдук дүң продукциянын 60 проценти, улуттук кирешелеринин жарымынан көбү өнөр жайга туура келген. Кыргызстанда 150 жаңы өнөр жай ишканалары курулган.

Бул жылдары административдик-буйрукчул бийлик экономиканы интенсивдүү жол менен өстүрүүгө анча көңүл бурган эмес. Экономика мурдагыдай эле экстенсивдүү мүнөздө өнүккөн. Натыйжада өндүрүштүн өсүшү жаңы объектилерди ишке киргизүүнүн натыйжасында көбүрөөк камсыз болгон.

Токмокто жүндү алгач иштетүүчү жана ийрүүчү фабрикасы, Кыргыз камволдук нооту комбинаты, Фрунзедеги трикотаж бирикмеси, килем комбинаты курулган. Мунун натыйжасында республикада жүндөн даяр продукция чыгаруу иши жолго коюлган.

Ушул мезгилде өнөр жай ишканалары, өзгөчө айыл чарба продукцияларын иштетүүчү ишканалар кичине жана орто шаарларда курула бштаган. Натыйжада жергиликтүү продукцияларды, эмгек ресурстарын пайдаланууга жакшы шарттар түзүлгөн.

80-жж. башында Орто Азияда казылып алынган көмүрдүн 40 проценти Кыргызстандын үлүшүнө туура келген. Бирок бул жетишкендик да өндүрүштүн экстенсивдүү өнүгүшү аркылуу камсыз болгон. Кыргызстандын электр энергиясы Нарын дарыясында курулган Үч-Коргон, Токтогул ГЭСтеринин эсебинен көтөрүлгөн. 80-жж. ортосунда Кыргызстандын ГЭСтеринде жылына 11 млрд кВт саат электр энергиясы иштелип чыгып турган.

Ошентип, Кыргызстанда индустриянын перспективалуу тармагы – азыркы гидроэнергетика ушул жылдары калыптанган.

Жалпы союздук эмгекти бөлүштүрүүдө Кыргызстан сурьма, сымап, сейрек кездешүүчү түстүү металлдарды өндүрүүдө маанилүү роль ойногон. Кадамжай сурьма комбинатында өндүрүлгөн сурьма эл аралык рынокто сапаттын эталону болуп таанылган. Хайдаркан сымап комбинатынын продукциясы да дүйнөлүк рынокто жогору бааланган. 70–80-жж. түстүү

металлургия республиканын өнөр жайында алдыңкы орунга чыккан. 1970–1985-жж. түстүү металл 2 эседен көбүрөөк өндүрүлүп, анын продукциялары 40 мамлекетке экспорттолгон. Мындан тышкары алтындын, жездин, олово ж. б. кендери ачылып, аларда жаңы ишканалар курулган.

Машина куруу тармагы күчтүү темп менен өнүгүп, республиканын индустриясынын жүзүн көргөзгөн. Бул тармакта айыл чарба машиналары, автосамосвалдар, металл кесүүчү станоктор, ири электр машиналары жана электр кыймылдаткычтары, физикалык жана контролдук-ченөөчү приборлор, электр насостору, кир жуугуч машиналар, электр лампалары ж. б. жасалган. Тилекке каршы бул тармак да экстенсивдүү мүнөздө өнүккөн.

Бул мезгилде айыл чарба машиналарын чыгаруучу Фрунзе атындагы заводдо жана «Тяжэлектромаш» заводунда техникалык реконструкциялоо иштери толук жүргүзүлгөн. Натыйжада бул заводдордун өндүрүштүк кубаттуулуктары бир кыйла жогорулаган. Алсак, айыл чарба машиналарын чыгаруучу заводдо 1985-ж. 32 миң чөп таңгактоочу машина чыгарылган. Бул продукцияны дүйнөнүн 50дөн ашык мамлекеттери сатып алып турган.

Майлы-Сайдагы электр лампалар заводу СССРдеги эң ири ишканалардын бири болуп калган. Мындан тышкары «Кыргыз кабель», «Кыргызэлектродвигатель», электрондук эсептөөчү машиналар заводу ж. б. ишканалары иштей баштаган. Машина куруу өнөр жайы боюнча Кыргызстан Орто Азия республикаларынын ичинен алдыңкы орунда турган. Он биринчи беш жылдыкта (1981–1985-жж.) республиканын дүң продукциясынын 50 проценттен ашыгын машина куруу жана металл иштетүү тармактары өндүргөн.

Республикада курулуш материалдарынын индустриясы да өнүккөн. Канттагы цемент-шифер комбинаты, 3 үй куруучу комбинаттары, айнек заводу, темир-бетон заводу, гранит, мрамор ж. б. таштарды иштетүүчү заводдор иштеп, продукцияларды арбын чыгара баштаган.

Өнөр жайдын экстенсивдүү мүнөздө өнүгүшү 80-жж. башында өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып бүткөн. Мындан ары өнүгүү үчүн мезгил өндүрүштүк мамилелерди түп тамырынан бери өзгөртүүнү талап кылган.

Өнөр жайдын өнүгүшү менен республиканын жумушчу табынын катары өскөн. Кыргызстандын эл чарбасынын бардык тармактарында иштеген жумушчулар 1960-ж. 310 миң

адамды түзсө, 1985-ж. алар 866 миң адамга же болбосо 6,3 эсеге көбөйгөн.

1985-ж. республикада 360 миң жумушчу кыргыздар болуп, алар республикадагы жумушчулардын 40 процентин гана түзгөн. Булардын көбү айыл чарбасында, транспортто же курулушта ж. б. иштешкен. Өнөр жайдын индустриялуу тармактарында болсо негизинен СССРдин борбордук региондорунан келген жумушчулар эмгектенген. Жергиликтүү элдерден жумушчу адистерди даярдоонун ордуна бул мезгилде сырттан адистерди чакыруу аларга жашоо жана иштөө үчүн шарттарды түзүү тенденциясы күч алган. Бул жергиликтүү калктын жумушчу табынын өсүшүнө тоскоолдук кылган.

## 73. 1964–1985-жж. КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙЫЛ ЧАРБАСЫ

Кыргызстандагы 60-жж. экинчи, 80-жж. биринчи жарымындагы айыл чарбасы жөнүндөгү сөздү КПСС БКнын март (1965-ж.) Пленумунан баштаганыбыз туура. Анткени бул пленумда *«СССРдин айыл чарбасын андан ары өнүктүрүүнүн кечиктирилгис чаралары жөнүндө»* токтом кабыл алынган.

Айыл чарбасын көтөрүүнүн комплекстүү программасын турмушка ашыруу үчүн бул жылдары айыл чарба өндүрүшүнө улуттук киреседен акча каражаттар көбүрөөк бөлүнгөн. Бүтүндөй өлкө сыяктуу эле, Кыргызстандын айыл чарба өндүрүшүн каржылоого да көп көңүл бурулган. Алсак, 1966–1975-жж. республиканын айыл чарбасы үчүн мамлекеттик жана колхоздук каражаттардан 2 млрд 586 млн сом, ал эми, кийинки он жылда (1976–1985-жж.) 4 млрд 33 млн сом суммасындагы капиталдык салым жумшалган.

1985-ж. Кыргызстанда бир чарбага орто эсеп менен 72 трактор, 36 жүк ташуучу автомобиль, 20 комбайн туура келип, айыл чарбасынын энергия кубаттуулугу 1965-ж. салыштырганда 5 эсеге өскөн. Айыл чарбасы өзгөчө техника менен мурдагы мезгилде мынчалык деңгээлде жабдылган эмес эле.

Өндүрүштү механизациялаштыруу менен катар, айыл чарбасында электр кубатын көбүрөөк пайдаланууга мүмкүнчүлүк болгон. Анткени ушул жылдары кубаттуу ГЭСтердин курулуп, ишке киргизилишинин натыйжасында Кыргызстанда электр кубатын иштеп чыгуу бир кыйла көбөйгөн. 1965–1985-жж. республикада ГЭСтердин кубаттуулугу 249,3 мин

кВт саатан, 2416 миң кВт саатка, т. а. 9 эсеге жакын, ал эми электр кубатын өндүрүү 999,3 млн кВт саатан 6063,5 млн кВт саатка же 6 эседен көбүрөөк өскөн. Мунун натыйжасында бардык райондор, колхоздор менен совхоздор, айылкыштактар борбордоштурулган мамлекеттик энергия системасына туташтырылган.

Кыргызстандын шартында *жерди мелиорациялоо* маанилүү экендиги эске алынып, 20 жылда республикада жерди мелиорациялоо ишине 1,3 млрд сом мамлекеттин, 130 млн сом колхоздордун эсебинен бөлүнгөн. Бул каражат ушул максатка буга чейинки кырк жылда бөлүнгөн каражаттан 5 эсеге көп эле. Натыйжада жаңы сугат системалары, сууну сактоого, үнөмдүү пайдаланууга ылайыкташтырылган ири курулуштар ишке киргизилген. 224 миң га айдоо жерге, 1789 миң га жайыттарга суу чыгарылган. Сугат жерлеринин аянты 1 млн гектардан ашкан. Өлкөдө биринчи болуп Кыргызстанда сугат ишинде сууну бөлүштүрүү боюнча автоматташтырылган система иштей баштаган.

60-жж. ортосунда өлкөдө калыптанган субъективдүү, баш аламан, зордук менен башкаруудан баш тартууга, өндүрүштүк мамилелерди өркүндөтүүгө бир катар аракеттер болгон. Бул үчүн айыл чарбасына акчалай каржылоо, өндүрүштүк пландоо, баа саясатын жакшыртуу багытында көп аракеттер жасалган. Колхоздор менен совхоздор, чарба аралык ишканалар менен мекемелер, атайын аныкталган пландар боюнча мамлекетке продуктуларды сатууга милдеттендирилген. Дыйканчылык жана мал чарба продуктуларынын баалары бир нече жолу жогорулатылган.

Айыл чарбасында өндүрүштүк мамилелерди өркүндөтүүдө сегизинчи беш жылдыкта колхозчуларга гарантияланган эмгек акы төлөө тартиби, тогузунчу беш жылдыкта республиканын айыл чарбасында чарба жүргүзүүнүн жаңы формасы катарында чарбалык эсептин киргизилиши да маанилүү роль ойногон.

Айыл чарба өндүрүшүнө жумшалган капиталдык салымдар, өндүрүш мамилелерин өркүндөтүүгө кылган аракеттердин натыйжасында республиканын айыл чарбасында продуктулардын дүң жыйымы беш жылдыктан беш жылдыкка карай өскөн. Пландуу экономиканын шартында айыл чарбасынын экстенсивдүү мүнөздө болушу, өндүрүштү уюштурууда жаңы экономикалык ыкмалардын административдик-буйрукчул бийлик тарабынан чектелиши, негизгиси материал-

дык өндүрүштүн өнүгүшүнө эмгекчилердин кызыгууларынын жетишсиздиги айыл чарба өндүрүшүн өзгөчө соңку он жылдыкта солгундаткан. Натыйжада айыл чарба продуктуларынын өзүнө турган наркы анын бардык негизги түрлөрү боюнча жогорулоонун гана үстүндө болгон.

1965–1985-жж. аралыгында республиканын чарбаларында бир центнер буудайдын, пахтанын, картошкөнүн, тамекинин өзүнө турган наркы эки эсеге, жашылча-жемиштердики болсо беш эсеге жогорулаган. Бул сыяктуу көрүнүш мал чарба продуктуларына да мүнөздүү болгон. Буйрукчул экономиканын шартында, өзгөчө он биринчи беш жылдыктын жылдарында айыл чарба өндүрүшүндөгү кризис өзгөчө тереңдеген. 1985-ж. Кыргызстандагы колхоздор менен совхоздордун 60,6 проценти зыян тартып иштеп калган. Чарбалардын мамлекетке карызы жылдан жылга көбөйгөн.

## 74. «ӨНҮККӨН СОЦИАЛИЗМ» ДООРУНДАГЫ АЙЫЛ-КЫШТАКТАРДЫН СОЦИАЛДЫК ТУРМУШУ

Айыл-кыштак калкынын реалдуу кирешелерин көтөрүү үчүн бул жылдарда, кыйла прогрессивдүү аракеттер жасалган. Мисалы, сегизинчи беш жылдыкта колхозчулардын эмгегине ай сайын гарантияланган акы төлөө киргизилген. Колхозчулардын өндүрүшкө кызыгуусун жогорулатуу үчүн мамлекетке сатылуучу айыл чарба продуктуларынын баасы бир нече ирет жогорулатылган. Мунун натыйжасында Кыргызстанда 1965–1985-жж. колхозчулардын айлык акысы 69 сомдон 160 сомго көтөрүлгөн. Бул көрсөткүч совхоздордо 66 сомдон 140 сомго өскөн. Айыл-кыштак элинин жалпы кирешелеринин түзүлүшүндө эмгекке алынган акынын үлүшү жогору болгон. Алсак, 1985-ж. Кыргызстандын колхозчуларынын үй-бүлөсүнүн кирешелеринин 52,4 процентин, ал эми совхоздун жумушчуларынын үй-бүлөсүнүн кирешелеринин 56,5 процентин коомдук чарба төлөгөн эмгек акы түзгөн.

1966–1985-жж. коомдо социалдык камсыздандырууну жакшыртууга кылган аракеттердин натыйжасында, айыл-кыштактын эли коомдук керектөө фондуларынын эсебинен да олуттуу кирешелерди алышкан. Алсак, сегизинчи беш жылдыкта колхозчуларга пенсия жана пособие төлөө башталып, кийинки жылдары кыйла өркүндөтүлгөн. Айыл-кыштак эли жалпы кирешелеринин үчтөн бирине жакынын,

ыксыз чектөөлөргө карабастан, өздөрүнүн көмөкчү чарбаларынан алып турган.

Айыл-кыштак элинин керектүү товарларга болгон талаптарын канааттандыруу, аларды соода, турмуш-тиричилик, коомдук тамак-аш, транспорт жана байланыш тармактары аркылуу төлөө иштери да кыйла оңолгон. Бирок бул багыттардагы чечилбеген маселелер да арбын болгон. 1985-ж. Кыргызстандын 269 айыл-кыштактарынын 269унда күнүмдүк керектелүүчү азык-түлүк, 424дө өнөр жай товарларын сатуучу дүкөндөр болгон эмес.

Айыл-кыштак калкын турмуш-тиричилик жактан тейлөө ишин жакшыртуу боюнча аракеттердин натыйжасында 1985-ж. республиканын айыл-кыштактарындагы элди турмуш-тиричилик жактан тейлөө үчүн 2508 ишкана иштеген. Бирок, ушул жылы Кыргызстандын 1241 айыл-кыштактарында элди турмуш-тиричилик жактан тейлөөчү ишканалар, ал тургай заказдарды кабыл алуучу жайлар да болгон эмес. 1985-ж. Кыргызстан айыл-кыштак калкына кызмат көрсөтүү деңгээли боюнча 15 союздук республиканын ичинен он үчүнчү орунда калган.

Социалдык турмуштун эң негизги маселелеринин бири эчактан эле турак жай экендиги талашсыз. 1964–1985-жж. республиканын айыл-кыштактарында бул багытта салыштырмалуу көрүнүктүү ийгиликтер болгон. Республиканын жогорку бийлик органдары айыл-кыштак элин турак-жай менен камсыз кылуу, айыл-кыштактардын инфраструктурасын жакшыртуу аларды көрктөндүрүү боюнча, аракет жасаган. Республикадагы айыл-кыштактарда турак-жай курулушу өскөн. Айыл-кыштактардын көбү көрктөндүрүлгөн.

Административдик-буйрукчул башкаруунун саясаты боюнча бул мезгилде Кыргызстанда айыл-кыштактарды ирилештирүү иши күч алган. Бул багыттагы иш-аракеттердин натыйжасында, 1965–1985-жж. аралыгында республикада айыл-кыштактардын саны 3524төн 1762ге чейин кыскарган. Өзгөчө аракеттердин натыйжасында айыл-кыштактарды ирилештирүү боюнча Кыргызстан СССР боюнча Молдавия менен Армениядан кийинки үчүнчү орунга чыккан.

Совет бийлигинин жылдарында, анын ичинен «өнүккөн социализм» мезгилинде, айыл калкынын саламаттыгын сактоо ишинде салыштырмалуу чоң жетишкендиктер камсыз болгон. Бул багыттагы жетишкендиктер менен катар бул тармакта көптөгөн маселелер чечилбеген бойдон калган.

1985-ж. карата эле республиканын 539 айыл-кыштагынын эли медициналык жардам үчүн 10 *км* ге чейин, ал эми 105 айыл-кыштактын эли андан дагы узак жол жүрүүгө аргасыз болушкан.

Дүйнөнүн өнүккөн мамлекеттеринде төрөлгөн 1 миң баланын 6–9 гана бир жашка жетпей өлүп калаары аныкталган. Ал эми СССР боюнча бул көрсөткүч орто эсеп менен 25 баланы түзгөн. Кыргызстанда 1980-ж. 1 миң баланын 48,4, 1985-ж. 47,2 бир жашка жетпей өлүп калган. Ал эми республикадагы айрым айылдык советтер боюнча алганда төрөлгөн 1 миң баланын 150 чейинкиси бирге чыкпай чарчап калаары аныкталган.

Буйрукчул экономикада социалдык чөйрөгө экинчи планда көңүл буруунун чоң салакасы айыл-кыштактарда маданий мекемелерге өзгөчө катуу тийген. Социалдык чөйрөгө бөлүнгөн каражаттар өзгөчө өлкөдөгү 70-жж. экономикалык кризистерден кийин дагы кыскарган. Каражаттардын жетишсиздигинен элдин маданий деңгээлин көтөрүүгө багытталган мыкты чечимдер, чакырыктар республикадагы экономикасы жакшы өнүккөн айрым чарбалар тарабынан гана жарым жартылай аткарылып, көпчүлүк айыл-кыштактарда көңүл бурулбаган бойдон калган. 80-жж. ортосунда республиканын 800 айыл-кыштактарында клуб мекемелери, 511инде китепканалар, 874үндө кино көрсөтүүчү аппараттар болгон эмес.

Республиканын айыл-кыштактардагы маданият мекемелеринин материалдык-техникалык базасын чындоого кандай көңүл бурулса, аларды адистер менен камсыз кылуу ишине болгон камкордуктар деле андан ашып түшпөгөн. Каражаттардын өтө аздыгына байланыштуу айылдык маданият чөйрөсүндө эмгектенгендерге материалдык жана моралдык шарттар түзүлгөн эмес.

## 75. «КАЙРА КУРУУ» ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН КООМДУК-САЯСИЙ ТУРМУШУ (1985–1990-жж.)

80-жж. ортосунда Советтер Союзу экономикалык, социалдык жана саясий кризиске белчесинен батканы, административдик-буйрукчул бийлик жаңы доорго ылайык келбей калгандыгы айкын көрүнгөн. Өлкөнүн ичиндеги кризис тышкы саясаттагы кризис менен коштолгон. Дүйнөлүк саясатта,

социалисттик системада СССРдин кадыр-баркы төмөндөп кеткен.

1982-ж. ноябрда Л. И. Брежнев өлгөндөн кийин бийликке келген Ю. В. Андропов коррупцияга биротоло баткан партиялык-мамлекеттик аппаратты оңдоого, өлкөдөгү абалды жакшыртууга аракет кылган. Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүн токтотуу үчүн эмгек тартибин чыңдоого көңүл бурулган. Бул аракет бир аз гана натыйжа берген. Бирок Ю. Андропов өлгөндөн кийин (1984-ж. февралы) К. Черненконун бийликке келиши менен мурдагы «брежневдик абал» кайрадан калыбына келген. Ал башкарган бир жылда ички жана тышкы саясатта маанилүү бир дагы маселе чечилген эмес. Партиялык-мамлекеттик жогорку жетекчиликтин бир бөлүгү өлкөдөгү орногон система өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толук бойдон пайдаланып бүткөндүгүн, аны оңдоого болбой калгандыгын түшүнгөн.

Ушундай кырдаалда 1985-ж. 11-мартта КПСС БКнын генералдык секретарлыгына М. С. Горбачев шайланган. Мурдагыдай жашоого жана башкарууга болбой калганын толук түшүнгөн М. С. Горбачев КПСС БКнын апрель (1985-ж.) Пленумунда өлкөнүн коомдук-экономикалык турмушунун көпчүлүк маселелерин жаңыча чечүүнү сунуш кылган. Пленумда өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн багыты жарыяланган.

Партиялык-мамлекеттик жетекчиликтеги коррупцияны жоюш үчүн адегенде брежневдик саясатка өтө берилген бир катар ишмерлер бийликтен четтетилип, алардын ордун жаңы көз караштагы адамдар ээлеген. Партиялык жетекчиликти жаңылоо бүтүндөй өлкө боюнча жүргөн. 1985-ж. чейрек кылымга жакын Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетин жетектеген Турдакун Усубалиев кызматынан бошотулуп ордуна **Абсамат Масалиев** шайланган.

КПССтин XXVII съездинде *«СССРдин 1986–1990-жж. жана 2000-ж. чейинки мезгилдеги экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттары»* кабыл алынган. Съезддин документтери М. Горбачев баштаган тездетүү багытынын неґизги милдеттерин бекиткен. Ошого карабастан партконференцияда шайлоо системасын реформалоо жөнүндө чечим кабыл алынган. Бул демократиялык принциптерди ишке ашыруудагы чечүүчү кадам болгон. Натыйжада коомдук уюмдар альтернативдик шайлоого катышууга мүмкүндүк алышкан.

1988–1989-жж. СССРде, анын ичинде Кыргызстанда жаңы кырдаал түзүлгөн. Эгерде буга чейин кайра куруу жогортодон, бийлик тарабынан жүргүзүлүп келсе, эми ал төмөн жакка түшүп, ага эл массасы, коомдук уюмдар активдүү катыша баштаган. Коомдук турмуштун саясатташы тездик менен жүргөн. Кыргызстанда жаштардын алгачкы дискуссиялык, саясий клубдары пайда болуп, алар коомдук турмуштун актуалдуу маселелерин кызуу талкуулашып, өздөрүнүн пикирлерин эркин билдире башташкан. Кыргызстанда алгачкылардан болуп «Комсомолец Киргизии» газетасынын алдында «Демос» клубу, Электрондук эсептөөчү машиналар заводунда «Замандаш» саясий клубу түзүлгөн. Бирок булар бийликке карата оппозицияга өтө алышкан эмес.

1988-ж. жаштардын дискуссиялык кыймылдары активдүү чыга баштаган. Кыргыз Мамлекеттик университетинде «Замандаш», Мамлекеттик пландоо комитетинин экономика институтунда «Көз караш», Нарын областынын Миң-Куш кыштагындагы «Оргтехника» заводунда «Демилгелүү жаштардын биримдиги», Москва шаарында кыргыз жаштарынын «Акыйкат» дискуссиялык клубдары иштеген.

1989-ж. шайлоо компаниясынын башталышы менен бул уюмдар саясий теориялык дискуссиядан практикалык иштерге, шайлоого активдүү катышууга өтүшкөн. Кыргызстанда өз алдынча ассоциациялар, союздар, республикалык бирикмелер пайда боло баштаган.

1989-ж. жазында Кыргызстанда улуттук кыймыл күч алган. Июнда кыргыз жаштары борбор шаардын түштүк чыгышында массалык түрдө жер участокторун өз бетинче ээлеп ала баштаган. Бул республиканын жетекчилиги үчүн күтүлбөгөн окуя эле. Өз алдынча үй кургандар өздөрүнүн маселелерин чечүү үчүн «Ашар» коомуна биригишкен. Ош шаарындагы кыргыз жаштары «Ош аймагы», өзбек жаштары «Адолат» коомдоруна биригишип, өз алдынча жер алып, үй куруучулардын кызыкчылыктары үчүн күрөшө башташкан.

Кыргызстанда көп партиялуулуктун түзүлүшүнө «Ашар» коомдук уюму чоң роль ойногон. Бул коом кыска мөөнөттүн ичинде өз бетинче үй куруучулардын экономикалык кызыкчылыктарын коргогон уюмдан саясий уюмга өсүп чыккан. 1989-ж. март–апрель айларында «Асаба» жана «Атуулдук демилге» аттуу улуттук демократиялык бирикмелер түзүлгөн. Бул уюмдар «Ашардын» саясатташкан бөлүгү менен 1990-ж. майда түзүлгөн жалпы республикалык «Кыргызстан демок-

ратиялык кыймылынын» (КДК) ядросун түзгөн. Бул Кыргызстандын калкынын ичиндеги эң белгилүү көп улуттуу саясий кыймылга айланган. Кийинчерээк республикада пайда болгон саясий партиялардын көпчүлүгү ушул КДКнын ичинен калыптанышып, бөлүнүп чыккан. КДКдан биринчи болуп 1991-ж. февралда «Эркин Кыргызстан», 1991-ж. ноябрда «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиялары бөлүнүп чыккан.

КПСС жашап турган мезгилде бул партияларга жана саясий уюмдарга карата мамиле начар болгон. Алар «бейформал» уюмдар делип аталып, жетекчилери массалык маалымдоо каражаттары тарбынан «эл бузарлар» катары күнөөлөнүп, куугунтукка алынган. Бул абал КПСС таркатылып, СССР кулаганга чейин созулган.

Кыргызстандын калкынын саясий активдүүлүгүнүн өсүшү, улуттук аң-сезимдин көтөрүлүшүнүн шартында Кыргызстан Компартиясынын толук көзөмөлүндө турган Кыргыз ССР Жогорку Совети 1989-ж. 23-сентябрда Кыргыз тили жөнүндөгү мыйзамды кабыл алган. Анда кыргыз тили мамлекеттик тил деп жарыялаган. Орус тили улуттар аралык катнаштын тили катары таанылып, республикада жашаган бардык улуттардын тилдеринин тең укуктуулугу жана эркин өнүгүшү камсыз кылынат деп белгиленген.

1990-ж. февралда Кыргыз ССРинин Жогорку жана жергиликтүү советтерине шайлоолор болуп өткөн. Бул Кыргыз ССРинин тарыхындагы биринчи өткөн альтернативдик шайлоо эле. Көпчүлүк шайлоо округдарында депутаттыкка экиден ашык талапкерлер катталып, аларда шайлоолор эки тур менен өткөрүлгөн.

1990-ж. апрелдеги Кыргыз ССР Жогорку Советинин биринчи сессиясында Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Абсамат Масалиев Кыргыз ССР Жогору Советинин төрагасы болуп шайланып, мамлекет башчысынын укугун алган. Сессиянын жүрүшүндө мамлекетик бийликтин бутактарынын укуктарын тактоо, президенттик бийликти киргизүү жөнүндө сунуштар айтылган.

1990-ж. февралда өткөн КПСС БКнын Пленуму СССРдин Конституциясындагы, партиянын коомдогу жетекчилик ордун бекемдеген 6-статьяны алып таштоо жөнүндө макулдугун берген. Март айында өткөн СССР Эл депутаттарынын III съезди бул жобону алып салган. Өлкөнүн жогору жагындагы чечимдерге ылайык Кыргыз ССРинин Жогорку Советл-

нин сессиясы да Кыргызстандын Негизги мыйзамынан 6-статьяны алып салуу жөнүндө чечимди кабыл алган. Ошентип өлкөдө, анын ичинде Кыргызстанда КПССтин жеке бийлиги жоюлуп, демократиялык коомдун негизги белгиси болгон саясий плюрализм жана көп партиялуулук үчүн кеңири жол ачылган.

## 76. «КАЙРА КУРУУ» ЖЫЛДАРЫНДАГЫ ЭКОНОМИКА (1985–1990-жж.)

Өлкөнүн экономикасын кайра куруу башкаруунун экономикалык ыкмаларына өтүү менен башталган. Мунун натыйжасында ишканалардын, айыл чарба өндүрүшүнүн өз алдынчалыгы кеңейтилип, алар өзүн-өзү актоонун, башкаруунун, финансылоонун негизинде толук чарбалык эсепке өтө баштаган. 1986-ж. чарба жүргүзүүнүн бул ыкмасына республикада өнөр жайдын продукциясынын 70 процентин өндүргөн 125 ишканасы жана бирикмелери өтүшкөн. Аларда Кыргызстандын өнөр жайында эмгектенген жумушчулардын теңинен көбү иштешкен. 1987-ж. баштап кайра куруу республиканын калган ишканаларын, курулушту, транспортту, байланышты, сооданы т. а. эл чарбасынын бардык тармактарын өз кучагына алган.

Кайра куруунун жылдарында өлкөнүн экономикасын радикалдуу түрдө реформалоо жөнүндөгү чечим КПСС БКнын июль (1987-ж.) Пленумунда биринчи жолу кабыл алынган. Бул реформанын максаты адиминистративдик-буйрукчул башкаруудан элдин кызыкчылыгын көздөгөн экономикалык ыкма менен башкарууга биротоло өтүү экендиги жарыяланган. Бирок өлкөнүн өндүрүш каражаттарына карата менчиктин көп түрдүүлүгүнө жол берилген эмес.

Өлкөдө экономиканын төмөндөшүн токтотуп, аны стабилдештирүү үчүн 1987-ж. СССР Жогорку Советинин сессиясында рынок экономикасына өтүү жөнүндө чечим кабыл алынат.

КПССтин XXVIII съезди жана КПСС БКнын октябрь (1990-ж) Пленуму экономикалык реформаны жүргүзүү, рынок экономикасына өтүү жөнүндө чечим кабыл алган. Бул чечим Кыргызстандын бийлик органдарында да талкууланган. Бирок Кыргызстандын жетекчилери мамлекеттик менчикти жоюп, көп укладдуу экономиканы түзүү маселесине өтүү маселесине өтө этияттык менен мамиле кылууну чечишкен.

Кыргызстанда рынок экономикасына өтүү боюнча Мыйзам 1991-ж. 7-августта кабыл алынып, ал *«Кыргыз Республикасында менчикти мамлекеттен ажыратуунун, менчиктештирүүнүн жана ишкердиктин жалпы башталыштары жөнүндө»* деп аталган. Мында ишкердикти күчөтүү максатында мамлекеттик жана коммуналдык ишканаларды арендалык, мамлекеттик акционердик жана коммерциялык коомдорго айландыруунун жолдору аныкталган.

Башкаруунун экономикалык ыкмаларына өтүүнүн натыйжасында жергиликтүү партиялык органдар эл чарбасын башкаруудан четтетиле баштаган. Жетекчилердин эмгек коллективдери тарабынан альтернативдик негизде шайлана башташы менен жергиликтүү партиялык уюмдар экономикалык турмушка кийлигише албай, жөн гана байкоочуларга айланган.

1986–1990-жж. Таш-Көмүр ГЭСи курулуп бүткөн, Шамалды-Сай жана Камбар-Ата ГЭСтери тездик менен курула, Таш-Көмүрдөгү жарым өткөргүчтөрдү жасоочу завод толук кубаттуулук менен иштей баштаган. «Макмал» алтын комбинаты продукция чыгарууга өтүп, Сары-Жаз менен Таласта алтын кендерин казып алуу тездеген.

Экономикалык реформанын жүрүшүндө республикадагы өнөр жай ишканаларынын дээрлик бардыгы өзүн өзү башкарууга жана каржылоого өткөрүлгөн. Башкарууда айкындуулук күчөп, жоопсуз жетекчилердин чогулуштары, кеңешмелери кыскарган. Натыйжада эмгектин өндүрүмдүүлүгү жогорулап, 1986–1990-жж. республикада өнөр жай продукцияларын өндүрүү 17,5 процентке жогорулаган.

1986–1990-жж. республиканын экономикасынын маанилүү тармагы болгон айыл чарбасын реформалоо үчүн жер, аренда, жерге карата менчик жана жерди пайдалануу жөнүндө мыйзамдар кабыл алынган.

Мурдагы колхоз, совхоздор менен катар эле чарба жүргүзүүнүн түрдүү формаларына, ыкмаларына жол берилген. Дыйкан чарбалары, арендалоо, кооперативдер, бригадалык подряддар мыйзамдаштырылган. Бул чарбалардын бардыгы өздөрүнүн ишмердигин чыныгы чарбалык эсептин, өзүн-өзү каржылоонун тартибинде жүргүзгөн. Продукция өндүрүүдө жана сатууда булардын ортосунда конкуренцияга жол ачылган.

Республиканын айыл чарбасын башкарууну жакшыртуу үчүн мурдагы айыл чарба, жашылча-жемиш, эт жана сүт,

тамак-аш, айыл курулуш өңдүү жети министрликтин ордуна Кыргыз ССРинин Мамлекеттик агро-өнөр жай комитети түзүлгөн. 1987-ж. бул комитетте 178 колхоз, 291 совхоз, 43 чарба аралык жана башка айыл чарба ишканалары болгон. Мындан тышкары 6 айыл чарба продуктуларын иштетүүчү ишкана, 104 тамак-аш өнөр жайынын ишканалары, 142 айылдык курулуш уюмдары кирген. Натыйжада айыл чарбасын пландоо, каржылоо жана жетектөө бир колго топтолгон. Мурдагы башкаруу аппаратынын жарымы кыскарган.

Айыл чарбасындагы реформанын натыйжасында колхоздор менен совхоздордун экономикалык абалы бир аз жакшырган. 1986–1989-жж. алардын кирешелери 47 процентке өскөн, эмгектин рентабелдүүлүгү жогорулаган. Эң башкысы республиканын эли азык-түлүк менен жетиштүү өлчөмдө камсыз болуп турган.

1990-ж. карата айыл чарбасына жумшалган капиталдык салымдар 1008 млн сомду түзгөн. Натыйжада айыл чарбасынын материалдык базасы жакшырган. Сугат иштери кеңейтилген. 1990-ж. айыл чарбасынын бардык түрүндө 1205,2 миң баш ири мүйүздүү мал, 9972,5 миң кой жана эчки, 393,4 миң чочко, 312,6 миң баш жылкы, 13914,5 миң тоок болгон. Бирок малдын башынын көбөйүшү менен жайыттардын түшүмдүүлүгү 1,5–2 эсеге төмөндөп кеткен. Айрым жайыттар жараксыз болуп калган. Малдын продуктуулугу төмөндөгөн.

Дыйканчылык да экстенсивдүү мүнөздө өнүгүп, көңүл өндүрүлгөн товардын сапатына эмес, анын дүң жыйымына бурулуп калган. Натыйжада өндүрүлгөн продукциянын өзүнө турган наркы жогорулай берген.

1988-ж. Кооперация жөнүндө закон кабыл алынат. Бул боюнча өзүнчө чарба күтүүнү каалагандарга мүмкүнчүлүк ачылат. Дыйкан жана фермер чарбалар түрүндө эксперименттик кооперативдер түзүлө баштаган.

1990–1991-жж. айрым гана демилгелүү адамдар түшүмдүү жерлерди, техникаларды, жеңилдетилген кредиттерди узак мөөнөткө алышып өз алдынча дыйкан, фермер чарбаларын түзүшкөн. 1991-ж. 1-январга карата республикада 4567 дыйкан, фермер чарбалары уюштурулган. Орто эсеп менен ар бир чарбага 4 ири мүйүздүү мал, анын ичинен 2 уй, 143 кой жана эчки, 3 жылкы туура келген. Бирок социалисттик чарба жүргүзүүнүн шартында кооперативдик кыймыл да, дыйкан жана фермер чарбалары да өнүгө алган эмес.

## 77. СОЦИАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕРДИН КУРЧУШУ. ОШ КООГАЛАҢЫ

Социалдык саясат боюнча дүйнөгө үлгү болуп жатабыз деген курулай шаңдануубуз айкындуулук доорунда төгүнгө чыгып, социалдык маселелерди чечүүдө көп мамлекеттерден артта калганыбыз көрүндү.

Жалпы эле совет элине, анын ичинде Кыргызстандын журтчулугуна, коомдогу жат көрүнүштөрдүн тийгизген залалы боюнча аныктасак, «өнүккөн социализм», «кайра куруу» мезгилинде өзгөчө күч алган **аракечтик** менен **масчылык** биринчи орунга чыккан.

*«Ооруну жашырсаң, өлүм ашкере кылат»* дегендей, масчылык менен алкоголизм өлкөнүн турмушунда тамырын кенен жайып, адамдардын жашоосунда коркунучтуу илдетке айланган. Акыры, КПСС Борбордук Комитетинин жана СССР Министрлер Советинин 1985-ж. 17-майында жарыяланган токтомунда, СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указында жалпы элдик жек көрүндү илдет болгон аракечтик жана масчылык маселеси кийинки жылдарда өлкөдө өтө курчуп кеткендигин, өлкөнүн жетекчилиги моюнга алууга аргасыз болгон.

Аракечтик менен масчылык СССРде, анын ичинде Кыргызстанда өзгөчө «өнүккөн социализм» доорунда күч алып, калк арасында кеңири тамыр жайган. Мисалы, 1983-ж. ар бир совет адамына – бешиктеги баладан чал-кемпирлерге чейин эсептегенде, 60 бөтөлкөдөн арак чыгарылып, баары ичилип кеткен. Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун маалыматы боюнча 1980-ж. СССРде 40 млн алкоголик болгон. Тактап айтканда, бул СССРдин ар бир жетинчи адамы алкоголик дегендикке жаткан.

1985-ж. Кыргызстанда жалаң гана саламаттык сактоо мекемелеринде катталгандарды эсептегенде 100 миң адамга 838 алкоголизм оорусу менен ооругандар туура келген. Бул көрсөткүч Орто Азиянын бөлөк республикаларына салыштырганда Кыргызстанда эки эсеге жакын көптүк кылган.

Алкоголдук ичимдиктердин кеңири тарашынын натыйжасында Кыргызстандын калкы үй-бүлөлүк үлпөттөрдү, тойлорду, ал тургай сөөк коюу өңдүү каада-салттарын спирттик ичимдиктер менен өткөрүүнү адатка айланткан. Ар түрдүү шылтоолор менен ондогон өспүрүмдөрдүн обу жок сайрандоосу, чогуу мас болушу республикада кеңири жайылып кеткен.

Айкындуулук доорунда аракечтикке жана алкоголизмге каршы жогортодон жүргүзүлгөн күрөш, Кыргызстандын айрым областтарынын, райондорунун «сергектик зонасы» деп жарыяланышы эл ичинде **наркомания** менен **токсикоманиянын** жайылышына түрткү болгон. Жөнү жок тыюу салуулардын натыйжасында наркоманияга каршы түшүндүрүү, санитардык-агартуу, үгүт-насыят иштери жүргүзүлгөн эмес. Ушул өңдүү саясаттагы кемчиликтерден улам бул илдет Кыргызстанда да күч алган. 100 миң адамга эсептегенде наркоман же токсикоман оорусу менен катталгандардын саны боюнча республикабыз СССРде экинчи орунда турган.

Наркомандыктын тез таралышы, бир жагынан, саясаттагы, агартуу-тарбия иштериндеги кемчиликтерге байланыштуу болсо, экинчиден, республиканын айыл жерлеринде жапайы кара куурайдын өзгөчө көп өскөндүгү менен шартталган. 1980-ж. Кыргызстандын 4 миң гектардан ашуун жеринде наркотик же нашаа алына турган кара куурай өсөрү аныкталган.

Наркоманиянын тарашына каршы күрөштүн кеч башталышы, тажрыйбанын аздыгы, саламаттык сактоо мекемелеринде наркоман оорусунун башталышы, аныктай турган экспресс-диагностиканын, бул багытта адистердин жоктугу да себеп болгон.

Социалисттик коомдук мамилелердин жетишсиз деңгээлде өнүккөнүнөн улам өлкөдө, анын ичинде Кыргызстанда Совет бийлигинин жылдарында **кылмыштуулук** жана **мыйзам бузуучулук** өнүгүп келген.

1980-жж. кылмыштуулуктун жылдык өсүшү боюнча Кыргызстан алдыңкы орунда турган төрт республиканын (Молдавия, Литва, Өзбекстан) катарына кирген. 1980-ж. Кыргызстанда 11,7 миңдей, 1985-ж. 14,4 миң кылмыш иши катталса, 1989-ж. ал 25,5 миңден ашкан. Кыргызстандагы 100 миң адамга эсептегенде 1980-ж. – 323, 1985-ж. – 353, 1989-ж. – 920 кылмыш иши туура келген. Кылмышкерлердин өз убагында кармалбай, жазаланбай калышы бул көрүнүштүн күчөшүнө түрткү болгон. Алсак, 80-жж. ортосунда жасалган кылмыштардын 40 проценти ачылбаган бойдон кала берген.

Республикада топтолгон социалдык маселелердин өз убагында чечилбей келиши коомдук турмуштун башка тармактарына да залалын тийгизген. Кылмыштуулуктун өсүшү аны оздуктоочу партиялык-мамлекеттик органдардын алсыздыгы акыры массалык кагылышууларга, кан төгүүгө да алып келген.

1990-ж. жайында Ош шаарынын айланасында өз алдынча жер участкаларын алып үй салуу аракеттеринин жүрүшүндө кыргыз жана өзбек улутундагы элдердин, өзгөчө жаштардын ортосунда тирешүү пайда болот. Бул маселеге өз убагында баа берип, чечип коюунун ордуна партиялык-мамлекеттик жетекчилик кайдыгерликти, чечкинсиздикти көргөзгөн.

Эки улуттун жаштарынын кагылышына негизинен кыргыз улутундагы жаштарды бириктирген «Ош аймагы» жана өзбек улутундагылар кирген «Адолат» коомдук уюмдарынын тажрыйбасыздыгы, саясий көз караштарынын тайкылыгы да себеп болгон. Кызуу кандуу жаштарды тыйып коюунун ордуна Ошто жашаган, көптү көрүп билген, Ата Мекендик согуштун, эмгектин айрым ардагерлеринин эки улуттун жаштарын кандуу кагылышка түртүшү өтө кечиримсиз иш болгон. Буга 1990-ж. 2-мартында Ош областынын Жалал-Абад шаарында жашаган аксакал ардагерлеринин 23 кишиден турган тобунун Союздук жана республикалык бийлик органдарына жөнөткөн каты күбө.

Бул катта республиканын Ош областында жашаган өзбектер областтын калкынын жарымын түзөрү, алар кысымга алынып жаткандыгы жалган фактылар менен көрсөтүлүп, бул аймакта улуттук тең укуктуулукту коргош үчүн Кыргыз ССРинин курамындагы Ош автономиялуу областын түзүү сунуш кылынган. Бул каттын тексттери көбөйтүлүп атайын кишилер аркылуу калк арасына таратылган. Ардагерлердин тобунун бул иши өзбек жаштарынын сепараттык аң-сезиминин, эки улуттун карама-каршылыгынын күчөшүнө түрткү болгон.

Жер участкалары үчүн чыр-чатак күчөгөн мезгилде өзбек үйлөрүндө батирде жашаган 700дөй кыргыз үй-бүлөлөрүн көчөгө кууп ташташы абалды ого бетер татаалдаштырган. Каршылашкан эки топ 4-июнда бөлүштүрүү үчүн талашка түшкөн талаага чогулушат. Буга чейинки окуялардан улам чегине жеткен тирешүү кандуу жаңжалга айланат. Ал жердеги бийлик органдарынын кыжырданган жаштарды токтотууга күчтөрү жетпей калат. Өзбек улутундагылар шаардын бир жагынан, кыргыздар экинчи жагынан кандуу жүрүш башташат. Шаар ичиндеги кагылышууларда 155 адам жырткычтык менен өлтүрүлүп, 845 адам жарадар болгон, 262 үйлөр, 24 дүкөн жана башка имараттар, 67 автомашина өрттөлгөн. 5-июнь күнү Ош шаары толук жабылып, шаарга

аскер бөлүктөрү киргизилген. 6-июнда шаардагы абал көзөмөлгө алынган.

5-июнда Өзгөн шаарындагы эл көп топтолгон жерлерде да улут аралык жаңжал чыгып, ал массалык мүнөзгө айланган. Ал жакта да кан төгүлүп, турак-жайлар өрттөлгөн. 6-июнда аскерлердин кириши менен кагылышуулар басаңдаган. 7-июнда курч кырдаал Ош областынын бардык аймактарында жана Фрунзе шаарында да түзүлгөн. Натыйжада 7-июнда Фрунзеде да өзгөчө кырдаал киргизилген.

Ош коогалаңы республикалык партиялык-мамлекеттик жетекчилик тарабынан терең талданган эмес. Бул элдин бийликтегилерге болгон нааразылыгын туудурган.

## 78. 1917–1940-жж. ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ

Маданиятты көтөрүү — социалисттик курулуштун маанилүү тармагы болгон. Эксплуататордук коомдон калган маданий артта калуучулукту, сабатсыздыкты жоюу, калкты билимге жана илимге тартуу керек эле. Булардын ичинен эл агартуу биринчи орундагы милдет катары аныкталган. 1918-ж. апрелде Түркстан крайынын Эл Комиссарлар Советинде эл агартуу комиссариаты түзүлүп, жер-жерлерде элге билим берүү бөлүмдөрү иштей баштаган. Кыргызстанда коомчулуктун өкүлдөрүнөн элге билим берүү Советтери түзүлүп, мектептерде билим берүү иштери колго алынган.

1918-ж. Бишкек уездинде 8 миң окуучу окуган 69 мектеп, Пржевальск уездинде 56 мектеп болгон. Бул мектептердин теңине жакыны жаңы ачылган. Ош уездиндеги 13 мектепте 36 мугалим эмгектенген.

Жаңы экономикалык саясаттын жылдарында Түркстан АССРиндеги бардык мектептер жергиликтүү бюджетке өткөрүлгөн. Бирок алар мектептердин жөнөкөй муктаждыктарын да канааттандыра алган эмес. Мугалимдер эмгек акысын натуралай алышкан.

1924–1925-окуу жылында Кыргызстанда биринчи баскычтагы 465 мектеп, бир нече экинчи баскычтагы мектептер жана интернаттар иштеген. Окуунун бардык түрлөрү боюнча 32 минден ашуун бала билим алган. Бирок алардын арасында кыздар өтө эле аз санда болгон. Эне тилиндеги жазуунун жоктугуна байланыштуу кыргыз балдары казак, татар, өзбек тилдеринде окуган. Кыргыз тилинде окуу китептерин жа-

зып чыгарууда И. Арабаев, К. Тыныстанов өзгөчө эмгек сиңиришкен. 1924-ж. И. Арабаевдин «Кыргыз алиппеси» деген эмгеги Ташкенттен чыккан. Бул кыргыз тилиндеги биринчи окуу китеби эле. Ошол эле жылы дагы 12 китеп, 28 миң нускада чыгарылган. Алардын ичинде К. Тыныстановдун кыргыз тилине арналган окуу китептери бар эле.

Улуттук мугалимдердин пионерлери, өз заманынын берилген агартуучулары И. Арабаев, М. Байгазаков, Ш. Сатылганов, А. Исаева, Э. Сүтичеров, З. Кыдырбаев, А. Койгелдиев, О. Жумалиев ж. б. болгон. Кыргыз улуттук мектептерин уюштурууда жана алардын иштерин жакшыртууга орус педагогдору Н. Ивановский, А. Лобанов, И. Локтионов, А. Сапожников ж. б. чоң салым кошушкан. Кыргызстандагы алгачкы мугалимдердин баатырдык эмгектери Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» аттуу повестинде реалдуу чагылдырылган.

1927–1928-окуу жылында 548 мектепте 42,5 миң окуучу окуган. Алардын 5044 биринчи баскычтагы, 26сы жогорку баскычтагы мектептер, 13 балдар үйү болгон. 1925-ж. Оштогу алты айлык курстардын негизинде бир жылдык педагогикалык техникум уюшулган. Ушул эле жылы Бишкек менен Караколдогу тогуз жылдык мектептер айыл чарба техникумдарына айланган. 1925-ж. болсо Бишкекте агартуу институту ачылган. 1925–1926-окуу жылында Бишкекте, Караколдо, Жалал-Абадда аялдардын кесиптик-техникалык мектептери ачылат. Мындан тышкары советтик-партиялык мектептер ачылып, анда келечектеги жетекчи адистер даярдала баштаган.

1929-ж. Кыргызстандын атайын орто окуу жайларын жүздөн ашуун адистер бүтүрүп чыккан. Ушул жылы Кыргыз педагогикалык техникумун 21, кийинки жылы 47 адис бүтүргөн. Алардын арасында кийин элге белгилүү болгон А. Малдыбаев, Г. Айтиев, К. Жантөшев, М. Элебаев, У. Абдукаимов, К. Маликов, Ж. Бөкөнбаев, А. Осмонов, М. Алыбаев ж. б. болгон.

Кийинки жылдары Кыргызстандын кесиптик окуу жайлары өнүгүү жолуна түшүүп, анда миңдеген адистер даярдала баштаган. Мугалимдердин жана адистердин көбөйүшү калктын сабатсыздыгын жоюу ишин жакшырткан. Сабатсыздыкты жоюу иши 1920-жж. эле башталган. Ушул максатта Кыргызстанда сабатсыздыкты жоюу боюнча атайын комиссия жана «Сабатсыздык жоюлсун» аттуу ыктыярдуу коом түзүлгөн.

1926-ж. СССРдин калкынын сабаттуулугу 51,1 процентке жеткен. Ал эми бул көрсөткүч Кыргызстанда 15,1 процентти түзгөн.

1928–1929-окуу жылында ликбездерде (сабатсыздыкты жоюучу мектептер) окуу латын алфавитинде жүргүзүлгөн. Бул алфавитте сабатсыздыкты жоюуга арналган **Х. Карасаевдин, А. Шабдановдун** жана **С. Нааматовдун** китептери чыккан. Кыргызстанда сабатсыздыкты жоюу үчүн чыныгы күрөш башталып, ал: *«Сабаттуу сабатсызды окут!»* – деген ураан менен жүргөн. Малчылардын, аялдардын сабатсыздыгын жоюуга айрыкча көңүл бурулган.

Сабатсыздыкты жоюуда 1930-ж. башында Кыргызстанда жүргүзүлгөн *маданий жүрүш* чоң роль ойногон. Бул ишке атайын уюштурулган комиссия жетекчилик кылган.

Аракеттердин натыйжасында 1929–1930-окуу жылында ликбездерде 100 миң адам окуп, алардын 73 миңи окуганды жана жазганды үйрөнгөн. Ушундан кийин сабатсыздыкты жоюу ишинде бурулуш башталган. 1930-ж. чала сабаттууларга жардам катары «Сабаттуу бол!» деген газета чыга баштаган. Республикада сабатсыздыкты жоюш үчүн Кыргыз АССРинин ЭКСинин төрагасы жетектеген штаб түзүлгөн. Эгер буга чейин сабатсыздыкты жоюуга негизинен коомчулуктун каражаттары жумшалса 1934–1935-окуу жылынан тартып, бул иш мамлекеттин колуна өткөн. Ушул эле жылы республикада 181,5 миң адам сабатсыздыгын жойгон. 1936-ж. Кыргызстандын өкмөтүнүн алдында сабатсыздыкты жоюу боюнча башкармалык уюшулган.

Бул иштин жүрүшүндө алфавиттин эки жолу которулушу сабатсыздыкты жоюуда, жалпы эле эл агартуу ишинде тоскоолдук кылган. Бирок кыйынчылыктарга карабастан 1939-ж. эл каттоо боюнча республиканын 9дан 49 жашка чейинки адамдарынын сабаттуулугу 78,3, шаар калкыныкы – 85 процентке жеткен. Ал эми 50дөн өткөн адамдардын көбү сабатсыз бойдон калган. Ошентип, 1940-ж. чейин республикада сабаттуулук үчүн күрөш чоң ийгиликтерге жетишкен. Бирок сабатсыздык биротоло жоюлган эмес.

Согушка чейин элге билим берүү сан жагынан гана өспөстөн сапаты да жакшырган. Алсак, 1937–1938-окуу жылында республикада 1358 башталгыч, 327 жети жылдык жана 62 орто мектептер болгон. Мугалимдер эки эсеге көбөйгөн.

Ошентип, 20–30-жж. Кыргызстанда элге билим берүүнүн социалисттик системасы калыптанган. 1930–1931-окуу жы-

лында республикада жалпыга милдеттүү башталгыч билим берүү киргизилген.

Совет бийлигинин калктын, өзгөчө жаш муундардын билим деңгээлин көтөрүүгө кылган аракеттеринин натыйжасында 30-жж. аягында республикада жалпыга милдеттүү башталгыч билим берүү иши ийгиликтүү аяктаган. Ушул ийгиликтин негизинде 1935-ж. шаарларда, ал эми 1937-ж. айыл-кыштактарда жалпыга милдеттүү жети жылдык, шаарларда он жылдык билим берүү иши башталган.

1930-жж. Кыргызстанда атайын орто жана жогорку окуу жайлары да өнүгө баштаган. 1937-ж. республикада 12 техникум жана 5 орто медициналык окуу жайлары иштеп, аларда 3 миң окуучу окуган. Бул 1932–1933-окуу жылына салыштырмалуу эки эсеге көп болгон. Экинчи беш жылдыкта атайын орто окуу жайлары 1,4 миң адистерди даярдаган.

1932–1933-окуу жылында кыргыз элинин тарыхындагы биринчи жогорку окуу жайы – Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык институту ачылган. Бул окуу жайынын калыптанып, өнүгүшүнө Москва, Ленинград ж. б. шаарларынан келген окумуштуу-педагогдору чоң жардам беришкен. 1936-ж. институтту 46 адис бүтүргөн, алардын 13 кыргыздар болгон. 1933-ж. Бишкек айыл чарба техникумунун базасында Кыргыз зооветеринардык институту ачылган. Ал эми 1938–1939-окуу жылында Кыргыз Мамлекеттик медициналык институту ишке киришкен. Ошентип, 1940–1941-окуу жылында Кыргыздардын улан-кыздары 6 жогорку, 34 атайын орто окуу жайларында билим ала баштаган. Жогорку окуу жайларында республика үчүн илимпоздор даярдала баштайт. 1937-ж. Кыргыз өкмөтүнүн алдында илим боюнча комитет түзүлүп, республикадагы илимдин борборуна айланган. Согуштун алдында республикада 13 илим-изилдөө мекемеси болуп, анда 323 илимий кызматкерлер иштеген, алардын арасында илимдин 13 доктору жана 45 кандидаттары эмгектенген.

## 79. КЫРГЫЗ СОВЕТ АДАБИЯТЫ МЕНЕН ИСКУССТВОСУНУН ӨНҮГҮШҮ

Улуттук жазуунун жана басма сөздүн негизделиши элдин маданиятын көтөрүүдө өзгөчө окуя болгон. 1924-ж. араб алфавитинин негизинде кыргыз жазуусу иштелип чыгып, 7-ноябрда кыргыз тилинде *«Эркин Тоо»* гезити басылып чыккан. 1925-ж. 12-мартта орус тилинде «Батрацкая правда»

гезити чыккан. 1926-ж. ноябрында жаштардын «Ленинчил жаш» гезити негизделет. «Коммунист» журналы да ушул жылы чыга баштайт. 1928-ж. «Жаңы маданият жолунда», «Дыйкан» аттуу журналдар чыгарылган.

Акырындык менен кыргыз профессионалдык адабияты да өнүгө баштайт. Анын башатында К. Тыныстанов, Т.Үмөталиев, Ж.Бөкөнбаев, К. Маликов, А.Токомбаев, М.Элебаев, Ж.Турусбеков жана Я. Шиваза 1934-ж. СССР Жазуучулар Союзуна мүчөлүккө кабыл алынып, билеттерин М.Горькийдин колунан алышкан.

Согушка чейин кыргыз жазуучуларынын чыгармачылыгы жаңы бийиктерге көтөрүлгөн. 1934-ж. апрелде өткөн Кыргызстан жазуучуларынын биринчи съезди кыргыз адабиятынын буга чейин өнүгүшүн жыйынтыктап жаңы милдеттерди белгилеген. Съездде Кыргызстан жазуучуларынын союзу уюштурулуп, анын төрагалыгына **А. Токомбаев** шайланган. 1937–1941-жылдары бул союзду **Т.Үмөталиев** жетектеп, ал «Манас» эпосун, жана «Курманбек», «Кедейкан», «Жаныш-Байыш», «Ак-Саткын», «Эр Табылды» өңдүү ондогон кенже эпосторду чогулттуруп, китеп кылып элге жеткирүүдө өзгөчө зор эмгек сиңирген.

Кыргыз адабияты менен катар эле улуттук профессионалдык искусствонун театр, музыка, көркөм сүрөт ж. б. тармактары өскөн 1926-ж. профессионалдык артисттерди даярдоо үчүн музыкалык-драмалык студия ачылган. Аны алгач бүтүргөндөрдөн А. Куттубаев, А. Боталиев, К. Эшимбеков өңдүү мыкты артисттер чыккан. Театралдык коллективге кыргыз элинин эл чыгармачылыгынын өкүлдөрү музыканттар М. Күрөңкеев жана К. Орозов, акындар К. Акиев, Ж. Аликеев, О. Бөлөбалаев, манасчы М. Мусулманкулов, куудул Ш. Термечиков, темир комузчу А. Байбатыров ж. б. чакырылып, алар профессионалдык маданияттын калыптанып өнүгүшүнө өздөрүнүн салымдарын кошушкан. 1930-ж. республикалык музыкалык-драмалык студия театрга айланган. Театрдын алдында эл аспаптар оркестри уюшулган. 1935-ж. Фрунзеде орус драма театры ачылган. 1936-ж. Кыргыз мамлекеттик театры, Кыргыз музыкалык-драма театры болуп кайра түзүлгөн. Ушул эле жылы Кыргыз мамлекеттик филармониясы уюшулган. 1937-ж. майда Кыргыз мамлекеттик драма театрында **Ж. Бөкөнбаевдин** «Алтын кыз», 1938-ж. «Ажал ордуна» драмасы коюлган. 1939-ж. апрелде көрүүчүлөргө Кыргыз музыкалык-драма театры «Айчүрөк» операсын тартуулаган.

1920–1930-жж. кыргыздын улуттук музыкасы да өнүккөн. Кыргыз мамлекеттик филармониясы ири музыкалык

борборго айланат. Анда улуттук хор, кыргыз бий ансамбли, мамлекеттик үйлөмө аспаптар ансамбли ж. б. уюштурулган. 1939-ж. А. Малдыбаевдин жетекчилиги астында Кыргызстандын композиторлорунун союзунун уюштурулушу республикада музыка искусствосунун өнүгүшүнө өбөлгө болгон.

Бул жылдары кыргыздын улуттук музыкасын жазып алуу, аларды изилдөө иши да колго алына баштайт. Бул багытта **А. В. Затаевич** чоң эмгек жасаган.

Согуштун алдында Кыргызстанда **көркөм сүрөт өнөрү** да жаңы баскычка көтөрүлгөн. 1934-ж. Кыргызстан сүрөтчүлөр союзу уюштурулуп, аны **С. Чуйков** жетектеген. 1935-ж. Кыргыз мамле-кеттик сүрөт галереясы уюштурулган. Анда талanttуу сүрөтчүлөр С. Чуйковдун, **Г. Айтиевдин**, С. Акылбековдун ж. б. сүрөттөрү коюлган. 1939-ж. Көркөм сүрөт окуу жайы ачылган. Республикага скульптор О. Мануйлова ж. б. графиктер келишкен. Сүрөт искусствосунун жаңы тармактары калыптана баштаган.

1939-ж. 26-майдан 30-июнга чейин Москвада өткөн Кыргыз искусствосунун Декадасы Кыргызстандын маданий турмушундагы өзгөчө чоң окуя болгон. Ага улуттук искусствонун 550 чеберлери катышкан. Алар койгон 14 спектаклди жана концерттерди 30 минден ашуун көрүүчүлөр баалашкан. Кыргыз мамлекеттик музыка театры Ленин ордени, Кыргыз мамлекеттик филармониясы Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Кыргыз искусствосунун 71 ишмери СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланышкан. Ошентип, 20–30-жж. Кыргызстандын советтик маданияты жаңыдан калыптана баштагандыгына карабастан бир катар ийгиликтерге жетишкен.

## 80. УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ УЧУРУНДАГЫ МАДАНИЯТ

Кыргызстандан интеллигенттеринии ичинен 15736 адам согушка жөнөтүлүп, ар кайсы фронттордо душман менен салгылашышкан.

Тылдагы окумуштуулар мекенди коргоого зарыл согуштук-экономикалык милдеттерди чечүүнүн үстүндө эмгектенишкен. Согуш башталганда республикада 13 илим-изилдөө мекемелери иштеген. Аларда 323 илимий кызматкер эмгектенишкен. Анын 13 илимдин докторлору 45 илимдин канди-

даттары болгон. Кыска мөөнөттүн ичинде эле алар өздөрүнүн иштерин фронттун керектөөлөрү үчүн жумшай баштакан. Эвакуацияланган окумуштуулардан эсебинен республиканын илимий кадрлары чыңдалган. Академиктер А. Бах, А. Борисяк, техника илимдеринин докторлору М. Келдыш, тарых илимдеринин доктору А. Бернштам, филология илимдеринин доктору **К. Юдахин** ж. б. келиши менен республиканын окумуштууларынын сапаты жогорулаган.

Кыргызстандын геологдору согуштук маанидеги кен байлыктарды изилдеп табууда көп иштерди аткарышкан. Алар 1941–1944-жж. 321 экспедиция уюштурушуп – 110 түстүү металлдын, 71 көмүр, нефть, 8 металл кендерин аныкташкан. Натыйжада республикада 20 пайдалуу кендер ачылган. Кыргызстанда табылган сымап, сурьма, фольфрам ж. б. сейрек кездешүүчү кендер стратегиялык чоң мааниге ээ болгон.

Фрунзеге эвакуацияланган СССР Илимдер академиясынын биология бөлүмү, Кыргызстандын илим-изилдөө мекемелери менен бирдикте согуштук жана экономикалык маанидеги маанилүү изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. СССР ЭКСтин 1943-ж. 5-январдагы чечими боюнча СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын ачылышы республикада илим-изилдөө иштеринин өнүгүшүнө чоң өбөлгө болгон. Филиал 1943-ж. 13-августа ачылып, анын председателдигине академик **К. И. Скрябин**, орун басарлыгына Ж. Шүкүров менен В. Масенко, окумуштуу катчылыгына П. Власенко шайланган. Филиалда 158 окумуштуу, анын ичинде СССР Илимдер академиясынын бир академиги, бир корреспондент мүчөсү, 12 илимдин доктору, 22 илимдин кандидаттары эмгектене баштаган.

Филиал өзүнүн бардык иштерин Кыргызстандын ресурстарын өлкөнү коргоо муктаждыктарына жумшоо багытында жүргүзгөн. Н. Сытый жетектеген химия институту жардыруу иштеринин жаңы ыкмасын иштеп чыккан. Коомдук илимдердин өкүлдөрү аскердик-патриоттуулук, Ата Мекенди коргоо, пролетардык интернационализм, согуштун маңызы, мааниси боюнча изилдөөлөрдү, түшүндүрүү иштерин жүргүзүшкөн. 1944-ж. К. Юдахиндин редакциясы менен 40 миң сөздөн турган биринчи «Орусча-кыргызча сөздүк» басылып чыккан. «Манас» эпосун чогултуу жана изилдөө боюнча иштер улантылган.

Фашисттик баскынчыларга каршы согушта адабият менен искусство маанилүү идеялык курал болгон. Кыргызстан

Жазуучулар союзунун Т.Үмөталиев, М. Элебаев, Ж. Ашубаев, Н. Чекменов, Я. Шиваза, Ж. Турусбеков, У. Абдукаимов ж. б. көптөгөн мүчөлөрү фронтко аттанышкан. Алардын айрымдары аскердик бөлүктөрдө саясий жетекчи, басма сөздүн адабий кызматкерлери болуп иштешкен. Советтик патриотизм, Ата Мекенди коргоо, жоокерлердин эрдиктери, тылдагы эмгекчилердин каарман эмгеги Кыргыз жазуучуларынын ошол учурдагы негизги темалары болуп калган. А. Токомбаевдин «Ашырбай», Т. Үмөталиевдин фронтто жүрүп жазган «Үч баатыр жөнүндө ыр», «Кубат», К. Жантөшевдин «Чолпонбай», А. Осмоновдун «Ант», К. Маликовдун «Менин Кавказым» поэмалары Т.Сыдыкбековдун «Артиллеристтер» ж. б. чыгармалары элди туруктуулукка, жаңы эрдиктерге чакырып, жеңиштин камсыз болоруна ишендирген.

Кыргызстандын артисттери согуштун алгачкы айларынан эле өздөрүнүн эмгектери менен жеңишке салым кошууга аракеттенишкен. Кыргызстандык артисттердин бригадалары 1941-ж. июлунан 1942-ж. 1-апрелине чейин фронттогу жоокерлерге, аскерге жөнөтүүчү пункуттарда, госпиталдарда 763 концерт коюшкан. 1941-ж. ноябрда Улуу Ата Мекендик согушка арналган «Патриоттор» аттуу кыргыз операсынын биринчи премьерасы болгон. Музыкалык театрдын артисттеринин жетишкендиктери эске алынып, 1942-ж. 17-августта бул театр Кыргыз Мамлекеттик опера жа-на балет театры болуп кайрадан түзүлгөн. Театрда 1942-ж. ноябрда «Көкүл», бир жылдан кийин декабрда «Ким кантти?» опералары, 1944-ж. «Чолпон» балети коюлган. Согуш аяктаганга чейин бул театрдын артисттери жоокерлердин, тылдагы эмгекчилердин алдында 750 концерт беришкен.

Фронт менен тылдын байланышын чыңдоодо Кыргыз искусствосунун өнөрпоздорунун фронтторго уюштурган гастролдору маанилүү роль ойногон. 1942-ж. 7 концерттик-театралдык бригада уюштурулуп, 1944-ж. чейин алар фронттогу жоокерлердин алдында 2500 концерт беришкен.

1941-ж. июлда Кыргыз драма театры уюштурулуп, согуш жылдарында өнүккөн. 1942-ж. октябрда анда А. Токомбаевдин Ата Мекендик согушка арналган «Ант» деген пьесасы коюлган. 1943-ж. опера жана балет театрынын драмалык бөлүмү Кыргыз Мамлекеттик драма театры болуп бөлүнүп чыккан. 1944-ж. январда анда «Курманбек» пьесасы коюлган. Кийинки жылдары бул театрда «Орус адамдары», «Фронт», «Полководец Суворов», «Текшерүүчү», «Король Лир» пьесалары коюлган.

Согуш жылдары Кыргызстандын көркөм сүрөт өнөрү да өскөн. С. Чуйковдун «Ата Мекен үчүн», «Чолпонбайдын портрети», А. Игнатовдун «Фронтко узатуу», «Эне менен жолугушуу», «Фронттон келген конок», Г. Айтиевдин «Фронттон кат», И. Гальченконун «БЧК курулушунда», «Жайлоодо», Л. Ильинанын «Кызылча отоо», С. Акылбековдун «Колхоз кароолчусу» ж. б. чыгармалары согуш мезгилиндеги элдин турмушун чагылдырган. Ошентип, республиканын адабияты менен искусствосу элдик жеңишке өздөрүнүн салымдарын кошуу менен чыгармачылыктын жаңы баскычтарына көтөрүлгөн.

## 81. УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТАН КИЙИНКИ МЕЗГИЛДЕГИ МАДАНИЯТ (1946–1964-жж.)

*Согуштан кийинки мезгилде маданияттын өнүгүшүндө* сталиндик административдик-буйрукчул система идеологиялык көзөмөлдөөнү күчөткөн. Ал үчүн калктын бир бөлүгүндө капиталисттик, феодалдык-уруучулук көз караш сакталган, интеллигенциянын катмарларында буржуазиялык маданиятка жүгүнүү, комму-нисттик саясатты түшүнбөстүк маанай күчөп кеткен деген шылтоо ойлонулуп табылган. Партиялык жетекчи төбөлдөр өздөрүнүн бул пикирин ВКП(б) БКнын «Звезда» жана «Ленинград» журналдары жөнүндө, «Чоң турмуш» кино тасмасы жөнүндө» деген токтомдорунда негиздешкен. Бул токтомдор чыгармачыл интеллигенциянын кеңири чөйрөсүндө талкууланып, идеологиялык ишти күчөтүү боюнча конкреттүү чаралар көрүлө баштаган. Натыйжада интеллигенциянын айрым өкүлдөрү кайрадан куугунтуктала баштаган.

XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы белгилүү акын Молдо Кылычтын эмгектери «буржуазиялык улутчул» делип аныкталып, аны изилдеген Т. Саманчин, Т. Байжиев, З.Бектенов репрессияга кабылган. Окумуштуулар Ж. Шүкүров, К. Сооронбаев, Х. Карасаев кызматтарынан бошотулган. А. Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романы, К. Маликовдун «Балбай» деген поэмасы катуу сынга алынып, аларды окууга тыюу салынган.

1951-ж. партия менен Совет өкмөтүнүн башкы жетекчилигинин көрсөтмөсү менен элдердин улуттук эпостору сынга алына баштаган. Кыргыз элинин руханий турмушунун туу

чокусу болгон «Манас» эпосуна да «элге каршы багытталган, динчил, эзүүчүлөрдүн кызыкчылыгын көздөгөн, согушту жактаган» чыгарма катары тыюу салынат. Бирок Кыргыз интеллигенциясы өздөрүнүн эпосу жөнүндөгү бул чечимге макул болгон эмес. Басма сөз бетиндеги көп айларга созулган талаш-тартыштардан кийин 1952-ж. июнь айында Фрунзе шаарында «Манас» эпосунун элдүүлүгү» деген темада илимий конференция өткөрүлүп, «Манас» эпосу репрессиядан куткарылган. Эпосту коргоодо М. Ауэзов, А. Токомбаев, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков, А. Бернштам, Б. Юнусалиев, Б. Керимжанова ж. б. чоң эмгек сиңиришкен.

Согуштан кийинки жылдарда элге билим берүү ишинде алгылыктуу бир катар иштер жасалган. 1947-ж. баштап жети жылдык билим берүү жалпыга милдеттүү болуп калган. Согуш мезгилинде чыкпай калган окуу китептери кайрадан чыга баштаган. Кыргыз тилинде окуу китептерин чыгаруу колго алынган. 1950-ж. мектеп окуучулары үчүн 89 аталыштагы окуу китеби чыгарылган. Бул мезгилде атайын орто жана жогорку билим берүү жакшырган. Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык окуу жайы ачылып, аны 1948-ж. 5 адис бүтүрүп чыккан. Пржевальск, Ош, Жалал-Абад эки жылдык мугалимдер институттары, индустриялык, зооветеринардык тамак-аш техникумдары, көркөм сүрөт окуу жайы, республи-калык маданий-агартуу, жана музыкалык-хореографиялык окуу жайлары да алгачкы адистерин чыгара башташат.

СССРдин Илимдер академиясынын Кыргыз филиалында 500 илимдин кызматкерлери, анын ичинен 13 илимдин докторлору, жана 83 илимдин кандидаттары үзүрлүү эмгектенишкен.

Кыргызстандын жогорку окуу жайларында жана илим-изилдөө институттарында 46 профессор, илимдин докторлору, 350 доценттер, илимдин кандидаттары эмгектенген. Алардын 60 кыргыздар болгон. 1950-ж. республикада медициналык, айыл чарба, 4 педагогикалык институттары, 29 атайын орто окуу жайы иштеп, аларда 19,2 миң студент билим алган.

Совет бийлиги орногондон баштап эле өлкөдө башталгыч жана толук эмес орто билим берүү акысыз жүргүзүлгөн. 1956-ж. баштап мектептин жогорку класстарында, атайын орто билим берүү системасында жана жогорку окуу жайларында окугандыгы үчүн акы төлөө жоюлган. 1958-ж. толук эмес орто билим берүү баскычы жетинчи класстан сегизинчи

класска көтөрүлгөн. Бул совет бийлигинин билим берүү тармагындагы чоң жетишкендиги катары бааланган.

**Басма сөз иши** жолго коюлуп, Кыргызстанда 5 республикалык, 10 областтык, 70 райондук жана шаардык газеталар 160 миң нуска менен чыгарылган. Булардан тышкары *«Коммунист»*, *«Агитатордун жана пропагандисттин блокноту»* журналдары кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылган.

**Кыргыз адабияты** өнүгүп, Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» романы СССРдин Мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон. К. Баялиновдун, К. Жантөшевдин, Т. Үмөталиевдин, А. Осмоновдун чыгармачылыктары жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон. Согуштан кийинки мезгилде кыргыз музыкасы, драмасы, көркөм сүрөт искусствосу да жаңы бийиктиктерге көтөрүлгөн.

50-жж. жана 60-жж. башында республиканын маданияты жаңы баскычка өскөн. Бул жылдары Кыргызстандын көркөм адабияты Ч. Айтматов, Т. Үмөталиев, У. Абдукаимов, С. Эралиев, К. Каимов, А. Токтомушев сыяктуу таланттуу акын, жазуучулардын жаңы чыгармалары менен толукталган. 1963-ж. Ч. Айтматов «Тоолор жана талаалар» аттуу повесттер жыйнагы үчүн Лениндик сыйлыкка татыктуу болгон.

Кыргызстандын көркөм өнөрүнүн ишмерлери өздөрүнүн жетишкендиктерин 1958-ж. Москва шаарында өткөн Кыргыз искусствосу менен адабиятынын экинчи он күндүгүндө ийгиликтүү даңазалашкан. Республиканын алты артисти – С. Кийизбаева, Б. Бейшеналиева, М. Рыскулов, Б. Кыдыкеева, А. Мырзабаев, Д. Күйүкова СССРдин эл артисттери болушкан. Искусствонун 300 өкүлү орден, медалдар менен сыйланышкан. Алардын 9 Ленин орденин алышкан.

Ушул мезгилде билим берүү тармагында да кыйла жетишкендиктер камсыз болгон. 1953–1954-окуу жылынан баштап республиканын шаарларында милдеттүү орто билим берүү киргизиле баштаган. Бирок 1955-ж. республикада 20 минден ашуун бала мектептеги окууга тартылбай калган. 1958-ж. баштап жети жылдык билим берүүнүн ордуна милдеттүү сегиз жылдык билим берүү киргизилген. Орто мектептерде окутуу мөөнөтү 11 жылга созулган.

1960–1961-окуу жылында республикада 1763 күндүзгү жалпы билим берүүчү мектептер иштеп, аларда 397,5 миң окуучу билим алган. Бирок, мектептерде иштеген 22 миң мугалимдин 33,1 проценти гана жогорку билимдүү болуш-

кан. Калган мугалимдерди атайын орто билимдүүлөр же жөн гана мектепти бүтүргөндөр түзгөн. Бул мектептерде өтүлгөн сабактардын сапатына тескери таасир тийгизген.

50-жж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы Кесипчилик-техникалык билим берүүнүн Башкы башкармасы тарабынан активдүү иштер жүргүзүлгөн. 60-жж. баштап сегиз жылдык билимдин негизинде шаардык жана айылдык кесиптик-техникалык окуу жайлары түзүлүп, аларда 8,7 миң адис даярдала баштаган.

50-жж. чейин республика үчүн жогорку билимдүү адистер негизинен өлкөнүн борбордук шаарларынан даярдалып келген. Эми жогорку квалификациядагы адистер көп тармактар боюнча республиканын өзүндө даярдала баштайт. 1951-ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин ачылышы тоолуу крайыбыздагы маанилүү окуя болгон. 1954-ж. анын геологиялык жана техникалык факультеттеринин базасында Фрунзе политехникалык институту ачылган.

1951-ж. Ош, 1952-ж. Кыргыз кыз-келиндер институту, 1953-ж. Пржевальск педагогикалык институту ачылып республикада педагогикалык кадрларды төрт жылдык мөөнөт менен даярдоо иши жолго коюлган. 1955-ж. Кыргыз дене-тарбия институту ачылган. Жогорку окуу жайлары менен катар эле атайын орто окуу жайларынын тармактары кеңейген. 1954-ж. Фрунзеде жеңил өнөр жай, советтик соода, 1956-ж. Нарында айыл чарба, 1957-ж. автожол техникумдары ачылган. 1960–1961-окуу жылында Кыргызстандын 8 жогорку жана 27 атайын орто окуу жайларында 22,2 миң студент окуган, алардын 10,8 миңи жогорку окуу жайларынын студенттери болгон.

1954-ж. СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын базасында Кыргыз ССРинин Илимдер академиясы ачылган. Анын биринчи Президенти болуп **Иса Ахунбаев** шайланган. Академиянын биринчи курамына окумуштуулар – Б. Жамгырчинов, И. Ахунбаев, И. Батманов, К. Юдахин, Б. Юнусалиев, жазуучулардан – А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков ж. б. 27 адам кирген. Академияга 203 илимий кызматкер иштеген 10 илимий мекеме караган. Анда илимдин 12 докторлору жана 83 кандидаттары эмгектенишкен. Республиканын өз алдынча Илимдер академиясынын ачылышы республикада илим-изилдөө ишинин өнүгүшүн тездеткен.

## 82. ЖАҢЫ ДООРДОГУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ (1964–1990-жж.)

Калктын билим деңгээлин көтөрүүдө жалпы билим берүүчү мектептердин ролун жакшы түшүнгөн партиялык-мамлекеттик жетекчилик сегизинчи беш жылдыкта (1966–1970-жж.) жалпыга милдеттүү орто билимге өтүүнү, ал эми тогузунчу беш жылдыкта (1971–1975-жж.) бул ишти толук аяктоо милдетин койгон. Кыргызстанда бул милдетти аткаруу үчүн биринчи кезекте жалпы билим берүүчү мектептердин материалдык-техникалык базасын чындоого көңүл бурулган. 1966–1985-жж. республикада 756 миң орундуу 859 мектеп курулган.

1985–1986-окуу жылында Кыргызстандагы 1654 жалпы билим берүүчү мектептердин 1375, же 83 проценти айыл-кыштактарда жайгашкан.

1966–1967-жж. республиканын мектептери жаңы окуу пландарына жана программаларына өткөрүлгөн. 1984-ж. СССРде толук эмес орто билим берүү системасы сегизинчи класстан тогузунчу класска көтөрүлгөн. 1980-ж. окуучуларды окуу китептери менен камсыз кылуу иши толук аяктаган.

Республикада 1965–1985-жж. жалпыга милдеттүү 10 жылдык орто билимге өтүүнү аяктоо ишинде бир топ ийгиликтер болгон.

1966-ж. майда Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы Кесиптик-техникалык билим берүү боюнча Башкы башкармасы Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин мамлекеттик Комитетине айланган. Бул комитеттин аракетинин натыйжасында республикада жаштарга кесиптик-техникалык билим берүү иши бир кыйла жакшырган. Республиканын экономикасынын негизин түзгөн айыл чарбасы үчүн адистерди даярдоого өзгөчө көңүл бурулган. 1965-ж. республикада 17 айылдык кесиптик-техникалык окуу жайлары болуп, аларда 5,2 миң окуучу билим алган. 1990-ж. мындай окуу жайлардын саны 118ге жетип, аларда 56 адистик боюнча 57 миң окуучу окуган.

Бул жылдары жогорку жана атайын билим берүү иши да өркүндөтүлгөн. 1965–1968-жж. Фрунзедеги политехникалык, медициналык, айыл чарба, дене тарбия, Пржевальскидеги педагогикалык институттардын жаңы окуу имараттары курулган. 1967-ж. Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институту ачылып, республикада музыка-

лык билим берүүчү борборго айланган. Фрунзеде музыкалык-педагогикалык, Пржевальск, Ош, Нарын педагогикалык окуу жайлары, курулуш, соода, автожол техникумдары адистерди даярдап чыгара баштаган.

Жогорку квалификациядагы адистерди даярдоодогу салымы үчүн Кыргыз Мамлекеттик университети 1973-ж. Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Буга чейин университет 40 миң адис даяр-даган. 1990-ж. анын 13 факультетинде 13 миң студент 23 адистик боюнча билим алган. Университеттин 76 кафедрасында 950 окутуучу эмгектенген. Алардын ичинде илимдин 39 докторлору, профессорлор, илимдин 320 кандидаттары, доценттер болгон.

Айыл чарбасы үчүн адистерди даярдоодо Кыргыз айыл чарба институту чоң салым кошкон. Бул институт 1983-ж. «Ардак Белгиси» орденине татыктуу болгон. Жарым кылымда институт 15,3 миң адис даярдаган. Институтта 350 окутуучу, анын ичинен илимдин 10 докторлору, профессорлор, илимдин 137 кандидаттары эмгектенген.

Фрунзе политехникалык институту инженердик кадрларды даяр-доонун ири борборуна айланган. Анда эмгектенген 962 окутуу-чу, 11,2 миң студенттерди 12 адистик боюнча даярдашкан. Республика үчүн педагогикалык адистерди даярдоодо Кыргыз кыз-келиндер, Ош мамлекеттик педагогикалык, Пржевальск педагогикалык, Фрунзедеги орус тил жана адабият институттары бараандуу салым кошушкан. 1985-ж. республикада 10 жогорку окуу жайы жана 45 атайын окуу жайлары иштеген. Аларда 109,1 миң студент билим алган. Жогорку окуу жайларын орто эсеп менен жылына 9,5 миң, атайын орто окуу жайларын 13,6 миң адистер бүтүрүп турган.

1989–1990-окуу жылында Кыргызстанда 9 жогорку жана 48 атайын орто окуу жайлары иштеп, аларда 205 миң студент билим алган, булардын 94,6 миңи жогорку окуу жайларынын студенттери болушкан. 80-жж. республиканын жогорку окуу жайлары орто эсеп менен жылына 10 минден, ал эми атайын орто окуу жайлары 14 минден адистерди чыгарып турган. 1989-ж. Кыргызстандын эл чарбасында 180 миң жогорку жана атайын орто билимдүү адистер эмгектенген, бул 1960-ж. салыштырганда 5,4 эсеге көптүк кылган.

1964–1990-жж. **илимдин** ролу жана мааниси көтөрүлгөн. Илимдин техникалык, физика-математикалык, тоо-кен, химия, биология, коом таануу тармактары өнүккөн. Окумуш-

туулардын изилдөөлөрү республиканын жаратылыш жана коомдук ресурстарын эл чарбасына көбүрөөк тартууга, алардын натыйжалуулугун көтөрүүгө багытталган. 1975-ж. илим изилдөөдөгү жана илим кадрларын даярдоодо жетишкендиктери үчүн Кыргыз ССР Илимдер Академиясы Эл достугу ордени менен сыйланган. 1979-ж. 20-декабрда академиянын 25 жылдыгы белгиленген. Бул мезгилде илимдер академиясында 17 илимий мекемелерди бириктирген үч бөлүм иштеген. Аларда 1,2 миң окумуштуу эмгектенген. Алардын 26 академик, 32 корреспондент мүчө, 75 илимдин докторлору жана 512 илимдин кандидаттары болгон.

Академия СССРдин, Кыргыз ССРинин чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн 52 медалын, 180 дипломдорун алган. Окумуштуулар эки жолу СССРдин мамлекеттик, 40 окумуштуу Кыргыз ССРинин мамлекеттик сыйлыктарына татыктуу болушкан.

Бир кезде союздук масштабда илимий ачылыштары менен даңазаланып турган Кыргызстандын илими 80-жж. аягында кризиске учураган. Көп эмгек менен даярдалган илимий адистер башка республикаларга же коммерциялык багытка өтүп кетүүгө мажбур болушкан.

## 83. АДАБИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО (1964–1990-жж.)

Республиканын адабият жана искусство тармагында эмгектенген интеллигенциясы Кыргызстандын руханий деңгээлин көтөрүү багытында эмгектенген. 60-жж. ортосунда Кыргызстан Жазуучуларынын союзуна 30дан ашык көркөм сөз чеберлери мүчө болушкан. Алардын ичинен акындар Э. Ибраевдин, М. Абылкасымованын, М. Буларкиеванын, Ө. Даникеевдин, Т. Кожомбердиевдин, Б. Сарногоевдин ж. б. эмгектери эл ичинде жогору баалана баштаган.

1965-ж. Т. Сатылгановдун 100 жылдык юбилейине карата Кыргызстандын Токтогул Сатылганов атындагы мамлекеттик сыйлыгы белгиленген. Бул сыйлык алгачкы жолу «Таң алдында» романы үчүн А. Токомбаевге жана «Абийир кечирбейт», «Сүйүү жана үмүт» деген пьесалары үчүн Т. Абдумомуновго ыйгарылган.

1968-ж. Кыргыз ССРинин «Эл жазуучусу», «Эл акыны» деген наамдар белгиленген. Бул наамдарга биринчи болуп Ч. Айтматов, К. Баялинов, К. Жантөшев, Т. Сыдыкбеков,

Т. Үмөталиев татыктуу болушкан. 1971–1975-жж. А. Токомбаевдин, К. Баялиновдун, Т. Сыдыкбековдун, Т. Үмөталиевдин, К. Маликовдун, Э. Ибраевдин чыгармаларынын жыйнактары жарыкка чыгарылган. Кыргыз адабиятынын баштоочуларынын бири А. Токомбаевге Социалисттик Эмгектин Баатыры наамы берилген. Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» аттуу тарыхый романы окурмандардын купулуна толгон.

Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы өзүнүн апогейине ушул мезгилде көтөрүлгөн. Анын китептери 8 млн нуска менен дүйнө элдеринин 50дөн ашык тилдерине которулган. Ал эки жолу: 1968-ж. «Жаныбарым Гүлсары», 1983-ж. «Кылым карыткан бир күн» аттуу чыгармалары үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон. 1978-ж. ага Социалисттик Эмгектин Баатыры наамы ыйгарылган.

1987-ж. Кыргызстандын жазуучуларынын ичинде Социалисттик Эмгектин 2 Баатыры, Лениндик сыйлыктын 1 лауреаты, 4 СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын ээлери, Токтогул Сатылганов атындагы сыйлыктын 10 лауреаты, 10 Кыргыз Эл жазуучулары жана акындары, Кыргыз ССР Илимдер академиясынын 6 анык жана корреспондент мүчөсү, СССР Жазуучулар союзунун 21 мүчөсү болгон. Бул кыргыз адабияты үчүн чоң жетишкендик эле.

60–80-жж. искусство жанрында эмгектенген кызматкерлер да активдүүлүктү көрсөтүшкөн. 1966-ж. Кыргыз драматургдарынын пьесалары СССРдин 50дөн ашык театрларында коюлган.

50-жж. ортосунда эле өзүнүн чыгармачыл жолун баштаган кыргыз кино искусствосу 60–80-жж. дүйнө элдерине таанымал «Эрте жаздагы турналар», «Аптап», «Караш ашуусунда атылган ок», «Мен Тянь-Шань», «Биздин балалыктын асманы», «Ысык-Көлдүн кызгалдактары», «Көк Серек», «Кызыл алма», «Ак кеме», «Улан», «Карышкыр үңкүрү» ж. б. көркөм тасмаларды жараткан. Аталган фильмдердин көпчүлүгү СССРде жана чет мамлекеттерде өткөрүлгөн абройлуу кинофестивалдарда жогору бааланган.

Кыргыз кино искусствосун өнүктүрүүдө таланттуу режиссерлор Т. Океев, Б. Шамшиев, Г. Базаров, Д. Садырбаев, атактуу артисттер С. Чокморов, М. Рыскулов, С. Жумадылов, Б. Кыдыкеева, Д. Күйүкова, Т. Турсунбаева, Б. Бейшеналиев, С. Күмүшалиева ж. б. өздөрүнүн зор салымдарын кошушкан.

80-жж. Кыргызстанда 8 адистештирилген театр, анын ичинен бир опера жана балет театры, 6 драмалык жана музыкалык театрлар, республикалык куурчак театры иштеген.

70–80-жж. эле Кыргыз драматургиясынын пьесалары СССРдин 100гө жакын театрларынын сахналарында коюлган. 1960-ж. негизделген Кыргызстан театр ишмерлеринин коомунун 1983-ж. 600дөн ашык мүчөсү болгон. Профессионалдык театрлардан тышкары республикада 21 элдик театр, 5 миңден ашуун өздүк көркөм чыгармачылыктын жамааттары калктын руханий таланттарын канаттандырууда чоң эмгек жасашкан.

70–80-жж. Кыргызстандын композиторлору ар түрдүү жанрдагы чыгармаларды жаратышкан. К. Молдобасанов, Н. Давлесов, М. Абдраев, А. Жаныбеков, К. Артыков, А. Аманбаев, А. Тулеев, Т. Эрматов, Ж.Каниметов тарабынан операларга, балеттерге, театрларда коюлган спектаклдерге, кинофильмдерге музыкаларды жазышкан.

Таланттуу артистер Б. Миңжылкыев, К. Сартбаева, Х. Мухтаров, Т. Сейталиев, М. Темирбеков, Э. Касымов, А. Токомбаева, Р. Чокоева, У. Сарбагышев, Ч. Базарбаев, Э. Мойдунов, А. Исраилов, А. Баетова, Б. Арунов ж. б. кыргыз театрынын ашарын ачышкан. Булардын ичинен кыргыздын атактуу ырчысы Болот Миңжылкыев Ташкен консерваториясын бүтүргөн, кийин Италиянын Милан театры – Ла Скалада үч жыл стажировкадан өткөн. Ал дүйнөнүн опера жылдыздарынын деңгээлине чейин көтөрүлүп, көптөгөн мамлекеттердин театрларында эң мыкты бас ырчы катары кеңири таанылган. Кыргызстандын музыкасынын өнүгүшүнө оркестрдин атактуу дирижерлору, А. Жумакматовдун, Н. Давлесовдун, К. Молдобасановдун, Э. Жумабаевдин, С. Жумалиевдин ж. б. эмгектери баа жеткис.

Элдик музыкабыздагы **токмочулук өнөрдү** өрчүдө СССРдин эл артисти Э. Турсуналиев, Т. Тыныбеков, Т. Турдалиев баштаган Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисттери А. Айталиев, Т. Абдиев, З. Үсөнбаев ж. б. өзгөчө эмгек сиңиришти.

Бул мезгилде кыргыз совет ырлары- нын өнүгүшүнө обончулар Ж. Шералиев, Р. Абдыкадыров, К. Тагаев, М. Рыскулбеков, А. Атабаев, Ү. Сыдыков, Ж. Кайыпов, Т. Казаков, С. Жумалиев, А. Керимбаев, К. Эралиева белгилүү салым кошушкан. Булардын мекен, эмгек, махабат, тынчтык жөнүндөгү ырлары аткаруучулардын репертуарларын байытып, угуучуларды кубанткан.

80-жж. Кыргызстандын **кино искусствосу** өзүнүн мурдагы жылдарда жетишкен ийгиликтерин бекемдөөгө аракеттенген. 1986-ж. Т. Океевдин «Ак илбирстин тукуму», А. Сүйүндүковдун «Жолдор кесилишкенде», 1987-ж. Г. Базаровдун «Бойго жеткендер үчүн баш пааналама» аттуу фильмдери көрүүчүлөргө тартууланган. Кинематографисттер союзунун катары 1990-ж. 100 адамга жеткен.

60–80-жж. республикада **көркөм-сүрөт өнөрү** өскөн. 1966-ж. Кыргызстандын Сүрөтчүлөр союзу уюшулуп, ага 51 сүрөтчү мүчө болгон. 1981-ж. алардын саны – 100гө жеткен. Алардын башында турган атактуу сүрөтчүлөр С. Чуйковдун «Түбөлүктүүлүккө жанашуу», Г. Айтиевдин «Талаадагы тандыр», «Эски кыштак», «Кызыл булуттар» аттуу чыгармалары кыргыз искусствосунун классикасы болуп калган. Республикада сүрөт искусствосунун өнүгүшүнө бул мезгилде А. Игнатьева, Л. Ильина, А. Асранкулов, А. Бейшенова, К. Артыкбаев, С. Чокморов ж. б. салым кошушкан.

Кыргызстанда скульптура өнөрүнүн өнүгүшүнө Лениндик сыйлыктын лауреаты, Социалисттик Эмгектин Баатыры Т. Садыков көрүнүктүү салым кошкон. 1978-ж. анын «Революциянын каармандарына» аттуу монументи ачылган. Бул эмгеги үчүн ага 1980-ж. СССРдин Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган.

1985-ж. Фрунзеде скульптура боюнча Эл аралык симпозиум өткөрүлгөн. Бул иштер республикада искусствонун бул түрүнүн өнүгүшүнө өбөлгө болгон. Ушул жылы Улуу Ата Мекендик согуштун 40 жылдыгына карата «Жеңиштин эстелиги» скульптуралык-архитектуралык комплекси ачылган.

## 84. СССРДИН ТАРАШЫ. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАЛЫШЫ

1990-ж. мартта СССР Эл депутаттарынын III съезди өлкөдө Президенттик бийликти белгилеген. Мамлекетти башкаруунун бул формасынын киргизилиши улут аралык мамилелердин өзгөрүшү, плюрализмдин өнүгүшү, көп партиялуулуктун киргизилиши менен шартталган.

Президенттик бийлик өлкөдө өкмөттүн ишмердигин аныктаган жана анын ишин контролдогон. СССРде президенттик башкаруунун киргизилиши менен Казакстанда, Өзбекстанда ж. б. бир катар союздук республикаларда президенттик башкаруу киргизилген.

1990-ж. 27-октябрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясында альтернативалуу негизде **Аскар Акаев** Кыргызстандын тунгуч Президенти болуп шайланган.

Союздук республикалар гана эмес аз сандуу улуттар дагы көз карандысыздыкты талап кыла баштаган. 1990-ж. 15-декабрда Кыргыз ССРинин Жогорку Совети *«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү Декларация»* кабыл алган. Анда республиканын ар түрдүү улуттарынан турган граждандары Кыргыз Республикасынын элин түзөт, Республикада жашаган бардык улуттардын улуттук маданиятын, тилин, каада-салттарын сактоого жана өнүктүрүүгө кам көрүлөт деп белгиленген. Мындан тышкары Декларацияда республикада менчик көп түрдүү болуп, алар тең укуктуулукка ээ болору жарыяланган.

Президенттик башкаруу киргизилгенден кийин, өзгөчө Кыргызстандын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү талкуунун жүрү-шүндө мамлекеттик бийликтин системасын кайра түзүү, аны чындоо, мамлекеттик бийликти мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлиги деген үч бутакка бөлүү жөнүндө көптөгөн сунуштар айтылган.

1991-ж. 22-январда Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин III сессиясында Кыргызстан Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндө маселе каралып, ага ылайык *«Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндө»* мыйзам кабыл алынган. Ал боюнча биринчи жолу Президенттин, вице-президенттин кызматтары киргизилип, жергиликтүү бийлик органдарынын милдеттери, укуктук негиздери такталган. Бул боюнча жергиликтүү эл депутаттар Советинин маңызы, мазмуну жана функциялары түп-тамырынан бери өзгөргөн.

Ушул мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын биринчи өкмөтү – Министрлер кабинети түзүлгөн. 1991-ж. 22-январда Жогорку Советинин III сессиясында респуб-ликанын биринчи Премьер-министрлигине **Насирдин Исанов** бекитилген.

СССР Эл депутаттарынын IV съездинин чечими боюнча жана СССР Жогорку Советинин 1991-ж. 16-январдагы токтомуна ылайык тең укуктуу эгемендүү республикалардын жаңыланган федерациясы катары СССРди сактоо маселеси жалпы элдик добушка (референдум) коюлган. Референдум 1991-ж. 17-мартта өткөрүлүп, Союзду сактоого далалат кыл-

ган күчтөр менен аны бузууга аракеттенгендердин күрөшүнүн шартында жүргүзүлгөн.

1991-ж. 21-мартта СССРдеги референдумдун жыйынтыктары боюнча СССРдин Жогорку Совети токтом кабыл алган. Анда референдумга өлкө боюнча 147 млн адам катышканы, Союзду сактоо үчүн 112 млн адам, т. а. катышкандардын 76 проценти добуш бергендиги белгиленген.

Жалпысынан референдумдун жыйынтыгы союздук келишимди иштеп чыгууга мүмкүндүк берген. 1991-ж. мартта келишимдин долбоору иштелип чыккан.

1991-ж. Кыргыз ССРинин Жогорку Совети республика үчүн маанилүү бир катар документтерди кабыл алган. 5-февралда Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин сессиясында республиканын борбор шаарынын тарыхый атын калыбына келтирүү маселеси талкууланып полководец М. В. Фрунзенин атын алып жүргөн борборго кайрадан Бишкек деген баштапкы аты берилген.

Союздук келишимдин долбоору боюнча борбордук бийлик союздук республикаларга көп ири маселелерди өз алдынча чечүү мүмкүндүгүн берген. Орус тили мамлекеттик статустан ажыратылып, улут аралык байланыштын тили болгон.

Өлкөдөгү консерваторлор союздук келишимди «Совет мамлекетин сатуу» катары баалап, өлкөнү аскердик төнкөрүш аркылуу сактап калууну чечишкен. Бул максатта алар «СССРдеги өзгөчө абал боюнча Мамлекеттик Комитет» (ГКЧП) түзүшүп, 19–21-августа «мамлекеттик төнкөрүш» жасоого аракет кылышкан. Бул окуя СССРдеги ансыз дагы араң турган мамлекеттик бийликтин баркын биротоло кетирген.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин сессиясы **1991-ж. 31-августта «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндөгү Декларацияны»** кабыл алган. Бул боюнча Кыргыз Республикасы көз карандысыз, эгемендүү демократиялык мамлекет деп салтанаттуу жарыяланган. Ошентип, дүйнөнүн картасында жаңы, өз алдынча, көз каранды эмес мамлекет – **Кыргыз Республикасы** пайда болгон.

Көз каранды эместиктин шартында 1991-ж. 12-октябрда Аскар Акаев жалпы элдик шайлоодо Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланган.

Көз каранды эместиги жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасы жалпы союздук органдардын көзөмөлдөөсүнөн

кутулуп, бардык бийликти өз колуна ала баштаган. Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен 1991-ж. 20-октябрда Мамлекеттик Коопсуздук Комитети жоюлуп, анын ордуна Улуттук Коопсуздук боюнча Мамлекеттик Комитети, ал эми 3-декабрда Кыргыз Республикасынын Улуттук Гвардиясы, декабрдын аягында ички иштер аскерлери түзүлгөн.

1991-ж. 8-декабрда Минск шаарына жакын Беловеж токоюндагы өкмөттүк резиденциясында Беларусь Республикасы, Россия Федерациясы жана Украина Көз каранды эмес Мамлекеттердин шериктештигин (КМШ) түзүү жөнүндөгү келишимге кол коюшат. Ушул окуядан кийин СССРдин таркоо процесси башталган. 1991-ж. 21-декабрда Алматыда Беларусь Республикасы, Россия Федерациясы, Украина, Азербайжан, Армения, Казакстан, Кыргызстан, Молдавия, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан КМШны түзүү келишимине кол коюшкан. Бул СССР биротоло жашоосун токтотту дегенди түшүндүргөн. 25-декабрда М. Горбачев СССРдин жоюлгандыгына байланыштуу СССРдин Президентинин милдетин аткарууну токтоткондугун билдирген.

СССРдин кулашы жана КМШнын түзүлүшү мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон. Анткени союздук борбор менен союздук республикалардын ортосундагы мамилелер кийинки учурда туюкка барып такалган эле. КМШга кирген ар бир мамлекет өзүнүн территориясында жашаган бөлөк өлкөлөрдүн граждандарына (граждандык укугу жокторго да) улуттук ж. б. өзгөчөлүктөрүнө карабастан граждандык, саясий, социалдык, экономикалык жана маданий укуктарды, адам укугунун эл аралык нормаларына ылайык камсыз кылууга милдеттенген.

Ошентип, формалдуу түрдө федеративдүү мамлекет деп аталып, ал эми иш жүзүндө унитардык мамлекет катары жашап келген Советтик Социалисттик Республикалар Союзу жөн гана тарап кетпестен Шериктештикке жол бошоткон. Негизгиси, бул процесс чыр-чатаксыз, кан төгүүсүз, тынчтык жол менен өткөн.

## 85. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН КООМДУК-САЯСИЙ ТУРМУШТАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жаралышы кыргыз элинин тарыхындагы эң маанилүү окуя болгон. Республиканын эгемендүүлүккө жетиши, биз алдыңкы главадан көргөндөй, СССРдин коомдук-саясий системасынын кординалдуу реформаланышы менен шарталган.

Эгемендүүлүккө жеткен Кыргызстанда биринчи кезекте мамлекеттик түзүлүштү, республиканын ички жана тышкы саясаттарын аныктоо керек эле. Бул үчүн адегенде Кыргыз Республикасынын Конституциясын (негизги закон) иштеп чыгып кабыл алуу милдети турган.

1990-ж. аягында эле жаңы Конституциянын долбоорун иштеп чыгуу боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык комиссия түзүлгөн. Бул комиссия бир жарым жылдык мөөнөттө Кыргызстандын Конституциясынын биринчи долбоорун иштеп чыккан. Долбоор жалпы элдик талкууга коюлган.

Конституциянын долбоору Жогорку Кенештин (бул аталыш жаңы Конституцияга мурдагы Жогорку Советтин ордуна киргизилген) XII сессиясында талкууланып, 1993-ж. 5-майда кабыл алынган. Ошондуктан 5-май жалпы элдик майрам катары белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы Кыргызстандын элинин эркине жана кызыкчылыктарына ылайык Кыргызстандын коомдук түзүлүшүнүн жана саясатынын негиздерин аныктаган. Мындан тышкары бул документте республиканын мамлекеттик органдарынын тармактары такталып, алардын түзүлүшү жана ишмердиктери, граждандардын укуктары менен милдеттери бекитилген.

Конституцияда Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – укук туткан, динге негизделбеген мамлекет болуп түзүлгөн эрктүү, биримдиктүү, демократиялуу республика. Кыргыз Республикасынын эрктүүлүгү чектелбейт. Ал анын бүтүндөй аймагын камтыйт. Кыргыз Республикасынын эли – эрктүүлүктүн ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин бирден-бир туткасы. Эл өз бийлигин түздөн-түз, ошондой эле мамлекеттик органдар системасы аркылуу ушул Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жүргүзөт. Эл шайлаган Жогорку Кеңеш

жана Президент гана Кыргызстандын элинин атынан сүйлөөгө укуктуу деп жазылган.

Кыргыз Республикасында Мамлекеттик бийликти Кыргыз Республикасынын Президенти, эки палатадан: Мыйзам чыгаруу жыйынынан жана Эл өкүлдөр жыйынынан турган Жогорку Кеңеш, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, Конституциялык сот, Жогорку сот, Жогорку Арбитраждык сот, соттор жана сот адилеттиги системасынын судьялары Конституцияда белгиленген бийлик укуктарынын чектеринде жүргүзүшкөн. Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлигинин органдары өз алдынча жана бири-бири менен эриш-аркак иштешет. Президент мамлекеттин башчысы катары мамлекеттик бийликтин бirimдигин жана Конституциянын бузулгустугун камсыз кылат. Конституция жана мыйзамдар Кыргыз Республикасынын граждандарынын укугу менен эркиндигинин кепили болуп саналат, мамлекет органдарынын макулдашып иштешин жана биргелешип аракеттенүүсүн камсыз кылат.

Өлкөдөгү жана республикадагы өзгөрүүлөргө ылайык Кыргызстан Республикасынын Жогорку Совети 1992-ж. 26-февралда *«Кыргыз Республикасынын өкмөтү жөнүндө»* мыйзам кабыл алган.

1992-ж. Республиканын жергиликтүү аткаруучу бийлик органдарын реформалоо жүргүзүлүп, Президенттин Указы менен шаарларда, областтарда, райондордо акимдик башкаруу киргизилген. Акимчиликтер мурдагы жергиликтүү советтердин алдындагы аткаруу комитеттеринин аппараттарынын негизинде түзүлгөн.

Кыргызстанда мыйзам чыгаруу бийлиги беш жылда бир шайлануучу, 350 депутаттан турган **Жогорку Кеңешке** таандык болгон. Бул орган 1990-ж. февралда шайлангандыктан мөөнөтү бүткүчө иш жүргүзмөк. Кыргызстандын Жогорку Кенеши республиканын эгемендүүлүгүнө жетүү жолунда жана көз карандысыздыктын алгачкы жылдарында саясий мааниге ээ бир катар документтерди: «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө Декларацияны» (1990-ж. 15-декабрь) «Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жөнүндө Декларациясын» (1991-ж. 31-августта) кабыл алган.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Желегин (1992-ж. 3-март), Гимнин (1992-ж. 18-декабрь), Гербин (1994-ж. 14-январь) аныктоодо да Жогорку Кеңеш чоң иштерди жасаган.

Конституцияны кабыл алгандан кийин бийликтин башкы эшелонунда саясий оюндар күч алып, мамлекеттик бийликтин бутактарында кризистик абалдар түзүлгөн. Кризис өзгөчө мыйзам чыгаруучу бийликте курчуган.

1994-ж. сентябрда парламент экиге бөлүнгөн. Анткени депутаттык корпустун көпчүлүгүн аткаруу жана сот бийлигинин тармактарында иштегендер түзгөн. Алар өздөрүнүн депутаттык кол тийбестик укугун жоготуудан чочулашып жаңы Конституциянын негизинде 1993-ж. бийликтин бардык бутактарына шайлоо жүргүзүүгө каршы болушкан. Ошол эле депутаттар 1994-ж. 13-сентябрда өздөрүнөн депутаттык укуктарын өткөрбөй туруп Жогорку Кеңештин ишине катышуудан баш тартышкан. Ушул аркылуу алар парламенттин ишин ичинен токтотууга аракет жасашкан. Натыйжада Кыргызстан парламентсиз калган. Бул учурда коом мыйзамсыздыктан тажап, саясий жана экономикалык реформалар жаңы закондорго өзгөчө муктаж болуп турган. Ошол кезде өкмөт да юридикалык жактан отставкада болуп, формалдуу гана иштеп жаткан. Сот бийлиги реформалана элек болчу. Бардык бийликти Президент өзү жүргүзө баштаган. Мына ушундай кырдаалда Президент Аскар Акаев республикада саясий туруктуулукту камсыз кылуу, Борбордук шайлоо комиссиясын түзүү жана кош палаталуу парламент түзүү боюнча референдум өткөрүү жөнүндө Указ чыгарган. 1994-ж. 22-октябрда өткөн референдумда эл эки палаталуу парламентти түзүүгө макулдугун берген.

1995-ж. февралда эки палаталуу Жогорку Кенешке шайлоолор болуп өткөн. 28-мартта Жогорку Кеңештин эки палатасынын: Мыйзам чыгаруу жыйынынын жана Эл өкүлдөр жыйынынын биринчи сессиясы иштей баштаган.

Мамлекеттик бийликтин кризиси, мурдагы парламенттин тарап, жаңы эки палаталуу Жогорку Кенештин түзүлүшү Кыргызстандын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнү талап кылган. Ушуга байланыштуу 1996-ж. 10-февралда Республикада референдум өткөрүлүп, Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Бул боюнча Кыргыз Республикасы башкаруунун парламенттик формасынан президенттик башкарууга өткөн. Президентке кеңири укуктар берилген. Ал боюнча Президент Өкмөттүн структурасын аныктап, Эл өкүлдөр жыйынынын макулдугу менен Республиканын Премьер-министрин дайындаган, ал эми Премьер-министрдин

сунушу боюнча өкмөттүн мүчөлөрүн, Эл өкүлдөр жыйынынын макулдугу менен Кыргызстандын Башкы Прокурорун, Республиканын Улуттук Банкынын Башкармасынын төрагасын дайындаган ж. б.

**Жогорку Кеңеш эки палатадан:** туруктуу иштөөчү 35 депутаттан турган Мыйзам чыгаруу жана сессиялык жол менен иштөөчү 70 депутаттан турган Эл өкүлдөр жыйынынан турган. Эки палатанын депутаттары тең 5 жылга шайлашкан.

2005-ж. февраль айында Кыргыз Республикасынын бир палаталуу Жогорку Кеңешине шайлоолор болуп өткөн. Бул шайлоолордун жүрүшү саясий кырдаалдын курчушуна алып келген.

**2005-жылдын 24-мартындагы саясий окуялардын** натыйжасында Кыргызстанда мамлекеттик бийлик алмашып, ошого байланыштуу ушул жылдын 10-июлунда Кыргыз Республикасынын жаңы Президентин шайлоо болуп өттү.

Бул шайлоодо Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна жети саясатчы: К. Бакиев, А. Айтикеев, Турсунбай Бакир уулу, К. Дүйшөбаев, Т. Үмөталиева, Ж. Жекшеев жана Ж. Шарипов талапкер болушту. Бул талапкерлер ар түрлүү саясий көз караштагы, позициядагы адамдар эле. Демократия принциптеринин негизинде өткөн шайлоодо Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого катышкан шайлоочулардын басымдуу көпчүлүгү Курманбек Бакиев үчүн добуш беришкен. Ошентип, **Курманбек Салиевич Бакиев** Кыргыз Республикасынын Президенти кызматына шайланды.

К. Бакиев Президент катары эмне иш аткарарын өзүнүн шайлоо алдындагы программасында билдирген. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер болгон башка инсандар да шайлоо алдында программалары менен чыгышкан. Кыргызстандын эли алар менен да кеңири таанышып талдоого мүмкүнчүлүк алган. Шайлоонун жыйынтыгы көргөзгөндөй Кыргызстандыктардын шайлоочуларынын басымдуу көпчүлүгү К. Бакиевдин программасын жактырышып, ал үчүн добуш берди. 2005-ж. 6-октябрында Президент К. Бакиев «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча Указга кол коюп, бул боюнча Конституциялык кеңештин курамы түзүлдү.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтү** – мамлекеттик аткаруу бийлигинин жогорку органы. Өкмөттүн ишин Кыргыз Республикасынын **Премьер-министри** башкарат.

Республиканын Өкмөтү аткаруучу бийлик катары өлкөдөгү бардык социалдык-экономикалык, финансылык ж. б. маселелерди аткарылышын уюштурат, текшерет жана аткарылышын камсыз кылат.

1993-ж. альтернативалык негизде Кыргызстан Республикасынын Премьер-министрлигине А. Жумагулов шайланган. 1995-ж. 31-мартта Жогорку Кеңеш А. Жумагуловду экинчи жолу Премьер-министрликке шайлаган. Ал бул кызматта 1998-ж. чейин иштеп республиканын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө көп салым кошкон.

Кыргыз Өкмөтүн бир жылча, академик К. Жумалиев жетектеп, анын демилгеси менен республиканын социалдык-экономикалык турмушун ондоо үчүн «Аракет» программасы иштелип чыккан. Анын ордуна Ж. Ибраимов шайланып, эки айча иштегенден кийин катуу оорудан каза болгон. 1999-ж. апрель айынан 2000-жылдын декабрына чейин Өкмөттү А. Муралиев жетектеген. Андан кийин Премьер-министрликте К. Бакиев иштеген. 2002–2005-жж. Кыргызстандын Өкмөтүн Н. Танаев башкарды. 2005-жылдан баштап КР өкмөтүн **Феликс Шаршенбаевич Кулов** жетектейт.

Азыркы мезгилде Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштурууга өзгөчө көңүл бурулууда. Антkeни ошолор гана областтардын райондордун, чарбалардын, айыл-кыштактардын өзгөчөлүктөрүнө жараша иш жүргүзө алышат. Ар бир областта губернатор, райондордо жана шаарларда жергиликтүү мамлекеттик акимчилик, айыл-кыштактарда айылдык өкмөттөр түзүлгөн. Мындан тышкары областтарда, райондордо, шаарларда жана айылдарда жергиликтүү кеңештер иш алып барууда.

**Айыл өкмөтү** аткаруу-тескөө органы катарында өзүнүн аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн программасын, жергиликтүү бюджетти түзөт жана анын аткарылышын уюштурат, айылдык экономиканы башкарат, калкты социалдык жактан тейлөө, айлана-чөйрөнү коргоо ж. б. иштерди жөнгө салат.

## 86. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРЫ ЖАНА КООМДУК УЮМДАРЫ

Кайра куруу жылдарында Кыргызстанда пайда болгон коомдук-саясий уюмдар республиканын эгемендүүлүгүнүн шартында эркин иштей баштешкан. Бир катар жаңы саясий партиялар, кесипчилик союздар жана коомдук бирикмелер пайда болгон. Алардын укуктары жана мыйзамдуу талапта-

ры мамлекет тарабынан сакталары Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген. Бирок саясий партиялар мамлекеттик иштерге төмөнкү формада гана катыша алат: Жогорку Кеңештин эки палатасына, мамлекеттик кызматтарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо үчүн талапкерлерди көрсөтөт, бийликтин өкүлчүлүктүү органдарында фракция түзө алат.

Конституция боюнча Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана партиялык институттардын биригип кетишине, ошондой эле мамлекет иштерин партиялык программаларга жана чечимдерге баш ийдирүүгө, мамлекеттик мекеме, уюмдарда партиялык уюм түзүүгө жана алардын иштерине тыюу салынат. Мамлекеттик кызматтагылар партиялык ишти өзүнүн кызмат ишине байланыштырбай жүргүзүү аркылуу, аскер, ички иштер, улуттук коопсуздук, юстиция, прокуратура жана сот органдарынын кызматкерлеринин партияга мүчө болушуна, кандайдыр бир саясий партияны колдоп чыгышына; диний негизде саясий партияларды түзүүгө жол берилбейт; диний уюмдар саясий максаттарды жана багыттарды көздөбөшү керек; диний уюмдардын жана дин кызматындагылардын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишине; башка мамлекеттердин саясий партияларынын Кыргызстанда иштешине тыюу салынат.

Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасында Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн 50дөн ашуун партия өз алдынча саясий иштерди жүргүзүүдө. Алардын ичинен көпчүлүккө белгилүү болуп бараткан партиялардын катарына Кыргызстан Коммунисттеринин партиясы, «Эркин Кыргызстан» прогрессивдүү демократиялык пар-тиясы, «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы, «Ата Мекен» социалисттик партиясы, Кыргызстандын республикалык элдик партиясы, Кыргызстан социал-демократиялык партиясы, «Ар-намыс» партиясы, Эл (Бей-бечаралар)» партиясы, Кыргызстан биримдик партиясы, Кыргызстан аялдарынын демократиялык партиясы, Афган согушунун ардагерлеринин жана башка локалдык согуштардын катышуучуларынын саясий партиясы, «Менин өлкөм» аракет партиясы ж. б. кирет. Аталган партиялар сан жагынан арбын эмес. Көпчүлүгүнүн мүчөлөрүнүн саны эки-үч миңден ашпайт.

1994-ж. күзүндө Жогорку Кеңешке болгон шайлоолордо өздөрүнүн кандидаттарынын жеңишин камсыз кылуу үчүн Кыргызстандагы партиялардын бардыгы эки блокко бири-

гишкен. Бирок шайлоолордун жүрүшүндө саясий партиялар ийгиликке жете албай калышкан.

Ушуга байланыштуу саясий партиялар, Жогорку Кеңешке шайланган партиянын өкүлдөрү, мындай кийинки шайлоолорго карата Жогорку Кеңешти Шайлоо жөнүндөгү мыйзамга өзгөртүү киргизүү сунушу менен чыгышкан. Алар келерки шайлоолорду *мажоритардык-тең салмактуулук* системасын, т. а. шайлоодо саясий партияларга атайын орундарды берүү тартибин киргизүүнү талап кылышкан. Шайлоонун мажоритардык системасы шайлоочулардын региондорго, уруу, укуктарга, жер-жерлерге бөлүнүшүнө, трайболизмдин өнүгүшүнө шарт түзөрүн буга чейин жүргүзүлгөн шай-лоолор ачык көрсөткөн.

1999-ж. апрелде Жогорку Кеңеш депутаттарды шайлоого өзгөртүүлөрдү киргизген. Шайлоо тартибине өзгөртүүлөрдүн киргизилиши менен шайлоочулар өз эркин билдирүүгө кенири укук алды. 1999-ж. 17-октябрында *«Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө»* Кодексине ылайык Кыргызстанда шаардык, поселкалык жана айылдык кеңештерге шайлоолор болуп өттү. Мында 1980 шайлоо округдары түзүлүп, жергиликтүү кеңештерге депутаттыкка 11,6 мин талапкер катталып, 6771 депутаттык орунга ат салышышты. Бишкек шаарында 1 орунга орто эсеп менен беш талапкер катталган. Натыйжада шайлоочулар бир нече талапкердин ичинен айыл болобу, шаар болобу ошол жердин, ошол элдин маселесин чече ала турган, ишенимдүү адамды депутаттыкка шайлоого мүмкүнчүлүк алышты.

2000-ж. 20-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоолор өткөрүлдү.

Шайлоо Кодексине ылайык шайлоолорду өткөрүү үчүн Мыйзам чыгаруу жыйынынын жана Эл өкүлдөр жыйынын депутаттарын шайлоо боюнча 45 бир мандаттуу шайлоо округдары жана Мыйзам чыгаруу жыйынынын 15 депутатын партиялык тизме боюнча шайлоолор боюнча бир бирдиктүү республикалык шайлоо округу түзүлдү.

Шайлоолордун альтернативдүүлүгү өтө жогору болду. Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча 90 депутаттык орунга 601 талапкер көрсөтүлдү. Добуш берүү бюллетенине 414 депутаттыкка талапкер киргизилди. Депутаттык орун үчүн шайлоо округу боюнча орточо 1–2ден 10го чейин талапкер күрөшүштү.

Добуш берүүгө укугу бар 2,500 миңден ашуун шайлоочулардын 60 проценттен ашыгы катышышты. Натыйжада Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жаңы курамы аныкталды.

Бирдиктүү республика шайлоо округу боюнча Кыргызстан коммунисттер партиясы – 5 депутаттык мандатты; Демократиялык күчтөр союзу – 4 мандатты; Кыргызстан аялдар демократиялык партиясы – 2 мандатты; Афганстандагы согуштун ардагерлеринин жана башка локалдык согуштардын катышуучуларынын саясий партиясы – 2 мандатты; «Ата Мекен» социалисттик партиясы – 1 мандатты; «Менин өлкөм» аракет партиясы – 1 мандатты алышты. Бул саясий партиялардын коомдук турмуштагы ролунун көтөрүлүшүнө чоң өбөлгө болуп калды.

Демократиянын принциптери саясий партияларга гана тарабастан, башка коомдук уюмдардын – **профсоюздардын, өкмөттүк эмес уюмдардын** иштеринде да көрүнүүдө. Демократиянын шартында Кыргызстандын профсоюздары граждандардын социалдык укуктары менен эркиндиктерин коргоо боюнча ишмердигин өркүндөтүүдө. Кыргызстанда граждандык коомду куруу үчүн болгон аракеттердин натыйжасында жүздөгөн жаңы коомдук уюмдар түзүлүп, иш жүргүзүүдө. Кийинки жылдары айрым өкмөттүк эмес уюмдар өтө таасирдүү коомдук күчтөргө айланууда. *«Кыргызстан – адам укугун коргогон өлкө»* деген жаңы улуттук идеянын жарыяланышы менен өлкөбүздө адам укуктарын коргоо багытындагы уюмдар көбөйүп, натыйжалуу иштерди аткара баштады. Айрым уюмдар республикадагы ички саясий бейпилдүүлүк жана граждандык тынчтык үчүн үлгү болорлук милдеттерди аткарууда.

## 87. ЭРКИН КЫРГЫЗСТАНДЫН МЕНЧИКТЕШТИРҮҮ САЯСАТЫ

Кыргызстан саясий көз карандысыздыкка жеткени менен экономикалык жактан башка мамлекеттерге көз каранды бойдон калган эле. Анткени республиканын өнөр жайы Союздун эл чарбасынын бирдиктүү комплексинде негизинен чийки заттарды жана жарым фабрикаттарды өндүрүүгө адистештирилип келген. Даяр продукциялар болсо өлкөнүн башка региондорунда чыгарылып, аны реализациялоодон түшкөн

кирешелер ошол жакта калып калуучу. Союздун бузулушу менен экономикалык байланыштар үзүлүп, республика финансылык жана материалдык жактан өтө кыйын абалда калган.

1991-ж. аягында өнөр жай өндүрүшүнүн жылдык орточо өсүшү кескин төмөндөгөн, курулуш менен агрардык өнөр жай комплексине жумшалган каражаттар акталбай калган. Энергетика, көмүр, жеңил жана тамак-аш өнөр жайы, машина куруу тармагындагы пландар ишке ашкан эмес.

1992-ж. январда Россия Федерациясы бааларды радикалдуу либералдаштырып, отун-энергетика комплексинин, металл, машина куруу тармактарынын продукцияларынын баасын эркин коё берген. Натыйжада КМШнын бардык мамлекеттеринде, анын ичинде Кыргызстанда экономикалык кризис курчуган. Кыргызстанда, өндүрүш 1992-ж. 27 процентке төмөндөгөн. Экономикалык мамилелер бузулуп, эл чарбасы бүлгүнгө учураган.

Мына ушундай шартта 1992-ж. июлда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тогузунчу сессиясы Өкмөттүн 1992–1995-жж. эсептелген экономикалык реформаларынын Программасын талкуулап кабыл алган. Программада 1990-ж. бери жүргүзүлүп келе жаткан экономикалык реформаны республиканын стратегиялык багытына ылайык өнүктүрүү каралган. Мамлекеттик программада **менчиктештирүү,** жер реформасы, калкты социалдык жактан коргоо, мамлекеттик инвестициялар боюнча конкреттүү милдеттер аныкталган. Негизги максат катары макроэкономикалык абалды жөнгө салуу, өндүрүштүн төмөндөшүн токтотуу, экономиканын өсө башташы үчүн шарт түзүү керек эле. Бул үчүн тармактар боюнча реформа жүргүзүү, рыноктук баалардын ролун көтөрүү, монополияларды акырындык менен жоюп конкуренцияга жол ачуу, менчиктештирүү аркылуу мамлекеттин экономикалык ишкердүүлүккө кийлигишүүсүн азайтуу, товар өндүрүүчүлөрдүн ишине тике контролдук кылууну токтотуу каралган. Мындан тышкары бул программада товарлардын баасын аныктоодо мамлекеттин кийлигишүүсүн мүмкүн болушунча азайтуу белгиленген.

1993-ж. аягына чейин өнөр жайдын 40–50 процентин, курулуштун – 50, айыл чарбасынын – 25–30, турак жайдын – 70 процентин жана тейлөө тармактарын 100 процентке менчиктештирүү милдети коюлган.

Бул программа боюнча Кыргызстанда рынок мамилелери: менчиктештирүү, бааларды либералдаштыруу, экономикага мамлекеттин кийлигишүүсүн токтотуу, жеке менчик киргизүү, соода эркиндиги, экспорт жана импорт боюнча чектөөлөрдү жоюу, бирдиктүү кредит, финансы, акча жана салык саясаттарын бир мезгилде жүргүзүү каралган.

Ошентип, Кыргызстан административдик-буйрукчул, пландуу экономикадан баш тартып, радикалдуу реформа аркылуу рынок мамилелерине тез өтүү жолун биротоло тандап алган. Ал үчүн биринчи кезекте коомдук менчикти мамлекеттен ажыратуу ишин тездетип, көп укладдуу, өзүн-өзү жөнгө салуучу экономиканы түзүү керек эле. Өндүрүш каражаттарынын ээси болмоюнча рынок мамилелерине өтүү мүмкүн эмес болчу.

Кыргызстанда менчиктештирүү иши 1991-ж. 20-декабрда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган «Кыргыз Республикасында менчикти мамлекеттен ажыратуунун, менчиктештирүүнүн жана ээлик кылуунун жалпы башталыштары жөнүндө» мыйзамдын негизинде башталган. Бул мыйзамды турмушка ашыруу үчүн республикада Мамлекеттик мүлктү башкаруу жана ээлик кылууну колдоо боюнча комитет (Маммүлкком) түзүлгөн.

Мыйзамга ылайык менчиктештирүү элдин, эмгек коллективдеринин даярдыктарына жараша, ошолордун кызыкчылыгы үчүн жүргүзүлмөк. Тилекке каршы, менчиктештирүүнүн бул принциби адегенде практика жүзүндө, кийин мыйзам тарабынан одоно бузулган. Республикада мамлекеттик чиновниктер, ишкана, чарба жетекчилери тарабынан алар каалгандай сатыла баштаган. Өткөөл мезгилдеги баш аламандыктан пайдаланып көптөгөн көмүскө акционердик коомдор, фирмалар пайда болуп, карапайым элди ачыктан-ачык алдоого өтүшкөн. Бийлигине жана байлыгына таянган адамдардын тобу гана мамлекеттик мүлктүн орчундуу бөлүктөрүн ээлеп алууга же сатып жиберүүгө үлгүргөн. Менчиктештирүүнүн биринчи жана негизги баскычы элдин пайдасы үчүн жүргүзүлгөн эмес. Маммүлкком ишти өз деңгээлинде уюштура албагандыктан республикага, элге орду толгус материалдык зыян алып келген. Граждандык укуктар кемсинтилген.

Менчиктештирүүнүн жүрүшүндө жумушчу орундарын сактоо жана өндүрүштү кеңейтүү жөнүндө эч кандай кам көрүлгөн эмес. Миңдеген адамдар жумуш орундарынан ажырап көчөгө сүрүлгөн. Социалдык жактан жетишилген ийгиликтердин

көбү жоюлган. Менчиктештирүү боюнча Мыйзамдын, калктын айрым социалдык катмарларга жеңилдиктерди берүү жөнүндөгү талабы эске алынган эмес.

Текшерүүдө менчиктештирүү Маммүлкком тарабынан мыйзамды одоно бузуу менен жүргүзүлгөндүгү аныкталган. Ар бир үчүнчү объекттин баасы ата-йын төмөндөтүлүп, аукционсуз эле айрым адамдарга же коммер-циялык түзүлүштөргө сатылган. Анда иштеген эмгекчилердин кызыкчылыктары эске алынган эмес. Менчиктештирүүнүн жүрүшүндө документтер көп ондолгон жана жасалмаланган. Маммүлккомдун айрым жетекчилери кызмат абалдарынан одоно пайдаланышкан, паракорчулукка жол берилген. Ушундай жагдайдан улам адамдардын мамлекеттик бийликтен көңүлү суун, дегеле бүтүндөй демократиялык реформаларга ишенбей калышкан.

Менчиктештирүүнүн биринчи этабында (1991–1993-жж.) коомдук чарбанын 32,6 проценти менчиктештирилип, ишканалардын 17,5 проценти акционердик коомдорго өткөн. Өнөр жайдын – 39, курулуштун – 67,5 проценти, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө тармагы – 98,7, соода жана коомдук тамак аш – 80,7 процентке менчиктештирилип бүткөн.

1994-ж. Кыргызстанда менчиктештирүүнүн экинчи этабы башталат. Бул мезгилде менчиктештирүү экономиканын түзүлүшүн кайра курууга, жеке менчик ээлеринин катмарын калыптандырууга, ошол аркылуу рынок мамилелеринин реалдуу негизин түзүү максатын көздөгөн. Менчиктештирүүнүн жүрүшүндөгү баш аламандык токтотулуп, бул иште айкындуулукка жол ачылган. Менчиктештирүүнүн масштабы жана темпи бир аз азайтылган. Программага ылайык мамлекеттик мүлктөр менчиктин акционердик, жеке, аралашма ж. б. түрлөрүнө айлана баштаган. Натыйжада республиканын экономикасынын 50 проценттен ашыгын мамлекеттик эмес ишканалар түзүп калган.

1994-ж. ортосунан Кыргызстанда массалык менчиктештирүү башталат. Бул элдик менчиктештирүүнүн программасын Кыргызстандын өкмөтү, республиканын мамлекеттик мүлк фондусу АКШнын өкмөтү менен биргелешип иштеп чыккан. 1994-ж. аягына чейин эле республикада 378 ишкана мамлекеттен ажыратылып менчиктештирилген. Алардын 100 купондук аукциондордо сатылган. 40 проценти коллективдүү, 20 проценти жеке менчикке сатылган, 27 проценти

акциялаштырылган. Менчиктештирүү башталган 1991-ж. баштап республикадагы 10 миң мамлекеттик ишкананын теңинен көбүрөөгү менчиктештирилген. Массалык менчиктештирүү 1996-ж. чейин жүргүзүлүп, бул мезгилде көптөгөн адамдар купондук аукциондор аркылуу менчик ээлери болуп калышкан. Натыйжада мамлекеттик эмес сектор өнөр жайынын бүткүл продукциясынын 50 проценттен ашыгын чыгарып калган.

## 88. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН АГРАРДЫК САЯСАТЫ

Эгемендүү Кыргызстандын жалпы жер аянты 19,6 млн *га*, анын ичинен айыл чарбасына жарактуу жер 10,6 млн *га* же 55,8 процентти түзөт. Жердин 44,2 проценти айыл чарбасына жараксыз. Айыл чарбасына жарактуу жерлердин айдоосуна (огороддорду эсептегенде) – 12,3 процент, дың жерлерге – 0,1 процент, көп жылдык өсүмдүктөргө – 0,4 процент, чөп чабындыга – 1,7 процент, табигый жайытка – 85,6 процент туура келет.

Кыргызстандын эл чарбасынын негизин түзгөн айыл чарбасын өнүктүрмөйүнчө эгемендүү республикабыз эч качан алдыга жылбасы белгилүү. КМШ боюнча алганда айыл-кыштак калкы орто эсеп менен 30 проценттен ашпаса, бүгүнкү күндө Кыргызстандын айыл-кыштактарында анын калкынын 60 проценттен ашыгы жашайт. Кыргызстандын келечеги айыл чарбасынын өнүгүшүнө кандай деңгээлде байланыштуу экенин ушундан эле баамдасак болот.

Мурдагы колхоз-совхоз системасы өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланып бүткөндүктөн 80-жж. эле алардын көбү жанбактылык маанайда болуп калышкан. Алардын мамлекетке карызы жылдан жылга өскөн. Ошондуктан айыл чарбасын рынок экономикасына ылайыкташтыруу үчүн Кыргызстанда 1991-ж. баштап жер жана агрардык реформасы жүргүзүлө баштаган.

Жаңы агрардык саясат боюнча колхоздорду, совхоздорду, фермердик чарбаларды, арендалык, кооперативдик чарбалардын бирдей иштешин камсыз кылуу; өткөөл мезгилде тамекиге, пахтага, этке, жүнгө, жашылча-жемишке, мамлекеттик монополияны сактоо; айылда майда бизнести, ишкердүүлүктүн бардык тармактарын ар тараптан өркүндөтүү ж. б. каралган.

Реформаны акырындык менен, жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү, элдин мүдөөсүн, даярдыгын эске алуу менен жүргүзүү агрардык саясаттын негизги милдети эле. Адегенде экономикалык жактан өтө начар колхоз, совхоздордун жерлерин алып мураска калтыруу укугу менен дыйкандарга берүү, дыйкан чарбаларынын кеңири тармактарын түзүү каралган.

Реформанын жүрүшүндө бир катар кемчиликтерге орун берилип, айрым чарба жетекчилери тарабынан «Жер кодекси», «Жер реформасы», «Дыйкан чарбалары жөнүндөгү» мыйзамдар одоно бузулган. Айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасын талап-тоноого жол берилген. Натыйжада дыйкандардын кызыкчылыктары эске алынбай, укуктары четке кагылган. Айыл чарба өндүрүшү кескин түрдө төмөндөп кеткен. Республиканын калкын азык-түлүк менен камсыз кылуу начарлай баштаган.

1993-ж. аягында 172 колхоз жана совхоз таркатылып, алардын ордуна 17,5 миң дыйкан чарбалары, 197 кооперативдер, 120 майда ишканалар, 119 ассоциациялар жана 9 акционердик коомдор түзүлүп, алар айыл чарба продукциясынын 52 процентин өндүрүшкөн. Ушул жылдын июлунан баштап айыл чарба продуктуларын мамлекет рынок баасында сатып ала баштаган.

1995-ж. карата республикасындагы дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 21,1 миңге жеткен. Булардын ичинен айрым чарбалар тез арада эле рынок мамилелерин өздөштүрүшүп, өндүрүштү жолго коюуга жетишип, пайда көрө баштаган. Тилекке каршы, жаңы типке өткөн көпчүлүк чарбалар экономикалык өтө кыйын абалга дуушар болушкан. Мунун себептери өтө көп эле. Жер алган дыйкандардын көпчүлүгүнүн аны иштетүү үчүн техникасы, үрөндөрү болгон эмес. Агротехникалык эрежелер колдонулбай калган. Инфляциянын күч алышы кредит алган дыйкандарды оор абалга калтырган. Жерди теңдеп бөлгөндө ар бир үй-бүлөгө орто эсеп менен 1–3,5 *га* жер туура келип, бул жерлерде түзүлгөн дыйкан чарбаларынын көпчүлүгү алсыз, конкуренцияга туруксуз майда чарбалар болуп калган. Көпчүлүк дыйкандар натуралдык чарба жүргүзүшүп, өз үй-бүлөсүн эптеп бакканга жараган.

Кыргызстандын айыл чарбасынын негизин түзгөн **мал чарбачылыгындагы** абал да начарлап кеткен. 1992-ж. чейин республиканын айыл чарбасынын кирешесинин 35 процентин кой чарбасы берген. Бийик тоолуу райондордун кирешелеринин 95 проценти да ушул кой чарбасынан алынчу.

Реформа жылдарында республикадагы койдун башы кескин азая баштаган. 1994-ж. январда республиканын бардык чарбаларында 7,5 млн баш кой калган. Ал эми 1995-ж. январга карата алардын саны 4,5 млн башка түшкөн. Кой тирүү товарга, ал тургай товарлардын эквивалентине айланып, күндөлүк керектелүүчү товарларга алмашыла баштаган.

Реформа жүргүзүлгөн алгачкы беш жылда **дыйканчылык**да өтө начарлап кеткен. Дан эгиндери менен тоют өсүмдүктөрүн айдоо 21–23 процентке төмөндөгөн. 1994-ж. эгиндин дүн жыйымы 1993-ж. салыштырганда 35 процентке, дыйканчылыктын дүн жыйымы 20 процентке ылдыйлаган.

Айыл чарба өндүрүшү кредиттик-финансылык жактан колдоого ээ болмоюнча өнүгүшү мүмкүн эмес эле. Реформанын жылдарында мамлекет «Дыйкан ордо» уюму, «Дыйкан банкы» аркылуу кредиттерди бөлүштүрө баштаган. Бирок миллиондогон сомдук кредиттер ортодон уурдалып, айылдык товар өндүрүүчүлөргө жетпей калган.

Жер жана агрардык реформанын жүргүзүлүшүнүн натыйжасында 1991–1998-жж. Кыргызстандагы 515 колхоз, совхоз жана башка айыл чарба ишканалары реформаланып, алардын базасында 54,5 миң жеке чарба, 367 айыл чарба кооперативи, 318 коллективдүү дыйкан чарбалары, 47 акционердик коомдор жана 8 агрофирма түзүлгөн.

Жер жана агрардык реформаны жүргүзүүнүн натыйжасында республиканын агроөнөр жай комплексинде рынок мамилелеринин калыптанышы үчүн укуктук жана экономикалык негиздер түзүлгөн:

– айыл чарбасында жеке, коллективдүү жана мамлекеттик менчикке негизделген көп укладдуу экономика түзүлгөн;

– айыл чарба продукциясын өндүрүүдө, бөлүштүрүүдө жана керектөөдө монополия жоюлган;

– жеке менчиктин киргизилиши менен өндүрүштүн натыйжа-луулугун көтөрүү үчүн шарт түзүлгөн;

– чарба жүргүзүүнүн алдыңкы ыкмаларын, илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин пайдаланууда, продукциялардын сапатын жакшыртууда конкуренцияга кеңири жол ачылган;

– дыйкандар менен фермерлердин продукция өндүрүүдөгү жооп-керчилиги өскөн, алардын чарбаны натыйжалуу жүргүзүүгө болгон кызыкчылыктары жогорулаган.

Жетишкендиктерге карабастан реформанын жүрүшүндө бир катар кемчиликтер кетирилип, кыйынчылыктар пайда болгон:

– айыл чарбасынын материалдык-техникалык базасы кыйроого учураган. Техникалар, короо-сарайлар бүлүнүп талоонго учураган;

– өндүрүш кескин түрдө төмөндөгөн, натыйжада айыл чарбасынын кирешеси азайган;

– машиналарды, жабдууларды, үрөн, жер семирткичтерди, майлоочу жана күйүүчү майларды алуу үчүн капитал жетишсиз болгон;

– мурда пайдаланылып жүргөн көпчүлүк жерлер иштетилбей калган;

– айыл жеринде жумушсуздук жана жакырчылык күч алган;

– кол эмгек менен өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларын сатып өткөрүү кыйынчылыкка турган.

1998-ж. баштап Кыргызстандагы жер жана агрардык реформасы дагы бир баскычка көтөрүлдү. Жалпы элдик референдумдун жы-йынтыгы боюнча жерге жеке менчик киргизилген. Буга байланыштуу айрым мыйзамдар кайра каралып Кыргыз Республикасынын *«Жер жөнүндөгү кодекси»*, Кыргыз Республикасынын *«Кооперация жөнүндөгү»* жана Кыргыз Республикасынын *«Дыйкан (фермер) чарбалары жөнүндөгү»* мыйзамдары иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 1999-ж. майда кабыл алынган. Бул мыйзамдар республиканын агроөнөр жай чөйрөсүндө топтолгон маселелерди чечүүдө, өндүрүштүк мамилелерди жөнгө са-лууда маанилүү укуктук негиз болуп калды.

2000-жылдын 13-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти республиканын Жогорку Кеңешине жер реформасына байланышкан мыйзамдарды өзгөртүү сунушу менен кайрылды. Жогорку Кеңештеги талкуудан кийин «Жер Кодексинен» жерди сатууга жана сатып алууга тыюу салган беш жылдык мораторий жөнүндөгү статья алынып ташталды. Ал эми 2001-ж. август айында Кыргызстандын Өкмөтү айыл чарбасындагы жер участокторун сатуу, сатып алуу тартиби жөнүндө Жобону бекитти. Ошентип, республиканын айыл чарбасынын рынок мамилелерине өтүшүн тездетүү үчүн дагы бир чечкиндүү кадам жасалды.

Агрардык реформанын натыйжасында 2002-ж. жыйынтыгында айыл чарба продукцияларынын 90 проценти жеке менчик чарбаларда өндүрүлгөн.

## 89. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН КАЛКЫНЫН СОЦИАЛДЫК ТҮЗҮЛҮШҮ

Коомдун социалдык турмушунда анын социалдык түзүлүшү өзгөчө маанилүү орунда турат. «Коомдун социалдык түзүлүшү» деген түшүнүк өтө кеңири экендигин эске алуубуз керек. Социалдык түзүлүш өзүнө социалдык-демографиялык, социалдык-кесиптик, социалдык-таптык, социалдык-улуттук ж. б. түшүнүктөрдү камтыйт. Калктын санынын тез өсүшү өзгөчө совет бийлигинин соңку отуз жылына туура келген. Алсак, 1959-ж. Бүткүл союздук эл каттоонун жыйынтыгы боюнча Кыргыз ССРинде 2,1 млн адам жашаган. 1991-ж. болсо республиканын калкы 4,4 млн адамга жеткен, т. а. бул мезгилде калктын саны эки эсеге өскөн.

Кыргызстандын калкы демографиялык жактан КМШ өлкөлөрүнөн калкынын *табигый өсүшүнүн* (бир жылда төрөлгөндөр менен өлгөндөрдүн ортосундагы айырма) жогорку темпте экендиги менен өзгөчөлөнгөн. Натыйжада 90-жж. биринчи жарымында эмиграциянын деңгээли өтө жогору болуп, 150 миңден ашык адам көчүп кетсе да республиканын калкы сан жагынан өскөн. 1999-ж. эл каттоо боюнча Кыргызстандын калкы 4,7 млн адамды түзгөн. Бул негизинен калктын табигый өсүшүнүн натыйжасында камсыз болгон. Алсак, 1990-ж. 1000 кишиге – 29,1 бала төрөлгөн. 1993-ж. бул көрсөткүч – 26,1, 1998-ж. – 22 болгон. Жалпысынан алганда республика боюнча төрөлгөндөрдүн саны бир аз кыскарган. Бул 90-жж. экономикалык жана социалдык кыйынчылыктарга байланыштуу болгон.

Кыргызстандын калкынын демографиялык өнүгүүсүнүн дагы бир өзгөчөлүгү КМШга салыштырмалуу шаар калкынан айыл-кыштак калкынын басымдуулук кылганы. КМШда орто эсеп менен калктын 60 проценти шаарларда, ал эми 40 проценти кыштактарда жашашат. Кыргызстанда болсо 2002-ж. калктын 64 проценти айыл-кыштактарда жашаган. Областтар боюнча алганда айылдыктар андагы калктын Ысык-Көл областында – 69, Ош областында – 70, Талас областында – 76, ал эми Нарын областында – 82 процентти түзөт. Кыргызстандын айыл-кыштактарында жашаган калктын 70 процентке жакыны кыргыздар болгон. Ал эми бийик тоолуу райондордо айыл калкы анда жашагандардын 80 проценттен ашыгын түзүп, алардын дээрлик бардыгы кыргыз улутундагылар болгон.

Кыргызстандын калкынын жайгашышы да ар түрдүү. Буга республиканын географиялык өзгөчөлүктөрүнүн таасири тийген. Калк Кыргызстандын жеринин 15 гана процентин түзгөн өрөөндөргө, тоолордун арасындагы ойдундарга жайгашышкан. Бул жерлерде калктын жыштыгы 1 $км^2$ 30дан 80 адамга чейин жетет. Алсак, азыр 1 $км^2$ жерге Ош областында – 24 адам, Талас областында – 13, Ысык-Көлдө – 8, Нарын областында – 5 гана адам туура келет. Демек, калк негизинен дыйканчылыкка ыңгайлуу, климаты мээлүүн өрөөндөргө көбүрөөк жайгашкан.

Кыргызстандын калкынын социалдык-демографиялык түзүлүшүндөгү дагы бир өзгөчөлүк – эмгек жашына чейинки балдардын көптүгү, алар 39,7 процентке барабар, калктын 10,1 процентин эмгек жашынан өткөндөр (пенсиядагылар) түзөт. Ал эми эмгекке жарамдуулар 50,2 процентке барабар. КМШнын орточо көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу Кыргызстанда карылар менен балдардын саны кыйла жогору. Бул республикада балдардын көп төрөлүшү, салыштырмалуу өлүмдүн аздыгы менен түшүндүрүлөт.

Кыргызстандын эмгекке жарамдуу адамдары же эмгек ресурстары 2,2 млн адамдан ашык, 90-жж. алар 300 миң кишиге көбөйгөн.

90-жж. республиканын эмгек ресурстары коомдук эмгекте же өз чарбасында жекече эмгек кылышкан. Менчиктештирүүнүн шартында коомдук чарбаларда эмгектенгендердин саны азайган. Азыркы мезгилде (2002-ж.) республиканын эл чарбасындагы эмгек ресурстары 21,4 проценти өнөр жайы менен курулушта, 39 проценти айыл чарбасында жана токой чарбасында, 5 проценти транспорт менен байланышта, 5,6 проценти соода жана коомдук тамак-аш, жабдуу, даярдоодо, 20,2 проценти агартуу, физкультура, социалдык камсыздоо, саламаттыкты сактоо, маданият, искусство, илим тармагында эмгектенишет. Республикадагы эмгекке жарамдуулардын 13 проценти көмөкчү жана үй чарбаларында иштешет, алардын көпчүлүгүн көп балалуу аялдар түзөт.

Эмгек ресурстарын натыйжалуу пайдалануу, эмгекке жарамдуу адамдарды иш оруңдары менен камсыз кылуу мамлекеттин эң чоң милдети.

Азыркы экономикалык кризис учурунда, көпчүлүк ишканалар жабылып ири шаарларда да жумушчулар жумушсуз калууда. Кыргызстанда жумушсуздук жылдан жылга өсүүдө. Эгерде 1991-ж. республикада 94 киши жумушсуз деп

каттоодон өткөн болсо, 1992-ж. 136 киши, 1993-ж. 1796 киши, 1997-ж. 54,5 миң адам жумушсуз деп катталган. 1998-ж. болсо жумушсуз деп катталгандардын саны 63,1 минден ашкан. Бул официалдуу каттоодон өткөнү. Реалдуу түрдө азыр республикада 150 минден ашык адам жумушсуз. Алардын 70 процентин 30 жашка чейинки жаштар түзөт.

Эмгекке жарамдуулардын 48,7 проценти аялдар, т. а. азыр 1 миллиондон ашык аялдар эмгекке жарамдуу деп эсептелинет. Бирок алардын көпчүлүгү жумушсуз. Алардын арасында жогорку жана атайын орто билимдүүлөрү көп.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2006-ж. Кыргызстандын калкынын 60 проценттен ашыгыраагы жакыр делип эсептелген.

Кыргызстандын түштүгүндө калктын 38 проценти өтө жакыр жана 85 проценти жакырлардын катмарына туура келген. Бул ал жакта калктын жыш жайгашышы, жердин аздыгы, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн көптүгү менен түшүндүрүлгөн. Жумушсуздардын 80 проценти, майыптардын 71,7 проценти, кызматкерлердин 44,4 проценти жакыр жашашкан.

Жакырчылыкты жоюу азыркы мезгилде Кыргызстандагы эң маанилүү маселе болуп калууда. Бул үчүн Кыргыз Республикасынын 2010-ж. чейин Өнүктүрүүнүн комплекстүү негиздери иштелип чыгып, 2001-ж. майында кабыл алынды. Жакырчылыкты жоюунун Улуттук стратегиясы да аныкталды. Аталган программалар Кыргызстанда жакырчылыкты жоюу ишинде бекем база болуп калмакчы. Бул программалар республикабызда ар бир область, шаар, район, айыл өкмөтү боюнча иштелип чыгып жаткан программалар менен толукталууда. Азыркы мезгилде жакырчылыкты жоюу борбордук бийликтердин гана негизги иши болбостон, бүткүл коомдук ишине айланууда.

## 90. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН КАЛКЫНЫН УЛУТТУК ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА УЛУТ САЯСАТЫ

Кыргызстанда 80ден ашуун улуттун өкүлдөрү жашашат. Кыргыздар калктын 65 процентин түзөт. Мында жашаган өзбектер менен казактар да Кыргызстандын жерин байыртадан мекендеген жергиликтүү калк катары эсептелет. Калган улуттардын негизин Кыргызстан Россиянын курамына

киргенден кийин ал жактан көчүп келген орустар менен украиндер, кытайлык бийликтен жапа чегип, куугунтукталып келген дунгандар менен уйгурлар түзөт. Булардан тышкары Украинадан куугунтукталган немецтер келишип, Чүйгө жана Таласка жайгашышкан. 20–30-жж. Түндүк Кавказдан көчүрүлгөн даргин ж. б. улуттардын өкүлдөрү келишкен. Дүйнөлүк экинчи согуштун жүрүшүндө чечен, ингуш, карачай, балкар, крым татарлары зордук менен көчүрүлүп келинген. Булар менен катар фашисттик оккупацияда калган СССРдин европалык бөлүгүнөн орустар, өзгөчө ленинграддыктар, украиндер, белорустар, согуштун майыптары, аялдар, кары-картандар келип жайгашышкан. Кыргызстанга көчүрүлүп келинген 30дан ашык ири өнөр жай ишканалары менен кошо түрдүү улуттагы жогорку квалификациялуу адистер да үй-бүлөлөрү менен көчүп келишкен. Булардын көбү Улуу Ата Мекендик согуш аяктагандан кийин өз мекендерине кайтышкан, ал эми айрымдары келген бойдон Кыргызстанга калып жашап калышкан. Совет бийлигинин соңку отуз жылында Кыргызстандын өнөр жайынын өнүгүшүнө байланыштуу улуттук жумушчу адистерин көбүрөөк даярдоонун ордуна аларды Россиядан чакыруу, үй-жай менен камсыз кылуу күчөгөн. Булардан тышкары Сибирден, Ыраакы Чыгыштан, Россиянын түндүгүнөн өз ыктыяры менен жашоого ыңгайлуу жер издеп келгендердин саны арбын болгон. 80-жж. тыштан көчүп келүүлөрдүн саны кыскара баштаган. 1991-ж. баштап, тескерисинче Кыргызстандан көчүп кетүүлөрдүн саны көбөйгөн. Кыргызстанда орустардын саны 1990-ж. 918 миңге жеткен, т. а. калктын 21,2 процентин түзгөн. Бул республикадагы орустардын эң көбөйгөн учуру болгон. 1991–1994-жж. Кыргызстандан 170 миң орус көчүп кеткен. Элдердин көчүп кетүүсү өзгөчө 1993-ж. өтө жогору болгон. Бул жылы Кыргызстанга 23 миңдей киши көчүп келсе, 143,6 киши көчүп кеткен. Алардын 80,8 миңин орустар, 10,5 миңин немецтер, 10,6 миңин украиндер, 6 миңин өзбектер, 8,7 миңин татарлар ж. б. түзгөн. Көчүп кетүүнүн натыйжасында саны боюнча кыргыздардан кийинки орунда турган орустар 1990–1994-жж. эле 17 процентке, т. а. 918 миңден 750 миңге азайган. Көчүп кетүү боюнча экинчи орунда немецтер турган. 1989-ж. алардын саны республикада 102 миңге жеткен. Алардын үчтөн бири т. а. 30 миңи 1991–1992-жж. Германияга көчүп кетишкен.

Көчүп кетүүнүн натыйжасында Кыргызстандын калкынын улуттук составы өзгөргөн. 1993-ж. эл каттоонун маалыматы боюнча кыргыздар калктын – 56,5, орустар – 18,8, өзбектер – 13,5, украиндер менен немецтер – 1,5 процентин түзгөн. Он миңдеген калкы бар татарлар (1,6 процент), казактар, дуңгандар жана уйгурлар (0,9 процент), тажиктер (0,8), түрктөр (0,5), азербайжандар, кореялыктар (0,4 процент) жана бир нече миң кишиден турган белорустар, еврейлер, калмактар, армяндар, грузиндер, молдавандар, поляктар, цыгандар ж. б. жашайт.

Кыргыз Республикасындагы улут аралык саясат «Кыргызстан – жалпыбыздын үйүбүз» деген девиз менен жүргүзүлгөн.

Кыргызстанда улут аралык мамилелерди стабилдештирүүдө 1994-ж. 21-январда өткөн Кыргызстан элдеринин Биринчи Курултайы маанилүү роль ойногон. Буга республикадагы бардык улуттардын, элдердин, социалдык катмарлардын өкүлдөрү катышкан. Курултайда **Кыргызстан элдеринин Ассамблеясы** түзүлүп, анын Уставы кабыл алынган, жетекчи органы – Кыргызстан Элдеринин Ассамблеясынын Совети шайланган. *«Кыргызстан Элдеринин Биринчи Курултайынын Кайрылуусу»*, *«Биримдиктин, тынчтыктын жана ынтымактын Декларациясы»* кабыл алынган. Азыркы мезгилде 30га жакын улуттук-маданий борборлорду баш коштурган Кыргызстан элдеринин Ассамблеясы улуттар аралык ынтымакташтыктын негизи катары таасирдүү форумга айланды.

Кыргызстанда эл аралык ынтымакташтыкты сактап, аны өркүндөтүүдө улуттук-маданий борборлору өзгөчө маанилүү роль ойноодо. Алардын иш аракеттери мамлекет тарабынан ар тараптан колдоого алынган. Алардын өз ара биргелешип иштеши үчүн 1994-ж. 26-сентябрда Бишкекте *Достук үйү* ачылган.

Азыркы мезгилде Кыргызстандын көп улуттуу элинин негизги максаты экономиканы чындоого, рынок мамилелерин толук өздөштүрүүгө, эл арасындагы достукту, эгемендүү, көз каранды эмес, демократиялуу, тең укуктуу мамлекетти түзүүгө жана чындоого багытталган.

## 91. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДА КАЛКТЫ СОЦИАЛДЫК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨНҮН АБАЛЫ

Элдин жашоо деңгээлин, билимин жана маданиятын жогорулатуу, адамдын кадыр-баркын урматтап, укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу – ар бир мамлекетте биринчи кезекте милдеттүү түрдө турмушка ашырыла турган жалпы адамзаттык дөөлөттөр экендиги белгилүү. Көз карандысыз мамлекетке айлангандан кийин Кыргызстанда Совет доорунан калган социалдык маселелер чечилмек тургай, тескерисинче, алар ого бетер татаалдашууда.

Экономикалык кризистен улам элдин турмуш деңгээли жыл сайын төмөндөп жатат. Бүгүнкү күндө республикада көпчүлүк социалдык топтор жакырчылыкка дуушар болушту. Социалдык-экономикалык кайра түзүүлөрдүн натыйжасында республикада акча кирешелеринин 50 проценттейи калктын бай жашаган 20 процентинин колуна топтолгон. Ал эми кедей жашаган калктын 20 процентинин колунда акча кирешелеринин 3,9 проценти гана бар.

Кризиске байланыштуу жашы улгайган адамдардын, саламаттыгына байланыштуу убактылуу же биротоло майып болуп калгандардын тагдыры өтө татаалдашты. Калктын бул катмарына пенсия жана пособиелерди берүү ишин жакшыртуу үчүн 1993-ж. декабрда Кыргыз Өкмөтү тарабынан республикадагы мурдагы бир катар фондулардын ордуна **Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду** түзүлгөн. 1994-ж. *«Кыргыз Республикасынын граждандарын пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө»*, 1996-ж. *«Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө»*, 1998-ж. *«Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө»* ж. б. мыйзамдар кабыл алынган. Буларга ылайык аз төлөнүүчү айлык акылар, пенсиялар, пособиелер, стипендиялар көтөрүлгөн.

Кыргызстандын социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндө жүргүзүлгөн реформанын натыйжасында республикада пенсияларды жана пособиелерди чектөөнүн жаңы эрежелери киргизилди. Эми мамлекеттик ишканаларда жана мекемелерде иштегендердин пособиелери менен пенсияларынын өлчөмү алардын эмгек стажысына жана алар Социалдык фондуга ай сайын милдеттүү түрдө төлөп турган камсыздандыруу взносунун жалпы суммасына байланыштуу болуп калды. Мындан тышкары ар бир адам Социалдык фонддогу өзүнүн эсебине ыктыярдуу түрдө, каалаган суммада акча которо алат.

Кийинки жылдары мамлекеттик ишканалар менен мекемелердин көпчүлүгү жабылып, калктын бир бөлүгү жекече иштеп калды. Ушуга байланыштуу калктын бул катмары да келечектеги пенсиясы үчүн камсыздану взносун төлөө же камсыздандыруу полистерин сатып алуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болду. Соңку мезгилде Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун иштери бир кыйла жакшырды.

90-жж. калкты **турак жай** менен камсыз кылуу проблемасын чечүү багытында бир топ иштер жүргүзүлгөн. Өз каражаты менен үй курууну каалагандарга шаарларда жана айылдарда жер участокторун бөлүп берүү иши массалык түрдө жүргүзүлгөн. Аларга жеңилдетилген кредиттер берилген. Натыйжада республикада турак-жай фондусунун жалпы аянты көбөйгөн. Азыркы учурда жалпы турак-жай фондусунун 81 проценти жеке менчикке, 2 проценти кооперативдерге берилген. Мамлекеттик менчикте турган турак-жайлар да менчиктештирилүүдө.

Калкты тейлөөнүн маанилүү тармактарынын бири – **байланыш** экендиги белгилүү.

Кыргызстандагы телекоммуникациялык инфраструктураны жакшыртуу үчүн 1993-ж. «Кыргызтелеком» компаниясы уюштурулган. С. А. Алымкулов жетектеген бул компания кыска мөөнөттүн ичинде эле калкка эл аралык, шаар аралык жана жергиликтүү байланышты камсыз кылуучу улуттук борборго айланган. Кыргызтелекомдун аракети менен Кыргыз Республикасынын телекоммуникациясын жакшыртуунун долбоору иштелип чыгып, жүзөгө ашырыла баштады. Натыйжада республиканын калкын телефон, телеграф, факс байланышы менен тейлөө, интернет тармагынын маалыматтарын алуу иштери жолго коюлган. 1996-ж. Кыргызстанда спутник байланышынын жаңы типтеги станциясынын курулушу менен республикабыз Россия, Япония, Кытай, Индия, Германия, Англия жана Европанын бир катар өлкөлөрү менен түздөн-түз байланышууга мүмкүндүк алган.

Калктын **саламаттыгын сактоо жана жакшыртуу** социалдык турмуштун эң маанилүү тармагы болуп эсептелет.

Азыркы мезгилде республиканын калкына медициналык-санитардык жардам көрсөтүү баскычтуу система боюнча уюштурулган. *Биринчи баскычка* айыл-кыштактардагы фельдшердик, фельдшердик-акушердик пункттар кирген. Врачтык жардам өзүнчө амбулатория, айыл-кыштактардагы ооруканалар аркылуу берилген.

Калкка медициналык жардам берүүнүн *экинчи баскычы* борбордук райондук oopуканаларда, адистештирилген (инфекция, кургак учук) ооруканаларында, диспансерлерде, медициналык тез жардам станцияларында же бөлүмдөрүндө жүзөгө ашырылган.

Калкка медициналык жардам көрсөтүүнүн ири мекемеси катары борбордук райондук жана шаардык ооруканалар эсептелген. Алардын айрымдары бир мезгилде 300дөн 600гө чейинки оорулууларды стационардык жол менен дарылоо кубаттуулугуна ээ болушкан. Буларда жыйырмадан ашык адистештирилген медициналык жардамдар көрсөтүлөт.

Андан кийинки баскычка областтын жана республиканын борборлорундагы дарылоо мекемелери, төрөт үйлөрү, адистештирилген ооруканалар жана диспансерлер, аптекалар ж. б. кирген. Саламаттык сактоонун бардык баскычтары бири-бири менен тыгыз байланышта иштешет.

Экономикалык кризис саламаттыкты сактоо системасына да өзүнүн кесепетин тийгизүүдө. Социалдык турмуштагы чоң жетишкендик катары эсептелген акысыз медициналык жардам берүү акырындык менен кыскарып, медицинанын айрым түрлөрү оорулууларды дарылоодо акы алууга өткөрүлүүдө. Дары-дармектердин баасы улам жогорулап жатат. Мунун натыйжасында калктын кедей катмары медициналык жардам алууда өтө кыйынчылыктарга дуушар болууда. Кийинки мезгилде республикада санэпидемия мекемелеринин иштери өтө солгундап кеткен. Ушуга байланыштуу калк арасында кургак учук, бруцеллез өңдүү социалдык оорулар күч алууда. Адамдардын өмүрүн кыйган оорулар азаймак тургай жылдан жылга көбөйүшү медицинанын алсыздыгын көрсөтүүдө.

Кыргызстанда 1999-ж. «Ден соолуктун жылы» делип жарыяланган. Буга ылайык республикада саламаттыкты сактоо боюнча реформа жүргүзүлүүдө. Бул иште ооруканалардын, поликлиникалардын, калкты диспансерлештирүүнүн тармактарын кеңейтүүгө, аларды жаңы аппараттар менен камсыз кылууга чоң көңүл бурулууда. Соңку жылдарда *үй-бүлөлүк дарыгерлер* топторунун түзүлүп иштей башташы калктын саламаттыгын сактоодо натыйжалуулугун көрсөтүүдө.

## 92. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ

Билим берүүнүн мурунку системасы өзүнүн натыйжалуулугун жоготуп, рынок мамилелеринин шартында экономикасынын, техникасынын, маданиятынын талабына туура калбей калган. Кыргызстандын көз каранды эместиги жарыялангандан кийин билим берүү тармагын реформалоо иши жүргүзүлө баштаган. 1992-ж. декабрда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши *«Билим берүү жөнүндө»* мыйзам кабыл алган. Анда азыркы кезде билим берүүнүн борборунда адам, анын билим алууга болгон умтулуусуна жардам берүү турааары аныкталган. 1996-ж. *«Билим жылы»* делип жарыяланып, 19-мартта Президенттин указы менен «Билим» улуттук программасы бекитилген. Анда билим берүүнү демократиялаштырууга, гумандаштырууга, дифференциялаштырууга, мектептердин базасын чындоого өзгөчө көңүл бурулган.

Реформанын жүрүшүндө КМШнын башка республикаларынын көбүнөн айырмаланып, Кыргызстанда мектеп окуучуларынын жана студенттердин саны кыскарган эмес. Эгерде 1992-ж. республиканын мектептеринде 955 миң окуучу окуса, 1996-ж. алардын саны 987 миң болгон. Бул мезгилде республиканын жогорку окуу жайларында студенттердин саны 53,6 минден 56,3 минге көбөйгөн. Демек, республикадагы социалдык-экономикалык кыйынчылыктарга карабастан реформа жылдарында окуучулар менен студенттердин саны өскөн.

Билим берүү тармагындагы реформанын натыйжасында 1993-ж. баштап жаңы типтеги гимназия, лицей, мектеп комплекстери пайда болгон. 1995-ж. Кыргызстанда 70 лицей жана гимназия, сабактарды терендетип үйрөтүүчү 302 мектеп, 20дан ашуун жеке жана жеке мамлекеттик лицейлер, мектептер иштеген. Мектептерде окутуунун жаңы ыкмалары: стандарттуу эмес сабактар, окуучулардын билимин рейтинг системасы аркылуу текшерүү, тестирлөө, атайын сабактарды киргизүү, компьютерлештирүү ж. б. кеңири киргизиле баштаган.

Акча каражаттарынын жетишпегендигине карабастан билим берүүгө мамлекеттик бюджеттен акча бөлүүнүн өлчөмү бир аз болсо дагы жогорулоодо. 90-жж. орто эсеп менен республикалык бюджеттин 4–6 проценти билим берүүгө жумшалган.

Кийинки жылдары билим берүүгө эл аралык уюмдардын грант жана кредит формасында жардам берүүсү күчөгөн. Бул багытта «Тасис» (КМШ өлкөлөрүнө Европалык техникалык жардам), «Темпус» (жогорку билимди Европалык колдоо программасы) программаларынын жардамы чоң болууда. Бул программаларга ылайык мектептердин материалдык-техникалык базасын чыңдоого өзгөчө көңүл бурулууда. Азия өнүгүү банкы республика үчүн атайын «Билим жана окутуу боюнча генералдык план» иштеп чыгып аны ишке ашыра баштады. Ал үчүн бул банк Кыргызстанга 40 жылдык мөөнөткө 37,7 млн доллар кредит бөлгөн. Бул боюнча мектептерди, колледждерди жана жогорку окуу жайларын окуу китептери жана куралдары менен камсыз кылууга, окуу лабораторияларын курууга, башкаруунун информациялык системасын түзүүгө, мугалимдерди даярдоо жана квалификациясын көтөрүү үчүн алыс аралыктан туруп окутууга көңүл бурулган. 90-жж. башында Кыргызстан «Интернет» тармагына кирген. Азыр анын кызматынан 10 университет жана 50 мектеп пайдаланат. Келечекте республиканын 200 мектеби эл аралык «Интернет» компьютердик тармагына кошулмакчы.

Экономикалык кыйынчылыктарга байланыштуу мугалимдерди материалдык жактан колдоо иши талапка жооп бербей келүүдө. 1996-ж. эле мугалимдерге айлык акы төлөө боюнча карыздар 86,395 миң сомду түзгөн. Бул карыздардын 50 проценти Ош жана Жалал-Абад областтарына туура келген.

Эгемендүү Кыргызстанда билим берүү тармагы азыркы кезде социалдык чөйрөнүн эң эле массалык тармагы болуп калды. Бул тармакта 1 млн 200 миң киши алек болууда. Булардын 1 млн 100 миңи мектептерден жогорку окуу жайларына чейин билим алуучулар, ал эми 77,5 миңи окутуучулар. Тактап айтканда, Кыргызстандын ар бир төртүнчү адамы окуучу жана окутуучу. Бирок экономикалык кыйынчылыктарга байланыштуу билим берүүнүн сапаттык деңгээли начарлоодо.

2000-ж. 26-декабрда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши *«Мугалимдердин статусу жөнүндө»* мыйзамды кабыл алган. Мыйзамда мугалимдерди моралдык жана материалдык жактан колдоо каралган. Бул жаштарга билим берүү ишин жакшыртууга өбөлгө болмокчу.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын негизинде иштелип чыккан «XXI кылымдын кадрлары» (1995-ж.) аттуу улуттук программага ылайык республикада атайын орто, жана жогорку билим берүү

өнүгүүдө. Республикада жогорку окуу жайларынын саны 40тан, атайын окуу жайларынын саны 50дөн ашкан.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы боюнча жогорку окуу жайларынын укуктары бир кыйла кеңейген. Бул окуу жайларында адистер алардын жөндөмдүүлүгүнө жараша көп баскыч менен даярдала баштаган. Жогорку окуу жайлары акча каражаттарын пайдаланууда өз алдынчалыкка ээ болгон. Мамлекеттик эмес окуу жайлар ачыла баштаган. 1993-ж. **Кыргыз Мамлекеттик университетине** «улуттук» университет деген статус берилген. Университетте жүргүзүлгөн реформанын натыйжасында 2000-ж. бул окуу жайында 15 факультет, 7 борбор, 5 институт жана 72 кафедра иштеген. Университетте 2 миңден ашуун окутуучулар эмгектенишкен. Мында рынок экономикасынын шартына ылайык жаңы ондогон адистиктер ачылган. 1994-ж. бул университетте 19,4 миң студент билим алса, 2000-ж. мында 22 минден ашуун студент окуган.

1996-ж. 1-апрелде Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Кыргыз айыл чарба институтунун базасында **Кыргыз агрардык академиясы** уюштурулган. Бул академия 2001-ж. К. И. Скрябин атындагы агрардык университети болуп кайра уюшулуп, ага республиканын эл чарбасынын негизин түзгөн айыл чарбасы үчүн жогорку квалификациялуу адистерди, окумуштууларды даярдоо, агрардык илимди өркүндөтүү милдеттери жүктөлгөн.

Эгемендүүлүктүн мезгилинде Кыргызстанда эл аралык «Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Кыргыз-Россия (славян) университети, Кыргыз-Америка университети, Кыргыз-Кувейт университети, Ош шаарында Кыргыз-Өзбек университети өңдүү жаңы жогорку окуу жайлары ачылып, Кыргызстандын дүйнөлүк билим берүү системасын өздөштүрүүсүнө көрүнүктүү салым кошууда.

1992-ж. Кыргызстанда 13, 1993-ж. – 18, 1994-ж. – 29, 1997-ж.– 37, 2000-ж. – 44, 2005-ж. —51 жогорку окуу жайы иштеген. Ушул жылы республикадагы жогорку окуу жайларда 130 миңден ашуун студенттер 230 адистиктер боюнча окушкан. Жогорку окуу жайларынын 20сы Бишкекте жайгашкан. Бирок жогорку окуу жайларынын санынын тез өсүшү аларда даярдалган кадрлардын сапатына тескери таасирин тийгизүүдө. Окуу жайларынын көптүгүнө байланыштуу аларга мектептен алган билими начар, окууга жөндөмсүз абитуриенттер көбүрөөк кирүүдө. Бул жогорку окуу жайларында

мыкты адистердин даярдалышына тоскоолдук кылууда. Жогорку жана атайын орто окуу жайларын бүтүрүүчүлөрүн ишке орноштуруу маселеси чечилбеген бойдон калууда.

Республиканын 100дөн ашуун кесиптик-техникалык окуу жайларында да 30 минден ашуун окуучу окушат (2002-ж.). Аларды бүткөн жумушчу адистерин эл чарбасына пайдалануу маселеси да чечилбей келүүдө.

## 93. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ИЛИМДИН АБАЛЫ

Азыр республикада ар түрдүү профилдеги 62 илимий жана маданий борборлор, институттар, долборлоочу мекемелер иштейт. Илимий мекемелерде 7405 адам бар. Алардын 190 илимдин докторлору, 1189 илимдин кандидаттары. Ар түрдүү илимий-изилдөө, долборлоочу-конструктордук жана технологиялык борборлордо 4548 адис эмгектенет. Экономика чөйрөсүндөгү кризистер мамлекеттин каржылоосунда турган илимдин тармактарына тескери таасир берген. Бир кезде союзга, ал тургай дүйнөгө белгилүү болгон илимий ачылыштарды жасаган Кыргызстандын илими 90-жж. төмөндөй баштаган. Финансылык кыйынчылыктардан улам илимий кызматкерлердин бир кыйла бөлүгү илим чөйрөсүнөн кетүүгө мажбур болушкан.

1992-ж. Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу **Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы** (УАК) түзүлгөн. Бул органга окумуштуулук даражаларды (илимдин кандидаты, доктору) жана окумуштуулук наамдарды (доцент, профессор) берүү маселелери тапшырылган.

Кыргызстандагы илимдин борбору **Кыргыз Улутук илимдер академиясында**, тармактык илим-изилдөө институттарында, жогорку окуу жайларында олуттуу илим изилдөөлөр ар түрдүү багыттар боюнча жанданууда. Кыргызстандын окумуштуулары менен КМШ өлкөлөрүнүн ортосундагы салттуу байланыштар да акырындык менен калыбына келтирилүүдө. Мындан тышкары республика чет элдик окумуштуулар менен да байланыштарды күчөтүүдө. Чет өлкөлөрдөн илимди өнүктүрүүгө багытталган инвестициялар да улам көбүрөөк келүүдө.

Кыргыз Улуттук илимдер академиясы «Аракет», «Маданият», «XIX кылымдын кадрлары» өңдүү Улуттук програм-

маларды жүзөгө ашыруу багытында бир топ иштерди аткарууда. Азыркы мезгилде илим-изилдөө институттары менен жогорку окуу жайларында адистерди даярдоо, илим изилдөө ишинде интеграция иштери активдүү жүргүзүлүүдө. Академиялык жана жогорку окуу жайындагы илимий иштерди айкалыштыруу жакшы натыйжаларды берип жатат.

1999-ж. кыргыз илиминин тарыхында алгач ирет Кыргызстандын окумуштууларынын Биринчи съезди болуп өттү. Съезде Кыргыз илиминин XX к. өнүп-өсүшүнүн жыйынтыгы чыгарылды жана илимди өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттары көрсөтүлдү. Жаңы информациялык технологияны иштеп чыгуу, энергетика жана суу ресурстарын, пайдалуу кен байлыктарды изилдеп табуу, биохимиялык технологияларды түзүү, органикалык жана органикалык эмес ресурстарды, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүдө илимий технологияларды кеңири пайдалануу милдеттери аныкталды.

Окумуштуулар М. Адышевге, И. Ахунбаевге, М. Лущихинге, К. Тыныстановго, К. Юдахинге, М. Иманалиевге, М. Миррахимовго «XX кылымда илимдеги өзгөчө жетишкендиги үчүн» Кыргыз Республикасынын Президентинин «Ардак медалы» ыйгарылды. Бул Кыргыз Республикасында илимдин өнүгүшүнө өзгөчө көңүл бурулуп жаткандыгынын дагы бир далили болуп калды.

Коомдук илимдерге Кыргызстандын саясий, экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн проблемаларын кылдат изилдөө, коомдун өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүн аныктоо, кыргыз элинин руханий дөөлөттөрүнүн жана маданиятынын кайра жаралып, өнүгүшүнө өбөлгө болуучу изилдөөлөрдү жүргүзүү милдеттери жүктөлдү.

## 94. КЫРГЫЗСТАНДЫКТАРДЫН ТАРЫХКА БОЛГОН КЫЗЫГУУСУНУН ЖОГОРУЛАШЫ

Эгемендүүлүктүн шартында коомду демократиялаштыруунун тереңдешинин натыйжасында Кыргызстан элинде өткөн тарыхка болгон кызыгуу артты. Коомду демократташтыруу тарыхый жана маданий мурастарга болгон терең кызыгууну ойготту.

«Манас» эпосунун 1000 жылдыгына даярдыктын алкагында 1994-жылдын 22–24-сентябрында Бишкекте *«Кыргыз-*

*дар, байыркы жана орто кылымдардагы Борбордук Азиядагы этногенетикалык жана этномаданий процесстер»* деген темада эл аралык илимий конференция өткөрүлдү. Анда кыргыздардын этногенезисинин жана этникалык тарыхынын пробемалары каралган.

Коомчулуктун талабы жана кеңири колдоосу астында С. М. Абрамзондун *«Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары»* деген монографиясы кайрадан жарык көрдү. Илимий-популярдык мүнөздөгү 5 томдон турган «Кыргыздар» (Түзүүчү К. Жусупов), белгилүү тарыхчы, этнограф Б. Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы», А. Байтурдун «Кыргыз тарыхы боюнча лекциялары» деген китептер басмадан чыкты. Аны менен катар көрүнүктүү окумуштуулар Н. А. Аристовдун, В. В. Бартольддун, Н. Я. Бичуриндин, А. Н. Бернштамдын жана С. М. Абрамзондун «Кыргызстандын жана кыргыздардын тарыхы» боюнча тандалма эмгектери жарыяланган.

Кыргыздардын этногенезисин жана этностук тарыхы тереңирээк изилдөө үчүн Кыргыз Республикасынын УИАнын тарых институтунун демилгеси менен атайын программа иштелип чыкты. Коомчулуктун өз элинин тарыхына зор кызыгууларын эске алып, программанын авторлору кыргыздардын этногенездик жана этностук тарыхынын проблемаларына чоң көңүл бурушкан. Кыргыздардын тарыхын үйрөнүү жана ага кайрылуу идеологиялык жактан да даярдалган, б. а. коомдун официалдуу мамлекеттик структуралары жагынан да колдоого алынган. Мунун өзү элдин өз тагдырын аныктап билишинде бир кыйла маанилүү ролду аткарды.

Кыргыз элинин тарыхын иликтөөнүн маанилүү булактарынын бири болуп санжыра эсептелет. Ал оозеки формада жашоо менен элибиздин этногенезин жана этностук тарыхын үйрөнүүдө өз алдынча орунга ээ. Ал ошондой эле белгилүү тарыхый инсандардын өмүрү жана иштерин баяндап, жаш муундар үчүн тарбиялык милдетти да аткарат. Элдик санжырага карата кызыгуу өсүп, 1990-ж. Жети-Өгүз районундагы Шалбаа айлында санжыраны так, мазмундуу айтуучулардын конкурсу болуп өткөн.

1990-ж. кыргыздардын 1916-ж. улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн 75 жылдыгын ал эми 2006-жылы бул улуу көтөрүлүштүн 90 жылдыгын белгилөө бүтүндөй коомчулуктун өз тарыхына мамилесин жаңылап, кыргыздардын улуттук аң-сезиминин өсүшүнө позитивдүү салым кошту.

Элдин материалдык жана руханий байлыгын камтыган, реалдуу тарыхый окуяларды, образдарды чагылткан «Манас» үчилтигине жана кенже эпосторго карата кызыгуулар ого бетер артты.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен 1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын белгилөө жарыяланды. Бул боюнча БУУнун Генералдык ассамблеясы атайы резолюция кабыл алган. Натыйжада улуу эпосубузулун 1000 жылдыгы эл аралык алкакта кеңири белгиленди.

«Манас» эпосунун 1000 жылдыгын өткөрүүдө эгемендүү Кыргызстандын маданияты ата-бабаларыбыздын өткөн замандагы маданий мурастарын жаңылоо багытында жаңы бийиктикке көтөрүлдү. Бул маарекеге карата Талас жеринде «Манас-Ордо», Бишкек шаарына жакын Чоң-Арык айылында «Манас-айылы» тарыхый-этнографиялык комплекстери ачылды. «Манас» эпосунун бир нече варианттары, эпосту илимий изилдөөгө арналган ондогон китептер жарыланды.

Аны белгилөөгө дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттери катышкан. 1995-ж. августта Бишкекте «Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурастары» деген темада эл аралык симпозиум өткөрүлгөн. Ага 20дан ашык өлкөдөн 130дан ашык окумуштуулар, жазуучулар катышышкан.

«Манас» эпосунун варианттары орус, англис, кытай, хинди ж. б. тилдерге которулган.

Коомдук илимдердин өкүлдөрү, окумуштуулар мезгилдик басма сөз беттеринде «Манас», жана башка көптөгөн кенже эпостордун мааниси тууралуу пикирлерин айтышты. Курманбек баатырдын 500 жылдыгы кеңири белгиленип, Жалал-Абад шаарында ага эстелик тургузулду. «Курманбек» эпосу Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Роза Амановανын айтуусунда 5 компакт-дискага жазылып, элге тартууланды.

Тарых илиминде мурда эзүүчү таптын өкүлдөрү катары сындалып келген көптөгөн тарыхый инсандардын – бийлердин, манаптардын, баатырлардын ролдору кайра талданууга алына баштады. Алардын оң маанидеги иштерине басым коюлуу менен даңазалуу тарыхый инсандардын юбилейлик даталарын белгилөө салтка айланды. Ошентип, мамлекеттик деңгээлде тарыхый чындыкты калыбына келтирүү колго алынды. Кыргыз элинин таланттуу, көрү-нүктүү уул-кыздарына тарыхтагы жана маданияттагы татыктуу орундары

кайрылып берилди. Ошондой иш-чаралардан улам кыргыздардын тарыхы көзгө көрүнгөн, реалдуу мазмунга ээ болуп, конкреттүү адамдардын жандуу тагдырлары, максат, иштери аркылуу толумдуу экендиги дааналанып чыга келди.

Кыргыздардын улуттук аң-сезиминин өсүшү мыйзам ченемдүү түрдө тарыхый, коомдук жана маданий тармактагы кезегинде «унут калтырылган» көптөгөн инсандардын ысымдарын өз ордуна койду. Анығында алар тууралуу кыргыз эли уламыштарында, санжыраларында, ырларында такай эскере жүрүшкөндүктөрү анык. Демократиялык кайра куруулар, сөз эркиндиги, өз эгемендүү мамлекетин түзүүгө умтулуу ж. б. «унут калтырылган» ысымдарды кыргыз элинин маданиятына жана тарыхына табигый түрдө кайтарды. Бул иш-чаралар, албетте, жаңы өсүп келе жаткан муунду өз мекенин сүйүүгө, анын өткөнү менен, өткөндөгү даңазалуу адамдары менен сыймыктана жүрүүсүнө, кыскасы патриоттуулукка тарбиялоо ишинде чоң роль ойноору шексиз.

30–40-жж. репрессиянын курманы болушкан мамлекеттик, партиялык, коомдук ишмерлердин ак ниет эмгектерин, ысымдарын реабилитациялоо иши жүргүзүлдү. Кыргыз Республикасынын Президентинин 1991-ж. 9-августтагы «Саясий репрессия-нын курманы болушкандарды реабилитациялоого байланыштуу мамлекеттик комиссиянын иш-чаралары жөнүндө» буйругуна ылайык курамында өкмөт жетекчилери, илимдин, искусство жана адабияттын ишмерлери катышкан өкмөттүк комиссия түзүлгөн. Чоң-Таш айылына жакын жерден табылган 1937–1938-жж. саясий репрессиянын курмандыгы болушкан мамлекеттик, партиялык жана адабият менен искусствонун ишмерлеринин сөөгүн кайра коюу ал жерге «Ата-Бейит» мемориалдык комплекси курулду.

Эгемендүү Кыргызстанда кыргыз элинин тарыхын жалпы билим берүүчү мектептерде, орто атайын жана жогорку окуу жайларында окутуунун прблемалары тууралуу маселерди курч коюлду. Ошондон улам өлкөнүн билим берүү ситемасынын бардык баскычтарында тарых боюнча окуу китептерин жаңы көз караштa жазуу маселесине өзгөчө көңүл бурулду. Окумуштуу педагогдор Ө. Ж. Осмонов, А. А. Асанканов, Т. Н. Өмүрбеков, А. С. Мырзакматова, Ч. Т. Чоротегин, М. К. Иманкулов, К. С. Молдокасымов, А. Б. Элебесова ж. б. чыгармачыл эмгектеринин натыйжасында республиканын

жалпы билим берүүчү орто мектептери жана жогорку окуу жайлары үчүн Кыргызстан тарыхы жана Дүйнө тарыхы боюнча жаңы муундагы окуу китептери жазылып, кеңири окутула баштады.

Кыргыз элинин өзүнүн тарыхына болгон зор кызыгуусунан улам, тарыхый булактарга, окумуштуулардын сунуштарына таянып, Кыргыз Республикасынын Президенти 2002-ж. 1-августунда «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылын өткөрүү жөнүндөгү» Указга кол койду. Бул боюнча 2003-ж. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы деп жарыяланды. Ушуга байланыштуу Кыргызстандын тарыхын изилдөөгө, аны кеңири окутууга жана пропагандалоого өзгөчө көңүл бурула баштады.

ДОКУМЕНТТҮҮ МАТЕРИАЛДАР

***Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылын өткөрүү жөнүндөгү» Указынан. 2002-ж. 1-август.***

Кыргызстан мамлекеттик көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин илимий жана коомдук-саясий чөйрөдө, республиканын граждандарынын арасында ата-мекендик тарыхка, кыргыз элинин даңктуу өткөн дооруна кызыгуу кыйла өстү...

1. ... коомчулугубуздун ата-мекендик тарыхтын актуалдуу маселелерине зор кызыгуусун эске алуу менен 2003-жыл кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы деп жарыялансын...

4. Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлиги кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн торолушунун жана өнүгүшүнүн тарыхын окуу программаларына жана окуу куралдарында кароо менен жогорку окуу жайларда, мектептерде жана башка окуу жайларында Кыргызстан тарыхын кыйла терендетип окутуу боюнча зарыл чараларды көрсүн. Өсүп келе жаткан муунда өз өлкөсүнүн жана анын эркиндикти сүйгөн элинин көп кылымдык даңктуу тарыхы үчүн сыймыктануу сезиминде тарбиялоо ишине өзгөчө көңүл бурулсун.

5. Кыргыз Улуттук илимдер академиясына улуттук университеттер менен кызматташып Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн торолушун жана өнүгүшүнүн тарыхын изилдөө боюнча ишти активдештирүү сунуш кылынсын. Россиянын, Кытайдын, Орто-Азиянын боордош өлкөлөрүнүн жана башка мамлекеттердин илимпоздорун, ошондой эле эл аралык уюмдардын өкүлдөрүн кеңири тартуу менен кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы боюнча илимий форумдар, конференциялар, «тегерек столдор» белгилесин жана өткөрсүн.

***Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясынын 57-сессиясынын Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы боюнча кабыл алган резолюциясынан. 2002-ж. 20-декабрь.***

«...Генералдык Ассамблея кыргыз маданиятынын байлыгын, анын улуттук, регионалдык жана эл аралык маанисин белгилөө менен:

1. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2003-жылы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылын жарыялоого жана аны белгилөөгө жумшаган аракетин колдойт;

2. Бириккен Улуттар Уюму мүчө-мамлекеттерине, адистешкен жана өкмөт аралык уюмдарга, ошондой эле регионалдык, өкмөттүк эмес уюмдарга жана фондуларга 2003-жылдагы Кыргыз Республикасы уюштурган салтанаттарга катышууну сунуш кылат».

2002-ж. 20-декабрында Бириккен Улуттар Уюму Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы жөнүндөгү Кыргызстандын демилгесин колдоп, атайын чечим кабыл алды. Ошентип, 2003-жылы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы дүйнөлүк аренада кеңири белгиленди. Бул Кыргызстан тарыхындагы эң маанилүү окуя, кыргыз элинин чоң жетишкендиги десек болот.

## 95. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН МАДАНИЙ ТУРМУШУ

Эгемендүүлүктүн мезгилинде Кыргызстандын маданияты негизинен кризистик абалда болду. Ошону менен бирге республиканын маданияты өз алдынчылыкка ээ болуп, эркин өнүгүүгө мүмкүнчүлүктөрдү алды. Жалпы гуманитардык, адамзаттык байлыктарды элибиздин талабына ылайык өздөштүрүү маданият чөйрөсүнүн приоритеттүү багыты болуп калды.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында маданий тармактын нормативдик-укуктун базасын аныктоого өзгөчө көңүл бурулду. 1992-ж. «Маданият жөнүндө» закон, анын негизинде «Маданият» Мамлекеттик программасы иштелип чыккан.

Маданий мекемелеринин иштерин жаңы деңгээлге көтөрүү үчүн «Улуттук» деген статус Т. Сатылганов атындагы Кыргыз Мамлекеттик филармонияга, В. И. Ленин атындагы Мамлекеттик китепканага, Т. Абдумомунов атындагы Кыргыз академиялык драма театрына, А. Малдыбаев атындагы Мам-

лекеттик опера жана балет театрына, Г. Айтиев атындагы көркөм-сүрөт музейине ыйгарылган. Бул аталган маданият мекемелеринин кызматкерлеринин, коллективдердин рухун көтөрүп, алардын чыгармачыл эмгегине жаңы шык берген.

Орус элинин улуу акыны А. С. Пушкиндин 200 жылдыгы, Кыргыз Эл жазуучусу Ч. Айтматовдун 70 жана 75 жылдык юбилейлери Кыргызстандын маданий турмушундагы өзгөчө окуялар катары белгиленди. Опера жана балет искусствосунун жылдыздары Б. Миңжылкыев менен Б. Бейшеналиеваларды эскерүүгө арналган эл аралык фестивалдар маданияттын бул тармагынын кайрадан жанданышына түрткү болду.

1996-ж. Кыргыз Республикасынын Сүрөт академиясынын ачылышы өлкөбүздүн маданий турмушундагы маанилүү окуялардан болуп калды. СССРдин Эл сүрөтчүлөрү С. Чуйковдун 100 жылдыгына, Г. Айтиевдин 90 жылдыгына карата юбилейлик иш чаралар өткөрүлдү. Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүсү Ж. Кадыралиевдин жеке көргөзмөсү өзүнүн оригиналдуулугу менен элдин купулуна толду. Д. Флекман, К. Шкупело, Ф. Игнатьев, Д. Адашканова өңдүү белгилүү сүрөтчүлөрдүн жеке көргөзмөлөрү да чоң ийгиликтер менен өткөрүлдү.

Акыркы он жылда Кыргызстанда тарыхый-маданий эстеликтерди каттоо, аларды реставрациялоо боюнча бир катар иштер жүргүзүлгөн. Республикада 2,7 миңден ашуун республикалык жана жергиликтүү маанидеги эстеликтер катталып мамлекеттин көзөмөлүнө алынган. Сулайман тоодогу «Бабурдун үйү», «Асаф-ибн Бурхиянын мавзолейи», Чүйдөгү «Байтик баатырдын күмбөзү», ж. б. реставрацияланды. Кыргызстандын бир катар тарыхый инсандарына, мамлекеттик жана коомдук ишмерлерге эстеликтер ачылды.

Эгемендүүлүктүн өткөн он жылында Кыргызстанда музей иши бир кыйла жанданды. Республиканын 7 мамлекеттик музейи Эл аралык музейлердин Кеңешине мүчө болушту. Панфилов районунда А. Осмоновдун, Алай районунда Курманжан датканын, Лейлек районунда А. Орозбековдун, Ош шаарында «Улуу Жибек жолу», Нарын шаарында тарыхый-край таануу, Таласта «Манас-Ордо» Аламүдүн районунда «Ата-Бейит» музейлери иштей баштады.

Кыргызстандын театралдык искусствосу совет доорундагы жетишкен ийгиликтерин кармап калуу менен аны андан ары өнүктүрүү багытында бир катар иштерди аткарды. Те-

атрлардын репертуар-лары Кыргызстандын тарыхына арналган, улуттук аң-сезимдин кайра жаралуусун чагылдырган темаларга көбүрөөк багытталды. Совет мезгилинде эзүүчү таптын өкүлдөрү делип, сындалып келген Ормон хан, Курманжан датка, Шабдан баатыр өңдүү тарыхый инсандардын образдарын ачкан жаңы спектаклдер жаралып элге тартууланды.

Кыргызстанда жыл сайын өткөрүлүүчү «Кубулжу менин ырларым», «Ала-Тоо студенттик жазы», «Оштун азем түндөрү» аттуу эл аралык фестивалдар республикада фолклордук жана эстрадалык чыгармачылыктын өнүгүшүнө өбөлгө болду. Республикадагы жаңы манасчылардын, комузчулардын аттары аталып, элге таанылды. Элдин купулуна толгон талanttуу аткаруучулар, эстрадалык топтор, бий ансамблдери пайда болду. Элдик фольклорду жандандырууда Н. Абдрахманов, С. Садыкова, Б. Байкелова, Р. Аманова, Ж. Алыбаев, М. Аликеев ж. б. салымдары чоң. «Камбаркан» фолклордук-этнографиялык ансамбли өз өнөрлөрүн бир катар өлкөлөргө тартуулап, чет элдик көрүүчүлөрдүн купулуна толду.

Акыркы жылдары маданият чөйрөсү үчүн адистерди даярдоо ишине да өзгөчө көңүл бурулууда. Кыргыз Улуттук консерваториясынын ачылышы менен Кыргызстанда жогорку билимдүү музыканттарды даярдоо иши жолго коюлду.

Кризистик кыйынчылыктарга карабастан, бир кезде дүйнө таң калтырган кыргыз кино искусствосу да жаңы нукта жандана баштады. Талантттуу кинорежиссер А. Абдыкалыковдун «Бешкемпир» жана «Маймыл» аттуу кинолору эл аралык кинофестивалдарда чоң жеңиштерге жетишти. Белгилүү киночу М. Убукеевдин «Манас» эпосу тууралуу документтүү тасмасы дүйнө элинин чоң кызыгуусун жаратты.

Жалпысынан алганда, 90-жж. Кыргызстандын руханий турмушунда бир катар жетишкендиктер жана кемчиликтер орун алган. Калктын руханий талаптарын канааттандыруучу маданий агартуу мекемелери – театрлар, маданият мекемелери, массалык маалымат каражаттары чоң өзгөрүүлөргө дуушар болду. Республиканын борборунда, областтык борборлордо жана шаарларда гана маданият мекемелери рыноктун шарттарына ылайыкташышып чыгармачылыктарын улантышууда. Ал эми райондордогу, айыл-кыштактардагы маданият мекемелери экономикалык кыйынчылыктарга туруштук бере албай кыйроого учурады. Клубдук мекемелер, китепканалар, маданият үйлөрү, кино установкалар, музейлер ж. б. жашоолорун токтотууда.

## 96. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ АРАЛЫК САЯСИЙ БАЙЛАНЫШТАРЫНЫН ӨСҮШҮ

Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин эл аралык мамилелерге өз алдынча катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Кыргыз Республикасы тышкы саясатында биринчи кезекте өзүнүн элинин кызыкчылыгын коргоо, жаңы демократиялык, укук туткан мамлекетти куруу үчүн тышкы ыңгайлуу шарттарды түзүү максатын көздөйт.

Кыргызстан тышкы саясаты: тынчтыкты, Кыргыз Республикасынын чек араларынын туруктуулугун сактоо; КМШнын жана дүйнө элдери менен ар тараптуу байланыштарды чыңдоо; КМШдагы улут аралык кагылышууларды токтотуу, алардын Кыргызстанда болушуна жол бербөө; чет элдик инвестицияларды республиканын эл чарбасына көбүрөөк тартуу; эл аралык соодага улуттук өндүрүштүн продукцияларын алып чыгуу; Бириккен Улуттар Уюмунун ж. б. эл аралык уюмдардын иштерине активдүү катышуу; согуштук блокторго жана союздарга катышпоо; нейтралдуу абалды сактоо ж. б. принциптерге таянат.

Тышкы саясатынын максатына жана принциптерине ылайык Кыргыз Республикасы тез арада эле эл аралык аренада колдоого ээ болуп, кеңири таанылды. Бишкекте 1992-ж. февралда АКШнын, көп узабай эле Кытай Эл Республикасынын, Россиянын, Түркиянын, Германиянын ж. б. мамлекеттердин элчиликтери ачылган. 1992-ж. 2-мартта Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө болгон. 1991–1993-жж. эле Кыргыз Республикасынын көз каранды эместигин дүйнөнүн 128 мамлекети таанып, 80ден ашык мамлекеттер менен дипломатиялык мамилелер түзүлгөн. 1998-ж. Кыргызстандын көз карандысыздыгын 135 мамлекет тааныган. Дүйнөнүн 91 мамлекети менен дипломатиялык мамилелер түзүлгөн. Бишкекте 11 элчилик жана өкүлчүлүк ачылган. Чет өлкөлөрдө республиканын кызыкчылыгын 17 дипломатиялык мекемелер коргойт. Кыргыз Республикасы өз алдынча мамлекет катары кадыр-барктуу бир катар эл аралык уюмдардын (БУУ, ОБСЕ, МВФ, ЮНЕСКО ж. б.) мүчөлүгүнө кабыл алынган.

1992-ж. августа Кыргызстандын көп кылымдык тарыхында биринчи болуп Бишкек шаарында *Кыргыздардын Бүткүл Дүйнөлүк Биринчи Курултайы* болуп өткөн. Ага дүйнөнүн 20 өлкөсүндө жашаган кыргыздардын өкүлдөрү

келип катышышкан. Азыркы кезде дүйнөдө 3 млн ашык кыргыздар бар, алардын жарым миллиондон ашыгы башка өлкөлөрдө жашашат. Ар түрдүү себептерге байланыштуу чет мамлекеттерде жашап калган боордоштордун катышуусу менен өткөн бул Курултай кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин өнүгүшүндөгү орчундуу окуялардан болгон.

1990-ж. биринчи жарымында Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын негизги милдеттери такталып, өз алдынча саясат жүргүзүүдөгү приоритеттүү багыттары аныкталган. Республика тышкы саясатында КМШнын, өзгөчө Борбордук Азиянын өлкөлөрү менен байланышты күчөтүүгө маани берген. Анткени буларда коомдук турмуштун бардык жактары кылымдар бою байланышта өнүгүп келген. Борбордук Азиянын жана Казакстандын мамлекет башчылары СССР кулаган учурдан тартып эле өз ара байланыштарды, жардамдашууну биринчи планга коюшкан. Бул багыттагы келишимдерге Кыргызстан **Казакстан** менен 1991-ж. 18 февралда, **Өзбекстан** менен 14-мартта, **Түркмөнстан** менен 16-июлда кол коюшкан.

Бул жолугушууда жыйынтыктоочу документ кабыл алынган. Орто Азия республикаларынын жана Казакстандын республикалар аралык консультативдик Советин түзүү макулдашылган. Натыйжада Борбордук Азияда интеграция процессине кеңири жол ачылган. 1994-ж. Казакстан, Өзбекстан жана Кыргызстандын ортосунда Бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүү жөнүндө келишимге кол коюлган. Борбордук Азияда бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүү идеясы 1994-ж. үч республиканын президенттеринин Алматыдагы жолугушуусунан кийин ишке ашырыла баштаган.

Кыргызстандын тышкы саясатында **Россия Федерациясы** менен мамиле өзгөчө орунда турат. Бул тарыхый, экономикалык, социалдык жана этностук факторлор менен байланыштуу. СССР тараган алгачкы мезгилден тартып Кыргызстан менен Россиянын ортосунда достук маанайдагы мамилелер калыптана баштаган. Эки өлкөнүн ортосунда достук, кызматташтык жана өз ара жардамдашуу, мамлекет аралык мамилелердин негиздери жөнүндө келишимдер түзүлгөн. Экономикалык кызматташтык, соода-экономикалык байланыш ж. б. боюнча өкмөт аралык келишимдер иштей баштаган.

Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы мамиле республиканын согуштук-стратегиялык абалын, чек араларын

сактоо үчүн да керек эле. Бул багыттагы маселелерди жөнгө салыш үчүн эки өлкөнүн ортосунда бир катар келишимдер түзүлгөн.

Достук, кызматташтык жана өз ара жардамдашуу тууралуу келишимдерди Кыргыз Республикасы Украина, Белоруссия ж. б. өлкөлөр менен да түзгөн. Натыйжада бул республикалар менен совет мамлекетинин доорунда түзүлгөн мамилелердин айрымдары калыбына келтирилип, рынок мамилелеринин шартына ылайык өнүгө баштаган.

## 97. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ЧӨЙРӨДӨГҮ БАЙЛАНЫШТАРЫ

Бул багытта Кыргызстан эл чарбасынын бардык тармактары боюнча өз ара пайдалуу кызматташтыкты чындоого жана терендетүүгө аракеттенүүдө.

Кыргыз Республикасы экономикалык жана социалдык байланыштарды түзүүдө да биринчи кезекте КМШга кирген мамлекеттер, өзгөчө Орто Азия жана Казакстан менен байланышты өнүктүрүүгө көнүл бурулган. 90-жж. биринчи жарымында Кыргызстандын экспорттук-импорттук байланышында Россия биринчи, Казакстан, Өзбекстан, Украина, Түркмөнстан, Тажикстан, Белоруссия андан кийинки орундарды ээлеп келген.

Кыргызстан аларга тери буюмдарды, жүндөн, пахтадан, жибектен токулган кездемелерди, килем, пахта буласын, сейрек кездешүүчү кендерди, гранит, мрамор жана керамика плиталарын ж. б. экспорттойт. Ал жактан Кыргызстан күйүүчү жана майлоочу майларды, таш көмүр, автомашиналарды айыл чарба техникаларын, кара металл, газ ж. б. алып турат.

Азыркы мезгилде Кыргызстан 40тан ашуун алыскы, 11 жакынкы чет мамлекеттер менен экономикалык, экспорттук-импорттук байланыштарды жүргүзөт. 1995-ж. кийин Кыргызстандын жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр менен болгон соода-экономикалык байланыштарында өзгөрүүлөр болгон. Эгерде мурун Россия Кыргызстандын эң чоң өнөктөшү болуп келсе, азыр биринчи орунду Кытай Эл Республикасынын соодасы ээлей баштаган. Бирок Кытайдан негизинен сапаты начар товарлар көп келүүдө. Экономикалык карым-

катнаштардын көлөмү боюнча Россия, Казакстан, Өзбекстан өлкөлөрүнүн денгээли бирдей болуп калды.

90-жж. экономикалык байланышта Кыргызстандын экспортуна караганда импорту басымдуулук кылган. Ушуга байланыштуу республикага импорттолгон товарларды Кыргызстандын өзүнөн чыгаруу, экспортту кеңейтүү экономикалык реформанын негизги максаты болууда.

Экономикалык реформанын жүрүшүндө импорттун ордун толтуруучу чарба тармактарын өнүктүрүү, экспортко дүйнөлүк рынокто атаандашкыдай сапаттуу товарларды өндүрүүчү базалык ишканаларды түзүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Бул максатты жүзөгө ашырыш үчүн чет өлкөлүк инвестициялар көбүрөөк тартылууда. Эл аралык валюта фонду, Дүйнөлүк банк, Эл аралык өнүгүү ассоциациясы сыяктуу ал аралык финансы уюмдары республиканын экономикасын реабилитациялоо, жергиликтүү чийки заттардан экспортко ылайыктуу товар өндүрүүгө жөндөмдүү ишканаларды куруу багытында чоң көмөк көрсөтүшүүдө. Бул багытта кийинки учурда Азия өнүгүү банкы, Эл аралык финансы корпорациясы жана Ислам өнүгүү банкы да активдүү жардам берүүдө.

Учурда Кыргызстандын чет мамлекеттер менен биргелешип курган ишканалары, компаниялары жылдан жылга көбөйүп, иштеп жатат. Алсак, Кыргызстан менен Канадалык «Камеко» корпорациясы Ысык-Көл областындагы «Кум-Төр», Талас районундагы «Жер Үй» алтын кендерин иштетип атат.

**Жер жана агрардык реформаны** ишке ашырууда, айыл чарбасын натыйжалуу тармакка айландырууда да экономикалык байланыштар маанилүү роль ойноодо. Азыркы мезгилде Кыргызстан азык-түлүк продукциялары менен өзүнөзү толук камсыз кыла албай жатат. Мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдаланган учурда республика айыл чарба продукцияларын экспорттоого толук жөндөмдүү экендиги илимий жактан далилденген. Ошондуктан Дүйнөлүк банк Кыргызстанда дан өндүрүү үчүн 60 млн доллар бөлгөн.

Кыргызстандын айыл чарбасынын негизин түзүп келген **кой чарбасын** реабилитациялоодо да эл аралык байланыштарга өзгөчө көңүл бурулууда. Дүйнөлүк банк менен бирдикте республикада меринос кой чарбасын өнүктүрүү колго алынууда. Бирок кой чарбасын өнүктүрүү үчүн бөлүнгөн 16 млн америкалык доллардын биринчи этапка берилген бөлүгү максатсыз, чаржайыт жумшалып кеткен. Ушуга байланыштуу

кыргызстандыктар чет өлкөдөн алынган акчалар карызга берилип жаткандыгын, убагы келгенде аны проценти менен кайтарып берүү керектигин түшүнүшү керек. Эгерде 1995-ж. республиканын сырткы карызы 600 млн америкалык долларды түзсө, 2000-ж. 2 млрд доллардан ашып кетти. Адегенде берилген карыздарды төлөөнүн мөөнөтү биринин артынан бири бүтүп жатат. Ошондуктан берилген жардамды өндүрүшкө максаттуу түрдө кайтарым болгудай деңгээлде жумшоону эстен чыгарбашыбыз абзел. Кыргызстан келечекте эл аралык рынокко жүндү, ферментацияланган тамекинин жалбырагын, пахтаны, көп жылдык чөптүн, кант кызылчасынын, гибриддик жүгөрүнүн, жашылча-бакча өсүмдүктөрүнүн уруктарын көбүрөөк экспорттоого мүмкүнчүлүктөрү бар.

Өткөөл мезгилде импорттук товарлардын санын азайтууда эркин экономикалык зоналарды уюштуруунун мааниси зор. Ушуга байланыштуу республикада Нарын, Каракол, Бишкек, Маймак эркин экономикалык зоналары түзүлгөн. Аларга чет өлкөлүк инвестицияларды кеңири пайдаланып, энергия, тамак-аш, дары-дармек, женил жана оор өнөр жайынын продукцияларын чыгаруу үчүн жаратылыш ресурстары менен минералдык чийки заттарды пайдалануучу технологияны кеңири киргизүүгө болот.

Эгемендүү Кыргызстандын **социалдык чөйрөсү** да эл аралык байланыштарды кеңейтүүдө. Бул биринчи кезекте билим берүү системасында көрүнүүдө. Азыркы кезде чет өлкөлөрдө 3 минден ашуун Кыргызстандыктар билим алууда. 1 минден ашуун чет элдик студенттер биздин республикада окушат.

АКШнын колдоосу менен Кыргыз-Америка университети, Россиянын түздөн-түз колдоосу менен Бишкекте Кыргыз-Россия (Славян) университети, Түркиянын колдоосу менен жаңы типтеги Кыргыз-Түрк «Манас» университети ачылган. Кыргызстанда жаңы адис-терди даярдоодо, өзгөчө айылкыштак жерлеринде билим берүү иштерин жакшыртууда Бириккен Улуттар Уюмунун өнүгүү программасы (БУУӨП) тарабынан омоктуу жардам көрсөтүлүүдө. Бул программанын негизинде Кыргызстандын эл аралык университети жана Эл аралык бизнес менежмент мектеби уюштурулган, элет жеринде бир катар мектептер курулган.

Эл аралык «Сорос–Кыргызстан» фонду Кыргызстандын жогорку окуу жайларын, өзгөчө жалпы билим берүүчү мектептерди, лицейлерди, гимназияларды окуу китептери,

көрсөтмө куралдары, техникалык каражаттар менен жабдууда, окутуунун деңгээлин көтөрүүдө, педагогдордун адистиктерин жогорулатууда үзүрлүү салым кошууда. 1993-ж. түзүлгөн «Сорос–Кыргызстан» фондусунун борбору азыркы кезде 45 программа боюнча иштейт. Алар негизинен басма иштерине, студенттерге, аспиранттарга стипендия төлөөдө, окуу жайларын реформалоого багытталган. Бул фонд 1994–1998-жж. эле республиканын маданиятын көтөрүүгө 16 млн америкалык долларды жумшаган.

Соңку жылдарда эле Түштүк Кореянын, Япониянын, АКШнын, Түркиянын фирмаларынын жардамы менен республиканын телефон байланышы түптамырынан бери жаңылануудa. Бишкекте Кытай Эл Республикасынын жардамы менен «Достук», Түркия менен биргелешип «Ак-Кеме – Пинара» мейманканалары курулуп, иштеп жатат.

Эл аралык байланыштардын өнүгүшүндө Кыргыз Улуттук китепканасы да көп эмгектерди аткарууда. Азыркы күндө анда дүйнө элдеринин 70ке жакын тилдеринде чыккан 6 млрд ашуун түрдүү басылмалар сакталат. Китепкананын фондусун толуктоодо эл аралык китеп алмашуу жолго коюлган.

Кыргызстандын демилгеси менен 2002-ж. **Эл аралык тоолор** жылы белгиленип, ушул жылдын октябрь айында Бишкек шаарында *Глобалдык тоо саммити* өткөрүлдү. Анда тоолуу мамлекеттердин жана региондордун өсүп-өнүгүшүнө арналган атайын чоң программа иштелип чыкты. Бул форумдун биздин республикада өтүшү, ага 50дөн ашуун мамлекеттин өкүлдөрүнүн катышышы, өлкөбүздүн кадыр-баркын бир кыйла көтөрдү.

Кыргызстандын чет мамлекеттер менен саясий, экономикалык жана социалдык байланыштары мындан ары да өркүндөп өсө бермекчи. Байыртадан эле Улуу Жибек жолунда турган Кыргызстандын эл аралык байланыштарда ээлеген ордунун келечеги кең.

## 98. ЭЛ АРАЛЫК ТЕРРОРИЗМДИН ТААСИРИ. МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАНЫ ЧЫҢДОО

XX к. аягы — XIX к. башында дүйнөлүк алкакта эл аралык терроризм күч алды. Аны менен тыгыз байланышкан экстремисттик борборлор, Борбордук Азияны, анын ичинде Кыргызстанды, ислам дининин таасири күчтүү чөлкөмдөрүн

экспансиялап алуу аракетин жасашууда. Диний экстремисттердин тобу эл эң ыйык тутуп аздектеген динге жамынышып, колдоруна курал алышып 1999-ж. август айынын башында Эгемендүү Кыргыз Республикасынын түштүгүнө киришип, Баткен районунда өздөрүнүн лагерлерин курган жана аларды чыңдоого аракет кылышкан. Өздөрүнүн максатына жетүү үчүн алар Кыргызстандык милициянын, райондук администрациянын кызматкерлерин, ал жакта иштеген япондук төрт геологду жана карапайым адамдарды барымтага алышкан. Бир катар кыштактарды басып алууга үлгүрүшкөн. Өздөрүн Өзбек Республикасынын мамлекеттик бийлигинин оппозициясыбыз деп эсептеген бандиттик топтор Кыргызстандын аймагын өздөрүнүн базасына айландыруу, тажрыйбасы жок жергиликтүү жаштардын башын айлантып өздөрүнө тартуу, алардан келечектеги баскынчыларды даярдоо максатын көздөшкөн. Динге жамынган террористтердин бул аракети Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан эгемендүү мамлекетибиздин территориялык бүтүндүгүнө шек келтирүү катары бааланып, аларды талкалоо, республиканын чегинен сүрүп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алган.

Региондук деңгээлдеги терроризмге каршы күрөштө Кыргызстанга «Шанхай бешилтигинин» келишимдерине ылайык Өзбекстан, Россия, Армения жана Казакстан аскердик-техникалык жактан көмөк көрсөтүштү. Кыргызстандык жоокерлер, ыктыярдуу аскердик топтор бандиттердин бирикмелерин талкалоодо кужурмөндүктү көрсөтүштү. Кыргызстандын 55 офицерлери менен жоокерлери бул кармашта Ата Мекен үчүн курман болушту. Кыргызстандын түштүгүндөгү куралдуу кагылышуулар Кыргызстандын жалпы элинин биримдигинин, душманга каршы сокку уруу жөндөмдүүлүгүн сыноодон өткөрдү. Республиканын көптөгөн жаштары Кыргызстандын бүтүндүгүн коргоо, бандиттик топторду талкалоо үчүн өз ыктыяры менен аттанышкан. Республиканын түштүгүндөгү баскынчылардан жапа чеккен элдерге, аскерлерге жардам берүүгө Кыргызстандын бардык эли көтөрүлүп, колунан келген жардамдарын көрсөтүштү.

Кыргызстандын түштүгүндөгү бул окуя эгемендүү республикабызды коргоо жөндөмдүүлүгүн арттыруу ишинде чоң сабак болду. Мында республиканын куралдуу күчтөрүндөгү кемчиликтер, аскердик техникалардын, курал-жарактын жетишсиздиги ж. б. айкын көрүндү.

Жеткиликтүү кам көрбөгөндүктүн натыйжасында Кыргызстандын чек аралары талапка ылайык кайтарылбай калгандыгы ачыкка чыкты. Мунун натыйжасында республикабыз ар кандай бандиттик топтор, баңги заттарын алып өтүүчү ыңгайлуу өлкөгө айланып баратканы ачык байкалды.

Кыргызстандын Өкмөтү бул кемчиликтерге жеткиликтүү баа берип, тийиштүү чараларды көрө баштады. Куралдуу кагылышуулар болгон чөлкөмдүн стратегиялык жана социалдык-экономикалык маанисин эске алынып 1999-ж. 13-октябрда Баткен областы түзүлдү. Бул областка Ош областынын Баткен, Кадамжай, Лейлек райондору жана Кызыл-Кыя шаары киргизилип, жаңы областтын борбору Баткен айылы болуп белгиленди. Мындан тышкары республиканын түштүгүндөгү мамлекеттик чек араны коргоо үчүн аскердик заставалар негизделип, аларга чек арачы аскерлер коюлду. Натыйжада 2000-ж. күзүндө Кыргызстандын чектерине кайрадан кирип келишкен бандиттик топтор кыргыз жоокерлери тарабынан сокку жеп, чегинүүгө аргасыз болушту. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араларын коргоо ишин жакшыртуу бүгүнкү күндө өтө маанилүү иштерден болуп калды. 2001-ж. 13–14-декабрда Бишкекте эл аралык терроризмге каршы күрөштү күчөтүү боюнча эл аралык конференция болуп өтүп, анда Бишкек Декларациясы кабыл алынган. Буга 60 өлкөдөн 280 делегат катышкан.

2002-ж. башында Кыргызстан Эл аралык терроризмге каршы күрөшүү үчүн АКШ, Россия, Кытай, Франция ж. б. мамлекеттер менен катар *Эл аралык антитеррордук каолицияга* кирип, анын куралдуу күчтөрү Кыргызстанга убактылуу жайгаштырды.

Эгемендүү Кыргыз Республикасы өзүнүн **мамлекеттик чек араларын** тактоо боюнча да бир катар иштерди жүргүздү. Натыйжада XIX к. ортосунан бери Кытай менен болгон чек арада талаш болуп келген жерлердин маселеси чечилди. Эгерде тарыхка кайрылсак XIX к. ортосунда Кытай жана Россия империялары өздөрүнүн баскынчы саясаттарынын натыйжасында Орто Азия элдеринин жерлерин өз ара бөлүштүрүп алышкан. Эки империянын чек араларын тактоо иши 1860-ж. түзүлгөн Пекин келишими жана 1864-ж. түзүлгөн Чугучак токтому менен аныкталган.

Кытай менен Россиянын Кыргызстандын аймагындагы чек арасын аныктоо Петербург (1881-ж.), Кашгар (1882-ж.)

жана Жаңы Маргалан (1884-ж.) токтомдорунда каралган. Көңүл бура турган нерсе бул сүйлөшүүлөрдүн бирине да кыргыз элинин өкүлдөрү катышкан эмес. Эки империя чек араларын тактоо ишинде кыргыз элинин кызыкчылыгын эске албастан өздөрүнүн гана империялык кызыкчылыктарын көздөшкөн. Натыйжада Кыргызстандын жери жана эли эки державага бөлүнүп, бир бөлүгү Россияга, экинчиси Кытайга караштуу болуп калган. Совет бийлигинин доорунда, өзгөчө 1960-жж. Кытай Эл Республикасы СССРге чек ара маселелери боюнча бир катар доомattарды коюп келген. Бирок Кытай менен СССРдин ортосунда чек ара маселелери өзгөрүүсүз калган эле.

Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин гана бул маселени чечүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылды. Бул маселе боюнча 1990-жж. ортосунан баштап бир катар иштер, эки тараптуу сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. Орус-Кытай мамилелеринин Кыргызстан чек арасына тиешелүү документтери өтө кылдаттык менен изилденди. 1996-ж. 4-июнда Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын делегациялары чек ара маселесин адилет, натыйжалуу чечүү жөнүндө документке кол коюшуп, чек араны тактоо боюнча иш баштады. Кылдаттык менен жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында талаш болуп келген жалпы аянты 4 миң чарчы километр жердин 70 проценти Кыргызстандын, ал эми 30 проценти Кытай Эл Республикасынын жери деп чечилип, эки мамлекеттин ортосунда жаңы чек ара сызыгы түзүлдү. Чек ара боюнча бул келишим эки өлкөнүн закон чыгаруучу органдары тарабынан ратификацияланды. Кыргызстандын Кытай Эл Республикасы менен чек арасын тактап алышынын тарыхый мааниси чоң. Бул иште эки мамлекеттин тең кызыкчылыктары эске алынды. Кыргыз-Кытай чек арасында тынчтык жана бейпилчилик үчүн шарт түзүлдү.

## 99. АЛЫСКЫ ЧЕТ ӨЛКӨДӨ ЖАШАГАН КЫРГЫЗДАР

Чыгыш Түркстанды кыргыздар байыркы заманда эле мекендегенин билебиз. Бул чөлкөм кыргыздардын алгачкы Ата Журту болгондугун бир катар изилдөөлөр да далилдөөдө. Бул жактагы *Манас шаары, Манас көлү* өңдүү кыргызча аталган жер-суу аттары байыркы кезден калган эстеликтер.

Жазуу булактарында XVII к. биринчи жарымында кыргыздар Чыгыш Түркстандын жана Фергананын түндүк бөлүгүн көзөмөлдөп турганы айтылат.

1871-ж. Россия Чыгыш Түркстандагы бийлигин кеңейтип Кулжа, Баяндай, Хоргос Күчө, Суйдук, Телги сыяктуу жерлерди басып алган.

Кытай менен Россиянын ортосундагы чек араны тактоо үчүн 1880-жж. бир нече жолу сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн. 1882-ж. түзүлгөн «Иле келишиминин» негизинде 1884-ж. бул эки мамлекеттин ортосундагы чек ара такталып, натыйжада кыргыздардын негизги бөлүгү Россияга, бир тобу Кытайга карап калган. Ушул мезгилден тартып Кытай букаралыгына өткөн кыргыздар *кытайлык кыргыздар* делип аталып келүүдө.

Кытайдагы кыргыздар Кашкардан тартып чыгышты карай Какшаал, Ак-Суу, Кулжа, Үрүмчүгө чейинки аймакта – Ак-Чий, Улуу-Чат, Ак-Тоо, Артыш, Текес, Лоп, Иртышка чейин чачырап орношкон. Кытайлык кыргыздар негизинен кыргыздын оң, солго кирген урууларынан турат. Ичкилик урууларынан нойгуттар жана кыпчактар бар. Какшаалды жердеген нойгут уруусу жана анын чыгаан кызы Жаңыл Мырза тууралуу тарыхый уламыш азыр да айтылып келет.

1916-ж. улуттук-боштондук күрөштө жеңилген кыргыздар, кыргындан кутулуш үчүн Кытайга качууга аргасыз болгон. Кемин, Чүй өрөөнүндөгү кыргыздардын бир бөлүгү, Ысык-Көлдөгү, Борбордук Теңир-Тоодогу кыргыздар ак кар, көк муз каптаган бийик ашууларды ашып, Чыгыш Түркстандын Үч-Турпан жана Ак-Суу райондоруна барып жайгашышкан. Ат-Башылык кыргыздар өздөрүнө чектеш жайгашкан Какшаалга көчкөн. Ысык-Көлдүн башындагы кыргыздар Каркыра аркылуу Кулжага качып барышкан. Текес тарапка 500 түтүндөй кыргыз үрккөн.

Кытайлык маалыматтар боюнча 1916-ж. Жети-Суу областынан Кытайга 332 минден ашуун кыргыздар менен казактар качып барган. Алардын көбү кыргыздар болгон. Совет бийлиги орногондон кийин качкындардын 300 миңдейи өз мекенине кайтып келишкен.

Кытайлык кыргыздар Чыгыш Түркстан элдеринин эркиндик үчүн күрөштөрүнө дайыма катышып келген. Кыргыздан чыккан **Ысакбек Монуев** Чыгыш Түркстандагы түрк элдеринин эркиндиги үчүн күрөшкө жетекчилик кылып, 1935-ж. 2,5 миң кыргыз жигиттеринен турган кыргыз атчандар полкун түзгөн.

1944-ж. 12-ноябрда көз карандысыз Чыгыш Түркстан Республикасы (ЧТР) жарыяланып, анын өкмөтү түзүлгөн. 1945-ж. 8-апрелде Кулжа шаарында Чыгыш Түркстан Республикасынын улуттук армиясы түзүлүп, анын башына генерал-майор Ысакбек Монуев дайындалган.

1946-ж. Чыгыш Түркстан Республикасынын өкмөтү менен Гоминдан өкмөтүнүн ортосунда келишим түзүлөт. 1949-ж. августта Чыгыш Түркстан Республикасынын өкмөтүнүн башчылары (анын ичинде генерал-лейтенант чинине ээ болгон Ысакбек болгон) Москвадан Пекинге учуп бара жатып авиакатастрофадан каза табышкан. Авиакатастрофанын сыры табышмак бойдон калган. Ушул жылы төрт гана жыл жашаган ЧТР жоюлган.

1949-ж. октябрда Кытай Эл Республикасы негизделет. Жаңы бийликтин чечими менен 1954-ж. 14-июлда кытайлык кыргыздар жашаган Синцзяндын түндүк батышында Кызыл-Суу Кыргыз Автономиялуу району түзүлөт. 1955-ж. февралда ага областтын статусу берилген. Ага Акчий, Ак-Тоо, Улуу-Чат райондору карайт. Артыш шаары кытайлык кыргыздардын административдик жана маданий турмушунун борборуна айланган.

Көрүнүктүү манасчы **Жусуп Мамай** кытайлык кыргыздардан чыккан. Ал «Манас» эпосун кагазга түшүрүп жети томдук китеп кылып чыгарды. Белгилүү тарыхчы **Анвар Байтур** Кытайдагы кыргыздардын тарыхын изилдеп, бир катар китептерди жарыялаган. Анын «Кыргыз тарыхынын лекциялары» деген эки китептен турган эмгеги Бишкектен да 1992-ж. жарык көрдү.

Кытайдагы кыргыздар жөнүндө сөз болгондо Маньчжуриянын Фу-йү уездинде жашаган кыргыздарды унутпашыбыз керек.

Жыйынтыктап айтканда, акыркы эсеп боюнча Кытайда 170 миндей кыргыздар жашайт. Алардын 120 миндейи Кызыл-Суу Кыргыз Автоном областында, калгандары Чыгыш Түркстандын башка аймактарында жашашат. Ал эми Фу-йүдөгү кыргыздардын саны 1 минден ашты.

XX к. биринчи жарымында чек аранын жабылышы менен Памирдин Афганстанга караштуу жерлеринде жашаган кыргыздардын кыргыз элинин негизги бөлүгү менен болгон байланышы үзүлгөн. Алар Афганстандын Памирде жашаган калкына айланып, чарбачылык жүргүзүп келишкен. Афгандык кыргыздарды 1978-ж. апрелиндеги төңкөрүшкө чейин

Кабулга баш ийген **Рахманкул хан** башкарган. Рахманкул хан жетектеген мезгилде Памир кыргыздарынын аброю көтөрүлгөн. Афганстандын ханы Мухаммад Закир Шахтын убагында Рахманкул хан зор ишенимге ээ болуп, 1964-ж. баштап Лоя Жиргага (Улуу чогулуш) дайыма катышып келген жана ага кариядар (аймактын башкаруучусу) деген титул берилген.

Рахманкул хандын ишмердигинин натыйжасында *афгандык кыргыздар* кенен автономиялык укукка ээ болуп, бир топ жеңилдиктерге жетишкен, салык төлөшкөн эмес, аскер кызматынан бошотулган. Бирок аларга Советтик жана Кытай чек арасын кайтаруу милдети жүктөлгөн. Рахманкул хан электр энергиясын, темир жолду Памирге жеткирүү үчүн көп аракеттерди жасаган. Бул боюнча башталган иштер Афганстандагы төңкөрүштөн кийин токтоп калган.

1978-ж. апрелдеги төңкөрүш, Афганстандын Демократиялык республика аталышы, узакка созулган граждандык согуш ал жактагы кыргыздардын тынчын алып жашоосун кескин кыйындаткан. Натыйжада 1300 кыргыз (280 үй-бүлө) Памирден Пакистанга качууга аргасыз болушкан. Жолдо качкын кыргыздар үй эмеректеринен, малынын көбүнөн айрылган. Пакистандын кароосуз калган айылдарынын бирине отурукташып, калган-каткан малын сатып жан сакташкан. Пакистанда төрт жылча туруп калган кыргыздарды оору баскан, өлүм көбөйгөн. Жаңы жерге көнө албаган жүздөй үй-бүлө Памирге кайтууга аргасыз болушкан.

Афгандык кыргыз качкындарынын негизги тобу Бириккен Улуттар Уюмунун Качкындардын иштери боюнча жогорку комиссариатына кайрылып, 1982-ж. Түркияга көчүп барууга уруксат алышкан. Ошентип, 1982-ж. августта 3 самолет менен 1138 кыргыз Түркияга келишип, Ван шаарынан 35 чакырым аралыкта, мурдатан эле кыргыздар жашаган Кара-Кундуз деген жерге жайгашышкан. Афгандык кыргыздардын келиши менен Кара кундуз кыштагынын социалдык абалы оңоло баштаган. Буга Рахманкул хан чоң эмгек сиңирген. Айылга суу түтүктөрү, электр кубаты, телефон байланышы жеткирилип, жол катнашы жакшырган. Мечит курулган. Ошентип, Памирде көчмөн турмушта жашаган афгандык кыргыздар Түркияга келип отурукташкан турмушка өтүшкөн. Мунун натыйжасында кыргыздардын коомдук турмушу, маданияты, уруулук байланыштары, үрп-адаттары ж. б. кескин өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Азыркы мезгилде Түркияда 4 минге жакын кыргыздар жашайт. Мындан тышкары Түркияга билим алуу максаты менен барган студенттер, аспиранттар жана кызматкерлер да бар. Алар «Булак» аттуу чакан гезит чыгарышат. Ал Түркиядагы кыргыздардын турмушунун ар кыл жактарын чагылдырууга арналган. *Памирлик кыргыздардын* татаал тагдыры, тарыхы француз этнографы Реми Дордун «Ооган Памириндеги кыргыздар» деген эмгегинде чагылдырылган. Бул китеп 1993-ж. Бишкектен кыргыз тилинде чыккан.

Мындан тышкары аз сандагы кыргыз үй-бүлөлөрү Европа өлкөлөрүндө, Америкада, Пакистанда, Австралияда, Иорданияда жашашат. Эгемендүүлүктүн мезгилинде чет өлкөлөргө барып жашоо жана иштөө үчүн кыргыздарга кеңири жол ачылды. Алыскы чет өлкөдө жашаган кыргыздар менен байланыштар жолго коюлду.

## 100. ЖАКЫНКЫ ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДӨГҮ КЫРГЫЗДАР

Кыргыздар Фергана өрөөнүндө байыртадан эле байырлап андагы көп улуттун өкүлдөрү, өзгөчө өзбектер, кыпчактар, тажиктер менен бирге жашап келгени белгилүү. Фергана чөлкөмү XVIII к. баштап өз алдынчалыкка ээ болуп, андагы бийлик 1709-ж. Шахрух бийдин колуна өтүп, ал Кокон хандыгынын негиздөөчүсү болуп калат. Ушундан тартып Россия басып алганга чейин бул чөлкөмдөгү бийликти Кокон хандыгы жүргүзгөнүн билебиз. Адегенде Фергананын түздүгүндө, кийин тоолорунда жашаган кыргыздар Кокон хандыгынын туруктуу калкына айланган жана бул хандыктын коомдук-саясий турмушуна таасирдүү катышкан.

Ферганалык кыргыздар XIX к. баштап Кокон хандыгынын жогорку хандык бийлигин да өз колунда кармап турууга аракеттенишип, ал максатын жүзөгө ашырышкан. Буга кыргыздардын тарбиясы менен Таласта эр жетип, Нүзүп баш болгон кыргыздар менен кыпчактардын колдоосу менен Шералынын хан көтөрүлүшү күбө.

1897-ж. статистикалык маалымат боюнча Фергана чөлкөмүндө 424 миндей кыргыздар жашап, андагы калктын 30 процентин түзгөн. Алардын көпчүлүгү өздөрүн Ферганада байыртадан эле жашаган туруктуу калк катары эсептешкен. Айрымдары болсо Чыгыш Түркстандан, Теңир-Тоодон, Таластан ж. б. жерлерден көчүп келип жашап калышкан. Фер-

ганадагы кыргыздардын жакада жашагандары дыйканчылык, ал эми тоолуу өрөөндөрдө жашагандары мал чарбачылыгы менен кесип кылышкан.

Совет бийлигинин улут саясатынын натыйжасында 1924-ж. Орто Азия чөлкөмү улуттук мамлекеттүүлүктөргө бөлүнөт. Бул маанилүү иште бул чөлкөмдө жашаган этностордун кызыкчылыктары толук эске алынбай, субъективдүүлүккө, баш аламандыкка жол берилет. Натыйжада байыртадан эле кыргыздар мекендеп келген Самарканд, Анжиян, Наманган, Фергана өрөөнүнүн көпчүлүк бөлүгү Өзбекстандын чегине кирип калган. Кыргызстандын элинин чек араларды тактоо, кыргыздар мекендеп келген жерлерди Кыргызстанга кошуу жөнүндөгү талаптарына Совет бийлиги көңүл бурган эмес. Ошентип, кыргыздар жерлери менен коңшулаш Өзбекстандын калкына айланган. Учурда кыргыздар Өзбекстандын дээрлик бардык областтарында жашашат. Алардын басымдуу көпчүлүгү Анжиян, Наманган, Фергана, Жызак, Кокон, Ташкент, Самарканд, Сыр-Дарыя областтарында турушат. Кыргыз айылдарынын көпчүлүгү тоолуу райондордо жайгашып, кыргыз тилинде аталат.

Соңку маалыматтар боюнча Өзбекстанда 175 миңдей кыргыз бар. Анда жашаган кыргыз балдары үчүн 40тан ашуун кыргыз тилиндеги мектептер иштейт. Алар үчүн окуу китептери, окуу куралдары Кыргызстанда даярдалат.

Дүйнөдөгү эң бийик Памир тоолорунун, асман тиреген чокуларынын арасын, өзөндөрүн, кокту-колотторун кыргыздар байыртадан эле мекендеп келишкен. Анткени Памир тоолору Кыргызстандын азыркы чек арасы менен эле туташ жатат.

Тарыхый булактарда 1635–1636-жж. Кара-Корум менен Керөлөңдү мекендеп жүргөн он эки миң түтүн кыргыз Кара-Тегин аркылуу Гиссарга келгендиги эскерилет. Мындан кийинки кыргыздардын Памирге көчүп келиши ойроттордун чабуулу менен байланыштуу. Ойроттордун чабуулунан улам Кара-Тегинге көчүп барган 100 миң түтүндөй кыргыздар Бухара хандыгына караштуу Гиссар, Куляб, Памир, Түндүк Индия жана Кашкарга чейин барган. Калмактар кыйрагандан кийин качкан кыргыздардын негизги бөлүгү Теңир-Тоого кайтышып, бир аз тобу ошол тарапта калып калышса керек.

XIX к. Памирди Кокон хандыгы, Кашкар эмири жана Афганстандагы Вахап акими бөлүп алышкан. Анда жаша

ган кыргыздар да формалдуу түрдө үчкө бөлүнүп калган. Бирок кыргыздар үч ээликтин бирине да баш ийбестен, өздөрүн Памирдин мыйзамдуу кожоюндары катары сезишкен.

Памирлик кыргыздардын эркиндик үчүн күрөшүн көп жылдар бою **Сахип Назар** жетектеген. Кокон хандыгы аны өзүнө тартуу максатында ага датка мансабын ыйгарган. Афган эмири болсо кээде Сахип Назарга жардам сурап кайрылып турган. Жайкысын ал асман тиреген тоолордогу жайлоолорго көчүп, кышкысын адамдар жете алгыс Кузары дарыясынын куймасындагы кыштоосунда жашаган. Кайсы бир жылдары Алай жайлоолоруна жайлаган. Ал өзүнүн колу менен афган эмиринин аскерлерине, орус баскынчыларына бир нече жолу сокку урган. Андан афган эмири да, орустар да чочулап турган. Памир аймагын 1890-жж. Россия басып алган соң Сахип Назар колго түшүрүлүп, «каракчы» катар атылган. Чындыгында, ал өз элинин эриндиги, көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн кыргыздын өз мезгилиндеги чыгаан уулдарынын бири болгон.

Совет бийлигинин жылдарында Тажикстанга карап калган кыргыздар ал республиканын төрт (Жерге-Тал, Мургаб, Шаартуз, Яал) районуна бөлүнгөн. Тажикстандык кыргыздар Кыргызстандын Лейлек, Чоң-Алай, Кадамжай, Баткен райондорунун эли менен урулаш эл. Акыркы маалыматтарга караганда Тажикстанда 106 минден ашуун кыргыздар жашашат. Алар жашаган жерлерде кыргыз мектептери бар. Окуу китептерин Кыргызстандан алышат. Тажикстандык кыргыз орто мектептерин бүткөн жаштардын айрымдары Кыргызстандын жогорку жана атайын орто окуу жайларынан билим алышат. Совет доорунда ал жакка кыргыз мугалимдер көп жиберилип турган.

1990-ж. Тажикстанда башталган граждандык согуш кыргыздарга да көп кыйынчылыктарды алып келди. Согуштан азап чегишкен айрым адамдар Кыргызстанга көчүп келип туруп калышты. Согуш басылган соң алардын айрымдары кайра кайтууда.

Азыркы Россия Федерациясында жашаган кыргыздардын бир тобунун тамыры терeңге – орто кылымдардагы Енисей кыргыздарына барып такалат. XVIII к. башында Енисей дарыясынын жогорку агымдарында орустар басып алган кыргыздар орто кылымдардагы Енисей кыргыздарынын урпактары болгон. Бул жерде жашаган кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар орустардын 1567–1583-жж. жазылган тарыхый

документтеринде кездешет. Аларда Енисей дарыясы кыргыз жеринин так ортосунан агып өтөрү, аларды княздар башкарары, аларга жакын жерлерде калмактар жашары жазылган. Тарыхый маалыматтар боюнча XVII к. Енисейде болжол менен 7 миндей түтүн кыргыздар жашаган. Алар негизинен көчмөн мал чарбачылыгы менен кесип кылышкан.

XVII к. аягында орустар Сибирди басып алуу саясатын күчөтүп, азыркы Томск жана Красноярск шаарларынын ордуна чеп курушкан. Ал жерде жашаган кыргыздарды орустар түштүктү карай сүрүп салган. Сүрүлгөнүнө карабастан кыргыздар түндүктөгү жерлерин Кыргыз жери деп аташып, орустарга такай доомат коюп, аларга кол салып, орус дыйкандарын талап-тоноп, эгиндерин, үй-жайын өрттөп кетип турушкан.

Енисейлик кыргыздардын орус баскынчыларына каршы күрөшүн кайраттуу жана акылдуу княз **Эренек** жетектеп, орустарга каршы бир нече жолу кыйраткыч сокку урат. 1678-ж. Эренек Красноярскиге кол салат. Орустардын 20дан ашуун кыштактарын өрттөп, орус аскерлеринин бир тобун туткундап алат. Орустар менен Эренектин ортосундагы чечүүчү салгылаш 1688-ж. Монголияда болуп, бул салгылашта Эренек курман болот. Эренектин көз карандысыздык үчүн күрөшүн анын уулу Корчун уланткан.

1701-ж. орус аскерлери, казак-орус отряддары менен бекемделип, кыргыздар менен Красноярскиге жакын жерден беттешет. Айыгышкан салгылашта кыргыздар чоң жеңилүүгө дуушар болуп, талкаланат.

Енисейлик кыргыздардын орус баскынчыларына каршы күрөшү бир кылымга созулуп, бул жоокер элдин кайраттуулугу орус падышачылыгын бир топ сестенткен. Енисейдеги кыргыз жерлери Россияга 1708–1720-жж. аралыгында биротоло кошулган. Кыргыздарды жеңген соң, алардын жаңы жогорулашынан чочулаган падыша өкмөтү Енисейлик кыргыздардын бир бөлүгүн Алтайга көчүрүп жиберген.

Падыша өкмөтү Енисейлик кыргыздарды багынтып алган соң аларга каршы колониялык катаал саясат жүргүзгөн. Аларды зордук жолу менен христиан динин кабыл алууга, адам аттарын орусча коюуга мажбурлаган. Мунун натыйжасында кылымдар бою өздөрүнүн «кыргыз» деген атын, өзгөчөлүгүн сактап келген эл акырындык менен башка элдер менен ассимиляцияга кирген.

Совет бийлигинин соңку жылдарындагы эсеп боюнча Рос-

сия Федерациясынын аймагында 40 миңдей кыргыз жашаган. Азыркы учурда Россиянын көпчүлүк шаарларынын базарларында соода кылган кыргыздар бар. Алардын айрымдары ал жакта туруктуу жашашат. Так эмес маалыматтар боюнча азыркы учурда Россияда убактылуу жашаган кыргыздар 500 миңден ашат.

2003-жылдын 28–30-августунда Чолпон-Ата шаарында кыргыздардын дүйнөлүк II курултайы өткөрүлүп, ага 22 мамлекетте жашаган кыргыздардан 200 жакын делегаттар катышты. Бул курултай 1992-ж. августа Бишкекте өткөн кыргыздардын дүйнөлүк I курултайы сыяктуу эле дүйнөнүн аркайсы мамлекеттеринде жашап жаткан кыргыздардын байланышын чыңдап, рухун көтөрүп ынтымагын бекемдеди.

Эгемендүү Кыргыз Республикасы өзүнүн атуулдарынын дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнө барып билим алуусуна, эмгектенишине, башка өлкөнүн граждандык статусун алуусуна кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачты. Кыргыз Республикасы төгөрөктүн төрт бурчунда жашаган кыргыздардын тиреги жана үмүтү. Кыргыз Республикасы өзүнүн граждандарынын кызыкчылыктарын дүйнөнүн кайсы жеринде болсо дагы коргой тургандыгын өзүнүн Конституциясында бекемдеген.

# ТАРЫХЫЙ ИНСАНДАРДЫН ӨМҮРҮ ЖАНА ИШМЕРДИГИ



Барсбек

***БАРСБЕК, Ынанчы Алп Билге*** – VIII к. башында Енисейдеги кыргыз кагандыгынын башкаруучусу. Анын урматындагы эпитафияга ылайык ажо байыркы кыргыздын башкаруучу династиясынан чыккан, атасынан эрте жетим калган, төрт бир тууганы болгон, тайган менен аң уулоону аябай жакшы көрүүчү.

Барсбектин уруусу Умай-эненин өзгөчө колдоосунда деп эсептешчү. Анын туугандары сейрек кездешүүчү *Умай бег* деген наамды алып жүрүшчү. Барсбектин агалары да инилери да болгон. Тата-ал тышкы саясий кырдаалдын шарттарында кыргыздардын мамлекетиндеги биринчи орунга ал өзүнүн асыл сапаттарынын аркасында көтөрүлгөн. Чыгыш түрк кагандыгынын баскынчыл саясатына каршы күрөшүү үчүн өзүнүн Эрен Улук деген элчиси баш болгон өкүлдөрүн Тибетке жиберген. Барсбек 711-ж. түргөштөрдүн башчысы Сакал каган менен бирдикте Чыгыш түрк кагандыгына каршы урушка даярданган, бирок Чыгыш түрк каганы Капаган тезинен Көгмен тоосун ашып, Барсбектин ордосуна кол салган. Барсбек 711-ж. согушта курман болгон.



Эрен-Улук

***ЭРЕН УЛУК*** – Тибет мамлекетине барган (VIII к.) кыргыз элчиси. Бул маалымат Алтын-Көлдөгү (Хакасия) кыргыздарга таандык таш бетиндеги руна сымал жазма эстеликте (Алтын-Көл II) чагылдырылган. Эстелик кыргыз каганынан Тибетке элчилик сапар менен барып, белгисиз себептер менен Ата журтуна кайтпай калган Эрен Улукка арналып тургузулган (эстеликтин өлчөмү 1,98 х 46 *см*, калыңдыгы 18 *см*). Эрен Улук кыргыздын «болчар» (булсар) уруусунан чыккан. Тибетке элчилик сапар менен баруунун алдында 38 жашта болгон. Көзү тирүү мезгилинде өзгөчө эрдиги үчүн Ынанчу алп титулуна, о. эле элчилик даражасына ээ болгондугу айтылат.



Алп-Сол

***АЛП СОЛ,*** *Т а б у  Х э ц з у,  Т а п у* – IX кылымдагы кыргыз кол башчысы жана элчиси. 840-ж. кыргыз каганынын Уйгур мамл-не жасаган чоң казатында анын колунун сол канатын жетектеген ж-а Енисейдеги Улуу кыргыз империясын негиздөөгө зор салым кошкон. 843-ж. март айында Кытайдын Тан династиясынын императоруна элчи катары барган. Кытай жыл баяндарында: «841-ж. такка олтурган император Вуцзун алыскы кыргыз каганынан келген элчиге абдан ыраазы болуп, Бо-Хайдан келген элчиден жогору, төргө олтургузду» – деп баяндалат. Кыргыз каганынын аскер башчысы, ишенимдүү элчи Кытайдан жеңилген уйгурлардын тагдыры жөнүндөгү саясий иштерден сырткары, соода-экон. карым-катнашты кайра жандандыруу үчүн барган. Буга жооп катары кытай императору өзүнүн элчилерин бир нече ирет кыргыздарга жөнөткөн. Алп Солго арналган эпитафия Монголиядан табылган.



Сатук Буура Кара-хан

***САТУК Буура Кара каган,*** А б д а л – К е р и м – Карахандар мамлекетинин негиздөөчүсү. Чигил элинен чыккан. Атасынын бир тууганы Огулчак Кадыр хандын ордосунда (Кашкарда) тарбияланган. Карахандардын ичинен биринчилерден болуп ислам динин кабыл алган. Байташ Арслан хан (Муса) ж-а Тоңа элик (Сулайман) деген эки уулу болгон. Сатук өлгөндөн кийин бийлик Мусага тийген.



Асан-кайгы

***АСАН КАЙГЫ*** – ойчул, акылман ж-а акын. Болжолу XIV кылымда жашаган. Асан Кайгынын айтылып жүргөн аңыз-окуялары Алтын ордонун хандарынын бири Жаныбектин заманы м-н байланыштыруу, анын адилетсиз бийлигинен жабыркаган калктын оор турмушун, кайгы-муңун тең бөлүшкөн акын, ойчул адам катары мүнөздөлүп, элдин мүдөөсүн, кызыкчылыгын коргоо анын чыг-нын негизги мазмунун түзөт. Асан Кайгынын философиялык, турмуштук көз карашынын негизин жандууну жана жансызды аёо – асанкайгылык түзөт. Бүтүндөй жан-жаныбарлар дүйнөсү акылмандын көз алдына тартылып, катуу суукта боорун жерден көтөрө албаган бака, басууга буту жок жылан, кышка камы жок доңуз ж.б. кантти экен? – деген убайымды чегет. Мындай жагдайда адамдардын турмушу

тууралуу да акылман отун, суусу жок жесир кантти, башында киери, ичээрге тамагы жок, жеңеден жеме угуп күн көргөн жетим кантти, боюн токтото албай калчылдаган карынын, кепичин кийе албай, келини тил албай, айласы куруган кемпирдин күнү не болду? – деп кейиген. Асан Кайгынын мурасы толугу м-н жеткен жок. Көпчүлүгү аңыз-аңгеме, уламыш түрүндө эл ичинде сакталып келген.

***ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ*** – элдик уламыш-легендалар б-ча XIV–XV кылымда жашаган кыргыз сынчысы ж-а акылман-ойчулу. Толубай сынчы жаратылыштын ж-а коомдук турмуштун маселелерин таанып-билүүдө алысты көрө билген адам болгондугу айтылат. Ал Жаныбек хандын тушунда жашап, өз заманында жаныбарлардын касиетин, өзгөчө жылкылардын күлүктүгүн, тулпар чыга тургандыгын алдын ала баамдай алгандыгы, көрөгөчтүгү, сынчылыгы м-н даңазаланган мыкты саяпкер болгон. Толубай сынчы эл арасында чечендиги, акылмандыгы, ойчулдугу м-н да таанымал болуп, ханга да тайманбай сөз кайрыган, элди ынтымакка чакырган инсан катары айтылат. Элдик уламыштардын негизинде кыргыздын белгилүү акыны Алыкул Осмонов «Толубай сынчы» поэмасын жазган.



Толубай-сынчы

***САНЧЫ СЫНЧЫ***, С а н с ы з – тарыхый уламыштар б-ча XVII–XVIII кылымда жашаган кыргыз сынчысы. Солто уруусунан чыккан. Санчы сынчы айтканы айткандай туура келген, өтө кыраакы, баамчыл адам болгон. Санчынын сынчылыгына байланышкан уламыштарда ал солтонун балдарын сынап, кимиси мыкты чыгарын алдын ала айткандыгы, Кудаян ханды сынап, элдин башына оор заман келе тургандыгы, хандын жолу болбостугун, Болот бийдин аялы Таалекеден Эсенгул баатырдын төрөлө тургандыгы ж.б. тарыхый окуялардын боло тургандыгын алдын ала айткандыгы айтылат.



Санчы-сынчы



Мухаммед-Кыргыз (Тагай-бий)

***МУХАММЕД КЫРГЫЗ*** (санжырада Тагай бий) – XVI кылымдын башында Теңиртоодогу кыргыз урууларынын бирикмесинин башкаруучусу. Ал башкарган аймак «кыргыз улусу» деп аталып, Мухаммед Кыргыз бек (эмир) титулуна ээ болгон. 1514-ж. могол ханы Султан Саидге Кашкарды, Жаркенди ж-а Хотанды каратууга жардам берет. Мухаммед Кыргыздын кошууну Түркстан, Ташкен, Сайрам, Анжиян, Аксы ж. б. жерлерге чейин жеткен. Түркстан шаарын басып алганда, өзбек канзаадасы, Шейбани хандын аталаш жакын тууганы Абдулланы туткунга түшүрүп алган, бирок аны сый-тартуу менен коё берген. Бул могол ханы Султан Саид үчүн шылтоо болуп, ал Кыргыз улусун кайрадан басып алуу үчүн 1517-ж. жортуулга аттанат. Ысыккөлдүн Барскон деген жеринде катуу салгылашууда Мухаммед Кыргыздын колу жеңилүүгө учурап, өзү туткунга алынат. Кыргыздарды көзкарандылыкта кармоону көздөгөн Султан Саид Мухаммед Кыргызды 5 жыл Кашкарда түрмөдө кармаган. 1522-ж. бошотуп, аны «кыргыздардын эмири» катары кайрадан тааныйт. Мухаммед Кыргыз келери менен моголдорго каршы күрөшкө тымызын даярдык көрүп, 1524-ж. казактардын султаны Тахир м-н ымала түзөт. Бул Султан Саидге билинип калып, Мухаммед Кыргызды кайрадан туткундап, Кашкарга алып барат. Ал 1533-жылга чейин Кашкарда түрмөдө отуруп, каза табат. Мухаммед Кыргыздын кыргыз элин бириктирүүдөгү эмгеги өтө зор.



Дөөлөс-баатыр

***ДӨӨЛӨС БААТЫР,*** Дөөлөсбакты Сарыбагыш (Кылжыр) уулу (XVI к.) – кыргыздардын калмактарга каршы күрөшүндө кол баштаган баатыр. Тагай бийдин небереси. Дөөлөс баатырдын эрдиктери Осмонаалы Сыдык уулунун, Белек Солтоноевдин, санжырачылар Э. Төрөкан уулунун ж-а А. Алымкул уулунун эмгектеринде айтылат. Ал кыргыздарга коркунуч туудурган калмактарга далай ирет жортуул уюштуруп, алардын айылдарына бөлгөн салып турган. Калмактар аны айлаамал м-н колго түшүрүп, орго салган. Санжырада калмактын хонтайжысынын Көкмончок аттуу кызы ордо жаткан Дөөлөс баатырды туткундан бошоттуруп, ага турмушка чыккан. Дөөлөс баатырдын Токо, Жантай, Элчибек ж-а Манап деген уулдарынан тарагандар кыргыздын сарыбагыш уруусунун негизин түзөт.

***ЭШИМ ХАН,*** Эшим Көнөк уулу, Эңчегер бойлуу Эр Эшим (туулган жылы белгисиз – 1628-ж.) – XVII кылымдын биринчи чейрегиндеги кыргыз-казактын ханы. Кыргыздын саруу уруусунан чыккан. Энеси казактын Шыгай деген ханынын кызы болгон. Кыргыз менен казак элинин биримдиги, ынтымагы үчүн күрөшкөн. Эки элдин башында туруп Чыгыш Түркстан менен Илидеги калмактардын баскынчы саясатына каршы күрөштү жетектеген. Арка кыргыздарынын улугу Манап бий м-н Анжияндык кыргыздардын башчысы Көкүм бий Эшим хандын эң ишенимдүү кол башчыларынан болгон. Кыргыздар м-н казактардын биргешелкен соккусунан ж-а ич ара келишпестиктен улам калмактардын Хоршут уруусу Тибет тарапка, ал эми Тыргоот уруусу Волгага жер которгон. Эшим Хан өлгөн соң хандык бийлик анын уулу Жаңгирге өтүп, ал калмактарга каршы күрөштү уланткан.



Эшим-хан

***МАНАП БИЙ Дөөлөсбакты уулу*** – (XVI к. экинчи XVII к. биринчи жарымы) Түндүк Кыргызстандын улугу. Кыргыз-казактын ханы Эр Эшим менен бирдикте эки элдин ынтымагы үчүн күрөшкөн. Эшим хан Манап бийге түмөн (10 миң аскер) кол менен кыргыз-казактардын Иле дарыясы тараптагы чек арасын калмак баскынчыларынан коргоо милдетин тапшырган. Тарыхый маалыматтар боюнча Манап бийдин ордосу азыркы Орто-Токой суу сактагычы жайгашкан жерде болгон.



Манап-бий

Манап бий өз заманынын эң мыкты саясий ишмери болгон. Ал ошол кездеги коомдук башкаруу системасына реформа жүргүзүү ишин баштаган. Манап бийдин Жарбаң (Сүтүке), Сүтөй аттуу уулдарынан Үчүке, Түлкү, алардан тараган Тынай бий, Маматкул бий, Болот, Эсенгул, Ниязбек, Атаке баатыр, Ормон хан, Жантай, Шабдан баатыр ж. б. Түндүк Кыргызстанды бийлеп, кыргыз коомуна башкаруунун жаңы институту – манапчылыкты биротоло киргизген. Жаңы система боюнча Түндүк Кыргызстанда бийлердин бийлиги чектелип, алардын ордуна урууларды манаптар башкара баштаган. Адатта манаптар уруу аристократтары катары жаш кезинде бийлик жүргүзүшүп, чечкиндүү болушкан. Ойчулдар Калыгул менен Молдо Кылыч да Манап бийдин урпактары болгон.


Жарбан-баатыр

***ЖАРБАҢ БААТЫР*** Жарбаң (Сүтүке) Манап бий уулу (XVI к. аягы – XVII к. биринчи жарымы) калмак баскынчыларына каршы күрөштө өзгөчөлөнгөн кол башчы. Манап бийдин тун уулу. Кыргыздын алгачкы тарыхчылары Осмонаалы Сыдык уулунун, Белек Солтоноевдин, санжырачылар: Талып Молдонун, Тоголок Молдонун, А. Алымкуловдун маалыматтары боюнча Жарбаң баатыр XVI к. аягында Орто-Токой деген жерде туулган. Анын энеси Кызбийке болочок баатырды төрөө учурунда каза болгон. Өлүп бара жаткан эненин курсагын жарып баланы аман алып калышкан. Ушундан улам баланын Сүтүке деген өз аты айтылбай Жарбаң аталып калган.

Жарбаң (Сүтүке) жаш кезинен эрктүү, чечкиндүү болуп өскөн. Калмактарга каршы күрөштө атасы Манап бийдин колунун бир бөлүгүн баштаган. Адатта чоң салгылаштар алдында болуучу эрөөлдөрдө ага калмактын далай берендери тең келе алган эмес. Бул баатырдан Жарбаң уругу тараган. Чүй районунун Маданият айылында эстелиги орнотулган.


Көкүм-бий©

***КӨКҮМ БИЙ,*** К ө к ү м  Б а г ы ш  у у л у (туулган жылы белгисиз – 1620–26-жылдар чен.) – түштүк кыргыздарынын улугу, саясий ишмер. Санжыра б-ча анын атасы Багыш Тагай бийдин Жанкороз (Карачоро деп да айтылат) аттуу уулунан төрөлгөн. Кыргыз-казак биримдигин түзүүгө ж-а Эр Эшимди хан көтөрүүгө жигердүү салым кошкон. Эшим хандын эң ишенимдүү адамы катары XVII кылымдын башында он эки капкалуу Ташкен ш-нын ж-а Түштүк кыргыз урууларынын улугу болгон. Калмак баскынчыларына каршы согушта кол баштап, эрдиктерди көрсөткөн. Ташкен ш-на кыргыздар м-н казактарды отурукташтыруу, бул шаардын социалдык-экономикалык маселелерин чечүү үчүн эрежелер жыйнагын түздүргөн. Жыйнак эл ичинде «Көкүмдүн көктөмөсү» деген ат м-н белгилүү болгон. Анын саясий таасири өтө жогорулап баратканын көрө албаган Ташкендеги казактын Жаныш уруусунун улугу Карабайтик уу бердирип өлтүргөн. Сөөгү Ташкен ш-нын (азыркы Шайхантаур р-ну, Карлыгач мазары) четине коюлуп, Эшим хандын буйругу м-н чоң күмбөз салынган. Күмбөздүн төбөсү көк сыр м-н сырдалгандыктан, «Көкүмдүн көк күмбөзү» аталган. Бул күмбөздүн калдыгы азыркы күнгө чейин сакталып калган.

***ЕРЕНЕК БЕК***, Ярнак, Яранак – 1660–87-ж.ж. Сибирь кыргыздарынын башкаруучусу; Алтысар беги Ишей-Мергендин уулу, Номчи-бектин небереси. Улуу агасы Айкан Юрукту аманат туткун катары Москвада билим алып, Иван деген ат менен чокундурулган. Ал Красноярскиге келип бир тууганы Еренек бекке каршы бир нече аскердик жүрүш жасаган. Еренек бектин Чакун, Харгин, Шам аттуу уулдары болгон. Еренек бек өтө каардуу, өжөр инсан болгон. Өзгөчө чыккынчыларды катуу кыйноого алып, дарактарга кере байлап, казандагы кайнак сууга салып, көздөрүн оюп салууга ж.б. жазаларга буйрук берген. Еренек бек бытыранды болгон кыргыз улустарын жана кыштым аймактарын «Кыргыз өлкөсү», «Кыргыз жери» этносаясий бирикмесине айланткан. Ал 20 жылдан ашуун Красноярск, Кузнецк, Томск, Енисей ж. б. орус кыштактарына коркунуч туудурган. Еренек кыргыздардын экономикалык кубаттуулугун камсыз кылып турган. Тышкы саясатында Россияга каршы болуп, Жуңгариянын колдоосуна ыктаган. Өзгөчө, ургаалдуу түрдө отурукташып жаткан орус кыштактарына өтө ылдам, жеңил куралданган кыргыз атчандары тарабынан тез-тез сокку уруп турган. Сеңге-Тайша менен Еренек бектин 1667-ж. Красноярска жасаган чабуулу учурунда казак-орустардын 375 кишиден турган аскер бөлүгү оор жоготууга учураган (39 адам өлгөн, 203 адам жарадар болуп, 49у туткунга алынган). Еренек бек орус чындоолорунун курулушу менен өтө зор коркунуч туудурарын түшүнүп, орус бийликтерине: «Эгерде Абаканга чыңдоо курсаңар, анда биз өз жерибизди акыркы балабызга чейин коргоого даярбыз» – деген билдирүү жасаган. 1675-ж. Красноярдык казак-орустар Кыргыз жеринин так ортосунда, Абакан дарыясынын куймасындагы Тагар аралына чыңдоо салышат. Еренек бек бул курулушту курчоого алып, өрттөп жиберет. Кийин Ачин жана Кан чыңдоолорун талкалап, Россиянын тууларын, замбиректерин колго түшүрүп алган. 17-к-дын 2-жарымында Цинь империясы моңгол хандыктарын баш ийдирип, аларды жунгарларга (калмактарга) каршы тукурган. 1687-ж. моңголдор менен согушта Галдан Бошокту-хан Кыргыз өлкөсүнөн толуктоолор алуу үчүн аскер чакырат. Еренек бек 600дөн ашуун адамдан турган кошууну менен Алтайдагы Чулушман дарыясынын жогорку агымына жакындап келгенде, моңголдор буктурма коюп тосуп алышып, беттешүү учурунда Еренек бек жана анын 300дөн ашуун жоокери, Алтыр улусунан 150 адам курман болот.



Еренек-бек



Кудаян-хан

***КУДАЯН*** Сарсейит уулу, хан Кудаян (туулган жана өлгөн жылдары белгисиз) – XVIII кылымдын 80-жылдарындагы кыргыздардын башкаруучусу. Сарыбагыш уруусунан. Сарсейит бийдин Үчүкө, Түлкү, Кудаян жана Эрдене аттуу төрт уулу болгон. Үчүкө, Түлкү эл башкарып, баатырлык кылышкан. Какшаалдагы нойгут кыргыздарынан чыккан кыз баатыр Жаңыл Мырзаны алабыз деп барып, анын колунан бөөдө өлүм болушкан. Агалары өлүп, Кудаян жаш болгондуктан, сарыбагыштын жантай уругунан карасакал Калматай убактылуу эл бийлеген. Ошол мезгилде жалпы аркалык кыргыздарды Көкүмдүн уулу хан Тейиш башкарып, башкаруу ишинде казак Ишим хандын небереси Тауке Жаңгир уулу менен пикирлеш жана союздаш болгон. 1670-жылдардын башталышында аркалык кыргыздар Кудаянды хан көтөрүшкөн. Элдик уламышта Кудаян төрөлгөндө кан уучтап түшкөн делет. Мындай маалымат тийиштүү даражада Кудаяндын хандык бийлигинин идеологиялык негизин бекемдөөгө багытталган. Кудаян башкарган мезгилде өтө оор заман башталып, кыргыздар калмак баскынчыларынын кысымынан улам жер которуп, Ысар–Көлөпкө чейин барган. Уламышта Санчы сынчы Кудаянды сынап, сынына толбой калганын ачык айтканы үчүн аны Кудаян төбөгө чаап, сынчынын каргышына калган делет. Уламыштын башка вариантында Кудаян Ооганстанга жортуулдап, Сырдарыядан өткөндө каза болгон. Санжыра б-ча Кудаяндан тараган тоголок аттуу урук Фергананын батышы Оротөбө, Кожент деген жерлерде турушат. Кочкор өрөөнүндөгү аз сандагы тоголок уругу да Кудаяндын тукумубуз дешет. Акыркы маалыматтар б-ча өзүлөрүн сарыбагыштан тараганбыз дешкен Талас өрөөнүндөгү томолоктор да Кудаяндын тукумдарынан болушу ыктымал.

***МАМАТКУЛ БИЙ***, Маматкул Үчүкө уулу (1660-жылдар чен – 1758-жылдан кийин) – XVIII кылымдын 1-жарымында калмак баскынчыларына каршы элдик күрөштү жетектегендердин бири; XVIII кылымдын ортосунда түндүк кыргыз урууларын башкарып турган чоң бий. 1680-ж-дын аягы — 1960-ж-дын башталышында калмак баскынчылыгына туруштук бере албаган кыргыз уруулары Фергана тарапка көчкөн. Маматкул бий Ферганага ооп барган кыргыздардын башын бириктирип, Наманганды үстүн жердеп турган. Ал 1720-жылдары ошол аймактын башкаруучулары м-н бирдикте калмактарга каршы элдик күрөштү жетектөөнү колго алган. 1732-жылдан Кетмен-Төбө өрөөнүнө кыргыздарды топтоп, Алатоону баскынчыларлан бошотуу аракетин баштаган. 1758-ж. Цин империясы Жуңгар хандыгын кыйратып, Чыгыш Түркстанды басып алган. Кыргыздар ата конуш-



Маматкул-бий

тарына кайтып келүүгө мүмкүнчүлүк алышкан. 1758-ж. Цин империясы Маматкул бийдин атынан барган кыргыз элчидери Цин императорунун кабыл алуусунда болуп, маанилүү саясий маселелерди чечип келген. Маматкул бий башында турган түндүк кыргыз урууларынын конфедерациялык түзүлүшү Жетисуу – Теңиртоо ж-а Чыгыш Түркстандын алкагында Түндүк Кыргызстандын XVIII кылымдагы өз алдынча мамлекеттик түзүлүшүн аныктаган.



Черикчи-бий

***ЧЕРИКЧИ БИЙ*** Темир уулу (туулган жылы белгисиз – 1785) – XVIII к. сарбагыш уруусунун башчысы, белгилүү дипломат. Аркалык кыргыздарды калмактар сүргөн кезде (бала чагында) Ферганага оогон. Орус жазма даректеринде Черикчинин 1730–40-жж. Анжиян шаарын башкарып тургандыгы айтылат. Ал жакын тууганы Маматкул менен бирге Ферганада чачылган арка кыргыздарын чогултуп, адегенде Кетмен-Төбөгө. Цин империясы Жунгар хандыгын талкалаган соң, өздөрүнүн ата-бабалары жердеген жерлерге көчүрүп келүүдө көп күч жумшаган. Маматкул бийдин тапшырмасы менен 1758-ж. Кытайга барган элчиликти жетектеп, император Цянь Лундун кабыл алуусунда болгон. Бирок кытайлыктардын баскынчы саясатын колдогон эмес. 1760-ж. Жунгарлардын башчыларын кармайбыз деген шылтоо менен Ысык-Көлгө кирип келген кытай аскерлерине кыйраткыч сокку уруп, кыргыз жеринен кубалап чыккан. Тарыхый даректер боюнча ал арка кыргыздарын 1760-жж. аягына чейин бийлеген. Андан кийин бийлик Эсенгул менен Атакеге өткөн.



Бердике-баатыр

***БЕРДИКЕ БААТЫР,*** Бердике берен Сырдыбай уулу (XVIII кылымдын ортосу, азыркы Талас р-ну, Бешташ капчыгайы – XVIII кылымдын аягы, Анжиян ш.) – түндүк (аркалык) кыргыздардын Жуңгар хандыгына каршы күрөшүн уюштуруучулардын ж-а жетекчилеринин бири. Саруу уруусунун алакчын уругунан. Кушчу, жетиген урууларынын башчысы Эр Солтоной, Итим баатыр, солто элинен Жайыл м-н Кошой, саяктардын эр Садыр, сарбагыштан Атаке баатыр ж. б. м-н бирдикте кыргыз жергесин жуңгарлардан бошотууда айрыкча таанылган. Санжырачылардын айтуусуна караганда Бердике баатыр жоого киргенде жайдак ат минип, кылыч чаап, айбалта сокkон. Жогоруда аталган баатырлар м-н Талас өрөөнүнөн, Чүйдөн, Кеминден баскынчыларды сүрүп, Ысыккөлдүн тескейин бошотушкан. Бердике баатыр үч жыл көл боюнда туруп, хан Бердике аталган. Бердике кийин Таласка келип, кокон бийи Эрденеге каршы аттанган. Ушул жортуулунда Бердике баатырды Анжиянда Эрдене бийдин тыңчылары уулаган жебе м-н капысынан атып өлтүрүшкөн.



Жайыл-баатыр

***ЖАЙЫЛ БААТЫР,*** Жайыл Коңурбай уулу (болжолу 1703–1705-ж. чен, Алабука р-ну, Сафедбулон кыштагы – 1770, Чүй өрөөнүнүн батыш бөлүгү) – кыргыздын солто уруусунан чыккан баатыр. Талкан бийдин небереси. Жаш чагында эле атасынан ажырап, Кошой бийдин колунда чоңоёт. Баккан атасы Кошой бий диний билим алуусуна шарт түзүп, таалим-тарбия берет. Жаш чагы калмак жапырыгына туш келип, өмүрүнүн бир топ жылдары бөтөн жерде өткөн. Жайыл баатыр жаш чагында Фергана тарапта жүр-гөндө отурукташкан элдин турмушу м-н жакындан таанышып, эгин эгип, дан баккандын сырын үйрөнгөн. Аларды Ата Журтка кайтканда карапайым калкка үйрөтүп, жалаң гана малга карабай жер тилип, кол өнөрчүлүк кылып турмушун оңдоого, соода-сатыкка аралашып, тезирээк ирденүүгө, эмгекчил болууга үндөгөн. Идиреги бар уландарды Бухара, Ташкенге чейин жиберип, алардын чоң медреселерде окуп, илим-билимдүү болушу үчүн кам көргөн. Мектеп ачып, Анжиян, Наманган, Кокондук молдолорго балдарды окуттурган. Ысымы Чүй областынын райондорунун бирине ыйгарылган. Эстелиги Кара-Балта шаарында орнотулган.



Эр-Садыр

***САДЫР*** Арзымат уулу, Садырхан, Садыр баатыр туулган жылы белгисиз –1780) – кыргыз элинин эркиндиги үчүн күрөшүүчү, колбашчы, баатыр. Саяк уруусунун каба уругунан. Баатыр Барак балбандын урпагы. Жаштайынан айбаттуу, жоокер чыгып, эр Садыр аталган, кийин бүткүл кыргызга таанылып, хан атагына татыган. Кыргыз калкын, жерин чет жердик баскынчылардан коргоп, абыройлуу колбашчы болгон. Талас аймагына коркунуч пайда боло баштаганын баамдап, Чоңкапка капчыгайынын чыга беришиндеги Кызылмойнок ашуусунун этегине ордо куруп, коргон салдырган. Ал жер «Садыр коргон» деп аталган, кийин суу сактагычтын алдында калган. Садыр хандан казак баатырлары Жапек, Абак, Көкжал Барактар жеңилишкен. Садыр баатырдын аскердик күчү кубаттуу болгондуктан, коңшу Улуу Жүз казактарынын уруу башчылары Сарaркадагы Абылай хандан жардам суроого мажбур болушкан. Абылай хан кыргыздарга көп кол менен келип, Чүйдөгү элди чаап, андан Таласка бет алган. 1780-ж. ал Садырды, уулу Доскулуну туткунга түшүргөн. Уулу экөө туткундан качууга аракеттенип, салгылашып жатып өлгөн. Туугандары алардын өлүгүн Абылайдан сурап алып, Таластагы Үчкоргон деген жерге коюшкан. Эр Садыр менен Абылай хандын жоолашуусу дастанга айланып, кыргыз-казак элдеринде айтылып калган. Анын бир вариантын Ч. Валиханов XIX к-дын 60-жылдарында жазып алган.

***ЭСЕНГУЛ БААТЫР***, Эсенгул Болот уулу (болжолу 1730–35-жылдар аралыгы–1810, азыркы Токмок ш.) – XVIII кылымдын 2-жарымында түндүк (негизинен оң канат) кыргыз урууларынын башында турган манап. Кыргыз фольклорунда ал ж-дө көптөгөн уламыш окуялар айтылып калган. XVIII кылымдын 2-жарымынан Түштүк Жетисуу аймагынан Жуңгар калмактарын сүрүп чыгарышкан казак-кыргыздардын ортосунда жайыт талашуу чатагы ырбайт. 1771-ж. Орто Жүз казактарынын султаны Көкжал Барак (Сан Барак) кыргыздарга жортуул жасайт. Ал Чүйгө келип, Шамшы аркылуу Кочкорго түшкөн. Эсенгул баатыр жетектеген кыргыз аскери Барактын 17 миңге жеткен колун Кочкоратага жакын жерде талкалап, султанды өлтүрүшкөн. 1785–86-ж. казак султаны Бердикожо кыргызга кол салганда Эсенгул баатыр баштаган кыргыз аскери Бердикожонун колун талкалап, өзүн өлтүрүшкөн. 1786-ж. казак султаны Канкожо м-н кыргыз башкаруучулары Эсенгул баатыр Атакенин ортосунда жарашуу ж-дө сүйлөшүүлөр болуп, казак-кыргыз арасы тынчыган. Эсенгул баатыр алп денелүү адам болгон, согушта көп баатырдык көргөзгөн. Эл ичинде «чоңдугу Эсенгулдай» деген ылакап сөз тараган, «казык моюн Эсенгул» деп да аташкан.



Эсенгул-баатыр

***БҮРГӨ БААТЫР***, Бүргө Итим бий уулу (болжол м-н 1763–1831-ж. чен) – манап, элдик баатыр. Талас өрөөнүндөгү кыргыздардын кушчу уруусунан. Кыргыз элин чет элдик баскынчылардан сактоодо көрсөткөн эрдиктери үчүн баатыр атакка жетишип, кушчу уруусунан хан көтөрүлгөн. Бүргө баатырдын эрдиги казак ханы Абылайдын кыргыз жергесине уюштурган жортуулдарында өзгөчө көрүнгөн. Казак ханынын колун Балхаш көлүнүн аймагына чейин сүрүп барган. Бүргө баатыр Кокон хандыгынын саясий окуяларына да жигердүү аралашкан. Кокон хандыгы сунуш кылган датка наамынан баш тартып, Олуяата, Сайрамдагы чептерге кол салган. Цинь императорунун чакыруусу м-н Кашкарга чейин барып, баалуу сый алган. Көз карандысыз саясаты үчүн аны Кокон ш-нын башчысы тымызын тыңчы жиберип, ууландыртып өлтүргөн. Кыргыздардын белгилүү баатырлары Атаке, Эсенгул, хан Садыр, Жаманак баатыр, Жайыл хан, Кошой баатыр, Түлөберди баатыр, Ажыбек баатыр м-н үзөңгүлөш, замандаш жашап, кыргыз элинин биримдиги үчүн кызмат кылган. Бүргө баатыр жоокерчилик м-н катар эле чарбачыл адам болгон. Азыркы Мерке облусундагы өзү жердеген жерге арык каздырып, суу чыгарткан, ал арык «Бүргөнүн Тогонду сайы» деп аталган. Бүргө баатырдын өзүнө таандык кызыл кочкул түстөгү туусун, мөөрүн, жортуулда кийүүчү темир зоотун ж-а жоокердик кылычын урпактары азыркы кезге чейин сактап жүргөн. Эстелиги Талас шаарына орнотулган.



Бүргө-баатыр



Акбото-бий

***АКБОТО БИЙ***, Акбото Рахимбий уулу (болжолу XVII кылымдын аягы – XVIII кылымдын 30-жылдарынын ортосунда жашаган) – саясий ишмер; Кокон хандыгынын Хожент вилайетин бийлеген. Кыргыздын саруу уруусунун кырк уругунан. Тарыхый маалыматтар б-ча ал Бухара ханы Убайдулланын (1702–11-ж. башкарган) ишеничине ээ болуп, Фергана өрөөнүнүн түштүк-чыгышындагы Хожентгин аймагын калмак баскынчыларынан коргоочу кошуундун башчылыгына дайындалган. Бул аймакта Акбото бийдин саясий аброю өскөндүктөн, Кокон хандыгынын негиздөөчүсү Шахрух бийдин кызына үйлөнүп, өзүнүн кызын анын уулу Абд ар-Рахим бийге турмушка берип, Коконду башкарган Миң династиясы м-н кайчы куда болгон. Хожентти башкарууну Абд ар-Рахим бийге тапшырган. Бул аягында күйөө бала м-н кайын атанын ортосундагы ачык тирешүүгө алып келген. Эрегиште Рахим бий кайын атасын өлтүрүп, Хожентке өзүнүн иниси Абд ал-Карим бийди дайындаган.



Кубат-бий

***КУБАТ БИЙ,*** Кубат мырза (туулган, каза болгон жылдары белгисиз) – XVIII кылымдын экинчи жарымында Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыз урууларынын төбөлү, кол башчы, саясий ишмер; кушчу уруусунан чыккан бий. Кокон башкаруучусу Абд-ал-Каримдин мезгилинде жуңгарлардын баскынчылыгына каршы биргелешип сокку уруу үчүн Кокон бийликтери Кубат бий башында турган кыргыздар м-н союз түзүп, алардын биргелешкен күчү баскынчыларды Ферганадан кууп чыккан. Кокон хандыгын Эрдене бий башкара баштаган кезде, Оротөбөгө ээ болуу максатында ал кыргыз бийлери м-н өнөктөш болууга аракеттенип, мына ушул кырдаалда да Кубат бий негизги ролду ойногон. Тарыхый булактарда айтылгандай, Кубат бий «кыргыздын падышасы» аталып, «өз алдынча башкаруучу катары жеке пайдасы үчүн тигил же бул башкаруучу м-н каалагандай достошуп же ажырашып турган». Кокон хандары ж-а Кытай императору Кубат бийдин пикири м-н эсептешкен. 1855-ж. Кубат бий Цин империясына каршы боштондук кыймыл жүргүзүп жаткан кашкарлык Жусуп Кожонун чакырыгы б-ча аскерлери м-н Чыгыш Түркстанга кеткен. Ушул окуядан ки-йин Кубат бийдин тагдыры белгисиз. Ал жакта набыт болгонун уккан карындашы Аксуусардын *«Кубат бий өлбөй кут өлдү, кушчу, мундуз журт өлдү»* деп кошкондугу эл оозунда айтылып калган.

***АЖЫ БИЙ,*** Тилеке бий уулу (туулган ж-а өлгөн жылдары белгисиз) – XVIII кылымдын 2-жарымындагы саясий ишмер; Алай-Фергана аймагындагы саясий окуяларга жигердүү катышкан кыргыз төбөлдөрүнүн бири. Адыгине уруусунун баргы уругунан. Кытай тарыхый булактарында 1759-ж. июнь айында Ажы бий баш болгон төрт кыргыз бийи Кокон ш-н бийлеген Ирдана бий м-н тышкы душмандарга каршы бирге болуу-га багытталган достук келишим түзгөндүгү ж-дө айтылат. 1760-ж. Ирдана бий Алайда тонолгон Кокон көпөстөрүн ишин шылтоолоп Ош, Өзгөн ш-на чейин жортуулга келген. Ажы бий жооп иретинде 1761-ж. Коконго жасалган ийгиликсиз жортуулдан кийин, кайра Алай тарапка чегинген. Кытайга элчи Элэтаодини жиберип, Кокон бийин тартипке чакыруусун өтүнгөн. Бул аймактагы кыргыздар биримдикке келе баштагандыктан, Ирдана бий Ош ж-а Өзгөндөн өз ыктыяры м-н чыгып кеткен. 1764-ж. жазында Ирдана бийдин Оротөбөдөгү чатактарга алагды болгонунан пайдаланып, Ажы бий Коконго жортуул уюштурган. Жортуул ийгиликсиз аяктап, кармашта жарaат алган Ажы бий Ирдана бийге туткунга түшкөн, бир маалымат б-ча коё берилген, экинчиси б-ча даргага асылган.



Ажы-бий

***СУРАНЧЫ-БИЙ*** – XIX к-дын башында Кашкар аймагындагы кыргыздардын чоң багыш уруусунун чыккан. Устунартыш кыштагында туулган. Алгач Суранчы кыргыздар менен уйгурлардын Цинь дөөлөтүнө каршы көтөрүлүштөрдүн уюштуруучуларынын бири, уйгур Зия-Динди кармоого катышкандыгы үчүн Кытайдын цзюнь-ван наамын алган. Кийинчерээк манжур-кытай эзүүсүнө каршы чыккан кыргыздардын көтөрүлүшү тарапка өткөн. 1820-ж. *Жааңгер кожонун* биринчи көтөрүлүшүнө кошулуп, Узунартыштагы кыргыздарды жетектеген. 1826–27-ж. Жааңгер кожонун кийинки көтөрүлүшүнө да 500 жигити менен катышкан. Бул көтөрүлүш кытайларда *Суранчы бийдин (буруттун) козголоңу* деген аталыш менен да белгилүү.



Суранчы-бий

Кытай баскынчылары менен айыгышкан айкаштарда бөтөнчө Суранчы бийдин колу эрдик көрсөтүп, даңкы чыккан. Ошондуктан, Жааңгер кожонун кыймылынын алгачкы этабы кытай тарыхый маалыматтарында «Суранчы буруттун козголоңу» деп аталып калган. 1820-ж. күзүндө Жааңгер кожо кыргыздардан куралган бир нече жүз жоокери менен Кашкарды көздөй жол тарткан. Ошол эле учурда Суранчы бий 300 жигити менен Кашкарга келип, калаага жанаша жайгашкан кыштактардагы кытай аскерлерине кол салган. Анын жигиттери салгылашуулардын биринде Кашкардын чет жакасындагы кытай кароолун талкалашкан. Бирок Жааңгер кожо менен Суранчынын колу душмандын арбын аскеринин кысымына туруштук бере албай, чегинүүгө аргасыз болгон.

Цин төрөлөрү Кашкарга кошумча аскер жөнөтүп, Кашкарды курчоодон куткарып калган. Көтөрүлүшчүлөрдү биротоло талкалоону көздөп, алардын артынан сая түшкөн жазалоочу аскерлер Суранчынын Кеңшибай деген жердеги эски журтуна келип, орула элек эгинди, 30дан ашуун өргөөнү өрттөшкөн. Андан соң жоон топ кыргызды туткундап, алардын 20дан ашыгын мыкаачылык менен өлтүрүшкөн. Муну менен бирге Цин төрөлөрү кыргыздарды тополоңго аралашпоого, Суранчыны кармап берип, чоң сыйлыкка ээ болууга үндөгөн. Коркутуп-үркүтүүлөргө карабастан, кыргыздар өз жолбашчысын душманга кармап беришкен эмес. Тескерисинче, эл арасында Суранчы бийдин кадыр-баркы ого бетер арткан.



Атаке-баатыр

***АТАКЕ БААТЫР***, Атаке Тынай бий уулу (болжол м-н 1738 – өлгөн жылы белгисиз) – XVIII кылымдын 2-жарымында Чүй өрөөнүндөгү сарыбагыш уруусунан чыккан бий. Кыргызстандын түндүгүндөгү кыргыз урууларын башкарган. Орус тарыхый булактарында «князь» делет. 1718–22-ж. кыргыздардын көл кылаасындагы Чүй, Талас дарыяларынын бойлорундагы жерлерди Жуңгар хандыгы басып алган. Атакенин атасы Тынай бий жетектеген кыргыз уруулары Түштүк Кыргызстанга Анжиян ш-на жакын чөлкөмгө жер которууга мажбур болушкан. 40-жылдардын башында жуңгарлардын айрым урууларынын ичара чыр-чатактарынан пайдаланып, кыргыздар мекенине кайта баштаган. Туулган жерин бошотуу үчүн жуңгарларга каршы согушууга туура келген. Жуңгарлар м-н чечүүчү салгылаштан кийин Атаке баатыр м-н Бердике баатыр Токмоктун түштүк тарабындагы Көкжар капчыгайында Жуңгар аскер башчысы Доргул м-н кездешишет. Салгылашта Атаке баатыр Доргулду найза м-н сайып өлтүргөн. Жуңгарлар кача баштаган. Атаке баатыр жоокерлери м-н Чүй өрөөнүн душмандардан толук бошоткон. Согуш аракеттерин улантуу м-н Атаке баатыр жетектеген жоокерлер Чоңкеминди бошотуп, Торуайгыр ашуусу аркылуу Ысыккөл өрөөнүнө түшүп, көлдүн түндүк тарабын душмандардан тазалаган. Атаке баатыр Россиянын борбору Санкт-Петербургга алгачкы элчилик жиберип (1785–88), Россия м-н дипломатиялык байланышты баштаган. Элчилери Абдырахман м-н Шергазы аркылуу Россия императору Екатерина IIге кайрылып, кыргыз элине жөлөк болуусун өтүнгөн ж-а кыргыз жергеси аркылуу өтүүчү Россиянын кербендеринин коопсуздугун камсыз кылуу милдетин ала тургандыгын билдирген. 1825-ж. Кокон хандыгынын кысымынан Атаке сарыбагыш уруусунун бир бөлүгү м-н Ысыккөлгө убактылуу журт которуп кеткен. Атакенин баласы – Карабек, Карабектен Жантай, Жантайдан Шабдан. Кийинчерээк кыргыздар Россиянын курамына бириктирилгенден кийин Атаке баатырдын укум-тукуму Атаке болуштугун түзүшкөн. Эстелиги Кемин районуна орнотулган.

***ТАЙЛАК БААТЫР,*** Тайлак Рыскул уулу (болжол м-н 1796, Нарын дайрасынын боюндагы Каргалык деген жер, азыркы Акталаа ж-а Тогузторо р-ндорунун чеги –1838, Куртка деген жер) – XIX кылымдын 1-жарымындагы кыргыз элинин көз карандысыздык үчүн болгон кыймылынын ири өкүлү. Нарын кыргыздарынын Кокондун эзүүсүнө каршы күрөшүнүн 1-этабы 1832-ж. Тайлак баатыр ж-а бир тууганы Атантайдын жетекчилиги м-н башталып, бирок ийгиликсиз аякталган. Кокондун 7 миң аскери аз кыргыз колун жеңип алып, элди салык төлөөгө мажбурлаган. Нарын кыргыздарынын Коконго каршы күрөшүнүн 2-этабы Мадали хандын Тайлак баатырды туткундоо үчүн Арап башында турган аскер (500 сарбаз) жиберүүдөн башталган. Тайлак баатыр сарбаздарды Тогузтородогу Бычан жайлоосунда тосуп алып, салгылашта жеңип чыккан. Тайлак баатырдын күрөшүнүн 3-этабы XIX кылымдын 30-жылдарынын аягына туура келет. Мадали хан Түркстан тараптагы казактын Эдиге төрөсү м-н келишип, аны көп кошуун м-н жабдып, Тайлак баатырга каршы аттанышкан. Эдиге Таласты чаап, Өтмөктү ашып, Суусамырга келет. Тайлак баатыр Акталаадагы басыз, чоро урууларынан кол жыйнап, Эдиге м-н Суусамырдын Дубанкечүү деген жеринде беттешет. Бул урушта да Тайлак баатыр жеңип чыккан. XIX кылымдын 20-жылдарында Тайлак баатыр жетектеген кыргыз уруулары Чыгыш Түркстандын иштерине да аралаша башташкан. Ушул мезгилдерде Кашкарды башкарып келген кожолордун укум-тукумдарынын бири Жааңгер кожо Кытай баскынчыларына каршы чечкиндүү аракеттерди баштаган. Бирок анын 1-жортуулу ийгиликсиз аяктап, ал кыргыздар арасында баш калкалоого аргасыз болгон. Тайлак баатыр м-н Атантай Жааңгердин кыймылына колдоо көрсөтүшкөн. Анткени алар кытай баскынчыларын кыргыз аймактарына өткөрбөөнү көздөшкөн. Кытайдын Синьцзяндагы башкаруучусу Жааңгерди колдогон кыргыздарды талкалап, жетекчилерин кармап келүү үчүн 1825-ж. Баян Бату генерал баштаган 500 кишиден турган аскерин Нарын тарапка жөнөткөн. Алар Тайлак баатыр жокто анын айлын курчоого алып, талап-тоноп, жүздөй адамды өлтүрүшкөн. Бул кабарды уккан Тайлак баатыр коңшу айылдардан шашылыш кол курап, душманды куугунтукка алып, Арпа м-н Нарындын ортосундагы Ойнокжар капчыгайында камоого алып, алардын баарын кырып таштаган. Тайлак баатыр 1838-ж. кокондук тыңчысы ууландырып өлтүргөн. Андан кийин Кокон ханы жортуул жасап, Нарын кыргыздарын кайра каратып, Тайлак баатыр бузган кокондук Куртка сепилин калыбына келтирип, бийлигин чыңаган. Эстелиги Нарын шаарында орнотулган.



Тайлак-баатыр



Абдырахман-элчи

***АБДЫРАХМАН ЭЛЧИ Кучак уулу*** – элчи, сарыбагыш уруусунун бийи *Атаке баатыр* орус императору Екатерина IIге жиберген элчилердин башчысы. Элчилер 1785-ж. сапарга аттанып,Омск – Петропавловск – Челябинск – Екатеринбург – Москва – Петербург маршруту боюнча жол кезишкен. Алар Екатерина IIге Атаке бийдин атынан үч илбирс, беш сүлөөсүн терисин тартуулашкан. Екатерина II элчилерди жакшы сыйлап, Атаке бийге 800 сом күмүш акча бердирип жиберген. Элчилер 1789-ж. 2-январда Омскиге жетишкен. Абдырахман 1789-ж. 20-июнда Омскиде дүйнөдөн кайткан.



Медет-датка

***МЕДЕТ ДАТКА***, М е д е т Б а й т ү г ө л (Байтурган) у у л у (1778–79-ж.чен–1839, Агучук, Кочкор өрөөнү) – таанымал бий, датка. Саяк уруусунун курманкожо уругунан. Өз мезгилинин абройлуу чыгаан мамл. ишмери катары таанылган. Кыргыз элинин үрп-адат, мыйзамдарын акылдуулук менен колдонгон, калыс, акыйкат эл башкаруучу катары «Чоң Медет» деген атак алган. Эл алдында макал-ылакап аралаштыра таасын сүйлөй алган чоң чечен болгон. Кыргыз элинин биримдикте ынтымакта жашашы үчүн бардык мүмкүнчүлүгүн жумшаган. Кыргыз уруу башчыларын нараазычылыктарды маңдай-тескей отуруп чечүүгө чакырган. Медет датка менен мамилелеш болууга Кокон хандыгы да кызыккан. Омор хан (1811–22-ж. бийлеген) Медет датканы кыргыз бийлери менен бирге атайылап ордого чакыртып сый-урмат көрсөткөн. Медет бийге датка наамын ыйгарып, атайын туу жана артыкча укук берүүчү жарнама тартуулаган. Медет датканын дипломаттык ишмердигинин натыйжасында Кокондо кыргыз бийлеринин ак үйлүүдө жүргөн 21 баласы кайтып келишкен. Кытай бийлигинен Жанболот бийди куткарып келген. Жалган жалаа менен Кокондо зынданда жаткан Алдаш баатырды өлүмдөн сактап калган. Кокон хандары Омар хандын Мухаммед Алинин (1822–42) кыргыздар менен жакындашып, Чыгыш Түркстанды Цин империясына көзкарандылыктан бошотуу аракеттерин колдогон. Кийин кокондуктардын ашкере зекет алуучулук саясатына чечкиндүүлүк менен каршы туруп, анын мыйзам чегинде болушуна жетишкен. Медет датканын өзүнө таандык туусу, мөөрү болгон. Кокон ханы Мадали Медет датканы уулантып мерт кылган. Медеттин күмбөзү Кызарт ашуусунун чыгышында Кочкор өрөөнүндө салынган. Белгилүү санжырачы Ж. Кенчиев «Медет датка» (Бишкек, 1996) аттуу китеп жазган.

***ОРМОН ХАН,*** Ормон Ниязбек уулу (1791, Жылгынбашы, азыркы Токмок ш. – 1854) – XIX кылымдын ортосунда Түндүк Кыргызстандын бириктирүүгө – өз алдынча хандык түзүүгө аракеттенген сарыбагыш уруусунун чоң манабы. Хан атагына арзыган тарыхый инсан. Ормон он жети жашынан жоого каршы жортуулдарга катышып, нечен ирет жекеге чыгып, эрдиктин үлгүсүн көрсөткөн. Отуз жашынан эл башкарууга активдүү аралаша баштаган. Башкарууга табигый шыкжөндөмү, акылмандыгы, көсөмдүгү үчүн кадыр-баркы артып, эл Ниязбектен кийин Ормондун бийлигине моюн сунган. Ормон хан сарыбагыш, саяк, бугулардан тышкары солто, черик, чоңбагыш, кушчу, саруу ж.б. түндүк кыргыз урууларын бириктирүүгө көп күч жумшаган.


Ормон-хан

Көздөгөн максатына жетиш үчүн ал 40-жылдардын баш ченинде (Белек Солтоноевдин жазганы б-ча 1830–31-ж. Ортотокойдо хан көтөрүлгөн) Балыкчыга (айрым маалыматтар б-ча Ортотокойго) атайын жыйын чакырган. Көчмөндөрдүн эзелки каада-салты б-ча 9 ак боз бээ союлуп, ак ки-йиз жайылып, Ормон хан көтөрүлгөн. Хан бийлигинин белгиси катары ага кызыл (төбөсү кымбат баалуу кездеме м-н тышталган суусар) тебетей кийгизишкен. Өзүнүн хандык туусу болгон. Хандык бийликти биринчи кезекте ал тартипти чыңдоодон баштаган. 1847-ж. Кенесары м-н кармашта жетишкен жеңишти Ормон хан өз бийлигин чыңдоо үчүн пайдаланган. Ормон хан согуш өнөрүн мыкты билгендиги Кенесары м-н согушта колдонгон түрдүү согуштук айла-амалдарынан көрүнгөн. Алар эл ичинде «Ормон опуза» деп аталып калган. Ормон хандын мыйзамдарынын жыйындысы «Ормон окуу» деген ат м-н белгилүү. Ал айрым жылдарда Кокон чептерине, сарбаздарына кол салып турган. 1842-, 1848-, 1851-ж. Ысыккөлдөгү, Чүйдөгү Кокон сарбаздарына оор сокку урган. Тилекке каршы Ормон хан канчалык жан үрөп аракет кылганы м-н кыргыз уруулары саясий жактан толук бириккен эмес. Орус окумуштуусу А. Бернштам Ормон ханды орус падышасы Иван Грозный м-н салыштырып, «Ормон – малый Грозный» деп баа берген. Ормон хандын кыргыз элин сактоодогу жана мамлекеттүүлүгүн түзүүдөгү ролу чоң. Эстелиги Бишкек шаарында орнотулган.

***БОРОМБАЙ Меңмурат уулу*** (туулган жылы белгисиз – 1858-ж.) бугу уруусунун чоң манаптарынын бири. 1843-ж. Жууку суусунун боюндагы Кызыл-Үңкүр деген жерге чеп курдуруп, аны ордо кылган. 1844-ж. ал бугу уруусунун атынан Батыш Сибирдеги орус падышалыгынын бийликтерине букаралыкка кабыл алуу өтүнүчү менен элчи жиберген. 1848-ж. дагы бир ирет орус бийликтерине кайрылган. 1853-ж. Боромбай орустун полковник чинин алган. Анын элчилери 1854-ж. сентябрда Омскиге келип, 1855-ж. 17-январда бул шаардан Россиянын букаралыгына өтүү жөнүндө ант беришкен. 1855-ж. бугу менен сарыбагыш уруулары чабышкан кезде Текести жердеп калган. Бугу уруусун сак-


Боромбай-бий

тап калуу үчүн Кытайдан жардам сураган, бирок көмөк ала алган эмес. Ошондон кийин кайрадан орус бийликтерине өтүнүч менен кайрылган. 1856-ж. Боромбайдын жайлоодогу айылында Ч. Валиханов болуп, анын сүрөтүн тарткан.



Жантай Карабек уулу.

***ЖАНТАЙ ХАН,*** Жантай Карабек уулу (1794–1868, Кичикемин өрөөнү., Бейшеке айылы) – сарыбагыш уруусунун тынай уругунан чыккан чоң манап. Атактуу Атаке баатырдын небереси, *Шабдандын* атасы. XIX кылымдын 40-жылдарынын башында Ормон ханга баш ийип турган. Кийинчерээк Кокон хандыгынын бийлигине таянып, Ормон ханга көз каранды болуудан кутулган. 1850-жылдын башында Жантайга караштуу сарыбагыш уруусу Чоңкемин м-н Кичикеминди Чүйдүн Боомдон Токмокко чейинки бөлүгүн ээлеген. Жантай хан бугу м-н сарыбагыш урууларынын чабышы учурунда аларды элдештирүүгө аракет кылып, бугу уруусуна каршы жортуулдарга аз катышкан. 50-жылдардын акырында орус бийликтери м-н ымала түзүп, Венюковдун аскердик чалгындоо отрядына жардам берген. 1860-жылдардын башында Кокон хандыгынан биротоло кол үзгөн. 1862-ж. орус букаралыгына өткөн. Анын бул саясатын уулу Шабдан да уланткан.



Жангарач-баатыр

***ЖАНГАРАЧ Эшкожо уулу*** (1801 же 1802, Чүй өрөөнү – 1864) – солто уруусунан чыккан чоң манап. Чүй өрөөнүнүн батыш бөлүгү менен Талас өрөөнүн бийлеген. Байтик баатыр экөө ага-ининин балдары. 1848-ж. казак ханы Кененсары Касым уулу Чүйгө кол салып киргенде Ормон хан менен бирдикте анын колун талкалоого жигердүү катышкан. Кокон хандыгы менен өз ара ыңгайлуу дипломатиялык мамиледе болгон. Солто уруусу менен башка кыргыз урууларынын ынтымагын бекемдөөгө чоң салым кошкон. 1864-ж. жазында М. Черняев Чүй өрөөнүнөн кокондук аскерлерди сүрүп киргенде, Жангарач Талас өрөөнүнө чегинип, орус падышалыгынын баскынчыл саясатына каршылыгын билдирген. Кийин бийликти Байтик баатырга өткөрүп берген.

***НҮЗҮП БИЙ*** Эсенбай уулу [1798, азыркы Аксы р-ну, Авлетим айылы –1844, Ярмазар айылы (Өзбек Респ.)] – Кокон хандыгындагы кыргыз бийлеринин ичинен биринчилерден болуп «миң башылык» даражага жеткен аскер башчы, көрүнүктүү мамл. ишмер. Нүзүп бийдин саясий ишмердүүлүгүн 3 мезгилге бөлүп кароого болот. 1-мезгил – 1810–22-ж. Нүзүп бийдин ишмердүүлүгүнүн башталышы. Омор хандын тушунда кокон аскеринин катардагы жоокеринен баштап, «он башы», «жүз башы» аскердик чиндерин алууга жетишет. 2-мезгил – 1822–44-ж. Нүзүп бийдин саясий ишмердүүлүгүнүн өнүккөн доору. Мадали хандын тапшырмасы менен Оротөбө, Каратегин, Алай аймактарында тынчтыкты орнотууда, Бухара хандыгы менен болгон чегара маселелерин жөнгө салууда чечүүчү салымын кошот. Бул кызматтары үчүн «паңсат», «датка», наамдарына ээ болуп, «акимдик» кызматка чейин көтөрүлгөн. 3-мезгил – 1842–44-ж. Нүзүптүн саясий ишмердүүлүгүнүн гүлдөө жана кризис доору. Анын демилгеси менен кыргыздар ордодогу бийликти кайрадан колго алышып, Нүзүптүн саясий аракетинин натыйжасында кыргыздардын өкүлү Шералы хандыкка көтөрүлөт. Нүзүп бий Шералы хан тарабынан Кокон мамл-нин «миң башылык» кызматына дайындалат. Шералы хандын тушунда Нүзүп тажрыйбалуу саясий ишмер катары ордонун негизги фигурасына айланган. Мусулманкул менен Шады датканын уюштурган кутумунун натыйжасында 1844-ж. ак жерден курман болот.



Нүзүп-бий

***МУСУЛМАНКУЛ*** (1794–1852) – Кокон хандыгындагы кыргыз менен кыпчактардын таасирдүү төбөлү, хандыкта аталык. Анжияндык кыпчактардан чыккан. Мусулманкул кетментөбөлүк кыргыздардын жээни, ошол эле учурда күйөө баласы да болгондуктан аны кыргыз төбөлдөрүнүн бир тобу жактаган. 1843-ж. Мусулманкул менен Шады датканын ордодогу кутумунун натыйжасында айтылуу Нүзүп бий өлтүрүлүп, Шераалы хандын бийлигин Мусулманкул иш жүзүндө өз колуна топтогон. Алайлык кыргыз төбөлдөрү Мусулманкулдан бийликти тартып алыш максатында Шераалыны өлтүрүп, такка Алим хандын уулу Шах-Мурадды отургузушкан. Жети (же 11) күн өтпөй Мусулманкул аны кулатып, Шераалынын *Жаркынайымдан* төрөлгөн тун уулу 14 жаштагы Кудаярды хан көтөрүп (бул окуя 1845-ж. болгон), өзүн аталык жарыялап, мамлекеттеги бийликти толук колуна алган. 1844–53-ж. Мусулманкул баштаган кыргыз-кыпчак төбөлдөрүнүн бийлик талашуу күрөштөрүнүн натыйжасында Түндүк Кыргызстанда Кокон бийлигин чыңоо, орус баскынчылы-



Мусулманкул

гына каршы туруу маселелери экинчи орунда калган. Мындай абал Россиянын Кыргызстанды каратышына кыйла жеңилдик түзгөн. Мусулманкулдун бийлигине каршы алайлык *Алымбек датка* баштаган кыргыздар гана эмес, ошол кездеги Ташкендин кушбеги Нармамбет кыпчак да оппозицияда болгон. 1850–51-ж. Нармамбет ташкендик казак, таластык, чүйлүк кыргыздардын бий-манаптарын колго алуу менен абалын бекемдеп, Мусулманкулга ачык каршы чыккан. Аны ордодо да бир топ өзбек, кыргыз, а түгүл кыпчак феодалдары колдошкон. Мусулманкулдун күчтөрү менен анын каршылаштарынын чечүүчү салгылашуусу Фергана өрөөнүнүн түндүк-чыгыш жагындагы (Анжиян менен Балыкчынын аралыгында) Былкыллама деген жерде 1852-ж. күз айларында болгон. Бул салгылашууда эки тараптан бир нече миңден адам өлүп, ал Кокон тарыхындагы кандуу кагылышуулардын ирилеринин бири болуп эсептелет. Бул оор салгылашуу *Кудаяр хан* өзү баштаган күчтөрдүн кыпчактарды жеңиши менен аяктап, Мусулманкулга наразы кыпчак феодалдары аны ханга кармап беришкен. Кудаяр хан Мусулманкулду дарга астырып, Кокондогу гана эмес, бүтүндөй Фергана өрөөнүндөгү кыпчак калкын тукум курут кылууга буйрук берген. Натыйжада, 1851–52-ж. Фергана өрөөнү б-ча 20000ден ашуун кыпчак кырылганын изилдөөлөр ырастайт.



Алымбек-датка

***АЛЫМБЕК ДАТКА*** Асан бий уулу, Алымбек парваначы (1799–1862) – кыргыз элинен чыккан көрүнүктүү мамл. ишмер. 27 жашында Кокон ханы Мадалиге кызмат өтөй баштаган. 31 жашында ага датка наамы ыйгарылган. 32 жашында Анжиян вилайетинин беги болуп дайындалып, Кокон хандыгынын ордосунда таасирдүү саясий роль ойногон. 1842-ж. Шераалыны хан көтөрүүгө жигердүү катышкан. Анжиян вилайетинин борборун Ош ш-на көчүрүп, бул шаардын социалдык-экон. өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Балдар үчүн медресе курдурган. 1845-жылдагы ордого каршы Ош көтөрүлүшүн жетектеген. Хандыктагы саясий ж-а мамл. 30 жылдык (1831–62) ишмердигинде журт кызыкчылыгын, эл мүдөөсүн биринчи орунга койгон. 1862-ж. 24-февралда Малла ханды өлтүрүү үчүн кутумга (заговорго) катышкан. Тактыга Шераалы хандын 12 жаштагы жээни Шах Мурадды отургузуп, кыска мөөнөт ага аталык болуп турган. Кокон хандыгынын акыйкатсыз, баскынчы саясатын колдогон эмес. Алымбек-датка бүткүл кыргыздарды баш коштуруп, өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүүгө далалаттанган. 1862-ж. хан сарайындагы кезектеги кутумда курман болгон. Эстелиги Ош шаарында орнотулган.



Курманжан-датка

***КУРМАНЖАН ДАТКА*** Маматбай кызы (1811, Ош ш-нын жанындагы Ороке кыштагы–1907) – коомдук ж-а мамл. ишмер. Алайдагы кыргыздардын башкаруучусу, Алай канышасы деген ат м-н белгилүү. 1832-ж. Курманжан 21 жашында баргы уруусунун бийи Алымбек датка м-н кокусунан жолугуп, көп узабай аны м-н тагдырын кошкон. Аны м-н 29 жыл жашап, 5 балалуу болгон. Курманжан датка Алымбек датка Асан бий уулуна турмушка чыккандан баштап мамл. ж-а коомдук иштерге аралаша баштаган. 1862-ж. Кокон хан сарайындагы козголоңчулар тарабынан Алымбек датка өлтүрүлгөндөн кийин, Алайдагы башкарууну Курманжан биротоло өз колуна алган. Курманжан датка Ош вилайетин гана башкарбастан, Кокон хандыгынын саясий иштерине да кийлигишип турган. Кудаяр үчүнчү жолу такка олтурганда (1865) Курманжан улуу уулу Абдылдабекти ээрчитип, Коконго келгендиги маалым. Кудаяр хандын энеси Жаркынайым м-н Курманжан Шералы хандын заманынан бери эле ынак, сырдаш болуп, Кудаяр бала кезинен эле Курманжанды жакшы билчү. Конокторду ызаат м-н тосуп алган ж-а мөөр ойдуруп, кымкап чапан жаптырып, баалуу белек бердирген. Курманжан датка 1873–76-ж. элдик кыймылда алгач адилетсиз хан бийлигине каршы күрөшүп, көтөрүлүштүн айтылуу жетекчилери Шер датка, Мамыр Мерген уулу, Абдымомун, Оморбек датка, Орозаалы, Молдо Ашыр сыяктуулар м-н алака түзгөн. Орус бийлигинин Алайды каратып алуу аракети жүрүп жаткандыгын билген Курманжан датка каршылык көрсөтпөстөн, М. Е. Ионовдун генерал Скобелевге жолугуу ж-дөгү талабына макул болгон. Бир топ бийлердин коштоосунда, кичүү уулу Камчыбекти, небереси Мырза-паясты алып, Чоңалайда өргүү алып жаткан М. Д. Скобелевдин лагерине түшкөн. Генерал М. Д. Скобелев Курманжан датканы сый-урмат м-н тосуп алып, алтын чөйчөктү белекке берип, парча чапан жапкан. 1895-ж. уулу Камчыбек даргага асылган мезгилде, куралчан орус жазалоочуларынын элди кырып жиберүүсүнөн кооптонуп, тагдырга моюн сунууга аргасыз болгон. Россия колониялык бийликтеринин адилеттүүлүгүнөн үмүтүн таптакыр үзгөн ж-а 20-к-дын башында саясатка аралашпай калган. 1907-ж-дын 1-февралында Оштун жанындагы Мады кыштагында көз жумуп, сөөгү Оштогу Сарымазарга коюлган. Эстелиги Бишкек жана Ош шаарында орнотулган.

**ЗЫЙНАТ ДАТКА,** А к З ы й н а т А с п е р д и к ы з ы (1800–өлгөн жылы белгисиз) – акын, мамл. ишмер, датка. *Асперди* Чот уулунун кызы. Кыргыз аялдарынан чыккан биринчи датка айым. Атасынын азан чакырып койгон ысымы – Ак Зыйнат. Ата-бабасы сарую уруусунун атактуу бийлери болгон. Бала чагы Талас өрөөнүндө өткөн. Анын ордого келип, кийин ордодогу таасирдүү адамдардан болуп калышына 1842-ж. Шераалынын Кокон хандыгына хан болушу себеп болгон. Зыйнат датка *Кудаяр хандын* энеси *Жаркынайымдын* бир тууган эжеси. Зыйнат датка ордодо кызмат өтөгөн. В. П. *Наливкин* менен М. С. Наливкинанын «Фергана-да жашаган жергиликтүү аялдардын турмушунан очерктер» аттуу китебинде «Кокондо эки акын аял жашаган, биринчисинин аты Зыйнат, экинчиси Махнуза. Алардын бири эркекче кийинип, ачык жүз менен хан сарайга келчү экен, анын датка деген наамы болгон. Экөөнүн тең казалдары (ырлары) Омор хан сыяктуу эле «Мажму ат уш шуара» аттуу акындар жыйнагына киргизилген» деп жазылган. Зыйнаттын ырлары Ташкен ш-нын архивдеринде азыр да сакталуу. Өзбек окумуштуусу Х. Бабабековдун жеке китепканасында сакталып турган кол жазмалардын ичинде 1775–1864-ж-да жашаган жүзгө жакын акындардын өзбек, фарсы тилдериндеги ырларынан түзүлгөн жыйнакта Зыйнаттын «Бахру одабий» сөздөрү менен башталган ыры бар. Бул ырында ал инсанды баарынан жогору коёт, адеп-ахлак, турмуштагы карама-каршылыктар тууралуу философиялык ой жүгүртүп, алардын бир күнү жок болуп кетишине ишенет; калкты күнгө окшотот. Зыйнат датка 1842–68-ж-га чейин хандыктын саясий иштеринде, кыйынчылык күндөрдө сиңдиси *Жаркынайымга* кеңешчиси катары жардам берип, эже-сиңди бири-бирин колдоп турушкан. Зыйнат датканын сөөгү Кокон ш-на коюлган.



Зыйнат-датка

**АЛЫМКУЛ АТАЛЫК,** М о л д о А л ы м к у л (1829–1865) – түштүк кыргыздардын феодал төбөлдөрүнүн ж-а саясий ишмерлеринин бири. Ичкилик тобундагы кыргыз-кыпчак уруусунан. Бала чагында Бужум-Баткендеги мусулман мектебинен билим алып, кийин Анжиян, Кокондогу медреседен окуган. Ал жездеси Тагайкул датканын жардамы м-н аскер ишин өздөштүргөн. Кезегинде ал Алымбек даткага кошулуп, Кудаяр хандын ордуна Мала ханды көтөрткөн. 1862-ж. Мала хан өлтүрүлүп, тактыга Шаамурат олтурат, ал эми Алымкул аталык хандыктын башкы вазири болуп дайындалат. 1863-ж. жазында Алымкул аталык төңкөрүш уюштуруп, тактыга Мала хандын уулу Султан



Алымкул-аталык

Саидди отургузат да иш жүзүндө хандыкты өзү башкарган (1863–65). 1865-ж. Ташкендин жанында орус баскынчыларына каршы согушта оор жарадар болуп, каза тапкан.


Полот-хан

***ПОЛОТ ХАН, Исхак Хасан уулу,*** Исхак Молдо (1844-ж. чен., Маргалаң уезди, Охна кыштагы – 1876, Жаңы Маргалаң ш.) – 1873–76-ж-дагы *Кокон көтөрүлүшүнүн* жетекчилеринин бири. Ичкилик уруусунун бостон уругунан. Атасы Маргалаңдагы Ак медресенин мудариси болгон. Полот хан адегенде Кокондогу Түнкатар медресесинде, кийин Маргалаңдагы «Ак медреседе» окуган. 1867-ж. молдо Исхак окуусун таштап, өз уругунун көчмөндөрү жашаган Сох кыштагына, кийин Охна кыштагына келет. Эл арасында болууну көксөгөн Исхак молдо Анжиян ш-нда туруп калат. Соода иши м-н Ташкенге келип жүрүп, ал жерден лашкер Алымкулдун пикирлеши, кыргыздын курама уругунан чыккан чаткалдык Абдымомун аталык м-н таанышат. 1873–ж. Кокон көтөрүлүшү башталганда эл хандыктын мураскору, Алим хандын небереси Полот бекти көтөрүлүштү хан катары жетектөөсүн өтү-нүшкөн. Шер датка баш болгон кыргыздардын өкүлдөрү Самарканга Полот бекке барышкан, бирок ал баш тарткан. Алар Самаркандан кайтып келе жатып, Ташкенге Абдымомундун үйүнөн өңүтүсү Полот бекке окшогон Исхакты кезиктирип, аны Полот бектин ордуна мураскор болууга көндүрүшкөн. Ошентип Полот хан (Исхак молдо) 200 аскери менен Чаткалда көтөрүлүшкө жетекчилик кыла баштайт. Чаткалга жакын жайгашкан Алабука, Акташ, Нанай, Көкжар, Мамай, Сафедбулон ж.б. айылдардагы эл Полот ханды хан деп таанып, Кудаяр ханга каршы көтөрүлүшкө кошулушкан. Көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчү карапайым калк – кыргыз, өзбек, кыпчак, тажиктер болгон. Алар менен катар өз кызыкчылыктарын көздөгөн феодалдардын өкүлдөрү да катышкан. Кийинчерээк Полот хан көтөрүлүшкө катышкан феодалдардын таасири м-н Кокондун мурунку хандарынын саясатын уланткан. Көтөрүлүштүн жүрүшүнүн экинчи этабында 1875-ж. июль айында Россия империясынын өкмөтү Полот хандын бийлигин мыйзамсыз деп таанып, Кокон хандыгынын аймагына орус аскерлерин киргизүүгө жетишкен. М. Д. *Скобелевдин* кол башчылыгы астындагы орус аскерлеринин күчү м-н көтөрүлүш басылып, Кокон хандыгы жоюлуп, Фергана облусу деген ат м-н Россия империясынын карамагына өткөн. Өзүн курчаган феодалдардын чыккынчылыгы м-н Полот хан падышалык бийликтин колуна түшкөн. Убактылуу Жаңы Маргалаң ш-ндагы орус түрмөсүндө кармалып турган. Аскер сотунун өкүмү м-н Жаңы Маргалаң ш-нда 1876-ж. 1-мартта даргага асылган.



Мамыр Мерген уулу

***МАМЫР*** Мерген уулу – Экисуу арасындагы Үчкоргон, Избаскен чөлкөмдөрүндө жашаган сол канат кыргыздарынын мундуз уруусунун карапайым үй-бүлөсүнөн чыккан инсан. 1873-ж. жаз айларында 35 жаштагы Мамыр *Кудаяр ханга* каршы Экисуу арасын, Көгарт өрөөнүн, Сузактан Өзгөнгө чейинки чөлкөмдөрдү туруктаган кыргыздардын мундуз, багыш, басыз, карабагыш жана кушчу урууларын көтөргөн. Көтөрүлүшчүлөр Жалалабат, Ханабат кыштактарын ээлешкен. Кыймыл тез эле Экисуу арасын толук каптаган. Июлда Мамырдын кошууну Өзгөн ш-н алган. Ал жетектеген көтөрүлүш бир топ кубаттуу болгондуктан, аны басууга Кудаяр хан өзү аттанган. Ал Анжиян ш-на келип, көтөрүлүшчүлөрдү талкалоого күчтүү жазалоочу кошуун жиберген. Кошуун кыймылды аёосуз басып, Өзгөндү бошотушкан. Көтөрүлүшчүлөр тоо таяна качып, бир тобу Тогузторо, Кетментөбө өрөөндөрүнө өтүп кетишкен. Мамыр 1873-жылдан 1874-жылга караган кышта Алайга, андан ары Кашкарга барып, кыргыздарды Кудаярга каршы үндөп, ал Кокон хандыгына каршы күрөшүүгө аркалык туугандарын тартууга аракеттенген. Орус бийлигинен колдоо издеп, букара болууга макулдугун билгизип кат жазып да көргөн. Бирок, анын 1868-жылдагы Орус-Кокон келишими ж-дө кабары жок эле. 1874-ж. май айында Каракулжа чөлкөмүнүн кыргыздары Мамырдын жетекчилиги астында жаңы күч менен күрөшкө чыгышкан. 5–6 миң кишиден турган көтөрүлүшчүлөр Анжияндан алыс эмес Коргонбардан сепилин алып, Анжиянга чабуул коюшкан. Бирок, 2 миң сарбаздан турган жазалоочу кошуун көтөрүлүштү баскан. Мамыр Капка өрөөнүнө (Нарын чөлкөмү) качып кеткен, бирок Кокон ханынын өтүнүчүнө байланыштуу Токмок уездинин башчысынын буйругу менен 1874-ж. 15-июлда кармалып, Лепси уездинде (Казакстан) камакка салынган. 1877-ж. тымызын көзөмөлдөнүп туруу укугу менен Анжиян уездине кайтып келген. Мамыр кийинчерээк орус бийликтерине да каршы күрөшүүгө аракеттенген. Ал 1878-жылдын жазынан баштап Кудаяр хандын алысырак тууганы Жетим хан менен бирге Ош, Анжиян, Кокон уезддерин кыдырып, орус бийлигине каршы көтөрүлүүгө элди үндөгөн. Падыша аскерлери Жетим хандын тобун 1878-жылдын жай мезгилинде талкалап, өзү колго түшүп өлтүрүлгөн, Мамыр падыша аскерлерине каршы баатырларча кармашып, качып кетүүгө үлгүргөн. Бирок, 8-сентябрда орус бийликтери тарабынан кармалып, 1879-ж. 18-январда Анжиян ш-нда дарга асылган.

***АБДУРАХМАН АПТАБАЧЫ*** (т. ж. белгисиз – 1881) – Кокон хандыгынын мамл. ишмери ж-а колбашчы; кыргыз-кыпчак урууларынын төбөлү. *Мусулманкул* миңбашынын уулу. 1845-ж. 14 жашар Кудаяр белгилүү бий Мусулманкулдун жардамы м-н такка олтурган. Мусулманкул хандын тукуму м-н туугандашуу үчүн кызын *Кудаяр ханга* берген. Ошол кездеги жаш Абдурахман Кудаярдын бир тууган кайниси катары ордодо чоңоюп, курбалдашы Кудаяр м-н теңтуш болуп өскөн. Атасы 1852-ж. Кудаяр хандын буйругу м-н өлтүрүлгөндүгүнө, көз алдында кыпчак туугандарын кырдыргандыгына карабай, баарына чыдап, акырындык м-н жөнөкөй «аптабачылык» (хан колуна суу куюучу бала) кызматтан ордодогу негизги бийлик – миңбашылыкка чейин жеткен. 1870-ж-дын башында ал кыргыз бийлери м-н байланышып, Кудаяр ханды алмаштырууну көздөгөн. Абдурахман лейлектик кыргыздардын чапкылык уруусунун бийлерине көтөрүлүшкө чыгуу зарылдыгы ж-дө кат жазган. Натыйжада, лейлектиктер Кокон хандарынын Кожент ш-нда жашап жаткан урпактарынын бири – Садыкбектин уулу Абдыкеримбекти чакырышып, хан көтөрүшкөн. Көтөрүлүшчүлөргө каршы Кудаяр хан 7 паңсаттын башчылыгында чоң кошуун жиберип, кыймылды аёосуз баскан. Кыргыздар тоого качып кетишкен. Ошол мезгилде Россиянын карамагында турган Кожентке кайткан Абдыкеримбекти орус бийликтери Кудаярдын өтүнүчү м-н Кокон ордосуна туткун катары тапшырышкан. 1873–74-ж. Абдурахман Кудаяр ханга каршы көтөрүлгөн *Полот хандын*, *Мамыр Мерген* уулунун, *Абдылдабектин* ж. б. кыргыз бийлеринин көтөрүлүшүн басууда кокондук жазалоочу аскерлерине башчылык кылып, бул кызматы үчүн 1874-ж. Кудаяр хандан «Парваначы» наамын алган. 1875-ж. июлда Кокон хандыгына каршы көтөрүлүш күчөп, Кырг-ндын түштүгү ж-а Фергананын бир катар аймактары Полот хан жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн колуна өтө баштаган. Өзгөндө башталган көтөрүлүштү басууга Кудаяр хан тарабынан жиберилген Абдурахман аптабачы, Калназар ж-а Сарымсак эшик ага 4000 аскери м-н 17-июлда көтөрүлүшчүлөр тарапка өтүп кеткен. 19-июлда Анжиян вилаетинин беги Кудаяр хандын уулу Насреддинбек, Маргалаң вилаетинин беги Султанмурат да күрөшкө чыккан эл тарапка кошулган. 22-июлда Кудаяр хан Коконду таштап, Россия ээлигине баш калкалап качууга аргасыз болот. Абдурахман, Иса олуя ж.б. колдоосу м-н анын ордуна уулу Насреддинбек хан көтөрүлөт, ал эми Полот хан жашыруун түрдө туткунга алынат (ал 22-августта Чаткал тарапка качып кеткен). Абдурахман м-н Насреддин хан элдин күрөшүн диний мүнөзгө багыттап, «ыйык казатка» («газаватка») чакырган. 1875-ж. элдик көтөрүлүш кайра күчөгөндө Насреддин хан орус падышалыгынын аскерлерин жардамга чакырууга аргасыз болот. Падышалык бийликтин М. Д. Скобелев башында турган жазалоо отрядына 1876-ж. январдын акырында Анжияндан 8 чакырым аралыкта жайгашкан Индукыштакта Абдурахман ж-а аны м-н кошо кыймылдын белгилүү жетекчилеринен болгон 26 бий ж-а бектер, 400 жигит багынып берип, көтөрүлүшчүлөргө чыккынчылык кылган. Абдурахман Екатеринбург ш-на жөнөтүлүп, жылына 3000 рубль көлөмүндө маяна алып жашап турган. 1881-ж. 1-январдагы буйрук м-н орус падышачылыгы Абдурахманга милициянын полковниги деген чин ыйгарып, полициялык көзөмөлдөн куткарган. 1881-ж. 25-февралда Абдурахман Мекеге барууга уруксат сурап, борб. бийликке кат жазган. Бирок каттын жообун алууга үлгүрбөй, 1881-ж. 25-майда көз жумган.


Абдурахман аптабачы



Байтик-баатыр

***БАЙТИК БААТЫР,*** *Байтик Канай уулу* (1817, Чүй өрөөнү – 1886, азыркы Аламүдүн р-ну Байтик айылы) – солто уруусунун чоң манаптарынын бири. Байтик адегенде Кокон хандыгы м-н өз ара ыңгайлуу дипломатиялык мамиледе болгон. Пишпек чебинин беги Рахматулла даткага каршы 1862-ж-дагы көтөрүлүштүн башында Байтик турган. Солтонун баатырлары Дуулат, Көкүм ж-а Чойбек Рахматулланы жок кылган. Байтик XIX кылымдын орто ченинде Чүй өрөөнүндөгү кыргыздардын Россия империясынын карамагына өтүүсүнө ж-а Россия м-н Кыргызстандын байланышын чыңдоого түздөн-түз салым кошкон. 1867-ж. солто, сарыбагыш, саяк ж.б. кыргыз урууларынын өкүлү катары падыша Александр IIнин Кеңешине катышуу үчүн Санкт-Петербургга барган. Россия империясына кылган кызматы үчүн ага аскердик капитан даражасы ыйгарылып, Анна тасмасына тагылуучу Чоң алтын медаль, ыйык Станислав ордени ж-а каухар чөгөрүлгөн шакек м-н сыйланган.



Шабдан-баатыр

***ШАБДАН*** *Жантай уулу* (1839, Чүй өрөөнү, Көкжар жайлоосу, азыркы Чүй р-ну Онбиржылга айыл өкмөтү – 1912) – Чүй, Кемин өрөөнүндө жашаган сарыбагыш уруусунун тынай уругунан чыккан манап, саясий, коомдук ишмер. Жантай хандын уулу. Жаштайынан эле саясий турмушка аралашкан. 1860-жылдын акырында Кокон хандыгынын колбашчысы Канат шаага кошулуп, Ташкенге барган. Узунагачтын жанындагы орус аскерлерине каршы урушка катышкан. Ташкен ш-н коргоодо көрсөткөн каармандыгы үчүн Кудаяр хан аны Түркстан ш-нын беги кылып дайындаган. Бирок анда иштебей, атасынын таасири м-н орустарга өтүп, өмүрүнүн аягына чейин ак падышага кызмат өтөгөн. Ал Токмоктогу уезддин начальниги ж-а Жетисуу аскер губернатору м-н тыгыз байланышта болгон. 1868-ж. орус букаралыгына өтүүгө каршы чыккан саяк уруусунун манабы Осмондун көтөрүлүшүн басууга катышкан. 1876–77-ж. генерал Скобелевдин алайлык кыргыздарды Россиянын карамагына өткөрүү ишине көмөк көрсөткөн. 1878-ж. жигиттери м-н Атбашынын түштүгүндө орустардын чалгындоо отрядын коштоп жүргөн. Орус падышалыгына кылган кызматы үчүн Шабдан сыйлыктарды алып турган. 1883-ж. ал падыша Александр IIIнүн тактыга отуруу аземине катышып, аскер старшинасы наамын алган, алтын саат м-н сыйланган. 1884-ж. ага жылына берилүүчү 300 сом пенсия чектелген. 1909-ж. Чоңкеминде жаңы усулда сабак өткөрүүчү медресе салдырган. 65 жашында ажыга – Мекеге барган. Шабдандын өмүр баяны, ишмердиги Осмонаалы Сыдык уулунун «Тарых-и кыргыз шадманийа» аттуу 1914-ж. Уфадан басылып чыккан эмгегинде жазылган. Эстелиги Бишкек шаарында жана Кемин шаарчасына орнотулган.

***ТУРДУМАМБЕТ Тоймат уулу,*** Турдуке – XIX кылымдын 2-жарымында Атбашы, Аксай аймактарын бийлеген манап. Чериктердин бай чубак уругунун карагул тукумунан. Эки ата өткөн агасы *Ажыбек баатырдын* көзү өткөн соң бүткүл черик уруусун бийлеген. 1863-ж. жазында 5000 түтүн черик уруусунун атынан букаралыкка кабыл алууну өтүнүп, элчилерин орус бийликтерине жиберген. 1863-ж. 13-октябрда Турдумамбет бийдин элчилери Омскиде Батыш Сибирь генерал-губернаторунун алдында Россиянын букаралыгына өтүүгө ант беришкен.



Турдумамбет-бий

***ҮМӨТААЛЫ*** *Ормон уулу* (болжолу 1810/12–1879) – *Ормон хандын* тун уулу; кыргыз тарыхындагы өтө карама-каршылыктуу инсан. Ормон хан тирүү кезинде эле Үмөтаалыга эл бийлете баштаган. Кенесары султанды жеңгенден кийин, Ормон хан 1848-ж. аны Боромбай, Жантай, Жаңгарачка кошуп, орус бийликтери менен сүйлөшүүгө жиберген. Үмөтаалы атасынын заманында орустардын Алатоо округунун башчысы менен алакада болуп, атасы өлгөндөн кийин 1855–67-ж. орус басып алуучуларына каршы күрөшкөн. 1855–60-ж. Ормон хандын куну үчүн бугу уруусу менен болгон согушта сарыбагыш уруусунун башында турган. Бул согуш өч алуу үчүн уюшулган болсо дагы, чындыгында Үмөтаалы атасынын бийлигин калыбына келтирүүгө умтулган. Мүнөзүнүн катаалдыгы бугу менен сарыбагыштын чабышында айрыкча көрүнгөн. Бул чабыш Төрөгелди баатырды бошотуп алуу үчүн болгон сүйлөшүүлөрдөн кийин аяктаган. 1860-ж. сарыбагыш уруусунун жетекчилерин колго түшүрүп, жазалоо максатын көздөгөн капитан Венюковдун отряды келгенде Үмөтаалы менен Төрөгелди Нарын, Атбашы тарапка эли менен көчүп кеткен. Орус менен кокондуктардын ортосундагы 1860-ж. жай, күз айларындагы Кастек жана Узунагачтагы согуштарда Алымбек датканы колдогон. Кокон ханы Малла хан тарабынан куугунтукталган Алымбек датка 1861-ж. Нарын аймагына келгенде, Үмөтаалы ага чоң жардам көрсөткөн. 1862-ж. сарыбагыш уруусу менен бирге орус бийлигин формалдуу түрдө таанууга аргасыз болгон. Бирок 1863-ж. жайында Нарын аймагында жүргөн капитан Проценко жетектеген орус аскерлеринин экспедициясына тамак-аш, каражат алып келе жаткан подпоручик Зубаревдин тобуна кол салган. Үмөтаалы иниси Чаргын менен Осмон Тайлак уулунун колдоосунда 19-июнда Экичаттагы Нарын суусуна коюлган көпүрөнү талкалап, Зубаревдин аскерлерин аткылашкан. 21-июнда Проценконун аскери келгенде Аксайга чегинип кетишкен. 1864-ж. Алымкул аталыктын



Үмөтаалы Ормон уулу

Тогузтородон Кочкорго чейинки жүрүшүндө Үмөтаалы ага кошулган. Бирок, Коконго караган Чымкенди орустар басып алганына байланыштуу Алымкул Коконго кайтып кеткенден кийин, Үмөтаалы орустардан сактанып Чаргын менен *Осмонду* алып, Кашкар тараптагы тоолордо көчүп-конуп жүргөн. 1864–67-ж. Үмөтаалы Атбашы, Нарындан Кашкарга чейинки аралыкты ээлеп, Кокон, Кашкар кербендерин тоноп жана орус бийлигин кабыл алган кыргыз урууларына кол салып турган. 1867-ж. Кашкарда Жакыпбек бийликке отургандан кийин, ал Үмөтаалыны кыса баштаган. Орус аскерлери да 1867-ж. жайында полковник Полторацкийдин жетекчилигинде Атбашы, Чатыркөл аймактарына экспедиция уюштурушкан. Туш тарабынан кысылган Үмөтаалы 1867-ж. күзүндө Н. А. Северцовдун кошуунуна келип, орус бийлигин толук таанып турганын билдирген. Орус өкмөтү Үмөтаалыдан өлгөн 2, жарадар 4 солдат жана бир офицер үчүн 375 жылкы же 7500 рубль (7 жылкы – 20 рубль) кун талап кылган. Ал 1868-ж. кунду толук төлөп берген. 1868-ж. орус өкмөтү «Түркстан аймагын башкаруу боюнча жобо» кабыл алган, б. а. болуштук башкаруу реформасын жүргүзгөн. Бул реформа б-ча мурдагы бир урууну бир гана манап башкарбастан, миң түтүнгө бирден болуш шайланууга тийиш болгон. Үмөтаалы орус бийлиги менен алакалашпай, тынч жашоого өткөн.


Мадали Дукчи-эшен

***МАДАЛИ** Дүкчи-эшен* (1853–1898-жж.) – Анжиян көтөрүлүшүнүн жетекчиси. Маргалаң уездиндеги Миң-Дөбө кыштагындагы кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Анын атасы Мукамбет Сабырдын 5 танап жери болуп, ийик жасоочу экен. Ал устачылыкты Мадали да үйрөнөт. Жаш кезинен бай эшен Султанкан Төрөнүн кол алдында малай болуп иштеген. Акырындап эшендин талимин алып, анын жолун улаган мурит, анан калпа болот. 1882-ж. эшен Султанкан Төрө өлгөндөн кийин анын ордун Мадали басат. Ал 1887-ж. Меккеге ажыга барып, келгенден кийин орто азиялык Мукамбек Мукиддин "Накша-бенду" диний уюмунун эшени болот.

Чоң дин кызматкери катары ал көп мал, азык-түлүк, буюм, акчаны садага-зекет катары алган. Ал карамагына 40тан ашык мурит, 30 кызматчы малай кармап, алар болсо эшендин атагын чыгарып, эл ичинде анын кадыр-баркын, таасирин күчөтүшкөн.



Зиядин Максым уулу

***ЗИЯДИН Максым уулу.*** Зияутдин Магзуми – кыргыздын эү алгачкы тарыхчыларынан. Кыргыздын Дөөлөс уруусунан чыккан. Азыркы Ноокат районундагы Төөлөс айылында тулган. Кудаяр хандын ордосунда иш кагаздарын тейлеген. Хандын тапшырмасы менен 1666 беттен турган. *«Фергана кандыгынын тарыхын»* жазган. Кудаяр-хан тактан кулап, качкан соң, бул эмгек ээсиз калып, Түркиядан келген Абдрахман деген илимдүү адам алып кеткен. Кол жазма 1992-ж. Стамбул китепканасынан табылган. Тарыхый маалыматтар боюнча Зиядин Максым уулу Анжиян көтөрүлүшүнүн идеялык жетекчи болгон. 1898-ж. Анжиянга чабуул койгондо 80 жаштагы Зиядин Мадали менен бирге көтөрүлүшчүлөргө жетекчилик кылган.



Оморбек датка

***ОМОРБЕК-ДАТКА,*** Оморбек Алымов Бекмурат уулу (болжол менен 1817-ж. туулган – 1898-ж. кийин өлгөн) – Кыргызстандын түштүгүндөгү 1873–1876-жж. Көкөн хандыгына жана Орус баскынчыларына каршы элдик көтөрүлүштүн активдүү катышуучусу. Оморбек буга чейин 1876-ж. Алымбек-датканын уулу Абдылдабектин орус баскынчыларына каршы көтөрүлүшүнө да жигердүү катышкан. Ага 1862-ж. датка наамы ыйгарылган. Ал 1898-ж. Анжиан көтөрүлүшүнүн учурунда Ош уездинен чыккан көтөрүлүшчүлөрдү жетектеген. Көтөрүлүштү басуу учурунда колго түшүп Сибирге сүргүнгө айдалган. Анын түрмөдөгү сүрөтү «Оморбек-датка Алымов – кыргыздардын кол башчысы. 1898-ж.» деген жазуусу менен Санкт-Петербургдун тарых музейинде сакталып турат.



Канат хан

***КАНАТ ХАН,*** Канат Ыбыке уулу (туулган жылы белгисиз, Кочкор өрөөнү – 1916, Алматы ш.) – 1916-ж-дагы улуттук боштондук күрөшүн жетектегендердин бири. Кочкор өрөөнүндөгү Абайылда болуштугунун эли өздөрүнүн болушу Канатты хан көтөргөн ж-а ага баш ийүүгө ант беришкен. Ал 30–40тай барданке, кош ооз түтөтмө мылтык, бинтон, негизинен шыргый найза, айбалталар м-н куралданган 2–3 миңдей аскери м-н август айынын башында, Кочкордон Шамшынын бели аркылуу Чүйгө аттанган. Анын аскерлери Чүйдөгү орус кыштактарын талкалап, 13–22-августта Токмок ш-н камалаган. Канат хан жетектеген көтөрүлүшчүлөр Алматы, Ташкенден келген 1,6 миң падыша аскерлери м-н беттешип, замбирек, мыл-

тык м-н куралданган регулярдуу аскер бөлүктөрү м-н жан аябай салгылашкан. Бирок көтөрүлүшчүлөр жеңилүүгө учураган. Канат хан колго түшүп, падыша өкмөтү тарабынан Алматы (Верный) шаарында атылган.


Кыдыр-аке

***БАЙСАРЫ уулу Кыдыр аке*** (1843–1926-жж.) – кыргыздын бугу уруусунан чыккан ***коом***дук ишмер. 1861-ж. 18 жаш курагында болуш болуп шайланган. Үч жылда бир болуучу шайлоодо алты жолу катары менен болуштук кызматка шайланган. 1913-ж. Жети-Суу областынын Каракол уездинен өкүл катары Ак падыша Романовдордун бийликке келишинин 300 жылдык тоюна катышып, падышага жолборстун тирүү баласын белекке берген. Падыша Кыдыр акени Анна тасмасындагы чоң алтын медаль менен сыйлап, ага полковник чинин ыйгарган. Кыдыр аке Жети-Суу областынан жалгыз Россия империясынын мамлекеттик Думасына мүчө болуп шайланган. Кыдыр аке кара кылды как жарган калыстыгы менен элдин ичинде чоң кадыр-баркка ээ болгон.


Сооронбай уулу Дүр

***СООРОНБАЙ уулу Дүр*** – Чүйдөгү тынай элинен чыккан коомдук ишмер, алгачкы агартуучу. Азыркы Чүй районунун жериндеги элди бийлеген Сооронбай датканын үчүнчү уулу. Верныйдагы аскердик гимназияны күмүш медаль менен бүтүргөн. Ал окуу жайында М. В. Фрунзе менен бирге окуган. Токмок уездинде атасы Сооронбайдын ордуна болуш болуп иштеген. Кыргыз элинин таламдарын орундатуу үчүн күрөшкөн. Сайлык кыштагына жаңы типтеги орус-жергиликтүү мектеп ачтырып, кыргыз балдарды окууга тарткан, мектепте өзү да сабак берген. 1916-ж. көтөрүлүштө өзүнө караган 400 түтүн элди Кытайга качырбай, жазалоодон куткарып калган. 1918-ж. ак гвардиячылар тарабынан атылган. Аны өлтүрбөй, Совет бийлиги үчүн кызматка пайдалануу керектиги жөнүндөгү М. В. Фрунзенин буйругу Дүр атылгандан эки күн кечигип келген. Анын ысымы Чүй районундагы Сайлык кыштагындагы орто мектепке ыйгарылган.



Осмоналы
Сыдык уулу

***ОСМОНААЛЫ Сыдык уулу*** (1875–1940-жж.) – кыргыздын алгачкы тарыхчысы, агартуучусу. Кочкор өрөөнүндө сарыбагыш уруусунун ири манабы Абайылданын үй-бүлөсүндө туулган. Адегенде молдодон билим алган. 1899-ж. Үч-Турпандагы жогорку мусулман мектеби – медреседен окуган. Ошол кезде эле кыргыздардын келип чыгышы боюнча материалдарды чогулткан. Кийин мусулман билиминин борбору Бухара жана Уфа шаарларында билимин өркүндөткөн. Уйгур, өзбек, татар, казак агартуучуларынын арасында жашаган. Орус тилин үйрөнгөн, европалык окумуштуулардын эмгектери менен да таанышкан.

Өзүнүн эмгектеринде элди билимге чакырган. Совет бийлиги орногондон кийин Пишпекте мугалим болуп иштеген. 20-жж. аягында бай-манаптын тукуму делип куугунтукка алынган. Чыгыш Түркстанга качып, ошол жакта 1940-ж. каза болгон.

Осмонаалы Сыдык уулу 1913- жана 1915-жж. Уфа шаарынан "Мухтасар тарых-и кыргызийа" ("Кыскача кыргыз тарыхы") жана "Тарых-и кыргыз шадманийа" ("Шабданга багышталган кыргыз тарыхы") аттуу китептерин араб алфавитинде кыргызча чыгарган. 1986-ж. бул эки китеп бириктирилип, Анвар Байтурдун редакциясы астында Кытайдан чыккан.



Белек Солтоноев

***СОЛТОНОЕВ БЕЛЕК Солтонкелди уулу*** (1878–1938-жж.) – кыргыз тарыхчысы, адабиятчы жана акын. Чоң-Кемин өрөөнүндө туулган. 7 жашында кат тааныган. Караколдогу орус мектебинде 3 жыл, Пишпектеги багбандарды даярдоочу кыргыз мектебинде 2 жыл окуган. 1890-ж. тартып тарыхка кызыгып, уламыштарды, санжыраларды чогултуп, мусулман жана орус тарыхчыларынын эмгектери менен таанышкан. 1916-ж. Атаке болуштугунун болушу болуп шайланган. 1916-ж. "Үркүндө" Кытайга качып барып, 1917-ж. кайра келген. 1918–1920-жж. Алматы тарапта Кеңеш өкмөтү үчүн үгүттөө иштерин жүргүзгөн. 1924-ж. чейин Кыргызстанда элдин сабатсыздыгын жоюу уюмдарында иштеген. 1927–1937-жж. Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинде илимий кызматтарда иштеген. Жазыксыз жерден камалып, атылган. 1955-ж. акталган.



И. Арабаев

***АРАБАЕВ ИШЕНААЛЫ*** (Эшенаалы) (1882–1934-жж.) – алгачкы кыргыз агартуучусу жана мамлекеттик ишмер. Кочкор аймагындагы Күн-Батыш айылында туулган. Башталгыч билимин жергиликтүү молдодон алып, 1900–1910-жж. мугалимдик кылган. 1910–1913-жж. Оренбург, Уфа, Казань шаарларында окуган. "Алип-бээ жана төтө окуу" – Уфа, 1911, "Жазуу өрнектери" – Оренбург, 1912, "Кыргыз алип-бээси" – Москва, 1925, "Саамалык" – Москва, 1925-ж., "Баштооч мектептердин эсеп үйрөтүү жолу" – Москва, 1925-ж., "Кыргыз алип-бээси" – Москва, 1928-жж. б. китептердин автору болгон. И. Арабаев 19 китеп жазган, алардын 10у Москва шаарынан чыккан. Мындан тышкары коомдук-саясий китептерди кыргыз тилине которуп басмадан чыгарган. Фольклорду жыйноодо да көп эмгек сиңирген. Ал "улутчул" деген жалган айып, социал-туран партиясынын мүчөсү деген жалаа менен 1933-ж. камакка алынып, 1934-ж. Ташкенде 52 жаш курагында түрмөдө өлгөн же өлтүрүлгөн. Өлгөндөн кийин толук а кталган. Анын ысымы 1999-ж. Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык университетине ыйгарылып, университеттин алдына эстелиги орнотулган.



Ы. Абдырахманов

***АБДЫРАХМАНОВ ЫБЫРАЙЫМ*** (1888–1967-жж.) Ысык-Көлдүн Чырак айылында орто дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. 7 жашында айылдагы молдодон билим алып, кийин Пржевальскидеги жети жылдык татар мектебин бүтүргөн. Жети-Өгүздө жаңы усулда ачылган мектепте 11 жыл мугалим болуп, 1916-ж. Ат-Башыга барып ал жакта агартуучулук ишин уланткан. Ал окуучу кезинде эле А. Пушкиндин, М. Лермонтовдун, Л. Толстойдун, И. Крыловдун айрым чыгармаларын жатка билген. Ы. Абдырахманов 1920-ж. Алматыда, 1926–1928-жж. Фрунзедеги мугалимдер курсунда окуган. 1935-ж. чейин мугалим болуп эмгектенген. 1939-ж. Фрунзедеги педагогикалык институттун кыргыз тили жана адабияты факультетин бүтүргөн.

Ы. Абдырахманов манасчы, этнограф, кыргыз фольклорун жыйноочу катары белгилүү. Анын "Манас" эпосу боюнча жазган кол жазмаларынын көлөмү 343 миң ыр сабынан же 490 басма табактан турат.

***САТЫЛГАНОВ Шаршемби*** (1898–1975-жж.) – советтик эң алгачкы мугалимдерден. Нарын областынын Кочкор районунун Шамшы айылында туулган. 1919–1967-жж. эл агартуу кызматында тынымсыз эмгектенген. 1920-ж. Кочкор өрөөнүнүн Шамшы, 1925-ж. Көлтөр айылдарына мектеп салдырып, балдарды окута баштаган. Эл аны «кызыл мугалим» деп кадырлаган. 1937-ж. репрессияда камалып, элдин талабы менен акталып өз ишин уланткан. 40 жыл мектепте директор болуп иштеген. Жаштарга билим жана тарбия берүүдө сиңирген эмгеги үчүн 1947-ж. Кыргыз ССРинин Ардак грамотасы, 1949-ж. СССРдин Эмгек Кызыл Туу, 1951-ж. Ленин ордендери жана медалдар менен сыйланган.



Ш. Сатылганов

***ВАЛИХАНОВ Шокан Чыңгызович*** (1835–1865-жж.) – казак элинин ойчулу, агартуучусу, Абылай хандын урпактарынан. 1847–1853-жж. Омскидеги кадеттер корпусунда окуп, аны бүткөндөн кийин Батыш Сибирь генерал-губернаторлугунда кызмат өтөгөн. Орто Азия, Казакстан, Чыгыш Түркстан элдеринин тарыхын, этнографиясын, фольклорун жана маданиятын, ошондой эле Теңир-Тоо аймагынын географиясын изилдөөгө салым кошкон. Орус элинин демократиячыл интеллигенциясы менен карым-катнашта болгон. 1856-ж. май-июлда аскердик-чалгындоо саякатына катышып, Ысык-Көл аймагына келген. Кыргыздын бугу, сарыбагыш, солто урууларынын турмушу менен таанышкан. Ушул эле жылы атайын тапшырма менен Кулжада үч ай жүрүп, элчилик мамилелерди жандандырган. 1857-ж. кайра Ала-Тоодогу кыргыздарга саякат жасаган "Манас" эпосунан жазып алып, алардын айрымдарын орус тилине которгон. Кыргыз элинин тарыхына да өзгөчө көңүл буруп, кыргыздар Теңир-Тоодо эзелтен бери жашагандыгын, Енисей жана Теңир-Тоо кыргыздарынын тарыхый тамыры бир экендигин жазган. Кыргыздар Енисейдин Теңир-Тоого Чыңгыз хандын тушунда же ага чейин эле уйгурлар Орхондон журт которгон тушта бөлүнүп келишкен деп божомолдогон.



Ч. Валиханов



Т. Жукеев

***ЖУКЕЕВ Таабалды*** (жашыруун аты – П у д о в к и н  А л е к с а н д р  А л е к с а н д р о в и ч; 1882, уезди, Жетиөгүз болушу,– 1930 Нарын ш.). – Кыргыз элинен чыккан түйгүч революционер-большевик. 1905-ж. РСДРПнын катарына өткөн. Бала чагынан байларга, кепестергe алай жүргөн. 1899-ж. анын кожоюну – орус көпөсү Анжиянга мал айдатып барып, ошол жерге таштап кеткен. Кийинчерээк Ташкенге келип темир жол мастерскоюна жумушчу болуп орношкон жана рев-ялык кыймылга аралаша баштаган. Рев-ялык ишмердиги үчүн 1906-1917-жылдардын аралыгында бир нече жолу түрмөгө камалган. Түрмөдөн Февр. рев-ясынан кийин бошогон. 1918-ж. Кызыл Армиянын катарына өтүп Түштүк фронтунда мусулмандар полкуна комиссар болгон. Крым менен Кавказды бошотуу согушуна катышкан. 1924-1926-жж. Пишпекте, 1926-1930-жж. Нарында Советтик, чарбалык кызматтарда иштеген. Анын өмүрү жана ишмердиги жөнүндө жазуучу К. Бектенов «Таабалды Пудовкин» аттуу повесть жазган. Эстелиги Нарын ш-нда орнотулган.



К. Сарыкулаков

***САРЫКУЛАКОВ Кожомурат*** (1892–1918-жж.) – Совет бийлигин орнотуу жана чыңдоо үчүн күрөшкө катышуучу. Пишпек уездиндеги Узун-Кыр болуштугунда (Кант району) туулган. 1911-ж. Верныйдагы гимназияны күмүш медаль менен бүтүргөн. 1911–1913-жж. Киевдеги Ыйык Владимир университетинин медицина, 1914–1917-жж. Казан университетинин укук факультеттеринде окуган. 1917-ж. Февраль революциясынан кийин Пишпекке келип, революциячыл иштерге катышкан. 1917-ж. 9-сентябрда “Букара” союзунун төрагалыгына шайланган. Катуу оорудан каза болгон.

***ФРУНЗЕ Михаил Васильевич*** (1885, Жетисуу облусу, Пишпек уезди, азыркы Бишкек ш. – 1925, Москва) – мамл. ж-а аскер ишмери. Петербург политехникалык ин-тунун экон. факультетинде окуп жүргөндө андан революциячыл иши үчүн айдалган. 1905-ж. Иваново-Вознесенскиде революциячыл кыймылды уюштурууга катышкан ж-а иш таштоону жетектеген. 1907-ж. Шуяда камакка алынып, 1909–10-ж. эки ирет өлүм жазасына өкүм кылынган, ал жаза 10 жылга, кийин өмүр бою сүргүнгө алмаштырылган. Сүргүндөн 1915-ж. качып чыгып, Иркутск, Чита, Минскиде революциячыл иш жүргүзгөн. Октябрь революциясына катышкан (Иваново-Вознесенск, Москва). Граждандык согуш жылдарында Чыгыш фронтунун Түштүк тобуна, Колчактын армиясын талкалоодо Чыгыш фронтуна командалык кылган. *Түркстанда* Совет бийлигин чыңдоо үчүн 1919-ж. 14-августта уюшулган Түркстан фронтунун башкы командачылыгына Фрунзе дайындалган. 1920-ж. февралда Фрунзенин буйругу б-ча Жетисуудагы кыргыз-казактардан Өзгөчө кыргыз атчандар бригадасы түзүлгөн. Ошол эле жылы 7-майда Кызыл Армияга жергиликтүү калктан 19–35 жаштагы 30 миң адамды мобилизациялоо ж-дө буйрук чыгарган. Бул Борб. Азия элинин тарыхындагы биринчи мобилизация болгон. 1920-ж. сентябрда Түштүк фронтунун командачысы болуп дайындалып, Врангелди талкалоону жетектеген. 1920-ж. Түркстан комиссиясынын мүчөсү катары Орто Азиядагы, а.и. Кыргызстандын түштүгүндөгү контрреволюциячыл күчтөрү талкалоо Совет мамл-нин улут саясатын калк арасында түшүндүрүү б-ча иштерди жүргүзгөн. 1921–24-ж. Крым аскерлеринин командачысы, 1924–25-ж. СССР революциялык аскер советинин төрагасынын орун басары, төрагасы, аскер ж-а деңиз иштер эл комиссары. 1924–25-ж. Фрунзенинин жетекчилиги м-н аскердик реформа жүргүзүлгөн. Бишкекте үй музейи жана эстелиги бар.



М.В. Фрунзе

***ОСМОНБЕКОВ Арстаналы*** (1874–1945-жж.) – Кыргызстанда Совет бийлигин чыңдоого катышкандардын бири. Наманган шаарындагы орус-тузем мектебинде окуган. Дүйнөлүк биринчи согуш мезгилинде 1916-ж. Белоруссияда тыл жумуштарында болгон. Кыргызстанга кайтып келип, 1919-ж. басмачыларга каршы күрөшүүгө катышкан. 1921-ж. Кыргызстандын түштүгүндө түзүлгөн ыктыярдуу атчандар отрядына командирликке дайындалып, басмачыларга каршы активдүү күрөшкөн. 1920-ж. май-июль айларында Кыргыз атчандар дивизионуна командир болгон. Калыбай, Аман палван ж. б. корбашылардын басмачыларын талкалоого катышып, 1923-ж. Кызыл Туу ордени менен сыйланган. А. Осмонбеков Жалал-Абад, Талас аймактарында советтик кызматтарда иштеген. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде колхоз башкармасынын төрагасы болгон.



А. Осмонбеков



А. Сыдыков

***СЫДЫКОВ Абдыкерим*** [1889, Бишкек уезди, Канай болушу, Башкарасуу айылы (азыркы Аламүдүн р-нунда) – 1938, Бишкек] – советтик, партиялык ишмер. Мусулман мектебинде окуган. 1911-ж. Верныйдагы эркек балдар гимназиясын бүтүргөн. 1912– 17-ж. Бишкек уезддик башкармасында катчы ж-а тилмеч. Февраль революциясында уезддин ж-а шаардын коомдук-саясий иштерине жигердүү катышкан; Бишкек уездинин комиссарынын орун басары. Бишкекте «Алаш-Ордо» партиялык комитетин уюштуруучулардын (И. Арабаев, К. Тыныстанов, Н. Тулин м-н бирге) бири, ошол эле учурда солчул эсерлер партиясынын да мүчөсү (1917–18). 1918-ж. октябрда большевиктер партиясынын катарына өтүп, Бишкек уезддик комиссарынын орун басары, соода-чарба ж-а өнөр-жай бөлүмүнүн төрагалык, улут маселеси бөлүмүндө кедейлерге укуктук жактан акысыз жардам берүүгө башчылык кылуу милдеттерин аткарган. 1919–20-ж. мартка чейин Жетисуу облустук Мусулман бюросунун төрагасы, ал жоюлгандан кийин Түркстан коммунисттик партиясынын Жетисуу обкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы. 1922-жылдан Жетисуу облустук аткомунда президиумдун мүчөсү, төраганын орун басары, Түркстан АССРинин ички иштер эл комиссарынын орун басары, ошол эле жылы декабрда Бүткүл союздук Кеңештин 1-съездине бүткүл кыргыз элинин өкүлү болуп катышкан. Жаркен уездинде жер-суу реформасын жүргүзүүнү жетектеген. 1922-ж. Кыргыз тоолуу облусун түзүүнүн башында турган. Бирок бул долбоор «улутчул» деп табылып, РКП(б) БК тарабынан четке кагылган. 1924-ж. октябрда Кара Кыргыз АОсун түзүүгө активдүү катышкан. 1921–25-ж. манаптын тукуму, падышалык ж-а убактылуу өкмөт акимчиликтеринде иштеген делинип, партиядан 4 жолу чыгарылган. 1926–32-ж. Ташкенде Орто Азия мамл. ун-тинде ил. кызматкер болуп иштеген. Ал жерден «Кыргыз элинин уруулук бөлүнүшү» (1927). «Көчмөндөрдө малды жайытта багууну уюштуруу» (1930) деген ил. макалаларын ж. б. жазган. 1932-ж. Кыргызстанга чакырылып, Кыргыз АССР Мампландын төрагасынын орун басары болуп иштеген. 1933-ж. камакка алынып, 1934-ж. Түркстан аскер округунун трибуналы «контрреволюциячыл» деп жарыялап, 10 жыл эркинен ажыратат. 1938-ж. «Социал-Туран партиясын» уюштуруучу деген жалаа м-н кайрадан соттолуп, өлүм жазасына тартылган. 1958-ж. акталган. Эстелиги Бишкек шаарында орнотулган.

***АЙДАРБЕКОВ Иманалы*** (1894, Бишкек уезди – 1937) – Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкөндөрдөн. 1909-ж. Бишкектеги а. ч. техникумун бүтүргөн. 1918–20-ж. Бишкек уезддик-шаардык кеңеш аткомунун, 1920–21-ж. Каракол уезддик ревкомунун мүчөсү, 1921–23-ж. Бишкек уезддик аткомунун төрагасы. 1924-ж. Кыргыз автономия облусунун ревкомунун төрагасы. 1925–26-ж. Ташкенде «Орто Азия» кеңсесинде башкармалыктын мүчөсү болгон. 1927–29-ж. Кыргыз АССРнин жеңил өнөр жай ж-а соода эл комиссары, 1930–31-ж. Кыргыз а.ч. банкынын башкармалыгынын мүчөсү, Кыргыз АССР Юстиция эл комиссары, Кыргыз АССРнин башкы сотунун төрагасы. Аксуу козголоңун, Нарындагы контрреволюциячыл көтөрүлүштү басууга катышкан. Жалган жалаа м-н атылган. 1991-ж. сөөгү Атабейит көрүстөнүнө кайра коюлган.



И. Айдарбеков

***ОРОЗБЕКОВ Абдыкадыр*** (1889, Фергана облусу, Маргалаң уезди, Охна кыштагы – 1938) – мамл., саясий ишмер; Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкөн. Кыргыз АССР Борб. аткомунун төрагасы (1927–37). 1909–16-ж. наабайканада жалданып иштеген. 1916-ж. көтөрүлүштүн башталышына жигердүү катышкан. 1917-ж. Анжиян ш-ндагы нан бышыруучу ишкананын жумушчуларынын кыймылына жетекчилик кылган; мастерлердин, жумушчулардын ж-а кызматчылардын Фергана профсоюз башкармасынын мүчөсү болгон. Совет бийлиги орногондон кийин Кызыл Гвардия кошуунунун командири болуп туруп, Фергана ш-нын ишканаларын, шаардын чет-жакаларында коргонууну уюштурган. 1919–23-ж. Чимион ж-а Вуадил р-ндук революциячыл комитеттин, Мархамат р-ндук комитетинин төрагасы, Маргалаң уезддик аткомунун президиумунун мүчөсү. 1924–25-ж. Ош округдук революциячыл комитеттин жер бөлүштүрүү бөлүмүнүн башчысы, 1925-жылдан РКП(б)нин округдук комитетинин жооптуу катчысы. Кыргыз автономия облусунун облустук аткомунун 1-пленумунда Облаткомунун Президиумунун төрагалыгына шайланган. 1937-ж. репрессияга кабылып, атылып кеткен. 1956-ж. реабилитацияланган. Түркстан Респ-нын Алтын белгиси, Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а ысымы жазылган курал м-н сыйланган. Анын ысмы м-н Кадамжай р-нундагы Охна кыштагы, Бишкектеги көчө аталган.



А. Орозбеков



Ю. Абдрахманов

**АБДРАХМАНОВ Юсуп** (Жусуп) (1901–1938-жж.) – советтик, партиялык ишмер. Каракол уездинин Күңгөй Ак-Суу болушундагы Чиркей айылында жетиштүү манаптын үй-бүлөсүндө туулган. 1911–1916-жж. Сазановка кыштагында орус-тузем мектебинде, Каракол шаарындагы башталгыч окуу жайында окуган. 1916-ж. Үркүндө Кытайга барган, ал жакта ата-энеси өлүп, 15 жашында жетим калган. 1917-ж. Кытайдан келип, Кызыл Армиянын катарында Совет бийлигин чыңдоого катышкан. 1919-ж. Верныйда командирлик курста окуган. 1920-ж. майга чейин Кара-Кыргыз Автономия облаcттык партия бюросунун 2-секретары болуп, кийин Ташкентте, Москвада иштеген. 1927-ж. марттан Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасы болгон. 1933-ж. жалган жалаа менен кызматтан алынган. Самара шаарына жана Оренбург аймагына ишке жиберилген. 1937-ж. "Алаш-Ордо" контрреволюциячыл уюмунун өкүлү деген жалаа менен камалып, Оренбургдан Фрунзеге алынып келинген. "Социал-Туран партиясынын" мүчөсү делген "кылмышы" үчүн, 1938-ж . 5-ноябрда 34 жаш курагында атылган. 1958-ж. жарым жартылай, 1989-ж. толук акталган. Айкели Бишкек жана Кара-Көл шаарларында орнотулган.



Б.Д. Исакеев

**ИСАКЕЕВ Баялы Дыйканбаевич** (1897, Нарын облусу, Кочкор р-ну, Үкөк айылы – 1937, Бишкек) – партиялык ж-а мамл. ишмер. Нарын ш-ндагы орус-жергиликтүү мектеп-интернатын (1916), Ташкендеги Орто Азия коммунисттик ун-тин (1923), Москвадагы ВКП(б) БКнын партиялык мектебин (1926) бүткөн. 1917–20-ж. Кумбеларал ж-а Ортотокой менчик почта станцияларында күзөтчү, киречи, станция башчысы. 1920–21-ж. Үчүке (Кочкор) болуштугунун аткомунун, 1921–23-ж. Нарын уезддик партия комитетинин, 1924–25-ж. Түркстан АССР КП(б) Лепси ж-а Каракол уезддик шааркомдорунун, 1926–27-ж. Кыргыз АССР КП(б) Каракол округдук комитетинин бөлүм башчысы. 1927–28-ж. «Кызыл Кыргызстан» гезитинин жооптуу редактору. 1928–29-ж. ВКП(б) Кыргыз обкомунун бөлүм башчысы, 1929–30-ж. Кыргыз АССР жер иштер комиссары, 1930–33-ж. ВКП(б) Кыргыз обкомунун катчысы, 1933–37-ж. Кыргыз ССР (адегенде АССР) Эл Комиссарлар Советинин төрагасы. Кыргыз АССР БАКнын (1928–37), СССР улуттар советинин (1931–35), СССР БАКнын ж-а ББАКтын Президиум (1935–37) мүчөсү. Исакев 1937-ж. улуттук контрреволюциячыл топтун катышуучусу деген жалаа м-н репрессияланган. 1957-ж. акталган. Ысымы Кочкор р-нундагы айылга ыйгарылган. Бишкекке айкели орнотулган.

***ЖУМАГУЛОВ АЛЫМКУЛ*** (1893, Талас өрөөнү, Көк-Арык айылы – 1938) – коомдук-мамлекеттик ишмер. Балалык чагы азыркы Панфилов районунун Кум-Арык айылында өткөн. Чалдовар айылындагы орус-түзём мектебин, Мирзоян (мурдагы Олуя-Ата, Тараз) шаарындагы үч жылдык мугалимдер курсун бүтүргөн. Эмгек жолун 1914-ж. Олуя-Ата уездиндеги келгин дыйкандарды жерге жайгаштыруу башкармалыгында кызмат өтөө менен баштаган. 1915–1918-жж. Олуя-Ата уездинин начальнигинин тилмечи болуп иштеген. 1918–1919-жж. Солчул эсерлер партиясынын, 1920-жылдан ВКП(б)нын мүчөсү. 1919-ж. Советтердин Бүткүл россиялык съездине делегат катары катышкан. 1920-жылдары Пишпекте түзүлгөн уездик жер комитетин жана жер боюнча өзгөчө комиссиясын жетектеген. Кыргызстанда жер-суу реформасын ишке ашырууда жана Кара-Кыргыз автономиялуу областынын чек араларын тактоодо чоң эмгек сиңирген. 1925–1926-жж. Кыргыз АССРинин жер боюнча башкармалыгынын төрагасы болгон. 1926–1937-жж. Жалал-Абад жана Талас чөлкөмдөрүндө ар түрдүү чарбалык кызматтарда эмгектенген. 1937-ж. жазыксыз камакка алынып, 1938-ж. атылган. 1958-ж. акталган. Талас районундагы Көк-Ой айылындагы орто мектепке ысымы ыйгарылган.



А. Жумагулов

***МОНУЕВ ЫСАКБЕК*** (1902–1949-жж.) – аскер ишмери, кыргыздан чыккан биринчи генерал. 1902-ж. Алай аймагы, Нура айылында туулган. Атасы Мону ажы кыргыз-кытай аралыгында соода жүргүзүп, кийин анын үй-бүлөсү Кытайга Шиңжаң провинциясында туруп калат. Ысакбек 25 жашында Кызыл-Суулук кыргыздардан аскер курап, кыргыздардан ооп барган басмачыларды талкалайт. Гоминдан өкмөтү кийин ага луймаң (генерал-майор) аскер чинин берет. Гоминдан өкмөтү Ысакбекти жок кыларда, Алматыга качып келет. Ал бул жактан аскер отрядын курап, кайра барып, Гоминдандык аскерлерлерди талкалап, калганын Шиңжаңдан кууп чыгат. 1944-ж. Чыгыш Түркстан Республикасы (ЧТР) түзүлүп, анын башында Ахмеджан Касым туруп, I-аскер командачысы генерал Монуев Ысакбек болгон.



Ы. Монуев



Рахманкул-хан

***РАХМАНКУЛ ХАН,*** Рахманкул Жапар-кул уулу (1912, Ош областы, Чоңалай жергеси – 1990) – Кичи Памирдеги ооганстандык кыргыздардын ханы (1949–78). 1947-ж. Шинжаңга (Кытай) качкан. Пакистанга улагалаш Миң-Теке деген жерде кытайлык чегарачыларды конокко чакырып, аларды өлтүрүп, курал-жарагын олжолоп, Кичи Памирге өтүп кеткен. Өзүн өзү хан көтөрүп, Ооганстанда 1964-ж-дан кыргыздардын өкүлү катары Лоя Жиргага (Чоң Жыйынга) катышкан. Өзүнүн 70 миңден ашуун кою, 2 миңден ашык топозу, 300дөй төө, жылкылары болгон. Чоң-чоң жайыттарды ээлеп, соода карым-катнаштарын да өзү көзөмөлдөп турган. 1978-ж. Ооганстанда Апрель революциясы жеңгенден кийин узакка созулган граждандык согуш ал жактагы кыргыздардын тынчын алып, жашоосун кыйындаткан. Рахманкул-хандын жетекчилиги м-н ошол жылдын июль айында Памирден 1300 кыргыз (280 үй-бүлө) Пакистанга көчүп кеткен. Гильзит өрөөнүнүн ысык ж-а нымдуу абасы, жут, жугуштуу оорулар, качкын турмушундагы оор абал кыргыздардын көпчүлүк бөлүгүн кыйнаган. 1982-ж. август айында Рахманкул-хан 293 түтүн (1138 адам) кыргыздары м-н аба жолу аркылуу Түркияга (Ван көлүнүн боюна) көчүрүлгөн.



К.Тыныстанов

***ТЫНЫСТАНОВ Касым*** (1901–1938-жж.) – тилчи, акын, коомдук ишмер, профессор (1936). Ысык-Көл өрөөнүндөгү Чырпыкты айылында туулган. Алгачкы билимди 1909–1912-жж. айылдык дин мектебинен алган. 1913–1914-жж. жаңы усул мектебинен, 1914–1916-жж. Караколдогу орус-тузем мектебинен окуган. 1916-ж. атаэнеси менен Кытайга качып, 1918-ж. келген. 1924-ж. Ташкендеги Казак-кыргыз агартуу институтун бүтүргөндөн кийин Түркстан республикасынын Академиялык борборунда (Илим комиссиясы) Кыргыз областтык бөлүмдүн катчысы, төрагасы, 1925-ж. "Эркин-Тоо" гезитинин редактору. 1927–1930-жж. Кыргыз АССР Эл агартуу комиссары, 1930–1937-жж. Кыргыз маданият курулуш институтунда илимий кызматкер, анын директору болуп иштеген. К. Тыныстанов кыргыздын улуттук жазуусун иштеп чыгуу, араб алфавитин кыргыз тилине ылайыкташтыруу, араб алфавитин латынчага, латынчаны орус алфавитине алмаштыруу ишине катышкан. Азыркы кыргыз орфографиясынын негизги принциптерин иштеп чыгып, кыргыз тилинде туңгуч окуу китептерин ("Окуу китеби", 1924; "Чоңдор үчүн алиппе", 1926), кыргыз тилинин туңгуч грамматикасын ("Биздин тил", 1927); 1928-ж. латын графикасында "Эне тилибиз" деген окуу китебин; "Кыргыз тилинин морфологиясы", 1934; "Кыргыз тилинин синтаксиси", 1936), тил илими боюнча кыргызча терминологияны түзгөн. К. Тыныстановдун ырлары 1925-ж. "Касым ырларынын жыйнагы" деген ат менен Москвадан жарык көргөн. Ал "Интернационалды", И. Крыловдун тамсилдерин кыргызчага которгон. Анын "Академиялык кечелер" пьесасына, айрым эмгектерине курулай доомат коюлуп, бай-манапчыл, буржуазиячыл, улутчул деп ак жеринен күнөөлөнгөн. 1937-ж. камалып, 1938-ж. атылган. 1988-ж. толук акталган.

***ШАБДАНОВ Ажыйман*** (1905–1939-жж.) – алгачкы окумуштуулардан. Чоң-Кеминде туулган. Шабдан баатырдын небереси. Адегенде жергиликтүү мектепте, кийин Бишкектеги орус-тузем мектебинде окуган. Жети-Суу (Алматы) билим берүү институтун бүтүргөн. Мектептерде жана техникумда сабак берген. 1928-ж. Маданий агартуу илим-изилдөө институтунда иштеген. Бул жерден грамматика, орфография, терминология ж. б. боюнча окуу китептерин, илимий макалаларын жарыялаган. Чоң манаптын тукуму катары куугунтукка алынып, 1932-ж. Ош педтехникумуна жиберилген. Кийин Тажикстанга барып Тоолуу-Бадахшан областындагы кыргыздарга билим берүү ишин уюштурган. Бул жерден камакка алынып, Ташкентке жеткирилип, жалган айып менен 1939-ж. атылган.



А. Шабданов

1929-ж. С. Нааматов менен биргелешип "Сабатсыз аялдар үчүн алиппе" чыгарган. М. Элебаев, Ж. Жамгырчиев менен бирге жазган "Үчүнчү класстар үчүн окуу китеби" 1930-ж. 10 миң нуска менен чыккан. Анын "Биздин тил" (1931) окуу китеби өтө кеңири колдонулган.

***НАМАТОВ Сатыбалды*** (1905–1938-жж.) – Кыргызстандын алгачкы агартуучуларынан, сабатсыздыкты жоюу үчүн активдүү күрөшкөн. Ат-Башынын Казыбек айылында оокаттуу үй-бүлөдө туулган. Адегенде жергиликтүү мектепте окуп, Жети-Суу (Алматы) билим берүү институтун бүтүргөн. 1931-ж. ачылган Фрунзедеги педагогика институтунда сабак берген. 40тан ашуун эмгек жарыялаган. Кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча окуу китебин алгачкылардан болуп даярдаган. Орус тилин жакшы өздөштүргөндүктөн М. Горькийдин, А. Фадеевдин чыгармаларын кыргызчага которгон. К. Ты-ныстанов, Е. Д. Поливанов менен тыгыз байланышта болгон.



С. Нааматов

1937-ж. "Социал Туран партиясынын" активдүү мүчөсү, контрреволюциячыл идеяларды окуу китептерине киргизүүчү катары айыпталып, 1938-ж. атылган. 1956-ж. акталган. Анын "Сабатсыздык жоюлсун" (чоңдор үчүн алиппе). Фрунзе, 1929; "Чала сабаттуулар үчүн окуу куралы". Фрунзе, 1930 ж. б. эмгектери жогору бааланган.



Х. Карасаев

***КАРАСАЕВ Хусаин Карасаевич*** (1901–1998-жж.) – белгилүү тилчи, түркolog. Профессор (1966), Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер (1992). 1914–1916-жж. Пржевальск орус-тузем мектебинде окуган. 1922–1923-жж. Кең-Суу кыштагында ревкомдун төрагасынын орун басары. 1923–1927-жж. Ташкенттеги казак, кыргыз эл агартуу институтунда билим алган. 1924-ж. кыргыздын туңгуч "Эркин-Тоо" гезитин чыгаруучулардын бири. 1928–1931-жж. Ленинграддагы Чыгыш таануу институтун бүтүргөн. 1961–1974-жж. КМУда эмгектенген. 1927-ж. "Сабат ачкыч" алиппесин, 1928-ж. И. Арабаев менен бирге "Жаңылык" туңгуч кыргыз алиппесин, И. Батманов менен "Орусча-кыргызча сөздүк" түзгөн. "Орфографиялык сөздүк", "Накыл сөздөр", "Өздөштүрүлгөн сөздөр", "Күлкү наама", "Камус наама" аттуу эмгектердин автору. 1990-ж. О. Сыдыковдун "Тарых кыргыз Шадмания" аттуу китебин азыркы тамгага өткөрүп, ага баш сөз жазган. "Манас" эпосун жаздырууга, изилдөөгө көп эмгек сиңирген.



Е.Д. Поливанов

***ПОЛИВАНОВ Евгений Дмитриевич*** (1881–1938-жж.) – окумуштуу тилчи. Кыргыз таануучу, "Манас" эпосун орус тилине алгачкы которуучулардан. Смоленск ш. туулган. 1912-ж. Петербург университетинин тарых-филология факультетин бүтүргөн. 1914-ж. магистрдик диссертациясын коргогон. Приват-доцент. Чыгыш элдеринин тилдери боюнча билимин Японияда ж. б. өлкөлөрдө өркүндөткөн.

1917–1921-жж. Петроград жана Москва шаарларында илимий-окутуучулук иш кылган. 1921–1932-жж. Түркстан АССРнин Эл агартуу комиссариатында Илимий Кеңештин төрагасы болгон. 1926–1929-жж. Москва Чыгыш таануу институтунда профессор. Түрк жазуусунун араб графикасынан латынга өтүшүн активдүү колдогон. 1934–1937-жж. Фрунзеде жогорку окуу жайларында иштеген. "Манас" эпосун изилдеп, аны орус тилине которгон. Котормолорунун үзүндүлөрүн "Советская Киргизия" гезитине, "Литературный Узбекистан" журналына жарыялаган.

1937-ж. Фрунзеден камакка алынып, Москвага жөнөтүлгөн. 1938-ж. 25-январда атылган. 1963-ж. толук акталган.

***ЗАТАЕВИЧ Александр Викторович*** (1869–1936-жж.)– музыка изилдөөчү, этнограф жана композитор. Казак ССРинин эл артисти (1923), Кыргыз ССРинин эл артисти (1925). Казак, Орто Азия, Сибирь элдеринин обондорун, күүлөрүн жыйноочу. А. Затаевич 1928-ж. Кыргызстанга келип, атактуу комузчулардын аткаруусундагы обондорду, күүлөрдү жазып алат. Жыйнаган обон, күүлөрүнүн ичинде "Манастын", "Семетейдин" обондору жазылып, "Кыргыз аспаптык 250 күүсү жана обону" деген ат менен 1934-ж. Москвадан жарык көргөн. Жыйнакта кайсы күү, обон кандай аткарылып, айтыларын, кимден жазылганын, анын шыгын билдирген илимий мүнөздөгү кыскача түшүндүрмөлөр да берилген. Затаевич "Манас" эпосунун обонун биринчи жолу нотага түшүргөн.



А.В. Затаевич

***ЧУЙКОВ Семен Афанасьевич*** (1902–1980-жж.) – советтик живописчи, СССР эл сүрөтчүсү (1963). СССР Сүрөтчүлөр академиясынын анык мүчөсү (1968). СССР мамлекеттик сыйлыгынын (1949, 1951), Токтогул атындагы Кыргыз ССР мамлекеттик сыйлыгынын (1972). Индиянын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты. Верный, Москва шаарларында окуган. 1930-ж. башында Кыргызстан сүрөтчүлөр союзун, Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик сүрөт өнөр музейин уюштуруунун демилгечиси болгон. Кыргыз элинин турмушун, көлөмдүү көркөм формалар менен чагылдырган.



С. А. Чуйков

***АЙТИЕВ Гапар*** (1912–1984-жж.) – улуттук туңгуч сүрөтчү, кыргыздын профессионалдык сүрөт өнөрүн негиздөөчүлөрүнөн, СССР эл сүрөтчүсү (1971), СССР көркөм сүрөт академиясынын корреспондент-мүчөсү (1973), Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты (1967), Социалисттик Эмгектин Баатыры (1980). Кыргыз жергесинин кооз табиятын, улуттук маданияттын улуу устаттарынын портреттерин тарткан, бир нече ордендер жана медалдар менен сыйланган.



Г. Айтиев



И. Ахунбаев

***АХУНБАЕВ Иса Коноевич*** (1908–1975-жж.) – белгилүү хирург, медицина илимдеринин доктору (1948), профессор (1949), СССР Медициналык Илимдер академиясынын корр.-мүчөсү (1948), Кыргыз ССР Илимдер академиясынын академиги (1954) жана туңгуч президенти (1954–1960-жж.). Ташкендеги Орто Азия медициналык институтун бүтүргөн (1935). 1947-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Кыргыз Мамлекеттик медициналык институтунун (КММИ) жалпы хирургия кафедрасынын башчысы болуп иштеген. 1948–1952-жж. КММИнин директору болгон. 170тен ашуун илимий эмгек жарыялаган. Анын илимий эмгектери сокур ичеги, богок, эхинококкоз, шок жана жүрөк ооруларына арналган. 28 медицина илимдеринин кандидаттарын, 5 докторун даярдаган, СССРдин 5 ордендери менен сыйланган.



Т. Үмөталиев

***ҮМӨТАЛИЕВ Темиркул*** (1908–1991-жж.) – Кыргыз профессионалдуу адабиятынын негиз салуучуларынын бири, Кыргыз Эл акыны, коомдук ишмер. Аксы районундагы Төө-Жер айылында туулган. Жетимчиликтин азабын тарткан, интернатта окуган, 1929-ж. Жалал-Абад педтехникумун бүтүрүп, Ноокатта мугалим, райондук комсомол комитетинин секретары, Кыргызстан комсомолунун Борбордук Комитетинин жооптуу кызматкери болуп иштеген. 1934-ж. эң алгачкылардын болуп М.Горькийдин колунан СССР Жазуучулар Союзунун билетин алган. 1935–1937-жж. Республикалык гезиттерге башкы редактор болгон. Москвадагы Коммунистик журналистика институттун бүтүргөн. 1937–1941-жж. Кыргызстан Жазуучулар союзун жетектеген. Ушул мезгилде ал Саякбай Карала уулунан "Манас" эпосунун үч бөлүмүн тең жаздырган. Кыргыз элинин "Кожожаш", "Кедейкан", "Эр Табылды", "Жаңыл Мырза", "Олжобай менен Кишимжан", "Ак-Саткын", "Жаныш-Байыш" өңдүү кенже эпосторунун дээрлик бардыгын жыйнатып, аларды өз-өзүнчө китеп кылып массалык нускада чыгартып, элге жеткирген эмгеги баа жеткис.

Т.Үмөталиевдин улуу демократакын Токтогулдун мурастарын жыйнатып, бастырып чыгарууга, пропагандалоого, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкты уюштурууга көп күч жумшаган. СССРдин Кремлдеги Алмаз фондусундагы 37,56 карат алмазга "Токтогул" атын койдурган.

Т.Үмөталиев Улуу Ата Мекендик согушка баштан аяк катышкан. Акын чыгармаларында согуш темасы өзгөчө таасын чагылдырган. Адабият сынчыларынын пикири боюнча Т.Үмөталиевдин согуш темасына арналган чыгармалары кыргыз адабиятындагы теңдешсиз ше-

девр, накта классика. СССРдин 8 ордендери жана көптөгөн медалдары менен сыйланган. Ысымы Ош мамлекеттик университетине (1998-ж.), Орто мектептерге, Бишкек, Жалал-Абад шаарларындагы көчөлөргө ыйгарылган. Бишкек шаарындагы Эркиндик бульварына эстелиги орнотулган.


И. В. Панфилов

***ПАНФИЛОВ Иван Васильевич*** (1892, Саратов облусу, Петровск ш.–1941) – Советтер Союзунун Баатыры (1942), генерал-майор (1940). 1918-жылдан Кызыл Армияда кызмат өтөп, Граждандык согушка (1918–20) катышкан. 1923-ж. Киевдеги бириккен жогорку аскер окуу жайын бүтүргөн. 1938–41-ж. Кыргыз ССРинин аскер комиссары. 1941-ж. июлдан Улуу Ата Мекендик согушта Түндүк-Батыш, Батыш фронттрунун 316-аткычтар дивизиясынын командири. Октябрь, ноябрь айларында анын дивизиясы Москваны коргоодо өлбөс-өчпөс эрдик көрсөткөн. Согушта курман болгон. Анын ысымы өзү командачылык кылган дивизияга ыйгарылган. Эстелиги Фрунзе (Бишкек) ш-нда орнотулган жана Чүй областынын бир району анын ысымы менен аталат.


Ө. Атабекова

***АТАБЕКОВА Өлмөскан*** (1922–1987-жж.) – Кыргызстандын айыл чарба өндүрүшүнүн белгилүү ишмери. Социалисттик Эмгектин Баатыры (1957-ж.) Эмгек жолун 1937-ж. Ош областынын Базар-Коргон районунун Көк-Айдар кыштагында эмгектенүү менен баштаган. 1940–1944-жж. Кызыл-Ай колхозунда звено башчысы, бригадир, 1945–1981-жж. колхоздун башкармасынын төрагасы болуп иштеген. СССРдин Жогорку Советине бир жолу, Кыргыз ССРинин Жогорку Советине төрт ирет депутат болуп шайланган. 1970-ж. «16 кыз» жаштар бригадасын түзгөн. СССРдин 6 ордени менен сыйланган. Ө. Атабекованын өмүрү жана эмгек жолу Кыргызстандын эл жазуучу Н. Байтемировдун «Жылдызкан» деген романында чагылдырылган. Ысымы Базар-Коргондогу орто мектепке ыйгарылган.



И. Раззаков

***РАЗЗАКОВ Искак*** (1910, азыркы Баткен облас-ты, Лейлек р-ну, Коросон кыштагы – 1979, Бишкек) – мамл. ж-а саясий ишмер. 1945–50-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы. 1950–61-ж. Кыргызстан КП БКнын 1-секретары. 1918-жылдан Ленинабаддагы балдар үйүндө тарбияланган. Ташкендеги пед. техникумун (1931), Москвадагы пландоо ин-тун (1936) бүтүргөн. 1936–38-ж. Өзбек ССР Мамл. пландоо комитетинде экономист, 939–41-ж. комитеттин төрагасынын орун басары, төрагасы. 1941–44-ж. Өзбек ССР эл агартуу комиссары, Өзбек ССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасынын орун басары. 1944–45-ж. Өзбекстан КП БКнын пропаганда ж-а агитация б-ча секретары. 1961-ж. августтан СССР мамл. экон. Советинин мүчөсү, тамак-аш өнөр жай бөлүмүнүн начальниги. 1965–67-ж. СССР мамл. пландоо комитетинин аппаратында иштеген. 1952–61-ж. КПСС БКнын мүчөсү, 1946–66-ж. СССР Жогорку Советинин депутаты. 2000-ж. сөөгү Москвадан алынып келинип, Бишкектеги Аларча көрүстөнүнө коюлган. Эки Ленин ордени, 1-даражадагы Ата Мекендик Согуш ордендери, медалдар м-н сыйланган. Эстелиги Бишкек шаарында орнотулган.



Т. Усубалиев

***УСУБАЛИЕВ Турдакун*** (1919-ж. т., Нарын облас-ты, Кочкор р-ну, Теңдик айылы) – мамл., саясий ишмер. Кыргыз Эл Баатыры. Кыргыз мамл. мугалимдер ин-тун (1941), КПСС БКга караштуу Жогорку партиялык мектепти (1945), В. И. Ленин атн. Москва мамл. педин-тун (1965) бүтүргөн. 1941-ж. Кочкор айылындагы орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1941–45-ж. Кыргызстан КП Кочкор райкомунун пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн инструктору, 1945–55-ж. КПСС БКнын аппаратында жоопту кызматта, 1955–56-ж. «Советтик Кыргызстан» гезитинин редактору, 1956–58-ж. Кыргызстан КП БКнын пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн башчысы, 1958–61-ж. Кыргызстан КП Фрунзе шаркомунун 1-секретары, 1961–85-жж. Кыргызстан КП БКнын 1-секретары. СССР Жогорку Советинин 5 жолку (1962–84), Кыргыз ССР Жогорку Советинин 6 жолку (1959–85), Кыргыз Респнын Жогорку Кеңешинин (1990-жылдан) депутаты. 1-даражадагы «Манас», 4 Ленин, 2 Эмгек Кызыл Туу, Октябрь Революциясы ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Ысымы Кочкор р-нундагы чарбага берилген.

**КУЛАТОВ *Төрөбай*** (1908–1984-жж.) – советтик мамлекеттик жана партиялык ишмер. Ноокат районундагы Кызыл-Булак кыштагында туулган. 1933-ж. темир жол жумушчусу, Кызыл-Кыядагы "Жал" шахтасында кен казуучу, 1932–1933-жж. ошол жерде шахта комитетинин төрагасы, 1934-ж. Көмүр казуучулар союзунун шахта комитетинин төрагасы, 1937-ж. "Жал" шахтасында парторг, 1938-ж. Кызыл-Кыя шаар советинин аткомунун төрагасынын орун басары, "Кыргыз көмүр" трест башчысынын орун басары, 1938–1945-жж. Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин, 1945–1978-жж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы болгон.



Т. Кулатов

**СҮЙӨРКУЛОВ** Абды (1912, Токтогул р-ну, Торкен айылы – 1992, Бишкек) – мамлекеттик ишмер. 1926–27-жж. Жалалабат балдар үйүндө тарбияланган. 1927–30-жж. Пишпек ж-а Ташкендин орто окуу жайларында, Москва пландоо-экономикалык институтунда окуган, 1946-ж. КПСС БКнын жогорку партиялык мектебин бүткөн. 1933–37-жж. Кетментөбө, Ноокат, Талас райондук финансы бөлүмдөрүнүн башчысы, 1937–38-жж. Кыргыз ССР финансы эл комиссариатында салык башкармалыгынын начальниги, 1938–39-жж. Кетментөбө райаткомунун төрагасы, 1939–41-жж. Жалалабат облустук финансы бөлүмүнүн башчысы, Эмгекчилер депутаттарынын Жалалабат облустук Советинин төрагасы (1941–43). 1943–44-жж. Кыргызстан КП БКнын пропаганда ж-а агитация боюнча катчысы, 1946–49-жж. Кыргызстан КП БКнын 3- ж-а 1949–50-жж. 2-секретары, 1950–58-жж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы, 1959–61-жж. Кыргыз ССР соода министри, 1961–69-жж. соода палатасынын төрагасы, 1971–78-ж. Кыргыз ССР Эл чарба жетишкендиктер көргөзмөсүнүн директору болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советине 5 жолу, СССР Жогорку Советине 3 жолу депутат болуп шайланган. Эки Ленин, 2 Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



А. Сүйөркулов

**МАМБЕТОВ *Болот*** (1905–1990-жж.) – советтик, мамлекеттик жана партиялык ишмер. 1940–1953-жж. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин, Фрунзе обкомунун секретары, 1954–1961-жж. Кыргыз ССР Суу чарба министри, 1961–1968-жж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы болуп иштеген. Бишкек шаарында эстелиги орнотулган. Ысымы Тоң районундагы чарбага ыйгарылган.



Б. Мамбетов



А. Сүйүмбаев

***СҮЙҮМБАЕВ Акматбек Суттубаевич*** (1920–1993-жж.) – советтик мамлекеттик жана партиялык ишмер. Аламүдүн районунун Орто-Алыш кыштагында туулган. 1955–1960-жж. Кыргыз ССРинин финансы министри, 1960-ж. Ош облаткомунун председатели, 1962-ж. Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун биринчи секретары. 1968–1978-жж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы болуп иштеген. Сиңирген эмгеги үчүн эки Ленин ордени, башка 5 орден жана медалдар менен сыйланган. Туулуп өскөн Орто-Алыштагы орто мектепке ысымы ыйгарылган.



С. Ибраимов

***ИБРАИМОВ Султан*** (1927–1980-жж.) – мамлекеттик жана партиялык ишмер. Чүй районундагы Алчалуу кыштагында туулган. 1961–1966-жж. Кыргыз ССРинин сугат жана суу чарба министри, 1966-ж. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин секретары. 1968–1978-жж. Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун биринчи секретары, 1978-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы, 1978–1980-жж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы болуп иштеген. С. Ибраимов жөнүндө белгилүү драматург Мырзабек Тойбаев «Өчпөс жылдыз» деген тарыхый драма жазган. Эстелиги Бишкек жана Ош шаарларында орнотулган.



А. Масалиев

***МАСАЛИЕВ Абсамат*** (1933—2004) – партиялык жана мамлекеттик ишмер. Фрунзе районундагы Алыш кыштагында туулган. 1956-ж. Москвадагы тоо-кен институтун бүтүргөндөн кийин, таш көмүр кенинде, партиялык органдарда эмгектенет. 1964-ж. КПСС БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектепти бүткөндөн кийин партиялык, советтик органдарда жетекчи кызматтарда иштейт. 1969–1971-жж. партиянын Таш-Көмүр шаардык комитетинин биринчи секретары. 1971–1974-жж. Кыргызстан КП БКнын өнөр-жай транспорт бөлүмүнүн башчысы, 1974-ж. Кыргызстан КП БКнын секретары болуп иштеген, кийин партиянын Ысык-Көл обкомунун 1-секретары болуп эмгектенген, Москвада КПСС БКнын аппаратында иштеген. 1985-ж. Кыргызстан КП БКнын биринчи секретарлыгына шайланып, аны 1990-ж. чейин башкарган. 1992-жылдан тартып өмүрүнүн акырына чейин Кыргызстан Коммунисттер партиясын жетектеген.

***АКАЕВ Аскар*** – Кыргыз Республикасынын 1990–2005-жж. биринчи Президенти. Ал 1944-ж. Кыргызстандын Кемин районундагы Кызыл-Байрак айылында туулган. Новороссийск орто мектебин 1961-ж. алтын медаль менен бүтүргөндөн кийин Ленинграддагы так механика жана оптика институтуна өткөн. Кийин ошол эле жерде аспирантураны жана докторантураны бүтүргөн. 27 жашында илимдин кандидаты, 36 жашында техника илимдеринин доктору, 43 жашында академик болгон. Информацияларды сактоонун жана иштетүүнүн оптикалык ыкмалары боюнча дүйнөгө белгилүү окумуштуу.



А. Акаев

А. Акаев Фрунзедеги политехникалык институтта профессор болуп ийгиликтүү иштеген. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинде илим жана жогорку окуу жайлар бөлүмүн жетектөө менен өзүнүн саясий карьерасын баштаган. Андан кийин Кыргыз Илимдер академиясынын вице-президенти, 1989-ж. баштап анын президенти болуп иштеген.

***ЖУМАГУЛОВ Апас Жумагулович*** (1934-ж. т., Чүй областы, Аламүдүн р-ну, Арашан айылы) – коомдук-мамлекеттик ишмер. Кыргыз Республикасынын Министрлер Советинин төрагасы (1986–91), Премьер-министри (1993–98), Геология-минералогия илимдеринин доктору (1999). Кыргызстан инженерлик академиясынын академиги (1992). Москвадагы И. М. Губкин атындагы мунай-химия жана газ өнөр жайы институтун (1958), КПСС БКга караштуу Коомдук ИАны бүтүргөн. Түштүк геология экспедициясынын лаборанты, Ош облусундагы «Кыргыз мунай» башкармасынын башкы геологу, башкы инженери (1958–73). 1973–85-ж. партиялык иште – Кыргызстан КП БКнын өнөр жай, транспорт бөлүмүнүн башчысы, КП БКнын секретары, Ысыккөл обкомунун 1-секретары. 1991–92-ж. Чүй облустук эл депутаттар кеңешинин төрагасы, 1992-жылдан Чүй облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы, 1986–91-ж. СССР Жогорку Советинин депутаты, 1999-жылдан Кыргыз Республикасынын Германиядагы элчиси. Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1978). Манас, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган. Азыркы кезде Кыргызстандын Россия Федерациясындагы элчиси болуп эмгектенет.



А. Жумагулов



Н. Исанов

***ИСАНОВ Насирдин*** (1943–1991-жж.) – эгемендүү Кыргыз Республикасынын алгачкы Премьер-министри. Ош областынын Ноокат районунун Көк-Бел айылында туулган. Москвадагы Инженердик-курулуш институтун, Алматыдагы Жогорку партиялык мектепти бүтүргөн. Экономика илимдеринин кандидаты, СССР Инженердик академиясынын академиги. Кыргыз ССРинин курулуш министри (1983–1988-жж.), Ысык-Көл облустук Советинин төрагасы (1988–1991-жж.). 1991-ж. январынан Кыргыз Республикасынын Премьер-министри болуп иштеп туруп 1991-ж. ноябрда автокырсыктан каза болгон. «Ардак белгиси», Эмгек Кызыл Туу ордендери жана медалдар менен сыйланган.



К. Бакиев

***БАКИЕВ Курманбек Салиевич*** – көрүнүктүү мамлекеттик ишмер. 2005-жылдан Кыргыз Республикасынын Президенти. 1949-ж. Жалал-Абад областынын Сузак районунун Тейит айылында туулган. 1971-ж. Куйбышев политехникалык институтун бүтүргөн. Заводдо башкы инженер, директор болуп иштеген. 1990-жылдан Көк-Жаңгак шаардык партиялык комитетинин секретары, 1992-жылдан Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы, Маммулком фондусунда төраганын орун басары болуп иштеген. 1995–1997-жж. Жалал-Абад, ал эми 1997–2000-жж. Чүй областарынын губернатору болуп эмгектенген. 2000–2002-жж. Кыргыз Республикасынын Премьер-министри болуп иштеген. 1990–2005-жж. Кыргыз Республикасынын Парламентине депутат болгон.



Ф. Кулов

***КУЛОВ Феликс Шаршенбаевич*** – көрүнүктүү мамлекеттик ишмер. 2005-жылдан Кыргыз Республикасынын Премьер-министри. 1948-ж. туулган. 1967-ж. ички иштер министрлигине катардагы милиционер болуп ишке кирген. СССР Ички иштер министрлигинин Омскидеги жогорку окуу жайын, СССР Ички иштер министрлигинин академиясын бүтүргөн. 1971–1989-жж. Кыргызстандын Ички иштер министрлигинде ар кандай оперативдик кызматтарда: Талас областык ички иштер башкармалыгынын башчысы; Ички иштер министрлигинин 1-орун басары; министр; Кыргыз Республикасынын вице-президенти; Чүй областынын губернатору; КР коопсуздук министри; Бишкек ш. мэри болуп иштеген. КР Жогорку Кеңешине депутат болуп шайланган. Генерал-лейтенант, СССР Ички иштер министрлигине эмгек сиңирген кызматкер. СССРдин жана Кыргыз Республикасынын орден, медалдары менен сыйланган.

## МАЗМУНУ

АВТОРДОН ........................................ 3
1. «МАНАС» ЭПОСУ КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫНЫН КӨӨНӨРГҮС БУЛАГЫ ........................................ 4

I бөлүм

КЫРГЫЗСТАН БАЙЫРКЫ ДООРДОН XIX к. ОРТОСУНА ЧЕЙИН ........................................ 7
2. Кыргызстандагы таш жана коло доору ........................................ 7
3. Энеолиттин пайда болушу жана анын негизги белгилери ..... 10
4. Коло доору. Ош тургун жайы ........................................ 12
5. Сактар дүйнөлүк тарыхта ........................................ 15
6. Усун мамлекети ........................................ 19
7. Дабан мамлекети ........................................ 22
8. Байыркы кыргыздар жана алардын хунндардын империясына кириши ........................................ 24
9. Түрк кагандыгы ........................................ 28
10. Батыш Түрк кагандыгы (603–704-жж.) ........................................ 31
11. Түргөш кагандыгы (704–766-жж.) ........................................ 33
12. Карлуктардын мамлекети ........................................ 35
13. Кыргыздардын Борбордук Азиядагы үстөмдүк үчүн күрөшү. Барсбек. ........................................ 38
14. Улуу Кыргыз дөөлөтү ........................................ 42
15. Енисей кыргыздарынын социалдык-экономикалык турмушу ........................................ 48
16. Карахандар мамлекети ........................................ 53
17. Кара-кытайлардын мамлекети. Наймандар ........................................ 56
18. Кыргызстан Монгол империясынын тушунда ........................................ 59
19. Хайду мамлекети ........................................ 63
20. Моголстан ........................................ 65
21. Амир Темирдин Моголстанга жортуулдары ........................................ 67
22. Кыргыз элинин калыптанышы ........................................ 70
23. Мухаммед Кыргыздын (Тагай бийдин) кыргыздарды бириктириши ........................................ 75
24. Кыргыздардын Жунгарларга каршы күрөшү ........................................ 78
25. Кыргыз-казак чабыштары (XVIII к. ортосу XIX кк. ортосуна чейин) ........................................ 82
26. Кокон хандыгынын пайда болушу жана өнүгүшү ........................................ 85
27. Кокон өкүмдарынын баскынчылык саясаты. ........................................ 88
28. Кыргыз элинин кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы күрөшү ........................................ 90
29. Кокон хандыгынын мезгилиндеги Кыргызстандын социалдык-экономикалык абалы ........................................ 92
30. Кыргыздардын чарбачылыгы (XVIII—XIX кк.) ........................................ 95
31. Байыркы таш балбалдар (скульптуралар) ........................................ 101
32. Кыргызстандын орто кылымдардан калган архитектуралык эстеликтери ........................................ 104
33. Кыргыздардын турак жайы жана кийим кечеси ........................................ 108
34. Махмуд Кашгари жана анын түрк элдеринин сөздүгү ........................................ 111
35. Жусуп Баласагын жана анын «Кут алчу билим» чыгармасы ........................................ 113

36. Кыргыздардын диний ишенимдери .............................. 115
37. Кыргыздардын оозеки чыгармачылыгы .............................. 118
38. Кыргыз элинде колдонмо искусствонун өнүгүшү .............................. 122
39. Элдик музыканын өнүгүшү .............................. 125

## II бөлүм

## КЫРГЫЗСТАН XIX к. ОРТОСУНАН БҮГҮНКҮ КҮНГӨ ЧЕЙИН

40. Түркстан Россиянын колониялык объектиси катарында (XIX к. ортосу) .............................. 128
41. Кыргызстандагы саясий абал жана кыргыз-орус мамилелери (XVIII к. экинчи жарымы — XIX к. ортосу) .............................. 130
42. 1840–1850-жж. биринчи жарымындагы саясий кырдаал жана Ысык-Көлдүк кыргыздардын Россия букаралыгын таануусу .............................. 133
43. Чүйлүк жана Таластык кыргыздардын россиянын букаралыгын кабыл алышы .............................. 135
43. Теңир-Тоолук кыргыздардын Россиянын бийлигин кабыл алышы .............................. 137
45. XIX к. 60–70-жж. Кокон хандыгынын жана Түштүк Кыргызстандын коомдук саясий абалы .............................. 139
46. 1873–1876-жылдардагы элдик көтөрүлүш .............................. 142
47. Алайлык кыргыздарды Россияга каратуу. Курманжан датка .............................. 145
48. Падышачылыктын колониялык саясаты .............................. 147
49. Анжиян көтөрүлүшү .............................. 151
50. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш .............................. 153
51. XIX к. экинчи жарымы — XX к. башында элдик оозеки чыгармачылыктын өнүгүшү .............................. 159
52. Маданий турмуштагы жаңылыктар Жазуу маданиятынын өнүгүшү (XIX к. экинчи жарымы — XX к. башы). .............................. 163
53. Алгачкы тарыхчылар жана агартуучулар .............................. 165
54. Кыргызстанды илимий жактан изилдөөнүн башталышы ... 167
55. Февраль революциясы Кыргызстанда .............................. 169
56. Кыргызстанда саясий уюмдардын түзүлүшү .............................. 172
57. Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу .............................. 174
58. Граждандык согуш .............................. 177
59. Советтик агрардык саясаттын башаты .............................. 181
60. Жаңы экономикалык саясаттын шартындагы өнөр жай ... 185
61. Колхоздоштуруу жана көчмөндөрдү отурукташтыруу ....... 188
62. Улут маселесин чечүүдөгү алгачкы кадамдар .............................. 192
63. Тоолуу Кыргыз областын түзүү аракети .............................. 195
64. Орто Азияны улуттук мамлекеттүүлүктөргө бөлүү. Кара Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшү .............................. 197
65. Кыргыз Автономиялуу Республикасы. Кргыз ССРин жарыялоо .............................. 199
66. Тоталитардык режимдин күчөшү. Массалык жазалоолор .. 201
67. Кыргызстандык жоокерлердин Улуу Ата Мекендик согуштагы эрдиктери .............................. 204
68. Тылдагы күжүрмөн эмгек .............................. 209
69. Бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү (1946–1964-жж.) .............................. 213

70. Кыргызстан волюнтаристтик реформалар мезгилинде (1953–1964-жж.) ... 216
71. «Өнүккөн социализм» мезгилиндеги Кыргызстандын коомдук-саясий турмушу (1964–1985-жж.) ... 220
72. «Өнүккөн социализ» мезгилинде өнөр жайдын өнүгүшү (1964–1985-жж.) ... 223
73. 1964–1985-жж. Кыргызстандын айыл чарбасы ... 226
74. «Өнүккөн социализм» доорундагы айыл-кыштактардын социалдык турмушу ... 228
75. «Кайра куруу» жылдарындагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушу (1985–1990-жж.) ... 230
76. «Кайра куруу» жылдарындагы экономика (1985–1990-жж.) ... 234
77. Социалдык маселелердин курчушу. Ош коогалаңы ... 237
78. 1917–1940-жж. Элге билим берүү ... 240
79. Кыргыз совет адабияты менен искусствосунун өнүгүшү ... 243
80. Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы маданият ... 245
81. Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки мезгилдеги маданият (1946–1964-жж.) ... 248
82. Жаңы доордогу билим берүү жана илим (1964–1990-жж.) ... 252
83. Адабият жана искусство (1964–1990-жж.) ... 254
84. СССРдин тарашы. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жаралышы ... 257
85. Эгемендүү Кыргызстандын коомдук-саясий турмуштагы өзгөрүүлөр ... 261
86. Эгемендүү Кыргызстандын саясий партиялары жана коомдук уюмдары ... 265
87. Эркин Кыргызстандын менчиктештирүү саясаты ... 268
88. Эгемендүү Кыргызстандын агрардык саясаты ... 272
89. Эгемендүү Кыргызстандын калкынын социалдык түзүлүшү ... 276
90. Эгемендүү Кыргызстандын калкынын улуттук түзүлүшү жана улут саясаты ... 278
91. Эгемендүү Кыргызстанда калкты социалдык жактан тейлөөнүн абалы ... 281
92. Эгемендүү Кыргызстандагы билим берүү ... 284
93. Эгемендүү Кыргызстандагы илимдин абалы ... 287
94. Кыргызстандыктардын тарыхка болгон кызыгуусунун жогорулашы ... 288
95. Эгемендүү Кыргызстандын маданий турмушу ... 293
96. Кыргыз Республикасынын эл аралык саясий байланыштарынын өсүшү ... 296
97. Эгемендүү Кыргызстандын экономикалык жана социалдык чөйрөдөгү байланыштары ... 298
98. Эл аралык терроризмдин таасири. Мамлекеттик чек араны чыңдоо ... 301
99. Алыскы чет өлкөдө жашаган кыргыздар ... 304
100. Жакынкы чет өлкөлөрдөгү кыргыздар ... 308

III бөлүм

ТАРЫХЫЙ ИНСАНДАРДЫН ӨМҮРҮ ЖАНА ИШМЕРДИГИ ... 313



**ОСМОНОВ Өскөн Жусупбекович,**
Кыргыз Улуттук Илимдер академиясынын
корреспондент-мүчөсү,
тарых илимдеринин доктору, профессор.
30дан ашуун илимий монографиялардын
жана окуу китептеринин автору


Окуу басылмасы

**Осмонов Өскөн Жусупбекович**

# КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

**(Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин)**

**ЭКЗАМЕНДИК 100 СУРООГО ЖООП**

экспресс-справочник

| | |
|---|---|
| Редактору | *С. А. Алымкулов* |
| Көркөм редактору | *Р. А. Исаков* |
| Техникалык редактору | *В. В. Крутякова* |
| Корректору | *С. Ш. Төлөгөнова* |
| Компьютердик калыпка салган | *Р. Ниязова* |

Терүүгө 25.01.2007-ж. берилди. Басууга 25.02.2007-ж. кол коюлду. Офсет кагазы. Форматы 60x84[1]/[16]. «Мектеп» ариби. Офсет ыкмасы менен басылды. Көлөмү 22,25 б.т. Нускасы 1000. Келишим баада.

КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ

ЭКЗАМЕНДИК

# 100

СУРООГО ЖООП

957890